Серг
Б Ч

# Шукурбек Бейшеналиев

# Шүкүрбек Бейшеналиев

ТАНДАЛМАЛАР

●

ПОВЕСТТЕР

«МЕКТЕП» БАСМАСЫ ФРУНЗЕ — 1978

С (Кирг)
Б 42

**Бейшеналиев Шүкүрбек.**

Б 42 **Тандалмалар.** Повесттер. [Тестиер балдар менен өспүрүмдөр үчүн]. Ф., «Мектеп», 1978 © Сост.

468 бет.

Көрүнүктүү кыргыз жазуучусу Шүкүрбек Бейшеналиевдин ысымы республикабызда гана эмес, союздук масштабда да кеңири белгилүү. Анын айрым чыгармалары чет элдердин тилдерине которулуп, китеп болуп басылып чыккан.

Жазуучу адеп колуна калем кармаган күндөн тартып, балдардын турмушунан бир катар кызыктуу чыгармаларды жазды.

Анын «Мүйүздүү козу» аттуу повести, балдар адабиятынын мыкты чыгармалары үчүн эл аралык Г. Х. Андерсен атындагы Ардак диплому менен сыйланган.

Колуңуздардагы «Тандалмалары» автордун 50 жылдык юбилейине арналды.

С (Кирг)

Б $\frac{763—049}{М\ 452\ (17)—78}$ 190—78

© Издательство «Мектеп», 1978 г. (Составление).

# АЛКЫШ

*Биринчи бөлүм*

## 1. АБДЫЛАС ОЙГО ЧӨМҮЛДҮ

Абдылас үйгө бурулбай, портфелин асынган бойдон эле короого кирди. Каалга ачылаары менен күрөң кунажын акырдан башын көтөрүп, Абдыласты тикчийип карап калды.

Кунажынынын жанына келип, тыпыйган колу менен жонунан сылай баштады.

— Салган чөптү да жеп бүтө элек экенсиң. Суусап калган белемсиң, же мени сагындыңбы?— деп тигиле карады. Күрөң кунажын да сөзүнө түшүнгөнсүп, мойнун созуп Абдыластын жанындагы асынган портфелин тили менен удаа-удаа жалап жиберди. Абдылас колун тартып алганда кунажынынын жумшак жүнү уучуна толо колуна келди.

— Баса, ушул маалда уй түлөөчү эмес беле. Эртең, эски жүндөрүндүн баарын тарап түшүрөм. Жүр эми сууга,— казыктагы жипти мүйүзүнө түрдү да:

— Акчеке, Акчеке, жүр,— өзү алдыга басты. Күрөң кунажын сөзүнө түшүнгөнсүп, артынан ээрчип жөнөдү. Эригип калган Акчеке короонун дарбазасынан чыгары менен эле тоборсуй элек жердин балчыгына карабастан, бир топ жерге оюн салган боюнча барып, Абдыласты карап маңырайып туруп калды. Абдылас үнүн катуу чыгарып:

— Акчеке, ов-оо... ов-оолоп үйдүн арт жагындагы чоң арыктагы сууну көздөй басты. Акчеке Абдыластын жанына келип, арыктагы суудан шимирип иче баштады.

Акчеке быйыл жазда бышты чыкма кунажын болот. Мурдагы жылы тай торпок кезинде Абдыластын апасы эмгек акысына колхоздон алган. Мандайындагы кичинекей агын көрүп, ага Абдылас Акчеке деп ат койгон.

— Бош коё берсе сен жөн баспайт экенсиң — деп, сууну ичип болгон соң, мүйүзүндөгү жибин чечип жетелеп алды. Акырды тазалап, жаңылап чөп салып койду.

Каалганын астындагы жылчыкчадан колун салып, катып койгон ачкычты таап үйүн ачты. Жонундагы сумкасын столунун үстүнө койду. Тумагын, пальтосун кийим илгичке илди да, бетин-колун жууп болуп, тамак ичпестен эки терезенин ортосуна туура коюлган чакан столдун четки кырына оң чыканагын таяп, алаканы менен ээгин жөлөп отура кетти.

Бет мандайындагы дубалдын боорунда илинип турган айнектүү рамкадагы сүрөттөрдөн көзүн албай тиктеп отура берди.

Столдун үстүндө эскирибирээк калган клеёнка жабылып, он чакты китеп, сыя челек, калем сап коюлган. Булардын баары Абдыласка тийиштүү окуу куралдары боло турган. Азыркы олтурушу мурунку күндөрүнө караганда такыр эле окшошпойт. Кандайдыр оюнда бир нерсе тумандап жаткансыйт. Азыркыдай күлүк ойлорго жеңдирип бекер карап олтурчу эмес. Негедир, күндөлүк өздүк үй режимин такыр бузуп, аны менен иши жоктой сыяктанат.

Мектептен келер менен Акчекесин биринчи иретте жайлаштырып коюп, анан үйүнө келүүчү. Чечинип, жууныр болгондон кийин сумкасындагы китептерин алып, столдун үстүнө коюп, эртеңки сабагынын расписаниесине карап, керектүү окуу куралдарын сумкасына салуучу. Берилген тапшырмаларын анан иштөө үчүн столунун үстүнө өзүнчө бөлөк коюучу. Айгүлдүн китеп-дептерин ирээттеп столдун бир четине жыйноочу.

Андан кийин, жайланып олтуруп тамагын ичип, көчөгө чыгып, таза авада бир-эки саат балдар менен ойноп көңүлүн ачып келүүчү.

Тапшырмаларын аткарып болгон соң, кечки отунду жарып, эки чака сууну да алып келип коюучу.

Бүгүн милдеттүү иштеринин көпчүлүгүн аткарган жок. Тамак да ичпестен, мүнөзү суз тартып бир нерсеге кайгыргансып, ордунан былк этпей убакыттын зымырап өтүп жатканын сезбей кыймылсыз олтура берди.

Талып кеткендиктенби, көзүн ылдам-ылдам ирмеп рамкадагы сүрөттөн тартып алды да:

Сен болсоң, мен тартынбай эле оюмдагы максатымды иш жүзүнө аткарбайт белем — деп, терең улутунуп ээгин жөлөгөн колун тартып алды. Столдун катуу кыры кемирчек чыканагына өткөндүктөн ооруксуна баштады. Ал сүрөт Абдыласты оң жагына тике тургузуп күлүмсүрөп олтурган атасынын сүйкүмдүү жүзү эле. Анда Абдыластын мектепке кире элек беш жаштагы мезгили болучу.

Атасы колхоздун уй фермасынын башчысы болуп турган кезинде 1942-жылы — немецтик баскынчыларга каршы, Ата ме-

кенин коргоо үчүн согушка жөнөгөн. 1943-жылы Сталинград шаары үчүн болгон салгылашууда баатырларча курман болгон.

Жай козголуп ордунан турду да үйдүн ичине ары-бери баса баштады. Далайдан кийин буулукканы жазылгансып, өз ичинен кобурап сүйлөдү. Апам эмне жооп айтат? Эгер баралбайм десе кантем? Анда Акун атамкына барамбы? Апам менен Айгүл сагынышатко.

Мен да сагынамын. Бары бир дагы бир ирет айтышым керек. Атаң жок болсо, силер жашсыңар, малга баралбайм, башкарма мени күчтөп жибере албайт десе эмне дейм... А балким барам деп да айтар. Атам барда көп жылы саанчы болуп жүрбөдү беле. Бүгүн сөзсүз айтамын... Апам макул болот. Үй фермага көчүп барабыз. Жакында уйлар тууйт. Музоолорун Айгүл экөөбүз ар бирине ат коюп сонун үйрөтөбүз, окууну бүткөндөн кийин жайлооого чыгабыз. Мен агайдын айткандарынын барын аткара алам. Ал жерде Роза, Акай дагы көп балдар болот. Ах, кандай көңүлдүү...

Ар кыл ойлор Абдыластын назик жүрөгүн кытыгылап, биринин артынан бири туулуп жатты.

Мындан үч күн мурда старший пионер вожатыйы сбор өткөргөн. Ага мектептин директору катышкан. «Пионерлер жазгы жана жайкы мезгилдерде колхозго кандай жардам берүү керек» деген аңгеме өткөрүлдү. Сөзүнүн аягында мектеп директору пионерлерге кайрылып:

— Кар ала тарп болуп эрип, күн жылып, жаз келүүдө. Аз күндө колхоздун малы төлдөп, кош айдоо башталат. Бош убактыңарда аз болсо да колхозчу ата-энеңерге жардам бергениңер жакшы.

Төлдөтүү убагы малчылар үчүн чечүүчү мезгил. Малчылардын балдары жаш төлдөрдү шефке алып, пионердик наамыңарды татыктуу эмгек менен гүлдөтө билгиле,— деген.

Өткөн жылы «Ак Жар» колхозунун малчыларына пионерлердин жайкы каникулда көрсөткөн жардамдары, колхоздун председателинен алган белектери жөнүндө сүйлөгөндө далайлары шыктанып, ошол заматта эле кээси малга, кээси эгинчиликке жардамдашабыз деп чуулдашкан.

Мектеп директору Керимкул колхоздун баштапкы партия уюмунун секретары да болуп иштей турган. Пионерлердин демилгесине кубанып: силердин кээ бирөөңөрдү колхоздун башкармасы жайкы каникулда малчыларга учетчик, агитаторлорго жардамчы кылып дайындап көрсөтсөңөр жакшы болор эле — деп, сурап да жатат — дегенде ого бетер чурулдашып катталышкан.

Абдылас кайда барсам экен — деп, ойлонуп туруп калганда агайы жанына басып келип:

— Эч жакка баргың келбей турабы, өз ыктыярың менен болот. Кыйналба — деп, күлүмсүрөгөндө:

— Агай, менин каникулда бекер жүргүм келбейт. Кайда барарымды билбей турам — деген.

— Алдыңкы пионерлердин бирисиң, өткөн жылы эгинчилик ишине жакшы жардам бердиң. Быйыл каникулду малчылар менен жайлоодо өткөзгөнүң түзүк болор дейм, жакшы дем алып да келесиң. Жалгыз кантип барам деп жаткандырсың. Бая күнү башкарма болуп малчыларды бөлүштүргөндө апаңды малга жиберүү жөнүндө сүйлөшкөнбүз — деп, жумшак алакаңы менен маңдайынан сылаганда:

— Жарайт, агай. Апама мен да айтайын. Үй фермасына жибериңиз — деп, кубанып ордунан тура калган. Ошол эле күнү апасына кубанычтуу кабарды сүйүнчүлөп келген. Бирок, Бурма негедир уулунун кызмат жөнүндөгү сунушун укканда анын шагын сындырбоо үчүн ичинен тынып тим болгон. Көптөн кийин гана:

— Балам, ашыкпа, ыгыбызга жараша болобуз. Эгинчиликти таштап малга баруу кымбат иш,— Бурма уулуна көңүлсүз жооп кайтарган. Арадан үч күн өттү. Абдылас апасынан кандайча жооп алам деп санаркай түштү. Эгерде баралбайм десе агайга эмне дейм — пионердик убадамды төгүндүккө чыгарамбы — деген пикир баятан бери Абдыластын жүрөгүн өйүүдө...

Сырттан кирген Бурма апа уулунун түнөргөн кабагын көрүп, тык токтой калды. Абдылас апасынын жанында турганын байкаган да жок.

— Абдыш садагасы, эмне мынчалык ойго батып олтурасың! Сабагыңдан жаман алдыңбы, же бир жерің ооруйбу?— Апасы уулунун үстүнө үйрүлүп түштү.

— Жок, апа, сенден бир нерсени экинчи жолу сурай албай жатам — деп, тез эле мурунку кебетесин өзгөртүп апасына эркелеген мүнөз менен тигилди. Абдыластын бая күнү айткан сөзү ушул учурда Бурманын оюнда жок эле. Уулунун суроолу көз карашы энеге өтө аянычтуу сезилди.

— Айта кой, каралдым,— кулачын жайып уулун бооруна кысып кучактады.

## 2. БАШКАРМА ЭП КӨРДҮ

Абдылас окуп олтурган китебин жыйнап, кийинип эшикти көздөй жөнөй бергенде, колундагы «Алиппени» столдун үстүнө коё:

— Байке, кайда барасың?— Текилдеп чуркап келип Айгүл колунан кармай калды.

— Айтсаң кайда барасың? Бүгүн дем алыш эмеспи. Мен «Абышка менен аюу» деген жомокту окуп берейимби? Угасыңбы? Жүр отургучуна отур.— Абдыластын колунан тарткылай баштады. Абдылас бөбөгү Айгүл менен өтө ынтымактуу. Дайыма бош убактысында сенселген жумшак чачынан сылап: каралдым ий — деп, кары адамдарча эркелете берет. Каныш байбиче анда-санда келе калганда Айгүлдү ошентип сүйө турган. Абдыласка ал өтө жагымдуу сезилет. Карындашы да эртели кеч үйдө жайланып отурганда быйтыйган жумшак колун байкесинин мойнуна арта салып, бети-башынан өөп, жыттап ар кайсыны сурай берет. Абдылас отургучка барып отурары менен эле адатынча мойну-башына жабыша баштады.

Абдылас Айгүлдөн алты жаш улуу. Азыр жетинчи класста окуйт. Айгүл атасы фронтко кеткенден үч ай кийин төрөлгөн. Быйыл биринчи класстан окуп жүрөт. Ал окууга киргенден бери мурунку тентектигин таштаган. Абдыласты кээде сабагын окутпай кагаздарын чачып жомок айтып берсең, мени ойнотсоң деген адатын койгон. Анын ордуна сүрөт тартып берсең, менин окуганымды угуп турсаң, эсебимди чыгарууга жардам берсең, жомок китебин таап берсең?— деп, кыйноочу болду. Окуган жети айдын ичинде жеңил сөздөрдү жазып, китептерди окуп калды. Абдылас карындашынын чачынан сылап, тсп-тегерек болгон кичинекей көзүнө тигиле карап:

— Мен бир сөз айтып берейин, тыңшап турчу — деди.

— Макул, байке,— кыз агасына жөлөнүп, бойтоюп тыңшап калды.

— Сен эми эки жарым айда тарайсың, мен болсом жыйырма күнчө кийин тарайм. Жайдын ысып турган убагында үч ай дем алабыз.

Бармактарын ачып-жуумп Айгүл бир нерсени эсептегенсип, бир топко чейин унчукпай турду.

— Апий, көп тура. Эми жетимиш беш күн кайда — деп, Айгүл эрдин чормойтуп чочугандай байкесинин оозун тиктеди.

— Ылдам эле өтөт. Окуганына алты жарым ай болбодубу?

— Апей де, анда аз эле турбайбы,— чочугансып тынчтана түштү.

— Угуп турсаң, мен сөз сүйлөп жатпаймынбы?

— Эми кыймылдасам тим эле... мындан кийин жаман көр.

— Жайында жайлоо сонун. Авасы таза. Чаңы жок. Жернин баары эле кулпунган жашыл шибер, ар түрлүү гүл. Анда кымыз да, каймак да көп болот Эгерде апам саанчы болсо экөөбүз быйыл барабыз. Анан көп-көп иштерди иштейбиз.

— Чын эле барабызбы? Мен деле билем. Ооба түндө апама эмне дедиң эле? Биз тарай электе эле он чакты күндө уй фермага көчүп барабыз дебедиң беле? Эми эмне калп айтасың?

— Калп эмес. Апам макул дебедиби. Башкарма жиберсе эле болду. Анда он чакты күндө эле бул тамдан көчөбүз. Анткени — ушул март айынын аягынан баштап эле уйлар тууйт дейт. Анан экөөбүз музоолорду багабыз.

— Кереги жок, бага албайбыз. Мүйүздөрү карагайдай болгон көздөрү кыпкызыл, чоңдугу тоодой зоот букалар мени ыргыта сүзөт. Мен Акчеке тууса ошонун музоосун эле багам.

— Зоот букалар кишиге тийбейт. Ылдам эле үйүр алат. Акчеке болсо күзүндө араң тууйт.

— Мейли күзүндө тууса, ооба зоот бука кантип эле сүзбөй койсун. Кишини көргөндө жер чапчып өкүрө берет. Чоң киши-ден коркот. Кыштактын балдарынан такыр коркпойт. Андан көрө апам кой бакса жакшы болбойбу. Козулар кичинекей, кооз, жоош болот. Анда мен козуларды көтөрүп жүрүп багат элем. Сен кой кайтарышат элең.

— Макул, Акин! Аны апам менен сүйлөшөбүз. Колхоздун башкармасында жумушум бар. Барып келейин. Сен сабагыңды оку, же кыздар менен ойноп кел, жарайбы!

— Ойнобой эле койдум эшиктин баары балчык.

— Мен ылдам эле келем,— Абдылас эшикке чыкты. Айгүл артынан чуркап барып — дагы кармап калайын деп ойлоп, ыкыс берип кайра токтоп калды.

* * *

Ала шалбырт убагы болгондуктан, жолдун таманы менен кардын эриген суусу агып, жуурулуп балчык. Абдылас кыртыштуу жерлерди аярлап басып, колхоздун башкармасынын кеңсаларын көздөй бет алды.

Кечээ кечинде апасына айтканда, а дегенде уулунун оор суроосунан баш тарткансып, көңүлсүздөнгөн. Бир топтон кийин ойлонуп баласы анын малга барышына өтө дилгир болгондуктан шагын сындырбайын дедиби, же чындап эле өзү көңүлдөндүбү:

— Бир жумушту таштап, экинчи бир жумушту бер деп, башкармага барганым туура келбейт уулум. Агайың айткан тура. Парторг эмеспи, председатель экөө кеңешип колхозчуларды ишке бөлүштүрөт. Аларга туура келип бар десе, барайын. Сен да чоңоюп калдың — деген.

Абдылас жаткандан бери ойлоно берип, акырында башкармадан эмне болсо да өзүм барып сурайын — деп, корутунду чы-

гарган. Председатель Абдыласты көргөн жерде ударнигим деп эркелетүүчү. Анын себеби—Абдыластын сабагынан мыкты окугандыгынан, колхозго да эки жылдан бери жай мезгилинде жолдоштору менен жакшы жардам бергендигинен, мүнөзүнүн чыйрактыгынан боло турган.

Касым бет маңдайынан капыл-тапыл чыга түштү да, шашып-бушуп:

— Саламатпы, Абдылас кайда баратасың?— Оң колунун беш манчасын чекесинен жогору көтөрүп пионердик салам берди. Абдылас да колун жогору көтөрүп тезинен кайра түшүрдү:

— А өзүңчү? Мен апам жөнүндө башкармага сүйлөшөйүн деп баратам.

— Болуптур. Атамдын звеносунун мүчөлөрү талаага акыркы жер семирткичтерди ташып төгүп жатышат. Ошолорго жардам беришейин деп баратам. Жумушуң бүткөндө, сен да кел, жарайбы?— деди Касым кетип бара жатып.

— Жарайт. Башкармадан чыгар менен эле барамын — деп артын кылчак карап алып, адымын алдыга шилтеди. Колхоздун Башкармасынын председателинин конторасынын каалгасынын түбүнө келип бир аз тыныгып туруп калды. Биртикеден кийин каалганы сөөмөйү менен черткиледи.

— Уруксат — деген башкарманын тааныш үнү чыгары менен каалганы шарт ачып кирип барды да, колхоздогу кадимки чоң адамдарча салоом алейкум деп койду.

— Алекима салам, кел ударнигим,— башкарма Жума жылмайып күлгөндө чоң көздөрү бажырайып, калкайган буурул чалган узун муруту эки кулагына жете түшкөндөй көрүндү.

Эшиктен канчалык чың кирсе да башкарманын жанында олтурган директор агайы Керимкулду көрө коюп: салоом алейкум деп байкабай айтып жиберип, окуучунун эрежесин буздум дегенсип бети алоолонуп кызара түштү. Кыдырата отургучтар тизилип турса дагы тебетейин колуна алып селдейип туруп калды. Керимкул Абдыластын уялганын сезе коюп:— кел отура кой деп жанынан орун көрсөттү. Олтургучка барып акырын олтурары менен агайы адатынча маңдайынан сылап:

— Кана, Абдылас, эмне жумуштап келдиң? Айта кой! — деп, сөзүн бүтө электе колхоздун председатели жарыша сүйлөп:

— Тартынбай айта бер. Мектеп окуучулары ачык, шар, өткүр болбойбу?— дегенде Абдылас чын эле чыйрала түштү.

— Агай, бая күнкү ишти Жукемен сурайын деп келдим эле. Апама айтсам, өзүм баланча кызматка барам дегеним ээн баштык. Аны башкарма айтпаса, анын үстүнө бизде жайкысын боз үй да жок дегенинен — деп апасынын түндөгү сөздөрүн төкпөй чачпай айтып берди.

Баланын пикирин көңүл коюп угуп отурган Жума даана түшүндү. Баятан берки сүйлөшүп олтурган ишинин келчекки натыйжасы жөнүндө күлүк кыялын чалгындатты. Жумадан сөз чыкмайын Керимкул да унчуккан жок. Бир топтон кийин гана Жума бет мандайындагы жаш баланы ишеничтүү карады.

— Кош, ударнигим, сен көңүлдүүсүңбү?

— Ооба. Бая күнү агайга өзүм убадамды бергенмин.

— Анда сен окуудан тарагандан кийин апандын сааган уйларынан алынган сүт-майдын учет иштерин жүргүзүүгө да жардамдашасың. Музоолорду да багышасың. Ушул иштерди аткара аласыңбы?

— Сөзсүз аткарам. Жетинчи классты бүтүп жатып бир саанчынын учетун жүргүзбөй эмне болуптурмун. Үй фермадагы малчыларга Роза, Акай, мен болуп күндөлүк ахыбалдардан, газеталардан да окуп берип турабыз. Мал багууну жакшы көрөмүн. Музоолорду болсо туулган күндөн баштап эле шефке аламын. Жайлоодон ботаника сабагына керектүү гүл жана дары-дармек чөптөрүн да жыйнайбыз. География сабагына керектүү нерселерди да жазабыз,— оюндагы сөздөрдүн барын айтты.

Былк этпей өз мектебинин жаш окуучусунун маанилүү аңгемесине көңүл буруп олтурган Керимкул Жумага бурулду. Кантсе да Абдыластын азыркы айткан сөзү көңүлүн толкундатып жибергендей болду.

— Менимче жаңкы сүйлөшкөндөй кылып, Абдыластын талабын орундатыш керек.

Жума бир аз ойлонгонсуп олтурду да:

— Болуптур ударнигим, биз пионерлерге ишенебиз! Алар колунан келген жумуштарынын барын аткарат, чынчыл болушат. Силер колхоздун досусуңар.

Азыр эле биз ушул иш боюнча макулдашып жатканбыз. Апаңа болсо өзүм сүйлөшөм. Правлениенин мүчөлөрү менен макулдашканбыз. Үй болсо колхоздо бар. Көчүү-конуучларга уй баккандар жардам берет. Убада ушундай түшүндүңбү — деп ордунан козголгондо,—рахмат Жумаке, рахмат агай — деп Абдылас кубанычтуулук менен эшикти бет алып жөнөдү.

### 3. МАКСАТ ЧЕЧИЛДИ

— Уулум, бул пикириң бир четинен пайдалуу. Туут убагында гана кыйналбасак андан кийин оорчулук боло турган эмес. Мени Акайдын атасына бекиткени ырас болбодубу. Ал кишиде бардыгы элүү тубар уй бар экен. Мага сегиз тубар уйду берди. Калжайган чоң таргыл уйду көрсөтүп: Булаккашка ушул

айдын аягы ченде тууйт. Калгандары он беш, жыйырма күндөп барат. Ушундай алашалбырт убагында малдын жапырт төлдөшү адамды жүдөтүп таштайт. Өзүлөрү да мүнчөй түшөт. Өткөн жылы уйларды букадан так апрель айында туугандай кылып качырганбыз. Андан камсанаба балам. Убагында ар биринин кайсы күндө тууруп да айтып берем. Уйларыңды таанып ал, бирөө гана тумсак быштуу кунажын болуп калды, калгандарынын баары сырдана уйлар. Көчүп келгениңче мен көздөп жүрөм. Туут убагында гана кичине тынчыңар кетет. Андан кийин жалгыз эле ишиңер сүт, май алуу, музоо багуу болот — деп, мени көп иштер менен тааныштырды — деди Бурма апа уулун сүйкүмдүү карап.

Баятан бери ынтаасын коюп угуп отурган Абдылас кубаныч койнуна батпай апасына жылмая карады.

— Качан көчүп келем дединг, үйдүн жайы эмне болду?— өзүн үйдүн ээсиндей сезген Абдылас апасынын ажарлуу жүзүн тиктеди. Бурма да уулу менен сүйлөшкөндө үй ээси менен акылдашып жаткандай сезе турган.

— Уйлардын баарысы текши тууп бүткөнчө ошол эле сарайдын айланасында болот экенбиз. Туут майдын баш чендеринде аяктап калат — дешти. Председатель Орозобек кирген тамды бошоттуруп, Алактын үстүнө киргизди. Эртең барып актап келем. Орозобек силер жаккыла — деп жыйган отунун алган жок. Тоого көчөрдө боз үй беребиз — деди. Силер каникулга тарагандын эртеси Орозобек колхоздон эки араба алып келип, көчүрүп кетмек болду.

— Биздин жазгы каникул эми бир аз күндөн кийин болот. 23-марттан — 1-апрелге чейин тарайбыз: Ага дейре жер да тоборсуп калар. Эң сонун болбодубу! Сени макул болбойт деп коркподумбу — деп, Абдылас апасынын бетине-бетин жөлөп мойнунан бекем-бекем кучактап эркелей кетти.

— Кубатым, сенин шагыңды сындырбайын дебедимби.

Бурма апа уулунун алкымынан жыттады.

Беркилерди көрүп ызалана түшкөн Айгүл отургучтан ыргып түшүп, апасынын астына олтура калды да:

— О, калпычы десе! Саанчы болбойм дебедиң беле? Айтчы, эмне калп айтасың? Эмне алдайсың?— апасынан жооп күткөндөй кадала карады.

— Байкең барабыз деп жатпайбы. Анын үстүнө башкарма чектеп коюптур.

— Барганда зоот бука мени ыргыта сүзбөйбү, айтсаң апаке?

— Сүзбөйт. Жалкоо, чыр балдарды гана коркутуп коёт.

Айгүл апасынын тамашасын чындай түшүндү.

— Мен жалкоо эмесмин. Ударникмин. Сабактарымдын баарынан «4» менен «5» алып окуйм. Мени сүзбөйт э?

— Сен дайым ушундай окусаң сүзбөйт.

— Макул анда. Окууга ыраактан кантип келебиз.

— Байкең, Акай, Роза, Қары жана дагы көп балдар болуп келесиңер. Үй сарайдын алыстыгы бир жарым эле километр эмеспи.

Абдан жакын турбайбы. «Мен да кошулдум» дегенсип Айгүл өзүнчө кобурап сүйлөмүш этип, анан унчукпай калды. Анын бөйтөйгөн жүзүндө ишенбөөчүлүктүн балалык мүнөзү байкалып турду.

Мештин оозун ачып, алоолонуп кызыл жалын чачып күйүп жаткан оттун үстүнө кыска-кыска таарылып жарылган карагай отунду таштап коюп, Абдылас ордунан ыргып турду да толкунданган доошу менен: максат чечилди! Апам эпкиндүү саанчы, мен отличник пионер, Айгүл болсо жаш октябрятка — деп пионерлердин сборунда сүйлөп жаткандай кубанычтуу унчукту. Оюндагы тунук пикирин ачык айтып таштаганын өзү да байкап, кыймылсыз туруп калды.

Бурма апа менен Айгүл танданышып Абдыласты карашты.

## 4. КУБАНЫЧ

Айгүл апасын колунан жетелеп барып алдыңкы катардагы партаны көрсөтүп:

— Апаке ушуга олтур. Менин партам ушул. Азыр келем — деп, эшикти көздөй чуркап кетти. Бурма апа партага сыгылып араң батып ыңгайсыздана түштү да: «көрсө жаш балдарга ылайыкталып жасалган тура»— деп өзүнчө сүйлөп, класстын дубалдарына илинген ар түрлүү сүрөттөргө бет мандайындагы чоң такта кагазда бадырайып жазылуу турган отуз алты тамгага көз жүгүртүп чыкты.

Эшиктен балдарын ээрчиткен ата-энелер улам чубап кирип, орун алып жатышты. Жеңиш атасын түз эле Бурма олтурган партага ээрчитип келди да:

— Ата, Айгүл экөөбүздүн партабыз ушул. Бурма апамдын жанына отур. А биз болсок сырттан башка отургуч алып келебиз — деп кирип жаткан элдерди карап, каалгага жөлөнүп турган Айгүлдү бери кел дегенсип, өзүн көздөй колун булгалактатты.

Жеңиштин атасы саргыч сейрек мурутун сол колу менен жанып коюп Бурма менен тамашалаша баштады. Ал колхоздо бригадир болуп иштей турган.

— Эгер менин уулум бардык сабагынан «5» алып, сенин кызың бир сабагынан «4» алып калса сен мага он эмгек күнүндү бересиңби?

— Макул эле. Менин кызым «5» алып, сенин уулуң төрт алып калса сен жыйырма эмгек күнүндү бересиңби?

Алып кел колунду, Айгүлдүн «5» менен аяктарына ишенген Бурма шаштыра баштады.

Экөөнүн талашын угуп Жеңиш Айгүлдү көздөй энтигип чуркап барды да:

— Жүрсөң. Бир кызык болуп жатат — деп колунан тартты.

— Эч кандай кызык жок — деди Айгүл билип тургансып кабагын чытып.

— Жүрсөң, Бурма апам менен менин атам эмгек күндөрүн сайып мелдешип жатат.

— Барбайм. Азыр эже келгенде кошо кирем — деп Айгүл көгөөрүп болбой койду.

Чакан класстык комнатага келген эл жык толду. Ата-энелери менен парталарга батышпагандыктан балдар залдан скамейкалар, отургучтар алып келип, орун алышты.

Жашы отуз бештерге барып калган мугалим аял ата-энелер жыйналышын ачып, үчүнчү чейректин ичиндеги 1-класстын окуучуларынын сабакты кандайча өздөштүргөндүгү жөнүндө кыскача баяндама жасады.

Мыкты окуучулардын ата энелеринин ичинде Бурманын жана Жеңиштин атасынын да аты аталып өттү. Экөөбүз тең жеңдик дегенсишип курбулар бирин-бири жал-жал карашты. Мугалим ар бир сабактар боюнча балдардын алган бааларын окуй баштады.

— Угуп тур, апа, азыр менин бааларымды окуйт,— Айгүл апасынын кулагына шыбырады. «5» деген сөз Бурманын кулагына алты жолу шак этти. Жанында салабаттуу кишидей күлүмсүрөп, мугалимден көзүн айрыбай олтурган секелегин бажырая карады. Жүрөгү элжиреп, бооруна кыса кучактап алкымынан удаа-удаа жыттагысы келди.

Айланада олтурган элдин көздөрү Бурмага түшкөндүктөн минткеним чекене болот го дегенсип тынч олтура берди.

— Рахмат, кызым,— жай гана унчугуп, кызынын бытыйган колун сылай кармады.

— Азыр менин баамды окуйт. Атаке, жакшылап уксаң — деди Жеңиш чебеленип. Анын көздөрү коймолжуп, кичинекей таноолору дердендей түштү.

Мугалимдин ыргактуу доошу Жеңиштин атасынын көңүлүн чалкытып, кулагына бал тамызгандай сезилди. Секин жылмаюусунан сейрек муруттары бириндей түштү.

— Балдардын жашынан кандыра сугарылган татыктуу тарбиясы, «5» деген баалары биз үчүн куч-кубат, чоң кубаныч. Бизге булардын күн санап билими өөрчүп, өсө бергени эсеп. Булар келечектин — жаркыраган коммунизм доорунун таланттуу ээлери. Ушундай эмеспи Бурма?— деп уулунун өндүрүшүндөгү алгачкы ийгилигине жетине албай сыймыктуу карады. Ырас дегенсип Бурма башын ийкеп, көзүн кысты.

Мугалим Гүлбар Ыдырысов Медет деген баланын фамилиясын кайталап окуп мукактана түштү да кимдир бирөөнү издегенсип олтурган элдин арасына көз чаптырды. Бул алфавит боюнча эң акыркы бала эле. Гүлбардын арифметикадан «эки» таза жазуудан «эки» деген бийик үнү чыкканда Медеттин энеси Саке жүзүнө муздак суу сепкендей ичиркенип, жыйрыла түштү. Денесин калтырак басып, элдин көзүнчө мугалим менен уруша кетүүдөн ийба кылып, зорго ордунан козголду. Гүлбарынын сүйлөп жаткан сөзү кулагынын сыртынан учуп, өзүнчө сүйлөй баштады.

— Бул эмне деген жорук. Ушунча элдин балдарынын ичинен менин уулумдун «эки» алышына эмне себеп? Күнөө менденби, же окуткан силерденби? Жаман көрбөсөң Гүлбары, ушуну түшүндүрүп бер.

Жаагынан сары түктөрү чыгып, көзү жашылданган Медет улам сыгылып жапыстап олтурду. Эгер апасы колунан бекем кармап турбаган болсо, партанын астына шып жашына калуугa, же шарт коюп эшикке чуркап чыгып кетүүгө да даяр эле.

— Түшүнүктүү. Угуп турунуз Саке жеңе — деди сумсая карап.

— Албетте, Медеттин сабакты өздөштүрүшүнө мени менен сиздин жооптуулугуңуз бирдей эле. Бирок, бала көпчүлүк убагын үйдө өткөрөт. Эгерде сиз күн сайын уулуңуздун кандай окуганын талап кылып окуу куралдарын таза сактатып, үйгө берилген тапшырманы аткарып жатканын текшерип, мектепке үзгүлтүксүз жиберип турган болсоңуз иш мындай болбойт эле. Медет сабагынан ушул чейректе 33 саат калтырды, 9 жолу тапшырманы аткарбай келди. Окуу куралдарынын баары кир, тытылган. Сабакта көңүл койбой тентектик кылып отурат. Ушул иштер жөнүндө мен сизге эки жолу эскерттим эле го.

— Макул, мен түшүнбөстүктөн жанакы сен айткандардын баарын өз убагында орундатканым жок. Жалгыз эле себеп ушулбу же — эне мукактанып өзүн актоого аракеттенди. Ага түшүнгөн Гүлбар акыркы жообун так кезе сүйлөдү.

— Жалгыз эле себеби ушул. Мен класстагы 26 баланы сиздин уулуңуздан бөлүп окутканым жок. Эмки чейректе бул сизге сабак болууга тийиш.

Саке дагы бирдеме деп сүйлөйүн деди эле, бирок эл тушту-шутан өз күнөөңдү билбей бекер эле жаакташа бересиңби деп жаалап кетишкендиктен тынч отурууга аргасыз болду.

Гүлбар сөзүнүн акырында балдардын үйдө даярдануусундагы ата-энелердин милдеттерине кеңири токтолду. Балдардын сегиз күндүк каникулда көңүлдүү эс алып келүүлөрү жөнүндө өзүнүн тилегин айтты. Жыйналыш жабылгандан кийин балдар чуркап барышып эжекеси менен коштошуп жатышты.

Кээ бир эне-аталар рахматтарын айтышып, кол кармашып коштошушту.

Бурма ордунан козголуп эшикке жөнөп жатып:— Балдардын «Беш» деген баалары биз үчүн эбегейсиз чоң кубаныч — деп, Жеңиштин атасынын сөзүн ичинен кайталады.

Абдылас алардан мурунураак тарап, мектептин эшигинин алдындагы скамейкада чыдамсыздык менен күтүп олтурган эле. Уулунун жалгыз, ойлуу отурган кебетесин көрө коюп, тышкы мүнөзү бир аз өзгөрүлө түштү.

«Бул чейректи кандай аяктады экен. Кокусунан «үч» алып калбагай эле» деген күлүк пикир сезимине кылт түшө калды.

Айгүл текилдеп чуркап барып, байкесинин маңдайына тык токтоп:

— Кандай бааларды алдың байке?— деп күйүгүп калгансып энтиге түштү.

— Барлык сабагымдан «Беш» а өзүңчү?

— Куттуктайм байке, мен да баарынан «Беш» алдым — деп эреркей түшкөн Айгүл агасынын кучагына боюн таштады.

— Окшошкон каралдыларым. Ынтымагыңардан тегеренейин. Менин бактым силерсиңер — деди балдарына жылмайып. Балдарынын өндүрүштөрүндөгү жетишкен ийгиликтери, жагымдуу куттукташуулары эненин жүрөгүн толкутуп, жүзүнө чексиз кубанычтын нурун септи.

## 5. АЙГҮЛ КОРККОНДО

Көчүп баргандын эртеси негедир Айгүл күндөгүсүнөн эрте турду. Кийинип тышка чыкты. Үйүнүн сол жагындагы анчейин бийик эмес, көмкөргөн казандай төмпөйүп жаткан дөбөнүн үстүнө барып, кандай жерге келдим дегенсип, айланасын тегеренип карай баштады. Эрте жаздын таңкы сыдырым соккон жели Айгүлдүн назик жүзүн аймалап, үлпүлдөгөн жумшак чачтарын дирилдетип, эрке көңүлүн алда неге дегдеткенсийт.

Тоонун кырынан жаңыдан чыгып келе жаткан күндүн нуру, каралжын тартып анда-санда ала тарп болуп, карлары толук кете элек мелтиреген түз талаага суктангансып, шооласын ча-

чып жай гана каалгып көтөрүлө баштады. Айгүл сол жакка бурулуп көз чаптырды. Асмандын керегесиндей көз мелжиген иретсиз арсак тоолордун башындагы ак мөңгүлөргө тигилип:

— Ай деги суук деген кетпейт турбайбы — деп, ичиркенип кетти да, оң жакка тез бурулду. Дүгдүйүп уч-кыйрына көз жетпей созулуп жаткан калың токой көзүнө алда-немедей сонун көрүндү.

— Кап, жай азыр эле келип калсачы. Мынабу куурап турган бутактын баары жап-жашыл болуп, ичинде булбулдар сайрап отурат эле. Жемишин болсо терип албайт белем — деп, бир аз ойлонуп калды. Токойдун ичин жаңыртып, күн батышты карай атырылып агып жаткан Нарын суусунун шаркыраган дабышы жакын жерден эле угулгансып турду.

Нарын суу, Нарын суу,
Агып жатат шуу-шуу!

— Анын дабышын туурап кыйкырып бир нече кайталады. Кашаңыраак күрөң атын «чү!»— деп, теминип коюп, Айгүл турган дөбөнүн түбүн жандатып, үйларын жайытка айдап бара жаткан Акун карыя:

— Бала да, суунун агымын туурап жатканын көр — деп бырс күлүп жиберди.

— Я, Айгүл айланайын, Нарын сууну мурун көрө элек белең — деди кашаң күрөңдүн тизгинин чоё тартып.

— Ооба, чоңойгондон бери көрө элекмин. Байкемен укам. Айтсаң атаке, Нарын сууну алдагы атың менен кечип өтө алар белең?

— Жок айланайын. Нарын суу күрөң ат экөөбүздү агызып кетет. Нарын чоң суу. Сыр дарыя дегенди билесиңби?— Күрөң аттын жалын кармап турган Айгүлдүн тегерек кыркылган саргыч жумшак чачынан муундарын чор басып, эттери качкан барбайган чоң колу менен сылады.

— Ооба — деди Айгүл тегерек көздөрүн ойноктотуп. Бая күнү байкем картадан көрсөткөн. Бул Сыр-Дарыя эмес да. Муну Нарын суу дейт.

— Сыр-Дарыя ушу Нарын суусунан курулат. Байкеңдин картасынан карап көр. Жарайбы?

— Жарайт. Нарын суу эч качан Сыр-Дарыя эмес — деп чечкиндүү сүйлөдү да, жанынан каалгый басып өткөн чоң күрөң буканы көрсөтүп:

— Айтсаң атаке, мынабу тоодой болгон бука жалгыз жүргөндө балдарды сүзбөйбү?

— Сүзбөйт. Эгер сүзчү болсо мен анын мүйүзүн талкалай

барагой үйүнө. Мен уйлардын артынан барайын — деп чаба күрөңүн камчыланып желдирип жөнөдү.
кашаа биртике карап турду да анан үйүнө келди. Апасынын
Ал кучактап:
мойнун атам бука сени сүзчү болсо мүйүздөрүн ыргыта ча-
— Абдан жоош болот тура — жапыс кабагын чытып
бам жогору көтөрүп: тим эле бар эмеспи, тоодой бол гон
эки ка менин жанымдан өттү. Карап да койгон жок. Бут-
күрөң эле кыймылдатып жай басат экен. Мен эми көрк-
тары апаке?— деп, эркелей кетти.
пойм ент, садаган. Эми эле Жеңиш, Шакин — экөө келип,
— деп кетти. Кыясы ойногону келсе керек. Барып келе
сени
кой. даroo эле жолдошторун көздөй жөнөдү. Балдар ме-
Ал жүрүп үйгө кеч бешимде келди. Тамагын ичип бо-
нен биртике эс алып олтургандан кийин эригип сырткы чыкты.
луп. ды көздөй чубаган уйларды көрүп, жаткан жайын,
Сан заңгыраган сарайдын ичиндеги сонундарын көрүүгө
сырт Биртикеден кийин сарайды көздөй, чуркап жөнөдү.
ашык дын оозуна жакындаганда чөйчөктөй болгон чоң көз-
Сал лайтып, найзадай тип-тик мүйүздөрүн алга шилтеп, ас-
дөрүн елип, улам ыкыс берип дардайган чоң күрөң уйдун бет
мана турганын көрдү. Ал сүзөгөн уй боло турган. Айрыкча
алды балдарды көргөндө чала-була коркутуп адет алып кал-
кичин жайда кыштактан келген бир баланы көмөлөтө сүз-
ган. карыя таяк менен сабагандан кийин кишиге жолобой
гөн.
кал дүн буттары алга шилтелбей, тегерек көздөрү коркко-
Ал нагынан чыгып, эмне кыларын билбей кетенчиктеп ту-
нуп ды. Бир аз жүрөгүн токтотуп, бардык күчүн жыйнап:—
руп нары. Акун атама мүйүзүндү ыргыта чаптырайымбы?—
өш, үү үнү менен кыйкырды.
деп. уй Айгүлдүн сөзүн тооткон жок. Кайра кайраттa-
А рункусунан күчөп алга дагы мүйүзүн шилтеди.
ный Сени сарайга киргизбейм. Эгер кирем десең алда кайда
— сүзөм деп жолун тороп, катуулай баштагандай туюлду.
ырг н айласы кетип, артын көздөй бакырган боюнча жө-
Айг
нөдү дүн чырылдаган үнүн укканда Акун карыя сарайдын
Ал чуркап чыкты да, ыкыс берип турган күрөң уйду колун-
ичи агы менен соорудан ары келтирип туруп бир салды.
дагы ардайган арам, баламдын жүрөгүн түшүрүп салдын
— деп, көзүнүн жашын чубуртуп өңү-башы кумсарып ти-
бел коркуп турган Айгүлдү чоң чапанынын этегине ороп соо-
тир

рото баштады. Күрөң уй таяк менен бирди жеген соң, өңкүлдөп желе басып дагы чаппагай эле дегенсип, четке качып жөнөдү. Үйүр алышкандан кийин Акунга өз атасындай эле эркелей бере турган. Ал кишинин да балдар үчүн мүнөзү өтө жумшак.

— О калпычы десе, кана мүйүзүн ыргыта чапканың? Кыштакта тамыбызга көчүп кетебиз. Бу жер жаман экен — деп, Акун атасына таарынып солуктай берди.

— Коркпой жүр, айланайын, анын капталын сындыра чаппадымбы? Экинчи сага тийбейт. Сүзөгөн арам элирип калган белем, коркпой жүр, жарайбы?— деди Акун карыя Айгүлдүн колунан жыттап.

## 6. БУЛ ПИОНЕРДИК ИШ

Түндөгү ойлогон максатын иш жүзүнө ашыруу үчүн Абдылас эртелеп уй фермасындагы чоңураак балдардын баарынын үйүнө барып, мектепти көздөй ээрчитип жөнөдү.

Эмне үчүн мектепке бара жатышкандыгы жалгыз Акайдан башкасына белгисиз. Абдылас кээ бири барбай коюшат деген ой менен директор агай келгиле деген — деп, өзүнүн оюн жашырып, үйлөрүнөн ээрчитип чыкты.

Көздөрү алайган, чолок мурун кара бала сарайдан биртике эле узай түшкөндө Абдыластын бил ишин жактырбагансып:

— Бизди калп эле ээрчитип бара жатасың. Каникулга тараганыбызга эки күн боло электе директор агай бизди сагынып калыптырбы? Аларга да эс алуу керек да — деп, Кары калбайган эрдин чормойтуп Абдыласты акырая карады.

— Ооба десең, бизден бөлөк ким мектепке келер дейсиң, жети күндү баарысы тең эле үйлөрүндө өткөзүшөт. Андан көрөк топ, чүкө ойноп, кээде токойго барып, кыргоол менен коёнго тузак салып, көңүлдүү дем алганыбыз түзүк эмеспи.

— Туура айтасыңар, жүргүлө эмесе, кайра тартабыз. Сен макулсуңбу?— деди ортодо келе жаткан сары бала Акайды далыга чаап.

— Жок, макул эмесмин, Акай кесе сүйлөдү, келе жаткан балдар ылдам эле экиге бөлүнө түшүштү. Кары менен алиги сары баланы жактагандар кетебиз дегенсишип кетенчиктеп алдыга баспай туруп калышты.

Абдылас жолдошторунун жоруктарына таарынгансып:

— Ырас — деди ал бөлүнгөн балдардын жанына келип. Мен силерге, директор агай чакырды деп өз оюмдан чыгарып айттым. Аны кечирип койгула. Бирок, биздин алдыбызда орчундуу иш турат.

— Ал кандай орчундуу иш экен? Дагы бир демени ойлоп таба койгондурсуң. Қары чыкчырылып сүйлөдү.

— Мен пайдалуу немени ойлоп табамын. Сенчылап тескери түшүнбөймүн.

— Ооба, пайдалуу неменин баарын сен таап жүрөсүң. Тескери деп коёт. Пайдалуу немеге бара бер өзүң. Жүргүлө кетебиз. Қары үйүн көздөй басты. Анын артынан эч ким барган жок.

Сары бала Абдыластын оюн угуп туруп, бир жаңсыл болоюн дегенсип, балдардын жанында калды.

Акай Қарыны «бери кел» деп чакырса —«барбаймын»— деп колун шилтеп, болбой кетип калды. Беркилер да Абдыластарга кошулуп алга кадам шилтешти.

— Қана оюнду бизге айтчы, сенин жаман иш ойлобосуңа биз ишенели — деди Роза Абдыласка кайрылып.

Абдылас калган жолдошторунун Қарыдай кежирлик кылбай тургандыктарына ишенип, максатын түшүндүрө баштады.

— Өзүңөр көрүп турасыңар. Эки-үч күндө мына бу талааларга колхозчулар эгин айдоо ишин башташат. Биздин колхозчу ата-энелерибиз эзелден бери айдала элек Күйрөк талаасына бир айдан бери канал казып жатышат. Қаналдан келген суу Қара-Сууга чейинки мейкиндикти бүт сугарат дейт. Жаңы жерге суу жетсе, эгин сонун чыгат. Анда биздин кардыбыз ого бетер ток болот. Күйрөктүн түзүнө алп каналды чыгарыша элек экен. Эртең бүрсүгүндөн элдин көбү кош айдоого кетишет. Эгер мектептин чоңураак балдары чогулуп барып, жардам берсек, алардын ордун басып калабыз. Мүмкүн беш алты күндө бүткөрүшүп да жиберебиз. Мен ушул пикирди силерди чогултуп барып, пионер вожатыйына айтайын дегем.

— Сонун пикир. Бекер ойноп жаткандан көрө аз да болсо алыбыздын жетишинче колхозчу ата-энелерибизге жардам беребиз — деди Акай.

Сары бала жактырбагансып алая карады. Туура эмес — деп айт дегенсип жанында келе жаткан баланы чыканагы менен түрттү.

— Абдыластын пикири кубатталсын — деди Роза үнүн көтөрүңкү чыгарып.

— Кубатталсын — деп, беркилер да бир адамдай үн чыгарышты.

Балдар мектептин эшигинин алдына келгенде, старший пионер вожатыйы Салый болжошкон немедей туура туштан чыга келди. Пионерлери оң колдорунун манжаларын тыгыз бириктиришип, баштарынан жогору көтөрүшүп, Салый менен учурашышты. Балдардын кубанычтуу жүзүнө толкундаган Салый

үнүн бек чыгарып: саламатсыңарбы?— деп айтары менен:

— Саламатсызбы, эжеке?

— Биздин сизден күткөн бир талап бар — деди Абдылас озуна сүйлөп.

— Айта кой, пионерлердин пайдалуу талабы, сөзсүз орундалат.

— Колхозчулардын казып жаткан каналына жардам берүүгө келдик эле.

Салый пионерлердин патриоттук сезимдерине ыраазы болгондой ойлоно калды.

— Сен апаңа жардам бермек болбодуң беле? Кайра айныдыңбы?

— Жок. Айныбай калайын! Акун атам туут апрелдин башынан башталат — деди.

— Ошондой эжеке, туут апрелден башталат — деди Акай, Абдыластан көрө уй багуу ишине таанышсынып.

— Бекер үйдө жатканча, ата-энелерибизге жардам берип, булчундарыбызды өстүрөлү, эжеке,— Роза да беркилердин сөзүн кубаттай кетти.

— Демилгеңер абдан жакшы. Бул — чыныгы пионердик иш. Силердин демилгеңер Керимкул агай экөөбүздүн пикирибиз менен дал бир убакта чыкты. Керимкул агай экөөбүз кечинде ушул маселе жөнүндө макулдашкан элек. Азыр мен кыштактагы пионерлерди чогултууга келе жаткам.

Силердин демилге козгогонуңар ого бетер сонун. Жүргүлө, пионер комнатасынан туугу алып, көчөгө чыгып балдарды чогулталы — деп ойлогону ордунан чыкканына кубанып балдарды ээрчитип мектептин ичине кирди.

Майрам күндөрүндөй колхоз кыштагынын көчөлөрү балдардын кубанычтуу демонстрациясына, шаңга бөлөндү.

Пионерлер катарга тизилишип ар кайсы көчөнүн бурчтарына токтолушуп, өз катарларына жолдошторун кошуп жатышты. Стройдун алдында эки бала көчөнүн көркүн чыгарып барабан чалып, бирөө сурнайды так күүгө келтирип, Абдылас пионердик кызыл тууну асмандатып көтөрүп жүрдү. Ал эми калгандары көчөнү жаңыртышып хорлорду ырдап баратышты.

Үч катар көчөнү бир сыйра кыдырып чыгып, колхоздун башкармасынын конторунун эшигине келип токтошту. Эки катар тизилген балдарды көрүп колхоздун башкармасынын председатели Жума эшикке чуркап чыкты. Ал мөмөдөй тизилип турган балдардын жанына келип, калдайган узун буурул мурутун секин сол колу менен жанып, күлүмсүрөй түштү. Байкаган адамга кубанычы коюнуна батпай, айтарына ылайыктуу сөз таппай гургандай сезилди.

— Рахмат, садагалар. Силердин демилгелерди угуп, кубанычым койнума батпай олтургам. Келечек силердики айланайындар! Колхоздун, ата-энелердин байлыгы силердин энчиңер. Кош айдоо башталып күч бөлүндү болуп жатканда ырас кылбадыңарбы? Чукул аранын ичинде каналдан суу агызууга тийишпиз. Мен силерге курал-жарак, тамак-аш даярдатайын. Кечикпей самаган жериңерге баргыла! Эмгек күнүңөрдү да эсептейбиз. Рахмат, Салый кызым. Жөнөгүлө, айланайындар! Балдар узап кеткенче көзүн айырбай карап турду.

* * *

Канал казып жаткан колхозчулар балдарын өтө кубаныч-туулук менен тосуп алышты. Чоңураактарына кетмен, кичирээктерине мизи болоттой курч кол күрөктөр тийди. Каналчылардын бригадири Нуралы карыя балдарды бир чоң эки кичирээгин кошуп үч-үчтөн бөлдү дагы, «бүгүнкү нормаңар ушул»— деп, беш метрден жерди бөлүп берди. Балдар оор кийимдерин чечип ташташып, кызуу ишке киришишти. Нуралы карыя неберелеринин жанынан кетпей улам кыдырып, кетменди чабууну, күрөктү саюуну, боорун жана таманын кандай тазалоону көрсөтүп жүрдү.

Аскар, Роза, Абдыластын иштеп жаткан жерине келип:

— О, айланайындар. Мыкты иштеп жаткан турбайсынарбы! Аскар уулумдун кетмен чапканы жатык экен. Атаң аябай окуткан экен ээ. О-О! Роза кызым менен Абдылас уулумдун күрөктөрү да жерге жабыша түшүп жаткан тура. Топуракты алыс, алыс ыргыткыла. Мугалимиңер кетмен чабышты, күрөк сайышты да окуткан сыяктанат — деп, карс-карс күлүп, төшүн жаба берген күмүштөй аппак сыйда сакалын сылап коюп, күлүмсүрөп өтүп баратып, топуракты толтура сузуп жогору ыргыта бергенде Абдыластын кителинин сол жеңиндеги бир тилке кызыл чүпүрөк карыянын көзүнө чалдыга түштү.

— Абдылас уулум, жеңиндеги эмне белгиң, ал эмнен,— кайрылып карай калды.

— Ал звено вожатыйынын белгиси — деди күрөгүнө топуракты сузуп жатып.

Нуралы карыя алтынчы топтун балдарынын кыйналып жаткандыктарын байкай коюп:

— Айланайын, токтой турчу, кичине кыйналып жаткан белемсиң — деп, колундагы күрөгүн алып, арыктын ичине ыргып түшүп, болот күрөктү жердин таманына жорголотуп жумшак топуракты лыпылдатып үстөкө бостоң ыргытып жиберди. Мына көрдүңөрбү теп-тегиз боло түштү. Арыктын таманы менен боо-

рун жылмалап тегиз алган жакшы болот. Бир жери ой, бир жери дөң болсо суу ага урунуп ылдам жеп жиберет. Топурак нымдуу, күрөгүң курч, жатык салсаң текши алат. Ме, айланайын. Кана иштеп көрчү, күрөгүн баланын колуна берип карап турду. Баятан бери ынтаасын коюп карап отурган бала күрөк колуна тиери менен Нуралы карыянын көрсөткөнүндөй иштей баштады.

— Оп, бали, айланайын, ошондой иште. Кичине эбиң жогураак экенсиң — деп, адатынча карс-карс күлүп, наркы баланын колундагы кетменди алды.

Кетменди уңгусуна чейин батыра чаап, топуракты тез-тез омкоруп ыргытып жатты. Карыя маңдайында тизилип турган балдарга кайрылып:

— Буга таң калбагыла, балдарым. Иштесеңер, баарыңардын колуңардан келет. Өчпөс өнөр — силер алып жаткан билимде. Бая күнү шаарга барганда экскаватор деген машинаны көрүп таң калдым. Мындай жумшак жерден жүз кишинин он күн иштегенин бир күндө казып таштай турган. Какыраган таштак жерлерди терең оюп өзү сузуп ыргытып жатат. Аны балбан трактор кыймылга келтирип жатат. Бар болгону бир гана киши иштетип жүрөт. Аманчылык болсо эки-үч жылда ушул колхоздон өз көзүңөр менен көрөсүңөр, балдарым.

Менин төрөлгөндөн тартып окуган окуум, үйрөнгөн кесибим: кетмен чабуу, орок оруу. Мындан башка жумуш колуман да келген эмес. Башка кесипчиликти көрүп да эмесмин. Силердин өмүрүңөр солубас гүл, көзүңөр өткүр.

Силерге бир эмес беш өнөр да аздык кылат. Үйрөнгөндөн, иштегенден талыкпагыла. Силердей бактылуу балалык, таалайлуу жаштык адам жаралганы такыр болгон эмес чыгар, узак жыл артта калган, арманга чөмүлүп өткөн балалык күнүн эсине түшүрүп, карыянын бырыш баскан беттери эмнедендир ичиркенгендей жыйрыла түштү.

Эс алуу убагы болду деген белгини билдирип, кызыл желек каналдын боюна сайылып, көккө мактангандай отуз минутча желбиреп турду. Эс алуу убагында балдарга ысык тамак берилди. Желек алынгандан кийин чарчай түшкөн — булчуңдарын эс алдырышып кайра жумушка киришти. Кээ бирлери берген нормаларын аткарып жиберишип, Нуралы карыядан кошумча жер ченетип алышты. Вожатый Салый, комсомол комитетинин секретары Ыйман өзүлөрү да колдоруна кетмен алышып балдар менен бирге иштеп жатышты.

Күн кеч бешим болуп калган ченде кыштактан Керимкул менен Жума чыгып келишти. Алар балдардын бүгүнкү ишине абдан ыраазы болушту.

— Бүгүнкү иштегениңер жетишет. Беш күн күнүнө төрт-беш сааттан ушундай иштеп берсеңер эле болду. Ата-энеңердин ишине чоң жардам кылдыңар. Эми үйүңөргө тарагыла, айланайындар,— Жума балдарды таратып жиберди. Балдар каналды бойлоп колхоз талаасын жаңыртып ырдашып үйлөрүнө кайтышты. Жума, Керимкул, Нуралы карыя, Салый, Ыймандар артта калышып мындан кийинки күндөрдөгү иштер жөнүндө акылдашышты. Жөнөп бара жатышканда Жума Ыйман менен Салыйга бурулуп:

— Силер ар бир баланын күндөлүк аткарган ишин учётко так жаза жүргүлө. Кийин эмгек күн жазганда чатышпагандай бололу — деп эскертти.

* * *

Абыш негедир кабагын бүркөп, бир ишке ачууланган түр менен сумсайып үйүнө кирди. Төрдөгү шырдактын үстүндө үч жашар иниси менен чүкө ойноп олтурган Карыны көргөндө ого бетер кыжыры келди. Чапанын чечип жүктүн үстүнө коюп, уулунун жанына келип олтурду.

— Балам, пайдасыз ойнунду токтот!— деди үнүн каардуу чыгарып. Эч нерседен шек санабаган Кары орой мүнөзү менен:

— Эмне болду? мына койдум...— атасынын сөзүн тыңшаартыңшамаксан болду.

— Угуп тур, балам. Бекерлик адамды жакшы атакка кошпойт. Жашка бекердик жарашпайт. Жаштайынан иштеп көнгөн адам картайганда ишсиз олтурса башы ооруйт. Жашынан жалкоо болгон, карыганда жумуштан жаа бою качып жатак болот.

— О кайран эме, кайсы сармерденинди айтып, тырмактай баландын башын катырып жатасың. Өзү кыйратып ийген эме. Уулунду жалкоо болбосун десең таш көтөртпөйсүңбү,— жип ийрип отурган аялы каадасынча атырылып коё берди.

— Жөн отур дейм. Түшүнүп туруп анан балаңа болуш — деди кыйкырып, ачуусу келген Абыш. Аялы экинчи жаакташын айтышкан жок.

— Мага десең баланды бышырып же. — Каалаганы катуу жаап, чыга жөнөдү.

— Күнөөнүн баары сенде. Баланы ата-энеси бузат деген-ге ишенүүчү эмес элем. Ант, минт деп шыбырап олтуруп баламды жолдошторунан артта калтырмай болдуң — деп, буркан-шаркан түшүп, аялын сыртынан бир топ жемелеп алды.

Балдар менен каналга чыкпаганым жөнүндө айтат ко деген белгилүү пикир Карынын жүрөгүн өйө баштады. Атасынын ачууланганын көрүп, сөзүн угайын дегенсип үнсүз олтура берди.

Абыш эски макал, лакапты мезелдетип көп айта турган.

— Балам, «Эл бийик, элден чыккан кийик» деген сөздү илгерки карылардын оозунан көп угар элем. Анын сыңарындай сен — жолдошторуң иштеген иштен качып, үйдө жашынып олтурган эмнең? Өзүң тендүү эле Абдылас, Абыл, кыз башы менен Роза ойноп күлүп эл менен кошо каналда иштеп жүрүшөт.

Уйларды жайып жүрүп эмне болуп жатат экен деп канал казгандарга барсам, бир сенден башка бой тарткан тестийер балдардын баары монтоңдоп иштеп жүрүшөт. Председатель Абыш аке, сиздин балаңыз бир жакка кеткенби, дегенинен «ооба, айылчылап эжесиникине кеткен» — деп, айтканымча болбой, Абдылас — мен жумуш иштебейм, каникулда үйдө эс алам — деп, бая күнү эле болбой койгон деп осунуп айтып жибербедиби. Председатель менен парторгдун астында эмне дээримди билбей, бетимден отум чыгып кетти. Барыдан да Карыжалкоо дешип балдардын чуулдаганы эсимди эки кылды. Барарын барып алып, кеткенче шаштым. Мындан кийин мындай адатыңды кулагым угуп, көзүм көрбөсүн. Уктуңбу, балам,— канчалык катууласа да уулун аянычтуу карады.

Атасынын баятан берки сөзү Карыга камчы менен чапкандан оор тийди. Атасынын бетинен ызалыктын белгисин байкады.

Мурда атасынын мынчалык ачууланган каардуу сөзүн укпкан эмес. Ошондуктан атасынын азыркы сөзү Карыны арына келтирди.

— Мындан кийин жолдошторумдан бөлүнсөм өлтүрүп таштa,— көзүнүн жашын чубуртуп атасынын астына жыгылды.

— Ошент, балам. «Уят өлүмдөн катуу». Мен бүгүн ченеп уят болгонум жок. Барагой, жолдошторуң менен сүйлөшүп бир-эки күн калса да ишке чык. Алардан кечирим сура. Ушунун баары апаңдын үйрөткөнү — деди, уулунун маңдайынан сылап.

* * *

Күндүн нуру жердин бетине тегиз чачылган кезде кечиндеги Салыйдын тизмесиндеги отуз бала мектептин эшигинин алдына толук чогулуп бүтүштү. Уй фермасынын сарайынан Абдылас, Роза, Акай, Карыжалкоо келишти. Колхоздун клубу жактан Ыйман менен Салый экөө экинден окшош чымкый кара атка чегилген арабаны ылдамдата айдап балдардын жанына келип токтошту. Даярданып турган балдар туура он бештен бөлүнүшүп эки арабага олтурушту.

Салый озунуп алдыга түштү. Коёндой окшош эки кара ат

чу! — деп шапалакты жогору көтөргөндө шайбырлап даңгыр жол менен өр карай Таш-Төбөнү бет алып жөнөй бериштн. Салый да машыккан арабакечче анда-санда но! — деп кыйкырып коюп, өзүнүн жакшы көргөн ырын уккулуктуу овону менен салмактуу ырдап бара жатты.

Улам бир жеринен:

«Эмгектен таап ырысты,
Гүлдөтөбүз турмушту»,—

деп коюп жүрүп отурду.

Балдар эрте жаздын тунук авасынан терең дем алышып, Салыйдын ырын тыңшашып көңүлдүү бара жатышты. Ыйман аттардын тизгинин жай коё берип, чет өлкөлүк балдардын турмуштары жөнүндө балдарга аңгеме айтып бара жатты. Таш-Төбөдөн өтүп, Көл-Кайыңга жакындаганда Салыйдын арабасынан кызылтуу булактап асманга көтөрүлө түштү. Ошол замат Ыймандын арабасындагылар да желекти асманга көтөрүшүп, жапырт ырдап жибериштн.

Тоонун көк кашка тентек суусун бел кырчоосунан кечип, аны буруп жаңы канал менен агызуунун аракетинде кайраттанып иштеп жаткан Жума жанында колхозчуларга кайрылып: бол ыкчамдагыла! Тигине бизге дагы жаңы күч келетат — деп шаңдуу келе жаткан эки арабаны көздөй колун жаңсады.

Балдар келери менен чечинишип сууга кириштн. Нуралы карыя балдардын бир тобуна чоң-чоң таштарды ташытып бир тобунун колуна балта берип суунун өйүзүндөгү суу кайың, талдарды кырктырып арабаларга салдырып жатты.

Колхоздогу белдүү азаматтардын баары бел кырчоосунан батышып, тентек суунун таманына казандай, чакадай таштарды тизишип, туурасын эки метрче аралыкта түптөп жатышты. Арасына суу тал, кайыңдардан топ тобу менен алып келип токуп турушту. Керимкул Жумага караганда албеттүү жана толук эле. Ал а деп келгенде эле таш төшөгөндөр менен кошо киришкен. Жума балдар менен аларга тал, кайың жеткизишип турду. Тоонун шар аккан долу суусу түптөп алганча койгон таштарын улам өкүрөндөтүп агызып, алардын төрт шайын кетирди.

— Тездегиле, азаматтар! Мындай чоң иш анча-мынча кыйынчылыксыз адамга баш ийе койбойт,— Нуралы карыя жигиттерди ого бетер шыктандырып турду.

Күн кылкылдап уясына жашына бергенде тоонун эрке суусу жаңы канал менен ылдый шаркырап агып жөнөдү. Топтошкон эл каналды бойлошуп колхоз талаасын көздөй эмгектин күүсүн

черткенсип шылдырап чыккан суунун кубанычтуу үнүн тыңшашты.

— Жолдоштор — деди Керимкул толкунданып. Бүгүн 31-март күнү эзелден бери пайдасыз аккан тоонун тентек суусу биздин колхозчулардын жана колхоз жаштарынын зор күчүнө багынды. Ак, канал суусу, ага бер!

Сени кылым бою самап келген кургак талаа күтүп турат. Сени мол түшүмдүү эгин жай эңсеп жатат. Сен зор өлкөбүздүн улуу курулуштарынын: Сталинград, Каховка, Куйбышев гидроэлектростанцияларынын, Башкы Түркмен, Түштүк Украина жана Түндүк Крым каналдарынын биздин колхоздогу эң кичинекей тармагынын бирисиң. Сенин ар бир тамчың америкалыктардын атомунан күчтүү.

Керимкул кыскача сөзүн аяктаганда туш-туштан алакандын жаңырыктары, жашасын тынчтык! — деген толкундуу үндөр көтөрүлдү. Канал суусу да жашасын тынчтык! дегенсип булдурттаган добушун күчөтүп эгин жайды көздөй шашылып агып жөнөдү...

## 7. КАНИКУЛДАН КАЙТКАНДА

Каникул бүтөрү менен балдар окууга кайтып, мектеп көркүнө келе түштү. Балдардын көзүнө да жаңы элестер пайда болду. Бир тамчы кири жок чоң-чоң терезелердин жаркыраган айнектерин, жумурткадай аппак майланган комнаталардын боорлорун, жаңыдан илинген кооз портреттерди, ирети менен катар тизилген тап-таза парталардын жанына жакын барышып тигиле карашып, бирде класстарды кыдырышып, бирде мектептин сыртын айланып көрүп чыгып жатышат. Айрыкча биринчи класстын балдары үчүн сегиз күндүн ичинде бардыгы жаңырган сыяктуу.

Коңгуроонун тааныш үнү чыкканда командирдин буйругун уккандай, тышта жүргөндөр жапырт класстарды көздөй жөнөштү. Мектептин ичин көздөй чуркап бараткан кичинекей кара тоголок кыз жанындагы кызды жеңинен тартып:

— Ой, сен бир нерсени байкабай калдың — деп, башын чайкады.

— Эмнени? Айтсаң! — деди экинчи кыз ынтаасын коюп.

— Эми эле коңгуроонун үнүн уктуңбу? Мына эми үчүнчү урганда тыңшап турчу. Каникулга тарай электеги коңгуроонун үнү колдурап турчу эмес беле, карачы, эми ичке чыгып жатпайбы? Башка коңгуроо окшойт.

— Калпычы,— калпычы,— чолок эрдин түйрүп, жактырбагансып экинчи кыз класска чуркап кирип кетти.

— Орду ордуңарга тынчтанып отургула. Азыр эжеке келет — деп, сөөмөйү менен өзү олтурган партасын такылдатып 1-класстын класскому Жеңиш чекчендеп балдарды тыйды.

Чалды-куйду түшүп, иретсиз отурган балдар өз парталарына тынчтанып олтура башташты.

Гүлбар эже класстын эшигин жай аттап, жабалактап орундарынан тура калышкан жаш балдарды сүйкүмдүү жүзү менен кыдырата көз жүгүртүп чыкты да, ортоңку партанын тушуна келгенде:

— Саламатсыздарбы? — деп, мөмөдөй мөлтүрөгөн балдардын жоодураган көздөрүнө тигилди.

— Саламатсызбы, эжеке? — деген балдардын уккулуктуу үнү Гүлбар эженин сезимин толкутуп жибергендей болду.

— Олтургула! — деди класстык журналды столдун үстүнө коюп жатып... Балдар тегиз орундарына олтурушуп, биринчи сабакта эмнени өтөөр экенбиз деген суроолу көз менен эжесин күтүштү. Класстык журналга 26 баланын толук келгенин белгилегенден кийин:

— Азыр биз сөз өстүрүү сабагын өтөбүз. Ар бириң каникулда кандайча эс алганыңар: иштеген ишиңер, окуган китептериңер, көргөнүңөр жөнүндө кыскача айтып бересиңер — деди.

— Макул эже — дешип балдар чурулдай кетишти. Гүлбар эженин ачык маңдайы, ак жумал жүзү маңдайында мөмөдөй тизилип отурган бөбөктөргө өтө жылуу сезиле турган. Анын жүзүндө балдарды өзүнө жакын тарта турган чыныгы тарбиячынын энелик мээриминин таасири күчтүү эле.

— Ким айтат — деп балдарга бурулганда Айгүлдүн бытыйган жумуру аппак колу көзүнө биринчи чалдыга түштү. Айгүл досканын жанына келип жолдошторун бет алып каникулду кандай өткөргөндүгүн айта баштады.

— Үй сарайга көчүп барганда эртеси мен күрөң уйдан аябай корктум. Чуркап баратсам ал чөйчөктөй көздөрүн акырайтып, мүйүздөрүн аркайтып мени челип ыргытам дегенсип, астымдан чыкты. Мен ыйлап кайра качтым. Акун атам уйду таягы менен сабап, мени сооротту. Үч күнү коркуп уйлар келгенде үйдөн чыкпай жүрдүм. Эми мени сүзбөй калды. Кечээ күнү жанына барсам сүзгөн жок. Анан кийин «Балык жана балыкчы тууралу жомок» деген кызык китепти окуп чыктым. Байкуш абышкага боорум ооруду. Кемпири байлыкка тойбогон ач көз жаман киши экен. Анын кайра жаман кепесине келгени ырас болду. Алтын балык Нарын сууда барбы десем, байкем ал жөн эле жомок, андай балык жок деди. Байкем мага Зоя деген баатыр кыз жөнүндө айтып берди. Мен да чоңойгондо ошондой болом деп убада бердим. Бош убактымда балдарга айтып берем.

Нарын суунун жээгине бардым. Токойду көрдүм. Эсеп китебинен беш мисал чыгардым. Ушул эле — деп күлүндөп койду.

— Мен айтам, эжеке — деди мандай тиши түшүп калган кичинекей сары бала чебеленип.

— Айта койгун,— Гүлбар эже башын ийкеди.

— Мен үйдүн артына кичинекей арык чаап, алты түп бак тиктим. Атам чоң бактын бутагынан кыйып казыкча кылып кыска-кыска кесип берди. «Ушул жакшы өнөт. Сен он бешке чыкканча чоң бак болуп калат» — деп, эшиктин алдындагы бакты көрсөттү. Жайында суу байлап жакшылап өстүрөм. «Карга менен түлкү» деген тамсилди окудум. Митаам түлкү жоош карганы алдап оозунда тиштеп отурган кичинекей этин жеп алат экен. Анан дагы «Карышкыр менен козу» деген тамсилди окудум. Атам илгерки байлар карышкырдай зулум болчу. Козудай жазыксыз кедейлерге күн көрсөтчү эмес деди.

Кечээ күнү армиядагы байкеме кат жаздым. Менин иштегеним ушул — деди эжесин карап.

Бир сабактын ичинде булардан башка жети бала сүйлөдү. Гүлбар эже сабактын аягында доскага төмөнкү суроолорду жазды.

Окуган чыгармаларыңардын аттарын жазып кел!

Укkан жомокторундун аттарын жазып кел?

Доскадагы суроолорду сөз өстүрүү дептериңерге көчүрүп алып, эмки сөз өстүрүү сабагында жооп жазып келгиле, үйгө тапшырманы берип бүтөрү менен эс алууга коңгуроо кагылды.

* * *

Жетинчи класстын тил, адабият сабагынын мугалими Мукаш балдар каникулга тарардын алдында «Мен каникулду кантип өткөздүм» — деген темада изложение жазып келгиле деп тапшырма берген. Азыр ошол берилген тапшырманын аткарылышын кызуу текшерүүгө киришти. Үч балага унутуп калыппыз деген кур шылтоо менен аткарып келбегендиги үчүн журналга «2» деген бааны койду.

— Мен изложение жазуунун мааниси жөнүндө бир нече ирет айттым эле. Ошентсе да дагы кайталоого туура келди. Биринчиден — силерди чыгармачылык ишине шыктандырат, экинчиден— сөз байлыгыңарды өстүрөт. Оюңарды жыйынтыктап көркөм сөз аркылуу бирөөгө түшүндүрө билүүгө үйрөтөт.

Акырында көргөнүңөрдү, укканыңарды, иштегениңерди тизмектештирип синтаксистик жагынан туура жазууга машыктырат — деп кыскача түшүндүрүп өттү.

Көмүрдөй кара чачын сол колунун салаасы менен улам-

улам сылап коюп, окуп жаткан баланын изложениесин кылдаттык менен көңүлүн коюп угуп олтурду. Төрт баладан кийин дептерин колуна кармап Абдылас ордунан турду. Ал үнүн толкундуу чыгарып салмак менен окуй баштады.

— «Мен каникулда көңүлдүү дем алдым. Пайдалуу деп эсептеген эки орчундуу максатты иш жүзүнө ашырдым. Ал мен үчүн чоң кубаныч болду. Тарагандын эртеси апамдын саанчы болгондугуна байланыштуу уй сарайына көчүп бардык. Бул биринчи максатымдын орундаганы болду. Ал жерде туут жана музоолорду өстүрүү мезгилинде эңсеген иштеримди аткарамын. Экинчи максатым, колхозчу ата-энелерибиздин Күйрөк талаасына чыгарган каналы жөнүндө эле. 25-марттан 31-мартка чейин мектептин пионерлери жана комсомолдору жапырт катыштык. Бизге Салый эже менен Ыйман агай жетекчилик кылды. 31-март күнү тоонун тентек суусун буруп, жаңы канал аркылуу эзелден бери эңсеп жаткан кургак талааны көздөй агыздык. Күзүндө Күйрөктөн жүз центнерлеген буудайды жыйнап алабыз. Жумакем Күйрөккө буудайдын биздин колхоздо жок жаңы сортун себебиз деди. Сууну каналга бургандан кийин директор агайдын айткан сөзү мени таасирлентти. Жашасын тычтык! деген ошол жерде кайталаган сөзүмдү азыр дагы айткым келет.

Жумуштан кайткандан кийин бош убактыларымдан пайдаланып, «Биздин замандын кишилери», «Бакыт» деген китептерди окуп чыктым. «Биздин замандын кишилеринин» теңинен көбүн мурун эле окуп койгонмун. «Күнү-түнү менен», «Салтанат» деген эки китепти дүкөндөн жаңы сатып алдым. Абыш акеме аябай ыраазы болдум. Бизден бөлүнүп кеткен Карыны кайра катарыбызга кошту. Карынын жолдоштору менен бирге болооруна ишенемин. Ал Салый эжекенин алдында пионердик убадасын берген. Акун атамдын айтуусу боюнча эки-үч күндө апама бекитилген уйлардан төл башы болуп Булаккашка тууйт. Анын музоосун шефке алып өстүрөмүн».

Окуп бүтүп ыкласын коюп, тыңшап отурган агайын жал-жал карап алды да, эмне дээр экен дегенсип комсуна түштү. Арткы партада олтурган шишмек көз куба жүлүн бала: — Бул чоңойгондо сөзсүз жазуучу болот. Китептерди да баарыбыздан көп окуйт — деп, ордунан бекем сүйлөдү. Жанындагы бала — курулай кыйкырба дегенсип чыканагы менен түрттү.

— Максатыңды, иштеген ишиңди негизинен так көрсөтө алгансың. Бирок, кээ бир сүйлөмдөрүң ылайыктуу өз орундарына коюлган эмес. Жалпысынан алып караганда жакшы жазылган. Менин айткандарыма түшүндүңбү? — Мукаш жооп күткөнсүп, маңдайында турган Абдыласты күлүмсүрөп карады.

## 8. ТӨЛБАШЫ

Участкалык зоотехниктин кечеши боюнча Бурма менен Абдылас чакан жылуу бөлмөнүн зымылдата шыбалган таманын жылуу сууга маламтык чыланган акиташ менен бир сыйра шыбап жибериштн. Анын үстүнө таза самандан төшөштү да, чарадай болгон желини чаткаягына батпай чытырап толгон Булаккашканы жетелеп киргизишти. Булаккашканын чайнектин чоргоосундай эмгектеринин учунан саргыч ууз сүт чыгып турду.

Мындай ишти башынан биринчи жолу өткөрүп отурган Абдылас улам тууйт деп чебеленип жанынан чыккан жок. Качан сулап жатат. Кайсы маалда эненин курсагында тумугуп жаткан музоо жарык турмушту көрөт деген күлүк үмүттү көзгө илешпей зымырап өтүп жаткан убакыт [illegible]нчиктете берди.

Булаккашка мурункусундай эле кебелбей, астындагы бүрдүү чөптү барсылдата чайнап — эртелеп зарыкпа дегенсип башын көтөрүп кичинекей терезечеге жөлөнүп турган Абдылдаска үңүлө карады.

Каалганы шарт ачып, Акун кирип келгенде Абдылас чындап эле сүйүнүп кетти.

— Булаккашка качан туур экен? Карайм, карайм эчтеке жок.

Тамдын шыбалган астына текши төшөлгөн таза саманды эңкейип колу менен кармап көрдү. Унчукпастан уйдун куйругун көтөрүп, колу менен куймулчагын жай сыйпап карады да:

— Азыр ашыкпа балам. Үч-төрт күндөн кийин араң тууйт. Тууруна жарым күн, бир күн калганда чарайнасы көбөйүп агат. Бирде туруп, бирде жатып толгоо тарта баштайт. Мына ошол учурда жанынан кетпөө керек. Ага чейин чөптөн жакшылап салып, астын тазалап тургула. Кургак чөп ылдам эле суусатып чыгат. Күнүнө бир эки маал чакалап суу алып келип бергиле.

— Баса, тамды ким ирээттетти? Балам, халат да кийип алган белемсиң,— терезенин түбүнө келип бөтөлкөдө турган иодду жана курч устараны көрдү.

— О... оо... уулум, зоотехниктин окуусун окуп жүргөн белемсиң — деди Абдыластын камынганына кубанып.

— Жана зоотехник келип көрсөтүп кетти. Андан «Уйдун тууту жана музоолорду кантип өстүрүү керек» деген мынабу китепти алып, бир аз окуп түшүндүм. Керектүү жерлеринен апама да эки-үч сыйра окуп бердим,— колундагы төрт чарчы кичинекей китепчени көрсөттү.

— Өмүрүңө береке берсин балам! Жеке апаңды эмес, менин жүгүмдү да жеңилдетет экенсиң. Баса алдыкы китебинде уйдун качан туруу жөнүндө айтылбаппы?

— Бар экен. Мен чала түшүнүп калыпмын. Жанагы сиз айткандын эле өзү. Мен эртелеп күтүпмүн.

— Ошондой де. Жазган кишилер дагы мага окшоп өз колу менен далай уйларды туудуруп, ийнесинен жибине чейин текшерип, анан жазгандыр да — деди өзүн көтөрө чалып.

— Китеп жазган киши Кыргыз ССРнин илимге эмгек сиңирген ишмери, профессор Цветков деген экен. Эгер жашыңыздан окусаңыз сиз да профессор болот элеңиз.

— Профессор — деп окумушу күчтүү адамды айтат го?

— Ооба, ага жетүү үчүн жыйырма беш жыл окуш керек.

— О-уу! Өмүрүнүн тең жартысын окуу менен өткөрөт экен да. Ал мен үчүн жомок, балам. Өмүр берсе силер жетерсиңер. Жана мен айткандай кылгыла. Алдыңкы китебиңди апаңа окуп түшүндүр. Бул жакка кылчактап окууңдан калба. Ошент айланайын!— Карыя туут бөлмөсүнөн чыкты.

* * *

Ырас эле Акундун айтканындай үч күн өттү.. Булаккашка дагы эле тууган жок. Абдылас баягы китепчесин үч-төрт сыйра окуп чыкты. Апасына да түшүндүрүп берди.

Төртүнчү күнү мектепке кетип бара жатып, туут бөлмөсүнө барды. Булаккашканын чарайнасы чубалып жерге жакындап калганын, бирде туруп, кайра жатып толгоо тартып турган мезгилин көрүп, аябай сүйүнүп кетти.

— Апа, жанынан чыкпа. Зоотехник агай айткандай даярданып ал. Эгер кечке чейин туубаса бүгүн түнү сөзсүз тууйт. Түнгө калса сени менен бирге өзүм да кайтарышам — деди жөнөп жатып.

Экинчи сменада окугандыктан, сабактан тарап үйдү бет алганда күн батарга жакындап калган эле. Мен жеткенче тууй элек болгой эле деген ой тез-тез көз алдына элестетип баратты. Үйгө барбастан эле түптүз туут бөлмөсүнө кайрылды.

Узунунан сулк түшүп, эки арткы бутун чалкалата керип онтоп жаткан Булаккашка көзүнө чалдыкканда — дал үстүнөн чыкканымды кара — деп, сүйүнүп кетти.

— Ырас болбодубу. Үйгө барып тамактанып келе кой — деди Бурма уулун жал-жал карап.

— Жок, апа, халатты мага чечип бер. Акун атама айтпай эле кой. Өзүбүз эле жөнгө салабыз. Келе, апа, суу куй, колдорун самындап жуунуп, тырмагын жана тырмагынын астын иод менен майлап, апасынын үстүндөгү халатты кийди. Бурма үйдүн баш жагына жаңы саманды калыңдап төшөп, музоонун ордун жайлаштырып жиберди. Булаккашка катуулап онтогондо

айнектей туюк чарайнанын ичинен жаш музоонун эки астыңкы буту менен тумшугу көрүнө түштү. Экинчи жолу терең онтогондо жаш музоонун жарыкты көргөндөгү биринчи жолку м. муу...у деген ичке үнү чыкты.

Бурма жаш музоону жаңы салынган кургак самандын үстүнө көтөрүп барып жаткыза койду да, оозу, мурдун таза сүлгү менен сүртүп, чарайнадан тазалап кастрюлдагы сууга колун малып жууп жиберди.

— Ургачы экен апа, атын Төлбашы койдум.

— Ырас айтасың, өзү да төлбашы болду — деди Бурма уулунун койгон атын кубаттап.

## 9. АЙГҮЛ СҮРӨТЧҮ

Машыккан сүрөтчү кейиптенип колуна алты кырдуу узун учталган карандашын кармап, тизесинин үстүнө сүрөт дептерин коюп, Айгүл Төлбашынын мандайында отурат. Улам башын көтөрүп, Төлбашыга карап, кайра дептерине үңүлүп, ичке бармактарын ийсеңдетип чиймелеп жатты.

— Ай — Яй, Төлбашы!.. ах, сен эмне үчүн сүрөткө жакшы тартылбайсың? Карачы, такыр сага окшобой калды. Өзүңдөй болбой калды? — деп, дептерин Төлбашынын көзүнө жакын кармады. Сүрөтүң менен ишим жок дегенсип, Төлбашы узун ичке шыйрактарын бүгүп жерге жата кетти.

— Ай делдең кулак — деди дептери менен Төлбашынын кулагын сыйпап: таарынып калдыңбы. Азыр жакшылап тартам, турагой, турагой — деп, мойнунан кучактап тургуза баштады. Туяктары ката элек жаш музоонун кемирчек узун шыйрактары майышып, Айгүлдүн кыстоосу менен таканчыктап тура баштады. Тынч алып жатат элем дегенсип бакырайган көздөрүн терезеден түшүп турган күндүн жарыгынан мурдуу шооласын көздөй чаптырып алдыга бир аз кадам шилтеп барып темтеңдеп туруп калды.

— Ай, сен, Төлбашы, сүрөтчүнүн мандайында жөн тура албайсыңбы? Беш минут чыдап тургунуң. Азыр бүтүрөм. — Кайрадан убаралана баштады. Негедир кыжыры келгенсип кабагын чытып, карандашын ныктай чийип Төлбашынын туягын колу менен кармап көрдү.

— Аха, туягы эки ачакей. Уч жагы шиштигий. А көзүчү. Бакыракай. Көрдүңбү өзүңкүндөй бакырайтып койдум. А. Кулактары делдегей. Так өзүндөй тарттым. Шашпай тур. Азыр курсагыңды, жонуңду, башыңды тартам. А баса куйругучу колу менен сылап кармап көрүп: ичке иймекей, мынакей куйругуң куду эле өзүңкү болду.

Эркин басып көнүгө элек жаш музоо темтеңдеп Айгүлдүн жанына келип тумшугу менен анын чыканагын түрткүлөдү. Карандашы жылмышып сызык тескери чийилип кетти. Айгүл ачууланып, колундагы карандашын ыргытып жиберди.

— Ах, шайтан Төлбашы! Эмне үчүн колго тиесиң. Сенин сүрөтүңдү мындан кийин тартпай эле койдум. Туура төрт жолу тарттым. Бири да окшобой калды. Качан ушу карандаш менен тартканда эле колум тескери кетет. Албай эле койдум,— жерде жаткан карандашына тигилди.

Мойнун ийип, капталына жөлөп, көзүн үлжүрөйтүп жуумп бөгүп жаткан Төлбашы Айгүлгө аянычтуу сезиле түштү. Акырын чөгөлөп олтуруп мойнунан кучактап, каралжын тартып жылтыраган тыкыс жүнүн сылай баштады.

— Мен сени менен мындан кийин урушпайм. Качан оюн салып чуркаганында Төлбашылап чыкырып ээрчитип ойнотом. Азыр сага төрт эле күн болду. Уктай кой. Чарчатып койдум.

## 10. АГАЙЛАР ЫРААЗЫ БОЛУШТУ

— Апа, сен барбай эле кой. Менин эсим чыкпайт. Акайды жаныма чакырып алам. Акыркы уй эмеспи, өз колум менен музоолотуп көрөйүн, ишенип койсоң, макулсуңбу?

Абдылас илгичтеп халатты алып кийинип жатып апасын телмире карады.

— Мен деле барсам болот эле. Эгер Акай болбосо мага кабар кыл. Балким таң атканча туубай калса эсиң чыгат. Бая күнкүдөй кокустук болсо мага дароо кабар кыл, же Акайдын атасына тезирээк барып айт. Уйкудан калып эртеңки сабагына тоскоол болбосун.

— Жарайт, апа, анча-мынча кокустук болсо, өзүм эле оңдоп коём. Кам санаба, эртең дем алыш. Асма чырак менен ширенкени менин колума бер,— апасын ишендире сүйлөп колуна асма чырагын кармап эшикке чыкты. Бурма Абдыластын бул ишине өзү айткандай камсанаган жок. Жети уйдун туутунда өзүм менен чогуу башында болду. Музоо түшкөндөн кийинки ишти менден кем билбейт. Ан үстүнө китептен окуп жакшы тааныш — деп ойлой кетти.

Деңиздей мелтиреген асмандагы электр лампочкаларындай жалтырап күйгөн сансыз жылдыздар Абдыластын көз алдына көрктүү элесин чагылтып, бүгүнкү ишиңе тилектешпиз дегенсишип жымындап тиктей бериштп. Жазгы түндүн жагымдуу жели жыпар жытын буруксутуп жогортон согуп турду. Абдылас Акайдын үйүн көздөй баратып негедир кайра бурулуп туут үйүн бет алды.

— Убаданы аткаруу керек — деди өзүнчө сүйлөп. Мен агайга, башкармага убадамды бергенмин. Өзүмдүн айткан сөзүмдү аткаруум керек. Акайсыз деле эсим чыкпайт. Корко турган эч нерсе жок...

Караңгы комнатага кирип чыракты жандырып дароо тегеретесине көз чаптырды. Муундары бошоп, оонап жатууга камына баштаган боз таргыл уй бет маңдайында турду. Ал Абдыластан башын тескери буруп капталын тили менен эки-үч сыйра жаламыш этти.

— Толгоосу жакындап калыптыр. Мен музоонун жайын камдайын,— кургак саманды берки бурчка калыңдап салды. Акыйып тиктеп отурганым болбостур дегенсип чырактын жарыгына жакын келип олтурду да, койнунан Симоновдун кыргызча которулган «Күн түнү менен» деген китебин алып чыгып, окуй баштады. Китептин бир нече беттери бараталып өттү. Сталинград шаарынын ар бир үйү үчүн душман менен салгылашып жаткан жоокерлер, өрттөнүп, кыйрап жаткан үйлөр, күркүрөгөн замбиректердин үндөрү, жуушаган адамдын өлүктөрү көз алдына элестелди. Офицер Сабуровдун тайманбас эрдиги жүрөгүн кубантты. Душманды артын көздөй чегинтип, Сталиндин ысмын аташып ураалап кыйкырышып келе жаткан жоокерлердин шаңдуу үнү кулагына угулгансыды. Алардын ичинен атасынын алп элеси өзгөчө көрүндү...

Боз таргыл уйдун терең онтогону кулагына магниттей тартылып, ордунан ыргып турду. Төрт аягын кере суналып, өтө кыйналып жаткан уйду көрүп чебелене баштады. Бая күнкү уйдукундай музоосу тескери келбегей эле деп коркту. Акун атасына чуркап баргысы келди. Антпеске чара калбады. Эшикке дароо чуркап жөнөдү. Акундун терезесинин түбүнө барып токтой калды. Кыймылсыз тынчтык, түнт караңгылык небак эле чыракты өчүрүшүп жатып алышканын далилдеди. Кыйкырайын деп ойлоду. Балким үйүндө эмес чыгар. Дагы бир жерде үй туудуруп жүргөндүр,— кайра артына текилдеп чуркады. Эч жакка кайрылбай туут бөлмөсүнө келди.

Балкайган күрөң музоонун чарайнасын жалап жаткан боз таргыл уйду көрө коюп, абдан сүйүнүп кетти:

— Сөзсүз ушундай болмок. Чубалжыган киндигин ченеп кесип, иодго малды. Темтеңдеп турууга аракет кылган музоону көтөрүп тургузуп, оозун ачып, энесинин эмчегин салды. Жаш музоо жалмалап эме баштады. Эң биринчи төрөгөн Булаккашканын музоосунун атын Төлбашы койдум эле. Эң акыркысы сен болдуң. Атың Кенже болсун. Кенже! Кенжем...— деп мойнунан кучактап, маңдайынан сылап эркелете баштады.

Улам тыныктырып биртикеден эмизе берип, кара уузуна

аябай тойгузду. — Бир аз энеси менен бирге туруп телчиксин, андан кийин алып кетейин. Апамды барып сүйүнчүлөйүн, деп, тыныгып олтура кетти. Жаздын кыскарган түнү чарчаңкырап калган он төрт жашар Абдыласты мемиретип таттуу уйкунун кучагына тартты.

Райондон түн катып келе жатышкан Жума менен Керимкул кандайдыр бир жумуш менен аттарынын тизгинин бура тартып, уй фермасын көздөй бурулушту. Ферма башчысы Батыштын үйүнө келишип, аны ойготушту да, эртең менен эрте туруттун так эсебин алып келгин деп эскертишип, кыштакты бет алышты. Сарайдын терезесинен бүл-бүлдөп күйгөн чырактын жарыгын көрүшүп, кайра бурулушту. Аттардын дүбүрттөгөн дабышы Абдыласты уйкунун койнунан чочутуп ойготту. Көзүн ушалап, эшикке чуркап чыкты. Өзүн көздөй түп-түз келе жаткан эки чоң атчан кишинин карааны жакындап көрүндү. Алардан мурун озунуп:

— Силер кимсиңер — деп, астын торой басты.

— Абдылассыңбы — деген Керимкулдун тааныш үнү кулагына жагымдуу угулду.

— Ооба.

— Эмне түн ортосу оогончо уктабай чырак жандырып сарайда жүрөсүң?

— Уй музоолотуп.

— Уй музоолотуп дейсиңби? — деди Жума таң калгандай.

— Ооба. Апама бекитилген сегиз уйдун акыркысы мына азыр тууду. Ошонун музоосун телчиктирип эмизип олтурам. Апамды азыр келбей эле кой деп милдетин өзүм алгам.

— Кана, Керимкул, ударниктин музоосун көрүп кетели,— Жума атынан түштү.

— Жарайт — деди Керимкул. Абдылас агайларынын атын жетелеп барып мамыга байлады. Уйдун жана музоонун жайын байкап көрүшүп, чын пейилдери менен жаш Абдыластын ишине ыраазы болушту.

— Сен ударник, убадалуу жигитсиң. Өзүң айткан иштин барын аткара аласың. Рахмат уулум! — деди Жума.

— Мына бу китепчени окугун. Музоолорду кантип багуу керек экендигин түшүнөсүң,— Керимкул чөнтөгүнөн алып, кичирээк китепчени сунду.

Абдылас дароо эле өзүндөгү китепченин нак өзү экенин тааный койду.

— Рахмат, агай! Бул китеп менде бар.

Керимкулдун жүзүндө кубанычтын өзгөчө касиеттери тамылжый түштү.

— Жума, көрдүңбү, биздин жаштар өтө кыраакы. Кандай

болбосун өз иштерине пайдалуу чаралардын баарын издешет. Өз балдарыңдын татыктуу иштерин көрүп ыраазы болгуң келет!

## 11. ЖАКШЫ КӨРҮНӨТ

— Төлбашы, Төлбашы! бери бас. Мени ээрчи — деп, артын кылчак-кылчак карап Абдылас дукабадай жайкалган жашыл аянтты көздөй басты. Төлбашы сөзгө түшүнгөн эмедей ээрчип жөнөдү.

— Жүрө кой, Төлбашы оюн салып байкем менен ойноп жатат. Жүрө кой, биз да тез жетип баралы. Гүл! Гүл, Гүл — бас ылдам — деп, Айгүл машыга элек музоосун мойнунан сылап, кичинекей алаканындагы акшактан улам жалатып коюп, ээрчитип басты. Куйругун асманды көздөй серпип кээде башын чулгуп, жумшак чөптүн үстүндө Төлбашы оюн салып жүрдү. Баятан бери кетенчиктеп Айгүлдүн сүрөөсү менен, бир четинен тамакка алаксып, зорго басып келе жаткан Гүл, Төлбашыны көздөй Айгүлгө күтпөстөн эле жүгүрүп жөнөдү. Айгүл кубангандан артынан чуркады.

— Көрдүңбү байке, менин Гүлүм да оюн салып жүрөт. Гүл деген атына да түшүнүп келатат. Айтсаң байке, булар туулгандан кийин бат эле ушинтип чуркап кетишет. Ал эми кишинин баласы эмне үчүн бир — эки жыл болмоюнча баса албайт. Түшүндүрүп койсоң, агасын кучактай кетти. Абдылас карындашынын кызык суроосуна эмне жооп айтсам дегенсип ойлоно калды.

— Айтсаң, айтып берсең?

— Булардын жаратылышы ошондой. Ылдам басат. Ылдам карыйт. Аз жашайт. Адамдын денеси малдыкынан татаал. Кеч басат. Көп жашайт.

— О калпычы десе. Кантип эле уй кишиден аз жашасын. Абдан карыган уй канчага чыгат: А кишини болсо билем. Бая күнү Акун атам 76 га чыктым деген. Дагы канча жыл жашайсың десем 20—30 жыл жашайм деп күлгөн. Ал эми жанагы тоодой болгон чоң букалар жүздөн дагы көп жыл жашайт.

— Ишенбесең Акун атамдан сура. Уй 20—30 ка чыкканда аябай карып, чөп жей албай калат — деди Абдылас карындашынын оцой менен ишенбесине түшүнүп.

— Сурайм эле. Мени алдап койдуң ээ, байке — деп тегерек кара көздөрүн күлүмсүрөтүп байкесине тигилди.

Гүл чарчап кеткендиктенби бөк түшүп жайкалган шибердин үстүнө ооной кетти. Төлбашы оюн салган бойдон Абдыластын жанына келип токтой калды.

— Айгүл барып Гүлүңдү ээчитип кел. Чарчап калды ок-

шойт. Буларды ордуна киргизип, беркилерди алып чыгалы. — Абдылас Төлбашыны ээрчитип жөнөдү.

Калгандарын да улам экиден алып келишип 15—20 минутадан эркин дем алдырып, ойнотуп жүрүштү. Ар биринин өзүнө коюлган аттарынан чыкырышып, машыктырып жатышты. Байкеси менен жүргөндө ар кайсыны сурай берүү Айгүлдүн адаты эле.

— Айтсаң байке, музоолорду эмне үчүн кыктуу жерлерге ойнотпо дейсиң, эмне үчүн ойнотуп жүрүп жуушатып таштаба, көпкө чейин ойното бербе дейсиң. Булардын баарына мен түшүнбөйм — деп көнүмүшүнчө сурай баштады. Карындашынын мындай суроолоруна Абдылас да көңүлдөнүп жооп бере турган.

— Угуп тур. Мен барын түшүндүрүп берем — деди сөзүн улантып — кыктуу, булганч жерлерге ойнотууга болбойт. Анткени — жаш музоолорго булганч жерлерден оору жугат. Ушундай таза чөптүү жерлерге алып келсе, күн түнү менен бир орунда эригип турган музоолор таза авада эркин ойноп, жакшы өсөт. Ал эми кичинекей кезинде аз убакыт гана сыртка ойнотуу керек. Улам барган сайын убакытты көбөйтө беребиз. Качан жайлоого чыкканда керели кечке сыртта ойнотуп, абада алып жүрүүгө болот. Ал кезде өзүлөрү да торолуп калат. Азыр биз сыртка алып чыккан аз убакыттын ичинде дайыма кыймылдап турганы пайдалуу. Түшүндүңбү?

— Түшүндүм. Анан да бир суроом бар. Айтайынбы? Жаман көрбөйсүңбү — деп эркелей кетти.

— Айта кой.

— Атын унутуп калбадымбы. Жаш музоону эмне үчүн алып чыкканыбыз жок. Же аны ойнотууга болбойбу?

— Төрөлгөндөн 5—6 күндөн кийин гана аз-аздан алып чыгарууга болот. Ага бүгүн төрт эле күн болбодубу.

— И. И. де, баса атын эмне үчүн Кенже деп койгонсуң?

— Эң аягында туулгандыктан, атын Кенже деп койгом. Сен да мен жокто сүт берген сайын, Кенже деп атынан чакырып, анан берип жүр. Өз аты кулагына жаттала берсин...

— Макул. Мен дайым эле музоолорго сүт бергенде атынан чакырам. Апам да ошентет. Кичүүсү Кенже, Кенже, а улуусу Төлбашы, Төлбашы, Кенже... Кенже... деп кыйкырып оюн салып жанаша ойноп жаткан окшош музоонун жанына барды да:

— Карасаң байке, өзүлөрүнчө тойпоңдоп ойноп жатканын. Тим эле, көзүмө жакшы көрүнөт — деп эки колу менен эки музоосунун мойнунан кучактады. Төлбашы башын чулгуп, Айгүлдүн колунан бошонуп кетти. Ыntымактуу жаш досторду карап ырас эле жакшы көрүнөт — деди Абдылас сыймыктанып.

## 12. ЧЕЧҮҮЧҮ МЕЗГИЛ

Жайкалган жашыл шибердин килемдин түрүндөй сулуу көркүнө суктана карашып, мектептен тараган балдар чар жайыт аралап ар түрлүү түстөгү талаа гүлдөрүн, өзгөчө саргылт түстүү кооз байчечекти терип жүрүштү. Жеңил кийинишип, моюндарына кызыл жагоо тагынган жаш пионерлердин жабалактап шаңдуу жүргөн учуру кулпунган талаанын ого бетер көркүнө көрк кошконсуйт. Колдоруна кооз букеттерин кармашып бир топ балдар уй фермасынын айлын бет алып жолго түшүштү. Айланадагы сулуулуктан көзүн албай, анда санда букетин жыттап коюп көңүлдүү бара жаткан Роза уккулуктуу бийик үнүн толкундуу чыгарып:

Кулпунасың сулуу май,
Бардык айдан улуудай.
Көркүнө данк кошконбуз,
Ого бетер сулуулай —

деп ырдап жиберди. Розанын ыры, жагымдуу овону жанында баратышкан балдардын эркин кыялын оштонтуп жаш жүрөктөрүн козголтуп жибергендей болду.

Э, эй сулуу май
О, ой сулуу май! —

дешип аягын улап кетишти. Роза жолдошторунун кубаттоосуна толкундай түштү да кайра улантып овонун созду.

Кулпуна бер сулуу май,
Атак-данкың бир далай.
Сенин сүйкүм нурундан,
Таратканбыз бак-таалай.
Э, эй, сулуу май!
О, ой сулуу май!—

деген балдардын жапырт чыккан ыргактуу үндөрү Розанын ырын хорго айландырып, кулпунган талааны шаңга бөлөп жибергендей болду.

— Эгер биринчи экзаменден «беш» алсаң сени куттуктап ушул гүлүмдү солутпай сактап беремин — деп Роза Абдыласты күлүмсүрөп карады.

— Мен дагы, бирок сен чын айткының.

— Чыпа чын. Алып кел колунду.

— Мынакей.

Экөө бекем убадалашып бири-биринин колун кыса кармашты.

— Мен калыс болоюн. Эгер «төрт» алып калсаңар экөөң тең гүлүңдү мага сунгула,— Акай алардын сөзүнө аралаша кетти.

— Акай туура айтат. Мен да калыс боломун — деди, Карыкыткылыктап күлүп.

Роза булардын сөзүн жактырбагансып алдыга жалгыз басып жөнөдү. Өңү кумсарыңкы тартып, бир аз ызалыктын белгиси баяндалып турду.

— Эмне шылдындайсыңар, мен силер менен сүйлөшпөймүн.

— Эмне үчүн сүйлөшпөйсүң. Биз тамашалап жатабыз. — Карычыкчырыла сүйлөдү.

— Ооба. Силер баарыңар тең курулай эле талашып жатасыңар. Алдыңкы колуңардагы гүлүңөр он чакты күнгө чейин солуп калат. Анда кантесиңер, чынбы эжеке — Айгүл Розанын жанына чуркап барды.

Айгүлдүн суроосунан улам өзүнүн кичинекей кезиндеги түшүнбөгөн кыска кыялдары эсине түшүп, Роза аны жылмайып карады.

— Азыр алып барып банкага суу куюп туруп, ошого салып коёбуз. Эки-үч күнгө чейин солубайт. Жаңысын улам келтирип турам — түшүндүңбү?

— Түшүндүм. Мен да ошентем — жакында биз тараганда Жеңиш «беш» менен бүтсө, ушул гүлүмдү берем. Ал экөөбүз дайыма бирге отурабыз. Макулбу, эжеке?

— Эгер Жеңиш албай койсочу? — деп, тамашалап чачыпан сылады. Анда эмне кылам деген балалык сезими Айгүлдүн күлүк кыялынын тынчын ала баштады. Розанын жанында бир топко чейин унчукпай жүрүп олтурду. Артта келе жаткандар өз ара сүйлөшүп Розаларга жете келишти.

— Алгебра менен арифметикадан мен түшүнбөгөн бир топ маселелер бар. Экзаменде ошолордон келсе, анда шорум кайнады. Барганда бир сыйра түшүндүрүп бересиңби? — Кары Абдыласка аянычтуу карады.

— Бир аз эс алгандан кийин үчөөбүз тең чогулалы, чала түшүнгөн кайсы бир жерлерибизди бүгүндөн баштап, күнүгө бир маал талкуулашып туралы.

— Ооба десең, бир маселе арифметикадан, эки мисал алгебрадан берилүүгө тийиш деп, агай айтпадыбы. Биринчи экзаменди ийгиликтүү өткөрбөсөк болбойт. Аз күндө татыктуу эмгегибиздин чечүүчү мезгили башталат,— деди Абдылас.

## 13. ЗВЕНОНУН СБОРУНДА

— Силердин күчүңөрдү сынап, эмгегиңердин натийжасын күзгүдөн чагылтып, өз көзүңөргө көрсөтүүчү мезгил жакындап калды. Силер, жети жылдык мектептен алган билимиңерди бышыктоо үчүн мамлекеттик экзамен бергени отурасыңар. Бул үчүн звенонун бардык пионерлери мыкты аяктоого, акыркы даярдыкты түзүктөп көрүү керек. Ан үчүн отличниктер артта калган жолдошуна такай жардам бергендей болсун. Маселен: Роза, Абдылас, Акай үчөө Карыга сөзсүз жардам бериш керек. Силердин үйүңөр да бир жерде.

Сөзүнүн башында өткөн жылда бир мектептин жетинчи классынын окуучуларынын өз ара жолдоштук жардамдарынын мыкты жүргүзүлгөндүгүнүн натийжасында, арттагы окуучунун алдыңкы катардагыларга жетишкендиги жөнүндө кызык аңгеме айтып берген. Ага балдар аябай кызыгышкан.

— Менимче, силердин звенодо Карыдан башкаңарда анчейин коркунуч болбоого тийиш,— старший пионервожатый Салый сөзүн аяктап, отургандарга силерде кандай пикир бар дегенсип, үңүлө карады. Ал сөздү кооздоп, өзү таасирленип сүйлөй турган. Көпчүлүк жумуштарына активдүү катышкандыктан, пионерлердин арасында чоң авторитетке ээ. Күлүмсүрөп ойноктогон кара көздөрү, кара сур тарткан чыйрак жүзү анын демилгелүү кыз экендигин сырткы көрүнүшүнөн эле айкындап турат. Экинчи звенонун бүгүнкү сборун өткөрүүгө өзү атайылап келип катышып олтурат.

Звено вожатыйы, Абдылас ордунан туруп бирин-бири тиктешип эч кимиси сүйлөбөй отурган жолдошторуна бурулду. А деп сүйлөрдө өңү кызарып, мукактана түшмөй адаты.

— Бири-бирибизге көрсөткөн жолдоштук, теңтуштук жардамдын маанисин Салый эжеке толук айтты. Экзаменде уят болбоо үчүн бардыгыбыз өз-өзүбүздү даярдашыбыз керек. Эгер Кары түзүк өтпөсө биз жаман аттуу болобуз. Звенобуздун наамына шек келет. Кары бизге эле догурунуп жатып албай, өзүң да аракеттен. Мен Карыга жардам берүүдөн качпайм. Берип да жатам. Кана, өзүң да пикириңди айтышың керек да.

Абдылас сөзүн аяктаганда жолдошторундун астында чын сырыңды айт деп жатат го деген сезим Карыны түрткүлөй баштады. Ал шашып-бушып анда-санда мурдун шор тартып коюп сүйлөөгө кириштн.

— Менин корккопум алгебра, геометрия сабактары. Алгебрадан экзамен биринчи жолу башталат экен. Мен кантип эле жаман окуюн дейин. Жанымдын бардыгынча аракеттенип жатам. Абдылас менен Акай дайым жардам беришет. Роза кээде

урушуп, жооп да бербейт, экзаменден жакшы өтүүгө убадамды беремин.

— Калпты ченеп айт. Сен менден сурап келгенде канча жолу жооп бербей уруша кеттим эле. Өзүңдүн оройлугуңду жашырасың. Болуптур, мындан ары сага эч кандай жардам бербеймин,— Роза кызарып-татарып ачуулана түштү. Мунуңар жарабайт дегенсип, Салый карандашынын арты менен столду тыкылдатты. Қары кабагын чытып алдыртан алая бир карап алды да:

— Менин корккonум эле биринчи экзамен — деди ичке доошу менен калтаарып. Ал андан башка бир ооз да сөз айткан жок.

— Қарыны ийгиликтүү өткөрүүгө мен да милденттенемин. Кээ бир убакта анын үйүнө барып, кээде биздикине келип көптөн бери чогуу даярданып жүрөбүз. Ал менин айтканымдан чыкпайт. Атасы да жакшы киши. Қарынын биз катары эле экзаменден өтүшүнө ишенемин — деп Акай олтургандарды ишендире сүйлөдү. Роза тез эле жазыла түштү. Курбусунун көңүлүн калтыргысы келбеди, экинчиден Салыйдан уялды.

— Мен да — деди Роза жарыша сүйлөп мындан ары жакшылап жардамдашам, Қары терс кыялын коюп жүрсүн. Мындан кийин тигилер менен бирге мен да жардам берем. Биздин звенонун пионерлеринин башка звенолордун пионерлеринен калышпай, экзаменге ийгиликтүү даярдануларына чакырамын.

— Роза туура айтат. Биз да кошулабыз,— калгандары чурулдап, кол чаап жибериштн.

Абдылас сборду жабык деп жарыялады.

## 14. ДАЯРДЫК

Коюу бактын миң сан жашыл жалбыректары күндүн өткүр нурун өз бойлоруна сиңиришип, көлөкөсү тийип турган жерлерди серүүндөтүп турду. Бактын түбүндөгү мамыктай жумшак жашыл шибердин үстүнө жайланып отурушкан балдардын бака-шака үндөрү кандайдыр бир талаштын болуп жатканын далилдегенсийт.

Алар күндүн ысыгынан качып, денени сергиткен салкын жайга рахаттанышып арифметика менен алгебрадан жазуу жүзүндө боло турган биринчи экзаменге даярданып жатышкан эле.

— Менин ондук, жай бөлчөктөрдүн бардык амалдарын чыгарууда үчүнчү мисалдан чатышкан эки-үч жерим бар. Аны консультацияга барганда Ашым агайдан сурап, түзүктөп түшүнбөсөм болбой калды. Арифметикалык мисалдардын да бир тобу өтө татаал экен. А силерчи?

Абдылас беркилерден жооп күткөнсүдү.

— Жанагы сен токтолгон үчүнчү мисалдан менин да башым катты. Деги татаал маселелер. Экзаменге чейин буларды шар чыгарып алгандай болбосок сонунду көрдүк — деди, Роза ойлоно карап.

Анын көзүнө миңдеген жашыл жалбыректар мени да сана, күн сайын канчалык өсүп, канча ава, канча күндүн нурун, канча сууну керектөөрүмдү эсептеп чыгар деп тургансып көрүндү.

— Мен бөлчөктөрдүн бардык амалдарына берилген мисалдардын экөөнү чыгардым, дагы бир эки сыйра кайрадан иштеп көрсөм, үчүнчүсүн чыгарып аламбы деп турам. Ал эми арифметикалык аралаш маселелерден чаташкан жерим көп — деп Акай колундагы чыгарып жаткан дептерине үңүлө тигилди.

Эгер аралаш бөлчөктөрдүн мисалдарынан жанагы биз чыгара албаган үчүнчү мисалды чыгарсаң ишке жарадың. Иштесең иштеп көр. Роза экөөбүз маселени дагы бир сыйра чыгарып көрөлү — а сен кайсыны чыгарып жатасың — деп кагазынын бетин карала-торала кылып үстүнөн сызып кайра жазып жаткан Карыны көздөй мойнун созду. Мандайындагы чыбырчыктаган терин кургатуунун аракетинде колундагы дептери менен улам желпинип Кары Абдыластын суроосуна дароо жооп айталбай мукактана түштү.

— Араң эле биринчи мисалды чыгардым. Экинчи, үчүнчүсүн чыгара албай койдум. Маселеге күчүм жеткидей эмес. Экинчи мисалдын кичине эле жеринен жаңылышып жатам. Жообу туура чыкпай жатат. Аны туура беш сыйра чыгарып көрдүм. Силердикин эле көчүрүп алып маселени иштеп көрөйүн — деп оңтойсуздана түштү.

— Жок болбойт — деди Роза чечкиндүү сүйлөп. Азыр сен бизден көчүрүп алсаң эчтеке эмес. А экзамен убагында кимден көрүп алар экенсиң. Биз калгандарын чыгара берели. Сен ашыкпай эле он сыйра болсо да алдыңкыларын иштеп көр.

Айла канча иштейин дегенсип алайган көздөрү муңайынкы сүзүлүп кайтадан экинчи мисалга кадалды. Роза да ишке кириштн. Берки экөө үн сөзсүз учтуу карандаштарын кагаздын тунук беттерине жорголотуп саймалап жатышты.

Алар китеп боюнча өзүлөрү үйдө жана кайталоо убактарында иштөө үчүн калтырылган мисалдарды мурун иштелген дептерди кароого тыюу салышкан. Ар ким өзүлөрүнчө чыгарышып, анан акырында бириникине бири салыштырып көрүп тууралашмак.

Балдардын иш үстүндөгү аракеттери, көп кабат көркөм үйдү тургузуу үчүн, анын ар бир коюла турган кыштарына, ар бир сантиметр бийиктиктин жана жапыстыктын аралыгына чейин

эсептеп, кагаздын ар бир миллиметрине кылдаттык менен мамиле кылып отурган курулуш инженеринин план сызып отурган учурундай сезилет. Карыэкинчи мисалды чаташып отуруп, акырында эптеп жообуна тууралмыш этти. Үчүнчү мисалды эки сыйра чыгарууга аракеттенип көрүп, ичинен «оңой» менен колдон келбөчүдөй деп шыбырап, башын чулгуй чайкап, беркилерге астыртан көз жүгүрттү. Алардын кадала тигилип суммайыңкы отурган жүздөрү ата сүрдүү көрүндү.

Мээси чарчап, ою чаташкандыктын торуна чырмала түшкөндүктөн көзүнүн кабын колу менен ушалап, далысын күйшөп, оозун ачып эстей кетти. Бүткөн бою талыкшып — «чарчап калдың. Эс ал» деп өзүнө талап кылгандай туюлду. Ордунан ыргып туруп ары бери басууну, же үйдү көздөй жөнөөнү ойлоду. Бирок жолдошторунун тигиле карап кызуу иштин үстүндө олтурушу аны «уят» — дегенсип бир кадам башка жакка жылдырбады.

Акайдын көзүнүн кирпиктери ылдам ирмелип, карандашынын арымы да тез шилтелип, жүзүнө так ишеничтин касиеттери пайда боло түштү.

— Үчүнчү мисалды чыгардым. Менимче туура. Силер да бир сыйра текшерип көргүлө — деди Акай мактангандай жолдошторуна күлүмсүрөп карап. Абдылас менен Роза иштеп жаткан кагаздарын жерге коё туруп, Акайдын дептерине тигилишип карай башташты.

— Кандайча кылып чыгардың. Канакей көрөйүнчү,— Карыберкилердин жанына учуп жетти.

— Ооба, так ушундай болмок. Мен муну жай бөлчөккө айландырып, бүтүнгө бөлдүм эле. Ушундан жаңылган экенмин,— деди Абдылас аркы жактагыларга.

— Мен мына бул санды бөлүүнүн ордуна алуу менен чыгаргам. Ушундан жаңылыпмын — деп Роза да калгандарына көңүлүн салды.

— А мен болсо — деди Карымуну жаңыдан гана чыгара баштагам. Беркилер негедир унчукпастан мисалдын чыгарылган узак амалдарын аягына чейин текшерип жатышты. Кары «буга мен кыйналбай эле коёюн. Бары бир көчүрүп алам. Андан көрө эптеп жообуна тууралап койгон экинчи мисалды көрүп алайын» деген амал оюна түштү. Көңүлүн аябай буруп эсине тутуп жаткандай Акайдын дептерине кадалды. Беркилер ар кайсы жерине токтолушуп чыгарып да көрүшүп талкуулап жатышты. Дептердин ачылып турган эки барагынын сол жак бетиндеги экинчи мисалды үч сыйра кайталап көрүп, оюна бекем тутту. Өзүнүн оркойгон каталарын, жаңылыш жолун даана көрдү.

— Туп-туура жол менен чыгаргансың. Буга караганда жарадың Акай. Жообу да өзүндөй болуп так чыккан — деди Роза.

— Эми маселени да чыгарып көрөлү. Сен да иште Акай. Анан Карынын чыгаргандарын көрүп кыйналган жерлерине жардам берели. Макулсуңбу — деп Абдылас Акайды тиктеди. Акай жарайт дегенсип көзүн кызып, башын секин силкип койду да, кагазына үңүлдү.

Кары шашып-бушуп — «эсине туткан» экинчи мисалын оңдоп дептерине түшүрө баштады. Аны тактап бүткөн соң башын жогору көтөрүп: эмне болсо да Роза менен Абдыластан бүгүн калышканым жок. Алар дале эки мисалды араң чыгарышып, үчүнчүсүн Акайдан көрүшпөдүбү дегенсип эрдемсип кулачын керип кууш көкүрөгүн жайды.

Беркилер маселени чыгаруу менен алек. Карынын кыялы кыйла нерселерди чапташтырып көз алдына келтирди. Акырында ушул алгебрадан биринчи экзаменден кулабай өтсөм эле калгандарынан анчейин коркунучум жок го? Эне тилди, географияны, тарыхты, физиканы, Конституцияны... элестетип көрдү. Акай кабагын чытып, карандашын дептеринин үстүнө коюп беркилерге бурулду.

— Силер чыгардыңарбы?

— Жок. Мен баятан бери бир жеринен адашып, ошону таппай койдум. Бөлсөм кесирге артып калат, алсам ашып кетет. Кошсом андан бетер.

— А сен чыгардыңбы? — Я, Акай? — деди Роза.

— Жок ушуну эс алып анан чыгарбайлыбы? Эгер такыр кыйналсак консультация болот эмеспи. Агайдан сурайлы.

— Ошентеличи — деп Кары жактай кетти.

— Болуптур. Кары, сен чыгаргандарыңды алып кел. Деги канчоону чыгардың. Түшүнбөгөн жерлериң кайсы?

Абдылас Карынын дептерин колуна алды. Беркилер да жабалакташып карашты.

— Мынакей көргүлө,— деди сөөмөйү менен көрсөтүп. Биринчи, экинчи мисалды араң зорго чыгардым. Үчүнчүсүнө такыр эле алым келбеди. Мен эмес силер дагы кыйналдыңар го. Маселеге али жете элекмин. Татаал деп баш тарттыңар го.

— Экөөнү туура чыгарыптыр.

— Эгер экзаменде бүгүнкүдөй аракеттенсең бизден калышпайсың — деди Роза.

— Менин бар тилегим силерден калышпоо. Бир аз көтөрмөлөп жүрбөйсүңөрбү.

Көтөрмөлөөнүн убагы бар. Экзаменге чейин жакшылап даярдан. Бизге атаандашпай, колуңдан келгенинче калгандарын да иштеп көр. Үчүнчү мисалды көчүрүп ал. Жүргүлө азыр мек-

тепке баралы. — Абдылас ордунан турганда бардыгы жапырт козголушуп мектепти бет алышты.

## 15. ЭКЗАМЕН

Кадимки майрамдагыдай таза кийинишип сүйкүмдүү жүздөрүнөн кубанычтын нуру жанган балдар көчөнүн туш-туш жагынан мектепти көздөй чубап келип жатышат. Бул 20-майдын күнү эле. I—III класстын окуучулары бүгүн мектеп менен кош айтышып, жайкы эс алуу каникулуна тарашат. Ал эми IV жана андан жогорку класстардын окуучулары болсо экзамендерин башташып, окуган сабактарынан отчет беришет. Балдардын мүнөздөрүнө караганда ар бири ушул күндү татыктуу өткөрүүгө тырышып, эмгегин эл алдына көрсөткүлөрү келишет.

Күндүн нуру жердин бетине тегиз чачырай баштаган мезгилде VII класстын балдары экзамен кабинетине толук чогулушту. Жасалгалуу кабинеттин ичин ого бетер кооздоп жатышты. Экзамен комиссияларынын столунун үстүнө жана терезелерге кооз гүлдөрдү коюшту. Терезелердин ачык форточкаларынан май айынын сыдырым жели бак-даракты гүлдөрүнүн аңкыган жыпар жытын кабинеттин ичине себелеп турду.

— Конвертти ачып экзамен комиссиясынын председатели директор агай, окуу бөлүмүнүн башчысы жана Ашым агайлар болушуп окуп жатышат. Мен терезеден шыкаалап көрүп келдим,— деп ак жумал бала мактангандай эшиктен кирери менен жолдошторун сүйүнчүлөй кетти.

— Маселеси кандай экен? Уктуңбу. Деги биз өткөндөн бекен? — дешип ар кимиси ар кайсыны сурап, кирген баланы тегеректей калышты.

— Өзүлөрүнчө акырын көрүп жатышат. Мен конвертти ачканын гана көрдүм. Шыкаалап жатканымды көрүп тартипсиз деп айтат экен деп, кайра түшкөнчө шаштым.

— Конвертти ачаарын биз деле билип турабыз. Анын эмнесине мактанасың. Муну тегеректеген менен эчтеке чыкпайт. Орду ордуңарга отургула. Эмне болсо да азыр келгенде көрөбүз — деди класском ороилонуп. Балдар өз орундарына олтура башташты. Бир топтон кийин басмадан басылып чыккан бир барак кагазды колуна кармаган Ашым, жана экзамен комиссияларынын мүчөлөрү кабинетке киришип, чыдамсыздык менен күтүп олтурушкан балдарга учурашышты.

Ашым балдарды жаңыдан которуштуруп экиден бир партага олтургузду да досканын так ортосунан узун сызып, сызыктын сол жагына биринчи вариант, оң жагына экинчи вариант деп жазып койду.

— Партанын оң жагында олтургандар биринчи вариантты, сол жагындагылар экинчи вариантты жазгыла,— штамп басылган ак кагаздарды балдарга таратып берди. Катар номерин коюп эки вариантка тең бирден маселе, экиден мисалды колундагы кагаздан көчүрүп жазды. Балдар Ашымдын айтуусу боюнча бөлүнүп ишке киришишти. Комиссиянын мүчөлөрү бүтүрүүчүлөрдүн алган билимди кандайча өздөштүргөндүгүн чындап билүү максатында ар кимисинин аракетине кыраакылык менен көз чаптырышты.

— Мурун башка кагазга чыгарып алып, анан кийин мен берген кагазга түшүргүлө — деп эскертип, математика мугалими Ашым ар бир баланын аракетин байкап, кыйынчылыктарга учурабас бекен дегенсип ары-бери басып жүрдү.

Абдылас эки мисалды көп кыйналбай тез эле чыгарды. Өтүлгөн эрежени эсине түшүрүп экинчи сыйра тууралап көрдү да, оюндагыдай аткарылганын байкады. Маселени чыгарууда бир топко чейин чаташып жатты. Эки барак кагаздын бетин коротуп улам которуп жазып убаралана берди. Бир кезде тигиле карап жатып бөлүүдөн жаңылышканын таап алып сүйүнүп кетти. Абдыластын арткы катарында олтурган Кары улам башын көтөрүп мойнун созуп, өзүнүкү менен Абдыластын чыгарганын салыштырып көрүүгө аракеттенип жатты.

Ашымдын кыраакы көзүнө Карынын кыйналып жаткан учуру чалдыга түштү. Карынын жанына жай басып келип анын иштеп жаткан ишине көз чаптырды. Биринчи мисалды туура чыгарып, экинчисин таштап коюп, маселенин аз жеринен чаташып жатканын байкады.

— Өзүндүн билишиңче — чыгара бер. Бирөөнүкүнөн көчүрүүгө аракеттенбе деп, үчүнчү катардагы партаны аралай басты. Карынын жүзүнө кызыл түз пайда болуп, уялганынан унчукпай өз алдынча иштей берди. Кыйналгандыктанбы боргулданып тердеп да кетти. Класском баш болгон үч бала экзамен комиссиялары олтурган столго барышып чыгарган кагаздарын тапшырышты да, эмне айтар экен дегенсишип столдун жанына туруп калышты.

— Силер сыртка бара бергиле,— деп Керимкул алардын экзамендик текшерүү иштерин алдына коюп, кайрадан балдарга тигилди. «Эмгегиңер туура бааланат» дегенсип турган сабырдуу мүнөзү менен кыраакы көз карашы, балдардын жүрөгүн түйлатты.

Роза чыгарып болуп, ордунан козголуп жатып Абдыласка көз чаптырды. Ошол учурда ал да жаңы кагазга көчүрүп бүтүп, баскыч менен сыясын кургатып жаткан эле. Экөө удаалаш тапшырышып эшикке чыгышты. Алардан кийин калган балдар

да биринин артынан бири тапшырышып чубап чыга башташты. Анчейин көпкө созулбай бардыгы бүтүшүп эшикке чыгышты. Ашым агай жана экзамен комиссиялары текшерип жыйынтыгын чыгаруу үчүн кабинетте калышты. Балдар бири-биринен биринчи мисалындын аягы эмне болуп чыкты? Экинчи мисалындыкычы? А сеникичи? Маселендин жообу канча болду? дешип сурашып жатса, кээ бири — анда сеники туура чыкпай калыптыр. Мейли көрө жатармын. Кап, байкоосуздан кетирипмин — деп кейип жатышты. Үчөөнү тең туура чыгарыпмын дешип сүйүнүп жүрүшкөндөр да болду. Үйү жакын балдар үйлөрүнө барып тамактанып да келишти. Арадан үч-төрт саатча убакыт өткөндөн кийин Ашым балдарды кабинетке киргизди.

Керимкул алгебрадан жазуу жүзүндөгү 1-экзаменден 7-класстыктардын алган бааларын угузду: 24 баладан жетөө «5» он экиси «4» төртөө «3» алгандыгын жариялап, кийинки экзамендерди ийгиликтүү өткөрүүлөрү керек экендиктерин эскертти. «5» жана «4» алгандар бирин-бири кызуу куттукташып, келерки экзаменде дагы ушундай ийгиликке жетишүүгө тилектеш экендиктерин билдирип жатышты.

* * *

Мектептен узай бергенде Роза колундагы гүлүн Абдыласка сунуп:

— Бая күнкү убада кана. Ме, менин гүлүмдү алгын — деди күлүмсүрөп.

Абдылас колунда гүлүнүн жоктугуна уялып, Розага эмне деп айтарын билбей кызарып кетти.

— Рахмат Роза, мен уят болуп калдым. Эмки экзаменге чейин карыз болоюн.

— Болуптур эмесе,— Роза Абдыласты аягансып күлүп жиберди.

— Экөөбүз да гүлдөрүбүздү унутуп калганыбыз үчүн бирибирибизге эмки экзаменге чейин карыз бололу. Бирок мени «3» алып калды деп албай коёт белең — деп Кары Акайды далыга чаап күлдү.

— Биринчи экзаменден үчөөбүз «5», Кары гана «3» алып калды. Калган экзамендерди да ушул темп менен өткөрүүбүз керек. Кары сен жаман көрбө, эмкилерине түзүктөп даярдан,— Абдылас курбуларына кайрылды. Мен алгебрадан ушуга эле ыраазымын дегенсип үндөгөн да жок. Кадимкисиндей шайырлана баштады. Карынын куудулданып, бетке шар айтмай мүнөзү Розага жагуучу эмес. Кээде уруша да кетүүчү. Кары аны кектөөчү эмес. Ал эми Акайдын токтоо мүнөзү Карынын тама-

шасын унчукпай коюу менен тажатуучу. Кары каадасынча Акайды карап алайган чоң көзүн кысып:

— Силерге окшогон отличниктер мендей начар жолдошторун теңине алып, жардамдаша жүрсө эле калган экзамендерди ийгиликтүү өткөрөрүбүзгө шек жок — деди.

— Сени ким теңине албай жүрөт. Кээде обу жок эле сүйлөй бересиң. Колубуздан келген жардамды сенден аяп жүрөбүзбү. Өзүң эле айта койчу. Жолдошторуңдан бөлүнүп үйүңө жалгыз жашынып жатып алмай адатыңды койсоң эле, биздин катарда болосуң — деп Роза тийиштире сүйлөдү.

— «Бөлүнгөндү бөрү жейт» дегенди билесиңби? Ошол адатыңды экинчи кайталабасаң эле болду. Канал казуу мезгилиндеги жоругу эсине түшүп, өзүнүн жыгылыштуу экенин сезген Кары бул жолу каяша жооп айтууну туура таппады.

— Мен андай адатты экинчи кайталабайм деп убадамды алда качан эле бергем — деди уялыңкы сүйлөп. Айтканым айткан. Силерден бөлүнүү менде экинчи жолу болбойт. Абдылас айткандай мындан аркы экзамендерди мыкты аяктоо милдетим турат. Мен силерден ушул мезгилде жакшылап жардамдашкыла деп сурап жатам.

— Аның пионердик туура акыл — деди Абдылас сөзүн жөнөтүп.

— Мен силерден эч нерсени жашыргым келбейт. Эртенден баштап мага бир нерсе аянычтуу болгону турат. Силердин атаңар көп жылдан бери уй фермасында иштешет. А менин апам жаңы гана келди. Музоолорду өстүрүү менин милдетим эле. Эртең жайлоого көчүп кетишет. Биз болсо мында калып, экзамен тапшырабыз. Тараганча мен үчүн да, апам үчүн да кыйын.

— Сенин музоо багуу менен кандай ишиң бар. Жайлооого барганда өзүлөрүнчө эле эркин жүрө башташат,— Кары чын эле музоо менен иши жок сыяктанды.

— Жок досум,— деди Акай башын чайкап. Экөөбүз көп жылдан бери уйда жүргөнүбүз менен эч иш иштебеппиз. Мен Абдыластын туут убагындагы жана азыркы иштерин жакында гана атамдан уктум. Өзүм да барып көрдүм. Абдыластай иштей билген кишиге досторунан айрылуу кыйын.

Роза менен Кары Акайды таңданыша карашты. Абдыласты Кары атасынын мактап отурганын бир жолу уккан. Абдылас бет маңдайындагы айылдын четиндеги чакан аппак боз үйдү бет алып учнукпастан беркилерден бөлүнүп басып кетти.

— Ал биз билбеген кандай иштерди иштеп жүрөт. Айтып берсең, мүмкүн биз да үйрөнөөрбүз — деди Роза Акайга суроолу көзү менен.

— Биз кечигип калдык, экзаменден тарап болгончо музоо-

лорубуз тоң моюн болуп калат. Шашпай айтып берем. Ал бизден жашырып жүрөт,— Акай да жумурткадай аппак чоң боз үйгө бурулду.

Эмне үчүн өзүнүн иши жөнүндө мага айткан жок. Кебетеси музоолорун совхоздун балдары үйрөткөндөй кылып үйрөтсө керек деген табышмактуу ой Розанын жүрөгүн тынчытпады. Кары атасынын сөзүн эсине түшүрүп: жолдошумдан дагы бир иштен артта калдым. Эмне үчүн менин оюма мындай иш түшпөйт. Абдылас неге айтпады? Азыр баары бир кечигип калдым деп Акайдын сөзүн кайталады.

* * *

Абдылас адатынча эртелеп мектепке келди. Бая күнкү уялып калганы үчүн бүгүн Розага сөзсүз гүл берүүнү ойлоду. Сыртка чыгып ар түрлүү гүлдөрдөн тандап, тутамын толтура терип келди. Ал кайра келгенде класста эне тилинен өоз эки жүзүндө экзамен башталып калган эле. Биринчи бала жооп берип чыкканда эмнең менен куттуктайлы дешип балдар тегеректей калышты.

— Ким билет — жакшы эле жооп бердим. Үчүнчү суроосунан бир аз чаташтым. Кыясы «4» койду окшойт,— деп коомайсына түштү.

— Директор агай кошумча суроо бердиби?

— «Татаал кошмо сүйлөмдү» сурады. Андан жаңылганым жок.

— Анда эле жарапсың. Алып кел колунду,— Кары алиги бала менен кол кармаша кетти.

— Директор агай өзү тарыхчы болгону менен грамматиканы да, адабиятты да кыйын билет.

— Ошон үчүн директор болуп жүрөт да! Ал эми былтыр VI класстан эне тилден экзаменди өзү албады беле.

— Институттун тил факультетинен сырттан окуп экзамен тапшырып жүрөт дейт — дешип биринин сөзүн бири жулуп кетишип жатышты. Акырында мурду теңирекей кара тоголок бала — директор агай экзаменди абдан жумшак алат дейт. Коркпой эле койгула. Мукаш агай болсо, бизди жакшы өтсө деп эле тилейт — деди беркилерден тындуусунуп.

Үчүнчү бала жооп берип чыкканда, Абдыласка кезек келди. Колундагы букетин Карыга берип кирип барды. Жооп берип жаткан баланын сөзүнө көңүлүн коюп угуп олтурган Керимкул, столдун үстүнөн жаңыдан билет алып, бет маңдайында турган Абдыласка бурулду.

— Суроолорун түшүнүктүүбү?

— Түшүнүктүү. Билетимдин номери экинчи — деп алдыңкы катарга барып олтурду. Колундагы бир барак ак-кагазга үч суроосуна тең кыскача жооп жазып алды да, досканын жанындагы сүйлөмгө талдоо жүргүзүп жаткан кызга тигиле карады. Жооп берип жаткан кыз «алар» деген сөздү окуп «зат атооч» деди. Мукаш таң калган эмедей:

— Ойлонуп көрчү? Түп уңгусу кайсы — деп кызды кыйынчылыктан жеңилдетүүнүн амалын издегендей болду. Кыз камырабастан:

— Түп уңгусу деле «алар кимдер?» деген суроого жооп берет. Зат атооч — толуктоочтук милдетти аткарып турат — деп бышыктап сүйлөдү. Керимкул жөнөкөйлөтүп дагы бир эки суроо берип көрдү. Бирок ал кыз адашуунун ичинен чыккан жок. Экзамен алып жатышкан эки мугалим экөө тең өкүнгөнсүп баштарын чайкашты. Жалкоолук сенин жүзүңдү жарык кылбады,— жооп берүүгө камынып жатып Абдылас кейигендей ичинен күбүрөдү. Ал кыз өзүнүн начар абалын сезгендей илкий басып, эшикти бет алды.

Керимкул Абдыластын «Баш жана багыныңкы сүйлөм» жөнүндөгү биринчи суроосунун жообуна өтө ыраазы болду. Экинчи суроосунда Токтогулдун Октябрь революциясына чейинки чыгармаларын толугу менен айтты. «Беш каман», «— эшенкалпа» деген ырларынан бир тобун жатка айтып берди. Токтогул каршы ырдаган зордукчул манаптар, алдамчы эшен-молдолорго мүнөздөмө берип да кетти. Үчүнчү суроосу сүйлөмгө текшерүү жүргүзүү болгондуктан, аны токтотуп, жанакы кыздын адашкан суроосун сурай баштады.

— «Алардын» уңгусу —«Ал», «лар»— деген көптүк уланды мүчө айкашып турат. Сүйлөмдө ээлик милдетти аткарып турат. Сөз түркүмү жагынан ат атооч — деп Абдылас жооп кайтарды. Кошумча суроо беришкен жок. Керимкул ыраазы болгондугун билдиргенсип: — мыкты даярдангансың — деди сүйкүмдүү карап.

Жолдоштору кубанычтуулук менен тосуп алышып, кайсы суроого кандай жооп бергендигинен өйдө сурашты. Талап кылгандарынын барын төкпөй-чачпай айтып берди. Розанын жооп берип чыгышын чыдамсыздык менен күтүп карыздан кутулууну милдетим деп эсептеди. Күтүү узакка созулбады. Сүйүнүчтүн белгиси Розанын көз карашынан эле билинип турду. Роза күлүмсүрөп жакындай бергенде өзүнүн гүлүн сунуп:

— Куттуктаймын! Баякы карызың үчүн алып кой — деди.

— Рахмат! Мен тамашалагам. Үйүңдү сагына элексиңби?

— Он күн боло электе үйдү сагынууга мүмкүн эмес. Бирок, музоолорумдун жанында дайыма болгум келет.

— Музоолоруңду апаң менен карындашыңдан да жакшы көрөсүңбү?

— Үй бүлөгө салыштырууга болбойт, бирок да жакшы көрөм.

Абдыластын бул жообу Розанын көптөн берки суроолу оюн бекемдеди. Неликтен мен музоолор жөнүндө кам жебедим. Абдыласча иштөө колумдан келбейт беле. Анын музоолорду жакшы көргөн себеби эмнеде... деген сыяктуу пикирлер учсуз кыялын жетелеп, тунжурай кетти. Жанында телмире карап, унчукпай дулдуюп турган Абдыластын түнт мүнөзү сенин колуңдан келбейт деп шылдыңдап жаткандай сезилди.

— Бары бир бул адатың пионердик иш эмес. Пионер — билгенин жолдошторунан жашырбайт. Сен бизге билгизбей жашыруун иштедиң — деген ачуулу үн чыкканда Абдылас чочугандай Розага бурулду. Тамаша эмес, чындап жоп бер дегенсип өңү томсоруп Роза маңдайында тигилип турду.

— Мен силерден эч нерсени жашырып иштегеним жок. Билгенимдин барын айтам. Кур бекер ачуулана берүү да пионердик иш эмес.

— Барын айтсаң, музоолоруңду кандайча багып көндүргөнүңдү эмне үчүн айткан жоксуң. Жашырып жүргөнүңдү толук түшүндүм. Сен чындап эле бизден кызгандың.

Абдылас Розанын эмне үчүн таарынып жатканына чала түшүнүп, бул көрүнүшкө таң калгандай кыткылыктап күлүп жиберди.

— Мына кызык. Музоо багышты менден жакшы билесиңер да, көптөн бери атаңар уй багат. Өзүңөр жайында дайым жайлоодо жүрөсүңөр.

— Атаңар уй багат деп шылдыңдап күлөсүң. Алар айтпаса, биз кайдан билебиз. Сен болсо китептен окуп үйрөнсөң керек. Баса совхоздон да көргөндүрсүң. Шаардагы балдардай болгуң келет. Мейлиң эми биз кечиктик. Эми сени менен сүйлөшпөйм.

— Сүйлөшпөсөң мейлиң, ага мен кымындай да күнөөлүү эмесмин — деди Абдылас Розанын бул жоругун жактырбагансып.

## 16. САГЫНЫЧ

— Эртерек жатып уктап эс ал, эртең жайлоого да жөнөгөнү жатасың. Айгүлгө нан бышырып берейин. Кур кол барсаң, томсоруп калат,— Каныш байбиче колуна шеренкесин алып ашканага кирип кетти.

Абдылас төшөгүнүн үстүнө олтуруп чечине баштады. Үйү жайлоого көчүп кеткенден кийин ушул Каныш байбиченикин-

де калган. Ал аталаш жакын туушкандарынан, Қаныш байбиченин мүнөзү жумшак, бөтөн балдарды өзүнүкүндөй багып, жайланып олтурганында нускалуу сөздөрдөн айтып берүүдөн талыбаган киши. Башын жаздыгына жөлөрү менен көзүн жуумп дароо эле уйкунун балын татууга аракеттенди. Энеси айткандай жакшы эс алып, эртеси жолдо көңүлдүү кетүүнү самады. Бирок жаш жүрөгү тездеп согуп, негедир ашыккансып жатты. Көңүлү дегдеп, ар түрлүү элестерди көз алдында сиңирип, далай окуянын ичине аралаша берди.

...12-июнь. VII классты бүтүрүүчүлөргө арналган салтанаттуу чогулуштан кийин балдар мугалимдери жана мектеби менен коштошуп каникулга кайтып жатышты.

Абдылас жолдоштору менен чоң залдын ичин аралап жүрөт. Колунда сыйлыкка алган эки китеби, мактоо граммотасы жана күбөлүк каты жалтырайт. «Биздин мектептин отличниктери» деген чоң жазуунун алдында фото витринанын бети толгон окуучулардын сүрөттөрү... Ашыгып өзүн издей баштады. Күлүмсүрөгөн Розанын сүрөтүнүн жанында ойго чөмүлгөнсүп отурган өзүн көрдү. Фото витринанын эң аягына көз чаптырды. Мойтойгон Айгүл менен Жеңиштин сүрөттөрү көзүнө чалдыкты.

— Абдылас убаданды аткарып, жакшы дем алып кел иштеген иштериң жөнүндө бизге кат жазып тур, күлүмсүрөй карап Керимкул бет мандайында турду.

— Рахмат, агай, сөзсүз орундатам — деп сол жакка кайрылып пионер бөлмөсүнө кирди. — Келгениң ырас болду. Азыр чакыртайын деп жаткам. Сага пионердик чоң иштер тагылат. Жалкоолонбойсуңбу? — деп Салый сүйкүмдүү жүзү менен бурулду.

— Жок. Колумдан келгендин барын аткарам.

— Ишенемин. Жайлоодо ондогон пионерлер болот. Сени биз жайлоодогу пионерлердин отряд вожатыйы кылып дайындадык. Алар менен бир катар иштерди жүргүзүүгө тийишсиң. Мектепке керектүү гербарий, коллекцияларды жыйнап да келгиле. Жайлоодогу бардык балдар малчыларга жардам беришкендей болсун. Эмне иштегениң жөнүндө күзүндө отчёт бересиң.

Жайлоого комсорг барат. Ошону менен байланыш. Жакшы дем алып кел, кат жазып тур. Жаңы окуу жылы башталганда комсомолго өтүүнө рекомендация беребиз кош эмесе, деген Салыйдын бүгүнкү айткан сөздөрү кулагына азыр да угулгансыды.

— Эртең менен эрте жөнөйбүз, кош, каникулуңду көңүлдүү өткөз — деп жолдоштору менен коштошуп жатты. Жалгыз Розанын гана көргүсү келбейт. Ал таарынып калган. Аны мен өзүм таарынттым. Байкасам күнөө менде экен. Алар музоону

багууну билбейт. Аталары эч качан жашынан ат коюп, жакшы көнүктүрүп бага алышкан эмес. Мен да аны билген эмесмин. Совхоздун малчылары жөнүндө мен үчүнчү класста экенде эле окугам. Алар ушул убакка чейин окуй элек. Өткөн жылы «Төлөк» совхозундагы эжемдикине барганда көп иштерди үйрөнүп келгем.

Баары бир эртең чогуу жөнөйбүз. Мен кечирим сурайм. Анан музоолорду кандай өстүрүү керек экендиги жөнүндө айтып берем. Китепти да окутам.

Акай да, Кары да, Роза да үйрөнө башташат. Жайлоого барганда көп-көп иштерди иштөөбүз керек. Салый эже көп нерселерди айтып берди. Бая күнү сатып алган жана бүгүнкү сыйлыкка жаңы алган китептеримди ала кетем. Алардан дагы көп нерселерди үйрөнүүгө болот...

...Жайлоонун тизеден буралган шибер чөптөрү, шаркырап аккан тунук суулары, топ-топ болуп жайылып жүргөн малдары кадимкидей көз алдына элестелди. Акырындап таттуу уйкунун кучагына тартылып, көшүп кетти.

Жашыл белестен топтошуп оюн салып жүргөн музоолору көрүнө баштады. Аз күндүн ичинде эле баары чоңоюп калышкан. Ар биринин атынан чакырып көрдү. Абдыласты карай бири да чуркап келген жок. Кичинекей мүйүздөрүн дүңдүйтүп Төлбашы жакындап келип, кайра качып жөнөдү. Нары жактан Айгүл чуркап музоолорун чакыра баштады.

Биринен бири өтүп оюн салган боюнча Айгүлдү көздөй жөнөштү. Музоолорунун тааныбай калганына ичи күйүп ордунан жылбай атынан чакыра берди...

Төлбашы!.. Кенже!.. Гүл!.. Жагоо!.. кел бери, о, оо... Төлбашы!.. Төлбашы!.. Үнү аянычтуу чыгып, жаңыдан чырагын өчүрүп жатууга камынган Каныш эненин кулагына даана угулду.

— Олдо айланайын ай, малсар эме болот. Төлбашыңа эртең жетесиң. Анан чакырып ойнойсуң. Сагынып калган экенсиң ээ арам. Бала да. Кишинин атын чакыргансып, заңкылдайт кагылайын. Биз бала кезде малга ат коймокту ким коюптур. Кишинин атын араң тапчы элек. Эмки балдардын акылы тунук, өнөрү көп. Эртең менен турганыңда чычалатайын,— Каныш эне төшөгүнө жата баштады.

## 17. ЖАЙЛООГО ЖӨНӨГӨНДӨ

Каныш эне шашып-бушуп Абдыласты жөнөтүүгө камынып жатты. Буюм-кечек сакталуучу кичинекей бөлмөгө кирип, кара булгары менен капталган чоң ээрди көтөрүп чыгып, үстүндөгү чандарын сүртүп, эшигинин алдындагы ат мамынын түбүнө койду. Кайра үйүнө кирип Абдыластын кызыл сатинден жасалган жуурканын төрт бүктөп алып чыкты.

— Ээринин үстүнө, көрпөчө кылып салып берейин. Мынча эмнеге кечикти? Тоого чыгуучу аттар бүгүн да жиберилбей калып, баланын көзүн акыйтпагай эле,— деп ичинен күнк этип, муунак-муунак жасалган ат мамыга жөлөнүп ойлоно кетти. Абдыластын жөнөйм дегенине бүгүн үч күн болду. Башкарма жайлоого баручу балдарды чогултуп: баарына бирден ат беремин, араба тартып жүргөн сегиз атты эс алдыруу үчүн жайлоого чыгарабыз. Алар акиташ тартып келүү үчүн жиберилген. Эки-үч күндө келет — деп убада кылып күттүрүп жаткан. Жол алыс болгондуктан Акай, Карылар ат минип кетебиз деп камырабай жүрө бериштн. Абдылас жолдошторуна биринчи эле күнү жөө деле кете берүүнү сунуш кылган. Бирок алар болушкан эмес. Кийинки күткөн үч күн Абдыласка өтө узак мезгилдей сезилди. Башкарманын убада кылган күнү бүттү. Арабакечтер кечинде келгендир. Барып атты алып келем, энеке, сен, ээр-токум камдап кой, жарайбы? — деп таң азандан туруп Абдылас жөнөп кеткен.

Бет мандайдан аркан боо көтөрүлгөн июнь күнүнүн өткүр нуру жаш бактын жалбыректарынын арасын көзөй өтүп, Каныш эненин жүзүнө күмүштөй түзүн себелеп турду. Көгүш жоолугунун четинен чыгып турган буурул чачтары күндүн нуруна чагылышып ого бетер жалтырап көрүндү. Тамдын каптал жагынан аттардын дүбүрттөгөн дабышы угулары менен артына бурула карады. Желдире бастырышып келе жатышкан атчан балдардын шандуу элестери эненин жүрөгүн туйлатып жиберди.

— Энеке, Абдыласты тез аткар, болбосо күтпөй кетип калабыз,— Кары даярданып турган Каныш энени көрүп эреркей кетти.

— Азыр, айланайындар, жөнөтөмүн. Атыңардан түшүп тамак ичип алгыла. Үйдө даяр турат,— Каныш эне балдардын кубанычтуу жүздөрүнө тигиле карады.

— Ичпейбиз, рахмат энеке,— андан көрө Абдылас тез аттанса эле болду дешип ашыга башташты. Абдылас жайдак минип келген атынан ыргып түшүп мамынын түбүндөгү ээр токумга көз чаптырды.

— Айтчы, энеке, мен ушул чоң атамдын ээрин токунамбы.

— Сени токунсун деп алып чыктым. Сындырбай-бүлдүрбөй жакшы урун. Чоң атаңдай узак жашап, аксакал абышка бол. Жайлоодон түшкөндө алып келип берерсиң.

— Рахмат энеке — деп мулуңдап сүйүнүп токунууга кириште.

— Көңүлдөрү көтөрүңкү турган балдар «ак сакал абышка» бол ылдам дешип тамашалап шаштыра башташты. Кары кыткылыктап күлүп «ак сакал абышка» деп кайра кайталай берди.

— Сен да аксакал абышка болосуң. Эмне күлөсүң бейбаш — деди Каныш эне Карыны жылмая карап.

Абдылас атка ээр токумун токуп жиберди да, эмне кылам дегенсип төрт бүктөлүп жаткан жуурканына тигилди.

— Астыңа көрпөчө кылып салынып ал. Роза деле ошенткен тура.

— Ошент. Биз болсо жууркан алып кеткенибиз жок деди Акай. Капталынан бирөө кытыгылап жаткансып, Кары ого бетер кыткылыктап:

— Ооба. Уялбай эле ошенткени жатасыңбы.

— Эне, жуурканды жөн эле койчу. Ээрдин үстү да бийик болуп калат экен — деди Абдылас чын эле ызалангансып.

— Ал бейбаш айта берет. «Жуурканың болсо салынасыңбы дебейсиңби». Астың да жумшак болот, Каныш эне болбой жатып жуурканды ээрдин үстүнө салып, басмайылын бек тартып берди.

— Ыя, айланайындар, эмгиче жөнөй элексиңерби. Мен силерди Таш-Төбөдөн өтүп кеткен экен десе, болгула ылдам,— Баялы карыя кыйкыра сүйлөп боз атын таскактатып капылтапылынан тууradан чыга келди. Ал арабакеч боло турган. Бул аттарды жайлоодогу атчыга өткөрүп берип андан башка аттарды алып келүү үчүн председатель жайлоого жөнөткөн.

— Жүргүлө кеттик. Кош, эне,— Роза атын камчыланып жөнөй берди. Артынан калгандары да желдире бастырышты. Каныш эне аттын үстүнөн эңкейтип Абдыластын мандайынан сүйдү.

— Жакшы бар айланайын. Бурмага салам айт. Айгүлдүн бетинен өөп кой. Музоолорунду жакшы бак — деди узатып жатып.

— Кош эне. Өзүң да жакшы тур,— Абдылас жолдошторунун артынан атынын оозун коё берип, таскактатып жөнөдү. Балдардын карааны кыштактап узаганча Каныш эне көзүн албай карап турду.

* * *

Чымырап тийген күндүн ысык илеби жашыл түскө боёнгон айлананы магдыратып, тынчтыктын кучагына бөлөгөнсүйт.

Түндүктү карай созулуп жаткан Таш-Төбөнүн босомтук тарткан арсак-терсек адырлары, жолоочулар менен кош айтышкансып улам артка жымырылып кала берди.

Ысыкта ылаалаган аттар баштарын секин силкип коюшуп, калып алган кең адым менен чоң туяктарын жерге ныгыра ташташып жүрүп олтурушту.

Балдар да ысып кеткендиктен көйнөкчөн болушуп сырткы кийимдерин чечип ээрдин кашына өбөк кылып коюп алышкан.

Түндө акиташ тартып алыс жолдон келгендиктен уктабай калгандыктанбы, же узун жолдо дайыма араба тартып жүргөндүктөн калып алып калганбы боз аттын тизгинин бош карман үргүлөп коюп Баялы карыя алдыда бара жатты.

Балдар да анда-санда бир нерсе жөнүндө сөз башташып жайлоого тез жетүүнү самап жүрүп олтурушту.

Чыгыш жактагы мелтиреген жашыл мейкиндикте эгин аянтчасы созулуп жатат. Алардын арасынан кетмендерин күнгө чагылтып, алыштардан сууну буруп, эгиндин арасына тегиз жайып жүргөн сугатчылардын караандары көрүнөт.

Жолдун боюндагы сеңселген чөптөрдүн арасынан иретсиз чыккан чегирткелердин ызылдаган үндөрү гана айланадагы тынчтыкты бузгансыйт.

Тогуз-Булактан өтүп, чөккөн төөдөй болуп сүйрүлөнүп жаткан тумшукту имериле бергенде күн батышты жана түндүк тарапты карай созулган капчыгайдын кең өрөөнү көрүндү. Эс тартканы жайлоого бара элек Абдылас эки капчыгайды тең өрдөп кеткен чоң жолго таңыркагандай карады:

— Соң-Көлгө кайсы жол менен барабыз. Менин эсимден чыгып кетиптир,— чындап эле эсинен чыгып кеткенин мойнуна ала сүйлөдү. Кары беркилерден мурун озунуп: — сол жагына түшөбүз. Кана эми мындан аркы жолду сен башта — деп атынын оозун кетенчиктете тарта калды.

Абдылас атын камчыланып, сол жактагы жолго түштү.

— Болуптур силер да менин жүрүшүм менен ыкчамдата бастыргыла. Мынакей, тоонун кырларынан найзадай болуп карагайлар көрүнө баштады. Азыр жетебиз. Абдылас узай бергенде артта калган Кары: сен жалгыз ошол жол менен кете бер,— атын таскактатып кыйкырган боюнча оң жактагы жолго түшүп жөнөдү. Баялы карыя баш болуп беркилер каткырып күлүшүп артына кылчайбай эрдемсип кетип бара жаткан Абдыласты чакырышты.

Абдылас Карынын алдаганына ыза болгонсуп, тизгинин кайра тартып, беркилерге жакындай бергенде:

— Силер эмне чынын айтып койбойсуңар. Бул жолдоштук иш эмес. Шылдың кылганыңар — деп олуна кетти.

— Алда уулум ая, Кары мурун жол билгендик кылып алдап кетти ээ — Баялы карыя күлүмсүрөп карады. Абдылас кызарып унчуккан жок.

— Бизге эмне ачууланасың. Көп болсо эки жүз метрче жалгыз жол жүрдүң. А сен эмне үчүн өзүңдүн ишиңди бизден кызганып, айтпай жашырынып жүрдүң? Мына анык жолдоштук иш сеники эмес, — деди Роза тарыныктуу. Анын толмоч ак жуумал бетине, карлыгачтын канатындай ичке иймекей каштары жарашып, кызыл жибек косинкасынан бирин-серин чыгып турган көмүрдөй кара чачтары маңдайынын үстүнө чачылып турду.

Розанын кыябын келтирип айткан сөзү Акайга да жага түшкөндөй болду. Ал колундагы камчысын бүктөй кармап бир нерсеге ачуусу келген адамча өңү кумсара түштү. Үзөнгүсүн чирене тээп ээрден обдула калып Абдыласка атырыла сүйлөдү.

— Сени тамашаласа, Кары тамалашады. Бизге эмне оңурандайсың. Роза туура айтат. Биз сен сыяктуу пайдалуу ишти жолдошторубуздан жашырып жалгыз иштебейбиз. Мен гана кыйын болсом деп ойлойсуң. Жадаганда тууганың мага да айткан жоксуң. Качан гана өзүм музоолоруңду эркелетип машыктырып жатканында үстүңөн чыгып, жаныңды койбой сурагында зорго айтып бергенсиң. Ага чейин ишиңди билген да эмесмин. Мага атам айтып келген. Кандайдыр бир өкүнүчтүн заркындысы жүрөгүн түпөйүл кылып жүргөнсүп терең улутунуп — сенин ишиңди көрүп үйрөнөйүн дегенден эки-үч күндөн кийин эле атамдар жайлоого көчүп кетишти. Мен музоолорумду үйрөтүүгө үлгүрбөй калдым.

Абдылас эмнедир сүйлөйүн деп камынганда аты мүдүрүлүп кетти. Тизгинин бекем тартпаса аты оңкобаш атып кете жаздады. Оозунан сөзү авага учуп кеткенсип, үн дебестен атына кыжыры келип тизгинин катуу силкти.

Абдыластын будалакташып, бир заматта жүдөй түшкөн учуру Розанын көзүнө бир кызык көрүнүштү элестетти. Ал аргасыздан бырс этип күлүп жиберди. Чындыгында эле жолдоторунун тарыныктуу сыны бир жагынан оор сезилсе, экинчи жагынан ошол учурдагы атынын мүдүрүлүшү анын үстүнө кошумчалана түштү.

Ал кайра сүйлөйүн дегенче Роза андан мурда озунуп кетти.

— Көрдүңбү, биздин пикирибизди минген атың да кубаттап жатат. Баары бир биз музоолорду машыктыруудан калсак да, аны семиртүүдөн артта калышпайбыз.

Ага кайгырган менен пайда жок. Ушундайбы — деп Акайга сумсая карады.

Абдылас өзүнүн кемчилигин мурун эле түшүнсө да, азыр жолдошторунун алдында катуу сынга алынгандыктан кандайча айтып берерин билбей калтаарып калды. Күндүн ысыгына кошумча болгонсуп, жолдошторунун өткүр сөздөрүнүн таасири ички нерв сезимдерин да ысытып жибергендиктенби, мончого түшкөндөй терге чөмүлдү. Жерди сүзө карап, коймоолжун тарткан көзүнөн уялуунун белгиси байкалып турду.

— Силердин бул сыныңар туура — деди үнүн калтырак чыгарып,— ал ишке жеке гана мен күнөөлү эмесмин. Ата-энелер нечен жылдан бери уй багып жүргөндүктөн, силерди менсиз эле билет деп ойлогомун. А мен болсо чоңойгону малдын арасына келгеним быйыл. Ошондуктан силерден калып каламбы деп анын үстүнө апама жардам кылып өзүмчө иштеп жүрдүм. Айгүл түзүктөп иштебесе, музоолорум мени да унутуп калгандыр.

— Мына кызык. Чынында сени биз билбеген сыяктуу сен да бизди билген эмес экенсиң. Ушуну айтчы, музоолоруңа ат коюп машыктырууну кайдан үйрөндүң? Музоолоруңдун аттары эмне? — деп Роза атынын тизгинин буруп жакындай бастырды.

— Мен үчүнчү класста окуп жүргөндө, «Көк музоо» деген аңгемени окугамын.

— Мен да окугамын.

— Билесиңби, ошондо Гүлай деген кыз апасынын эмгек акысына алган музоосуна «Көк музоо» деген ат коюп үйрөткөн.

— Ооба, ооба чын ошенткен. Мен да окугамын. Бирок кантип эле киши уйду чыкырганда ээрчип жүрсүн деп ишенген эмесмин. А атамдар болсо такыр эле билишпейт — деп Акай таңкалгандай Абдыластын мындан аркы сөзүн күттү.

— Анан — деди чөнтөгүнөн бетаачысын алып, терин арчып жатып: былтыр Кочкордогу «Төлөк» совхозундагы эжемкиге жүрүп келбедимби. Ошондо менин Болот деген жээним жана Миша деген орус бала туура 4—5 тен музоолоруна ат коюп үйрөтүшүптүр. Мишанын атасы Сергей деген үлгүлүү малчы экен. Ал чоң уйларын дагы атынан чакырганда чуркап келишет экен. Ошолорду көрүп мал багууга абдан кызыккамын. Менин музоолорумдун атын өзүм эле Төлбашы, Гүл, Жагоо, Кенже деп коюп алгам.

— Ой, бастырбайсыңарбы, эмне уктап келе жатасыңарбы,— Кары чоң теректин түбүнөн кыйкырды. Ал баякы бойдон алдыга чаап келип күтүп турган эле. Абдылас уруша кетеби деген ой менен атын бура тартып дагы эле алдыга түшүп жөнөдү.

Балдардан алдыда анда-санда үргүлөп коюп келе жаткан Баялы карыя чочугандай башын көтөрүп алды да, артка кайрылып:

— Бастыргыла айланайындар. Ак-Терекке келип калган турбайбызбы — деп чокчойгон көк ала сакалын сылап коюп, атынын басыгын ылдамдатты.

Калың токойду аралай бергенде, балдардын көңүлдөрү сергектенип бүткөн бойду магдыратып ысыткан күндүн илебин бийик аска жашырып койгонсуп, денени сергиткен салкын ава кучагына тартты. Жаратылыштын көркөм көрүнүшү Абдыласты суктандырып, айланага көз чаптырууга аргасыз кылды. Асманды тирөөчүдөй болуп, эки тарапта тең жалама зоока көк мелжип көздүн курчун алат. Аны этектеп жолдун таманына чейин өскөн кайың, арча, тал, теректер ошол жердин ээси сыяктуу шаңданышат. Алардын жашыл бутактарына конуп-учуп жүргөн ар түрлүү канаттуулардын ызы-чуу түшкөн үндөрү зоону жаңыртышат. Канаттуулардын үнүн коштоп, өңгүл-дөңгүл болгон таштарга урунуп, ак көбүк чачып, агып жаткан Ак-Теректин мол суусу агымы менен алда кайда алып кетип жаткансыйт. Токойдун көпчүлүгү жоон ак теректерден болгондуктан бул өрөөн жалпысынан Ак-Терек деп аталат.

Бет маңдай зооканын көлөкөсү эртеден кечке чейин кетпейт. Айтор бул жер кимдин болсо да жүрөгүн кубантып көңүлүн сергиткендей.

Ак-Теректен өткөндө бир кыйлага чейин көк шибери көйкөлгөн мейкин өрөөн менен жүрүп олтурушту. Кичинекей таштак белесчени ашып, карагай черлүү жолду аралашты.

Оң кол жак тарапты көздөй өр тартып жогорулап кеткен таштак капчыгайды өрдөй бергенде атын камчыланып Абдылас Баялы карыяны жандай бастырды.

— Баялы ата, Молдо ашуу деген ушубу, эмне үчүн Молдо деп аталып калган? Ушунун башына чыкканда эле Соң-Көлгө жетебизби?

— Туура таптың. Молдо ашуу деген ушул — деди мурутунан жылмайып. Ушуну ашсак эле Соң-Көлдүн мелтиреген жашыл жайыгына түшөбүз. Илгери бир молдо жайлоодон айсыз караңгыда түн катып келе жатып, адашып кетип тетиги беттеги зоокадан учуп өлгөн имиш. Ошондон кийин Молдо деп аталып калган деп жүрүшөт — бет маңдайдагы жапыс зооканы көрсөттү.

Баялы карыянын жообуна ыраазы, кары, капчыгайдын сулуулугунан көзүн айырбай туш-тарабын карап жүрүп олтурду. Зоока менен бой тирешкен карагай, арча, четиндер, ар түрлүү кооз гүлдөр менен топ бадалдар, алардын арасынан сайраган

канаттуулардын назик үндөрү, карагайды бирөө балталап жаткансыган тоңкулдактын дабыштары, жогортон төмөн карай шылдырап агып жаткан булак суусунун мөлтүр түсү көздүн кумарын кандырып, кулакка түркүн күүнү чалууда.

Ийри-буйру кыя менен улам жогорулап жүрүп олтурушту. Алдыңкылар тип-тик болуп үч-төрт аркан боюсозулуп жаткан кыянын түбүнө келип токтоп аттарын тыныктырып калышты.

— Карыбалам, атындын белин бас. Чылбырың менен көмөлдүрүктөп ала кой. Антпесең ээр токумунду артына шыпырып таштайт — деп Баялы карыя жакындай түшкөндө кыйкыра сүйлөдү. Карыатынан түшпөстөн эле тизгинин имере тартып эңкейе калып чылбырын чечип алды да, ээринин кашынан арта салып көмөлдүрүктөп алды.

Абдылас атынан ыргып түшүп, жөө жетеледи. Кыянын башына жакындаганда күйүгө энтигип тура калды. Астыда чубашып чыгып бара жатышкан атчандарга көз чаптырды. Өбөктөйрөөк сол колу менен атынын жалын тутамдай кармап ортодо кетип бараткан Розаны көрдү.

Роза ат минип чыгып бара жаткан соң, мен эмнеден коркомдеп ойлоно калып атына минди. Жерди апчый басып алдыңкыларга атандашкандай тырмышып, өр талашып баскан атынын үстү анчейин коркунучсуз экенин сезди. Чоңойгону мындай бийиктиктен ашып көрбөгөн Абдылас башым айланат деп ойлогон эле. Бирок жайдары көңүлү баякы калыбынан өзгөргөн жок. Жашыл белести таяна бергенде Акай уккулуктуу үнүн созолонтуп коё берди. Ал бул ырды былтыр жайлоого келген артистерден үйрөнүп калган эле.

Мактабайм кантип Соң-Көлдү,
Жашыл шибер кең төрдү,
Тандамал жердин соорусу,
Атластай көркөмдүү.
Таң калтырат тамшантып,
Жаңыдан келип көргөндү.
Араласаң сан жетпейт,
Асыл чарба фермаңды.
Элүү, кырктап көресүң,
Эмгектен мөрөй жеңгенди.

Беркилер жагымдуу үндү, жагалданып тыңшашты. Белеске чыга бергенде жердин бетине килем төшөп койгондой кулпунган табийгаттын сулуу көрүнүшү пайда болду.

— Балдар атыңардын ооздугун чыгарып отко койгула. Тунук аванын атырдай жытын искеп, көйкөлгөн шиберге оонап эс алгыла. Айыл көрүнүп калды,— Баялы карыя жеңил дем алып атынан түштү. Балдар да аттарынын ооздуктарын чыгарышып отко коюшту.

Көңүл чайыттай ачылып, сезимдери толукшуй түшкөн балдардын жүзүндө кубанычтын сыймыгы байкалып турду. Мамыктай жумшак шибердин үстүнө Баялы карыя айткандай оонай кетишип, ар түрлүү түстөгү кооз гүлдөрдү терип жытташты. Буруксуган жыпар жыттын назик даамдары сезимдерине сиңип жаткансыды. Куду пияз сыяктанып өскөн көбүргөндөрдү да татып көрүштү.

— Туш-тарапка суктангандай сүйгүнчүктүү көз жүгүртүштү. Бел бийик болгондуктан Соң-Көлдүн айланасынын бир кыйласын көрүүгө мүмкүн эле. Киргили жок асмандай көпкөк мелтиреп жаткан көл, токой чери жок жапырт жашыл түскө боёнгон белестүү мейкин талаа атайын чебер сүрөтчүнүн колунан жасалгансып көз алдыга көйкөлүп турду. Қилемдин үстүнө жумурткаларды тизип койгондой ар кайсы жерлерде топ-топ болуп конгон ферманын аппак боз үйлөрү бүлбүл көрүнүп жатты. Жайык белестердин бетин бербей асмандагы жылдыз сыяктуу жыбырап ферманын малдары.

— Ушул жерде жүргөн малчылар кандай бактылуу, чынбы? — деп Абдылас жолдошторун жоодурай карады. Ошондой дегенсишип беркилер да баштарын ийкеп тим болушту.

— Баялы ата, биздин айыл азыр кайсы жерде? Көрсөтүп берсеңиз? — деди Роза жалт бурулуп.

— Тетиги көлдүн аркы четиндеги жайыкта Жумгалдын малчылары жайлайт — деди Карыя сөөмөйү менен көрсөтүп. Баялы карыя секин басып балдардын жанына келди. Беттерин бырыш басып жаак эттери чоюлуп турса дагы ууртунан жылмаюунун белгиси даана сезилди.

— Жакшылап карагыла,— деди колун жаңсап:

— Биздин ферманын бардык малдары танапташ конуптур. Тетиги үйүп койгонсуган дөбөнү көрдүңөрбү, ошонун айланасында «Бөйрөк-Булак», «Қош-Көл», «Қара-Булак», «Көндөй» деген жерлер бар. Бардыгы так ошондой.

— Мен билем.

— Мен да билем. Мурдагы жылы дагы ошол жерлерге конгонбуз — дешип Қары, Роза, Акайлар сөздү жуулуп чуруддашты.

— Тетиги бийик чокунун айланасы кең, жайыты жакшы. «Кереге-Таш», «Қара-Кече» деп айтат. Аны биздин «Кеңеш», «Көк-Жар» колхоздорунун малы ээлейт. Андан ары көлдүн берки булуңуна чейин Жумгал районунун малчылары чыгат. Көлдүн те... тетиги өйүзгү капталындагы жыбыттарга Чолпон, Қочкор районунун малчылары жайлайт. «Ак-Таш», «Жаман Эчки» деген атактуу жайлоолору бар.

Оң жак тарапка имерилип курчу мокоп калган көздөрүн сү-

зүлтө алыска тигилип бир топко унчукпай турду да: те... тиги көлдүн аягынан биздин айылга чейин нарындык, куланактык малчылар ээлейт. Анда совхоздун түмөндөгөн малдары. Айтор, Соң-Көлдү алты район жайлайт. Калган каткандарын аттанып алгандан кийин сүйлөшөлү.

Атыңарга минип тың-тың бастыргыла. Азыр айылга кирип барабыз,— деп карс-карс күлүп атын көздөй басты. Жайлоонун чын ашыгы менмин дегенсип күндүн сүйкүмдүү нуру так төбөдөн күмүштөй жаркырап турду.

## 18. СОНУН ЖЕР

Жайлоого келгени балдардын дем алуусу өтө көңүлдүү башталды. Алардын денеси сергип, учкул кыялдары ого бетер көтөрүлүүнүн үстүндө. Соң-Көл Абдыласка дүйнөдөгү бирден бир көркөм жердей сезилди. Учурашкандан бир аздан кийин эле Айгүл арсак-терсек болуп жаңыдан түшүп, кайра чыгып жаткан майда тиштерин кетиреңдетип:

— Ишенип кой байке. Музоолордун баары чоңойду. Жадаганда баягы сен жалгыз музоолоткон Кенже бар эмеспи. Ошол да кээде жини келгенде мени тоголото түртүп, жөөлөп кетет. Күнүгө өзүлөрү топтошуп жашыл шиберге жайылып оттошот. Кээде мен жанына барып гүл терип, китеп окуп карап отурам. Тоюшкандан кийин күнгө кактанышып укташат. Анан бир маалда мага да ээ жаа бербей удургуп чуркаган боюнча үйгө келишет. Тим эле байке азыр сонун болуп калышты. Жүрсөң көрөлү деп эшикке ээрчитип чыккан.

Айткандай бардыгы тең чоңоюп калышкан. Төлбашы дагы бир экөөнүн дүндүйүп мүйүздөрү да чыгып калган. Кичирээк кездериндеги узун жүндөрү тыкыс тартып кундуздай кулпунган сургулт карасур. Бул да болсо жакшы багылгандыктын белгиси. Абдылас үнүн басаңыраак чыгарып музоолорун атынан чыкырса, бир топко чейин маңырая карап турушуп бешөө солгун гана басышты. Гүл менен Кенже такыр эле келбей койгон.

— Карап турчу байке, мен чакырып көрөйүн — Айгүл чакырганда бардыгы тең өз кезеги менен эдиреңдеп чуркап жетишти.

Абдылас төрт күн чогуу жүрүп музоолорун зорго үйүр алдырды. Роза да бир жаш музоосуна Букет деген ат коюп, өзүн ээрчите баштады. Аны жолдошторуна көрсөтүп, кубанычтуу болгондугун айтты.

Апасынын былтыркыдан сүттү көп саап алгандыгы учет дептерчесинен көрсөттү. Акай менен Кары чоңоюп калган музоолоруна ат коюп үйрөтөбүз деп убараланышкан жок. Эки күнү

энелери менен бирге сепаратордон май тартышты. Эртеси музоолорун гирге тартышып, ар биринин өсүш салмагын жазып алышты.

Алардын сунушу боюнча Абдылас менен Роза да музоолорунун өсүш салмагын белгилеп, кимдин музоолору тез өскөндүгүн белгилөөгө убадаларын бериштн. Айгүл чуркап барып апасына кабарлады.

Бурма апа балдарынын сунушуна каршы болгон жок. Фермanын үйүнүн жанына коюлган гирди көздөй музоолорду Айгүл айдап жетип келди. Бурма апа музоолорду өзү гирге чыгарып турду. Акай менен Кары гирдин салмагын ары-бери жылдырышып тактап айтып берип жатышты. Текилдеп чуркап барып Айгүл да тигиле тиктеп жатты. Роза менен Абдылас дептерчеге тиркеп турушту. Көп убакытка созулбастан музоолор тартылып бүттү. Курбулар кимдин музоосу тез өстү экен деген суроолу ойдун аныгын билүү үчүн, айылдын бет мандайындагы дөбөчөнү көздөй жөнөштү.

— Ар биринер музооңордун кайсы күнү төрөлгөнүн каттаган дептериңерди үйүңөрдөн ала баргыла. Өсүш салмагын Батыш эжеңер туулган күнүнө карай эсептеп жүрчү эле деп Бурма апа камылгасыздай жөнөп бара жаткан балдарга умтула карады.— Менде бар. Сен алдың беле дешип балдар бири-биринен ич ара сураша башташты. Кары дароо эле үйүн көздөй чуркады.

— Я апаке, мындан мурунку жолу Батыш эже гирге тарткында өсүш жагынан кимиңердики алдыңкы болду эле деп, Абдылас апасына кайрылды.

— Акайдын атасынын эки музоосу менен Розанын апасы сааган көк уйдун музоосу үчөө ушул фермадагы музоолордун алдыңкысы деген.

— Ал биздин музоолорчу,— Абдылас апасын алая карады. Уулунун жолдошторунун астында уялыңкырап турганын байкаган эне: — эчтеке эмес уулум. Алар көп жылдан бери малчы эмеспи. Малдын багуусун бизден түзүк билишет. Кийинки он беш күндүктө биз баккан музоолор менин оюмча түзүк эле болуп калды. Бая күнү ошол үч музоодон кийинкини биздин эки музоо ээлеген — деп уулун жайдары карады. Балдар дөбөчөгө олтурушуп, ар бир музоонун он беш күндөн берки өсүш салмагын эсептеп жатышты. Ар биринин оюнда ферма башчысы Батыш эже келгенде эне-атасынын баккан музоолору жөнүндө түзүктөп отчёт берүү сезими туулду.

Авасы таза, атыр жел,
Жайкалган шибер жашыл төр,
Кең жайлоо болсо жүргөнүм,
Сыймыктан сыймык эмеспи,
Жылдыздай түмөн мал багып,
Жыргалда өткөн күндөрүм.
Мен өстүргөн колхоз чарбасын,
Мекен чебин бек коргоп
Алыста жүрөт сүйгөнүм —

деп назик үнүн кубулжутуп кулпунган жашыл төргө сырдаштай жүрөктөгү толкундаган кыялы менен эрмектешип, Батыш кадуу жол аркылуу келе жатты. Астындагы карагер ат да пикириңе тең ортокмун дегенсип көптөн берки калып алган шайбырлаган жол жүрүшү менен Батышты секин термеп жүрүп олтурду. Нечен замандан берки мал-жандын баскан изинен казылып даңгыраган жарыш сызык жолдор жашыл белес менен түбөлүк ажырашпоочудай артка-артка жымырылып кала берди.

Жайык түздү аралап жөнөй бергенде бет маңдайынан өзүнүн айылы бүлбүлдөп көрүндү. Атынын тизгинин тарта бастырып, үнүн басаңдатып негедир тунжурай кетти.

Анын уй фермасынын башчысы болуп дайындалганына туура үч жай толот. Уйдун саны жыл сайын өсүүнүн ичинде. Сүт, май алуу жагынан да артта эмес. Жолдошу Болот колхоздун счетоводу болуп иштеп турганында чакырылуучу болгондуктан өткөн жазда Советтик Армиянын катарына жөнөгөн. Аманчылыгы болсо эми эки жыл чамасында граждандык ыйык милдетин аткарып келип калат деген ой азыр да Батыштын көз алдында элестелип бара жатты. Мындан беш күн мурун жайлоонун райондук парторгу Карыбек бир топ ферма башчылары менен келип, областтык штабда алдыңкы малчылар жана ферма башчылары менен жыйналыш болот деп Көлдүн наркы өйүзүндөгү «Кең-Сазга» ээрчитип кеткен. Жыйналышта малдын жайытта багылышы жөнүндө бир кыйла орчунду сөздөрдү укту. Социалисттик Эмгектин Баатырлары: Кубаталы, Супай, Ысак карыялар өз тажрыйбалары жөнүндө сүйлөштү.

Жайытты туура пайдаланбай жаткан кайсы бир фермаларды областтык штабдын кызматчылары сынга алышты. Жыйналыштын акырында «Советтик Кыргызстан» деген документалдык түстүү кинофильм көрсөтүлдү. Ушулардын баарын эсине түшүрүп, айылга чукул кирип барганын байкас албады. Бет маңдайындагы дөбөчөдөн дүбүрттөп жарыша чуркап келе жаткан балдарды көрүп, карагер ат эки кулагын тиктийтип, башын көтөрүп жалт карай калды.

— Саламатсызбы — деген балдардын ирээтсиз чыккан ичке үндөрү Батышты эрксизден бурулта каратты.

— Саламатсыңарбы, окууңарды ийгиликтүү аяктадыңарбы? Дем алууга келдиңерби,— деп териштирип сурай баштады. Балдар жарыша сүйлөшүп Батышка жоон кайтарышты да, карагер аттын аяңы менен ээрчий басып айылды бет алышты.

Абдылас жан чөнтөгүнө колун салып, дептерчесин алып чыкты. Аны баракгап жатып сүйлөөгө ыңтайланганча, Роза озунуп кетти.

— Эжеке, жаман көрбөсөңүз, сиз жокто бир иш аткарып койдук,— деп кичипейилдүүлүк менен оңтойсуздана түштү.

— Кандай иш? Жазганбай эле айта кой.

— Биз музоолорду килге тартып, сиз эсептегенден берки өсүш салмагын чыгардык.

— Менин Төлбашым, Жагоом, Розанын эки музоосу, Акайдын бая күнү сиз тарткандагы эки музоосунун күндүк өсүш салмагы ушул он беш күндүктө башкалардан алдыңкы өсүшкө ээ болуптур — деп, Абдылас эдиренден карады.

Батыштын нурдуу көздөрү күлүңдөп, жүзү тамылжый түштү. Оор салмактуу мүнөзүнөн кандайдыр ыраазылыктын белгиси байкалып турду.

— Рахмат айланайындар! Силер биздин ишенимдүү жеткинчектер эмессиңерби. Капа болмок турсун чоң раазы болбодумбу. Тыякка кетип калып убагын бир аз өткөрүп жибердим деп ичимден кейип келаткам, балдарды бажырая карап, сагынып калгансып айлын көздөй шашыла бастырды.

## 19. ЖАҢЫ ДОС

Күтүлбөгөн окуя Абдыластын сезимин кытыгылап, көңүлүн алда-кайда сүрөп, негедир ашыктырып жатты. Таң азандан эртелеп турушунун себеби да ошол иш эле. Өзү аз уктаганын сезсе дагы жайлоонун авасынын салкындыгынанбы кандайдыр чарчаңкыраганы байкалбайт. Майка, трусычан болуп шаркырап агып жаткан тунук суунун жээгине келди да гимнастикалык оюндарды аткара баштады.

Анын кемирчек денелери бурулган жагына пружинадай ийилип, жаңыдан түйүлүп келе жаткан булчуңдары жазыла түшүп, кайрадан түйүлө калып жатты. Эки колун башынан жогору көтөрүп, кээде ийнине түшүрүп өзөн сууну бойлоп бутунун башы менен кээде жүгүрүп, кээде желе басып бир топ убакка чейин жүрдү. Ошол учурда Акай да үйүнүн жанында гимнастикалык оюндарды аткарып жаткан эле.

Саанчы аялдар эртең мененки балдардын кыймыл-аракетте-

рине таңданыша карашып, өз-ара кобурашып сүйлөшө да кетишти. Абдылас тоонун муздак мөлтүр суусуна башынан белкырчоосуна чейин жуунуп, үйдү бет алды. Денеси сергиленден жеңиле түшкөнсүдү.

Азыр барып Акай менен Карыны ойготоюн, эртерээк жөнөсөк экен деген пикир туулду. Шыпылдай басып үйүнө чукул жетип барганда — жолдош командир, биз жөнөөгө даярбыз,— Акай жылмайып астынан тосо чыкты.

Булардын шашкан ишинин түйүнү мындайча эле. Ушул колхоздо Вера деген фрунзелик кыз медициналык фельдшер болуп эки жылдан бери иштей турган. Анын мүнөзү жумшак, кичи пейил, маданияттуу адам болгондуктан, карысынан жашына чейин бат эле жакшы көрүнүп кеткен. Өзү да тез эле эл менен үйүр алышып, кыргызча жеңил сүйлөөнү үйрөнүп алган.

Жайлоонун райондук парторгу Мергенов Карыбек Вераны малчылардын ден соолугун карап туруу үчүн Соң-Көлгө көчүртүп келген. Кечээ күнү кечинде уй ферманын айлына атайын келип саанчылардын ден соолугун текшерип болгондон кийин, Абдыластарды чакырып:

— Мени ки Витька деген силердей иним келди. Ал кыргызчаны менден жакшы билет. Барып таанышкыла. Чогуу ойноп жүргүлө. Тааныбаса да мен айткандан кийин силерге берип кой деди,— сумкасынан баарына бирден алма алып берген.

Чындыгында Витька эмес, инисин балдар менен таанышты-руу максатында Веранын ойлогон амалы эле.

— Макул, эртең менен барабыз. Витька менен достошобуз, айтып коюңуз,— дешип Верага убадаларын беришип жөнөтүшкөн. Түндө узак убакыт Абдылас шаарлык Витька жөнүндө тынымсыз ойлоно берди. Анын элесин көрбөсө да сыртынан көз алдына элестетип да көрдү.

Кыскасы аны менен жакын дос болууну, андан көп нерселерди үйрөнүүнү самады.

Жеңил кийинишип үчөө тең тизиле басышып кадуу жол менен «Бурган-Сууну» көздөй бет алышты. Аралыгы 5—6 километр келе турган. Балдар көк шиберлүү белести жаңыртып үн кошуп ырдап жүрүп олтурушту. Анда-санда ар түрлүү талаа гүлдөрүн чогултушуп, анын буруксуган жытын терең искешет.

Ак-Таштын оюна түшүп кайра жапыс белеске таянганда Кары алдыга чуркады. Чуркагыла мынабу бетте ышкын болот. Таап жейбиз деп кыйкырды. Беркилер анын артынан демиге чуркай жөнөштү. Ар кайсы жерден ат кулак сыяктуу чоң-чоң жалбыректардын арасынан ышкындарды топ-тобу менен үзүшүп, анын кычкыл тарткан таттуу даамын татып жеп, суусундары канып, бир кумардан чыккандай жагалданышты.

— Менде суңуш бар,— деди Қары чолок мурдун теңиреңдетип,— кечээки бизге алма берип жиберген жаңы келген Веранын инисине кур кол бармак белек. Биздин жемишибиз ушул деп куруттарга кошуп ышкындан көп терип алып барып берели. Анын таноолору дерденден, ушул акылды туура ойлоп таптым дегенсип чолок ээрдин кесе тиштеп күлүмсүрөй карады.

— Туура айтасың. Қымыз болсо так ошол айылда, Акай жандана сүйлөдү.

Терилген ышкындарды Қары пинжагын чечип ороп көтөрүп алды.

Белесчени эңкейип, кадуулай бир топ басышкандан кийин керилген жайык түздөн топ-топ айыл көрүндү. Үйүр-үйүр жайылып жүргөн жылкыларды аралай басышты. Жал-куйругу жерге эңиле түшүп, тулаң чөп, бетегеге ныксырап тойгон чоң-чоң бээлер, куйруктарын көккө сапырып, оюн салып элирген кулунтайлар ушул жашыл төрдүн эркеси сыяктуу балдарды жалт карап алышат да кайра өзүлөрүнчө көнүмүш ишин улантышат.

Жылкынын четинде бастырып келе жаткан карыядан — абаке, Вера турган айыл кайсы болду экен — дешип сурай кетишти. Қарыя атынын оозун элпек бура тартып бет-маңдайдагы чоң аппак боз үйдү көрсөттү. — Берки четкиси өзүлөрү турган үй, наркысы кызыл үй, андан аркысы тамак жасоочу үйү, эң четкиси Веранын кишилерди дарылоочу, дары берүүчү үйү — болдубу, айланайындар — деп балдардан жооп күткөнсүдү.

— Рахмат, абаке — дешип жүрүп кетишти.

Иш ойлогондой чыкты. Кирип барышса заңкайган үйдүн ичинде жалгыз шаарлык бала китеп окуп олтуруптур. Жалпы, «здравствуйте» дешип орусча салам беришип, алиги балага колун сунушту.

— Здравствуйте,— деп ордунан элпек учуп туруп аппак шадылуу колу менен беркилердин манжаларын кыса кармады да, Виктор Семенов,— деп ар бири менен учурашкан сайын кайталап чыкты. Бул эмнеси дегенсип беркилер унчукпай Витьканын тулку боюн үңүлө карашты. Бир нерседен шекшингенсип Абдылас Витька Семенов — деп кайталады. — Да да... дагы бирдеме айтабы дегенсип ийменип күлүмсүрөй түштү.

— А меники Абдылас Мамытов,— кайра колун сунду.

Витька бир нерсени эсине туткансып Абдылас деп кайталады. А меники — Қары Абышев,— деди шашкалактап. — Қары деп чоюп сүйлөп Витька балдардын шаарлыктардыкынан бөтөн мүнөздөрүнө таңыркагансып алдыртан алардын кара сур тарткан бышык жүздөрүнө, кара чачтарын тигиле карады. Кантсе да тоолук элдердин балдары эмеспи деп ичинен ойлой кетти.

Анын көгүлтүр көздөрү, жумшак саргылт чачтары, тотуга

элек ак жумал жүзү, барыдан да сол жаак ууртундагы билинер билинбес чуңкурчасы куду эле Верага окшошуп турду. Калыпка салгандай зыңкыйган түп-түз денеси балдарга өтө жагымдуу учурады.

Витька келгенден бери жерге бутун жыйыштырып олтурууга үйрөнүп калган. Үйгө кыдырата салынган кооз шырдактын үстүн көрсөтүп: олтургула достор деп беркилерден кечирим сурагансыды.

— Жеп көр,— Кары пинжагына оролгон ышкынды алдына койду. Аңгыча ашкана үйдөн Карыбектин энеси Токсон байбиче кострюлга кымыз көтөрүп келди да, булар ким десем, өз балдарым келген тура — деп балдар менен учурашты. Витька чемоданын ачып дасторкондун үстүнө жер жемишинен койду. Акай менен Абдылас чөнтөктөрүндөгү куруттарын да алып чыгышты. «Биздин алгачкы жолугушуубуз кызык болду» дегенсип сыртынан май чыгып, куду шоколад кейиптенген эжигей куруттан кетип, ышкындан сындырып жеп көрүп, чынынын деңгээли менен мелтиреген кубаттуу кымызды жутуп жатып, Витька досторун көзүнүн кыйыгы менен тиктеп алды.

* * *

Кызыл үйдүн ички жасалгасы кирген адамдын көзүнө алда немедей сүйкүмдүү көрүнүп, өзүнө тартат. Жерге салынган кооз шырдактар, керегеде тартылуу турган тушкийиздер, гүлкайырдай ачылган килемдер көздүн кумарын кандырат... Анын үстүнө радиоприёмникти, патефонду, комузду, шахматты, тогуз корголду көрүп жайлоонун маданият үйүнөн ого бетер чыккылары келбейт.

Эки чоң столдун үстүнө коюлган ар түрдүү китептерди, журналдарды, газеталарды баратап окушуп балдар бир кыйладан бери ошол үйдө олтурушат. Витька анчейин калың эмес, сырты кооз катуу мукаба менен тышталган китептин акыркы барагын оодарып акырын жапты да чарчаңкырагансып көзүн секин жуумп ачып ары бери баса баштады. Ал китеп «Чыныгы киши тууралуу повесть» эле. Аны ушул жерге келгенде эле окууга киришкен. Кары эмнеси болсо да ичиндеги окуясын жаңы достон суроону ылайык тапты. Китепти колуна кармаган боюнча Витьканын жанына басып барды:— Бул китептеги окуя кызыкпы?— деп ийменип Витькага суроолуу көзү менен кайрылды.

— Абдан кызык. Уккуң келеби?— деди Витька ыкыласы менен жолдошунун суроосун канаттандырчудай.

Абдылас окуп жаткан китебинин бетин белгилеп коюп беркилердин жанына келди.

— Алексей Мересьев деген укмуштуу баатыр учкуч жөнүндө уктуңар беле,— Витька жолдошторуна эрдемсий карады.

— Ооба. Мугалимибиз бир аз айтып берген. Алиги эки бутунан тең ажыраган учкуч эмеспи,— Акай сөзгө аралаша кетти.

— Ооба нак өзү.

— Ушул китепте ошол жөнүндө жазылганбы?

— Так ошол Алексей Мересьев жөнүндө жазылган.

— Кыскача окуясын айтып бересизби,— мурун чала була кабардар балдар укмуштуу баатыр жөнүндөгү повесттин окуясын угууга ынтызаар.

Үйүр алыша түшкөн Витька эч кандай коомайсынган жок. Ага жолдошторуна жөнөкөйлөтүп түшүндүрө айтуу гана зарыл. Балдар столду тегеректей олтурушту. Китептин биринчи бетин ачып, ызгардуу кышта калың токойдун арасында өлөөр өлмөксөн болуп, кыймылсыз жаткан Алексейди жана анын жанындагы коркунучтуу аюунун сүрөтүн көрсөттү да окуяны элестүү, таасирдүү кылып баштады. Толук баяндоого сөзү жетпей, жолдошторунун кээ бир түшүнбөй калган жерин орусчалап, айласы кеткенде жандап да түшүндүрүүгө аракеттенип жатты.

Өзүн кадимки саясий докладчиктей сезген Витька кунтун коюп угуп олтурган жолдошторун көргөн сайын жандуу түшүндүрүүгө тырышты. Витька Алексейдин кайтадан самолётко көтөрүлүп, душмандын самолётун жексен кылганын айтканда Кары — чыныгы баатыр экен!— деп кыйкырып да жиберди. Алексейдин чыдамкайлыгы, эрдик кайраты олтурган балдардын жүрөгүн кубантып, сезимдерин толкутту.

Аңгеме аяктап калган ченде казганактаган топ атчан адам эшикке түшө башташты. Балдар чуркап чыгышып, келгендердин аттарын байлашууга жардамдашышты. Алардын ичинде Вера, Карыбек жана комсорг Курман да бар экен.

Вера балдарды чакырып: ынтымактуу достор болгула, макулбу, азыр менин атыма Витьканы мингизип көндүргүлө — деп дарылоочу үйүнө кирип кетти.

— А ну-ка давай попробуем, Витька дароо эле атка жетти.

Балдар атты бери четке жетелеп чыгышып, Витьканы ээрдин үстүнө чыгарышты. Ал анчейин корккон жок. Бирок тизгинди колуна алуудан отказ кылды.

Акай атты акырын жетеледи. Эки колу менен ээрдин кашын бекем кучактап анда санда — но!— деп коюп далай жерге чейин жүрүп олтурду. Бир топ узаган соң өзүм бастырам деп тизгинди колуна алды. Аңгыча Вера да балдардын жанына жетти. Акырындык менен бастырып жүрүп Витька бир маалда теминип желдире жөнөдү.

Ат улам катуулаган сайын кыйшайып бир жагын көздөй

оой баштады. Токтот!— деп кыйкырышып беркилер артынан чуркады. Витька аттын оозун кандайча тартууну билген да жок. Беркилердин дүбүртү менен ат ого бетер таскактап жөнөдү. Витька алыс узабай эле аттын үстүнөн капталы менен жерге учуп түштү. Бирок эч жеринин ооруганын сезген жок. Мамыктай шибердин үстүнөн тез ыргып турду да, беркилердин астын утурлай басты.

Вера өзүнүн биринчи жолу ат мингендеги жоругун эсине түшүрүп аябай ыкшып күлө берди. Витька аны көрүп мага күлүп жатса керек деп ойлодубу бир аз өңү кызара түштү. Качан Вера өзүнүн жоругун айтып бергенде Витька баш болуп барысы күлүштү.

— Чынында айтчы, Витька, Соң-Көл жайлоосу көңүлүнө жагабы — деди Вера көркөм айланадан көзүн албай.

Эмне жооп кайтараар экен дегенсишип берки балдар тымызын Витьканын жообун күтүштү. Ал кабагын чытып эжесин бир кыйлага ойлуу карап турду да:— а сагачы — деп кайра эжесинен сурады.

— Мен бул жердик болуп калбадымбы. Сен айтсаң — деп Вера, эркелеген балача Витьканын мойнуна колун арта салды. Сөзгө аралашпай өзүлөрүнчө четтей түшкөн балдар — жаман эле жер деген сөз оозунан качан чыгарын чыдамсыздык менен күтүп турушкансыйт.

— Эң мыкты жер экен. Бул жердин авасындай таза аваны туулганы көргөн эмесмин. Жеринин баары мамыктай шибер. Гүлдөрүн айтасыңбы, тамдар салынса сонун болор эле. Анда маданияттуу дем алууга болот, көрдүңбү, мен ылдам эле өңдөнө түштүм — деп сол колу менен бетин сылап көрсөттү.

— Биздин жер касиеттүү эмеспи,— Кары өз ичинен угузаар угузмаксан күнк этип койду.

— Алиги атты дагы минип көр. Эми беш-алты жыгылсаң үйрөнөсүң,— деп Вера бырсылдап күлдү.

— Азыр жыгылбай эле үйрөнөм. Жүргүлө, достор, мага жардамдашкыла,— деди Витька байлануу аттарды көздөй адымдай басып бара жатып.

Акай алдыга чуркап мамыдагы атты чечти да, Витьканы мингизүү үчүн туура тартты. Витька беркилерден жардам талап кылбастан эле үзөнгүнү тээп, ээрдин кашын бекем кармап, тез ыргып минди... Вера тизгинди жүргүзүүнүн эрежесин толук түшүндүргөнсүдү. Берки үчөө тааныш малчылардын аттарын сурап минишип, жаңы досун атка минип жүрүүгө көндүрүү үчүн ээрчите бастырышты.

## 20. АГАЙЛАР АЙТТЫ

Курмандын келгени аз эле күн болсо да жайлоодогу комсомол жана пионерлердин эсебин алып, алардын иштери менен да таанышып чыкты. Карыбек менен бирге жайлоо советинин ишине чоң жардам көрсөтө баштады.

Карыбек Курмандын ишке шыктуу жигит экенин мурунтан эле биле турган. Кечээ күнү малчы комсомолецтерди чогултуп, кызыл үйдө чогулуш өткөздү. Ал гана эмес жаштардын бош убактыларын көңүлдүү өткөрүү үчүн оюн-шоок кечесин да уюштуруп койду. Шайыр жаштар кеч курун чогулуп, ыр ырдашып, бийлешип, комуз чертишип, радиоприёмникти угушуп кетише турган болушту.

Кызыл үй жайлоодогу маданияттын борборуна айланып кетти деген сөздөр аз күндөн бери малчылардын арасына төгүнүнөн жайылган жок.

Курман пединститутту бүтүп келип, эки жылдан бери райондун борборундагы орто мектепте завуч.

Жайкы дем алуу мезгилинде жайлоого барып, жайлоодогу комсомол, пионер иштерин тейле, бир четинен ден соолугунду чындап кел деп Райкомол комсорг кылып жиберген. Өзү да бул ишке чоң ыраазы. Жайлоого келгени айткандай эле ден соолугу аздап болсо да оңоло баштады. Кызматтан анчейин оорлук сезген жок. Көп учурларда малчыларды кыдырып жүрүшөт. Карыбек, Вера үчөө бир үйдө турушат.

Бош кездеринде жаштардын оюн-зоок кечелерине катышып, Вера экөөнүн бийлеген учурлары да болот. Кызыл үйдөн каалаган адабияттардан тандап окуйт. Айтор анда эригүү деген болбойт.

...Бир топтон бери Карыбек алдындагы кагазды чиймелеп жазып, негедир бир иш жөнүндө убараланып жаткансыды. Анын болук денеси тууралжын тартып, чаканыраак столго жарашык бергенсип нык олтурат. Жазып жаткан калем учун секин сыя челекке жөлөп койду да, чөнтөгүнөн кызгылтым тарагын сууруп майланышкан кара чачын желкесин көздөй бир нече ирээт тарады.

Төрдөгү шырдактын үстүндө кырданып жатып китептин барагына кадала көз жүгүртүп жаткан Курманды тигилип бир кыйлага карап олтурду. Окуп жаткан кызык окуясынан көңүлүн тумандатып, жолтоо болбоюн дедиби экинчи баракты аягына жеткенче үн деген жок. Жай гана анын көзүнүн кыймылын байкоодо.

— Менин оюмча,— деди Карыбек бир топтон кийин сөзүн жөнөтүп. — Агитаторлор жетишерлик түрдө тандалып алынды.

Биз алардын ишине күндөлүк контролдукту күчөтпөсөк болбойт. Ал эми почтальон жөнүндө колхоздун башкармасына кат жазуубуз керек. Газета, журналсыз агитаторлордун да иши өнүкпөйт. Анан жолдош Курман, кызыл үйгө жаштардын бош убактыларына карай смендештирип дежурный уюштуруубуз керек.

Курман анын айткандарын ичинен макул таап, шар жооп берүүгө камынган жок. Анын оюна башка бир маселе түштү. Ошону сунуш кылып, акылдашкысы келди.

— Менин пикириме кандай кошумчаңыз бар — деп Карыбек жоопсуз калгансып Курмандын жанына келди.

— Аксакал кечириңиз,— деди Курман кичи пейилдүүлүк менен. Сиздин пикириңиз мага абдан жагат.

Кызыл үйгө дежурныйларды көбүнчө жаштардан пайдалансак дейм. Менде алардын тизмелери бар.

— Андай болсо эле болгону. Тизмени илип коюу керек.

— Ал эми почтальонду да колхоздон киши сурабай эле, пионер балдардан дайындасак кантээр эле?

Карыбек Курмандын бул сунушуна тупадан туура эле каршы болгусу келди. Баары бир чыйрак тың балдар бекер жүргөнүн көргөнүм жок. Табыла койбос. Биз туш туштан бала издеп жүргөнчө иш кетенчиктейт деп ойлоду.

— Менимче биздин оюбуздагыдай бала оңой менен бул жерден табылбайт. Табылган күндө да жайлоодогу малчыларга күн алыстан газета-журналдарды, пакеттерди, каттарды ташып туруу бала үчүн өтө эле оорлук кылат.

— Алиги Жума менен Керимкул айткан балдарды билесизби? Алар ушул жерде жүрүшөт. Мен сүйлөшкөм эки айча почтаны эч кандай үзгүлтүксүз эле тарта турган чыйрак балдар бар. Алар азыр келүүгө тийиш. Аңгемелешип көрүңүз — деп, Курман сунушу четке кагыла турганына көзү жеткенсип шашып кыска-кыска сүйлөдү. Аракети балдарга берген убадасын иш жүзүнө ашырууда эле. Ал кечээ күнү дал ушул иш жөнүндө Абдыластар менен аңгемелешкен. Кары, Акай, Абдылас үчөө тең мен болоюн дешип талаша кетишкен. Курман акылдашып эртең менен үчөөң тең келип мага жооптошуп кеткиле деген.

— Макул эмесе, балдар келгенде сүйлөшүп көрөлү, Карыбек акырында Курмандын сунушуна арсар күмөн болгонсуду.

Көп күттүрбөстөн балдар да жетишти. Алар кечээтен бери өз ара акылдашып, Карыны почтальондук кызматка ылайыкташтыбы. Анын ата-энеси да каршы болушкан жок.

Салам айтып кирип келишкен балдарга дароо тигиле карады да — саламатсыңарбы жигиттер деп бош унчугуп Карыбек кайрадан балдардын тулку боюна үңүлдү.

— Кана, жигиттер, сүйлөй бергиле. Акылдашып болгондурсуңар. Пионер убадалуу, ишеничтүү,— Курман сөзүн төгүндүккө чыгып, Карыбекке уят болбогой элем дегенсип, кыдырата турушкан үчөөнү көзөмөлдөдү.

Бол айтпайсыңбы дегенсип, Акай жанында турган Карыны чыканагы менен акырын түрттү. Эмне сөз чыгар экен деп Карыбек сырткы кебетелеринен чыйрак көрүнгөнсүгөн балдардан жооп күтүп дулдуюп олтура берди. Качан айтасың дегенсип Абдылас да Карыны алдыртан алая тиктеп өттү.

— Мен иштемек болдум. Булар башка жумуштарды аткарат — деп Кары энтигип сүйлөдү.

— Почтону үзгүлтүккө учуратпай күн алыстан «Кенеш» колхозунун кыштагынан тартып келип, малчыларга кечиктирбей таратып тура аласыңбы? Карыбек шектенгендей Карыны тиктеди.

— Тартып келе алам. Атты тыңынан алып берсеңиз эле болду. Кары ушул сөздү айтып, эрдемсий түштү. Курман жагалдана сүйлөдү.

— Айтпадымбы, аксакал, биздин жаштар ылайыктуу иштен эч качан отказ кылышпайт. Андан көрөк өзү айткандай атын тыңдуулап берсек эле тынымсыз иштей берет. Койгон талабы, күткөн максаты орундала түшкөнүнө ичинен кымылдаган Курман жанакыдан да улам жагалдана сүйлөдү. Болуптур дегенсип Карыбек да башын ийкеп Курмандын сөзүн тыңшады.

— Бул үчөөнү мектеп директору Керимкул, председатель Жума атайын тапшырма менен жиберишкен. Айтмакчы, дагы бир кыз бар.

— Кандайча тапшырма?— деп Карыбек таң калгансыды.

— Биринчиден, мектептин тапшырмасы — окуу ишине керектүү өз крайларын тануу боюнча саякат уюштурушат экен: анда жайлоонун географиялык шарты менен таанышышат. Чөпчарды, гүлдөрдү катырышат. Көлгө, тоо таштарга барышат. Экинчиден, негиздүү иши — булардын ата-энелери уй фермасында иштешет. Уйлардын музоолорун жаш кезинен шефке алышыптыр. Ошолорду күзгө чейин багууга жардамдашууга милдеттенишкен. Учет иштерине да кол кабыш кылышат. Кечээ Батыштын айтканын уккан жок белеңиз.

— Уккам. Колдон келишинче бул жигиттерге да жардамдашууга тийиш турбайбызбы. Мага караганда мектеп иши менен тааныш эмессиңби, эгер бизден күткөн талаптары болсо орундатууга тырышыңыз,— Курманды жалт карады да, кайра балдарга бурулду.

— Иштей бергиле айланайындар. Мүмкүн катар бош убактыларыңарда күндөлүк жаңылыктардан ата-энеңерге газет-

журналдардан окуп берип да тураарсыңар. Анын бажырайган чоң көздөрү күлүмсүрөп балдарга тигилди. Баятадан бери дүңкүйүп эч иши жоктой тоотмоксон олтурган болук адам балдарга да сүйкүмдүү боло түштү. Бир аз үйүр алыша түшкөн соң балдар сүйлөөдөн анчейин коопсунушкан жок.

— Агай, сөзсүз окуп берип турабыз. Кары газетти тез жеткизип да турат. Бардык сырыбызды Курман атага айтканбыз. — Абдылас мандайындагы чыбырчыктаган терин ааарчыды.

— Силердин мага көрсөткөн он беш күндүк планыңар мага жагат. Айтмакчы, Витьканы дайыма араңарга кошо ала жүргүлө. Шаарлык эмеспи, андан көп нерселерди үйрөнүп аласыңар. — Курман бир кыйла акыл насааттарын айтты.

— Жолдош жаңы почтальон — деди Карыбек тамашалап азыр биз менен барып ат дайындатып ал. Каршы боло койбос. Эмгек күн да эсептешет. Анткени колхоз бир адам дайындоого тийиш болучу. А силер иштей бергиле айланайындар. Зарыл талабыңар болсо бизге кайрылып тургула. Түзүк иштесенер Курман экөөбүз Райкомолго докладдык кат жазабыз. Жарайбы?— деп беркилер менен коштошту. Балдардын көңүлдөрү куунак сыртка чыгышты.

— Көрдүңбү сонун адамдар экен. Эки агай экөө тең биз үчүн пайдалуу сөздөрдү айтышты. Айрыкча жайлоого Курман агайдын келгени сонун болбодубу. Эми иштейли, досум,— деп Акай Абдыласты далыга чапты.

— Албетте!— деди Абдылас кубанычтуу доошу менен.

## 21. БИЗДИН МИЛДЕТ

Айылдын бет мандайындагы чөккөн төөдөй ийриленип созулган жашыл белесчени көздөй бирин-серин балдар чубап келип жатышты. Витька менен Абдыласты ээрчип Айгүл да кошо жөнөдү. Ак-Таш жактагы коктудан үч бала келишти. Эки тараптан келишкен балдар бири-бири менен учурашышып, чоң киши кейиптенишип ал жайларын сурашты.

— Кой фермасында силерден башка балдар жокпу?— деп Акай алиги балдарга тигилди.

— Болгону эле ушул үчөөбүз. Сегиз жаштагы беш-алты бала бар. Аларды биз ээрчиткенбиз жок, деди четки сары бала чыйрак сүйлөп. Анын туурулуп кесилген жука беттери кеберсип, бажырайган тегерек көздөрү коймолжун тартып сабырдуу токтоо мүнөзүнө күбө болгонсуду. Чекесин кара дукаба менен кыюулаткан аппак кыргыз калпагы башына жарашыктуу кыналып турду. Витька алиги баланын кооз калпагына алдыртан көз чаптырып, ичинен жактырды.

— Болуптур,— деди Абдылас күтүлбөгөн жерден чочугансып сүйлөп. Эми иштерибиз жөнүндө сүйлөшөлү.

Балдар көк шибердин үстүнө уй мүйүз тартып имериле олтурушту. — Бар болгонубуз үркөрдөй бир ууч гана экенбиз,— Кары жанындагы кой фермадан келген баланын бирөөнө шыбырады. Алиги бала бурула карап:— Баса сени почточу болду дебеди беле. Кат, газетаны качан алып келесиң,— деп коопсуна карады да, «Мында эмнеге катышып олтурасың» деп айтып жибере жаздады.

— Эртеңден баштап иштейм. Деги сен газетага жазылдың беле?

— Ананчы. Менин колума «Ленинчил жаш», «Кыргызстан пионери» эки газетаны тийгизесиң, баса саякатка биз менен бирге барасыңбы?

— Үлгүрсөм силерге кошулам. Бүгүнкү жана мындан мурунку иштер жөнүндө старший вожатый Салый эжеге айтып барат эмесминби — Кары кызматына ыраазы болгонсуп компое түштү. Роза сагынып калгансып түштүк тарапка кыштак жакка көз жүгүрттү. — Баса эстегенде чөнтөгүңө салып койчу. Чолпонго алып барып бер. Ачпагын — деп чөнтөгүнөн чапталуу конвертти алып берди.

— Кары байке, менин пионер газетамды өз колума алып келип берип турасың ээ. Жакадан буудайдан дүмбүл ала келсең — деп Айгүл Карынын жанына олтура калды. Кары да кадимки салабаттуу чоң кишиден бетер Айгүлдүн бытыйган колун сылай кармап:— жарайт садагасы — деп эркелеткенсиди.

— Жыйналыш башталсын деген менде сунуш бар — деп Акай үнүн бийик чыгарып ордунан турду. Кандай дейсиңер дегенсип олтурган жолдошторунан жооп күткөнсүдү.

— Башталсын!— деп алиги балдардын бирөө да унчукту.

Абдылас ордунан көтөрүлүп жолдошторун күлүмсүрөй карады. Ал жыйналыштарда, сборлордо көп чыгып сүйлөп жүргөндүктөн, а дегенде гана бир аз кызара түшмөй адаты бар болучу, андан кийин кадимки такшалган адамдардай эле оюндагы сөзүн тайманбай сүйлөөгө көнүп калган. Макул — деди сөзүн жөнөтүп — тоодогу пионерлердин баш кошкон жыйналышы же кеңешмеси деп коёлу. Саны бир звенонун пионерлеринен да азыраак болгондуктан, жыйналыш башчыларын шайлабай эле койсок дейм. Туура дегенсип олтургандар баштарын ийкешти. Төш чөнтөгүндөгү кичирээк блокнотун баракгап, бир нерсени окумуш этип:

— Өзүнөргө белгилүү, жайлоого чыккан бирин-серин мектеп окуучуларына директой агай, вожатый эжеке орчундуу тапшырмалар берген. Жөнөй берерде мени чакырып атайын айтышкан,

Сөздү кыскартып айтканда биздин алдыбызда төмөнкү милдеттер турат. Биздин биринчи максат — өзүбүз шефке алган музоолорубузду, козуларыбызды семиртип, чыгымсыз багуу. Муну болсо иштегенсип жатабыз.

Андан кийинки орчундуу милдетибиз — өз крайыбыздын табийгаты менен таанышуу. Гербарий, коллекцияларды чогултуу. Саякаттарга баруу. Менин оюмча мурун силерге деле айтып жүргөм. Эртең саякатка чыксак деген сунушум бар.

— Туура! туура айтасың, убакыт жетти!— дешип ирээтсиз ар кимиси макулдугун билдиришти. Витька өтө кубанды. Кантип кубанбасын! Ал сулуу жердин жаратылышы менен таанышууга ашыкты. Меймандос жаш достору менен бирге жүргүсү келди. «Менде сунуш бар»— деди Витька колун көтөрүп.

— Сүйлөй бер,— Абдылас көңүлүн бурду. Кой фермасынан келген балдар момурап тып-тынч олтурган чоочун меймандардын булардын ишине кызыгуусуна таң калышты. Витька чочуркабай эле сүйлөй баштады. Олтургандар анын сөзүн угууга кызыгышты.

— Силердин бул ишиңер абдан жакшы. Эгер алыс жерге барып түнөсөк, костер жагышыбыз керек. Тамак ашты мол алууга тийишпиз. Менин фотоаппаратым бар. Болгон окуябыздын баарын сүрөткө тартамын. Мен да силердин сулуу жердин жаратылышы менен таанышкым келет.

Менде кандайдыр суроолору болобу дегенсип, олтурбастан тике тура берди.

Витька келгенден бери кыргызча сөздөргө мурункусунан дагы көбүрөөк түшүнүп калган. Ал түгүл Вера менен да кыргызча сүйлөшүү үчүн аракеттенүүчү. Балдар анын сунушун толугу менен кубатташты. Максатташ жаңы досту кубанычтуу карашты. Абдылас бул саякаттын планы жайлоо комсоргу Курман менен макулдашып түзүлгөнүн жолдошторуна айтты. Саякаттын планы менен бардыгы таанышып чыгышты.

Бир копиясы көчүрүлүп Карыга берилди. Ага старший вожатый Салыйга алып барып бермекчи болду. Саякат үч тарапка үч жолу жүргүзүлмөкчү. Биринчи жолку саякат — көлдүн кылаасына, Уй-Булак, Жер-Каптал деген жерлерге чейин барууга белгиленди. Эки күндө кайра келе алабыз деп чектешти. Баятан берки кеңешмеге Айгүл да өтө көңүлдүүлүк менен катышып олтурду. Оюнда алар менен бирге баргысы келди. — Сен да барасыңбы эжеке — деп Розага карады.

— Жок — деди күлүмсүрөп Роза. Мен көлгө барганда сүзө албаймын. Экөөбүз экинчи саякатка катышабыз.

Булар келгенге чейин мынабу белестерге чыгып ар түрлүү гүлдөрдү терип келип катырабыз. Музоолорубузду багабыз.

— Эжеке, баралы да. Витька байкем аларды ар түрлүү сүрөткө тартам деп жатпайбы? Экөөбүз түшпөй калабыз эмне,— таарынычтуу жал-жал тиктеди.

— Уктуңбу, Витька,— деди Абдылас сөзгө аралашып,— булар таарынып жатат. Роза менен Айгүлдү гүлдөрү, музоолору менен сүрөткө тартасың ээ?

— Ооба, сөзсүз, сонун тартам.

Айгүлдүн балалык кыялы Абдылас менен тез эле макулдашты. — Анда эле болду. Кенже менен Жагоомду кучактап туруп түшөм. Сен да Букетиңди кармап турасың ээ?— деп Розанын капталына сүйөнө кетти. Балдар эртең менен эрте ушул жерде чогулушмай болушту. Акайдын өгүзүнө жүктөрдү артып жөнөөгө макулдашышты.

## 22. САЯКАТ

Жол билгендиктен Акай алдына буюм-кечек жүктөлгөн өгүздү жетелеп бара жатты. Шымаланып жеңил кийинишкен балдар шыпылдай басып анын артынан ээрчип жүрүп олтурушту. Алардын көңүлдөрү сергектенип, кээде бирин-бири тамашалашып ойноп да кетишет.

Чаңкайып тунуп турган кирсиз асмандын түгөйүндөй мелтиреп алыстан көрүнгөн көлгө —«сени көздөй бара жатабыз» дегенсишип көздүн учкундарын узатышат.

Витьканын калың көгүш спорттук костюму денесине кынала, боюна жарашыктуу эле.

— Анык сырттын кийми экен. Калың дагы, бышык анын үстүнө жарашыктуу тигилиптир — деп сыйрык бет сары бала Абдыласка колу менен Витьканы көрсөттү. Асынып келе жаткан анчейин чоң эмес төрт чарчы булгаары капталган кутучаны ийнинен шып ала коюп Витька Акайдын алдына чуркап барып токтотту.

— Сүрөткө тартасыңбы,— деп Акай курун оңдонуп өгүзүн чукул жетелеп Витькага үңүлдү.

— Баарыңар тең орду ордуңарга тургула,— деди да, кутучанын ичинен кичинекей фотоаппаратын алып чыгып ары-бери көзүнө имерип өзүнчө текшерип көрдү. «Эми качан тартасың» дегенсишип беркилер тынчсызданып Витькадан көзүн алышкан жок.

— Азыр. Кыймылдабай тургула. Күлүп тургула. Акай өгүзүндүн башын оң жакка бура тарт. Кана мага тигилгиле,— деп оң колунун бармагынын учу менен эки жолу тырс эттирип басып, досторунун жансыз көчүрмөсүн тартып алды.

Күн дал төбөгө келген кезде көлдүн жээгине жетишти, өгүз-

дүн үстүндөгү жүктөрдү түшүрүшүп, жай олтуруп тамактанышты. Жээктеги өңгүл-дөңгүл болгон саздардан өтүшүп көлдүн кылда четине келишип карап турушту.

Билинер-билинбес соккон желдин таасиринен бы, мөлтүрөгөн көл удургуп жай түрүлө түшүп, кайра жазылып кетүүдө. Топтоп жеңил сүзүп жүрүшкөн каз-өрдөктөр кылычтын учундай ичке узун канаттары менен кээде сууну чаап өтүп чайк-чайк этип, ачуу үндөрүн чыгарышып, ак чардактар каршы-терши учуп жүрүшөт. Көк кытандын, чулдуктардын туш-тараптан чуулдаган үндөрү. Сарала моюн кооз аңырлар жай каалгый суунун үстүнө коно калышып, жарышкан балдарча жирей сүзүп жөнөштү.

— Витька жакында «Советская Киргизия» газетасынан окуган «Сөнун-Көл» деген кызыктуу макаланы эсине түшүрдү. Карыялар да Соң-Көл эмес мурунку аты «Сонун-Көл» болгон деп айтышат. Ошол сыяктуу негиздер менен илимпоздор «Сонун-Көл» деп аныктап жүрүшөт.

Макалада Соң-Көлгө (Сонун-Көлгө) дүйнө жүзүндө сейрек учурай турган канаттуулардын Индиядан, Африкадан, СССРдин Кавказ жана түштүк жактарынан учуп келери жөнүндө жазылган. Отуз-кырктай канаттуулардын аттары саналган.

— Кап десең, кайык болсо сүзүп ойнойт элек ээ — деп кара тоголок кичирээк бала көлдүн бетине суктана карап турган Витька менен Абдыласка бурулду.

— Ашыкпа досум — деди Витька алыстан көзүн албай кайык болгондо да моторлуу кайык аз жылда көл үстүндө ойноору шексиз. Ал гана эмес, тээтиги айыл конуп отурган жерлерге — деп кылаадагы айылды көрсөттү да — курорт, дем алуу үйлөрү салынса сонун болоор эле. — Сен, жакында бир илимпостун газеттеги макаласы жөнүндө уккан эмессиңби — деп кайрадан алиги «Сонун-Көлдү» эсине түшүрдү. Күн да балдардын самаганындай мемиреп, жылуу илебин так төбөдөн чачырата баштады.

Асмандагы бирин-эки самсыган булуттар батыштагы аркайган тоолорду бет алып жылып жөнөштү.

Балдар жылаңачтанышып көл суусуна түшүштү. Көлдүн бери четинен жүз метрче нарыраак ченде узун тилке аралча созулуп жатат. Ага дейре суу анчейин терең эмес болгондуктан, балдар балыктай сүзүшүп аралчага чыгып барышты. Аралчанын бетин узун камыш чөптөр каптаган. Аралап жүрүшүп, сасыткы, жөжө жарылбай калган өрдөктүн, чардактын жана да таанышбаган куштардын бир нече жумурткаларын табышты. Чоңоюп калган жөжөлөр көлгө түшө качышын балдарга карматпай сүзүп кетишти.

* * *

Кеч бешимде Кокуй-Кыр деген белчени ашышып, Уй-Булакка келип жетишти. Жайдыр-кыштыр Кокуй-Кырдын белинен аркыраган шамал өксү болбойт. Айрыкча кышкысын катуу бороон чапкындуу болгондуктан аны малчылар «Кокуй-Кыр» атап коюшкан имиш. Колот ылдый жүрүп олтурушуп жүктү үңкүрчөнүн оозуна барып түшүрүштү.

Абдылас, Витька жана алиги кара тоголок кичирээк бала болушуп, жердин таманын биртике чукуй түшүшүп узун таяктарды орнотушуп, таарларды жаап чатыр жасап жибериштн.

Акай баш болгон үчөө ышкын уулап кетишти. Акай Уй-Булакка жылыга келе турган. Анткени Уй-Булактын ышкыны өтө коюу, анын үстүнө кеч чыгат. Алар отун да ала келүү үчүн белдерине жип курчана кетишкен.

Кара тоголок бала чатыр жабылып бүткөн соң «эч ишим жок»— дегенсип, ышкынга кеткен балдардын артынан жөнөдү.

Витька кыйлага чейин фотоаппараты менен алышып жатты да, чөнтөгүнөн «күндөлүк дептерчесин» сууруп чыгып жазууга киришти.

— «Менин бул келишим өтө пайдалуу болду. Кыргыздын мындай сулуу жайлоосунда көңүлдүү дем алууга болот экен. Баарыдан да кооз жаратылышы мени аябай таң калтырды. Мен мындай жерди мурун такыр көргөн эмесмин. Малчылардын көчмөндүү турмушу өтө кызык, жана жакшы экен. Баарыдан бүгүнкү жүрүшүбүз көңүлдүү. Мен жаңы досторума кошулуп саякатка чыктым. Тамак-аш, буюм-кечебизди өгүзгө артып алдык. Көлгө келдик. Көлдүн үстүнөн кинодон көргөн куштарды өз көзүм менен көрдүм. Газетага чыккан «Сонун-Көл» деген макала менин көз алдымда азыр да тартылып турат. Андагынын баары чындык. Бир айыбы кеме жана көлдүн кылаасында дем алуу үйлөрү гана жок. Ынтымактуу досторум менен көлгө сүзүп эки саатча жүрдүм. Мен алардын саякатта жүргөн сүрөттөрүн тартып алдым. Алар мени абдан жакшы көрүшөт. Бир кырды ашып Уй-Булак деген жерге келдик.

Бүгүн түнөйбүз. Кечинде костёр жагабыз. Досторум булуттар көтөрүлө баштады күн жаайт дешет. Түндө жаан жаабаса экен. Өзүбүз жасаган чатырдан жаан өтөбү деп чочуйм. Бирок эчтеке эмес. Айла кетсе, үңкүргө корголойбуз.

Эртеңки күнкү саякатка жолтоо болбосо эле болгону. 12-июль».

Күн кечеңдеп калган мезгилде кургак чегедектерди, анын үстүнө бир көлтуктан ышкындарын таңа көтөрүшүп, Акайлар келишти.

— Силердин айдалуу ышкыныңар бар го, Абдылас аларды тамашалап күлдү. — Ананчы — деди Акай ууртунан жылмайып. Бети сыйрык сары бала үңкүрчөнүн түбүнө таштардан тегеректеп коюп, костёр жагуу үчүн очокту даярдады.

— Соң-Көлдүн ушул адаты жаман — деди кара тоголок бала асманга үңүлө — карагылачы, эмитен эле тамчылай баштады. Күн күлүңдөп туруп эле токумдай кара булут пайда болсо, ошол жерге жамгыр төгүп жиберет. Ал карыялардын ушинтип айтканын көп уга турган. Чындыгында эле Соң-Көл үстүнө булут көтөрүлсө болгону. Так ошол жерге жаан жаайт.

— Жүргүлө!— деп ичиркенгенсип бүткөн боюн жыйрылтып чатырдын ичинде олтурган жолдошторунун үстүнө кирип барды. Жүргүлө! Үңкүргө ташынып кирели. Антпесек таң атканча бөйдө калчылдайбыз.

Беркилер анын акылын туура табышты. Ылдам эле үңкүрдүн ичине ташынып кириштн. Акай өгүзүн жайдактап аркандап койду.

Коюу кара булут асмандын бетин чүмкөп, жамгырды жердин бетине нөшөрлөтүп төгө баштады. Айлана күңүрт тартып, күн уясына жашынгандай болду. Кээде асмандан тарсылдаган доош чыгып, чагылган чартылдап, жарк-журк эткен шоолалар түшүп жатты.

Балдар таар кийим-кечелерин алдыларына төшөй оронушуп, үңкүрдүн түбүнө корголошту. Акай менен бети сыйрык сары бала көтөрүп келишкен чегедектерди үңкүрдүн оозгу капталына үйүп ташташып, таштан жасалган очоктун ичине чегедектерди сындырып тамызышты.

Биликтей созолонгон оттун кып-кызыл жалыны асылуу турган чоюн чөгүндүн бөрсөйгөн капталын аймалап көгүш түтүнүн үңкүрдүн төбөсүн көздөй жөнөтүп жатты.

— Ана костер күйдү. Тегеректей олтуруп аңгемелешебиз,— Витька жамбаштап жатып үргүлөй кеткен Абдыласты чыканагынан тартып ойготту. Акай тарелканын капортосунан буудай талканды акырындык менен чөгүндүн ичине түшүрүп, быжылдап кайнап жаткан сууга чалды.

Кара тоголок бала куржундун ичинен сүт куюлган флягдын бирөөн алып, кайнаган соң кошобуз дегенсип очоктун жанына койду. Куржундун экинчи көзүн ачып, боорсок менен консерванын челегиндеги каймакты алды. Чегедектерден улам ичкелетип жагып коюп олтурушкан Абдылас менен Витька узун аңгемеге кирип калышкан эле. Тамактанып болушкан соң отту алоолонто жагышып, сөздүн кызыгына баткан балдар күндүн нөшөрлөтүп жаап жатканын сезишкен да жок.

* * *

Кечээ кечке жөө басышып чаалыккандыктан, анын үстүнө костерду тегеректей олтурушуп терең аңгемелешип кеч жатышкандыктан улуу шашке болгондо араң ойгонушту. Күн чайыттай ачылып, мээримдүү нурун жердин бетине тегиз чачыратып турган эле.

Баары тегиз ич кийимчен гимнастикалык оюндарды аткарышты. Денелери чыйрала түшкөн балдар өзөндүн таманына барышып, мөлтүр муздак сууга жуунушту. Акайдын сунушу боюнча балдар бүгүнкү жүрүштө эки тарапка бөлүнүштү.

Биринчи бөлүк — Жер-Капталга чейин барып, өзү атылып чыгып жаткан булакты көрүп келишмек болду. Экинчи бөлүк ушул эле Уй-Булактын айланасында калды. Кечинде так ушул үңкүрдөн табышууга убадалашты. Кара тоголок балага кошулуп эки кичирээк бала тигилерди узатып коюшуп, ышкындуу көк бетке чыгышты.

Акай баштаган команда түш оой Жер-Капталдын калың чер карагайлуу токоюн аралап жүрүшүп капысынан үч эликке жолугушту. Чукул качкан эликти көрүп:— Кап, мылтык ала жүрсөк эмне,— Витька кейип, жолдошторуна тигилди.

— Ушул курбу таштардан ылдый түшүүгө тийишпиз, этиеттеп баскыла,— деди Акай өзү ылдый карай такаанчыктап түшүп бара жатып. Анда-санда сербейип чыккан бадалдарды, орсок таштарды кармап, буттарын ылдый түшүрүп олтурушуп араң зорго кичинекей тектирчеге түшүштү.

Акай беркилерге кайрылбастан сол кол тараптагы кумдуу жерге чуркап барды да:

— Мен турган жерге келгиле. Дал өзүн таптым — деп жоготкону табылгандай сүйүнүчтүү кыйкырды. Беркилер дуу коюп жетип барышты. Жердин астынан куду фонтандай болуп, жарым метрче типе-тик атылып чыгып жаткан тунук сууга тигилишип бир кыйлага карап турушту. Кээ бири алаканын тосуп жутуп да жибериштн. Даамы жок. Кадимки эле суунун өзү экен, бети сыйрык сары бала тамшанды.

— Көрдүңбү фонтан өңдүү атылып жатат бул артезиан кудугу тура. Мындан алда канча чоң кудуктар, Кавказ, Крым тоолорунда өтө көп болот дешет. Силер деле окугандырсыңар,— деди Витька күлмүңдөп.

— Ооба, ырас айтат. Мурдагы жылы биз бешинчи класста экенде географиядан окубадык беле — Абдылас Акайга тигилди.

— Ырас айтасың, жердин астында бир нече суулу катмарлар болот. Кээ учурда эки жагынан катуу тектердин арасына

кысылган суу бир аз борпоң катмарга учураса тике атып чыгат.

Мындай кудуктар артезиан кудугу болот деп окуткан болчу.

— Ооба, ооба. Мугалим ал түгүл доскага сүрөтүн да тартып бербеди беле. Баса ошондо мугалим ушул кудукту да мисал кылбады беле.

Илим жүзүндө окугандарын өз көздөрү менен көрүшкөнүнө жаш муундар аябай ыраазы болушту. Окуу башталганда ар кимиси география сабагынан берген мугалимге айтып берүүнү ойлошту.

— Бул гана эмес,— деди Витька көгүлтүр тунук көзүн ойноктотуп. Тоо, көл, атмосфера жөнүндөгү географиядан окугандарымдын көбүн ушул силердин тоолордон байкадым десем жаңылышпаймын, ишенбесеңер мен барын далилдеп көрсөтөмүн.

Анын ак жуумал жүзү тамылжый түштү. Орто мектепти бүткөндөн кийин, университеттин геологиялык-географиялык факультетинен окуп, геолог-инженер болуп чыккан соң, ушул кыргыз тоолорун изилдесем деген таттуу кыял көз алдынан сызып өттү. Азыр деле жолдошторуна географияга өтө кызыккан илимпос сыяктанды. Сонун учурда оюна түшкөн таттуу пикирди эми эле олтура калып, блокнотуна түшүргүсү келди. Кайра тартууга камынып турган жолдошторун көрүп «Бул кандай обу жок неме» деп айтышат го дегенсип айбыкты.

Алиги үңкүргө жакындай калышканда Кары астынан тосуп чыгып салам айтып, курбуларына кубанычтуу унчукту. — Мен бекер келгеним жок. Силерге кат, газета алып келдим. Ме!— деп сумкасынан Абдыласка бир кат, Витькага үйүнөн келген катты, бардыгына тең мурун бөлүнүп коюлган газеталарды берди. Ар бири күдүңдөшүп колдоруна тийген асыл буюмга тигиле карашты. Жабалактап көзүн албай кадалып жаткан жолдошторун көрүп, «Менин кызматым да оңой эмес экен» дегенсип, Кары күрсүнүп койду.

Абдылас колундагы таза, аппак конвертти ачканда берметтей тизилген тамгалар көзүнүн учкундарына жабыша калгансыды...

«Кымбаттуу Абдылас! сенин баргандан берки иштериңди угуп, чоң кубанычта болуп жатабыз. Берип жиберген саякат жөнүндөгү планың мага абдан жакты. Курманга акылдашып турганың абдан жакшы. Ал киши менен тыгыз байланышта бол. Сен жана жолдошторуңдун иши жөнүндө Райкомолго докладдык кат жазып жибердим. Талыкпай иштей бер. Мындан берилген тапшырмаларды толугу менен орундатууга тырыш. Алиги силер менен окуган Бүбүш деген кызды мындагы жолдошторуң жана Ашым агай консультация берип, күзгү экза-

менге даярдап жатат. Пионерлер жапырт чөп чабуу жумушуна жардамдашып жатышат. Жакшы дем алып келгиле. Берки жолдошторуна менден салам айтып кой.

Эжең Салый».

— Ыракмат, досум,— деп Карынын колун кыса кармап, мандайындагы чыбырчыктаган терин сүрттү. Кубаныч бийлеген жаш денеси ысып, Салыйдын салабаттуу көрктүү элеси көз алдына тартылды. Вожатыйдын урматтуу саламын жолдошторуна айткысы келди. Саякат аяктагандан кийин иштелген ишинин жыйынтыгы жөнүндө түзүктөп туруп Салыйдын катына жооп жазууну ойлоду. Үңкүргө жеткенде Салыйдын катын мында калган жолдошторуна үнүн бийик чыгарып окуй баштады.

## 23. МЕН ДА КААЛАБАЙМ

Көндөйдүн өрөөндөрүндөгү ар кайсы айылдан беш-ондон топ-тобу менен самсыган эл кадуу жолго түшүшүп Бурган-Суу тарапты бет алып жөнөп жатышты. Топтошуп бара жаткандардын арасынан малчы жаштардын тамашалуу сөздөрү, шаңкылдаган күлкүлөрү, шаңдуу ырлары угулат. Колхоз жаштарынын мындай көңүлдүү жүрүштөрү эмгектин салтанатында эркин сайрандап баратышкандай сезилет. Азыркы кетип бара жаткандардын ичинен жеке гана малчыларды эмес, үйдө жаткан карыяларды, жаш балдарды да көрөсүң.

Айтор, майрам күндөрдөгү жалпы элдик жүрүштү көзүңө элестетесиң. Айгүл менен Роза эртең менен эрте колоттогу айылдан бир топ алысыраак жердеги белесчеге келишип гүл терип жүрүшкөн. Түрлүү түстөгү тоо гүлдөрүнөн жыйнап жаткан букети тутамына толо түшкөндө Айгүл башын жогору көтөрүп чарчанкырагансып айланага көз жүгүрттү. Кадуу жолдо чубап кетип бара жатышкан элдин акыркы карааны чалдыга түшкөндө, тегерек кап-кара көздөрүн ойноктотуп Розанын жанына чуркап барды.

— Көрдүңбү эжеке, элдин баары Бурган-Сууга баратат. Бир кызык болуп жатса керек.

— Билдим, билдим. Артисттер келет деген. Жүрү, эжеке, биз да жөнөйлү. Ырдап берет. Жакшыларынан үйрөнүп алабыз. Жүрсөң, элге ылдамыраак жетели,— деп Айгүл Розаны колунан тартып шаштыра баштады. Алар белесчеден эңкейиштеп түшүп келатканда асты жактан атчан Кары кыздарда зарыл иши бардай шашыла бастырып келе жатты. Жакындай бергенде эле:— Бол тезирээк чуркагыла! Сонунду көрбөй калмак болдунар,— деп кыйкырды.

— Айтпадымбы, жүрсөң, эжеке, чуркайлы. — Айгүл ого бе-

тер шашылды. Анын балалык кыялы ашыгып, тез эле жетип барууну самады.

— Эмнеден кечиктик, чындыгын түшүндүрчү? — деди Роза Карыга бурулуп. Кары ниетинде адатындай тамашага чалгысы келди, бирок айылдагылардын айрыкча Батыштын кыздарды тезирээк жеткир деген сөзүнөн улам болгон ишти айта баштады.

— Карыбек менен Курман агай Көңдөйдөгү айылдарга бир киши чаптырыптыр. Кызыл үйдө бүгүн күндүз эки чоң иш болот экен. Биринчиси — райкомдон киши келиптир. Ал жыйналыш өткөрөт имиш. Чоң маанилүү жыйналыш дейт. Экинчиси — болгондо да борбордон, Фрунзенин артисттери келиптир, концерт көрсөтүшөт дейт. Ошого баарын чогултуп кетти. Айылда нымым киши калган жок. Мени болсо силерди алып кел деп жиберишти. Баятадан бери таппай бир кыйлага убара болдум.

— Көрдүңбү, эжеке, биз мурун эле билип койгонбуз ээ? — Айгүлдүн сүйүнүчү койнуна батпай күлүңдөдү.

Кары Роза менен Айгүлдү ээрге мингизип, өзү учкашып Бурган-Сууну бет алышты.

Кызыл үйдүн эшигинин алдындагы шиберге уй мүйүз тартып катар-катар олтурган элдин саны улам арбый берди. Чоң боз үйдүн эшигин тындырбай жайлоо активдери кирип чыгып жүрүшөт. Азырынча олтурган элдин арасынан өз ара сүйлөшкөн үндөр, анда-санда шарактап чыккан жаштардын күлкүлөрү өкүм сүрүп тургансыйт. Качан башталаар экен дегенсишип кээ бири боз үйдүн эшигин үңүлө карашат.

Кары айылдан обочороок жерге кыздарды түшүрүп атын байлады. Айгүл быкылдап олтурган элге жакындай бергенде Розадан да озунуп эдиреңдеп чуркап барды да кимдир бирөөнү жоктогонсуп тура калды.

Артисттер жашырынып калгансып элдин баш аягына кыдырата көз чаптырды. Кызыл үйдөн эки жигит элдин ортосунда салынуу турган килем, шырдактардын үстүнө столду көтөрүп келишип, үстүн кызыл сатин менен жабышты.

— Кызык, артисттер жок да. Жыйналыш болчудай столдорду алып келишкени эмнеси,— деп Айгүл уят болгонсуп Розаны жалт карап тилин булгайтты. Чет жакта коомайсынып олтурган кара сур келин кыздарга бурулду. Розажан астыга өтүп тетиги кыздардын жанына олтурсаң — деп өйдө болуп жол бошотуп берди. Кетенчиктеп ордунан жылбай турган Айгүлдүн жанакы сөзүнөн улам:

— Артисттер азыр чыгат. Тигил үйдө даярданып жатышпайбы? Тигине алдыда отурган апаңды көрдүңбү ошо жакка бара кой деди.

Чын айтасыңбы я жеңеке бай.

— Ооба. Кантип калп айтайын. Бара кой. Бул жерден жакшыраак көрө албайсың деди алиги келин күлүмсүрөп.

— Ий сонун болгон тура — деп, Айгүл кыйкырып жиберди. Аны өзү да байкаган жок. Бул үн кубанганынан чыгып кеткенсиди. Олтургандардын бир тобу кичинекей кыздын мүнөзүнө кызыгышып тамашалашкысы келишти. Алардын сөздөрүнө көңүл бурбастан Айгүл алдын көздөй ачык жер менен акырын аттап өтүп апасын издеп жөнөдү.

Аңгыча болбой үйдөн кишилер чубап чыгышып, столдон орун ала башташты. Бул көрүнүшкө таң калгандай Айгүл апасына шыбырады:

— Бул эмнеси, артисттер ырдайт дебеди беле. Канакей?

Жөн олтуруп сөздү угузчу, балам,— деп жыйналышты ачып жаткан Карыбектин сөзүн тыңшады. Карыбек сөздү райкомдун өкүлүнө берди. Сүйлөп жаткан докладчынын сөзүн тыңшап тым-тырс болуп олтурган элди байкап, дагы сурасам апамдын ачуусуна тийип, элге уят болом деген ойго келип, сөзгө көңүл буруп өндонуп олтурду. Докладчы элге карап үнүн жандуу чыгарып, ирээттүү тизмектештирип сүйлөп жатты. Маңдайына куюлуп түшкөн кара чачын оң колу менен жогору сылап коюп сөзүн улантты.

— Бул бактылуу, көңүлдүү турмушту бизге социализм жеңген советтик өлкө гана куруп берди. Американын согуш отун тутандыруучулар биздин жыргалдуу турмушту көрө алышпай, согуш баштоону каалашат, бирок алардын адилетсиз оюн таш кабат. Себеби — бүткүл дүйнөнүн миллиондогон ак ниеттүү адамдары согуш отун тутандыруучуларга каршы бир кишидей болуп көтөрүлүштү. Тынчтыкты жактоочулардын кубаттуу кыймылы күн сайын кеңири кулач жайып бара жатат. Тынчтык — бул миллиондордун үнү, миллиондордун сүйгөнү! Тынчтыкты жактоочулардын биримдик күчү — бузулгус граниттүү аска. Согуш отун тутандыруучулардын жырткычтык планы мына ушул аскага тийип бырын-чырыны чыгат.

Бизге согуштун кереги жок! Ар бирибиз тынчтыкты жактоочулардан болуп эсептелебиз. Биздин өлкөнүн тынчтык саясаты эл чарбасын өркүндөтүү коммунизмдин жаңы курулуштарын орнотуу, элибиздин маданий турмушунун жыргалчылыгын көтөрүү үчүн багытталган. Биздин өлкө бүткүл дүйнөдөгү демократияны жактаган элдердин тиреги. Тынчтыкты жактоонун бүткүл дүйнөлүк советинин дайыма иштөөчү комитетинин чакырыгына бир кишидей кошулуп өз колдорубузду коёбуз — деп докладчы сөзүн аяктады.

Тикчийип тыңшап турган Айгүл талыкшып кеткендиктенби, же сөзгө толук түшүнө албай калгандыктанбы, көзүн ирмеп, ме-

мирең олтурган элди карады. Докладчынын сөзү олтургандарды аябай таасирленткендей болду. Өз ара кобур-күбүр башталды.

Чачы кардай агарган карыган байбиче бөкчөндөп элдин маңдайына келип, каргылданган үнүн көтөрүңкү чыгарып сүйлөй баштады.

— Согуш — кайгы. Элге кайгы түшүрүүнү ойлогон арамдарга жана балам айткандай, дүйнөнүн мендей карыларынын каргышы тийсин. Өзгөнү айтпайын, согуш мени үч баламдан ажыратты. Согуш болгон жерде кыргын болот. Чоң үйдө мен жалгыз эки кичинекей неберем менен калдым. Тынчтык бар жерде жыргал бар. Неберелеримди тынчтык күндөрүндө тарбиялап өстүргүм келет. Согушту чыгарам деген акмактар ылайым жакшылык көрбөсүн. Мендейлердин көз жашы дарыя болуп агып, кутурган арамдарды агызып өлтүрсүн. Мен өмүрүмдүн акырын тынчтык турмушта жашап өткөргүм келет. Тынчтыкты каалагандарга кошулуп колумду коёмун,— столдо үймөлөктөп кол коюп жаткандарды көздөй басты. Эл арасында толкундуу кыймыл башталды. Чогулган эл биринен сала бири чыгып сүйлөп, чакырыкка кол коюп жатышты.

Тынчтыкты жактоочулардын бүткүл дүйнөлүк советинин дайыма иштөөчү комитетинин чакырыгына эмгектеги жетишкендиктерибиз менен жооп беребиз! — деген жаңырыктар чыкты.

Тогуз жашар чамасындагы бир кыз чыгып сүйлөп жатканда Айгүл тикийип көзүн алган жок. Анын — согуш болбосо мен атамдан ажырабайт элем. Мен согушту каалабаймын—деген кыжырланган үнү чыкканда, Айгүлдүн өңү кумсарып негедир ачуусу келгенсиди. Жука ээрдин кесе тиштеп.

«Мен да атамдан ажырабайт элем. Согушту каалабайм» деп кобурады. Бурма апа кызынын эмне сүйлөп жатканын байкабады. Олтурган элдердин бардыгынын жүрөгүндө жалгыз гана терең тынчтык жөнүндөгү таттуу пикир эрип, бардык кан тамырларына таркап, өмүрүн азыктандырып жаткансыды. Чындыгында эле советтик адамдардын канында тынчтык менен бакыт ширелишип түбөлүк сиңгендиги эч кимге талашсыз нерсе эмеспи!

* * *

Көрүүчүлөрдүн көз кумарын кандырып, сезимдерин толкутуп, кыялын ого бетер назиктендирип элдин сүйүктүү чеберлери өз өнөрлөрүн көрсөтүп жатышты. Эгиз балдардай окшош жана өтө кооздонуп кийинген артисттер а дегенде жалпы турушуп салтанаттуу хорлорду аткарышты. Алардын толкундуу үндөрү бир адамдыкындай шаңдуу чыгып угуучулардын көңүлүн өзүнө

тартты. Алардын үнүндөгү назик жаңырыкты коштоп, музыканын жыбылжыган доошу ого бетер уккулуктуу. Айтор, алардын шаңына айланадагы жаратылыш да өзүнүн үнүн кошконсуйт...

Хорлордо кайра-кайра кайталанып чыккан кээ бир таасирлүү кайырмалар, өзүлөрүнүн сонун овондору менен шыктуу жаштардын сезимдерине жатталып калды.

Айрыкча «Демократиялык жаштардын гимнинин» — «Биздин ырды баса албайсың эч качан, Эч качан! — эч качан!» — деген күчтүү өтө оор салмак менен салтанаттуу чыккан саптары кант оозго кандай татыса, жаштардын сезимине так ошондой татып жаткансыды. Тынчтык жөнүндө эми эле айтылган сөздөрдү, элдин жүрөгүнө терең сиңген пикирлерди артисттер да көркөм сөз, көңүлдү уюткан овондор менен ого бетер терең чөгөрүштү.

Жекече аткаруучулардын ичинен патефондон, радиодон үндөрүн угуп жүргөн адамдарды өз көздөрү менен көрүшүп, алардын өнөрүнө таңдана карашты. Кээ бири өрүктөн жасалган комуздун беттерине шадылуу колдорун жорголотуп үч кылдан ар түркүн назик күү чыгарып сайратса, кээ бири жагалданып коңгуроодой кубулжуган үндөрүн созо таштап, жүрөктү элжирете ырдап беришти. Эл шайырларынын бүгүнкү концерти бир топтон бери эңсей түшкөн тоолук малчылардын моокун кандырып, рахаттын кучагына термелтти.

Бир күндө туш келген эки чоң көрүнүшкө ыраазы болуп, көңүлдөрү толгон эл күн бата үйлөрүнө бет алышты.

* * *

Айдын шооласы үзүктүн, түндүк жабуунун жылчыктарын көзөй өтүп, боз үйдүн ичине жарык нурду чачып турат. Бурма жаткан эпчи жак керегенин кызылга боёлгон түстөрү ай нуруна ого бетер күмүш чапкандай жалтырайт. Аппак куш жаздыктын үстүн жылкынын туу куйругундай кайраттуу көмүрдөй кара чач жаап жатат. Бурманын нары катарындагы кичинекей ак жаздыктын үстүндө Айгүлдүн тегерек кыркылган жумшак саргылт чачтары чачылып, тал-талынан билинер-билинбес дилдирей түшөт.

Жаздыктын үстүндө кичинекей манжалары артылып алсыз кыймылдап жумула түшүп, бытыйган муштумун бирөөгө жаксап жаткансыйт. Кимдир бирөө менен урушуп, ага ызырынып, жуп-жука эриндери бүлк-бүлк этип, быжыраган майда тиштерин кычыратат. Жапыс кабагын түйүп эмнегедир кыжырлангансыйт. Артылып жаткан кичинекей аппак колдорун тартып алып, апасы жакка ыңгайсыз которулуп чукураныш кетти.

Шактагы мөмөдөй мөлтүрөгөн жүзү кумсарып, катуу ачуу-

ланып, жапа чеккенсийт. Бир иштен катуу ызалангандай өпкөсү көөп үстөккө-бостоk солуктай баштады.

Айгүлдүн солуктаган ички добушу эненин кулагына магнит-тей тартылып, чоочуп ойгонду. Уйкулуу көзү менен кызынын мойнунан удаа-удаа жыттап кырынан которуп жаткызды. Шадылуу манжалары менен кызынын бети башынан сылай:

— Эмне солуктап жатасың, каралдым? — деп, башын көтөрүп тизесине жөлөдү. Өпкөсү көөп, энтигип калган Айгүл түшүндө ишти чындыгында эле болуп жаткандай сезип көзүн ачпай шолоктоп: «каа...ла...бай...м... каалабайм» — деп энтиге берди. Бурма кызынын үстүнө үйрүлүп түшө:

— Эмнени каалабайсың, айланайын, уйкуңду аччы,— деп жалына берди.

Айгүл тегерек көздөрүн үлүңдөтө ачып апасын тиктеди. —Жанагы кыз жыйналышта айтпадыбы. Мен да согушту каа...лабайм. Согуш мени атамдан ажыратпадыбы. Согуш болбосо атам мени эркелетип, үйдө болбойт беле. Согушту сен да каалабайсың, ээ апаке? Согуш болбойт. Мен жакшы окуйм,— терең улутунуп, апасынын мойнунан кучактап калды. Бурма сегиз жашар кызын удаа-удаа бооруна кысты.

— Согуш сендей балдардын далайын атасынан ажыратты. Атаң кеткенде сен курсакта калгансың. Согуш ачып, далайдын убалына калган жырткыч Гитлер бүт дүйнөнүн элине шүмшүк болуп жерге житип жоголду. Эми согуш ачам деген Трумэн өлүксүз ошонун кебетесин кийип жатат. Согушту мен да, сен да, бүткүл эл каалабайт. Бизге ушундай бактылуу турмуш керек. Сен байкең экөөң окуп, билимдүү адам болосуңар,— деп Бурма ойго чөмүлө, Айгүлдүн чачынан сылады.

— Элдин баары тынчтыкты каалайт. Согуш болбойт. Жыргап окуй берем ээ? — деп, апасынын сөзүн кайталап Айгүл жаздыкка башын койду.

## 24. ТӨЛБАШЫ АКСАГАНДА

Роза Айгүлдү ээрчитип алып, айылдан көп алыс эмес жердеги белестерге барып, ар түрдүү гүлдөрдү, сейрек учурай турган өсүмдүктөрдү көп чогултуп алган. Аларды этнеттик менен биология мугалиминин үйрөткөнү боюнча бир топ күндөн бери катырып кургатууга киришкен. Ага Айгүл дайыма жардамдашып турду. Розанын иштерин көрүүгө кызыгып Абдылас атайылап үйүнө келди. Айткандай Розанын ишинин үстүнөн чыкты. Ал астыртан Абдыласты жылмайып карап алды.

— Кел, Абдылас, мага жардамдашсаң боло? — деп жыйнаштырып жаткан кооз гүлдөрүнө тигилди.

— Ой, боой катырып да жиберген турбайсыңбы? Айгүлдүн айтканы чын экен го,— деди Абдылас бөлөк-бөлөк жайылып турган гүлдөрдү кармалап. «Кантсе да биздин иштердин далайын бүтүрүп таштаган тура» — өтө чебердик менен катырылган өсүмдүктөрдөн көзүн албады.

— Буларды аралаштырууга болбойт,— деди Роза ичке сөөмөйлөрү менен ар бирин лыпылдатып өзү жасаган папкалардын ичине салып жатып.

— Көрдүңбү, мына бул бөлөк-бөлөк коюлуп турганынын себеби бар. Ар бири ар башка белестерден терилген. Өсүмдүктөрдү бир эки күндө эле оңой-олтоң катыра коюу деген кымбат иш экен. Анын үстүнө бизде тез өңүнөн өчүрбөй катыруу үчүн химиялык дарылар да жок. Чынын айтсам аябай кыйналдым. Мугалимдин былтыркы сабакта жасап көрсөткөндөрүнүн чоң пайдасы тийди. Далайлары солуп да калды. Эми машыгып калдым.

Анын тамылжыган нурдуу балапан жүзү өзү жыйнаган гүлдөрдөй көрктүү ачылып, гүл турмуштун гүлдөгөн бактылуу баласы экендигин аныктап турду.

Абдылас чебер курбусунун жумушуна этиеттик менен кол кабыш кылып жатты. Качан гана катырылган өсүмдүктөр папкалардын ичине салынгандан кийин кылдаттык менен көтөрүп барып жүктүн түбүндөгү чемоданын ачып, кынаптап жыя баштады.

Чемодандын ичиндеги бир катар жыйылуу папкаларды көрүп, Абдылас ичинен ого бетер кым дей түштү да:

— «Биздин жерде кандай гүлдөр өсөт» — деген темадагы гербарийди түзүп жатабыз ээ? — Розаны күлүмсүрөй карады.

— Жаңылышасың,— деди Роза ууртунан жылмайып,— биздин жер көп. Ошондуктан менин жыйнаган гүлдөрүмө «Соң-Көлдө кандай гүлдөр өсөт» деген темада гербарий түзөм. Мындан кийинки жыйнагандарыбызды силер макул болсоңор ушул темага эле кошобуз. Эми алыс жерлерден жыйнообуз керек. Жаңы окуу жылына жаңы белектер менен барганыбыз дурус.

Абдылас кыйлага чейин ойлуу калыбынан козголгон жок.

«Туура тема таптың. Менимче, жалгыз эле гүлдөр эмес, башка дары-дармек өсүмдүктөрүн, сейрек учуроочу чөптөрдү да чогултууга тийишпиз. Сенде да бар тура. Ошондуктан «Соң-Көлдө өсүүчү дары-дармек өсүмдүктөрү жана сейрек учуроочу чөптөр» деген темада дагы бир гербарий түзүп баралы, эми биз да жардамдашабыз, менин бул пикириме кошулаарсың». Экинчи саякатка Розанын кошо барарын угуп, кубанган Абдылас эч жакка бурулбастан, жайыттагы музоолорун көздөй жөнөдү. Жантайма боорчонун этегинде жайылып оттоп жүргөн музоолору «келип калдыңбы?» дегенсишип баштарын жерден алып Абдыласты маңырайып карап калышты.

— Оттой бергиле — деп, Гүлдүн жонунан сылап бир аз эркелетип турду да, нарыраак ченде кичинекей ийиндин жанында бүктүшүп жаткан Төлбашыны көздөй басты. Бакырайган чоң көздөрүн жалжылдатып, мунайгансып Абдыласка тигилди. Ал аны байкас алган жок. Секин бутунун башы менен басып, жанына барып чөгөлөй олтурду. Дүндүйгөн, какачтанган мүйүздөрүн кармалап көрүп, төрсөйүп тойгон курсагына үңүлдү. «Мага тийбе. Уктап эс алайын» деп жаткансып ныксырап каалгып башын чайкады.

— Уктай гой. Сага жолтоо болбоюн,— деп пикирине түшүнгөнсүп, ордунан туруп нары жөнөдү. Төлбашы ордунан былк эткен жок. Абдылас колотчону имерилип өрдөй бергенде ийиндин оозунда капкандан суур чыгарып жаткан Акайды көрдү. Бери кел! дегенсип Акай ордунан обдулуп колун булгады. Экөөлөп суурдун терисин сыйрып, капканды башка ийинге жик билгизбей салып коюшту да, эки суурдун терисин коомай кармашып кайра тартышты.

— Сенин мергенчилик кесибиң да укмуш турбайбы? — Абдылас жылмайды. — Капкан салмакка эмне. Былтыр отуздай суур заготживсырьенун агентине өткөрүп көп товар алгамын. Быйыл ушуну менен араң он экини алдым. Атам жыйырмага жакынды алыптыр.

— Капканым жок. Болсо мен да салып көрөт элем.

— Атамдын төрт капканы бар. Бирөөнү алып берейинби! Бош убакыттарыңда салып, тышка кеткенде өзүнө берип жүрөрсүң.

— Ошентсең сонун болор эле.

Акун атанын Акайдан аябасына Абдылас жакшы түшүнөт. Ишеничтүүлүк менен берген убадасы Абдыласты ынандырды.

Акайды үйүн көздөй узатып жиберип, музоолоруна кайрылды. Төлбашы дале баягы ордунан былк этпей жатат. Калгандары оюн салып, көңүлдүү оттоп жүрүшөт. Коопсунгансып Төлбашынын жанына жетип барды. Астыңкы сол шыйрагынын үстүндөгү шишикти көрүп селт этип чоочуй түштү. Акырын алаканы менен сылап көрдү. Чыңалып шишип чыккан шыйрагынын ысык илеби алаканын ысытып чыкты.

Бул эмне болду, буту сынып калганбы, же чыгып кеткенби деп санааркай сооруга чаап,жөлөп-таяп тургуза баштады.

Шишик баскан бутун көтөрүп, үч аяктап такаанчыктады. Бир аз жерге айдаса, өңкөндөп аксап оңкосунан кетип кала жаздап оңолду. Бирдеме чактыбы, эмне болду деп тегерегин айлана басты. Арт жагындагы тик ийиндин чекесинин бир аз жапшырыла түшкөнүн көрдү. — Ай, сен ай, жогортон оюн салып келе жатып, бутунду салып алып тоңкондоп кеткен экенсиң ээ. Бутун

сынып калбагай эле,— деп Төлбашынын мойнунан сылап муңая карады. Төлбашы кайрадан бөктүшүп жата кетти.

— Қаап,— деди Төлбашыга кайрылып. — Күн сайын салмагың артып дардайып өсүп келе жатканында саат басканын карачы.

Абдылас эмне кылаарын билбей кыйлага чейин жанында карап турду. Акун атам менен Батыш эжеге кабар айтайын деп айылды көздөй чуркады. Баланын энтигип коркуп калганын байкаган кыраакы карыя Акун, Батыш экөө Абдыласты ээрчип жайытка келишти. Шишиги бар дегенинен Батыш бутылкадагы марганцовканы алып алган. Эгер сынып калса шакшак жазайын деп Акун Бурмага жыгач менен кийиз ала келүүнү тапшырган. Бурма да уулунун кумсарып санааркай түшкөнүн көрүп шашып-бушуп буюмдарды алып алардын артынан жете барды.

Акун ата Төлбашынын шишик баскан шыйрагын кармап көрүп: — Буту аман, боордон оюн салып келе жатып мына бул тике ийинге бутун салып ооруксунтуп алыптыр. Бир орундан кыймылдатпай марганцовка сүйкөп коюш керек — деди окумуштуу мал доктор кейиптенип.

— Ошондой эле болсун, уулумдун жүрөгү түшүп калыптыр,— Бурма апа да көңүлү жайлана түштү.

— Уулум малсак экен. Қарабайсыңарбы? — деди Батышка берки музоолорун көрсөтүп. Бары өндүү, күзгө чейин тай торпоктон айырмасыз болуп калышат — деп, Акун ата көк ала сакалын сылады.

— Абдылас менен Айгүлдүн эмгеги музоолорду багуу жагынан сиздикинен көп ээ, жеңе? — Батыш Бурманы тамашалады.

Абдылас музоосун бир жумача эч жакка чыгарбай дарылап багып жатты. Бүрдүү жаш чөптөрдөн, бетегеден жулуп келип берип, убагында сүт ичирип турду. Төлбашы анчейин өңүнөн азган жок.

Мал докторго эки жолу дарылатты. Туура жети күнү сыртка чыкпастан музоосун багып, күнүнө эки маал капканын көрүп турду. Качан бутундагы шишик тараган соң, жайытка чыгарды. Абдыластын бул камкордугун көрүшүп Акун ата, Батыш баш болгон айылдагы адамдар ыраазы болушту.

Төлбашыны жайытка кошуп, Абдылас да, Айгүл да аябай кубанышты.

## 25. БИЗДИН ИШ

— «Көп толкуса көл болот. Көл толкуса сел болот» деп карылар бекеринен айткан эмес. Тынч жаткан элге бүлүк салам деген көркоо өзү казган көрүнө өзү түшөт. Тынчтык үчүн аалам-

дын ак ниет элинин баарынын бир максатка баш кошулуп жатканы кубанычтуу иш балдар — деп, Акун карыя ордунан козголду.

Анын тал-талынан бириндеген көк ала сакалы күмүштөй жалтырап турду.

— Ырас айтасың, аба, англо-американдык фашисттер, сиз айткандай, элди кыруу үчүн тутантып жаткан улуу оттун жалынына өзүлөрү куйкаланып өлөт — деп, Батыш да коштой кетти. Баятан берки ангеме аяктагандан кийин олтургандар туш-тушка тарап басышты. Абдылас менен Кары окуп беришкен газеталарын бүктөп жыйнаштырышты. Ал экөө алмак-салмак «Кызыл Кыргызстан» газетасынын төртүнчү бетиндеги эл аралык обзордон окуп беришкен. Анда согуш отун тутандыруучулардын агрессордук планы жөнүндө жазылган. Эмки жолу «тажрийбалуу саанчы» деген очеркти окуп берүү үчүн белгилешти. Алар жаңыдан ордунан козголушканда Бурган-Суу тараптан үч атчан адам тике эле ошол айылды көздөй келе жатышкан эле.

— Жайлоо советинин адамдары. Кокуй, Абыш аба, уйларыңды көздөй жөнө, биздин жаңы кабарлар менен таанышып олтурганыбызды алар кайдан билсин, балким бекер эле үйдө олтурушкан экен деп ойлошоор, — Батыш шашкалактап үйүнө кирип кетти. Саанчылар да опур-топур үй-жайын иреттөөгө киришишти.

Айгүл текилдеген боюнча жайыттагы музоолорун көздөй жөнөдү. Кыясы Батыш музоолорундун жанына барып тур дегендей болду. Атчандар короонун четине келгенде Батыш астынан утурлай басып саламдашты да, үйүн көздөй ээрчитип басты. Балдар чуркап барып аттарын алышты.

— Алиги жигиттер ушул — деп балдарды көрсөтүп Курман жанындагы шыңга бойлуу куба жигитке шыбырады. Алиги жигит сүйкүмдүү жүзү менен балдарга кайрылды да — атың ким айланайын? — Абдыласка тигилди. Жапалдаш бойлуу, кер сары жигит үйгө кирип бара жатып, кайра кылчактап бери басты. Кандайдыр балдарда жумуштары бар сыяктуу үйрүлө түшүштү.

— Атым — Абдылас — деди уялыңкырап.

— Сеникичи?

— Акай.

— Сеникичи?

— Кары.

— Дал өзүлөрү турбайбы. Баса Роза, Айгүл деген кыздар да ушул айылда болууга тийиш — деп чөнтөгүндөгү блокнотун баракгап Курманга кайрылды. Биздин атыбызды кайдан жазып алышкан? Эмне кылышат болду экен? — Кары күдүндөп Абдыластын кулагына шыбырады.

— Ооба. Ал эки кыз экөө тең ушул айылда. Жайыттагы музоолордун жанында жүрүшсө керек,— Батыш Курмандан мурун озунуп жооп кайтарды. Булардын келиши тууралуу мурун чала-була кабардар болгон Батыш балдарды сүйкүмдүү карады.

Коноктор үйгө киришип жайланып олтурушту. Батыш дасторкон жайып чай куя баштады. Алиги жигиттер балдарды эркелеткен мүнөз менен бир тууган агаларындай мамиле кылышып, чайга жандарына чукул алып олтурушту.

Балдар да алардын зыкыйган таза кийимдерине, өтө сылык мүнөздөрүнө астыртан кылтыйып көз чаптырышты. Моюндарындагы кооз галстук, жумуру билектериндеги жаркыраган окшош «Победа» саат алардын шаардык кызматкерлер экендиктерин далилдеп турду. — Булар Фрунзеден келишкен окшойт — деди Акай мойнун Қары жакка буруп, үнүн акырын чыгарып. Куба-жүлүн сулуучумак жигиттин мөлтүрөгөн өткүр кара көздөрү балдардын тулку боюна, кыймыл аракеттерине кадала түшүп жатты. Дасторкон жайылаары менен Курман тымызын күрсүнүп:

— Бул агайларыңар Соң-Көл жайлоосуна Фрунзеден командировкага келишиптир. Жогорку олтурган агайыңардын фамилиясы — Жаманаков, «Кыргызстан Пионери» газетасынын жоопту секретары болуп иштейт—деп, куба-жүлүн жигитти көрсөттү. Ал эми бул агайыңар болсо, ошол эле газетада фотокорреспондент. Фамилиясы — Ыйманов. Силердин ишиңер менен таанышуу үчүн Батыштын айлына кайрылышты. Иштеген ишиңерди айтып бергиле. Өзүлөрү да барып көрүшөт.

Курмандын бети нурданып тилектеш жаш досторунун тотуга элек балапан жүздөрүнө кубанычтуу карады. Курмандын сөзү балдардын жүрөгүнө бал тамызгандай болду.

— Биздин иш! Анчейин деле арзырлык ишибиз жок,— деп Абдылас мукактана түштү. Бул сөздү кандайдыр бир күч түрткүлөп айттыргандай үнү зорго кысылып чыкты. Эки бети албырып кызара түшүп, чекесинен тер чыбырчыктады. Орой айгып жибердим го дегенсип жер карады.

— Уялба, садагасы. Иштеген ишиңер жөнүндө бизге жолдош Курман толугу менен баяндаган. Жаштардын патриоттук эмгеги менен биз, биздин эл сыймыктанат. Пионер, комсомол — жалындуу жаштардан. Шар, өткүр болууңар керек. Жаманаков шадылуу колунун жумшак алаканы менен Абдыластын мандайынан сылады.

— Биздин азаматтардын иштери менен таанышкыңар келсе, жайыттагы шефке алып багып жаткан музоолоруна баралы. Кыздарды да ошол жерден табабыз. Катырган гүлдөрүн көргүлө. Саякатка малчылардын балдары менен уюшуп чыгып жүрү-

шөт. Аны өз ооздорунан сурагыла. Калган катканын Курман экөөбүз айтып беребиз. — Батыш жылмайып беркилерге сунуш киргизди. Ал жыйналышта жарышка чыкканда, же уполномочендер менен аңгемелешкенде чечкиндүү, шар сүйлөй турган. Батыштын айтуусу боюнча жайытты көздөй бет алышты. Анчейин алыс эмес болгондуктан кийимдерин жеңилденип чечип коюшуп, баарысы тең жөө басып барышты.

Жаңыдан ар түрдүү гүлдөрдөн терип, музоолордун жанында жүрүшкөн Роза менен Айгүл келген адамдардан чочуркашкан жок.

— Чоңойдуңарбы, кыздар? — Жаманаков менен Ыйманов тааныш адамдарча кыздардын жанына барышты.

— Чоңойдук,— деди Айгүл айбыкпастан. Текши семирип, даң салып ойноп жүрүшкөн, жүндөрү тыкыс тартып кундуздай жылтылдаган асыл тукум музоолорду аралап бир кыйлага жүрүштү. Бетегеси тушардан буралган жашыл белесчеге оонай олтурушуп, балдар менен аңгемелешүүгө киришишти.

Үйүр ала түшкөн балдар сырларын агайларынан жашырышкан жок. Витьканын бүгүн мындан кетип калганына өкүнгөнсүштү. Эчтеке эмес аны менен тыяктан аңгемелешебиз — деп, Курман кыйышпас досторду жооткотту. Ыйманов аппаратын оңдоп көрүп, шефке алып багып жаткан музоолору, түзгөн гербарийлери менен сүрөткө тарта тургандыгын айтып камынгыла — деди. Жаманаков айтылган сөздөрдүн баарын блокнотуна түшүргөндөй болду. Айгүл ордуна туруп эле музоолорун чакыра баштады. Ар бири өз аты чыкканда Айгүлдү көздөй оюн салып келе беришти. Кичинекей кыздын машыктырган музоолорун меймандар тандана карашты. Маралдай маңкайган музоолору менен эки-үч жолу сүрөткө түшүштү. Барыдан Айгүл Кенжеси менен Гүлүн эки жагына кучактап туруп, бойтоюп караганда бери жактагы олтургандар да кубанды.

Музоолорун белеске жайып коюп, колуна таягын кармап турган түрүндө Абдылас да сүрөткө көркөм тартылгандай болду.

Акайды өзүнчө суурга капкан салып жаткан учурунда да бир жолу тартып алды.

Роза өзү катырган ар түркүн тоо гүлдөрү менен жаадырап өтө эле көркөм түштү. Карыны чек араны сактап турган уулу Самактан келген катты, алыскы жайлоодогу энеси Акишке окуп берип жаткан учурунда тартып алды. Айтор, балдардын татыктуу эмгегинин өчпөс элеси азыркы тартылган сүрөттөр аркылуу түбөлүккө сакталып калчудай сезилди.

Ыйманов сүрөттөрдүн бирденин почто аркылуу Фрунзеден өзүлөрүнө жиберүүгө убада берди. Саякаттагы көрүнүштөрдү мурда тартып жүргөн Витькадан алып кетмек болушту.

Балдар жүрөктөрүнөн терең алкыштарын арнашып, агайларын узатышты. Алар да жаш жеткинчектердин иштеринин мыйдан аркы ийгиликтерине максатташ экиндиктерин билдиришип, «Кыргызстан пионери» газетасына үзбөй кабар жазып турууларын өтүнүштү.

## 26. КОРОО ЧЕТИНДЕ

Түнт түндө алыстан жаркырап жылдызданып, көрүнгөн касиеттүү шаардын көркүн элестетип, асман бети түбөлүк өчпөс шамдар менен жыш капталган учур.

Сулуу төрдүн эркин гүлдөрүндөй жайдары өскөн жаш жеткинчектер жашыл белести көркүнө келтирип, узак убакыттан бери оюн менен алек. Алардын: «Кетти..! Карма..! Жетегөр..! Бат чурка..!» дешип, ызы-чуу түшүп кыйкырган үндөрү, шарактап чыккан күлкүлөрү, жайдын салкын түнүнүн дайым талбай сайроочу булбулунун доошу сыяктанат.

Туш-туштагы өзөн коктулардан короочу иттердин абалаган үндөрү, койчулардын «айт айттаган» кыйкырыктары, кээде ар түрлүү обонго салып созолонгон үндөрү угулат.

Анда-санда тарс этип кур дүрмөт менен атылган мылтыктын үнү жаңырат. Алыстан... алыстан жылкычынын жыбылжытып созо таштаган обону кулакка магниттей тартылат. Айтор малчының мекени болгон жайлоо түнүнүн шаанисин бергенсийт.

Кечээ түнү эки короого карышкыр тийди деген кабар айыл арасына шашкеге жетпей эле таралган. Бети сыйрык сары баланын атасы сарай ремонттоо үчүн жакага кеткенине бир топ күн болуп калган. Энеси экөөлөп ал түндө уйкудан безип таң атканча короону чарк айланып кайтарып чыгышты. Эртең менен койлорунун ит-куштан аман калганына ырбай кубанышты. Карышкыр тийди, мергенчилер издеп кетишти деген коркунучтуу кабарды укканда энеси экөө тең кооп санашты.

Кичинесинен бери жаз, күз дебей бетинен сыйрык кетпегендиктен эне-атасы «сыйрык» деп эркелетише турган. Өз аты көп айтылбастан сыйрык аты элге маалым болуп кеткен.

— Күндүз койду мен жайып келейин. Сен баягы жакшы досторуңа бар. Ит-куштун коркунучу да күчөп турат. Бир-эки түн атаң келгенче түнүндө короого каралашкыла деп айтып көр. Макул дешсе ээрчите кел,— энеси Айым Сыйрыкты Абдыластарды көздөй жөнөткөн. Айым пейли кенен, мүнөзү жумшак, оокаттырчилиги үчүн өтө тыкан киши. Күйөөсү тышка кеткен учурларда тыным албай түн ичинде уйкудан безип, кой четинде жүрүү ага адат болуп калган.

Сыйрык Абдыласты үйүнөн таппай Айгүлдүн айтуусу боюнча колотту өрдөп, суурдун ийининин оозуна капкан салып олтур-

ган жеринен Акай экөөнө жолукту. Анын келген максатын түшүнгөндөн кийин:

— Жалгыз экөөбүздүн гана барганыбыз жарабайт. Айылдагы балдарды чогултуп андан ары Витьканы да ээрчитип алалы — деди, Абдылас. Шашып-бушуп айылга келишти. Андагы балдарды чогултуп жолго түшүштү.

Кары эртең почто алып келет элем. Түн уйкумду кандырып алсам болот эле деп бир аз кыңырылды. Беркилер анын ой боюна койбой, бир түнкү уйкудан калсаң эчтеке болбойт, көпчүлүктүн пикирине баш иесиң деп жатышып, ээрчитип алышты. Витька үйүндө жок болгондуктан бир кыйлага чейин аны күтүштү. Ал келгенче бүгүнкү түнү Сыйрыктын короосунун четине таң сүргөнгө чейин ойноп, койлоруна көз салабыз деп макулдашышты.

Витька Вера менен бирге айылдан кеч келди. Досторунун сунушун укканда Витька токтоосуз кошо жолго чыкты. Күүгүм кире Сыйрыктын короосуна келишти.

Айым короонун ортосуна узун жыгач орнотуп анын боорундагы бутакка асма чырагын балбылдата жандырып илип коюп, короону чарк айланып тынымсыз басып жүргөн эле. От күйүп жарык жанып турган жерге карышкыр жолобойт деген имиштен улам колдонгон амалы болучу. Балдар топтошуп короонун четине келгенде кубанганынан алдын утурлай басты.

— Нээтиңерден айланайын тилектештерим. Карайлап турганда ырас келбединерби. Силерди ушундай бири биринерге күйүмдүү кылып өстүргөн өкмөткө рахмат. Мурунку заман болгондо «Короосундагы коюн бүт кырып кетсин» деп башка бирөө түн катып басып келбес эле. Чынында Айымдын жүрөгү толкундап, аябай ыраазы болгондугун билдиргенсип, балдардын быйтыйган колдорун шадылуу манчалары менен кыса кармап назик беттеринен эңкейип өптү.

— Абам жок болсо, силерди жалгыз таштап, коркунучка калтыруу биздин иш эмес. Баккан силер болгонунар менен мал колхоздуку да. Биз билгенде кечээ түнү эле келет элек. — Абдылас Айым апасынын мээримдүү мамилесине кубанганын билдирди.

— Ошону түшүнгөндөрүңөргө ырахмат айланайындар. Башка бирөөлөргө карышкыр тийиптир деген кабарды угуп, Сыйрык экөөбүздүн санаабыз тынчыбады.

— Короонун ортосуна чыракты эмнеге илип койдуңуз?

Кары балбылдап жанып турган жарыкка тигилди. Ырас эле мунун кандай пайдасы бар? же жалгыздыктан коркконбу? деп балдар да таңданышты.

— Бала деп ушун үчүн айтат да,— деп ээгин шыпшынып

коюп, караңгыда кой короого илинген чыractын жайын түшүндүрө баштады.

Карышкыр караңгыда жарыктан качат деген илгеркиден калган сөз бар. Мындан отуз жылча мурун болсо керек. Калпа деген абышканы көрүп жүрөсүңөр го?—«Ооба, билебиз» дешкенсип балдар үнсүз Айым апанын аңгемесин тыңшашты.

— Жаш кези болсо керек. Ачарчылык жылы эле дейт. Кыштын кыраан чилдесинде ушул Соң-Көлдү ашып, жөө Жумгалдагы кызына баратыптыр. Таш-Төбөдөн узай бергенде байкас албаптырмын,— дейт капысынан артымдан бир неме «ар-рр» деп, көбөөлөгөн чоң ак тонум бар эле, ошонун этегин булкуп алгандай болду. Артымды жалт карап таягым менен жаңсап, калтаарый түштүм. Тишин шакылдатып дөбөт ач карышкыр оолактай берди. Эскилерден уккан сөзүм эсиме түштү. Папирос тарткандын пайдасын ошондо көрдүм — деп азыр да Калпа барс-барс күлүп калат. Чөнтөгүмдү карасам, эки коробка ширенке жүрүптүр. Улам бирден чагып, бир кыйлага чейин күйгүзүп анан артымды көздөй ыргытып коюп, жүрүп олтурдум. Жарык чыкканда оолактай калып кайта ыкыс берип кирип келип, карышкыр деле ээрчип жүрүп олтурду. Шилбилинин белин таяна бергенде тан агарып сүрө баштады. Ошондо гана алыстап калды. Ширенке болбосо колумда жарак жок болучу, балким жара тартып таштайт беле,— деп Калпа өзү мезелдетип айтат.

Мен чолуп эле айткансыдым. Ошондон улам караңгы түндө короого чырак коюучу болдук. Койлор да жайылып кетпей тынч уктайт экен.

Айымдын аңгемесин эле күтүп тургансып, короодогу койлор четинен түрүлүп дыр этип үркүп калышты. Чоочуй түшкөн балдар чуру-чуу түшүшүп, туш тарапка чуркашты. Койлор бирдемеден шектенгенсип элеңдеп короонун ортосуна чогула түшүштү. «Кет нары, кет нары» дегенсип, козулардын ма..а. маа... аалаган үндөрү чыкты.

— Коркпогула, айланайындар, өзүлөрү жөн эле чочулашып жатат. Бир түндө бир эки жолу дүрдүгүп алмай биздин короонун койлорунун адети. Өгүнчөрөөк жаңыдан күүгүм киреде бир жолу катуу чоочуп калышкан. Ошондон бери көнүмүш алып калышты.

— Анчейин коркунуч жок болсо, биз короонун четине ойной берели, ай да сүттөй аппак болуп турат. Кезек менен бирөөбүз короону кайтарып турабыз. Сиз уктап эс алыңыз,— Абдылас Айымдан өтүндү.

— Ушундай кылалы. Түндө да уктаган жоксуң. Оюн кызыганга чейин мен кайтарам макулбу апаке, эс алып ал,— деп Сыйрык апасын аягандай болду.

— Ойноп көңүл ачкыла, айланайындар. Жайлоонун бүгүнкүдөй ачык түнүнүн көркү жаштардын оюну, алардын бака-шака түшкөн үндөрү менен чыгат. Мен мындай түндүн далайын короонун четинде чой-чойлоп уктабай өткөргөм. Силердин кызыгынарга канып, коюму аралап жүрө берем. Баргыла мына бул короонун четиндеги белесчеге чыгып ойногула. Силердин сүрүнөрдөн коркуп бөрү да жолой албас. Бара койгула деп болбой жатып балдарды узатты. Акай биринчи кезметти мен ээлеймин деп Айымдын жанына калды.

Баятадан берки жаштардын оюнунун шаанисине моокусу канган Айым эч нерседен коол санабай тегиз жуушап жаткан койлорун кыдырып балдар тарапка көз жиберип алардын жаңырыктарын тыңшоодо.

Балдар сан жагынан тепе-тең экиге бөлүнүшүп «Ак чөлмөк» ойноп жатышты. Бир тараптын башчысы Абдылас экинчи тараптыкы Витька эле. «Ак чөлмөк» сүттөй аппак, таштай салмактуу жаркыраган эмалдан түзүлгөн төөнүн азуу тиши эле. Ал атайын балдардын колуна ылайыкталып арсайган сөөктөрү таарылып, жылмаланып жасалган. Чөлмөктү алып келген топтун бир баласы каалаган жагына ыргытып калгандары дуу коюп жапырт түшкөн жагын көздөй чуркап жатышты. Карылуу булчуңдун күүсү менен зымырап учкан ак чөлмөк чимирилип барып жумшак шибердин үстүнө сойлой түшүп, «көрөгөчүң таап ал» дегенсип күмүштөй жаркырап «жашынып калат».

Аткан октой ак чөлмөктүн артынан кууй келген эки топтун балдары жабалактап жашыл шибердин үстүнө көзүнүн курчун сатышат. Түшкөн жерин туура абайлаган байкагыч бала шып илип алып мараны көздөй дуу коёт. Өнөктөрү биринен сала бири колдорунан өткөрүшүп тегерек карартып коюлган мараның нак ортосуна алып барып таштоого шашылышат. Экинчи тараптын «күлүктөрү» артынан кууй жетип, сууруп алууга ашыгышат.

— Бул акыркы оюн. Бардык күчтү жыйнагыла. Ушул сапар дагы алдырсак уттуруп иебиз,— Абдылас демигип өнөк балдарын жалт карап,— кайра ак чөлмөктү ыргытууга камынып жаткан Карынын көтөрүлүп турган колунун учун тиктеди. Кары Витьканын тобунда.

— Биздин балдар силер да аябай чындангыла,— деп Витька шашып сүйлөдү.

— Есть товарищ командир! — дешип балдар бир чети тамашага чалып, бир чети кубанганынан чурулдашты. Кары алдыга эки үч кадам аттап оң уучундагы ак чөлмөктү жаркылдатып, үч-төрт ирет айлантып алды да, алдын көздөй колун шилтеди. Бир топ балдар ошол тарапты көздөй чуркашты. Кары оң тарабына тез бурулуп уучундагы ак чөлмөктү даана ыргытты. Карынын

кексе амалын байкаган балдар дуу коюп, күчүнүн бардыгынча зымырашты. Алиги тарапка кеткен балдар кур талаага барышкандыгына өкүнүшүп беркилердин артынан кайра жөнөштү. Кээ бири ичинен Карыга ызаланышты.

Витька анчейин күлүк болбосо да өтө шамдагай эле. Абдылас экөө «бирин-бири андышып» чогуу жетишти. Балдар алакташып, бирин бири шекшип карашып, туш-тушка үңүлүштү. Күмүштөй жалтырап жаткан ак чөлмөк Абдылас менен Витьканын көзүнө бир мезгилде чагыла түштү.

Абдылас эңкейгенче Витька шып илип жанынын бардыгынча чимирик болуп жөнөдү. — Ана... кет...ти! Витьканы ка-р-р-маа! — Абдылас кыйкырып артынан зымырады. «Бол карма! Акай, астын тос! Маранын оозуна мурун жете көр! Кары жаныц болсо алсаң боло! Бол кокуй жетип калды!» деген жаңырыктар кулак тундурат. Абдылас Витьканын жеңинен кайсап кармайын дегенче Кары тууралан жетип жагалмайдай илип кетти. Абдылас Витька менен туткакташа түштү. Кары алып кетиптир, кармагыла! Ой жаныңар барбы!— деп ачуулуу үнү менен айкырды. Кары буйтап чуркап олтуруп марага жакындаганда жанаша чуркап келе жаткан өнөгүнө билгизбей бере салды. Бучкактап келе жаткандардын бир тобу Карыга жармаша түшкөндө алиги бала марага барып таштап койду. 20:18 эсеби менен оюн Витькалардын жеңишине аяктады.

Жаш булчуңдары чарчаңкырай түшкөн балдар мамыктай шибергe үстөмөнүнөн сулашып, жай түнүнүн аңкыган атыр желинен кана жутушуп, жарым саатча эс алып жатышты. Алардын мөмөдөй болуп тотуга элек денелери бат эле чыйралып, кайтадан кыймылды энседи. Өзүлөрү искеп жаткан жайлоонун эрке желиндей көңүлдөрү сергектенип алда эмнегедир жаш жүрөктөрү ашыктырат. Көздөрү умачтай ачылып, бүгүнкү түнкү уйкудан кечкенсийт. Чынында бардыгынын убадасы бүгүн уктабай таң атыруу эле. Ошол себептенби, биринин да жанбаштап уктагысы келбейт.

Бардыгы тең бир түнкү уйкуга бел байлашкан сыяктуу ордунан ыргып турушуп, Айым апанын жанына барышты. Ал балдарга түн ортосунан оош калгандыгын айтты.

Балдар короонун четиндеги жайыкка барышып, кайра оюнду улантышты. «Дүмпүлдөк», «Токту сурамай», «Элден элден, эл чабар» деген оюндарды ынтымактуу түрдө кызыктуу өткөрүштү.

Витька тоо балдарынын спорттук мааниси бар, тамашалуу оюндарына абдан таң калды. Ар бир жердин шартына жараша, адамдын дене булчуңдарынын өсүшүнө пайдалуу оюндары болот экен. Шаардын цемент көчөлөрүндө «дүмпүлдөк», «Токту

сурамай» ойноого мүмкүн эмес. Бул оюндар жашыл шибердүү жерге гана жарашат. Спорттук аянтчада «Ак чөлмөктү» балдар ойноого болоор эле. Ал эми футбол менен волейболду түн ичинде бул жерге ойноо өтө кыйын» деп өз ичинен ойлоно кетти.

Таң сүргөн мезгилде оюн тарады. Акайдын сунушу боюнча башка короодогу койчуларга барып кайтууга макулдашышты. Кээ бири иттерден коркуп барбайбыз деп да чыгышты. Айым балдардын бул сунушун туура тапты.

— Бул бир түнкү саякат болмой болду деп Витька жолдошторун күлө карады. Ырас эле, бул да саякат. Түн ичиндеги саякат деп айта жүргөнүбүзгө жакшы — дешип ар кимиси коштоп кетишти.

Сыйрык Бектен карыянын короосун көздөй жол баштап жөнөдү. Жер ала көлөкөлөнүп жарыктын күңүрт нуруна бөлөнүп калган эле.

Белести таянып өрдөй бергенде боордо карарып жайылып жүргөн койлордун алдын тосо чыгышты.

Балдардын караны жакындаганда алдыңкы койлор дүрдүгүп кайрылып оттой башташты. Жайылып жүргөн койлорду айлана чуркап «жолобогула» дегенсип ала мойнок карала дөбөт арсылдап үрүп балдардын астын тороду. Сыйрык итти атынан чакырып, өзү нары бөлүнө басты. Дөбөт ага каралап калганда нарылап Бектен акенин үйүн көздөй басышты.

— Бу кандай өзүнчө жайылып жүргөн кой? — деп Кары аңтаң калды.

— Бектен акем таң атып калды деп уктап калса керек. Бир экөөбүз барып ойготолу. Калгандарыңар ушул жерде койду көзөмөлдөй тургула. Ала мойнок дөбөт кур үргөнү менен кишиге тийбейт,— Сыйрык өзүнчө жайылып жүргөн койдун жайын түшүндүрдү. Кантсе да кой багууну беркилерден түзүгүрөөк биле тургандыгы байкалды. Анын мал багуу ишине дилгир бышык мүнөзүн далилдегенсип коймолжуган кара көздөрү ойноктоп турду.

— Болуптур, силер бизди узак убакыт күттүрүп, көзүбүздү акыйтып жүрбөгүлө. Эмнеси болсо да тез кабар кылгыла,— деди Акай.

— Эгер жарым саатка чейин келбесеңер койду алыс жайып кетебиз — жогорку колотту көздөй колун жаңсап Кары да Акайдын сөзүн коштой кетти.

— Абдылас менен Сыйрык жолдошторунун талаптарын аткарууга шашылышкандай Бектендин үйүн бет алышты. Витькаларга ала мойнок тез эле үйүр алды. Айтор алардын «ууру» эмес экинине түшүнгөн сыяктанды. Койдун астын имерип, Абдыластар кеткен жакка көз чаптырышты.

Айткандай Бектен аке короонун четинде мылтыгын колуна кармаган боюнча коңурук тартып катуу уктап жатыптыр. Балдар жанына чукул келишип бир аз үнсүз турушту. Сыйрык чөгөлөп олтура калды да: — Бектен аке туруңуз. Койлор кайда? — деп ийнинен тарткылай баштады. Бир топтон кийин «коркунучтуу» кабарды сезгенсип, сууга кийимчен чумкуган кишиден бетер а... а... ах... деп энтигип башын көтөрдү.

— Силер ким я? Койлор кайда? көзүн ушалап ордунан ыргып турду. Бет маңдайында жылмайып мөмөдөй тизилип турушкан балдарын көрүп уялып кетти.

Аңгырап турган короосун омсоңдой карады. Ит-куштан аман болгой эле деген коркунучтуу пикир көз алдына элестелип, жүрөгү опколжуй түштү. Балдардан ачыгын сурай албай.

— Түн катып кайдан келе жаттыңар эле, айланайындар, чарчап уйкуга жеңдирген карт атаңарды ойготуп койгонуңар ырас болбодубу?! Анын каргылданып чыккан үнүнөн ызалыктын тымызын белгиси байкалды.

— Койлоруңуз жайылып кетип бараткан жеринен биз мынабу коктуга айдап келдик. Бир топ бала кайтарып турушат — Абдылас сыймыктана сүйлөдү.

Өмүрүңөр узун болсун, каректарым. Шайтан басып, таң сүрүп келетканынан жантая калсам, көзүм илинип кеткен тура. Теңир жалгасын, айланайындар,— Бектен карыя балдардын маңдайынан сүйдү.

Жолдошторун ээрчитип алышып дагы нарылап жол тартышты.

## 27. КҮТҮЛБӨГӨН СҮЙҮНҮЧ

— Ар нерсе жарашыгы менен көркүнө чыгат. Байкап көргүлөчү, биздин турмуштун жыргалы арбып, күн сайын канаттуу куштай алдыга эргип учуп бара жатат. Кол менен бүтүүчү жумуштун баарын тездиги көзгө илешпеген машиналар аткара баштады. Жайлоо бети азыркыдай келишимдүү түргө эч качан бөлөнгөн эместир. Бактылуу, эркүү малчылардын бай мекени болду. Өмүрдүн рахатын балдарым, силер сүрүп жатасыңар. Көз ачып төрөлгөндөн тартып, энеңердин эмчек сүтү менен кошо өмүрүңөрдү түбөлүк гүлдөтүп тура турган илимдин даамын татып жатасыңар. Улуу Сталин силердин жүрөгүңөргө канат, тилиңерге нават, көзүңөргө өткүр кайрат жаратты — деп Акун карыя чор баскан бүкүр манжалары менен жибектей жумшак көгала сакалын сылады.

Анын күлүмсүрөгөн жүзүнөн таалайдын нуру чагылышып, келечегине чексиз ыраазылык билгизгенсип турду. Куду эле ша-

гы ийилген мөмөлөрү менен көркүнө чыккан даректай болуп көрүндү.

Мандайында сөзгө кулак салып олтурушкан балдарына сүйгүнчүктүү көз чаптырды. Акун карыя турмуштун агымына терең түшүнгөн, тынымсыз бышык адам. Чечилип сүйлөгөндө өзү айткандай сөздүн «салмактууларын» тандап жипке тизгендей тизмектештирет. Бош кездеринде кичинедир, чоңдур өзү көрүп, байкаган турмуштан макалдатып нускалуу сөздөн айтып берүүдөн тажабайт.

Өзүлөрүнчө сөздүн уюткусуна кирип шыбыр-күбүр болуп сүйлөшүп жаткан аялдар да, Акун карыянын сөзүнө астыртан көңүл бурушту.

— Карыя бүгүн балдарына аябай чечилген экен,— деп Батыш Бурманын кулагына тымызын шыбырады. Батыш жылкы фермадан эки чанач кымыз алдырып, бир козусун союп айылдагыларды коноктоп жаткан.

Коноктордун пейлине жараша күн да мемиреп тийип тургандыктан, эшикке шибердин үстүнө шырдак салдырышып олтурушкан. Бардыгынын алдына сыр кеселерде мелт-калт бал кымыз куюлуу. Кесени секин алаканына кондуруп, кээрдүү жыты мурунду жарган кымызды эрдине жакындатып.

— Кана, балдар, көтөргүлө! — деп Акун карыя шыңгытып жутту. Командирдин сөзүн уккансышып жапырт кеселер көтөрүлдү. Негедир алыска көз жиберип, Акун карыя тунжурай кетти. Ичинен тымызын күрсүнүп алды да, мандайындагы мөмөдөй тизилген балдарга үңүлдү.

— Купшуңдаган чал биздей кезинде кандай болду экен деп таңыркап турасың ээ уулум — карыянын камбыл аракетинен көзүн албай отурган Абдыластын кепкасын башынан алып кармалай кетти.

— Так ушул силердей кезимде же кийимге, же ашка тыңыраак жетпей Кожой деген байдын коюн кайтарып балдарынан тепки жеп жүргөн кезим болучу — деп мукактанып токтой калды. Көргөн кордук, тарткан муң-зарын айтып балдардын көңүлүн ирээнжитпейин дедиби, андан ары сүйлөгөн жок. Абдыластын кепкасынын ичи-тышын имере карап былк этпей олтура берди. Эттери бошоң тартып, жылга-жылга бырыш баскан нурдуу жүзүнүн оң жак бетиндеги узун тилке ак так заардуу байдын камчысынын «эстелиги» эле.

«Кайран кишинин балалык өмүрү муңга чөккөн экен» дегенсип Роза купуя улутунумуш болду да: «Эгер бала чагынан окуган болсо, мыкты билимдүү адам болуп чыкмак беле» — деп ойлой кетти.

Анда-санда кымыздан жутуп коюп Акун менен балдардын

аңгемесине маашыркап олтурган Абыш карыя да аралаша кетти. Ал киши электр кубаты аркылуу уйдун саалышы, койдун кыркылышы жөнүндө сөз козгоду.

Батыш өз көзү менен көргөндүгү жөнүндө айтты. Андан кийин экскаватор, өзү жүрүүчү комбайн, чөп чапкыч машина, ал гана эмес, Туркмен чоң каналы тууралуу да бир нече сөздөр айтылды. Кезеги келгенде балдар да өлкөдөгү жаңылыктар жөнүндө укkан, көргөн, окугандарын айтышты.

Алдыдан дасторкон жаңыдан жыйналары менен атын таскактаткан боюнча жака тараптан Кары жетип келди.

— Ой бала, мынча эмне чапкыладың? Деги тынччылыкпы? — деп, кооп санагансып Абдыш алдын утурулай басты. Олтургандар жапырт ордунан турушуп «кандай кабар угузаар экен» дегенсишип Карыны тегеректей калышты.

— Тынччылык. Болгондо да кубанычтуу кабар — деп, Кары атынан түшпөстөн, энтиге сүйлөп жаагы ылдый кулаган терин сүрттү.

— Ошондой эле болсун. Ушунчалык да чабасыңбы, балам? Алда эне болуп кетти деп баарыбыз чоочуладык — деп Абыш уулунан жаңы кабарды күткөнсүдү.

— Бол эми, кубанычтуу кабарынды айтпайсыңбы — дешип Акай менен Абдылас атының тизгининен кармашты.

— Роза үчөөң мени аттан көтөрүп түшкүлө. Эне-атаңар менен сүйүнчүңөрдү камдагыла. Анан айтам — Кары атының тизгинин кыска тартып күлүңдөдү. Турушкан эл ар немеге жоруп аң-таң.

— Болгун, уулум. Сүйүнчүңө бир чыныдан сары май берели, балдардын бою жетпейт. Мынакей, мен эле алар үчүн көтөрүп түшүрөйүн,— деп Акун карыя туурасынан кучактап туруп жаш балача жерге алып олтургуза койду. Карап турушкандар дуу күлүп жиберишти.

— Олдо атаке ая, кичине коё турсаңыз эмне. Тигилер мени алып түшө албайт эле. Бир топ тамаша кылмак элем — деп уялганынан кызара түшкөн Кары канжыгасында байлануу чоң сумкасын чече баштады.

— Олдо десең. Сени Акай экөөбүз эле улактай алып түшөт болучубуз. Машыркатпай айтпайсыңбы? — Абдылас колунан кармай калды.

— Колду коё бер. Андан көрөк шапкеңерди бере турсаңар— деп дүңдүңдөп Абдыластын башынан кепкасын сууруп алды.

— Алсаң ал, деги эртерек айтсаң экен,— деди Абдылас колун коё берип. Армиядагы көптөн берки кабарсыз балдардан кат келген го. Сумкасын чече баштады,— дешип Бурма, Батыш экөө сүйлөшө кетти.

— Барыбызды үмүткөр кылбай тезирээк айтчы, айланайын,— деп Батыш да чыдамсызданды.

— Азыр, жеке бирөөңө эмес, барыңарга эле тийиштүү. Көргөндө кубанып калгыла,— күдүңдөп чоң брезент сумкасынан бир топ газетаны сууруп алды да: — Ме ушунун ичин карагыла! Анан сүйүнчүсүн камдагыла деп барына бирден колдоруна карматты. Эмнеси бар болду экен дегенсишкен ар кимиси газетанын ар кайсы жерине көзүнүн курчун сатышты.

— Ай. и. и. ий. жыргал ай. Бая өгүнкү биздин сүрөттөр тим эле өзү. Барыдан менин Кенжем менен Гүлүмдү карасаңар. Маңкайып сонун түшүптүр. Роза эжекем гүлдөрү менен кошо барынан кооз түшүптүр. Карасаң апаке, байкем куду эле уйчуга окшошуп калыптыр — а мен болсом тим эле сонун тартылыпмын,— Айгүл газетанын бетиндеги сүрөттөрдү Бурманын маңдайына кармады.

Ар бири газетага үңүлүшүп ууртунан жылмайышып күлүмсүрөп жатышты. Мындай учурда ким кубанбасын! Балдар сүйгөн кызматтарынын үстүнөн өзүлөрүнүн сүйкүм элестерин көздөрүнө ишенбөөчүдөй кайра-кайра тиктешет. Алар менен кошо Кыргызстандын бардык пионерлери тигиле карап жатышкансыйт. Ата-энелеринин да балдарынын жандуу көчүрмөсүн газетанын бетинен көрүшкөнүнө көңүлдөрү толкуп, жүрөктөрү кубанат. Тек, өз көздөрүнө ишенбөөчүдөй балдарга тигилишет. Жашыл белестин гүлдүү беттери, оюн салып жүрүшкөн асыл тукум музоолор балдар менен түбөлүк энчилештей көздөрүнө алда немедей сонун учурайт. Балдары менен кошо эне-аталарды да кубанычтуу пикир кучагына термелтет. Айтарга алкыш, сүйлөөргө сөз камдашат.

«Кыргызстан пионери» газетасынын үчүнчү бети бүт ушул балдардын иши жөнүндө арналган. Газетанын бетинин кылда башында «Каникул мезгилиндеги биздин белектер» деген чоң макала бадырайт. Анын астында сүрөттөр жана чакан макалалар орун алган. Көпчүлүк макалалардын аягына балдардын өзүлөрүнүн фамилиялары коюлган. «Жаш патриоттор» деген макаланы көз жүгүртүп окуп чыгышып, Жаманаковдун сүйкүмдүү элесин көз алдына чагылыштырып, миң мертебе рахмат айткылары келишет. Ар бир сүрөттүн алдында Ыймановдун фотосу деген жазуу.

Ардактуу ишке сыймыктанышып ар кимиси ичинен күдүңдөшөт. Кайра-кайра газетаны көзүнөн алыстаткылары келишпейт.

— Кичине бала жарашыктуу болот экен. Карасаң жеңе, эки музоосун эки жагына кучактап, бойтойуп Айгүл деле сонун түшүптүр. Музоолору да маңкайып түз туруп бергенин карасаң. Уулуң болсо музоолорун жайып жүрөт. Кастарлуу малчы кебе-

телсиип калыптыр. Эми, жеңе, балдарыңды куттуктап той өткөз,— Батыш Бурманы тамашалай кетти.

— Ооба десең. Кантип той өткөзбөсүн! Балдарынын сүрөтү төгөрөктүн төрт бурчуна жетип жатса, — Батыштын жанында турган саанчылардын бирөө кубаттап өттү.

— Садагаң кетейин каралдыларым. Бактылуу балдарсыңар. Силердин эмгегиңерди көрүп биз эле кубандык десек, бүт кыргызга маалим болгон тура. Заманыңарга кубангыла балдарым, Акун карыя газетке тигилди. — Я ботом Акай ийиндин оозуна капкан салып жатасыңбы?

— Ооба. Капкан салып жаткан учурумда тартып алган — атасына сыймыктана жооп берди.

— Мобу аялдын бет мандайында кагаз кармап турган Кары сенсиңби айланайын? Куду почточу кейптенип калыпсың да. А бул аял кайсы — газетаны көзүнө жакын кармап таанууга аракеттенди.

— Ал Акиш апам. Мен Самак байкемден келген катты окуп берип жаткам — деди Кары сүрөттү сөөмөйү менен сайып.

— Баарыңды тең өз кесибиң менен туура тартыптыр. Сени почточу кебетелентип, Акайды мергенчи кылып, Абдылас менен Айгүлгө музоо бактырып, Розага түркүн гүлдөрдү жыйнатып. Барыңдын өнөрүнө баракелде! — деп Акун карс-карс күлдү. — Я Бурма балам — деди үнүн көтөрүңкү чыгарып—эртең жылкычылардан кымыз алдырып Батыш айткандай той өткөзбөсөк болбойт. Балдар силер тели-теңтушуңарга кабардап койгула. Козусун болсо мен даярдайын.

— Жарайт. Мен да колумдан келген камымды жейин, — деди Бурма кубанычтуулук менен.

— Мен да эртеңки тойго кошумчамы кошормун — деп, Абыш карыя чакчасын алаканына силкип насыбайынан тартты.

— Биз да куру калбаспыз. Жакшы тилек эмеспи. Барыбыздын эле балдарыбыз — деп, саанчылардын бирөө унчукту. Кары сумкасынан бир чоң ак конверт жана кичирээк үч конверт сууруп чыкты. Төртөөнү тең Абдыластын колуна берип жатып:

— Мына бу чоңу Фрунзеден Ыйманов агайдан келиптир. Газеттеги сүрөттөрдүн бирденин жиберсе керек. Өтө эле катуу. Убадалуу киши экен. А бул үчөө болсо жакадагы биздин кишилердин куттуктоо каттары.

— Мен газета, каттарды бергенче Витьканы барып сүйүнчүлөйүн — деп жөнөөгө камынып үйүн көздөй басты.

Айткандай чоң конверттеги сүрөттөр болуп чыкты. Барысы бирден таратып кайта бир сыйрадан көрүп жатышты. Газетадагыга караганда ачык, даана тартылган сүрөттөр ого бетер көңүлдөрүн толкутту.

Берки үч кат Керимкул, Жума, Салыйдыкы эле. Биринчи Керимкулдун катын алып окушту.

«Кымбаттуу жаш Ленинчилер: Абдылас, Роза, Акай, Айгүл, Кары! Силердин Республиканын бардык пионерлерине үлгү болгон татыктуу эмгегинер мени, силерди тарбиялаган педагогдорду аябай кубантты. Бул иш — биздин мектептин пионерлеринин даңкын жогору көтөрдү. Силердин патриоттук башталма ишинер — зор жаңылык болду. Ал мындан ары улантылмакчы. Жаңы окуу жылына сонун белектер менен, мыкты дем алып келүүнөрдү күтөм.

Агайынар *Керимкул».*

Окуп жаткан Абдыластын үнү толкундуу чыгып, каттын аягына келгенде кубанганынан муундары калтырай түштү.

— Директор агай менин атымды да жазып коюптур. Уктуңбу я апаке, Айгүл апасына текилдеп чуркап барды.

Салыйдын каты да ушул мазмуунда жазылган эле.

— Келе мага берчи — деп Акай Жуманын катын Абдыластын колунан алды. Кичине шашмасы болбосо даана так окуду.

— «Ардактуу балдарым: Абдылас, Акай, Кары, Роза, Айгүл! Силердин кичинекей ишинер мени мурунтан эле кубантып жүргөн эле. Бүгүнкү күнү мен силердин колхоз мектеп үчүн орчундуу жумуштарды аткарып жатканынарды түшүндүм. Мындан ары да ата-энеңерге жардам берип, коомдук мал чарбасын өстүрүү ишине активдүү катышат деп ишенемин. Менин жүрөгүмдөн чыккан ысык салам ушул. Көргөнчө кошкула балдарым. *Жума».*

Абдылас Керимкулдун катына дагы бир сыйра көз жүгүртүп чыкты да: «Силердин патриоттук башталма ишинер зор жаңылык болду. Ал мындан ары улантылмакчы» — деп кайталады. Демек дагы бир топ иштерди аткарууга тийишпиз. Бул — Агай айткандай иштин башталышы гана деп ойлоду. Күтүлбөгөн учурдагы мындай сүйүнүч ар биринин жүзүн ажарлантып, балалыктын учкул сезимдери көңүлдөрүн өргө сүрөдү.

## 28. КОШТОШУУ

Жайлоонун тулаң чөптөрү саргайыңкы тартып, муруңку жашыл түсүн жогото баштады. Аба ырайы да күн сайын серүүндөй берди. Эртели кеч сыдырым жел жүрүп, адамды ичиркентчү болду. Кечки жайытка малчылар калынданып кийинишип чы-

гышты. Жакада эгинге орок салаарына төрт-беш күн калды деген кабар да угулду.

Нечен жылдан бери жайлап, күздөп жүргөн малчылар быйылкы күздүн мээримдүү болорун жоромолдошту. Малды ичке жылдагыдан кечеңирээк түшүрөбүз дешип камырашкан жок.

Ком алып семирген малдар жумшак бетегелүү жайыттарда ныксырай басышып, «ширелүү чөптөрүндүн сыйын түзүктөп көрдүк» дегенсишип эркин оюн салып жай оттоп жүрүшөт. Айтор быйылкы жайлоонун малга өтө жагымдуу, малчыларга көңүлдүү болгондугу алардын сырткы кебетесинен байкаган адамга деле маалим. Жайлоодо, каникулду көңүлдүү өткөрүшсө да, негедир балдардын эркин кыялдары ашыктырып, бышыкчылык өкүм сүрө баштаган берекелүү жаканы эңсей башташты...

Ар киминин көз алдына заңгыраган аппак мектеби, кайкыган талаада тептегиз сеңселе бышкан эгин жайдын арасында иштеп жүргөн колхозчулардын кубанычтуу жүздөрү жана ушул сыяктуу толгон токой берекелүү күздүн жагымдуу элестери тартыла берди.

Кээ бири колунда бар окуу куралдарын ирээттешип, жаңы окуу жылынын камын жешти. Сабак башталардан беш он күн мурунураак барып, керектүү окуу китептерин толук даярдап алууну самашты.

Жогорку класстын камылгалуу окуучулары күндөлүктөрүн эң биринчи бетинен баракташып, орчундуу иштерине белги коюшту.

Витька бир күнү үйүнөн кат алып, негедир шашкалактап калды. Анда тезинен үйгө келүүсүн, окуу күнүнүн чукулдап калганын жана да үй оокатчылыгына байланыштуу бир кыйла жумуштардын бар экендиги жазылган. Жол алыс болгондуктан, дал бүгүн үйдө бол деген күнү кат колуна тийип олтурганына бир аз капалана түштү.

— Кап! Мындайын билгенде мурунтан камынып албайт белем. Эки-үч күн ичинде жөнөп кетишим керек. Бул жөнүндө Веранын оюнда да жок болучу. Досторум болсо такыр билбейт.

Алар эми он беш-жыйырма күндүн ичинде кетесиң деп жүрүшкөн. Рас, анда өтө чукул болуп калат — деп саал кейигенсип ичинен тымызын ой жүгүрттү. Акырында бүрсүгүндөн айныксыз жөнөөгө токтолду.

— Жалгыз гана Веранын макулдугун алуу зарыл. Ал-жайымды түшүндүрсөм, досторум таарынбас.

Алар түшүнүшөт. Жакшы балдар. Бары бир кат жазышып турабыз. Мени шаарлык досторум да сагынышып калгандыр. Аларга мен сонун-сонун аңгемелерди айтып берем. Менин жайлоодон көргөндөрүмө айрыкча тоолук досторума таңданышат...

Ушул сыяктуу күлүк кыял жетелеген таттуу пикирлер Витканын көз алдынан сызып өттү. Бул кабарды жолдошторуна барып айтууну каалады. Бирок, күндүн кечендеп калганы ага тоскоолдук кылгандай болду. Эгер барса сөзсүз конуп калууга тийиш эле.

Анын үстүнө Вера да үйдө жок.

— Аларга таң азандан туруп барайын. Вера келгенде ага айтайын. Менин багыма ал да бүгүн малчыларга конуп калбагай эле деп оңтойсуздана түштү. Бир аздан кийин Кызыл үйгө кирип каникул жөнүндөгү изложениесин улантып жазууга кириштн.

Айылдан кеч кайткан Вера инисинен өтө шашылыш кабарды угуп аң-таң калды. Кыйлага чейин катка үңүлө карап, унчукпастан олтура берди. Анын акжумал тарткан толмоч жүзү бир аз кызарып, кандайдыр бир ой менен алп урушуп жаткандай сезилди.

— Болуптур,— деди көптөн кийин маңдайында олтурган инисине телмире карап. — Абышка, кемпирди унутуп кетүүгө да болбойт.

Алардын сөзүн угуу керек. Менин быйыл октябрь — ноябрь айлары чендерде отпуска алып барам деген оюм бар. Качан жөнөйүн дейсиң? Ал ата-энесин өтө жакшы көрө турган. Айрыкча алыстап айылга келгенден бери өтө кымбат сезип, алар үчүн кам көрүп да жүрөт.

— Сизге туура келсе, бүрсүгүндөн кетем — Витька эжесинин сөзүнө ыраазы болгондой мойнунан кучактай кетти. Вера да бир боорун көкүрөгүнө жакын кыса кучактады. Экөөнүн тең санаасы үй-бүлөсүн капа кылбоодо эле. Бир уядан учкан эки балапан экөө тең эне-атасынын саламаттыгы, келечекки бактылуу турмуштары жөнүндө ойлонушуп бирин-бири күлүмсүрөй карашты.

— Мен макулмун. Даярдап жүргөн буюмдарымды эртең ирээттейин. Бүрсүгүндөн жөнөй бер. Мен өзүм машинага түшкөн жерге чейин узатып барып жөнөтүп ийип, анан кайтам. Эртең жолдошторуна барып жолук. Кетеринде Курман агайың менен да коштош. Мергенов экөө тиги колхоздун малчыларында конуп калышты. Эртең келишет. Мен болбой жатып келдим эле. Ырас болбодубу? — деп, Вера инисинин көңүлүн кубанта сүйлөдү.

Туулуп өскөн шаарын, ата-энесин чукул күндөрдө көрүүгө ашыгып калган баланын жаш жүрөгү тез-тез согуп, көңүлүндө кадимкисиндей үйүндө жүргөнсүп жатты. Ал түнү кыйлага дейре ушул сыяктуу түпсүз назик кыялы менен эрмектешип, өтө кеч уктады. Ага карабастан, эрте ойгонуп, Веранын атына минип, жолдошторун көздөй бет алды. Жолдо бара жатып үйүр

ала түшкөн көркөм жайлоонун туш тарабына суктангандай көз чаптырды. Малдарын жаңыдан короодон чыгарып, белестерди өрдөтүп жайып, акмалай бастырып жүргөн ак калпакчан малчылар бир боордош агасындай сезилди. Кечээки эле жашыл түзүн боёп саргыч тартып мелтиреген айлана мени унутпассың дегенсип улам барган сайын бет маңдайында тартыла берди.

— Мындай көрктүү жерди, мейман дос, күжүрмөн элди эч качан унутпаймын деп ичинен кобурады. Ал түз эле Абдыластын үйүнүн эшигине барып түштү. Жаңыдан туруп жаткан Абдылас Витьканын кандайдыр бир иш менен келгендигин дароо эле сезди. Досунун күлүмсүрөгөн жүзүнөн улам сөзсүз бир сүйүнүчтүү кабар угат экемин деп жоруду.

— Витька, эмне мынча эрте келдиң. Тезирээк айт деп, колун кыса кармап, өзүн көздөй тартты. Витька дароо эле жөнөгөнү жатам десем чочуп кетет деп ойлоду.

— Жөнүнчө эле. Андан көрөк Акай, Кары, Роза, Айгүлдөрдү чогулталы. Мен бир кабар айтам. Жүрү үйлөрүнө барып ээрчитип чыгалы,— Витька Розанын үйүн көздөй басты. Барыбызды чогултуп туруп айтайын деп жатса керек. Мейли, анысы да туура деген пикир Абдыласты тынчытып такып сураган жок. Витьканын каалосу боюнча айылдын туурасындагы шибердин үстүнө барып олтурушту.

Беркилер кандай иш болду экен дегенсишип Витькадан сөз күтүштү.

— Биз угууга даярбыз. Айта берсең болот — Кары чыдамсыздана түштү. Негедир Витьканын акжумал жүзүнө кызыл нурдун тагы пайда болуп, бир чоң иш айтчудан бетер буларды бекер дүүлүктүргөн экенмин дегендей ойго келди.

— Кечирип койгула, досторум? Мен силерди өзүмдүн майда иштерим жөнүндө акылдашайын деп убара кылып койдум.

— Эчтеке эмес. Ошон үчүн жолдошпуз да — деп Акай бир азыраак ыңгайсыздана түшкөн жолдошунун көңүлүн улады. Сен байкабай отуруп Витьканы уялтып койдуң — деп Карынын кулагына шыбырады.

— Аз күн болсо да мен силер менен өтө ынак болуп кеттим. Жолдоштугуңарга рахматтан башка айтар сөзүм жок. Силерди эч убакта унуткум келбейт. Мен Соң-Көлдө дагы бир төп күн жүрөм деп ойлогон элем. Бирок эртең кетүүгө туура келди. Силер менен коштошоюн деп келгем.

Акыркы сүйлөмдү айтканда үнү кысылып чыгып, көгүлтүр көздөрү бажырайды.

— Чын элеби? Мурун бизге айткан жок элең го? — деп Абдылас өкүттө калган немедей коомайсынды. Баятан берки сүйгүнчүктүү кабарды эңсеп олтурган ою коңултуктай түшкөнсүдү.

Ар кимиси мынчалык шашкандыгынын себебин сураштырып жатышты. Витька болгон иштеринин барысын түшүндүрүп айтты. Беркилер «аргасыздан» макул болгонсушуп жапырт ордунан турушту.

— Мына кызык, алыска кетип жаткан кишини да кур узатуучу беле. Мен азыр апама барып Витька байкеме белек бердирем. — Айгүл текилдеген боюнча үйүнө чуркады.

— Кичинекей болуп туруп билгичтигин көр,— деди Кары күлмүндөй карап. Ал иш барыбыздын оюбузда бар. Колубуздан келгенибизди берип узаталы.

— Ошентиш керек,— Абдылас чечкиндүү сүйлөдү. Ар бири кетери жөнүндө мурунтараак уксак сонун болбойт беле деп ойлошту.

— Рахмат силерге. Мен эчтеке албаймын. Учурашайын деп гана келгем. Бекер убараланбагыла, мен силерди эч качан унутпайм. Андан көрө адресимди таштап кетейин. Кат жазышып туралы,— блокнотунун бир барагын айрып, адресин жазууга камынды. Чындыгында эле жолдошторунан бирдеме алуу пикирине да келген эмес. Азыр да алып келгендерин кайтарып берүүгө даяр эле. Колуна козу карынга куюлган үч-төрт килограмм чамасындагы сары майды көтөрүп Бурма апа балдардын жанына келди. Мөлтүрөгөн уйдун сары майы таптаза айнектей бөйтөйгөн кичинекей карындын сыртынан жалтырап ого бетер жакшынакай көрүндү.

— Байкем экөөбүздүн белегибиз ушул, алып кой, Витька байке. — Айгүл Бурма апанын алаканындагы таза татынакай козу карынды көрсөттү.

— Айгүл карындашың ырас айтат, айланайын. Абдылас экөөң достошуп да калдың. Биздин колубуздагы ылайыктуу нерсе ушул.

Ата-энеңе ала барып бер,— Бурма айнектей тунук карынды Витькага сунду.

— Рахмат, апа, эчтеке албаймын. Ансыз эле доспуз,— деп ийменип колун боорuна алды. Ал Бурма апанын колунан ала коюшту өтө оңтойсуз сезди. Меймандос элдин салтына аздыр-көптүр түшүнсө да, шып ала коюш ага одонодой туюлду. Аңгыча беркилер да үйлөрүнөн бир деме алып чыгууга чуркашты. Бет мандайында чын жүрөгү менен берүүнү каалып турган Бурма апанын мээримдүү жүзү, Абдылас менен Айгүлдүн албасаң таарынабыз дегенсишип үнсүз үңүлө карап турушу анын эркин бийлеп жиберди.

— Болуптур, апаке, алайын. Мен да бирдеме берейин деген элем. А то мага да чоң уят болот. Азыр мен жөнөйүн. Тыяктагы камымды барып көрө берейин. Абдыластар өзүлөрү ала ба-

рышсын — деп, Бурма апаны ишендирди. Ал ошол мезгилде өзүнүн ылайыктуу буюмдарынан кичине болсо да буларга да белек калтырууну ойлоду. Эгер албай кетсе чоң таарынычта калар-лыгына толук көзү жетти. Беркилер да бул акылды туура табышып, Витька жөнөгөнчө өзүлөрүнчө барууга макулдашышты. Бурма апанын үйүнөн жолдоштору менен бирге тамактанып, атына минди.

— Жакшы бар, айланайын. Ата-энеңе салам-дуба де, кат жазып тур. — Бурма Витьканын маңдайынан сүйүп коштошту. Биз тыяктан сени жөнөтүп, барып коштошобуз. Барып камына бер. Эртең менен эрте баралы, дешип жолдоштору убадалашышты.

* * *

Бурма апа турган мезгилде жер ала көлөкөлөнүп асмандан жарыктын шоолаcы чачырай баштаган эле. Уйкунун терең кучагында жаткан уулун акырын тарткылап ойготту. Эрте ойготуп кой деп апасына катуу тапшырган сөзү эсинде бек сакталган Абдылас ордунан ыргып турду. Шашып-бушуп кийинип, эшикке чуркап чыкты. Жайлоонун таңкы жели, Абдыластын талыкшыган денесин серүүндөтүп, көңүлүн жагалдантып жиберди. Түштүштан шырп-шырп этип алюминий чакаларга үстөкө-бостоk уйдун желининен кулап жаткан бал сүттүн дабыштары жаңырып, саанчылардын шамдагай аракеттерин байкады.

— Ырас барыбыз эрте ойгонуппуз. Кана жөнөбөйлүбү? — деп атын токунуп жаткан Кары Абдыласка кыйкырды.

— Азыр жөнөйбүз. Роза менен Акай турушту болду бекен? Алар бая эле турушкан. Айгүлдү ойготтуң беле? Ал барбай калса чыр кылат.

— Азыр аны ойготом,— Абдылас үйүн бет алганда Айгүлдүн ичке үнү чыкты.

— Мен өзүм эле ойгонуп, кийинип жатам. Азыр жөнөйбүзбү я байке,— уйкусу чала канган көзүн ачып жуумп чуркап чыкты.

Карындашынын сергек мүнөзүнө Абдылас ичинен кубанып, кечээки апасы дайындаган майды, Розанын куржунунун бир жак көзүнө батырып, Карынын атына салышты. Роза менен Айгүлдү атка мингизишип берки үчөө жөө жолго чыгышты. Розанын энеси биздин даамдуу тамактан шаарлыктар жеп көрсүн деп, кичирээк чака менен бир нак кургатылган эжигей-курут салып берген. Кары өзүнчө бир козу карын май алган.

Акун карыя баарың тең эле бир түрлүү азык алып барсаңар болбой калар. Өзү жакшы бала экен. Ата-энесине, жолдош-жоросуна кыргыз туугандарымдын белеги деп сүйүнүп барсын. Унутпай айта жүргөнгө жакшы, кемер куруңду бер балам — деп алып бергенде, Акай гана эмес беркилер да сүйүнүштү.

* * *

Күн чыгыштагы арсак тоолордун башынан чоктой кызарып, жаңыдан көрүнө баштаган мезгилде балдар Витька турган айылга жетип келишти.

Витька жолдошторунун караанын алыстан таанып астынан тосуп чыкты. Бүгүн коштошо турган күн эмеспи деген ой ар кимисинин делебесин козгогонсуду, өтө сүйкүмдүүлүк менен учурашышып бир-бирине жылуу сөздөрдү айтууга аракеттеништи.

Вера тилектеш, ынтымактуу жаш достордун өтө сылык мамилелерин көрүп аябай кубанды. Достукка болоттой ширелип тарбияланган жаш муундардын мамилесине, ишине ким ыраазы болбосун! Эки улуттун балдары бир эненин сүтүн эмгендей, бир атанын колунан өскөндөй бирине-бири мээримдүү жүзү менен эркелей карашат. Вера жаш курбуларды үйүнө киргизип, сыйлуу тамактарын астыларына жайнатты. Жадегенде кымызга кумшекерден салып чайкап да коюптур. Тамактын аягында алиги кымыздан бир пиаладан ар бирине жеткирди да:

— Силердин татыктуу жолдоштугуңар, келечекки бактыңар үчүн! — деп, чыныларды тийиштирип ичип жиберүүлөрүн күттү. Курбулар алдыртан жылмая карашып, бал татыган даамдуу кымызды шыңгыта жутушту. Аңгыча Карыбек менен Курман да келип түшүштү. Иштин жайын түшүнгөн соң, Курман атын Витькага берейин деди. Вера өз атын минмекчи болду. Анткени — Жумгал совхозуна чейин ат минип барып, ошол жерден Витьканы машинага түшүрүү керек. Ортосу атчан кишиге үч-төрт сааттык жол.

— Эгер сиздерге ылайык келсе, совхозго чейин мен да кошо барайын. Почтону бүрсүгүнү алып келем — деп, Кары Карыбек менен Курманга кайрылып өтүнгөндөй болду.

— Ырас айтат. Вера эжекеге кайра атты жетелеп келүү кымбатыраак болот го,— деп Акай жактай кетти.

— Болуптур. Бирок бүгүндөн калбай келгиле,— деди Карыбек.

— Ушуну жакшы ойлодуңар, эмнеге конмок элек. Жумгалдан Рыбачыга кетүүчү пассажир машина совхоздон туура саат бир чендерде өтөт. Ага сөзсүз үлгүрөбүз. Витьканы түшүрүп коюп эле кайра кайтабыз — деп Вера чындап кубана түштү. Балдар куржунду ачып Витькага алып келген белектерин тапшырышты. Кечээ келгенде эле Витька досторунун жайын эжесине айткан, өзү макул болуп келген соң Вера чычалаган эмес. Он эки литр май бата турган банка камдап, Вера өзү төрт литр май куйган. Абдылас менен Кары алып келген майды үстүнө куйганда банка ченеп койгондой жык жыйма толду. Розанын

сызгырылып сыртынан майы чыгып, куду лимондой ачык сары түстөгү эжигей курутунан жеп көрүп, оозуна бал татыгандай кайра-кайра тамшанды. — Бул кандайча жасалган деп бизди-килер таң калышат. Муну сөзсүз алып кетейин, чемоданыма эле салып алам — деп, Витька күдүңдөй түштү.

— Жүгүң оор болуп калбайбы? — деди, Вера инисин аягансып.

— Эч кандай оор эмес. Өңгөнү таштасам да жолдоштурумдун белектерин таштабаймын — деп чечкиндүү жооп кайтарды.

— Туура айтат бул бизди сыйлаганы эмеспи — деди Карыбек Абдыласка акырын сүйлөп. Азыктар ирээттелип бекитилгенден кийин Акай белиндеги кооз кемерин чечип Витькага сунду.

— Менин белегим ушул. Курчанбасаң да үйүңө кооздукка кой.

Карыбек, Курман — экөө жаш достордун урматтуу сыйлашууларына сүйкүмдүү жылмайышты. «Бирөөнүн кымбат буюмун албаса экен. Бул ылайык эмес. Тигил белектери деле жетишет го» — деп Вера купуя ойлонуп, инисин көзүнүн кыры менен карады.

— Рахмат, досум, бул асыл буюм. Мен мындай кооз, кымбат курларды кыргыздын атактуу артисттеринин курчанып жүргөнүн Фрунзеден көргөм. Акун абамдын өзүндө эле турсун. Мен эч качан албаймын,— Витька кайра Акайдын ийнине салды.

— Витька, сен эч качан мындай буюмдарды алууга тийиш эмессиң — деп, Вера чыны менен эле катуулап эскертти.

— Бул унутулгуз белек болот. Досуңа алып барып бер деп атам өзү берди. Алып койгун.

— Акун атам албай койбосун,— деди. Барыбызга тапшырып айтты,— дешип беркилер жабыла чурулдашты.

— Карыя киши эмеспи. Акун акем тоолук элден бир белек алып кетсин деген экен да. Менин оюмча каршы болуунун кереги жок. Вера ойлонуп көр,— деп Карыбек да көңүлдүүсүндү.

— Биздин элдин салты ушундай. Акун аке эки баланын түбөлүк достошуп жүрүүсүн каалап берген да деп, Курман дагы ылайык тапты. Вера эмне кылуу керек дегенсип ойлоно түштү.

— Акун атанын адамкерчилигине чоң рахмат,— деди Вера бир кыйладан кийин,— Витька ансыз деле жолдоштору менен мындан ары байланышта болууга тийиш. Булар эч качан биринбири унутушпайт, берген белектеринин башкасы деле жетишет, барына рахмат!

Витька досуна ишенимдүү карап, ыраазы болгондугун билдирди.

— Мен силер менен Акун ата айткандай түбөлүк досмун. Кур сенде эле турсун,— Акайдын колун кыса кармады.

Беркилер канчалык аракеттенишсе да Витька рахматын көп мертебе айтып, кемер курду албады. Аргасыздан беркилер макул болушту. Вера өз чемоданын ачып, кечинде дайындап койгон Витьканын буюмдарын алып берди.

— Мага азырынча тарынбагыла. Силерге калтырар эстелигим жупуну болуп калды. Жайын түшүндүрүп өз колу менен буюмдарын жолдошторуна тарката баштады. Беркилердин оюна да келген иш эмес эле. Албай баш тартуудан ийменишти. Анткени алар өзүлөрү баштап коюшкан иш эле го. Алар ичинен Витьканы аягансышты. Розага жибек косынке берди. Вера өзүнүн салына элек косынкесин ылайыктап алып койгон.

Айгүлгө жаңы пионердик галстук, коробкага салынган ар түрлүү сыр карандаштарды берди. Абдыласка — «Чыныгы киши тууралуу повесть», Карыга «Полктун уулу» деген, Акайга «Ак кайың» — деген баалуу жаңы китептердин беттерине «эстелик үчүн» деп жазып туруп тапшырды.

Таарынбагыла. Азыр биз жакта дүйүм жемиштин баары бышып калды. Барарым менен посылка жиберем — деп аттанып жатып жолдошторун эскертти. Жаш курбулар колдорун кыса кармашып кубанычтуу түрдө коштошушту. Витька артына кылчайып карап аттын үстүнөн «саламатта тургула» деген сөздү ичинен улам кайталап колун булгалактатып жүрүп олтурду. Беркилер да Витькадан көзүн алышпай колдорун жогору көтөрүшүп булгалактатышып «жолуң ачылсын» деп, купуя тилектерин арнап жатышты. Аларды көрүшкөн тоолук малчылар «жаңы замандын балдары да. Шаарлыктар машинага түшүрүп алып киши узатканда ушинтип кол булгайт дечү эле.

Буларды карабайсыңарбы. Тилектери бир эмеспи»,— дешип сүйкүмдүү карап турушту.

## 29. ВЛКСМДЫН УСТАВЫ

Бүгүнкүдөй бош олтуруу Курманды зериктирип да жиберүүчү. Ал көп убактыларын китеп окуу менен өткөрө турган. Кур кылданып, ишсиз бекер карап олтуруу анын жек көргөн жумуштарынын бири. Негедир убакыттын көзгө илешпей өтүп жатканын байкас албай, баятан бери өз алдынча майдачуйда иштер менен алек. Бүгүн жалгыз калган Қызыл үйдүн төрүндөгү килемдин үстүнө көрпөчөсүн жая салып кырынан жантая жатып эстеликтер жазылып жүргөн анчейин калың эмес блокнотун баракгап окуп жатты. Өткөн күндөрүн эсине түшүрүп кайсы бир кызык окуялардын элесин көз алдына тартып өзүнө көрсөткөн жазуулары аргасыздан кызыктыра берди. Көбүнчө күндөлүк турмушунда кездешкен кызыктуу окуялары жазылган эле.

. Кээде салыңкы кабагын жазып, кыйлага чейин күлүмсүрөй тигилип, бир беттин эле өзүн кайра-кайра окуп жаткансыды. Кээде кырдач мурунун таноолору жайыла түшүп, бырс күлүп жиберген учурлары да болду.

Кээде кабагын чытып, суз тигилип ойлоно калып да жатты. Айтор аппак барактын бетине түбөлүк чапталган мөлтүр сыяның түшүргөн тактарынан өзүнүн бир күнкү күлкүлүү шайыр, тамашалуу экинчи күнкү курбулар менен жолугушуулардагы кызыктуу жана ылайыксыз, үчүнчү күнкү кызматтагы негиздүү маселелерди чечүүдөгү ойлуу чырмалышкан окуяларды көрдү. Ал окуялардын бары өзүнүн күндөлүк турмушунда болуп өткөндүктөн, кубанып да, ойлонуп да жатты.

— Турмушта кездешкен элестүү окуяларды жазып жүрүүнүн кереги зор экен. Мындай окуянын кээ бири гана көңүлдө сакталбаса, көпчүлүгү нечак эле учуп кетпейт беле. Эгер бир жыл бою жазып жүргөндөрүмдү окусам, өзүмдүн бир жылдык жүрүш-турушум жөнүндө мүнөздөмө бере алар белем,— бирөө менен акылдашып жаткансып ичинен сүйлөдү.

Бир топ баракчаларды оодарып блокнотунун экинчи бөлүмүн ачты. Анда жаштар, айрыкча комсомол жөнүндө жазылган акындардын ырларынан тандалып алынган куплеттер көчүрүлгөн эле. Үйдө өзүнөн башка эч ким жок болгон соң кимден айбыксын үнүн созо таштап, алиги жазылгандарын ырдай баштады. Оюнда татыктуу ырга тамылжыгын обону айкалышып эң сонун чыгып жаткансыды.

Күмүш өңдүү жаштык кез,
Күлпөтүнө баа жеткис,
Комсомолдук кез ошол,
Кылычтай курч, октой тез.

Чынында да үнү ыргактуу, ар кайсы обонго элпек эле. Экинчи бетин ачып, көптөн берки көңүлүндөгү жат ыр болсо да жазууга көзүн жүгүрттү.

Бакыт болбос, байлык болбос мындан зор,
Менин атым — төрт ордендүү комсомол.
Өчпөйт, өчпөйт, алтын жазуу түбөлүк,
Ленин ата өзү койгон ат ошол.
Атак болбос, ардак болбос мындан зор,
Менин ысмым — төрт ордендүү комсомол.
Тыңчтык күндө, күрөштөрдө шыктанып,
Келечекке үлгү болот биздин жол.

Үнүндөгү кубаттуу толкун ырдын мазмунун коргошундай эритип, комсомолец Курмандын жүрөгүнө терең чөгөргөндөй болду.

— Ырас,— деди токтоло калып. Жазган акын эки куплет ыры менен Ленин комсомолунун даңктуу ишин, жалындуу атын түура көрсөткөн. Темасын да «Төрт ордендүү» — деп калыпка куйгандай тапкан.

Үчүнчү бетти ачып «Комсомол» деген дагы бир ырга көз жүгүрттү. Ал ыр да көңүлүнө жага түштү. Шар ырдоодон мурун токтоло калып, кайсы овонго салууну ойлонду. Ырдын ыргагы эсиндеги бир хордун обонуна туура келе түштү. Кадимки концертте роль аткарып жаткан артисттей ордунан ыргып какая тура калды. Блокнотту бет маңдайына кармап сурдана тигилип үнүн созду.

Жалындуу, өткүр жаштык өмүр алган,
Ширетип Октябрде аткан таңдан.
Көзүнөн коммунизм шамы жанган
Сөзүнөн келечектин балы тамган.

Ленин — Сталиндин иши менен,
Кандыра сугарылган ою терең.
Бирден-бир жүрөгүнө ак тилеги,
— «Сүйгөнүм, ардактарым элим» — деген.

Күрөшү шер коммунист агайындай,
Мүнөзү өз элинин таалайындай.
Дооруна татый турган кызматы бар,
Атагын комсомол деп баалагандай.

Кара сур бети тамылжый түштү. Столдун үстүндөгү жыйылган китептердин жанында жөлөнүү турган асынып жүрмө булгаары сумкасын колуна алды. Ичиндеги кагаздарды бир четинен сууруп, калыңыраактарын барактап ичинен бир нерсе карай баштады. Өгүнчөрөөк районго барганында райкомолдон ВЛКСМдын уставынан алып сумкасына салгандай болгон. Анын издеп жаткан буюму ошол эле. Баятан бери комсомол жөнүндөгү ырлардан улам эсине түшө калды. Ал устав менен уй фермасындагы балдарды тааныштырууну ойлоду.

Мүмкүн катар зарыл иштерди түшүндүргөндөн кийин өзүлөрүнө берип коюуну да туура тапты. Анткени ал балдар быйыл сегизинчи класстан окушат. Ушул окуу жылында комсомолго өтөбүз деген сөздү өз ооздорунан да уккан. Алар демилгелүү, коомдук көпчүлүк иштерге активдүү катышкан балдар. Сабактарын да мыкты өздөштүрүшөт. Жүрүш-туруштары да тартиптүү, кичипейил өсүшкөн. Сөзсүз, Ленин комсомолунун даңктуу наамын, темирдей тартибин, көздүн карегиндей сактай алышат—деген сыяктуу балдардын мыкты жактарын далилдей турган фактылар Курмандын көз алдынан чубап өтүп жатты. Ал гана эмес ылайыгы келсе убагында рекомендация берүүнү да

ойлобой койгон жок. Мектептик комсомол уюмунун секретарына дайындап кетүүсү, ал түгүл райкомолдун бюросунда да жактап чыгары шексиз эле.

Күнөм санаган буюму сумкасынын ичиндеги кагаздардын арасынан табылды. — «Жоктун табылышы» кимди болбосун кубантпай койбойт эмеспи. Байкабаган кишиге өтө эле жөнөкөй буюмдай көрүнгөнү менен ушул учурда Курмандын В Л К С М-дын уставын таап алышы кадимки эле чоң үмүттүн ордунан чыккандай сезилди. Анткени — ал аз күндө чоң белектер менен жайлоодон мектебине барыша турган жаш пионер досторун Ленин комсомолунун уставы менен таныштырмакчы.

### 30. ЖАҢЫ ЖУРТТА

Соң-Көлдүн бетегелүү чөптөрү саргайып аба ырайы сууктай баштады. Жайыттагы уйлардын сүтү мурункуга караганда тартыла түштү. Уйлар кенже жайлоолордун чымырап тийген ысык күнүн, кайрадан жетилип калган катыш чөптөрүн эңсегендей белди бет алып качкан күндөрү да болду. Жылда бул маалда уйлар ичке түшүрүлүп калуучу. Жайлоо парторгунан уруксат болмоюн бет алды көчүп кете берүү ээн баштык болоорун түшүнгөн Батыш ал жайды билип турса да унчуккан жок. Качан көчөбүз деп келген саанчыларга бир эки күн аялдап турсак кабар болуп калар деген жоопту айтты. Экинчи күнү Акун атайылап Батыштын үйүнө келди. Негедир бир нерсеге ачууланган сып каргылданган үнү катуу чыкты.

— Батыш балам, бул жоругуңар жарабаган иш. Былтыркы маалдан мына бүгүн туура төрт күн өттү. Уйлар эми ичтин ысык күнү ширелүү чөбүн сагынды. Абдан саан болор маалы ушул да. Бир четинен саанчыларга да убал. Парторгуңар өзү келмек беле. Барып сүйлөшүп кел балам. Мен ичке түшүп конуш чалып келейин — деп кесе сүйлөдү.

Батыш карыя менен айтышып олтурууну каалаган жок. Анткени бир четинен карыяны сыйлады. Экинчиден — бул пикир фермадагы адамдардын жалпысына тиешелүү эле. Эгер Батыш дагы эле «кабар болор» — деп мурунку сөзүн кайталаса Акун карыя парторгго туптуура эле өзү бармак.

— Жарайт, аба. Мен азыр аттанам. Сиз конуш чалып келе бериңиз. — Батыш жылуу жообу менен Акундун талабын орундатууга камынганын билдирди.

— Ошент, балам. Малдын да убалы болот. Соң-Көл жарыктык мындан ары уйга анчейин жага бербейт. Жайыттагы уй суукта жакшы саан болбойт. Бир аз күндө койлор да ичке түшөт. Жылкылар кышты да ушул жерден өткөрүшөт. Жылкы жа-

ныбарга сары бетеге арпадай жагат эмеспи. Парторгка түзүктөп айт. Бөйдө малдын саанын тартпасын. Эртең-бүрсүгүндөн көчкөндөй бололу.

Акун карыя дооматты Батыш менен парторгка үйө сүйлөдү. Батыш аттанып кеткенден кийин саанчыларга келип: камына бергиле. Эртең-бүрсүгүндөн көчөбүз — деп айтты.

Күн бешим болуп калган мезгилде Батыш үйүнө келип түштү.

Айылдагылар чогулушуп анын үйүнө барышты. Эмне кабар алып келди? Балким парторг макул болбой койгондур деген пикир ар кимининн сезиминде туулду.

— Көчмөй болдук. Мурунураак эле кабарлашканда болмок экен. Бул менин күнөөм. Акун аксакал келгенде сүйлөшүп, эртеңден эле түшүп кетели — деп Батыш саанчылардын талабын орундаткандай ордунан жеңил турду. Айылдагылар эртеңки көчтүн камын көрө башташты.

Күн уясына нечак эле баткан, жердин бети күнүрттөнүп карангы түндүн пардасын жамына баштаган мезгилде, Акун карыя айылга келди. Батыштан кабарды укkандан кийин ого бетер көңүлү жайланды. Мындай учурда Акун карыянын жарпы жазылып, оюндагы пикирин ортого салып чечиле сүйлөй турган адаты айылдагыларга небактан бери белгилүү.

— Мен бүгүн көп жерлерди кыдырдым. Кашаң күрөңүм да демейдегисинен ылдамдай басып, самаган жерлерге тез-тез жеткирип турду,— деп атын мактап ууртунан жылмайып күлдү. Олтургандар бул көңүлү жайлангандагы эле кошумча сөзү деп түшүнүштү — Мен Тулга-Таштагы жайык конушту чектеп келдим. Биздин үйлөр оттоп кеткен жазгы жайыттар кайра жетилип калыптыр. Он беш күнгө чейин көбү куурай турган эмес. Сайда эки кулактай суу агып жатат. Баарыдан балдардын мооку кана турган. Кары мени менен кошо конуш чалышып жүрүп, андан ары кетти. Эртең почтаны алып келе жатып көчтү ушул конуштан тосуп алам деп кетти. Карагайлуу-Булактын колотундагы карагаттар эзилип бышыптыр дейсиң. Тим эле шагы ийилет,— деп жанында олтурган уулун жылмая карады. Батыш Акун карыянын тандаган жаңы конушун ылайык тапты.

* * *

Саанчылар күндөгүсүнөн да эртелеп турушуп, үйларын кактай саашты. Анткени — көчтө музоолор энелери менен бирге айдалмакчы. Айылдагылар үйлөрүнүн боо-чуусун чечишке жаңыдан кирише баштаган учурда, Абыш карыяга кошулушуп Абдылас менен Акай үйларды эртелеп жаңы журтту көздөй короодон ай-

дап чыгарышты. Акун көчтүн милдетин алып калды. Мурун өзүлөрүнчө бөлөк жайылып жүргөн музоолор энелери менен кошо агытылгандарына сүйүнүшкөнсүп, басып бара жатып эле энелерин ээмп суусундарын кандырууга аракеттенип жатышты. «Бул жоругуңар жарабаган иш» дегенсишип эмчекти көздөй тап коюшкан музоолорун кээ бири мүйүздөрү менен жаңсап жолотушпады.

— Кош бол, Соң-Көл! дегендей ичке үндөрү менен астында оюн салып бара жаткан музоолор мөөрөп да жибериштн. Акай менен Абдылас ирээтсиз туш-тарапка басып баратышкан уйлардын эки жагында чогулта айдап жүрүп олтурушту. Абыш карыя арт жагынан түрө айдады.

Эркин оттоп көнгөн уйлар алардын куугунуна нааразы болгонсуп, каалгый жай басышып оттоп бара беришти. Таштак белесчени эңкейип, чөптөрү сейрек чыккан колотту өрдөй бергенде ыргылжың басып келаткан уйлар, сайгак тийген эмедей ичке куйруктарын көккө сапырып, баштарын чулгуп, бирин-бири кубалашып оюн салган боюнча кетишти. — Тоскула, айланайындар! Башка жакка ирип кетпесин. — Абыш карыя балдарга кыйкырды.

Шымаланып жөө келатышкан Акай менен Абдылас эки жактан чуркап олтурушуп бир кыйлада араң жетишти. Кээ бири башын жерден албай оттоп жүрүшсө, кээ бири чарчаңкырагансып жатып да алыптыр. Жалган түштө Тулга-Ташка жетишип уйларды жайып коё беришти.

— Уйларды мен акмалап турайын. Силер барып карагат терип жегиле,— Абыш карыя балдарга уруксат берди. Акай Абдыласты ээрчитип Карагайлуу-Булакты көздөй кеткен колотту бет алды. Абдылас карагатты жеп жүргөнү менен кандай бадалда өсөөрүн али күнгө чейин көрө элек. Беттин эңгилчек баскан чоңдугу үйдөй таштар, чырмоок кейиптенип таштардын боорлорунан артылып өскөн жалбырактуу чөптөр, бутактары туш-тарапта созулуп узун-кыска дүпүйүп өскөн бадалдар кууш колоттун көркүн берип тургансыйт. Анын жогорку эки жак бетинде тең жайылган сандыктардай зоока көз мелжитет. Зооканын төмөнүрөөк жагында анчейин бийик эмес сейрек карагайлар өскөн. Балдар улам өр тартып жүрүп отурушту. Кыздар тагынган мончоктордой топтоголок мөлтүрөп бышкан четиндин ашына, бөрү карагатка, ит мурунга Абдылас таңыркап көзүн албай тиктей берди.

— Мынакей жеттик! — деди, Акай сүйгүнчүктүү унчугуп. Ал айдап койгондой жыш чыккан карагаттуу бадалдарды аралап кирип барды. Абдылас сыр билгизбестен бир эле тал бүчүрчөдөн тобу менен чокмороктошкон карагатты үзүп оозуна татып

көрдү. Эзилип бышкан карагат оозго тиери менен мөлт этип эрип жатты.

Жумшак кичинекей жалбыректары менен кошо сыдырып алышып, карагатты чөнтөктөрүнө толтура башташты. Алар көч келгенде жаңы журтту жемиши менен сыйлоону ойлошту.

— Айрыкча, Айгүл аябай кубанат,— Абдылас Акайга тигилди.

— Бала эмеспи, сонун көрөт. Андан көрөк терүү темпиңди күчөт,— деп Акай ылдамдап терүүсүн улантты. Алар абдан кызуу киришип жатышкан мезгилде жогорураак жактагы бадалдын арасынан ызылдаган ышкырык угулду. Экөө тең элеңдешип, эки жагын карашты.

— Чакчыгай болсо керек. Кишини туурап ышкырып, кулунду туурап кишенейт — деп уккам. Бол, тездеп чөнтөктөрүңдү толтур. Журтка барып көчтү тосуп туралы — деди эч нерседен шексинбегенсип Акай. Экинчи жолу ышкырык чыкканда Акай көңүлүн бурган да жок. Абдылас чочугансып селт эте түшүп, эч табыш билинбегендиктен, Акайдын сөзү чын болсо керек деген пикирге тынчтанып калды.

Кары кечээки убадасы боюнча жаңы журтка келген. Ал жерден атасына учурап, болгон иштердин барын уккан. Ушуларды бир чала-була чоочутуп көрөйүн деп атын, тартып келген почтасын ошол жерге коюп, жогорураак жак менен бадалдарды аралап тигилердин үстүнө келип жашынып турган. Эки жолу ышкырганда шек санабаган соң, боордон чакадай борпоң ташты омкоруп, жандата кулатып жиберди. Таш чамберек атып экөөнүн жанынан зуулдап өттү.

— Кач быякка. Бул эмнеси, же жогортон кийик кулаттыбы? — деп, Абдылас шектенгендей чочулап берки жакка чуркап чыкты. Акай — эчтеке эмес, тоо-таштуу жерден кулана берет деп, ордунан козголгон жок. Кокусунан уят боломбу дегенсип Абдылас кайра алиги терип жаткан бадалына барды. Кары обдула калып так Акайды көздөй таш ыргытты. Таш чимирилип келип бутунун жанына түштү.

— Ой...ээй...! Чын эле бизди бирөө аңдып жүрсө керек. Жүрү ачыкка чыгалы. Колуна таш ал — деп шашкалактап колуна ташты толтуруп обочороок чуркап чыкты. Абдылас да таш менен уруп айбат кылууга беленденип, эки жагын элеңдеп карады.

— Бери баскыла, кармашсанар,— Кары үстү жактагы бадалдын арасынан көрүнө түштү. Ал ыкшып катуу күлө берип, күйүккөн адамча эки бөйрөгүн таянып, кайра ордуна олтура калды. Беркилер чочулаганыдыктарын билгизбөө максатында, колдорундагы таштарды акырын жерге ташташып, жай чыгып барышты.

— Ой, сен соосуңбу, эмнеге күлүп жатасың? Жаман оюнда бизди коркутам деп келсең керек.

— Олдо ары жок ай, коркутчу кишиң биз эмеспиз го? Деги сени тоотуп койсок экен.

Экөө жарыша сүйлөп жанына барып олтура кетишти. Сыртында канчалык сыр билгизбейбиз деп көрүнүшкөнү менен чочугандыктын белгиси өндөрүнөн эле байкалып турду. Барлык нерсени көзү көрүп тургандыктан жолдошторумду уялтпайын дедиби — жүрөктүү экенсиңер. Тоотпогонуңарга күлөм да — деп астыртан согуп өттү.

Өндөрү бир аз кызара түшүп, беркилер да үн деген жок. Карыкайра адатындай тамашага чалып, беркилерди чычалатып бир топко олтургусу келди. Бирок убакыттын тарлыгы аны тыйгандай болду. Ал бүгүнкү почтаны Соң-Көлдөгү малчыларга жеткизүү керек. Анын үстүнө Жайлоо Советине тапшырыла турган пакет да бар эле.

— Мен качан болбосун силерди кубантып жүрөм. Быйыл мага ыраазы болбосоңор чекеңерден чыгат. Жүргүлө тезирээк жетели. Силерге дагы бир сонун нерсе көрсөтөм. Сүйүнчү сурабай эле коёюн. Мурун берип жыргаткан эмессиңер — күлмүңдөп карап астыга басты. Анын чолок эриндери жазыла түшүп, көзү күлүңдөп турду. Ушул учурдагы Карынын мүнөзү жолдошторуна өтө эле жагымдуу учурады.

— Айткан сөздөрүңдүн бары чын. Айрыкча жаздан бери онолдун.

— Өңгөндү коюп жанагы бизди кубанта турган ишиңди айтчы?

Жаш курбулардын жүрөктөрү ашыгып, азырынча белгисиз кубанычтын атын Карыдан күтүштү.

— Витька достон посылка келиптир. Оордугу он эки килограмм, жалаң эле жеминтер болсо керек.

— Дос болбосоң коё кал. Аныкжигит экен — деп, демейде көп сүйлөбөгөн Акай шандана түштү. Бул сөздү анын жаш жүрөгү күч менен айттыргандай болду.

— Үйүнө жетер менен жөнөткөн экен. Ачып көргөн жоксуңбу? — деди Абдылас Карыга жылмая карап.

— Мен эмес, силердин да ачууга акыңар жок. Жиберген кишиси гана ачууга мүмкүн.

— Эмне дейсиң? Кимге жибериптир,— дешип жарыша унчугуп тандана түшүштү.

— Үчөөбүздүн бирөөбүзгө жазсам таарынат деп ойлосо керек. Эстүү бала эмеспи. Розага же Айгүлгө тийсин дептир. — Карынын толмоч беттеринен терең ыраазылыктын касиети байкалды. Беркилер да шаарлык досунун акылдуу жоругуна көңүл-

дөрү уюгансып ойлоно түшүштү. Кары жолдошторуна окуу жылынын башталышына карай мектепте болуп жаткан жаңылыктарды, эки-үч күндө Жума менен Керимкулдун тоодогу малчыларга келише тургандыктарын айтты.

— Жаңы журт бизди жаңылыктар менен тосуп алды. Ыраспы я? — Акай беркилерге бурулду. Ооба десең дегенсип Абдылас жылмайып кашын серпти. Алар ылдыйлап барышканда жаңы конушка көч жаңыдан түшүрүлүп жаткан эле. Балдар көчүп келгендерди Фрунзенин жана Карагайлуу-Булактын жөмиштери менен өрлүктөштү.

— Жаңы журт! — Жакшы журт! — Кайра-кайра кайталап кыйкырып, барысынан да Айгүл чоң кубанычка батты.

## 31. КАМЫНУУ

Көгүш дасторкондун үстүнө чачыраган ынак сүттөй болуп, чаңкайган асмандагы жеңил булуттар эркин сүзүп жүрүшөт. Аба ырайынын тунуктугуна рахаттангансып, Тулга-Таштын жаратылышынын сулуулугу балдардын көзүнө күндөгүдөн да жагымдуу. Айылдын төмөнүрөөк жагындагы белесчеде тегеректешип олтурган балдар жердин сулуулугу жөнүндө атайылап сөз козгоп жатпаганы менен анын тунук авасынын, кооз жаратылышынын сырткы таасири алардын көңүлүн сергектентип, сезимин толкутуп, бардыгы үчүн белгилүүдөй байкалат. Алар жакында башталуучу жаңы окуу жылынын башталган күнүнө карата өзүлөрүнүн даярдыктарын текшерип көрүү үчүн чогулушкан. Бардыгы тең биринчи сабакта талап кылынуучу изложенияларын ала келишкен. Алдын ала өзүлөрүнчө окуп көрүшмөк. Акай менен Абдыластын жазган изложенияларын жакшы деп табышты. Акай мактоону жакшы көрө турган. Ал жаңыдан окуп бүтөрү менен Роза — куттуктаймын! Өтө көркөм жазыпсың деп күлүмсүрөп колун кыса кармаганда.

— Мугалим «Бешти» койду дей бербейсиңби. Жакең бекеринен үч сыйра оңдоп, көчүрүп чыккан эмес да — деп, жагалданып, жазгандарын кайра-кайра баратап көрдү. Демейде дулдуюңку тартып оңой менен чечилбеген Акай мындай учурда өтө эле шайыр, сөзмөр болуп кетери жолдошторуна мурунтан эле түшүнүктүү. Абдыластын мүнөзү Акайдыкына көп учурда карама-каршы келет. Ал Акайга караганда ачыгыраак. Бирок өзүнүн иши жөнүндө мактанууну өтө жек көрөт. Канчалык жетишкендиги болсо да ичине сактоого тырышат. Анын бул жоругун кээ бир жолдоштору жактырышпайт.

— Мен «беш» алам деп ишенбейм. Кеткенче дагы бир сыйра

көчүрүп алсам экен,— деп жай унчугуп, азыр сен окуйсуң го дегенсип Розага тигилди.

— Олда сенин арамзалыгың ай. Сенин бааңды биз алат белек. Биздин оюбузга жаккандыктан мыкты дедик — деп Роза негедир тырчый түштү. — Кээде ушундай адетиң бар. Жетишкендиктериңди жадаганда жолдошторуңдан кызганасың. Мындай адатымды нечак эле таштадым дединг эле деп, Акай Розанын сөзүн коштоп жөнөдү. Жаңжалдын эмнеден чыкканын толук ажырата түшүнө албай калган Айгүл элеңдеп агасынын жүзүнө тигилип таңыркагандай делдейип маңдайында олтурду. Абдыластын эки бетин кызыл нур жаап, жолдошторунун сөзүнө териге түшкөндүктүн белгисин баяндады. Анын бул жоругу аларга жакпасын мойнуна алгансып унчукпай жер карады.

— Тамаша кылам. Чычалак окшойсуң, кечирип кой — деди Роза жайдарыланып. Кантсе да Абдыластын уялып калганын сезгендей.

— Эчтеке эмес. Кемчиликти бетке айткан жакшы.

Андан көрө окуп бер? — деп, оор жүктөн жеңиле түшкөндөй шар сүйлөдү.

Роза уккулуктуу кылып, жай салмак менен окуду. Бир бет Акайдыкынан аз жазылганы менен болгон окуяны так жана кыска сүйлөмдөр менен түшүнүктүүрөөк бергенин Абдылас даана сезди. Ал гана эмес өзүнүкүнөн да түзүгүрөөк жазылганын мойнуна алгысы келди. Акыркы точкасын эле күтүп тургансып Роза үнүн басаңдатары менен Акай куттуктай кетти.

— Жакшы жазылган! — деди, Абдылас жеңиле түшкөндөй салмактуу унчугуп.

— Тим эле бар эмеспи, сопсонун жазыпсың! Жетинчини бүткөндө мен да сендей жаза алам ээ, эжеке,— деп Айгүл Розанын мойнуна колун артты.

Чөк түшүп олтурган калыбынан козголбой Кары бадыратып окуп кирди. Бир аз шашмасы болбосо, тийиштүү жерден үнүн кубултуп, тыныш белгилеринин эрежелерин туура пайдаланып жатты.

...«Менин максатым — аларды чочутуу эле. Карагатты кызуу терип жатышкандыктан, алыстан шырп алдырбастан жөрмөлөп өттүм. Алар байкашкан жок. Ойлогонумду аткара алдым. Жүрөктөрү кабынан ыргып кете жаздады. Ал мындайча болгон...» деген сүйлөмдөр окулганда, Абдылас менен Акай экөө тең чычалай башташты. Роза, Айгүл — экөө көздөрүнөн жаш чыкканча күлүштү. Акай кызаңдап — жок калпты безелентип, бизди шылдыңдагың келеби. Сызып ташта — деп, омураңдады. Кары ого бетер кыжырына тийип — бир тобун дагы жашырып койгом. Баарын толуктап жазып барам — деп, көшөөрүп болбой койду.

Эгер Абдылас — «карма!» десе, Акай Карыны көтөрүп чаап, колундагы кагазын тытып таштоодон да кайра тартынбоочудай көрүндү. Акырында болгон чындыкты моюндарына алышып, ошол жерди таштап, кайра көчүрүүсүн сурашты. Бир кыйладан кийин гана Карынын оозунан «Макул» — деген бошураак жооп алышты. Ал мектепке барганча гана айтылган жообу эле. Оюнда бул окуяны класстагы балдардын баарына окуп берип, күлкү кылуу бар эле.

— Мен алигиче жаза элекмин эмне. Эжеке, жардам берсең, эртең жазып алайын,— Айгүл булардын арасынан жалгыз өзү окубай калганына ыза болгонсуп Розага жалооруй карады.

— Сен жазууга тийиш эмессиң. Эжекең айткан жок беле экинчи-үчүнчү класстын балдары жайкы каникулду кандайча өткөргөндүгү жөнүндө ооз эки айтып беришет ошон үчүн силерге «сөз өстүрүү» сабагы кирет — деп жумшак саргылт чачынан сылады.

Бакыттын жалынынын учкундары чагылышкан тегерек кара көздөрүн бажырайтып, кичинекей кулачын жайып, Розаны кучактай калды.

— Алтындай эжекем десе, ырас эстеттиң да. Биз тараарда каникулда көргөн билгениңерди окууга келгенде айтып бересиңер деген. Унутуп калганымды карасаң. Жазындагы каникулда «Сөз өстүрүү» сабагынан айтып берип «5» алгам. Тим эле бар эмеспи, жанакы сенин жазганыңдын баарын айтып берем. Бирок сендей кооздоп сүйлөй албайм эмне?

— Сен али кичинекейсиң. Өзүңдүн сөзүң менен эле айтсаң жетишет. Мендей болгондо менден да сонун жазасың,— деди эркелеткен мүнөз менен. Айгүл ыраазы болуп ичинен аябай кубанычка батты.

Абдылас чөнтөгүнөн Курман берген ВЛКСМдын уставын алып чыкты. Барлыгы тең тегеректешип, анын беттерине, айрыкча ВЛКСМ деген жазууга сыймыктуу тигилишти. Курман комсомолдун качан пайда болгонун, анын партиянын зор тиреги экендигин, советтик өлкөнү чыңдоодогу анын ролун түшүндүрүп берген.

Уставдын кайсы пункттарын жатка билүү керек экендигин да чектеп көрсөткөн. Балдар күнүгө бир маал уставды окуша турган болушту. Ал гана түгүл Курман көрсөткөн пунктардын көпчүлүгүн жаттап да коюшкан. Биринчи эле бетти оодарганда ак кагазга жазылып, бетине чапталган ырга көңүл бурушту. Курман өзүнүн блокнотундагы ырларынан төмөнкү куплетти көчүрүп жабыштырып койгон эле.

«Бакыт болбос, байлык болбос мындан зор,
Менин атым төрт ордендүү комсомол.

Бул ырдын ар бир сөзү аларга сыймыктуу сезилип жалпы үндөрүн бийик чыгарышып ырдап да жиберишти. Мына ушундай кызык окуяга батып олтурушкан мезгилде жакадан келе жатышкан Жума менен Керимкул чукул кирип келишкен эле. Кош аттын дүбүрттөгөн дабышы жакын жерден угулганда баарлыгы тең жалт бурула карашты. Жүрүштүү аттарын алчылантып катар бастырып келе жатышкан агайларынын шандуу элестери балдардын кыялын эритип жибергендей болду. Алыскы сапардан аталары келеткандай кымылдап сүйүнүштү. Астынан тосуп чуркап баргылары да келишти. Айтарга сөз камдөөгө шашылышты. Ыкчырыла баскан аттардын учкул кадамы тез эле балдарга жеткизди.

— Саламатсыздарбы, агайлар? — деп, бир адамдай чуруллдашып кадимки мектептен жолуккандай балдар тебетейлерин ала коюшуп учурашышты. Агайларынын ажарлуу жүздөрү балдардын көзүнө мурункудан да сүйкүмдүүрөөк сезилди. Катар тизиле калышып, пионердик тартип боюнча саламдашып бетмандайында мөмөдөй тизилген балдарга Жуманын ичи түтпөй кетти окшойт. — Келгиле садагасылар, сагынышып калбадыкпы кол алышып коёлу,— деп колун сунду. Анын буурул чалган узун муруту кадимкисиндей калкайып, ажарлуу жүзүнө көрк берип турду. Директор агай эмне дээр экен. Кол алышсак уят болбос бекенбиз деген ой балдардын жүрөгүн дикилдетти. Кубанычка терең чөмүлгөнсүп бажырая тигилген Керимкул балдардын коомайсына түшкөнүн сезе койду . Кантсе да аталык мээрим өз тарбияланууучуларынын ички оюн чече билди.

— Жумакем туура айтат. Келгиле, кол алышып көрүшөлү — деп шадылуу колу менен бытыйган колдорду кыса кармап жатып: — Жакшы дем алдыңбы, ден соолугуңду чыңдадыңбы? — деген сөздөрдү ар бирине айтып жатты.

Аягында Айгүл бытыйган колун сунганда Жума жерден так эңип өзү кетенчиктей олтуруп чоң ээрдин үстүнө салынган чийбархут көрпөчөнүн үстүнө олтургузду.

Айгүл уялгансып кызарып жер карады. Сексейген жумшак чачтарынан сылап эркелетти. Жуманын баласаак мүнөзү колхозчуларга өтө жага турган. Ал кайсы гана колхозчунун баласы болбосун, көргөн жеринде эркелетип, өз баласындай сүйө турган.

— Абал мурун силердин шефке алган музоолоруңарды көрө кетели. Жол баштагыла,— Керимкул балдардын ишине ынтызар экендигин билдирди.

— Ошенткиле, садагасылар! Эки-үч күндө эне-атаңарга өткөрүп берип, окууңарга кетесиңер,— деди Жума кошумчалап. Балдар күлүндөшүп музоолор жайылып жүргөн жакты бет алышты. Керимкул менен Жума каникулду кандай өткөргөндүктөрү, иштеген иштери жөнүндө алмак-салмак сурап жүрүп олтурушту. Агайларына болгон иштерди түгөлү менен төкпөй-чачпай айтып беришти. Көбүнчө Витька жөнүндөгү аңгемени кызыгып угушту. Музоолор шар аккан суунун боюнда ойноп жүрүшкөн эле. Жакындай бергенде — музоолорунду чакырып көрчү, келер бекен,— Жума өңөрүп келе жаткан Айгүлдүн кулагына шыбырады.

— Чакырсам эле чуркап келет. Ишене бериңиз,— деп Айгүл башын көтөрүп, күлүмсүрөп кылчая карады.

— Канакей, биз көрөлү,— деди Жума Керимкулга кайрылып. Ошенте кой дегенсип Керимкул да музоолор жакка көз жүгүрттү.

Ичке үнүн бекем чыгарып: Төл башы! Төл башы! бери бас,— деп эки-үч ирээт кыйкырганда топтошуп келе жаткандардан тайманбастан эле ээсинин буйругуна баш ийгенсип, башын чулгуп, кыска куйругун асмандата көтөрүп чуркап келди. Калган музоолор «бизди да чакырасыңбы» дегенсишип, маңкайып карап калышты. «Мени эмнеге чакыргансың» деп таң калгансып Төлбашы аттын үстүндөгү Айгүлдү үнүлө карады.

— Мени эмне бекер чакырдың деп таарынып жатат. Түшүрүп коюңузчу? — Айгүл түшүүгө камынды. Калгандарын да чакырайынбы? — деди жерге түшөөр менен Төлбашынын жонунан сылап.

Мейлиң дегенсип Жума мурутун сылап башын ийкеди. Айгүл баарын бирден атынан атап чакыра баштады. Алар да кезеги менен чубап келе беришти. — Эми эмне дейсиз аксакал? — деп, Керимкул жылмайды. Жума бырс күлүп жиберди. Ал кичинекей кыздын татыктуу ишине кубангандыктын белгиси эле. Бул жерде жеке эле Абдылас менен Айгүлдүн музоосу эмес, беркилер шефке алгандар да, айтор, фермадагы бардык музоолор бар эле. Жарым саатча жөө түшүп алышып музоолорду аралап жүрүштү. Кээ бирин атайын кармап көрүштү.

Балдар шефке алган музоолордун башка саанчылардыкынан түзүгүрөөк багылгандыгын байкашты. Жүндөрү тыкыс тартып, тай торпоктон айырмасыз чоңойгон музоолор агайлардын көңүлүн толтуруп, күткөн тилектерин бышыктады.

— Рахмат, айланайындар. Жаш болсоңор да төлдөрдү өстүрүүнүн жакшы устатындай иштединер. Бул сөздү ишиңердин натыйжасын көрүп кубанганымдан айтып олтурам. Жеке бул эмес көп иштерди аткардыңар.

Жайлата почта тартып бир колхозчунун күчүн колхозго арттырдыңар. Суур терилерин алып, колхоздун мергенчилеринин планын ашыгы менен аткарууга жардамдаштыңар. Мектебиңер үчүн да бир топ пайдалуу жумуштарды аткарган окшойсуңар. Жайлата иштеген эмгегиңерди жазып, Батыш эжекеңер бизге тапшырды. Ага жараша колхоздон эмгегиңерди аласыңар. Келечек силердики айланайындар. Эл үчүн иштеп, өмүрүңөрдү алкышка кириңткиле! Окуп өмүрүңөрдү гүлдөткүлө!

Жуманын балдарга айткан алкышы аларды тарбиялап өстүрүп жаткан педагог Керимкулдун да кубанычын арттырды. Жуманын сөзүн коштоп дагы бир топ сөздөрдү айткысы келди. Бирок, анын педагогикалык көп жылдык тажрыйбасында байкалган кээ бир балдардын мүнөздөрү эсине түштү. Ал мактоонун кээ бир балдар үчүн пайдалуу, ал эми, кээ бир балдар үчүн зыяндуу жактарын ойлоду.

Окуучулар Керимкулдун ошол учурдагы кыялга чөмүлгөнсүгөн токтоо мүнөзүнөн терең ыраазылыктын касиетин байкашты. Чындыгында эле ал өз окуучулары менен бирге кубанычтын кучагына термеле түшкөн эле.

— Жүрүңүз, Жумаке, айылды көздөй бастыралы. Балдардын мектеп үчүн жаңы окуу жылына карата даярдаган иштерин көрөлү. Үй багуучулардын иши менен таанышалы. Андан ары Сон-Көлгө чыгып кетебиз. Биз келгенче булар камынып турушат. Анан кыштакка чогуу түшөбүз — деп Керимкул атына минди. Анын көз алдына балдар өзүлөрү айткандай сонун-сонун катырылган гүлдөр, саякаттар жөнүндөгү жазылган кызык маалыматтар, өгүнчөрөөк газетага басылган сүрөттөр элестелди. Балдар жаңы окуу жылына толук даярдыктар менен бара тургандыктарын айтышты. Алардын жүздөрүнөн кубанычтын нуру жанып, өзүлөрүнүн алтын уясы болгон мектебине камдаган белектерин агайларына көрсөтүүгө ашыгышып ылдамдай басышты.

*1950 —1951-жылдар.*

---

### НАРИСТЕНИН ЫСМЫ ДҮЙШӨКЕ ЭЛЕ

Аптап. Үп тартып үлбүрөгөн ысык абадан үзүлүп түшкөнсүгөн шүмүрөкөй каралжын алачык. Анын сырткы кебетесине жараша ичинде онтогон үн:

— Олда жаным ай, жаным...

Жаман айтпай, жакшы жок... Тарттык го молдонун зарын.

О, каралдым Дүйшөке, бар бекен оозундун салуусу... Барчы, ойной кой эшикке. Тоо жактан молдо келбесин, жолду карачы. Чакыртканыбызга он күнчө өтпөдүбү,— Жакып купкуу манжаларын тарбайтып жанындагы каңкайган жыгач ээринин ачакей кашын апчылай, астында ары-бери оодарылып ойноктогон баласынын такыракай кырылган башына үксөгөй мурут, сакалын уйпалап уул жытын... жок, жыт гана эмес, уулунун кубатын искегенсиди.

Үч жашар наристе атасынын жаны кыйналганын туйдубу, туурук согончогу менен оорулуунун жумшак ичин, санын тебелеп, чуркайм дегенче нар жактан көз жашын кылгыртып обдулган апасынын колуна атылды. Апасы аны балбыраган мата көйнөгүнө орой апчыган боюнча эшикке алып чыкты:

— Дүйшөке, тегеренейин, ушерге ойно. Кайра чаңдатып үйгө киргенинди кой. Атаң тынчтансын.

Дүйшөке дароо көк ала чыт көйнөгүн жонунан сыйрып чаңга ыргытты. Энеден туума чадыраңдап арыктагы жылжыган сууга кирди. Тизеден чалпылдатып өйдө жиреди, төмөн жиреди. Курсагына, бети, башына чачынды. Башын чулгуп эргиген күлүк ат болуп сыртка секирип чыкты да, тапырап жолду чаңдатып нары чуркады, бери чуркады.

Алардын алачыгы атасы ооругандан бери башкалардан окчун, ушу тайыз суунун боюна тигилген. Оорунун жайын сурагандар таң эртелеп келип кетишет да, анан негедир жолошпөйт.

Күн өөдө көтөрүлүп ысыган маалда апасы демейде минтип

эркин сыртка коё берчү эмес эле. Бүгүн ага оңдой берди болду белем. Чуркаганы аз келгенсип, буртулдаган чаңга оонай да кетти. Анан кайра сууга атырылды.

Дүйшөкенин бул жоругун көргөн да, кой деген да киши жок. Өзү ээн-элкин сонун оюн тапкансып, улам суудан топуракка, топурактан кайра арыкка ооноодо..

Дал ушул маалда жайкалган жашыл шибер өрөөндү тепчип, чабдар жоргону булкунтуп Майрык молдо жайлоодон жакага шашылыш келатыр. Мындан он күн мурда: «Жакып устанын оорусу катуу, дем салып, илешкен-пилешкенин жубалацыз»,— деп Актан атайылап зарылса да, таштай каткан...

— Азыр алыска, төмөн жакага, ысыкка түшүүгө шартым жок,— бул сырткы манчыркоосу эле... А ичинде минтип ойлогон: «Ашуу ашып, жарым күндүк жол басып, тумуккан жакага барганыма жараша томаяк устадан чеке жылытарлык эмне өнөт. Жадаганда кардым да тойбос... Ат мингизип, тон жабаар бардар болсо го бир жөн. Барган акым кайтаар эле».

Шагы сынган Актан кайра аттанып молдо менен минтип коштошкон:

— Молдо деген сооп издейт дечү эле, сен молдокем, таш боор, көбүңкү экенсиң. Жардынын жаны байдыкынан кем эмес, бай чакырса дароо кошо жөнөмөкчүсүң. Сакалдуу башым менен келдим эле. Жакып экөөбүздү да кудай жараткан. Кусурубуз урсун!

Актандын катуу сөзү эрибеген каргыштай молдонун жүрөгүн жипкиртип түйүлдү да калды. Ошондон бери кез-кез эстей ичиркенип, келме келтирип, чакырган Актанды, оорулуу Жакыпты каргап-шилейт. Өткөн түнү түшүндө кыйналып, таң заарда чочуп ойгонду. Чала-бучук даарат ушатып, жакасын кармана, божурап тобо сөзүн жамактантты:

— О алла, алла! Акыры жалга! Жин-шайтан түн бою асылды мага. Араң кетишти таң заар маалда. Башымды сактап, көрүн малга. Өзүмдөн азырайын оорулуу жанга. Чакырганда барбадым эле, оңбогон куу чал Актан, каргадың эле, а балким... ошонун кусуру жеткендир. Кой, ушунчамда ноокас Жакыпка жетип, дем салып, каргышын жандырайын, карыздан эмес, молдолук парыздан кутулайын.

Молдонун өзүнүн ички сезиминдеги, башындагы дүрбөлөң, ушу жолго аттанткан. (Динчилдердин элди алдаган күчү да, коркунучу да ишениминде эмеспи.)

Майрык кооптонуп ээр үстүндө — алла, алла, жалга, жалгадан башка сөзү түгөнгөндөй купуя култуюуда. А чабдар көнүмүш кой жоргосун жазбай кылтың-култуң бөжүп, жонундагы ээсинин кайрыгы ичке сүлөөсүн тебетейин кулпунта, маасысын

жаркылдата сүлкүлдөтүп, жайлоонун салкынынан жаканын чымылдаган ысыгына түшүргөнү качан.

Эми арак мына бу шоңшойгон алачыкка жакындаганда аптапка муунгансып жаңы кара баркут кемселинин топчуларын чечип көкүрөгүн бошотуп, жээрде сакал-мурутун сенселтип салаалап тарады.

Демейдеги жоош чабдар үйдүн алдындагы арыкка астыңкы бутун салаарда кошкуруп, чалкасынан кетчүдөй артка секирди. Молдо эмчектүү коло үзөңгүнү чирене тээп келаткандыктанбы, көрпөчөлүү ак каңкы ээринен ооп барып араң оңолду.

— Лай-лава, лил-лал-ла,— дегенче арыктан жыпжыланач карала-торала айбалыдай неме суурулду.

Молдо атынын эмнеден үрккөнүн эми билди белем, көзүн алигиден ала качып, заманасы куурула чабдардын жалын тутамдай күңгүрөндү:

— Лай-лава, лил-лал-ла, албарстыбы, жиндерби, аян берген түндөгү... Сфу! Сфу! Кет, кет! Жакыпка кет, жиндер! Мени колдой көр, касиеттүү пирлер! Кайдасыңар! Тайыз кечүүдөгү баткактан кийим жасап, башына, денесине чулганып, бейкапар оюнга алек Дүйшөке аттын жакындаган дабыртынан чочулап улам обдулуп жатып, зорго арыктын кырына суурулуп чыкса... Ээр-токуму жасалгалуу чабдар ат кош кулагын тикчийтип, ал жакка корккон көзү менен жалт-жулт селтеңдеп карап, кошкурук атууда. Үстүндөгү сакалдуу эле киши тизгинди кыска тутамдап, жалына өбөктөөдө.

— Айрөк, айрөк!

Молдо баланын үнүн таанып, эсин жыя, үшкүрүндү. Башын көтөрсө эч кандай албарсты, жин, шайтан эмес эле, оорулуу Жакып устанын балчыкка оонаган үч жашар тентеги экен.

* * *

Кымгууттукту Жакып устанын үйүнүн ичинен көрүп алгыла. Өзү төшөктө. Аның аяк жагында жуурканды оңдомуш этип үңкүйгөн Турдукан. Башына ак селде чалынган арык чырай молдо этек-жеңин далпылдатып оозунан көбүк чачып, айкырык-сүрөөн менен, аса-мусасын жерге ныгыра обдулуп башынан нары секирип, бери секирип калдыр-күлдүр урунуп-беринип, жиншайтандарды кубалап чамынат. Чарчаңкыраганда Жакыптын башына тушташ бүктөлгөн төшөккө чөк түшө, аса таягын оорулуунун үстүнөн жай калкыта булгалайт, анан теспесин бирден сыдыра үргүлөп, ичинен күңгүрөнүп, солкулдап олтурат, бир оокумда ыйык китеп — куранды ачып, мындуу үнүн созуп, кээде ыйлагансып, кээде зарлагансып алла тааладан сыркоо адамдын жанына аралжы издеп, дем салууда.

Канды чымыраткан мукам доошко эрип, оорулуу да, анын аягында жоолугун ээгине бекем буунуп, үлбүрөгөн аялы Турдукан да дубанын күчүнө, илдетти жеңилдетээрине ишенишип үмүттүү тунжуроодо.

Ошо маалда эшиги түрүлгөн алачыктын босогосун жеңил-гана аттап чамбыл ала, жылаңач Дүйшөке ичке кирди. Ал үйүндөгү адеттен тышкаркы көрүнүшкө таң калыңкы маңырайды. Аны эч кимиси байкас албайт.

Майрыктын түшүнүксүз озондоп-онтоп «ырдаганы», аны эне-атасынын таштай катып укканы баланы зериктирип ийди. Молдо жаңыдан эле оң жак капталына төшөккө ийрилтип таштаган, биринен сала бири кубулуп жалтылдаган теспени көзү чалдыктырды. Мындай кооз нерсени көргөнү ушул. Акырын жыла басып теспеге далайда жетти. Качып кетпесин дегенсип эңкейип кош колдоп жерден көтөрдү. Чын эле колго токтобогон жылтыр-жултур тоголок сонун немелер экен. Бери бурулса, керегеге жөлөгөн боорлору шакек-шакек муунак буржугуй кооз таяк турат. Мындай укмуштуу оюнчуктар үйүнө кайдан келип калган, Сыягы тиги төшөктөгү атасына ийилип-чоюлуп ырдап берип жаткан сакалдуу киши апкелген го. Аса-мусаны башкы чагарагынан илип, чап минди. Ой, сонун булкунган «ат» экен. Ары-бери ойдолотуп «бастырып» көрдү. Теспени булгалап камчылана шилтеди. Ойт бердирип сыртка жөнөөрүндө ага аркасын салып, атасын далдаалап, үнүн баспай кызуу бүлкүлдөгөн молдонун башындагы оролгон аппак чүпүрөктүн кичине чубалган учу бултулдап, баланы эликтегенсип көзүн кычыштырды. Дем салып кызыган молдо ары-бери кыймылдаган сайын коёндун куйругундай булактаган селденин учун шап кармап, билегине орой баштады. Деле түгөнчүдөй эмес. Сыртты карай, теспе камчыны, аса таяк атка тарс-турс быдырата уруп эшикке, селдени чубалта дың салды. Эч кимге көрүнбөй, эч кимге сезилбей эрбеңдеп кирип, эсеп жеткис ээн баштык жасап бараткан уулун Турдукан көрүп обдула жөнөдү. Аңгыча негедир аңгырай түшкөн тасырайган башын алаканы менен чап уруп, дубасын дароо токтотуп, оорулууну тебелеп-тепсеп аттай Майрык молдо айкырып сыртка атылды:

— А-а, жин-шайтандын тукуму, тирүү жеймин, ушуну! Токто-о, чечек, соёмун, томуктай жутуп коёмун!

Жакып төшөгүнөн сенделип турууга обдулуп, мууну калчылдап кайра жыгылды. Көзүнө тентек каралдысы, аны бооруна кысып ала качкан аялы, алардын сонунан кирген буурадай жанын таштай чуркап жетип, экөөнү тең жулмалаган молдо, эшиги түрүлүү алачыгынан даана тартылды.

— Коё бер, канчык, өлтүрөм жанчып! — деп молдо апчылап

бети-башын, кийим-кечесин тыткылаганына карабастан, Турдукан баласын коюнуна бекем кысып, көзү-башын калкалап, безилдеп качууда:

— Жан соога, молдо, жан соога. Эси жок тентектин айбы үчүн мени сабагын!

Башын, бутун жулуп ыргытчудай молдонун тырмагы өтө аткылганда кичинекей Дүйшөкөнүн чыңырганы Жакып атанын чучугун зыркыратты. Оорулуу шордуу алсыз өңгөчүн тартты:

— О, чырагым Дүйшөке! Кымындайында мынча неге шок болдуң! Касиеттүү молдого кол тийгизип... Кудайдын кусуруна калбагай элең. Молдоке, садагаң кетейин молдо, тирүүлөй соё көрбө баламды. Үч жашар наристемдин күнөйүн өлүм алдындагы атасы, мына мен тартайын. — Чүңүрөйүп чарасына терең кирген катыңкы көзүнөн бир гана тоголок чолок жаш араң сыгылды: — Касиеттүү молдоке, урба, каралдымды. — Анын зары алачыктан бөлөк эч кимге угулбады. Дагы чымырканып кош аяктап турам деп, боюн токтото албай калчылдап, төшөккө бүрүшүп жыгылды. — Дүйшөке, кел, келчи, чырагым. Чучуктай чыңырып сай-сөөгүмдү сыздатпай... Дүйшөке-е!..

Көйнөгү дал-далынан бөлүнгөн, жоолугу мойнуна түшүп, чачы саксайган Турдукан, кыйналып какшаган эринин үстүнө чуркап кирди.

— Уста кантесиң, келме келтир. Сабыр кыл. Уулуңдун чымындай жанын аман алып калдым. Дүйшөкөнү эки-үч гана мыткыды. Молдоң түшкүрдүн тырмагынын узунун айтасыңбы оркоюп. Баламдын бетин боорума бекем кыспаганда, көзүн соолто чукуп таштамак. Койнума катып качып олтуруп, ал үчүн калган союлду мына мен жедим. Карачы,— томуйган башын, кызыл ала бетин, айрылган көйнөгүн көрсөттү. Жакыптын санаасы кичине тыныңкы тартып, жаздыгын чыканактай, аялын жактыргандай жалдырады:

— Ө-өх! Кудай жалгагыр. Чыңырганы эмгиче угулуп турат. Чырагымды кайда апардың?

— Таманым жерге тийбей текилдеп, өмүрүмдө мынчалык жүгүргөн эместирмин. Сыяда энесиникине жеткизбедимби. Адам ооий, молдокең курсун... Кийин жетпегенинен гана адашып калбадыбы. Болбосо...

— Чырагымдын чымындай жанын куткарыпсың. Ак сарбашыл асыл. Эми мага го молдонун эми түшпөйт. Байбиче, тайды жетелетпесек, молдонун каргышына калабыз.

Турдукан өз санын мыкчып, ыйламсырады:

— Кудайга биздин эмне жазганыбыз бар, ия. Сен минтип төшөктө, балам тигинтип... Молдо деп жалгыз бээнин тайынан ажырайбызбы?

Жакып ээгин эмшиңдете угулаар-угулбас кобурады.

— Кантесиң, байбиче... Андан көрө Дүйшөке экөөбүздүн башыбыздын аманын тиле. Тур, жаңылдык, жаздык, кулдугубуз бар, мал-жаныбыз тартуу деп молдону чакырып кел.

Аңгыча сырттан Майрыктын жер-сууну бузган ач айкырыгы жакындап келатканы угулду. Турдукан иреге де селейип башын ийип, белин бүгө жүгүнүп туруп калды. Майрык бууракандап босогодон арыштап чуркап өтүп, төргө жетти. Жакасын тутамдай, өзүн-өзү муунта, заарын көзүнө чыгара чакырайтты. Дайыма куран окуп, дем салып көнгөн кырааттуу үнүн созду:

— А-а кудурети күчтүү алла! Наристе шайтанды жалма. Атасына бүлүк түшүргөн бач-чагар-р... О, Жакып уста, мен го сенин башыңдагы илдетти кубалап, алла-тааладан ылаажы күтүп дем салып олтурдум. А тиги жайрагырың касиеттүү пайгамбарымдан калган аса-мусамды ат кылып минип, перилердин көзүнүн сөөлөтү түшкөн теспемди камчыланып талкалап... (жарым-жарты сынган теспелерин шылдыратып, чөнтөгүнөн сууруп, кайра салды) Анысы аз келгенсип ыйык ак селдемди башымдан чубай качып, ыплас жерлерге сүйрөйт. Жакып, бу сенден төрөлгөн бала эмес, шайтандан жалгашкан!

Турдукан бул сөздү укканда төшүнө муздак жылан сойлогонсуп ичиркене силкинди.

— Кагылайын молдоке, үйрүлөйүн молдоке-е, коюңузчу...

Майрык Турдуканды карай теминип, оюп жиберчүдөй жерди буруксута бир тепти:

— Ок, шайтанга үйүгүшкөн канчык! Жанагы эрбейген шайтан экөөң тозокусуң.

Жакып калчылдап жер таянып, башын көтөрдү:

— Молдоке, ак никелүү аялым менен адал баламды антпеңиз.

Майрык аны басып жечүдөй ышкырынып, жанына чөгөлөй тизесин бүктү:

— Э-ээ, бас оозуңду, алла-тааланын акылсыз макулугу. Алиги сербейген түгөт бала эмес, сенин чекеңе чыккан чыйкан. Билсең, сенин ооруң дал ошол шайтандын шапалагынын салакасынан. А жайрагырды ушу таптан тирүүлөй көөмп, же жарга, же сууга ыргытып кутулмайын ишиң оңолбойт. Өгүнчөрөөк бу сербейген неме шайтандан жалгашканы жөнүндө түшүмдө аян берген. Жаки болбосо кудаанын сүйгөн ак селделүү пендесине кайсы дин мусулман баласынын колу тийчү эле. Тили такталбай жатып кол салган чыныгы капыр тукуму. Аман-соо чоңойсо, дал атасынын коломтосуна өрт коёт.

Турдукан көз жашын салаалатып, молдонун этегине жыгылды:

— Кагылайын олуям, ырайым этиниз?!

Майрык, этек-жеңин кагынып, андан оолактай кетенчиктеди:

— Жок! Жаки силердин колунар барбайт экен, каргап олтуруп, эки күнгө жеткирбей жайран кылам!

Жакып кандайдыр баштагысынан чыйралгансып, а түгүл шалдыраган илдеттен жеңилдегенсип, түзөлө мандаш токунду.

— Касиеттүү молдоке, «битке өчөшүп көйнөгүңдү отко салба», эси кире элек наристенин күнөйүн кеч. Кулдугум бар, башым тартуу, жолдугуна жалгыз бээмдин тайын ал.

Молдо элейип кулагын көтөрдү. Анын момойгонунун себебин Турдукан дароо байкады:

— Уста туура айтат. Тайды тартуу кылалы.

Майрык бал татыгансып, түктүү эринин жаланып-жуктанды:

— Не дейсинер-р, уксун чоң кудайдын кулагы!

Молдонун алкы жибигенине эне, ата алым сабак үн алышты:

— Жолдугуна тайды тартуулайлы.

— Каргадай баланын күнөөсүн кеч.

Майрык жол тапкан эркечтей чоң сакалын экчеп, салааламыш этип, жагалдана комдонду. Эрдин кыбыратып өзүнчө күбүр-шыбыр. Чаң, чылага булганган селдесин оронуп, теспесин тартып, койнундагы калың куранды колуна алып, ар кайсы беттерин барактап бирде тизесине жайса, бирде мандайына тийгизет. Анан моюнун оң ийнине, кайра сол ийнине буруп «кеңешет».

— Айткылачы периште, не ылаажы бу ишке? Шордуу ата-энеси, кудай жолун билишсе, кечсе болот, кечсе болот!

Самандай өңү саргарып андан ырайым күтүшүп үрпөйүшкөн эрди-катындын «кеңешине» ынангандарын байкап, көзүнүн төбөсү менен аңтара экөөнү бир паска акыя тиктеди:

— Э-ээ окшошкон алланын макулуктары! «Ичтен чыккан ийри жыландын» канына сабым болбоо үчүн кең пейил алла таалам-дын шыйгарган жалгыз жолу бар экен. Мына зар ыйлалаган байкуштар, силер үчүн таптым.

Жакып кан-сөлсүз арбайган колдору менен ак чаңгыл уйпаланган көйнөгүнүн жакасын кымтыланымыш этти:

— А кудай, ак сарбашылың асыл. Оозуна май, молдоке! Каалаган учурунда жетелеп кет тайды...

Майрык китептин жазылган бетин кош алаканына бапестей көтөрүп:

— Биссимилла,— деп Жакып, Турдукан экөөнүн тең мандайларына үч жолудан тийгизип, өптүрдү:

— Биссимилла! Куранга берген ант бекем! Андан тайганды ата-бабанын арбагы урат. Кудайдын кусуруна калат. Мына ушу алла таала асмандан түшүргөн куранда динден чыгып, улукмангa тил тийгизген капырлардын төрөлгөндө азан чакырылып ко-

юлган атын бурса, жин-шайтандар андан адашып кетүүсү мүмкүндүр деп жазылган. Ата-энеси силер чоң кудайга жолдугун жасап буркурап олтурасыңар, эгер кабыл тутсаңар, чы[illegible]дай жанын аман алып калып, атын өзгөртөлү.

Ата, эне бирин-бири карап, көз ирмемде таштай катышып бетме-бет тилсиз жалдырашты.

Молдо сүрдүү күркүрөдү:

— Кана, куранга берген антты танасыңарбы?!

Ансыз да жездей кумсарган Жакып, таноосун кыпчылта, кыцылдады:

— Айла канча... макулбуз — деди, Турдукан эринин сөзүн кайталап. Майрык куранды астына коюп, алаканын жайып, акырындап улам боюн созо обдулду:

— Оо, эрбейген чычым, жашабай жатып тажаал, тозоку, кежир, кычаан, капыр чыкты. Дүйшөке аты өчүп, дин мусулман баласына коюлбаган Кычан болсун! — Эки ийнин алмак-салмак карады. — Уктуңбу периштелерим, Кычан! Укқула, ата-энеси — Кычан. Эсиңерден чыгарбай, эч качан жаңылбай такай Кычан атайсыңар. Кана, үч мертебе кайталап, маа кошулуп айткыла: Кычан! Кычан!

Ата-энеси элендешип, чочуп, каргыштуу атты айласыздан коомай, бирок катуу, үндөрү дирилдей айтышты:

— Кыча-ан! Кыч-а-ан! Кычан!

Молдо карангы устанын үй-бүлөсүнүн үрөйүн учура, үстөмдүгүн жүргүзгөнүнө кыбаасы кана алакан жайып «Кычан» деп кыйкырган эрди-катынга утуру-тетири көзүнөн күлкү ойното карап, алаканын кайкалата бетине жакындатып, доошун шаңдуу көтөрдү:

— «Ичтен чыккан ийри жыландын ысмы» — Кычан болду. Оомийин!

Жакып, Турдукан да бүрүшкөн алакандары менен беттерин сылап, ооз учун бүлк эттире, жай гана:

— Оомийин! — дешти.

## ОН ЖЫЛДАН КИЙИН

Чыкыроон кыш. Аппак кар жамынып, көктү сүзгөн Ала-Тоонун түбү жазыланып, адыр-белеске айланып, түзөнгө таянган. Тоолорду жара бөлгөн. Ысык-Ата капчыгайынын оозунан Чүй талаасын жайпай кесип аккан жазы сайдын суусу, жээктерине кулгуп чыгып көк кашка музга тунган. Төмөнкү сербейген чакан кыштак — «Социалчы». Анын чарбасынын ортоктошуп — колхоздошкону төртүнчү жыл.

Кышкысын кыштактын да, талаанын да көркүн ачып, тирилт-

кен мына бу чөп жыйылган узун атканаиы түптөй жайылган сайдын буйгутундагы жалама музда кыйма-чийме сызып, чабагандашкан балдар сыяктанышат.

Алардын шагдан жаңырыктары, шайдоот кыймылдары кыштак адамдарынын да көз жоосун, кулак кужурун алып, сонун курап келишип карап тургандары аз эмес. Бирдин айы, жаңыча январь жаңырган кез: окуштагы балдар мектебинен эс алууга, эки аптага тарашып, ушу муз үстүнө башта элде жок шумдуктуу оюн курушууда. Аны башкарып, балдарды машыктырып жүргөн өткөн күздө шаардан келген Тенти Албанов деген маалим — жаш жигит.

Көпчүлүктүн доңшуганынан улам, элдин кызыгы тарап, суюлган учурда бүгүн Майрык молдо атайылап акмалап келди. Анын кебетеси баягысындай эмес. Өңү картайыңкы. Кийми жүдөңкү: үстүндө эски ичик, башында уйпаланган түлкү тебетей, бутунда маасы, көлөш. Тоңгон сайдын четиндеги атчылардын касабалап үйгөн күрөндүсүнүн үстүндө шоңшоюп, анда-санда алаканын серепчилей муз тепкен балдардан көз айырбай отур. Көзү баарын көрүп, кулагы баарын угуп, бирок баарын жактырбоодо.

Балдардын бакиси ага тааныш... «Тестиерлердин арасында чак түштө жылгаяк музда кубалашып бой тарткан (13—14 жаштагы) кыздардын жүргөнү не деген жорук. Ошентип үйрөткөн тетиги кыркма чач маалим — Тенти».

Майрык күпуя жинденүүсүн биринин соңунан бирин түрмөктөтө учуруп, фу-фу-лап көк түтүндү кышкы тоңгон таза абага бууланта үйлөп олтурганда... Куду бет маңдайына Кычан, Атай, Керез, Асылкүл, дагы өзүнө окшоштуруп таманына темир тагынган бир тобун ээрчитип Тенти кайкып жетип, катарга тизди. Анан «Тенти чоң эле адам башы менен дардактап, тайгаланган төөдөй бутун өйдө-ылдый тайтаңдатып (молдо: «о кудай, чаты айрылып кеткей эле» дегиче болбой), заматта эки бутун жанаштыра, таманын жалтылдаткан боюнча, канаттуу немедей сызып, жөнөкөй сызбастан ырдап жөнөдү:

Мына-а, мен кеттим,
Кычан, кууп тез жеткин!

Анын соңунан дал өзүн туурап Кычан зырылдатып узады. Ал дагы озондоп беркилерин чакыра кетти:

Тенти агай, мен да кеттим,
Атай, Керез, Асылкүл,
Эр болсоңор кууп жеткин.

Атай дүгдүндөп, ага жанаша арышын керди. Чепейген Керез, мүдүрүлүп оңкосунан тие таштап барып, оңолуп, а да ызгырылтып жөнөдү.

Үкү сайган кундуз тебетейчен, чачын тал-талынан өрүп, кызыл тукаба кемзелинин далысына ойноктоткон Асылкүл томпоңдоп беркилерден алда кайда калды. Канткен менен ал да жай жылып таманындагы темирди чимирилтип баратты. Алдындагыларга өкүм чаңылдады:

— Балдар-р, токтогула, мени таштап кетесиңерби?

Мунун барысын көзүнөн өткөрүп, молдо бер жактан башын силкти:

— Э-эй, заманың кур. Кыз башы менен жигиттерди кубалаганы аз келгенсип, токтогула деп кыйкырат а!

Жанакылар бүтүндөй кайра кайрылышып, Асылкүлдү күтүп, анан нары карай жайыла жамырашты. Молдонун көзүнө алар көлдө каалгып сүзгөн өрдөк сымалданды. Аларды кардан киши жасап топтошкон балдар тегеректеп тосуп алышты.

Этек-жең, багелектери кыпчый кармаган түктүү көйнөк-шымчан, башына жүндөн токулган топу тартынып шымаланган (спорт костюмчан) шыңга бойлуу Тенти моюн, бетин кар менен жышына баштады.

Майрык молдо алыстан аны көрүп, зиркилдеп ичиркенди. Анын кулагына Тентинин балдарга:

— Ден сак болот, кышында
Карга минтип жышынса,—

деген сөзү шак этти.

Балдар агайына таңыркай чекчейишти. Кычан карды тоголоктоп, агайын туурап моюн, бетин сүртүнүп кирди:

— Мына, мына... сонун тура кышында, карга агайча жышынса.

Анан анын соңунан бир канчасы тынымсыз чуркап ысыган беттерине муздак кардан чокулап тийгизишти.

Кычан четтеги кыздарды, алгачкы ирет Асылкүлдү карай кар ала чуркады:

— Ичикий, кутурба! — Асылкүл аны жолотпой колун серпип, Тентини карай качты. Кычан томолоктогон карын ыргытып тык токтоду. Тенти Асылкүлгө бирдемени шыбырап, канатын жазып, балдарга бурулду.

Асылкүл созолонтуп ыр баштады:

— Гүлдөй сүйкүм жаралып,
Гүлдөп өстү балалык!

Калгандары бүт Тентинин эки жакка кеңири керилген канатынын астына топтолушту. Асылкүл баштаган ыр кайрадан Тентинин коштоосу менен хорго айланып жаңырды:

— Гүлдөй сүйкүм жаралып,
Гүлдөй өстү балалык.

Самаган жерге барабыз.
Байлыктан санды табабыз. (Эки ирет)

Биз жаш шумкар канатчан,
Тарбия, таалим жарашкан!

Доско колду беребиз,
Касты жектеп жеңебиз. (Эки ирет)

Ар өнөргө маш кылып,
Өстүрүлгөн жашчылык.

Чындыгында жеке эле,
Биздин, биздин өлкөдө. (эки ирет)

Бир үзүм булуту жок мөлтүрөгөн көгүлтүр асмандын астындагы мелтиреген аппакай түзөңдүн үстүндөгү топтошкон балдардын чогуу шаңкылдаган үнү көк менен жерди толкутуп... ушу чөлкөмдүн ээлери биз деп жаңыча шаңдуу бийликтерин жүргүзүп жатышты. Апай таладаагы ыр шаңы күрөндү үстүндөгү шоңшойгон эски молдону да каткан ордунан копшоп тургузду. Ал негедир ысуулап, кымтыланган ичигинин боорун ача силке, тумшугун желге тосо, аркы-терки басты. Анын карегине желедеги котологон кулун, тайлардай топураган балдар, алардын ичинде камбар атадай заңкайган Тенти маалим, жанагыдан барандуу, сүрдүү урунду. Алар тарапка акыйып күңгүрөндү:

«Ушу кыркма чач балаадан, кыямат-кайым тараган. Шайтан-шапаат оюн, шумдуктун баарын үйрөтүпсүз балдарга».

Качан Тенти балдардан бөлүнгөндө, Кычан бучкактай жетти:

— Тенти агай, көрдүңүзбү күйкөйгөн Майрык молдону. Же, бизге келүүгө батынбайт.

Тенти Кычандын ак көрпө тумагын ондоп кийгизди да;

— Бая эле көргөм. Жаңылыкка кызынып отур. Мага даай албай кыйпычыктоодо. Мен кетейин. Силер аны аранарга кошуп, оюнунарды уланткыла. Акыл-насаатын угуп көргүлө.

Кычан агайын узатып барып, кайра тартты. Таманы музга тийбей ойноктоп жөнөгөнүн, анын алдын утурулай тыяктагы балдардын бир тобу бөлүнө кайкыганын байкаган Майрык, кантээр айласын таппай кызына, колун булгады. Кычан аны көрүп ток-

тоду. Берки балдар Кычанды карай бурулушту. Молдо жакасын кымтыланымыш эте купуя зиркилдеди.

— Он жыл өттү арадан... Чочуйм Кычан баладан! Карачы, чычымдын чыкчырылып келатканын. Чыйрактыгын кантесиң. Бармактай кезинде атынды бурдум эле. Ошо боюнча, Дүйшөке атың өчүп, Кычан аталдың. Аны атаң, энең үчөөбүздөн бөлөк эч жан билбейт. Атынды бурганым менен акыл-эсиңди кем кылуугa дубамдын күчү жетпеди... Окушта да балдардын эң зээндүүсү дейт, бачагар. Бармактайынан кайридин капырды көргөн сайын кыжырым кайнайт. Тирүүлөй чайнагым келет. Бирок бул дөбөттөй болуп чоңоюп алды.

Кычан жолдошторуна кошулуп, Майрыкка чукулдаганда, озуна салам айтты:

— Ассалоом алейкум, молдоке.

Майрык селкилдеген сыйда сакалын сыламыш эте, күлүмсүрөгөн Кычанды сунган колунан өзүнө тартып, бетинен сүйдү:

— Таманга темир байланган, музду чарк айланган, шайтан ойнун бир укмуш, Кычан сенден айланам.

Кычан Майрыктын башкалардан өзгөчө куюлуштуруп сүйлөгөнүн мурдатан билчү. Эмки «шайтан ойну» дегени жамактаткан жымсал сөзүнөн оркоюп чыгып, баланын көзүнө кар чачкандай силкинтти.

— Коюңуз, молдоке, шайтан ойну аталбайт!

Атай атасынан калган чоң тебетейин көзүнөн өйдө жылдырып, сүзүп жиберчүдөй башын чулгуду:

— Шайтан музда баса албайт!

Асылкүл, анан калгандары атайын үйрөтүп коюшкансып, бир үндөн Атайдын сөзүн кайталап, алга жыла чуулдашты.

— Шайтан муздан баса албайт.

Балдардын бул жабалактаганы Майрыкка тебелеп кетчүдөй туюлуп, колун тарбалацдатып, сакал-мурутун эрбеңдетип, кетенчиктеди:

— Тобо, тобо, нары, нары, нары.

Жабылбагыла, жаңынын тапандары.

Балдардын бирөө конькисин чечип Майрыкка сунду. Майрык дароо колунан жулуп, музга чөгөлөдү. Конькини тыягынан, быягынан тегерете карап, «кайда мунун сыры» дегенсип балдарга алайды:

— Кайдан таптынар?

— Тенти агай шаардан апкелген,— дешти балдар?

— А-а, жана береги кыркма чач Тенти маалим... Анын жүргөн жосунунун баары бузуку. Силерди да жөн койбой...

Кычан Майрыктын сөзүн аягына чыгарбай, жанына кынала тизе бүктү:

— Коюңуз, молдоке. Тенти агайдын үйрөткөнүнүн баары жакшылык, жаңылык, билим, өнөр. Анан көрө муну сиз дагы байкап көрүңүз.

Молдонун бутуна конькини байлоого киришти. Ага Атай жардамдашты.

— О капырлар, нары-нары... — Майрык көнбөй тыбырчылады. Ой-боюна койбой конькини байлашып, салмагын салып, бүкүрөйүп тырышкынына карабастан, Кычан, Атай экөө эки колтугунан жөлөп тайтаңдатып, тептирип сүрөштү.

Кыраан-каткы күлкү менен балдар тегеректей ээрчий жылышты:

— Ха-ха-ха-ха,
Ой, чоң ата, чоң ата!

Кычан:

— Көңүлүңүз ачылат,
Муз тепсеңиз бир паста!

Майрык боюн токтото албай, музда зырылдап баратканында бир четинен таңыркай, экинчиден чочулай, Кычанды, Атайды бекем кармады:

— Лай-лава, лил лалла,
О, жан соога, жан соога!

Жолдошторунун сакалдуу кишини тамаша чеккенине Керездин куйкасы курушууда. Молдону жулуп алууга Кычан, Атайга же алы жетпейт. Жетектеги молдонун артынан дүрбөп күлкүгө баткан балдардын арасында зымырылып бара берди. Канткен менен боору ачып, көпкө чыдабады. Жакындыгын билгизүү үчүн Майрыкты этегинен тартып чырылдады:

— Молдоке, баспа, баспа!

Кычан ага кылчая зекиди:

— Жогол, коё электе башка!

Керез ыйлаган көздөрүн чекирейтип четтеди:

— Карыган кишини да ушинтесиңби?

Майрык жүрөгү опколжуп, алда нелер оюнда калкыды: «Шум балдар балаага чалдыктырбагай эле. Өзүм кырчаңгыланып келбедимби. Маа чала. Жанакыдан да катуулатып сүрөп баратышат. Бул иймекей темирдин не сыйкыры бар. Күүлөнтүп барып, коё беришсе, ооз омурткам быркырабасын. Кантип кутулуунун айласын табам. Ортосаар озондоп көрөйүнчү».

— Лай-лава, лил-лалла,
Шайтан минди мойнума.
О, Кычан! О, Атай! О, балдарым, койгула!

Балдар молдонун муз тепкенинен да «укмуштантып» сүйлөгөнүнө жарптары жазыла:

— Ха-ха-ха-ха-ха,
Ой, чоң ата, чоң ата!—

дешсе, Кычан, Атай ого бетер жүткүнө, салмактуу молдону жеңил кайкытып, музду тегерете айланышып, жолдошторун коштошту:

Көңүлүңүз ачылат,
Муз тепсеңиз бир паста!

Майрык бул көңүлү шат жеткинчектердин жаман ою жок экенин туйду. «Бирок алардын тамашасы оңой менен канбастай. Опузалап дин сөздөрүн айтканда анчалык тоотушпады. Көңүлдөрүн жубатып, тең аталык жолуна түшүп, жамактатып көрөйүнчү» деди:

О, балдарым, жан соога!
Жакшы иш түштү ойго,
Барсак кантет тойго!

Кычан молдонун өңүнө үңүлсө, кара терге түшүп, боргул ала. Жайыраак тээп, Атайга көзүн кыса тык токтошту. Аларды тегеректей калгандары да акырындашты.

Майрык конькиге такаанчыктап туралбай, балдар колун бошотконго сүйүнүп, лып чөгөлөдү .Эки колун көтөрө, эски жарчыларды туурап доошун созо баштады:

— Баатыр келди алыстан,
Басмачы менен алышкан.

О, балдар, анын
Балбандыгы дөөдөй,
Бараанын көрсөң төөдөй!
Арманда калба, Кычаным,
Аны той үстүнөн көрбөй.

Кычан анын жар чакырганын кубаттай кыйкырды:

— О молдоке, жарайсың!
— Баралы эмесе,—

дешип балдар чуулдашты. Молдонун бутундагы конькини чечишип, ээрчий сүрдүгүштү.

Узун кампанын жанына балдар жаңыдан жеткенде, пары бурчтагы жалпак тамдан эл чубуруп чыга баштады. Алардын майланышкан жүздөрүнө, бака-шака үндөрүнө, кээсинин тиштерин чукугандарына караганда тойдун тамагына тоюп чыгышкандары айныксыз. Даңгырата күрөлгөн кампанын эшигинин алдына эт, бозо жыттанган активдер, айыл билермандары каалгый баса бөлүнүштү. Аялдар, бала-бакыра, чал-чабырлар ын ээрчитишип, айланадагы карга өндөш жоолуктарын үлпүлдөтө нары чубашты.

Күрөлгөн такырдагы ныксырагандардын бакиси күпчүйүшүп ичик, тончон, кийиз чокой, тебетейчен. Алардын арасында айырмаланып башына кайрылуу боз тумагын кондуруп, пальточон, өтүкчөн зыпыйган Тенти Албанов.

Тойдун үстүнөн чыгарбай, тамактан да кечиктирип, капылтапылынан элге, болгондо да залкарларга беттештирген Майрык молдого ичтеринен наалып балдар, же буйт берип кете албай, же шар аралаша албай, бирин-бири тиктеп... Баарынан Тенти агайынан, морждукундай арсак тиштүү томпок ооз, ийкемекей мурутчан жаңы башкарма Изакул Нурматовдон уялышып күнөөлүүдөй үрпөйүп тык токтошту.

Майрык алардан өтө, түз качыра активдерге салам айта учурашты да, Капсаланга ээгин көтөрдү:

— О, Жумалы кайда! Бу бөбөктөрүн атайын көргөзгөнү ээрчитип бастым. Нары баатыр, пары балбан агасын таанып алышсын.

Көрпө ичигин желбегей жамынган, быжыгыр кара сакал, кап курсак Капсалан күрүчтөй аппак тиштерин быжырата кур күлүмүш этти:

— Эй, жарыктык молдоке, деги баскан изиңизди киши таппайт. Келем деп, жоксуз. Устуканыңызды байбичениз апкетти. Көрсө, бу Тенти молдонун балдары менен жүрүпсүз го. Жумалы үйдө жеңесинин казан-аягына жардамдашып калды белем. А бу чыт курсактар, азоолак мени ушактап коюшкан го. Тамактан кечигишти. Мейли, кичине меймандардымды да бир күнү коноктоормун. Андан көрөк булар баатыр агасын көрүшсүн. Азыр.

Балдардын жүгү жеңилдей түштү. «Уктуңузбу, биз, өзүбүз келмек эмеспиз» дегендей баштарын көтөрүп агайына мотурайышты.

Тенти аларга бажырая күлүп, колун көтөрдү. «Уялбагыла. Күтүп тургула деген белгини түшүнүштү балдар.

Аңгыча Капсалан үйүнөн көөнөргөн боз шинель тартынган

далдайган чоң кишини жетелеп, жетекчилер менен жеткинчектердин ортосуна токтоду.

— Мына, менин чыт курсак бөбөктөрүм, Тентинин жигиттери, көргүңөр, тааныгыңар келсе. Жумалы деген аганар ушул. Абалтан баатыр ушинтип эби-сыны жок, кебете-кешпири адамдан башка болот. Башында байдын уулу эле. Он жыл болгон эл-журттан безип кеткени. А дегенде басмачыларга кошулуптур. Кийин кызылдарга өтүптүр. Далай кылыч шилтешип, ок атышкан кармашта, момунтип беттери быткыл ала, сол көзү чечке айланыптыр. Илгери айылда жүргөндө долдойгону менен өндүү-түстүү жигит болучу.

Бер жактан Майрык темпинди:

— Баракелде десең кастын огунан бетине так, көзүнө чеч түшкөн үчүн баатыр да. Жан багарлар мына менчилеп эле үйдө жатпайбы.

Өспүрүмдөр түйшөлүшүп, бирин-бири түрткүлөшүп, баатырга жакындашты. Баары жарданганын байкап, Қапсаландын каргылт үнү кайрадан шаңшыды:

— Бу кыргыз, кытай, өзбек, тажик тоолорунан баспаганы калбаптыр. Қызыл Армияга өткөндө майда-чүйдө басмачыларды коёюн, алардын атанган кор башыларынын бири Кемел пансат дегенди сулатыптыр. Ошондо өзүнүн сол көзүнө кылыч тийип, санын ок көзөптүр. Биздин Советтин доктурлары ак шейшепке бөлөп жаткызып, кырма кызыл дарыдан жаап, кадиксиз айыктырышыптыр. Кемендирлери кылыч менен сыйлаптыр. Жумалы баатыр, үшүнтүп эли-жерине, ага-тууганына абийир, даңк күтүп кайтты.

Қычан Қапсаландын баянын башка балдардан өзгөчө кунт коюп тыңшап, эрдиги да, кебетеси да келишкен Жумалыдан оттуу шок көзүн айырбай, ойноктотууда... «Ок жесе тайманбай, кылыч тийсе көз ирмебей согушкан тура... Чапаевди көрдү бекен? Же Буденныйдын атчандарында жүрдү бекен? Өз оозунан жайма-жай уксак ээ. Неге өзү бир ооз сүйлөбөйт. Баатыр сөз сүйлөбөй күч гана көрсөтөт го. Айлыбыздан баатыр чыкты. Абдан жакшы. Андан көптү угабыз, үйрөнөбүз».

Қапсалан жана той үстүндө сыпатталганга тажабастан, кайрадан муюп угушуп, Жумалыны сыяпаттай, ток көздөрүн магдырата чаптырышкан активдерге бурулду:

— Айып этпесеңер силерден өтүнүчүм бар?

Суусар тебетей, бүйүрмө тончон колхоз төр агасы Ызакул орсок тиштерин арсайта, керилген капкара мурутун жаңы чийилген үтүрдөй өйдө булкту:

— Айт!

— Эгер, башкарма, ылайык тапсаң, элдин кызыл алтындай

мүлкү, мобу кампаны кайтарууга, маа жардамчылыкка ушу Жумалы баатырды бекитип берсең.

Жаңыдан толуп келаткан, нооча бойлуу Ызакул, менменсине башын чулгуй асманды карап бакылдады:

— Эгер Жумалы өзү макул десе, мен каршы эмесмин!

Капсалаң Жумалыны колтуктай, майпая басып активдерге аралашты.

— Ырахмат, башкарма. Макулдашуу жагын маа кой! Эми, бо Жумалынын балбандыгы, баатырдыгы мындай турсун. Ашкан мергендигин, бүркүтчүлүгүн айтасыңарбы.

Тургандар күүлдөшүп, айрыкча балдар кумарлана: «бали, азамат» деген жактоолорго кошулуп, чондорго чукулдап шыноорлошту.

Ызакул шишимек көздөрүн жаркылдатып, орсок тиштерин кашкайтып, тиштеп ыргытчудай ийнин куушуруп, баржайган оң шадысын Жумалыны карай арбайтты:

— Ох-хо, чорт, кеп быякта жаткан тура. Сага бүркүт табуу керек!

Жумалы камырабай буржуйган жазы манжаларын сунду. Ызакул өзүнчө күчтүү жигиттердин бири. Жумалыга кыналыша, шыңгалыгы болбосо, бою бирдей экенин, ал эми ыгын тапсам кармашып да көрөрмүн дегенсип, баатырдын коомай сунган колун катуу кысты. Жумалы тигинин капысынан чымырата кармаганын сездиби, тостоё карап, колун силкип алды. Ал экөөнүн заматта купуя күч сынашканын эч ким туйбады.

Кычан акырын жылып олтуруп баатыр Жумалынын жанына ыктады.

Майрык Ызакулду кубаттай сөзгө кыпчылды:

— Табабыз, башкарма балам. Кегетиде бүркүтчү тамырым бар. Бүркүтүнүн күчүн бербесе, качан керек десеңер, илбесинчинин өзүн апкелем.

— Болду эмесе,— деди башкарма.— Кардын үстүнө кыламык жааган күнү бүркүт агытып, илбээсинге аттаналы. Жумалынын ал өнөрүнө да баталы.

Өз оозунан так сөздү угууга баятан кызыккан Тенти ыңгайлуу учурдун келгенинен пайдалана — Жумалыга суроо берди:

— Кайсы жерде, кайсы отрядда болдунуз? Командириниз ким эле?

— Ия, кайда, кайсы дейсиңби... — Жумалы мукактанып, көптө араң, Тентиге жалгыз көзүн кадады. — М...ме-н үкөм, кат тааныбаган каранғымын. Кызылдарда жүрдүм. Басмачыларды жайладым, кармадым, анан эмне... мен тилим менен эмес-с, колум менен иштейм... — арчанын тамырындай күржүйгөн манжаларын арбайтты.

«Бах! — деди Кычан, өзүнүн жанакы болжолунун чындыгына кубана,— мен ойлогонду айтты. Мындай баатырдын күчү тилинде эмес, колунда».

Капсалаң дагы дөөрүбөсүн дедиби, Жумалыны далыга таптап, Тентиге булкуйду:

— Э-эй, Тенти молдо, мунун ким экенин билгиң келсе, башкарма досуң экөөң зоок куруп, буга теңдеш мейли эңишкеби, күрөшкөбү балбан таап байкагыла. Курулай эле тигиндей, мындай дештин кереги не?

Араң турган көпчүлүк, андай тамашага жантыгынан кете чуулдашты.

— Туура, туура!

— Балбан тапкыла!

Тенти жооп кайтаруунун ордуна үнсүз эл арасын тинте карады. «Жумалыга чак келээр балбан барбы». Аны менен алышар эч жан чыкпайт.

Капсалаң табалай күлүп, Тентини шаштыра колтукка нукуду:

— Кана, Тенти маалим, балбанынды чыгарасыңбы, жокпу?

Балдар агайын тукулжураган абалдан кантип кутказаарын билишпей жалооруй көз нурларын уяң кыбындатышты.

— Биздин айылда Жумалыга тендешээр киши жок,— деген үндөр угулду.

Кычан Тентинин маңдайына келди:

— Агай, туура айтышат, мындай жок.

Ачык моюнга алып, кутулууну көздөп, Тенти башкармага кайрылды:

— Ызакул, сен да бул айылга башка райондон келген жаңы көзсүң. Балбан табалбаган соң, Капсалаң менен мелдешпей ак коёлу. Анын мөрөйү үстөм!

Ызакул кирпигин какпай ормоюп Тентиге кадалды. Нурданган кызылдуу жүзү албыра, ороктой кашка тиши жарк этти:

— Жок! Балбан табылат! Мен кечээ карматкан боз айгырды жакшылап токугула!

Эл күүлдөп, дуулдап алыстап кеткендерди, кыштактагыларды да чакырышты:

— О,о! Кампанын алдына чогулгула! Оюн, тамаша башталат!

* * *

Жайыттан жаңы кармалган боз айгырды атасына токутуп, Кычан башкарманын короосунан кампаны көздөй ыргыштата бастырды. Жаныбар өңү кардай чаңкайганы менен, күйрук-жа-

лы капкара тал-талынан сеңселип жылкынын сулуусу экен. Үстүндөгү бала далай атка минген. Бирок бу сапар өзүн тоонун үстүнө конгон чымындай кичинекей, алсыз туйду. Жоон-жолпу заңкайып, жонунда киши бар-жогун сезбей, ээрди каалаган маалда шыпырып таштоочудай жулкунуп, чаттан суурула атылып басканычы. «Минээрин го минип чыктым, окус жалт берип, талпагымды жерге жайып, качып жөнөсө кантем. Атка тыңыраак бастыра албаган кандай бош неме деп догдогон элдин наалатына калам». Тизгинди тарта кармап, чоң ээрге нык олтурду. Боз айгыр чыйыр жолдон булт аттап, сонун карды жиреди. Мына ошондо басканы оңолуп, дүңкүлдөгөнү калып, шайбыры чыкты.

«Айгырга кар жиретип жүрүш керек экен го». Боз айгырдын кар чийген, кыздын чачындай сеңселген жалынан эңкейип сылады. «Жыкпайсың ээ мени. Окус мөңкүсөң жалыңан тутамдайм. Ызакул байкем минген де төөдөй лапшыйган Жумалы балбанды кошо сүйрөшүп түшпөсөң алы жетпейт. Ошент, макулбу». Ал айгырды эркелетип «кеңешип» келатканда, тебетейлерин булгалап, жолдошторунан астын утурлагандарына жолукту. Ойт коёбу деп чочулап, тизгинди жыя кармады. Жана күр селтилдептир. Балдардын үркүткөнүнө бышкырык атып жөнөбөстөн жөөлөй арыштады.

— Ихи, мени үркүтүп жыгам дединер эле. Тилегиңер таш каптыбы. Эми байкуштар, ыйлабагыла. — Кычан бирин, экөөнү чала-була колдон ала сүйрөтүп, карга көмөлөтүп, дагы бир-экөөнүн тебетейин жула ыргыштатып, элге жетти.

Кыштактагылар бүт чогулган окшойт. Эки жаак карга күпчүйө отурушуптур. Капсалаң, Майрык баштап кыйласы тээ нары четте. Тенти, Ызакул болуп далайы бери жакта. Ортодо мелтиреген түзөң кар.

Кыштын чыкыроон кечинде жылаңбаштанып, бөктөрүнчөк байланган Капсалаңдын кара айгырына Жумалы локуюп, эки жеңин чыканагынан өткөрө түрүнүп, шилекейин буртулдата кыл чайнап нар жактан бастырып ортого чыкты. Кычан берки агайларынын тобуна кошулду. «Баары бир мөрөй Жумалыныкы. Кап, ага башкарма бейкемдин да, Тенти агайдын да алы жетпейт. Неге боз айгырды алдырышты. Мен минип келген боз айгыр, Капсалаңдын кара айгырына жеңдиребиз».

Көпчүлүктүн кыжы-кужусу күчөөдө. Акыры чыдамсызданып, ичигин жайкалта, Капсалаң бери бастыра кыйкырды:

— О, Тенти! Кайда сенин балбаның. Жумалынын колу, башын суукка тоңутасыңбы. Апчык, болбосо байгемди. Мөрөй мениki!

Ал Жумалынын атын суулуктай элди айландырып чаап чык-

канча, Тенти тараптан ак боз айгырды ойноктото башкарма Ызакулдун өзү, жылаң баш атылып чыкты.

Ага каршы кармашууга аттанган солкулдаган жаш жигитти көрүп, Жумалы мыйыгынан кымыя, кара айгырды олчойгон буту менен боорго ныкый теминип, атырылтып жөнөдү.

Жакында гана шайлашып, али сыр алыша элек башчысынын мынчалык тобокелге баш байлаганына заманалары куурулуп, көпчүлүк кыжырлуу чуулдашты:

— Башкарма-а, бул эмне кылганың?

— Тарт атыңдын оозун!

— Жумалы! Кол тийгизбе балага!

Бирок элирген айгырдын санына батыра камчы уруп, куюндай атырылткан Ызакулду токтотчу күч кайда.

Тыяктан Жумалы да селдей күргүштөтүп... түптүз качырыша сунулган колдор аткылып... бири куюн, бири селдей үзүп-жулуп кетчүдөй күү менен чамынып, беттешкен айгырлар төрт аяктарынан кар сапырышып тегереништн. Үстүндөгү тартышкан эки эрдин күчү — элирген айгырларды жылдырбай маташтыра шайын оодарды белем.

Боз айгырдын үстүндөгүнү бир серпим менен апчып ыргытууга комдонуп камырабаган Жумалы, ойлогону ордунан чыкпай, ат менен кошо кадалган Ызакулдун шадылуу колунан жаны ачып чындап кыжырланды. Кабырга сөөгүн кыйратпаса да, экинчи кармашпас, жалкытуу үчүн... жигитке сол колун суна берди. Ызакул анын күржүйгөн билегин ээринин кашына басууга эңкейгенде... Жумалы оң колдоп Ызакулду моюнунан аткып, ылдый басууга ныктады. Капсалаң камчысын көтөрүп ок жеген аюудай балпаңдай чуркап, туткакташкандардын ортосуна түштү:

— О, Жумалы, жиндисиңби, башкармага кол салба, кокуй! Атаңдын көрү ээй, биздин маалимдин митаамдыгын кара. Балбанды тапкан экен! Жетекчисин момундай азуулуу каманга чайнатса, элге аалат айтылбайбы. Ой, эмне карап турасыңар, келгиле, аман-соо ажыраталы!

Көпчүлүк дүрдүгүп аны кубатташты. Аксакал, көк сакалдар жаалап... Ызакул макталган балбанды же алып, же алдырганча кармашууга канчалык өжөрлөнбөсүн, атын суулуктап ажырата жетелешип, ээрден көтөрүп түшүрүштү. Ошентип башталган эр эңиш акырына чыкпады. Ызакул мурутун тилине аймай туталанып, тер чачкан боз айгырды жалынан кучактай кобурады: «Өкүттө калдың ээ. Шашпа-а, дагы жекеме-жеке кездешээрбиз. Ошондо күчүбүздү сынашабыз».

Ызакулдун жанындагы Актан карыя дуңгул көк ала сакалын уучтай күрсүндү:

— Бу ак боз айгыр жаныбар, жылкыбыздын камбар атасы, бапестеп уруп, башкарма балам.

— Сөзсүз, аксакал, жылкынын чүрөгүн бапестебесек болобу.

Капсалаң айрыкча барктап, куштаган Жумалысынын карылуу, шамдагайлыгын эл көзүнө айкындоо үчүн дагы башкача амал тапты. Жаңыдан денеси жазылганда ажыратып ийгендерине өкүттө кыжынган Жумалы, али ат үстүндө. Омсоңдоп эмненидир күткөнсүп, жалгыз көзү тостоюп Капсалаң кеткен жакта. Капсалаң баштаган алты киши кампадан дардайган кара ала капка чеч буудайды колдошуп келишип, ортого коюшту.

Капсалаң тебетейин силкип, бууланган башына оңдоно кийип, четтей баса, баркылдап буюрду:

— Кана, Жумалы, эңип, ээриңе кой, мунаны. Күчүңдү ага-нинче көргөз!

Жумалы төө капты жолборс жаткандай тоорула карап, айлана бастырып өттү. Кайра бурулуп, кара айгырдын оозун тартып, ээрден кыңкая эңкейип кош колдоп капты апчып ары ыргап, бери ыргап жерден үзөөр-үзмөксөн колунан түшүрдү. Жинденип, булт койгон аттын оозун кайра буруп, карышкан колун ушалап, капты оңурая тиктеп ызалуу демигүүдө. Капсалаңдын өңү түнөрүңкү күңүрттөндү. Балдар баштарын ылдый эңилтишти. Жардангандардын ичинен бирөөнүн үнү жаңырды.

— Алтоо араң колдошкон капты, жалгыз Жумалы ээрине энет деген болбогон сөз да.

Жумалы экинчи мертебе «бисмилла» деп алаканына түкүрүнүп, капты кош колдоп, так көтөрүп ээрдин кашына коёрунда кара айгырдын эки алдыңкы буту бүгүлө чөгөлөп, кап карга кайрадан күп этти.

— Баракелде-е!

— Кара айгыр чөгөлөбөгөндө...

— Ка-ап...

— Өнөрүң сая кетпесин, айгырдын бели мертинсе мейли, кайра да бир чындап качыр,— Капсалаң үмүттөнө; быткыл ала бетинен тер мончоктоп, суукка булоолонгон Жумалыны тымызын жекирди.

Жумалы атынын көкүрөгүн бастырып, жай келди да, демин ичине жыйып бар күчүн үрөп, «аяк алла» деп эки колун каптын эки жак бооруна батыра эңиле чеңгелдеп, өйдө-өйдө ыкшап, тизесине жеткирди. Анан өзү артка жыла, чоң капты аттын жалына чыгарып даңкайтып өңөргөн бойдон, айгырды жайкактата шайбырлатып элди шаңдуу айлана жөнөдү.

— Бали, азамат! Күчүңө баракелде! — деген элдин ызы-чуу алкаганы күчүнө күч кошконсуп, Жумалыдан өтө, Капсалаң төштү ачып дагдаңдай арыштады.

Балдар бөтөнчө Кычан Жумалынын соңунан калбай бучкактап кумарлуу үн алышты:

Балбан, балбан, Жумалы балбан!
Тоодой капты жерден так өңөрүп алган!

* * *

## ҮЧӨӨ

Он үч, он төрт чамасындагы үч тестиер бала чыкыроон кыштын түшү кынкайган ченде кычыраган чыйыр жол менен удаалаш келатышты. Бири-бирин кылчая карашып, кол серпишип, катуу-катуу сүйлөшүүдө. Бирок арткы экөө Чапайдын бул айылга кантип гана жетээрлигине айран-таң. Уламаларга шыктуу болугураак Атай тайманбас баатыр Чапаев актарды көрүнө жеткире кууган дулдулу менен гана жетет деп бышыктоодо? Дулдулу, болгондо да Ала-Тоонун таң ык салгандагы чаңкайган чокусундай аппак, жал-куйругу сыйдалана тал-талынан чубалган куду Манастын Аккуласындай. Талаш-тартышта өжөр Керез бөдөнө башын чулгуп чыйылдады:

— Ооба сага, аппак! Андай баатыр мандайында кашкасы бар кадимки Тайбуурулдай тулпарды минет да.

Аппак көрпө тумагын алчыланта чекесине кыйшайта кондуруп, алдыда бараткан Кычан берки экөөнүн талашына кыжырланды:

— Пионерсиңер ээ! Алжыган кемпирлерче дөөрүйсүнөр! Тенти агай Чапай баатырды өлгөн, сууга чөккөн дебеди беле.

Керез дагы эле ээ-жаа бербей чыйылдап жула качты:

— Ооба. Сеники чын. Тенти агай Чапай баатырды өлбөс баатыр деген. Анан өлбөс баатыр өлбөйт да.

Керезди мындай учурда оной менен ынандыра албасына көзү жеткен Кычан, тартышты башка жакка бурду:

— Эгер ал тирүү болсо, бизге автомобиль же поезд менен келмек. Себеби, Чапай турган жерден Чүйгө Семетейдин Тайбуурулу бир ай дегенде араң жетээр эле.

Бул талаш төгүнүнөн чыккан жок. Кечээ коншу колхоздо жакында белгиленүүчү Кызыл Армиянын он беш жылдыгына байланыштуу кызыктуу лекция окулган. Ал айылдыктар өзүнүн колхозун Чапаевдин атына көчүрүшкөн. Ошол жыйналыштан кийин кимдир бирөө Чапаевди тойго чакырып, кат жибердик деп опурулган. Ал имиш бүгүн мектеп балдарына жеткен.

Аппак шекер жамынган айлана суукка катып тыптынч. Чыкылдаган ызгаар гана балдардын сөздөрүн жула качып, жаңырык салат. Мөмө жүздөрүн сайгылап, ызырынат. Жылуу кийи-

нишкен балдар аны тоотушабы. Үчөө тең торсоюшуп тончон, тумакчан, буттарында кийиз чокой. Ортодо Атай менен Керездин жонунда кийизден китеп кап асылуу, бири тебетейинин кайрыгын, экинчиси тумагынын кулагын түшүрүп, бекем байланып алышкан. Алдыда бара жаткан Қычандын сол жанбашында таңдайлаштырылып кооз токулган, таардан жасалган китеп баштык ойноктойт. Анткени ал бирде беркилерге бурула калып, бирде секирип алдыга аттап, кыймылдуу.

Аппак быжыгыр көрпө тумагын чекчейип жогору байланган. Апасы Турдукан иштүү адам. Кынаптап келишимдүү тиккен. Қычан кулакчынын мектептен чыкканда эле түшүргөн эмес. Аны Атай байкап келатат. Кулагы кызарганга карабайт. Жадаганда бир да жолу колу менен кармалаган жок. Анын чыйрактыгын билсе дагы, Атай айран-таң. «Эмне үчүн үшүбөйт. Денеси темирби, Тенти агайды туурап көндүбү».

Мектеп «Социалчы» кыштагынан үч чакырымча алыс. Той-пондошуп ойноп олтурушуп, заматта эле барып-келип окуп турушат. Қыштакка чукулдашты. Атай атайылап эле тийише:

— Ой, Қычан, кулагың үшүбөйбү? Кулакчынынды түшүрүп алсаң. Қокустан чунак кулак болуп каласың. — Қалбайган эрдин чормойтуп атасынын чоң тебетейинен араң эле көрүнгөн шишимек көздөрүн үлүндөттү.

— Ооба десең. Қыйын-кыйын десе, кээде аша чаап кетесиң. Бизге мактанбай эле кой. Бая күнкү ызгаарда кулак-бетинди тонутуп жибере таштаганынды билесиңби? — теңирейген чолок мурдун кайра-кайра шор тартып, чекирекей көздөрүнөн аккан жашты тонунун жеңи менен сүрткүлөп, арттагы кыз үндүү Керез чыйылдады. Анын чүрүшкөн кубакай бети көпкөк болуп, түктөрү сыртына жайнай түшкөн эле. Үшүгөндө көгөрүп-татарып кетмей адаты. Берки экөөнө караганда чабалыраак, бою да пас. Балким ата-энеден эрте айрылып, тоголок жетимдиктин саатынан кидигий тартып калган чыгар. «Жетимдин тонун кийгизбейм, ашын ичирбейм. Ата-энемден калган Керезим» деп эжеси Қаным бир жашында Керезди өз колуна алган.

Айткандай жетимчиликтин зарын тарттырбай, алынча сылап-сыйпап бакты. Қанымдын ушул күнгө чейин согончогу канай элек. Бир чети баласы катарында бөпөлөйт. Жездеси Қапсалаңдын каары баарыга маалим. Кээде кагып-силкип, тилдеп, уруп деле коёт. Баланын жүрөгүнүн сары суусун алып, мокок, жашык, жалакор кылып үйрөттү. Қанымдын боордошуна болушуп, Қапсалаң менен нааразылашкан учуру аз эмес. Кийин-кийин Керез кол арага жарап, айрыкча, анын сабатсыздыгын жойдурууга жардамдашкандан бери гана сүксүйгөн мурутунан жылмайып:

— Жарайсың Керезим. Өлбөсөң киши болосуң. Чоңойгондо мени багасыңбы? — деп, чоң колу менен далыга каккылап, бетинен чоюп эркелетимиш болот. Бармактайынан атанын мээримине бөлөнбөй суз өскөн Керезге ошол деле кымбат сезилет.

Жолдошторунун күйүмдүү сөздөрүнө Қычан бакыракай оттуу көздөрүн балбылдатып, толмоч кызылдуу жүзүн албыртып, жарк этип күлүп койду. Қара тукаба тышталган аппак көрпө кулакчынын ого бетер чокусуна кондуруп чокчойтуп кийди. Күндүздай жылтылдаган чачтарынын арасынан ысык буу көтөрүлдү. Энкейип эки колуна кардан чеңгелдеп, томолоктоп жууруду. Анан тайманбастан мойнун, бетин, кулактарын жыша баштады:

— Мына сага! Кеп мактангандыкта эмес, көңгөндүктө, чыдамкайлыкта. Муну Фрунзеде рабфактан окуган Бейшеке байкемден үйрөнгөм. Жакында келет. Қышында деле орус кепкечен жүрөт. Анан карга жуунат. А бая күнкү Тенти агайдын жуунганын унуттунарбы.

Керез ичиркенип, силкинди:

— Қойсоңчу. Тондурасың.

— Ысык-суукка көнсө оору-сыркоого алдырбайт дейт. Жеке эле азыр дейсинерби, дайыма муздак сууга, карга жуунам, көнүп калдым. А дегенде тызылдап үшүйт. Анан жалындап ысып чыгат. Акырындап көнүп кетесиңер.

Жанына шыноорлошуп, таңданып карап турушкан эмелердин бети-башына карды тоголоктоп камданды. Экөө эки жакка карды балпактай кечип качып жөнөштү. Қычан алышып-күрөшө кеткенде, экөөнөн тең карылуураак. Көтөрүп чаап, коюнмойнубузга кар тыгат дешип чочушту окшойт. Жолго түшүп зымырашты. Қычан артынан кубалаган жок. Тоголоктогон кар менен колун кайра-кайра жышып жатып эритип жоготту.

— Ой, баатырлар, токтогула! Тийсем ит болоюн!

Эки колун тең көтөрүп кыйкырды. Атай тонунун этегине жабышкан, чокоюунун кончуна кирген карды күбүп туруп калды. Керез артын кылчак-кылчак карап, бөрү желиш менен дагы эле узоодо... Қачан гана көчөнүн башындагы Майрык молдонун желирейген жапыз тамынын эшигинин алдына барганда демигип, токтоду. Үчөө кеңешип чыгышкан. Майрыктыкына сөзсүз кайрылмак. Ал айылдагы карылар арасында «сабаттуу» адам.

Арапча окуган, эски молдо болгондуктан, латын тамгасын бат эле өздөштүргөн.

— Жаңы кезит алып келип тургула. Қарынын батасын алып көгөр, балам,— деп Қычанга айта турган.

Бүгүн үчөө жаңы газеталуу келатышкан.

— Эски молдонун окуганын угалы. Ооруларга дем салгандай кулкулдабайт болду бекен,— дешип кызыгышкан. Керез,

эшигинин алдында акмалаган Майрыкка газета өз колунда болсо, дароо бере коймок. Майрык уйпаланган эски түлкү тебетейин баса кийип, кара чепкенин ак жоолук менен ороно курчанып, салынкы кабагынын астына жашынып үңүрөйгөн көзүн үлүндөтүп, эчкинин чычаңындай сербейген сакалын тарбайган арык колдору менен сылагылап, ичке мойнун көтөрүп, Керездин жанына жылып жетти.

— Керез уулум, сен эмне демигесиң, артыңдан жоо кубаладыбы?

— Жок. Сизге апкелаткан жаңы кезитибиз бар. Ошону сүйүнчүлөөгө чуркадым.

— Дурус, дурус. Шайтандын шапалагындай тепилдеген... Тири карагын коё кал булардын. Ох, кудай, тобо... — дагы түшүнүксүз бирдемелерди угулаар-угулмаксан өзүнчө кобурап, жакасын муунта кармап, эчки сакалын сербендетти. Аңгыча Кычан менен Атай да куушуп жетишти. Майрык эшигинин алдындагы үйүлгөн күрөндүсүнүн үстүнө карыган дөбөттөй шоңшоюп көчүк басып, балдарды жанына чакырды.

— Кана, тапандарым, кезитиңерде эмне дептир?

Кычан китеп баштыгын мойнунан шып чыгарып газетаны суурду:

— Колхоз түзүлүшүн чыноо жөнүндө көп жазыптыр. Анан...

— Колхозуңардын душмандарын кыйратабыз, бардыгы ортолоштурулсун дегендир,— Майрык газетаны колуна албай жатып, эңгилчек баскан тиштерин кычыратып, чүңкүйгөн көздөрүн акыраңдатып, балдарга каарын чачты. Балдар бирин-бири түртküлөшүп кетенчиктешти.

— Бардыгы ортолоштурулсун деген мында жок. Ушак сөз. Колхоз душмандары, кулак, молдолор... — Кычандын сөзүн бүтүрбөй Майрык титиреңдеп ордунан сойголонуп түштү. Газетаны окубастан тоголоктой уйпалап, ыргытты. Тарбайган ширидей сөөмөйүн силкилдетип:

— Токтот! Акыр замандын баласы! Бала тапан чыгат. Атасына акыл үйрөтөт деген ушул. Жоголгула! Кезит алып келсең жөн, унчукпастан берип жүр. Экинчи ушинтип сайрайт экенсиң, тилиңди толгоп сууруп, атаң Жакыпка мууздатам!

Калган сөздөрүн укпастан, балдар жердеги бырышкан газетаны илип алып, дуу коюп чуркап жөнөштү. Майрык молдонун жиндене сиркилдеп ары-бери басып, томпоңдоп токтогонун... Анан жакасын муунта кармап, дал тамынын үстүндөгү бир үзүм кара булутту акыя тиктеп, өзүнчө быжылдап жатканын алыстан бир азга токтоп карап турушту. Керез мурдун шор тартып экөөнү үйүнө чакырды:

— Жүргүлө, биздикине кире кеткиле, жездемдин сабатсыз-

дыгын жойдургам. Ошого окутабыз. Чоң кишинин эжелеп окуганы кызык.

Керездин жездеси Капсалаң «Социалчыда» кампачы. Көкүрөк эсепти кыйын билген менен, окуп, жаза алуучу эмес. Кампачы болгондон тартып, капкайдагы китеп-дептер, калемдерди таап келип, үйдөн Керезден, сырттан кат тааныган дагы бирөөлөрдөн окуй баштаган. Азыр газета, китепти эжелеп чыгарып, эсеп-кысапты жазып калды. Керездин «жүргүлөп» жатканы ошол. Беркилерге мактанып калайын деген ойдо. Кампа Майрыктын үйүнөн анчалык алыс эмес, көчөнүн сыртыраак жагында. Мурдаагы жылы жаңыдан салынган, узатасынан кеткен үстү нар жон чоң боз там. Кампачынын, кароолчунун үйү кампанын жанында.

Берки экөөнөн кырдуураак Кычан жепирейген эшиктин босогосуна башымды уруп аламбы дегенсип, эңкейип өттү.

Керез курбуларын ээрчитип келгенде, темир мештин жанындагы көрпө көлдөлөңдүн үстүндө эсеп чотту ары-бери каккылап, жамбаштай локуюп, семизинен кыйшайган быжыгыр кара сакал Капсалаң, такырайтып алдырган чарадай чоң башын көтөрө койду. Кылкыйган митаам көз менен алдыртадан балдарды чалып өттү. Алдындагы быты-чыты, ийри-буйру цифраларды түшүргөн жарты баракты бүктөп, үстүнөн нукурайган көк сыя калем менен бастырды. Майланышкан жоон манжалары өйдө-төмөн серпилип, эсеп чоттогу эсептелүү санды таркатып жиберди. Балдар сүрдөшүп, «кел» деп айтаар бекен деген үмүт менен эшиктин ички босогосуна жөлөнүштү. Керез чебеленип тонун чечип, жүктүн бурчуна ыргытып ийди:

— Жездеке, сабатсыздыгыңды мен жойдурдум ээ. — Жаракөрлөнүп жанына жетип кыйпычыктады. Жолдоштору мештин оозуна жакындап чөк түшүп олтурушуп, кийимдерин чечпестен, отко алакандарын какташты.

— Ооба, чыт курсак молдокем. Эмне деген турасың. Окшошкон чыт курсак бурадарларыңды неге ээрчитип келдиң? Үйдө эжең да жок. — Капсалаңдын суз, какаардап, кагажыткан сөздөрүн угуп, Керез жалтайлады. Ызакор чекир көзүн жаш чайып, жездесине жал-жал тигилди. Курбусунун оор абалга туюкталганын көргөн Кычан:

— Ата-энелеribизге окутуу үчүн жаңы газет алып келдик эле. Тенти агайга убадабызды бергенбиз.

Дулдуйган Атай калбагай эриндерин чормойтуп, сүйлөөгө эптеп барып, кайра тымпыйды. Капсалаң алкымындагы богогун баканыкындай балк-балк саландатып, кытылдап күлдү:

— Охо! Чыт курсактарым! Деминер күч экен. Сыноодон өткөрөлү деген чаманар бар го.

— Ооба, жездеке, сени кыйын окуйт деп буларга мактап койдум. — Тенирекей мурдун алаканы менен өйдө жанып, Керез чыйылдап жандана түштү.

— Сен мактасаң, мени бейишке чыгарасың го. Бош эмесмин. Кампанын эсеп-кыйсабын тактап убарамын. Тиги чыт курсактарга жарма куй. Өзүң калып, мага жардам бер. — Калп эле күрс-күрс жөтөлүмүш этип, кара көрпө ичигин желбегей жамынып, эшикке суурулду. Кычан менен Атайга бир аяк жарманы куюп бере коюп, Керез тонун кийинди.

— Жүргүлө, кеттик,— чыйылдаган үнүн ызалуу чыгарып алар менен кошо эшикке жөнөдү. Капсалаң узап кеткенде көрүп, жаңырык салды. Керез укса да укмаксан, жолдоштору менен кетти. Атай кабагын чытып, толмоч ууртун шимилте соруп, шишимик көздөрүн үлүрөйттү:

— Курсагым аябай ачты. А силердикичи... бөйдө өзөөрүп калбайлы.

— Жалакайлыгыңды койсоң. Экөөң бир аяк жарманы жутпадыңарбы. А менчи... — Керез тамшанып, Атайды жактырбагандай үтүрөйдү.

— О-о, жоон мөөн курган Атай, бир аз чыдасаң. Апаңдын көмөчү сакталуу тургандыр. Мени ээрчигиле, курсагыңарды тойгузам. — Ал экөөнү Кычан түз эле атасынын устаканасына ээрчитип барды.

Атасы Жакып колунан көөр төгүлгөн темир уста. Колхоз атайын жарак-жабдыгы менен устакана тургузуп берген. Азыр жазгы кош айдоого карата соко, мала, кетмен, күрөк сыяктуу шаймандарды оңдоодо. Жашы элүүгө эңкейип калган, денеси чымыр, сейрек кара мурут, жулма сакал, кызылдуу киши. Устакананын ичи шаңдуу. Топучан болуп, көк ала сакал, чулу Актан элик талпактын үстүнө чөгөлөй олтуруп эки колу менен алмак-салмак күшүлдөтүп көрүк басууда. Көрүк күүлдөй ышкырып, очоктогу көмүрдү үйлөп жалын чачыратып, кыпындарын абага учурууда. Кашка баш Жакып кычкач менен килейген кыпкызыл темирди чоктун арасынан сууруп чыгып, жалпак дөшүнүн үстүнө койгондо, көрүкчү Актан салмагы бир пуд келген олчойгон барсканды өз башынан жогору көтөрүп, күүлөп туруп балч эттире урду эле, жер солк этип, тоодон жаңыдан кылайган күн нурундай кыпындар жарк-журк туш-тушка чачырады. Анан Жакып кичирээк барскан менен камырдай элпек ийлеп, өзү жуура баштады. Барсканды көтөрө чапкан сайын түрүлүү жыланач билегиндеги, жаак этиндеги булчуңдар уюлдай түйүлө, кайрадан жазыла түшүүдө. Жазы маңдайына берметтер чыбырчыктап, заматта жайылып чекесин сууга киринтет. Устанадагы бул кереметтүү көрүнүш балдарды суктантпай коёбу.

Алар мындай учурдун үстүнөн далай жолу чыгышкан. Кычан менен кошо келип, устага жардам беришкен учурлары да болгон. Ар бири көрүк баса алат. Кычан болсо, чакан балкаларды чаап, тогоо, илгич өңдүү майда буюмдарды жасай коёт. Түбү түшкөн чака, чайнектерди түптөөнү атасынан небак үйрөнгөн. Бош убактысында атасынын жанына кунтун коюп көп имерчиктейт. Чубашып бая эле кирген балдарга эми араң көңүлүн буруп Актан көрүктү басандатты.

— Ко-о-ш, үч эм козудай мотурандаган чыractарым, деле бири биринерден ажырашпайсынар. Чокко жакшылап жылынгыла!— Чаранын оозундай оюлган жерде жалындаган очокту көрсөттү. Актан Жакыптан бир нече жаш улуу. Аталаш туугандар. Ак көңүл, кичи пейил, баласаак адам. Аны айылдагы улуу-кичүү дебей баарысы урматташат.

Балдар «ата», чоңдор «Акы» дешет.

Жакып албырып кызарган темирди муздаганча жууруп, кайра чокко сойлотту.

Барсканга карышкан балбан колунун сырты менен мурутун нукуй сылады:

— Акы, булар менин шакирттерим. Кебетелерине караганда бир жаңылык угузчудай шымаланып турушат. — Актанга карап, очоктогу чоктой кайнаган өткүр көзүн ымдай жылмайды. Ишке алектенип үнсүз түнөргөн устанын оозунан жылуу сөздү эшиткенде балдардын жүздөрүнөн кубанычтын нуру себиле түштү.

— Чын эле.

— Жаңы газетабыз бар.

— Кана, бергилечи! — Жакып барсканын алдына таштап, жылаңач туурулган колун созду. Кычан китеп баштыгынан газетаны бапестей сууруп карматты. (Үчөөнүн ортосунда жалгыз газетасы бар болчу.) Актан газетаны карап жылмайып, уурдунан «буф» этип, мойнун силкти:

— Чырагым, бул кезитиң жаңы эмес го? Тырышып-бырышып калыптыр?

Атай менен Керез «сен айт» дегенсишип, бири бирин чыканагы менен нукулашып, Кычанга кирпик шилтешти. Кычан токтолбостон шар унчукту:

— Жолдон Майрык молдо ушалап таштады.

— Молдоң түшкүрдүн шайтан баскандай ачуусу көбөйүп баратыптыр.

— Куугунтукту аябай жедик.

Актан топусун сөөмөйү менен нары түрткүлөп, башын кащылай нааразы балдарды карады:

— Оңбосун, силерге жек көрүнгөн молдо кимге жагат дейсиңер, чыractарым.

Жакып алардын сөзүнө деле көңүл бурбастан, газетаны бетине кармап эжелеп окуп жатты. Балдар аны үймөлөктөй сонуркашты. Актан да элик талпакты эки колу менен таянып, обдулуп, Жакыпка үңүлдү.

— Окумушу күчтүү молдокелер, карап тургула. Кайра башынан түшөйүн. — Уста газетаны белинен бүктөп кылда учундагы эң чоң тамгаларга көзүн жабыштырды. — «Кы-з-ыл Кыр-гыз-ыс-тан»,— деди эжелеп газетанын атын окуп.

— Э... эй кызык... Анан дагы... — Керез чебеленип андан кичирээк, бирок даана бадырайган баш макаланы сөөмөйү менен чукулады.

— Мени уулум жакшы окутуптурбу? — Уста Керезге карап жылмайып, ал көрсөткөн жазууну окуй баштады:

— К-ал-коз к-ур-ул-ушу-н ч-ың-ай-лы...

— Чоң молдо болуп калган турбайсыңбы? Илгеркилер чаар китебин үч жылдан кийин араң чыгарчу эле. Сени окуткан Кычанындын окумушу кыйын бейм. — Актан Кычандын маңдайынан сылап, кайра Жакыпка бурулду:

— Окуй түш, жакшы сөздөр бар окшойт...

Жакып эжелеп окуусун улантты. Актан өбөктөп кулагын түрүп угууда.

Атай Кычанды түрткүлөп «тойгузам» дебедиң беле дегенсип, ортону менен кекиртегин черткиледи. Кычан атасынын ары жагына мышыктай аттап чыгып, темир көмүркөйдү ачты. Ичинен так өзүнүн китеп баштыгындай кооз, кичирээк торсойгон таар баштыкты сууруп чыкты. Анын оозуна чейин жык-жыйма бадырак экен. Барсайып куурулган буудай бадырактан кош уучтап оозуна куюп, берки экөөнө көзүн ымдады. Алар учуп жетишти. Үчөө ортосуна коюп алышып, курч тиш менен бадыракты барсылдата чайнап киришти. Жакып «адамды муундуу кылат» деп, дайыма бадырак кууртуп ала турган. Кээде иштеп жатканда деле оозуна толтуруп, буудайдын ширелүү даамын соруп, керели-кечке балканы кубаттуу чабат.

— Кеп мына ушул эмеспи, шакирттери устанын тамагына энчилеш болгону жакшы. Жегиле, айланайындарым. Жакып экөөбүз эми эле тамакка тоюп келгенбиз. Болбосо эмгиче аймап коймокпуз. Түп калтырбагыла. — Актан бадырактан оозуна бирден чууртуп, күдүндөп балдарды алкады. Оюндагысын айтканга кубангандай газетага кызыгын Жакып көзүн ирмегилеп, зорго алыстатты:

— Айткылачы, кулундарым, бадырак ширелүү бекен? Ылайым карттан өнөр үйрөнөм деген жаш анын тамагына да шыбагалаш өсөт. Шакирти устасынын түбүн канчалык көп ичсе, ошончо акылын тартат.

Өткөн болумушка кумарлуу Атай калың эринин чормойтуп, Актанга бурулду.

— Ата, бадырактын бир данын жесе, курсагы ачпастан Ала-Тоодогу чоң ашуунун бирөөнү ашат деген чынбы?

— Чын, чырагым. Кылдай төгүнү жок. Ата-бабаларыбыздын өз башынан өткөн чындык эмеспи,— Актан оң уучундагы бадыракты сол алаканына чуурутту. Балдар карыянын кызыктуу уламадан айтып берүүгө ниеттенгенин сезишип, тегеректешти. Айткандай Актан ата сакалын экчеп, талпагына мандаш токунуп сөзгө кирди. Ооздоруна бадыракты жаймалаган балдар кампасын толтуруп, кулагын жайлаткан тегирменчиден бетер делдейип тыңшашты...

Э...эй, чырактарым. Атам заманы, алимуздактагы окуя... — Актан чок өчпөсүн дегенсип, көрүктү жай үйлөтүп таштап, жомогун улады. — Биздин жергени кара таандай жоо каптаган экен. Не мангулубу, не калмагыбы. Айтор бирөө. Жарыктык чоң атамдын өз оозунан уккам. Касиетинден айланайын Чүй боорун, жоо деген немең кара таандай каптаган экен. Алар бир аз күн ичинде эле мал-жан, азык-түлүктүн баарын отоп-бутап, аймап жиберишиптир... Там-таш, имарат дегенди уратып, өрттөптүр... Адам өлүмү чымынча эсепке алынбаптыр. Ошондо мөңкүрөгөн калк ичинен ак сакалдуу ырчы жар сала чыгып, жоодон кантип кутулуунун айласын айтыптыр. Суу көрбөй какшыган жерден бетер, төрт аргасы түгөнгөн эл: «Айтканына макулбуз»,— дешип чурулдашып, акылмандын оозун тиктешиптир. Акындын ою бул экен: касиетинден айланайын берекелүү Чүйдүн мына бул биз турган өрөөнүн таштап, тоо жакалап, тиги Ысык-Көл, Тянь-Шань тараптагы туугандарга баш калкалап көчүп жөнөшмөк. Чаап, басып, талап-тоноп, даяр мүлк, даяр тамак-ашка көнгөн мыкаачы жоо узакка тура албай башка жакка ооп кетишмек. Талоонго, кыргынга учураган кыргыздар акындын айтканына көнүшөт да, жергесин таштап караңгы түндө тоо жамынып көчө качышат. Аркайган бийик ашуудан түшкөндөн кийин далайы ачтан сендиреп алдан тайыйт. Ал эми алдыда мындай ашуу, белден туура кыркы бар.

— Ач бел, куу жондо ачкадан кырылабызбы. Мындан көрө босогону аттабай өлсөкчү. Эмне үчүн бизди тентиттиң, алжыган чал,— дешип кээ бирөө ачуу чакырып жаңжал салышат.

— Калайык журт, эч кимиң ачтан өлбөйсүнөр! — Акын элди ишендире сүйлөп, өз ийнине көтөргөн куржунун жерге коюп, килитин чечти дейт. Көрсө куржундун эки көзү толтура куурулган бадырак экен. Ар бир жүргүнчүгө бир тоголоктон гана бадырак бериптир.

— Улам жаңы ашуу, белдин түбүнө таянганда баарыңа бир-

ден бадырак берем, ашык жылдырбаймын! — Ушинтип катуу буйруп, өзү эркечтей багжайып алдыга жол баштаптыр. Дарыядай толкуган эл анын артынан самсыптыр. Ар жаңы ашуунун түбүнө келгенде качкындар бирден бадырак чайнашып, ошонун кубаты менен экинчи ашууга жетишиптир. Ошентип Чүйдөн качкандар тоо арасындагы чордон кыргыздарга жеткен экен.

Бул айтылган болумушту чындыктай түшүнгөн Атай жомокчуга жабышты:

— Ата, сиз тоо арасындагы чордон саяк уруусунансызбы?

— Ооба, теңим саяк. Энем жумгалдык саяктын кызы,— деди Актан, бирок Жакыптын жылмайганынан шекшине түштү белем. — Эмне, бир буудайдын бир бел ашырганына ынанбай турасыңбы?

— Жо-жок. А кокуй, Акы, өз башыман да өткөн. Баягыда Кытайга үркөндөгүнү[1], кандуу жылдарды билесиң го. Кайра тартканда сокоюп жалгыз кайтпадымбы. Койнумда мына ушунун өзүндөй баштыгым бар, бирок ичиндеги бадырагы мындан үч эсе аз.

— Чындап жеген киши кош уучун толтуруп туруп оозуна бир куюп алат да,— деди Актан башын чайкап.

— Кантейин. Ошону жарым айга жеткиздим десем адам ишенбейт.

Таңыркаган Атай көзүн жалжылдатып дагы жанданды:

— Кантип... чын элеби?

— Чын.

Керез чебеленип тамшанды:

— Мен болсом, мынчалык үнөмдөй албайт элем. А Атай чоң курсак болсо, оозуна бир эле куймак.

Актан негедир терең улутунду:

— Ээ, чырагым, башыңарга түшсө силер да үнөмдөйсүнөр. Бөтөн эл, чоочун жерден өз жергеңди көздөй жол тартканда жорткон жел да тамактан күчтүү дем берет.

## АГАЙЛАР МЕНЕН БИРГЕ

Устакана. Нараак жактагы чакан дөшүгө байырлап эки женин түрүнгөн Кычан чондор менен иши жоктой обочолонуп чака түптөөдө. Жакыптын жанындагы элик талпакты шыноорлошкон Ызакул менен Тенти устанын узанганын токтотуп, сөзүн муюп угууда.

— ...Ушундай, башкарма иним, маалим иним. Айтканыңарды эки дебейм. Кош айдоо дейсиңер. Соко, мала, кетмен, күрөк

[1] 1916—1918-ж.

шаймандарды мүлдөсү менен кош чыгаардан алда канча мурда кандап, ондоп, тиштерин курчутуп камдап берем. Камырабагыла андан... Тенти иним, саа миң ыраазы эл-журт. Сен келгени балдарыбыздын окумушу жогорулады. Дегеле түшкө кирбеген тири укмуш оюндарды үйрөтүүдөсүң. Айтып-айтпай не керек, айлыбызга жакшылыктын жышаанын көп киргиздиң...

Ызакул катарындагы Тентини сандан мыкчый, мурутун бириндете тиштерин орсойтту:

— Ой, чорт оой, кызыл маалимиң түшкүр-р, сени уста да мактай баштады го.

— Анын жөнү бар, башкарма иним. Жөнү бар. — Жакып мурдагы сөзүн жактап, сыпаа Тентиге күчтүүсүнүп кол салган Ызакулду жактырбаңкы кайпактады.

Тенти Ызакул этин оорута апчыганын сезбегенсип, тамашашыкак сөзүн да укпагансып, ага далысын сала бери бурулду. Кубалжын өңүнө азоолок тамылжыган ызалык нурду жашыра, булгаары сумкасынан калдыратып газетаны сууруп Жакыпка сунду:

— Устаке, сабатсыздыгыңызды кандайча жоюп жатканыңызды байкайлычы. Кана, окуп көрүңүзчү?

Кычан бул иштеги өзүнүн тиешесин жана жоопкерчилигин туюп, көзүн ирмебей атасына тикирейди: «Эми бат эле окусаң. Уятка калтырбасаң».

Ызакул курбулук тамашасынын Тенти тарабынан курчубай, дароо тынганына өкүттө, бирок ушерден дагы жылчык таап улаштырууга ниеттенип, газетаны олдоксон кармап, көпкө үнсүз тиктеген устага ормойду. «Чондордун да кат-сабатын ачкан менмин деп мактангың келет ээ. Уста тамгаларды чыгара албай калса экен. Анан, зымпыйган Тенти досум, чыкыйыңа коноюн».

Жок. Устаң түшкүр сөөмөйү менен сүзгүлөтүп эжелеп окуп киргеничи:

«Ле-н-ин-чил ж-аш». «Он то-гу-зун-чу жа-ны-бар мин тогуз жүз о-туз үчүнчү жыл»...

Ызакул тостоюңку бакыраң көзүнөн нары кубангандыктын, нары «жеңилгендиктин» отун чачырата кетенчиктеди:

— Жарайсың, уста! Тим эле чорттой шатыратат турбайсызбы.

(«Чорт» дегенди райондогу бир жооптуу кызматкердин сөзүнөн көп уғуп, аны жаңылык катарында колдонууда.)

Жакып жайдандап Тентиге, анан уулуна башын ийкеди:

— О, айланайын башкарма, бу Тенти инимдин, анын шакирттеринин эмгеги. Тентинин илими жакшы жуксун үчүн, албарс маки жасап берсем, өтөлгөсүнө чыгармын.

Ызакул жандана, Тентини жанакысындай апчыйын деп ман-

жаларын арбайтып барып, кайра алаканын жасап, тып санынан басты:

— Ой, чорт о-ой, досум, окутканына кошумча пара да алат экенсиң го.

Тенти сурмалуу кой көзүн ойлуу коймолжута Ызакулга тике карады:

— Устакемден албарс макини курсанттык менен алаар элем. Жолдош башкарма, сенин кээ бир активдериң, маселен, Капсасаң, сабагымды дурустап окуду, бирок мурутунун астынан муштумун түйүп жүр. Аны кампачылыктан бошотуп, кулакка тартыш керек эле.

Ызакул бетине муз бүркүлгөндөй дирт этип Тентинин санындагы алаканын жогору көтөрүп, кескин серпти:

— Жаңылышасың, чорт. Бу айылда Капсалаң өтө таасирдүү адам. Азырынча жакшы актив.

Тенти талашты ашкере кызытууну каалабай, үнүн басандата сүйлөдү:

— Адамдын ким экендигин түшүнүү эң кыйын маселе. Бул тууралуу сага алгачкы ирет айтып жатканым жок. Ойлон, дос.

Жакып кооптуу сөздөн чочулай, эч аралашкысы келбей кычкачын кармалап, темир-тезегин калдыратты .«Булардын ал жөнүндө буерде кеп салгыдай не жөнү бар, ия». Бөжөңдөп, акырын козголуп, ымтырай үн катты:

— Қыча-ан, уулум, жүрү.

Азоолок буулуга түшкөн Ызакул артына бурула, өз алдынча алектенген баланы эми көргөнсүп, жанына басып барды:

— Ой, чорт, Устаүп Қычан кимдин чакасын түптөп атасың?

Қычан уялыңкы күңк этти:

— Сыяда энемдин.

Ызакул сүрдүү теминди:

— Мугалимиңдин астында өйдө карап жооп бер, оозунду урайын, чорт. Сыяда деген ким?

Қычан башын көтөрдү:

— Кемпир... баласы жок. Тенти агай айткан, жетим-жесирлердин оокат-тиричилигине каралашкыла деп. Кечээ калак жасап бергем. Бүгүн чакасын түптөйм. Эртең каалгасына тутка урам. Анан башкалардын дагы кем-карчына...

Тенти окуучусуна ыраазы бажырайды:

— Атай, Керез жолдошторуң кайда?

Қычан Ызакулдун демиктирген суроолорунан кутказган жана иштин жөнүнө түшүнгөн агайына жайлана унчукту:

— Үй-үйлөрдү кыдырып кетишти. Жыртык чака, чараларды жыйнап келүү үчүн. Баарысын түптөп берелик дедик. Алыбыз жетпесе, атам жардамдашат.

Капсалаң жөнүндөгү сөз кайра башталбаса экен деп, кыпылдаган Жакып, бөжөндөп уулунун айтканын улады:

— Ооба, ооба. Тенти, сенин шакирттериң, менин чырактарым ошентип... Өзүндүн үндөгүң менен «жамгырдан жер көгөрөт», батадан эр көгөрөт», элден бата алып жатышат, ананайындар. — Чеке терин шыпырымыш болуп, жылып сыртка жөнөдү уста.

Чоңдордун ушунчалык ысык назарына толкундаган Қычан кантерин билбей карбаластап... очоктогу али өчпөгөн алоо корго кадоо темир тиштетип, кычкачты сойлотуп, аралаштырам дегенде, түрүлгөн жылаңач билегине чок ыргып жабыша түштү. Унчукпастан гана шак чаап, жеңин түшүрдү. Даана байкаган Ызакул муруттарын тикирейтип, одуракай тиштерин арсайтып бакырды:

— Ой, чорт-т ой? чыдамкайын көр. Чочуп койбойт. Қана көргөзчү, билегиң түшүп калды го, чунак.

Қычан берки жеңи түрүлүү соо колунун билегин сунду.

— Мынакей, башкарма байке, эчтеке болгон жок.

Ызакул көбүргөнгө тойгон тайлакча оозун жанагыдан да чоң ачып, баланы далыдан булка каткырык аралаштырып сөз бүрктү:

— Ха-ха-ха! Чорттун баласы! Қарасаң муну!

Тенти Қычанды жактырган пейлин айкындап жүзүнө күлкү чайытты!

* * *

Кампанын одурайган чоң каалгасы жабылуу. Анын жылчыктарынан негедир чаң түтүндөй булап, сырттагы таза абаны бырыксытып көтөрүлүүдө. Қычан, Атай экөө баятадан бери эле ушерде. Коюу чаңдан эчтеке көрүнбөгөн соң кыйкырышты:

— Керез, Керез! Қайдасың, бери чык!

Ич жактан анда-санда күрс-күрс жөтөл угулат да, үн чыкпайт. Бул эмнеси? Балдар сомдолгон тактайдан согулган каалганы дүк-дүк койгулап, кыйкырып чарчашты.

О далайда чаң асталап отуруп тыйылды. Балдар кайтадан бул сырлуу каалгага жабышып, жылчыкчадан тизесине дейре эгинге матыган Капсаланды көрүштү. Андан ары жонуна дардайган капты көтөрүп, дарыянын шары өйдө жирегенсип кампанын төрүн карай кызылды кечип балпаңдаган Жумалыны чалдыктырышты. Атай далысын салып нары имерилди.

Қычан балбанга маашыркап, каалгага ого бетер чапталды. Жумалынын жүзүн даана көрүүнү, жанаша кошо басууну эңсеп көзү кычышты. Бирок ага кантип жетет. Чыдамсызданып каалганы дагы ургулады. Ошо маалда кампанын төрү чаң ызгый

түштү. Жумалы капты силкип, колуна бош гана булак эттирди.

«Мунусу кандай? Демек... Жумалы балбан аттын тишиндей барсайган тукумдук буудайга топурак чачты. Неге?»

Капсалаң карс эттире эшикти ички илгичинен булкуп ачты. Нандын, буудайдын жыты эмелеки чаңды баса бурк өрдөп, Кычандын курсагы, көзү, пейли тоё түштү, ананчы, тышта ак карлуу кыш кычырап катып жатса, кампанын ичинде тоодой үйүлгөн кыпкызыл дан оттой ысык илебин чачып тосуп алса, башта мындай кампаны аралабаган баланын кантип пейли тойбосун.

Капсалаң ыс-мыска келбестен, үнсүз гана балдардын баш кийимин шыпырып, күрөк менен буудайдан толтуруп, колдоруна карматты:

— Бадырак кууртуп жегиле. Керезинер мында жок! Биз эгин которуп жатабыз. — Каалганы лып жаап бекитти. Балдар суукта жылаңбаш узакка туруунун кажетсиздигин түшүнүшүп, Капсалаңдын «тартуусун» көтөргөн бойдон үйлөрүн беттешти. Кычандын кандайдар көңүлү ирээнжиңки, басканы да мурдагысындай, шайдоот эмес, кашаң гана илкүүдө. «Жумалы балбандын күрүчтөй таптаза буудайга топурак кошконун көрдүм. А Капсалаң эгин которуп жатабыз дейт...»

Атай олжосуна күдүңдөп, тезирээк үйүнө жетип, бадырак кууртуп тоюуга шашыла, Кычандан бөлүнө арышын кере лүкүлдөдү.

* * *

Кычандын ою уйгу-туйгу. Бая күнү устаканадан Тенти агайынын Капсаланды четтетүү жөнүндөгү башкармага айткан сөзүн укkан. Анан... Кампадагы эгинге Капсаландын Жумалыга топурак аралаштырткаңын көрдү. «Чыны менен эле Капсаландын ниети таза эмес го. Аны даана билмейин өзү уятка калууга мүмкүн. Бирок кантип билет. Капсалаң оңбогур, нары балбан, нары баатыр Жумалыны жанынан карыш чыгарбай, жумушун иштетип койду. Аны бузбагай эле. Неге Жумалы ага баш иет. Өз оозунан баатырлык баянын кантип угам. Бирин-экилеп барсак, баары бир баякыдай шылтоо таап, Капсалаң куун иет. Ошондуктан...»

Беш-алты жолдошун үгүттөп эмнеге, кандайча барып, кантип сөз баштарынан өйдө үйрөтүп, кампага ээрчитип келди. Бу жолу да Капсалаң, Майрык, Жумалы кампанын ичинде имиш.

А дегенде кампаны тегерене кыйкыра чуркашты. Анткени кампанын дубалынын кылда учунун ар кай жеринде зым менен тордолгон кичинекей ачык көздөр бар. Кыйкырыкты ошондон угат деп болжошкон.

Жумалы, жумалы,
Балбандардын баянын
Угалы, угалы!

Керез ызы-чуу түшүп, үндөрү алда кайда угулуп, курбуларынын кампаны курчап чуркагандарынан чочулай баштады. «Эмне балаа болду деп, айылдагы адамдар дүрбөп келишсе... Сен ичинде жүрүп, кой дегенге жарабадың деп жездем соёт».

Алдыда таскактаган Кычанды этегинен бурдап токтотту.

— Акырын, акырын, жүргүлө, каалганын жылчыгынан чакыралы.

Анын айтканына көнүп, каалгадан бир үндөн заңылдаштыр:

— Балбан! Балбан! Жумалы балбан!

Тоодой капты так эңип алган!

Жумалы мактоого маашыркап, жылчыктан жымыңдаган көздөргө жакындады.

— О-оф, балдар. Келдиңер кайдан?

Кычан каалганын сыртынан шаңдуу заңкылдады:

— Баатыр ага, балбан ага, атайын келдик биз сага! Балдар аны коштоп чуулдашты:

— Баатыр ага, балбан ага, атайын келдик биз сага.

Жумалы килейген илгичти шарак уруп, бадалдан чыккан аюудай апсайып, каалганы түртө, балдардын бет маңдайына дагдайып, күркүрөдү:

— Не ишиңер бар мага?!.

Балдардын айрымдары кетенчиктей алайышты. Аларды баштап келген Кычан, тумагын шыпырып, балбандын чаңга түнөргөн баткыл ала дидарына тике кадалды. Мугалимине жооп бергендей чыйрак унчукту:

— Баатырдын баянын уксак дейбиз!

Жумалы жамажайын булка оозун кыйшайтты. Күлгөнү ошол белем. Ан үстүнө үксөйгөн чаңдуу кирпиктин астынан жалгыз көзү да жарк эте аңтарыла түштү. Анын жибигени басмырт, каргылт үнүнөн да билинди:

— Оф, бөбөктөрүм, баатырдын баянын уксак дейсиңерби.

Балдар Жумалынын жумшарганын баамдашып, чукулдай кадам шилтешти:

— Ооба, ооба, баатыр ага!

Жумалы жеткинчектерге чыгууга күбүнүп-кагынып, босогону аттоого камынганда... Жанатан көрүнбөгөн Капсалаң айкырып, ачылган эшикке жетти:

— Бас-с мындай, лапшыйган ар-рам!

Жумалы кынк этпей нары имерилди.

Кычан таңдана, токтой албай кыйкырып ийди:

— Эх-э-эй, баатыр да ушинтеби?!

Капсаландын далдоосунан үксүйгөн Майрык жапырылды:

— Чакылдаба, кычаган Кыч-ан «балам!»

Капсалан босогодон бери эңкейип, Кычандын катарындагы кезерди тонунун жонунан апчып, ичтеги эгиндин үстүнө баштыктай ыргытты:

— Кир, бүжүрөгөн жаман!

Кайра бурулуп Кычанга ызырынды:

— «Баатыр» жомок айтып отургудай шылдың эмес саган, көрбөйсүңбү. Канча күндөн бери тукумду аралаштырып, чактысы тийбейт. Силерди бузуп барат, жанагы кыркма чач маалим арам!

Кычандын кыжыры кайнап, тилин тартпады:

— Тенти агай эң жакшы адам!

Жолдоштору Кычанды түртө, колтуктай:

— Жүрү, кеттик,— дешип жетелешти.

Капсалан буркулдап, балдардын артына сөз токмогун ыргытты:

— Тентиген Тенти экөөң жоголсоң, так ошондо канаар табаам!

Кайгы баш молдонун муңканып, желпингенин да кулактары чала кетти балдардын:

— Кычан-пычандар кычаган, акыр заман, жакыр заман!

## БЕЙШЕКЕНИН БЕЛЕГИ

Жакыптын үй-ичи. Үстү оюлган жапыз мешке асылган казанда чыркырап койдун майы эрүүдө. Майдын жыты буруксуп, каңылжарды кытыгылайт. Балбыраган кенен көк ала сатин көйнөк кийген, бир байлам ак даке жоолукту ээгинен чалган Турдукан супура үстүндөгү тактай бетине жык-жыйма жука жайылган камырды узатасынан тилке-тилке тилип, кайра туурасынан чарчылап бөртүп, астындагы табакка түшүрүүдө. Мештин оозун ачып-жаап от жагып, алаканын жазып, төшүн кактап отурган Жакып, үйдүн каранғы бурчунда калаадагы окуудан каникулдан келген агасы Бейшеке менен кужурашып жаткан Кычанды карай кыйкыра сүйлөдү:

— Кел, Кычан, экөөбүз боорсок бышыралы!

Тик жака көк көйнөкчөн Кычан оң колунун жеңин каруусуна чейин түрүнүп, шымаланып, тура чуркады. Апасынын астындагы жайпак табакка бөртүк-бөртүк кесилген камырларды көтөрүп келип, атасына бербестен, чырылдап кайнап жаткан казанга түшүрө баштады. Ошол учурда бурчта жалгыз калган Бейшеке ордунан туруп келди да:

— Келе, мага бер. Калдастап шашмасың, бир жериңди күйгүзүп аласың.

Колун сунуп табакты алууга аракеттенди эле, Кычан бербей койду.

— Конок эмессиңби, киймиң булганып калат. — Бейшекенин кайырма жака костюмуна, галстугуна, куду Тенти агайыныкындай артын карай сеңселте таралган көмүрдөй чачына күлмүңдөп суктана карады.

— Олтура кой, садагасы. Кичүүсү турганда улуусу чуркаган болбойт,— деди апасы да Кычанды кубаттап. Апасынын сөзүнө ого бетер курчуган Кычан ал жолу тыкандык менен түшүрүп, Бейшекенин оюн жалгандыкка чыгарды. Шапылдап жаңы камырларды ташый берди. Атасы борсоюп, кызарып бышкан боорсокторду майга чыланган жыгач сузгу менен сузуп чыгара — чарага үймөлөөдө. Кычан эмки алып келгенин негедир биринде-тип секин түшүрбөстөн, топ-тобу менен таштап жиберди. Салмактуу камыр боржоктоп кайнаган майга тийгенде ысык тамчылар жогору атылып, түрүлгөн жылаңач билегине жармашты. Көзүнөн от чагыла түштү. Ал гана эмес, атасынын бетине да майда чачырандылар урунуп, тызылдатты. Сыр билгизбөөгө аракеттенип, табакты жерге коё салды. Кайрылган жерлерин олтура калып, шилекейи менен жаап, көйнөгүнүн түрүлгөн жеңин түшүрдү. Чала-була көрүп калган Бейшеке:

— Ушуну көрмөксүң. Калдактабай, жайыраак кыймылдабайсыңбы?

— Олда балам, ая! Итапкан жериңди кайыртып алдың белем. — Өзүнүн жаагын кайра-кайра сылап, Жакып уулуна кайрылды.

— Кана, эчтеке болгон жок. — Кычан так секирип туруп кайра табакка жармашты.

Купуя өзүнө жинденди: «Ушу билегимдин азабы өттү. Өгүнү чок жабышты, бүгүн май чачырады. Качан болсо, кишини уятка калтырат».

Бейшеке апасын токтотуп, бет мандайына коюп, жарык кылып камыр кесип жаткан чыракты колуна көтөрүп Кычандын жанына жетти. Турдукан казанды чыгарып жерге койду да, мештин капкагын жапты.

— Түн көп эмеспи, бышаар.

Бейшеке Кычандан:

— Кана, жеңиңди чыканагыңа чейин түрчү? — деп сурады эле, сол жеңин каруусуна жеткире түрө салды:

— Мынакей, эчтеке жок!

— Мени алдагысы келет. Мунун чыдамкайын көр. Быяк жагынды дейм. — Бейшеке жактырбагандай башын чайкады. Кы-

чан айласы жок оң жеңин коломочтонду. Билегинин үч-төрт жериндеги бармак басымдай кыпкызыл исиркектеген темгил тактарды көрүштү.

Бейшеке калдаландап шашып калды:

— Апа, тоң май менен чүпүрөк берчи. Билегине жабалы. Мунун эрдикке жатпайт. Кул-күндөр эрдигинен эмес, айласыздан чыдамкай болушкан.

Кычандын жүзү уялганынан кайрылган билегинен да күчтүү кызарып, жер тиктеди. Агасы колун таңып жатканда, ал бардык сыры ичинде катылган сыйкырлуу чемодандан көзүн бурбады. Кычан колун кайыртып, анын үстүнө жашырып уяты чыккан соң, кылмыштуудай шыйпактап агасына батына албады. Анын эс-дарты Бейшекенин чемоданынын капкагынын ачылышында, андагы китептер, кагазга оролгон белгисиз буюмдарда. Бейшеке дайыма шаардан белек ала келүүчү. Бул жолу ата-энесине көйнөк, жоолук, чай, кант алып берип, чемоданын бекитип койду. Кычанга кыл жылдырбады. Кычан агасынын катуулугуна айран-таң. Канчалык жаракөрлөнсө деле Бейшеке шек чыгарбады. Айыбын мойнуна көтөрүп, башын саландатып, астына келип агасын кучактады.

— Мындан кийин күнөөмдү жашырсам ит болоюн. Сандыгындагыларды көрсөтсөң!

Бейшекенин тамашасын көрүп-билип турушкан ата-эне, жаракөрлөнүп жалбарган кичи уулун аяп чебелениште:

— Байкеси, эми болбодубу, бала неме сонуркап жатат. Алып келгендериңди берсең.

— Экинчи өзүм билемдигин коё турган болду го. Кечирип кой, байкеси.

Турдукан менен Жакып Бейшекени Кычандын байкеси дешет. Кычан агасын канчалык жакшы көргөнү менен, атынан эле айтат. Ал Бейшекеге өөн эмес, кайра жылуу сезилет. Инисинин чыйрактыгын жактырат. Оюнда дагы катуу талап коюу, адептүү, сезимдүү өстүргүсү келет. Ата-энесини кийлигишкенине жүрөгү ого бетер эриди. Куду Кычандыкындай балбылдаган көзүн жайнатып, үн дебестен чемоданын ача баштады. Ата-эне баш болуп кайра Бейшекени тегеректешти.

— Сага өмүрүндө көрө элек белек алып келдим. Ырдамайынча көргөзбөйм да, бербейм.

Кычан кыйыктанып, тартынып олтурган жок. Чөк түшө калып, үнү анчейин жакшы болбосо да, үйдү жаңыртып коё берди:

— Катарга шайлан,
Аспапты байлан,

Ойлобо жоону
«Келет деп кайдан»,

Даяр бол, жаш күч!
Бас! Бир, эки, үч!

Эне-ата, аганын көңүлү чалкыды. Оюндагысын орундаттырып, жайланган Бейшеке китеп салуучу портфелди сууруп берди. Қычан портфелди бооруна кысып, секирип турду. Салмактанганынан тогосун басып ача койсо, ичи толгон китеп, коробкадагы сыр карандаштар чыкты. Айылда иштүү деп эсептелген апасы жасап берген китеп баштыктан алда канча көрктүү, ыңтайлуу мындай буюм жалгыз гана Тенти агайында бар. Турдукан, Жакып биринен бири уулунун жаңы мүлктөрүн колдоруна кармалап кубанышты.

Қычан улактай так түйүлүп, Бейшекени өпкүлөп, моюн-башына оролду.

Эки бир тууган кучакташканда ай менен күн ширелише калгандай Жакыптын үй-ичи жаркыды.

## БАЙКОО КЕРЕК

Эки күндөн кийин чайпала басып күлжүйгөн Қапсалаң Жакыптыкына келди. Бейшекеден жалпактап борбордогу жаңылыктарды сураштырды. Аягында жооптуу кызматта жүргөн жээни Тейитбектин эл душманы катарында камалганын укканда, өңүндөгү кан жоголуп, кумсарды.

— Сүйлөшүп, аракет кылып куткарып алууга чара табылбайбы,— деп карбаластады. Бейшекеден «жок» деген жоопту укканда, ордунан илең-салаң козголуп, үйүнө жылып жөнөдү. Қапсаландын түлкүчө из жашырып, активдикке илешип, айыл ичинде кадырга ээ болуп жүргөнүнө Бейшеке айран-таң калып, ойго чырмалды. Терезени көздөй колун жаңсап кыйкыра сүйлөгөн атасы анын тынчын бузду:

— Мына бу кетип бараткан биздин жаңы башкарма. Тааныйсыңбы?

— Жок, чакырсак келеби?

— Мыкты азамат. Өз бала болуп калды — деп, атасы шашып-бушуп чыгып, башкарманы чакырып коюп, өзү жумушка кетти. Башкарма Ызакул Нурматов жыйырманын ортолоруна жаңыдан барган ачык-айрым, орсок тиш, томпогой ооз, керилген мурутчан Ызакул эски тааныштан бетер Жакыптын үйүнүн босогосун аттар замат эле Бейшеке менен учурашып, сырт кийимин чечип ыргытып, жолдоштук жолду таап ала койду. Бакашака түшүп, колхоздун иши жөнүндө терип айтып берди. Сырт

кебетеси одонороок болгону менен, адамгерчиликтүүлүгү дароо эле байкалды. Бейшеке да кезегинде борбордогу жаңылыктар, өз ал-жайын баяндап, сырдаш боло башташты. Экөө маектешип жатканда бутуна шымаланып конькисин байланган, портфелин тонунун сыртынан далысына арчынданып тартынган Қычан кирип келди. Асты жер болсо да, төр жакта салынган оймолуу шырдак үй ичин көрктөндүрүүдө. Ызакул менен Бейшеке терезенин түбүндө шырдактын үстүнө салынган көрпөчөдө чыканакташып сөзгө эришип калган.

Қычан конькисин чечпестен, меш жактагы дубалдын боорундагы текчеге портфелин коюп, эки-үч жолу күрсүнүп кур жөтөлдү. Бирок төрдөгүлөр ага көңүл бурушпады. Анын максаты конькичен жүргөндү мыкты үйрөнгөндүгүн агасына мактануу эле. Башкарма Ызакулдан айбыгып, айта албады.

Коньκичен шырдакты тебелей басып, сүйлөшүп жаткандардын жанына барып, кыйпычыктап биртике карап турду да, жамбаштап өлтура кетти.

— Бара гой, садагасы. Биздин сөздүн сага тиешеси жок. — Тизесин жаба берген көмүрдөй кара чокоюнун кончунан жез оролгон камчысын сууруп, сеңселген кызыл кылкан түлкү тебетейин кагымыш этип, орсок тиштүү оозун томпойтуп, Ызакул Қычанга одурая карады.

— Мейли, өлтура берсин. Бул менин иним.

— Билем, билем. Бу Қычан чортту айылдагылар абдан бышык бала дешет. Тенти маалими да мактайт.

Бейшеке инисин карап, кашкайып, күлүмсүрөй сөзүн жөнөттү.

— Ызакул, сен ушундай окуучу балдар менен байланыш жасасаң түзүк болоор эле. Булар жүрөгү өрт, балит жерди баспаган чынчыл пионерлер эмеспи. Өткөн күздө Орол жактан так ушундай бир бала, жаштыгына карабастан, кулактардын бетин ачып, көлхозду чыноого чоң жардам берген. Аны өчөшкөн мыкаачылар бычактап өлтүрүп ташташкан.

Аран турган Қычан обдулуп, беркилерге жакындады.

— Павлик Морозовду айтасыңбы? Ал менден бир жаш кичүү болчу.

— Охо! Чорт десе, баатыр баланын жашынан өйдө билет турбайсыңбы? Қана, мындан ары мага жардамдаш болосуңбу? Байкеңдин астында убаданды бересинби?

Башкарманын сөзү Қычанды толкутуп жиберди. Ыргып туруп, оң колун маңдайынан жогору көтөрүп, пионердик сөзүн айтты:

— Дайым даярмын!

— Азаматсың, чо-орт десе!

Инисинин чечкиндүүлүгүнө Бейшеке ыраазы.

— Силер, Павлик Морозовдун ишин улантабыз, колхоз душмандары менен Павликтей күрөшөбүз деп, өзүңөрдүн сборуңарда убада бердиңер беле?

— Бергенбиз! Убаданы Тенти агайга бергенбиз.

— Жакшы. Убадаңарды кандай аткарып жатасыңар?

— Кана, айтчы?

Кычан жооп таппай кызарып, жер тиктеди. Баланын башына чекчейтип кондурган аппак көрпө тумагын шырдакка алып коюп, «өйдө кара» дегенсип, Ызакул ээгинен жөлөдү:

— Колхозго пикири жаман адамдарды билесиңби? Билсең кимдер? Ачыгынды айт, чорт. Павлик сенден кичүү кезинде эле салт-санаасы бузуктар менен кармашкан турбайбы?

Кычан чыйрала түштү.

— Ачык биле элекпиз. Майрык эски молдо. «Силердин колхозуңар, тапандар, жаңынын шумдары, шайтандын шапалагы, акыр заман, такыр заман деп бизди тилдеп эле калат. Анан... Кампачы Капсалаң, үйүндө жүргөн менин жолдошум Керезди, а түгүл балбан Жумалыны малайындай жумшайт. Биз барсак жек көрөт. Чыт курсактар дейт. Тенти агайыбызды жамандайт. Анан дагы бир кыйла сөз айтууга ниеттенип мукактана калганда, Бейшеке үзүп кетти.

— Мына, Ызакул, көрдүңбү? Тунук суу ылайдан дароо эле ирийт. Булар тунук, мен да сага ушул адамдар жөнүндө эскертейин дегем. Майрык молдо тилинен мээсине дейре динге ууланган киши. Аны акилесең да агарта албайсың. Капсалаң болсо манаптын тукуму. Ашынган митайым. Бекеринен элге алынып жүрбөйт да. Аны колдогон Тейитбек деген жээни болгон. Бети ачылып, кесилип кетти. Сак бол. Жаңы келипсиң, тыяк-быягыңа чыгып, жойпуланып жаткан чыгар.

Кычан жантыгынан жата калып, айтылгандардын баарысын жаттап алууга тырышты. Ушундай эле сөздөрдү өгүнү Тенти агайы атасынын устаканасында ушул эле башкарма Ызакулга эскертпеди беле. Ызакул анда Тенти менен уруша кеткен. Эми Бейшеке байкесине эмне дээр экен? Майрык, Капсалаң чын эле коркунучтуу немелер го?

— Болуптур, Бейшеке! Эскерткениңе ырахмат, көрүшө жатарбыз. Кычан иним, жолугушуп туралы, ээ? Мугалимиң Тенти менең сүйлөшөмүн. Анын убадасы көп. Макулбу? — Томпойгон оозунун үстүндөгү түксүйгөн калың мурутун чыйралтып, Ызакул көзүн кысып койду.

## ТЕНТИ АГАЙДЫН САБАГЫНДА

Баштооч мектептин эң жогорку классы Кычандар окуган үчүнчүлөр. Төмөнкү эки класстын балдарына бой көтөрүшүп, көпчүлүк иштерин тейлештирип, өзүлөрүн кадыр-барктуу сезишет. Мектеп башчысы Тенти Албанов кубакай жүздүү, сулуусымак комсомол жигит. Үчүнчүнү өзү окутат. Анын салмактуу үнү ар кимисинин кулагына жагымдуу. Түшүнүктүү, кызыктуу сөздөрү жүрөктөрүндө эрийт. Бүгүнкү сабакта өтүлгөн «тап» жөнүндөгү Тентинин аңгемеси балдардын кыймылын жандандырды. Адегенде түндөй күңүрт досканын бетине аппак бор менен «тап» деген сөздү бадырайта жазып, түшүнөсүңөрбү дегендей окуучуларга бурулду. Алдында олтурган Кычан колун көтөрүп, «мен айтам» дегенсип тура калды.

— Тап деген сөздү бир нерсени жоготкондо, же табышмак айтканда жообун тап деп айтат.

Туура дегендей жоодураган балапан көздөр Тентиге кадалды. Эгер жалган айткан болсо: туура эмес, мен айтам дешип чуру-чуу түшүшмөк. «Тап» сөзүнүн түшүнүгү жалпысына бирдей жөнөкөй гана мааниде жеткенин байкап, Тенти мандайында жообуна ыраазы болгонсуп, оттуу көздөрүн ойноктотуп жоодурап турган Кычанга олтурууга уруксат этти.

— Тап күрөшү дегенди билесиңерби?

Туш-туштан бытыйган колдор көтөрүлдү. Кычан «тап» күрөшүнүн эмне экенин түшүнсө да, өзүнүн «таптын» башка маанисин байкабай айтып жибергенине уялып, башын салаңдатып парта тырмалады. Экинчи жолу обдулуп турганы менен, балдар ага мүмкүндүк бербесин түшүндү.

Тал-талынан өрүлгөн чачтары эки мүрүсүнөн салаа-салаа эңилип түшкөн, эскирип калган кызыл баркут бешмант кийген, бетинин оту анардай кызыл нур жамынган Асылкүл уяң үнү менен жооп бере баштады:

— Тап күрөшү деп, байлар менен жардылардын нааразылашып, урушканын айтабыз.

— Туура. Туура.

— Азамат Асылкүл,— деген жаңырыктар классты көтөрдү. Асылкүл ушул мектеп турган К. колхозундагы Ысак дегендин кызы. Тенти карандашынын учу менен партаны тыкылдатып, балдарды тартипке чакырды. Кычан «жаман» коёт го деп шектенди, алдыртан агайынын кыймылын байкады. Куду Бейшекеникиндей селкилдеген чачын артын карай жапыра сол манжалары менен салаалай сылап, Тенти түшүндүрүүгө кириште. Адегенде кыргыз тилинде бир эле сөздүн бир нече маани берерин эскертип, жанагы эле тапты мисалга алды. Кычан бир аз серги-

лендей түштү. Ондонуп олтуруп, агайынын аңгемесине кунтун койду.

Таптын саясий маанисин айтып, негизинен бири бирине карама-каршы, элдешпес эки таптын жашап келгенин далилдеди. Биринчиси — эзүүчүлөр — байлар, экинчиси — эзилүүчүлөр — жардылар. Байлар дайыма жардыларды адам катары баалабай, кулга айландырып, кордук көрсөтүп эзгенин, революция жеңген биздин СССР өлкөсүндө гана жардылар теңдикке, эркиндикке жеткенин баяндады. Анан балдардын өзүлөрүнө суроо берип, жандуу аңгемелешүүнү улантты:

— Кана, Кычан, айтчы, илгери ата-энең ушундай мектептен окуй алышканбы?

Экинчи жолу агайынын сураганына кубанган Кычан ого бетер жеңилдене түштү:

— Жок, түштөрүнө да кирбептир.

— Эмне үчүн?

— Байлар отун алдырып, от жактырып, мал бактырып, анан кылдай күнөөсү үчүн жазалап сабачу экен. Өзү каалаган жакка карыш да кете албаптыр.

— Кандай кишилер окушуптур?

— Дүнүйөсү көп байлардын балдары.

— Аларды кимдер окуткан, Атай, сен айтчы.

«У» дан башкага унчукпоочудай эрдин чормойтуп, бүтүгүй шишимек көз, кара тоголок дулдугуй Атай тура калды:

— Азыркы Майрыктай ачуулуу молдолор пара алып, уруп, сөгүп окутчу экен.

— Алардан окуган балдар кандайча билим алып чыгышкан?

Кычан ордунан козголду:

— «Кулкулдабат, куркулдабай жөн жат» деп өлгөн кишилерге куран окуганды үйрөтүптүр.

Балдар аягын айттырбай эле жапырт дуу күлүп жиберишти. Класс ичи шат күлкүгө термелди. Бир маалда чыйылдаган Керездин үнү чыкты.

— Байлар жардылардын акысын бербей, уруп, тилдеп, ачжыланач азап көрсөтчү экен.

Тал-тал чачын сеңселтип Асылкүл шандуу ордунан көтөрүлдү:

— Кыргыз кыздары менен аялдары мал катары сатылган... Окумак түгүл, элдин арасына келүүгө тыюу салыныптыр.

Балдардын өтө берилип аңгемеге аралашканына курсанттанган Тенти суроону башка жакка бурду.

— Азыр эскинин жолун жолдогон, жаңыны жактырбаган, колхозду бүлүндүрүп жаткан адамдар барбы?

Класс ичи бир азга жымжырт дүлөй боло түштү. Эми эле

шатыратып куюп турган жамгыр тып токтой калгандай, дуулдаган класс ичин тунжураткан тынчтыкка баарысы бири бирин элендей карашты. Кычан кылчайып тыяк-быягындагы парталарда мелтиреп олтурган жолдошторуна карады. Атай ителгини көрүп, бадал түбүнө бөжөйүп жата калган көёндон бетер бүкчүйүп партага өбөктөптүр. Керез ызакор чекир көздөрүн жалжылдатып, улам ыкыс берип, сөөмөйүнүн башын соройтуп, кайра мурдун жанып, шор тартып ала чакмактайт. Асылкүл менен бир баланын кылтыйтып көтөргөн колун көрүп, Кычан ордунан ыргып турду. Тенти дагы ким айтат деген кыялда, калгандарынын кыймылын байкап олтурган.

— Агай, андай адамдар бар!

Класс кайрадан жанданды.

— Кычан Жакып уулу туура айтат,— деди Тенти Албанов угумдуу үнүн көтөрүңкү созуп. — Ырас, байманаптар, кулактар, помещиктер, капиталисттер тап катарында талкаланып жоголгон. Бирок алардын куйруктары тазаланып бүтө элек. Биздин өлкөдө карама-каршы таптар негизинен жоюлган. Жумушчу, дыйкан деген дос, максатташ эки тап жашайт. Жумушчу — өнөр жайда, завод, фабрикада, шахталарда иштеген адамдар. Дыйкандар — силердин эне-атаңар. Алар бирин бири эзишпейт, кордошпойт, жардамдашат, колдошот. Түшүнөсүңөрбү?

— Түшүнөбүз, дагы айтып берсеңиз.

— Элдин арасында кой терисин жамынган карышкырлар жашырынып жан сактап жүрүшөт.

Чыңкылдаган бирөөнүн үнү Тентинин сөзүн үздү.

— Ал эмне деген, агай?

— Кой терисин жамынган карышкыр дегеним — байманаптын тукумдары ар түрдүү амалдар менен «кедеймин» деп жашырынып, кээде чоң кызматка орношуп алышып, эл ичин бузуп жатышат. Мына ошолорду айтат.

— Торпоктун терисин жамынган түлкү да бар,— деп бирөө ордунан кыйкырды. Бир-бирин кубаттаган азмаз кыска күлкүлөр чыгып, кайра басылды. «Тынчтанып, угуп тургула» дегендей Тентинин карандашы партаны дагы бир жолу тык-тык чертки леди.

— Кой терисин жамынган карышкырды, же силер айткандай, торпок терисин жамынган түлкүнү кой же карышкыр, торпок же түлкү экенин ажыратуу өтө кыйын. Алар түрүн өзгөртүп алышкан. Анын баскан изин, чайнаган тишин, караган көзүн ар убакта байкоо керек. Эгер андайларды жолуктурсаңар, колхоздун башкармасына, мага айтып тургула. Мен күзүндө айтып берbedим беле. Павлик Морозов деген силер менен жашташ, класташ пионердин баатырдык иштери эсиңерде барбы?

— Бар, бар,— дешип балдар иретсиз чуулдашты.

«Павлик Морозовдун баатырдык иши» деген сөздү Қычан бир нече ирет жүрөгүндө кайталады. Токтоно албай кетти:

— Агай, өлүп калса деле баатыр болобу?

— Анан эмне,— дешип түшүнсө, түшүнбөсө деле тийиштик кылып торой сүйлөгөн үндөр чыкты. Атай жапыз кабагын чытып, калың эрдин чормойтту:

— Мен да түшүнбөйм. Федя деген иниси экөө өлүп калды. Энесине жаман болбодубу?

Артта олтурган болук кара бала баарысын жактырбагандай, колун серпип сүйлөдү:

— Баатыр деген Манастай, душмандын башын кесип, канжыгасына байланат да. Чоң атасы менен өз атасы кулак экен. Алардын кылмышын айтып, каматып ийгенге кантип баатыр болсун.

Тенти ар түрдүү деңгелде түшүнгөн окуучуларын жылмайып, жол-жол кара костюмунун жакасынын тешикчесинен майда күмүш чынжыр өткөрүлүп, төш чөнтөгүнө салынган саатын алаканына алып карап көрүп, чыгууга камынып журнал, китептерин жыйнаштырды.

— Убакыт болуп калыптыр. Тарагыла, эртеңки сабакта Павлик Морозовдун баатыр же баатыр эместигин түшүндүрүп берем.

— Азыр эле айтып бериңиз,— дешип, балдар класстан кеткилери келбей, парталарынан козголушкан жок. Бирин-серин китептерин жыйнаштырып, китеп каптарын асынып, кийимдерин кийинишип жөнөөгө камынгандар, кайрадан парталарына олтурушту.

Мөмөдөй жайнаган жүздөрдүн назарын сындырып, кол шилтеп басып кете берүүгө Тентинин тарбиячылык мүнөзү мүмкүнчүлүк бербеди. Балдарга агалык сүйкүм менен кайрылды:

— Ар киминер баатырдыкты ар башка түшүнүп жатасыңар. Биздин өлкөдө баатыр деп, элдин, мекендин, партия менен өкмөтүбүздүн жалпы иши үчүн жанын, канын аябай күрөшүп, коомдун өнүгүшүнө жолтоо болгон жоруктардын бетин ачып, ниети кара душмандарды жексен кылып, алга дагы бир жаңы кадам жасоого мүмкүнчүлүк туудурган кишини айтабыз. Павлик Морозовдун чыныгы баатырдыгы ушунда: ал өз башынын эмес, элдин, жаңыдан чыңалып келе жаткан колхозунун кенже уулу — пионердин кочкул галстугунун сыймыгын булгабады, таза тутту. Колхозду бүлүндүргөн кулактарды жашырып, аларды тымызын колдогон, советтик кызматкерлерге кыянаттык жасаган өз атасын колхоздун душманысың деп бетине айтты. Уруп-согуп куугунтуктаганына карабай, атасын так кылмыштуу ишинин

үстүнөн карматты. Коркунучтуу душманынан кутказган эр жүрөк, адилет баланы бүтүн колхоз, колхозчулар жакташты, сыймыктанышты, алкыш айтышты. Павлик өзүнүн кичинекей инисин, досторун көрөгөчтүккө, тайманбастыкка үйрөттү. Павлик августтун үчү күнү иничегин эзэрчитип алып, токой арасында эч нерседен капарсыз жемиш терип жүргөн эле...

Тенти аңгемесинин аягын чоё таштап, класска көз чаптырды. Мөлтүрөгөн мөмө жүздөр эч дабышсыз Тентиге гана жоодурай умтулуп калышкан. Кычан Жакып уулу баарынан өзгөчөлөнүп көрүндү. Ал ордунан обдулуп партага көкүрөгүн каптап, чыканагын такап, кош муштумун түйүп жаагына тирөөчтөптүр... Көздөрү адаттагыдан эки эсе чоңойгонсуп бажырайып, жүзүн жалын чачып, эриндери сүйлөп жаткан кишиникиндей ачылуу. Тенти кунтун койгон балдарынын илебин кайтарбоо иретинде эки-үч күрсүнүп, аңгемесин улады:

— Мурунтан эле ыгын келтире албай ызырынып жүргөн кулак, көркоо чоң атасы, мыкаачы хулиган кичи уулун ээрчитип балдардын артынан токойго барат. Арамзалык менен эркелетимиш болуп туруп, канкор уулу экөөлөп эки небересин бычактап өлтүрүшөт.

Колхозчулар кара ниет мыкаачы — колхоздогу уюшкан кулактардын уюгун таап талкалашып, эр жүрөк балдардын өчүн алышты.

Пионер Павликтин даңктуу иши тез эле бүт өлкөгө жайылды. Тарыхтын бетине жазылды. Энеси Татьяна хулиган күйөөсүнүн запкысынан кутулду. Эр жүрөк, ак ниет балдарды төрөп, өстүргөн энеге партия менен өкмөтүбүз сонун шарттарды түзүп берди. Крымга, Артекке көчүрүп барды. Павликтин эстелигин тургузууга, окуган мектебине, колхозуна Морозовдун атын коюуга токтом чыгарды. Бардык жерде пионер отряддарына, звенолоруна анын ысмы берилип жатат. Бул баатырлыкпы жокпу?

— Баатырлык! — деген жаңырыктар көтөрүлдү.

Кычан баарысынан катуу кыйкырды.

## ОЮН

Кычан класскомдукка дайындалгандан бери мектептен, Тенти агайынын жанынан чыккысы келбейт. Тентинин баскан-турганын, сүйлөгөнүн, ал гана түгүл ууртунан жылмайып күлгөнүн үйрөнүп, так ошондой болууну самайт. Класстагы кыбыраган кыймылдан өйдө агайына жеткизип, анын тапшырмасын балдарга айтып келүүгө, аткарууга шашылат. Тенти Албанов чоң танаписте кабинетинде чыкырып жатат дегенди угуп азоолок коопсунду. Бирок классында эч кандай тартипсиздик болгон

эмес. Шыдыр кирип барып, Ызакул, Бейшеке — үчөөнүн баш кошуп олтурганынын үстүнөн чыгып, кызарып уяла түшсө да, көздөрү күлүндөп жагалданды. «Авторитеттүү чоң адамдар мага кандай кеңеш айтууга чакырышты экен».

Тенти Кычанга орчундуу маселе айтты.

— Оюн коёлу деп жатабыз. Ызакул колхоздогу сабаттуу, таланттуу жаштардан беришмек болду. Колхозго жашырынып кирген манап, молдо, эркиндик алган кедей жигит, анын колуктусу, тап душмандарынын бетин ачып, колхозго жардам берген мектеп балдары болуп ойной аласыңарбы? Класстагылар менен кеңешип көрчү, Кычан?

«Эмне дээр экен» деген пикирди ичинде сакташып Ызакул менен Бейшеке үнсүз жообун күтүштү. Кычан көп ойлонуп турган жок.

— Ойной алабыз. Алардын сөздөрүн кантебиз?

— Сөздөрү менде даяр.

Чындыгында бул Тентинин өзү тарабынан жазылган пьеса эле.

— Анда бүттү, агай.

Агайынан уккан кубаныч жүрөгүн туйлатып, текилдеген бойдон класска келип, окуучуларга сүйүнчүлөдү. «Социалчыдан» өзү менен келүүчү эки жолдошун ролго жазды. Кабагынды түтүрөйтүп, оозунду чормойтуп, күпүлдөп ачуулансаң манапка окшошуп кетесиң деп, Атайды бай болуп ойноого тапшырды. Керездин чычалап качканына карабай молдолукка, өзүн мурун манаптын кол алдында жүргөн жигитке шыйгарды. Кедейдин колуктусу, байдын мурунку токолу Гүлайым болуп ойноого жалгыз Асылкүлдөн бөлөк ылайыктуу кыз табылбады. Асылкүл анчалык кыйыктанган жок.

— Апам чатак салат. Агайга айткыла,— деп эскертти. Эртеси роль аткарууга жазылган балдар сабактан кийин мектепте калышты. Тенти баарысын үчүнчү класстын комнатасына олтургузуп, оюндун сөздөрүн окуп берип, тааныштырды. Окуя Октябрь революциясынан азоолок мурунураак башталып, жаңыдан колхоздошкон бир айылда бүтөт экен.

— Тенти ар кимисинин сөзүн бөлүп жаздырды. Жаттап кубултуп сүйлөй тургандыгын, сакал-мурут, кийим-кече даярдоонун керектигин эскертти. Күнүгө мектепте сабак аяктагандан кийин өзү репетиция жасатууда... Ар бири өзүнүн сөздөрүн жаттай башташты. Атай кара эчкинин терисинен жайкалган кара сакал, чычайган мурут жасап, курсагына жаздык төшөп, кемер кур курчанып, суусар тебетей кийип, колуна камчыны бүктөй кармап, кабагын түйүп каарданып, чын эле манапка окшошту. Алгачкы күнү кедей жигитке күпүлдөп бир тийип, камчы менен

чала-була бадыратып сабап калганда, Қычан муштумун көрсөтүп, Атай менен уруша кетти:

— Аста сүйлө, акырын чап. Болбосо сонунду көрөсүң!

— Бул оюн. Роль аткарып жатканыңды түшүн. Өзүң тартип бузсаң, башкалар кантип ойнойт деген, акыл-насаатын айтып жатып, Тенти зорго көндүрдү. Қычан үй-үйдөн издеп жүрүп көк эчкинин чычаңын таап келип, Тентинин жардамы менен Қерезге сакал тагып, Майрыкка окшотушту.

— Майрык жездемдин досу, аны туурабайм,— деп кежирленди Қерез. Тенти агай:

— Сен антпегиниң. Молдо бизге дос эмес. Қоркпогунун. Алар элди алдап келген, алдап жатышат. Биз алардын аныкжүзүн ашкерелеп ачалы,— деди.

Оюнду даярдап жатканда, өзүлөрүнөн бөлөк кишини баш бактырып коюшпайт. Балдар терезелерден, эшиктин жылчыгынан шыкаалашып, көздөрүн кызартышат. Оюн коюп жаткандар жөнүндөгү кабар эки колхоздун адамдарына таркап, алардын көңүлдөрүн дүүлүктүрдү. Тезирээк көрүүнү самагандар андан көп. Бир күнү үйдө жездеси Қапсаландын жоктугунан пайдаланып, эжеси Қаным кызыккан соң, Қерез эчкинин чычаңынан сакал тагынып, башына ак жоолуктан селде оронуп, молдону туурап ойноп берди. Қаным боору эзилгенче күлүп, бөбөгүнүн өнөрүнө жарпы жазылды. Ошол учурда Майрыкты ээрчитип Қапсалаң үстүнөн чыкты. Қерез менен Қаным кантээр айласын таппай үрпөйүштү. Шалдыраган тиштерин кычыратып, чүнкүйгөн көздөрүн акыландатып, жакасын муунта кармап, ышкырынды Майрык:

— Ой тобо! Шайтан... Көрдүңбү... тирүүлөй кордук... жеке эле мектебинде эмес, сенин үйүңдө, катыныңдын кашында кудайдын жолун жолдогон мына мени маскаралап жатканын көр. Динден чыккан каапырыңды көзүмө көрсөтпө, жогот!

Қиленденген Қапсалаң Қанымды ыргыта тээп, Керезди чыркыратып апчып ыргытты. Анын башындагы селдесин жулуп, төбөгө койгулап... Ээгиндеги чапталган чычаңды үзүп отко салды.

— Экинчи жолу Қычан аттуу желмогуз баланын жанына жолойт экенсиң, эже-межең менен мууздайм,— аюудай кышылдап, экөөнү тең эшикке кубалады. Эртеси сууга түшкөн чычкандай шүмтүрөп, көзү чычаладай кызарган Қерез молдо болуп ойноодон караманча качты.

Асылкүлдүн апасы тырмактай кызын илгеркилердей уяң, сыртка чыгарбай түнт өстүрүүнү каалаган, наздуу аял. Айласы жоктон гана мектепке берген. Былтыртан бери жакшы окуп, сыйлык ала коюп жүргөнгө болор-болбос жумшарып келаткан. Айыл-ападагылардан кызын жигит сүйүп, манапка токолдукка

тиет экен деген сөздү укканда оолугуп токтоно албады. Сабак жүрүп жаткан мезгилде Тентиге келип көбүрүп-жабырып урушту:

— Силер кызымды окутпай эле бузганы жүргөн экенсинер. Эр эрдентип жатыпсыңар. Тим эле бар эмеспи, өлбөгөн жерде калышам. Эркиндик заманда менин тилимди эч ким кесип албайт. Чоңдорго барам. Окутсаңар жөн окуткула. Ойнуңарга жибербейм. Болбосо окуудан чыгаргыла!

Туш-тушунан жабалактаган балдардын сөзүн укмак турсун, аркырап жаман-жакшы сөздөрүн агытты. Калчылдап корккон Асылкүл көзүнүн жашын көлдөтүп, сөз айта алган жок. Тенти кабинетке барып, өзүбүзчө сүйлөшөлү десе, алкынып-жулкунуп такыр көнбөдү. Арга түгөнгөн соң:

— Кечириңиз, Тырмактай жеңе. Асылкүл оюндан чыксын. Окуусунан калтырбаңыз — деп, жылуу-жумшак сөзү менен жайлап зорго узатты. Керезге канчалык акыл айтып, кайрат бербесин, себебин айтпастан бакырып ыйлап:

— Молдо болуп ойнобойм. Түшүмө кирип, өлтүрөм деп коркутту,— деген жалган жоопту айтты. Бул сөздү жүрөгүнүн сары суусун алгандан кийин Капсалаң үйрөткөн. Эгер бизди урду, акыл үйрөттү деп айтат экенсиң, тирүүлөй соём деп коркуткан. Экеси Каным жатаарда, эртең менен да окуусуна жөнөтүп жатып ыйлап туруп, жалынып-жалбарган:

— Жездеңдин айтканын орундатпасаң, экөөбүздүн күнүбүз бүттү. Ошент, каралдым.

Бармактайынан Капсаландын муштумунун астында жалтак, коркок болуп чоңойгон Керез Кычанга да, агайы Тентиге да ички сырын айтпады. Кычан Керезди иши кылып оюнга тартууга тырышты:

— Үнүң ичке эмеспи. Анда кыз Гүлайдын ролун аткар. Сенден башка ылайыктуу эч ким жок.

— Жарайт. Балдар шылдың кылышпаса эле болду... — «Бир балаадан араң кутулсам, экинчисине таңасың» дегендей, чыйылдап Кычанды мурчуюп карады. Тенти ээгин кесе тиштенип, ойго туткундала түшкөн Керезге:

— Сен, пионерсиң. Айтпай жатасың. Бирөө коркутуп койсо керек. Эгер түшүңө кирсе, ага ишенбей эле кой,— деди.

Жылчык таппай турган Кычан жиреп кетти:

— Бул чын, агай. Капсалаң жездеси жанчып майлап койгон эмеспи.

— Ооба, көрүп тургансып калп айтасың,— Керез эчкирип баштагысынан катуу шолоктоду. Бир жагынан өпкөсү көөдөнүнө батпай солуктаса, экинчиден — мурдун шор-шор удаа-удаа тартып, өзүн-өзү кыйнады.

Күндөрдүн биринде Капсалаң калдая тартып, Ызакулга атайылап назарын салып өтүндү:

— Башкарма аксакал, Тенти молдо балдарга шумдукту үйрөтүп жатыптыр. Жүрү, бастырып барып көрөлү. Ата-бабанын салтын, элди маскаралайт имиш.

Ызакул көмүр мурутунун учун шадылуу колу менен бурап-бурап чычайта чыйралтып, балдардын оюнунун кызыктуулугун айтып берди. Капсалаң ого бетер:

— Кыргыз кыргыз болгону кичине-чоңду туурап, жокту бар кылып көргөн журт эмес. Бул бир укмуш. Муну көргөзбөсөң болбойт, аксакалдап,— акидей асылып жатып Ызакулду мектепке ээрчитип келди. Тенти даярдалып бүтмөйүн жанга көрсөтүүгө мүмкүн эмес деп аттатпай койду. Капсаландын жылдызы жерге түшүп, үшкүрүгү таш жарды; аргасы түгөнгөндө:

— Өз балдарыбыздын өнөрүн кызганасызбы. Айтканыңызды эки кылбайын, молдоке—деп, Тентиге жалына баштады. Аягында Ызакул да кадырын сатты:

— Кампачынын милдетин алып, атайын ээрчитип келдим эле. Шагымды сындырба. Кур дегенде бир эле көрүнүшүн көрсөтүп кой.

Тенти балдарына барып, аяк жагынан аз гана үзүндү аткарууга камдады да, башкарма менен кампачыны чакырды. Капсалаң майланышкан кир мурутун аймай сугунуп, богогун салаңдатып, көрпө ичигинин кош өңүрүн түрүп, астына комдоп, жөрудай локуюп, оюнчулардын маңдайына олтурду. Бир маалда көшөгө жыйыла түштү эле, куш жаздыктуу жууркандын үстүндө оонап жаткан казысы кучак кара сакал байды, анын жанында бүжүрөп олтурган жаш келинди көрдү да, коңк этип жанындагы Ызакулга бурулду.

— Атаңдын көрү, керилген кайсы бай?

Ызакул муруттарын чачыратып күлгөн болуп, жооп кайтарбады. Аңгыча алиги бай чойтойтуп мукур бутун сунуп:

— Тарт дейм, токол! Бол бачым! — деп маасысын чечтирип калды. Капсаландын жарпы жазыла түштү:

— Баракелде, Тенти молдоке! Беркиси куду эле салабаттуу бай, тигиниси болсо итейип токолдун өзү.

Артист-балдарынын кыймылына тикирейген Тенти Капсаландын сөзүн укса да укмаксан.

Заматта сырттан тарс-күрс кыйкырык, ызы-чуу угулуп, байдын төшөгүнүн башын тепсеп союлчан, камчы, кылыччан шымаланган бир кедей жигит кирип келди. Кер мурут кедей ызырынып, байды курсактан ары эки-үч тээп, жакадан алып, ордунан тургузду. Тоголонгон күчсүз, алсыз байкуш бай колго түшүп калчылдаганда, Капсаландын да зээни кейип ичиркене түш-

түү. Жарды жигит токолдун көз жашын сүрткөнчө, бай төкөрөңдөп айкырып качырып калды. Кедей жигит кайрылып туруп, кылычын кынынан сууруду:

— Сасыган көркоо! Казынды жарам. Жарды-жалчынын теңдиги колуна тийгенин билбейсиңби? Сенин көзүңдү тазалаймын. Көтөр колунду!

Капсалаң селт чочуп, жүрөгү болк этип, өңү кумсарды. Тишин кычырата чайнап, кетенчиктеди. «Акыр замандын балдары деген ушул». А кедей-уста — Жакыптын Кычаны экенин үнүнөн, шок көзүнөн тааныды. Ызырынып обдулганда көшөгө жабылды.

— Атаңдын көрү чолок этек устанын чыт курсагы, кошулташыл кылып оюңдагыңды оттоп кордогуң бар ээ... Сен бооруңду көтөргөндө соо койбойсуң, шашпа, чыт курсак. — Угузаар угузмаксан богогунан күңкүлдөп илең-салаң козголуп, чоң ичигинин өңүрүн кагымыш этип, бул «укмушка» өз жакасын куушура кармады.

— Ээй, Тенти молдом, балдарды минтип жүрүп бир балаанын ичинен чыгарасың. Мынча болду, калган-катканын да көрсөк болбойт беле!

Тенти калганын азыр көрүүгө мүмкүн эместигин эскертип, экөөнү ээрчитип баратып:

— Эмкиде эл менен кошо башкасын көрөсүңөр,— деди.

Капсалаң Тентиге баштагысынан да катуу жинденди. Мектептен узап бастырганда, Ызакулга анткорлоно минтти:

— Башкарма дейм, бирдемени байкадыңбы. Тенти маалим экөөбүздү аябай шылдыңдаптыр. Жанакы кедей болуп ойногон баланын муруту, басканынан өйдө куду сага окшоштуруптур. Ушунусу уят эмеспи.

Ызакул анын сөзүн торгой, бакылдады:

— Жанагы токолуна маасысын тарттыртып чечтирген манап аркылуу сага сөз тийгизди белем.

Капсалаң камчысын бүктөп, өз ичигинин этегин топтоп чапкылай:

— Менде эмненин манабы? Совет өкмөтүнүн аркасы менен, активдикке аралашып жүрөм. Өзүңдүн көзүңдүн түзүндө канжанымдын бакисин ортого жумшап атам го. Сен райондун улуктарына айт, Тентини эмнеге жиберген бизге? Элди агартсын, көгөртсүн дегенби же бузсун дегенби?

Ызакул атынын шайбырын арбыта теминди:

— Ошондой, ошондой, ойлонуш керек...

* * *

Мектептин кенен көмүтүндө тегерете олтурган эл. Алдыңкы катарда: Ызакул, Капсалаң, Майрык, Жумалы, Жакып, Турдукан баштаган аял, эркектер. Тенти алардын бет маңдай тарабындагы ачыктан баш бакты:

— Урматтуу аганиндер! Өзүңүздөрдүн балдар даярдаган оюнду баштоого ырайым этиңиздер!

Эл арасынан үндөр:

— Тилегиңерди берсин!

— Теңир жалгасын!

Өтө кичинекей кыз жетектеген, улам кийинкиси кырдуурак тарткан балдар биринин чыканагынан бири сүйөп, колдун жана буттун бирдей термелген кыймылы менен «паровоз» бийин бийлешип элдин алдынан эки мертебе кыдырата өтүп, олтургандардын бет алдына кыдырата тизилишти. Алардын арасынан бир тобу ортого суурулуп чыгышып... Кычан, Асылкүл менен, Атай, Керездер кол кармашып тегеренип, Тенти өзү кошо бийлей башташты. Алардан көз айырбай үксөйгөн көпчүлүктүн арасынан ар кыл үндөр угулууда:

Жакып: — Бали, балдар!
Турдукан: — Айланайындар!
Майрык: — Лай-лава, парпардигер,
Не деген шумдар!
Жумалы: — Жашабагырлар!
Капсалаң: — Жалчыбагырлар!
Көпчүлүк: — Теңир жалгагырлар!

Тенти ортого чыгып, канатын жайып доошун шаңдуу созду:

— Балдар, хорго, хорго!
Оңго, солго! Сңго, солго!

Балдар тооктун балапанындай буттарынын башы менен бөжөңдөп жетишип, мугалиминин эки канатынын астына тизилишти.

Астында: Кычан, Асылкүл, Атай, Керез.

Тентинин чачын селкилдетип, колду серпип дирижёрлук кылганы айрым кары-картаңдарга тизилген монтогойлорду сыйкырдап ырдатып жаткандай туюлууда.

Мына, толгон-токой жеткинчек Асылкүлдүн шыңгыр үнүн эзрчип, бир адамдай сөздү даана айтып заңгыраштыдейсиң... Мектеп ичи жаңырып, олтургандарды кошо толкутууда:

Хор: Өмүрүң сайран
Жагоону байлан!

Келечек күтөт
Кучагын жайган!
Кайырма: Айга, Күнгө!
Канат күүлө!
Коммунизм!
Биздин мүдөө!

Чыңалсын денең
Эмгекте кенен!
Жалтанбай кармаш
Жаттар менен!

Кайырма: Айга, Күнгө
Канат күүлө!
Коммунизм
Биздин мүдөө!

Шаңданып ырдап,
Окууну чындап,
Ленинчил жаштар
Өсөбүз жыргап!

Кайырма: Айга, Күнгө
Канат күүлө!
Коммунизм
Биздин мүдөө!

Эл: — Өмүрлүү болгула!
— Көгөрүп толгула!

Молдо (Майрык):
— Шайтандын шапалагы!
Капсалаң:
— Тентинин тапандары!
Көшөгө жабылды. Балдар нары житишти...
Кычан молдодой селде чалынып, сакал тагынып, асамуса таянып, анда-санда жакасын тутамдай, сүйлөй чыкты:
(Анын ким экенин көбү айыра тааныбады).

— Як алла, мен эски молдо,
Жинденемин жаңы жолго!
Кеңештин таалими
Кирбейт ойго!

Астыртан бузайын
А кудай, колдо, колдо!

Эл ичинен күлкү.
Ызакул жарпы жазыла орсолоңдой каткырып, Майрыкка каш серпти:
— А, молдоке, чорт-о-ой, ойло, ойло!
Майрык аса-мусасын жаңсап башын соймоңдотуп чөк түшкөн боюн жаза, далпаңдай айкырды:

— Парбардигер! оңбо, оңбо,
Сен, сен, Тенти молдо!

Тенти нары жактан салмактуу жана жекире жай унчукту:

— Сабыр эт, эски молдо, андан көрөк ниетиңди оңдо!

Асылкүл бөртмө жоолукту үлпүлдөтө салынып жорголой бийлеп, ортого чоюла басып келди:

— Мен баштагы күң
Эркинмин бүгүн!
Ырдасам күлсөм,
Шаңдуу чыгат үнүм!
Эмгекке, окууга кыз, келин,
Билекти түрүн!
Кызыл камчы эркектер,
Ичиңен күйүн!
Залкар жигиттер,
Бизди коштоп сүйүн!
Азаттык, жыргал,
Бейкут, достук үйүң!

Ал шоодурап бийлеген жагына кайрадан сызып кирер замат быжыгыр кара сакалчан Кычан кайта Капсалаңга окшошуп чиренип көшөгөнүн нары жагынан бери басты.

— А... Мен баштагы манап,
Оңолдум деп элди карап,
Актив болуп аттанып
Алып жүрөм жаңы сабак.
Кээде буулугуп кетем
Мурдагымды самап!

Олтургандардын шатыра-шатман күлкүсү жаңырганда Кычан элге жүгүнүп кетенчиктеди:

Капсалаң жаак-башын титиретип, ордунан тура зиркилдеди.

— Бас жаагыңды, чакылдаган түгөт! Тенти, оңбо, баланы атасына каршы бүлөп!

Майрык Жакып менен Турдуканга олунду:

— Шайтандын шапалагы уялбай бизди шакамалады! Ушунчасында тыйгыла, болбосо-о...

Жакып сен жооп айт дегенсип аялын нукуду. Турдукан жоолугунан булайган саамай чачын ичине кыстарып, ээгин көтөрдү:

— Бизден көрбөңүз, молдоке. Мектеби үйрөтүп атпайбы.

Тенти жанатан оюн көргөзгөн балдарынын сакал, мурут, селде кебин алып, монтондото өзүлөрүн колдорунан жетелеп ортого басып, үнүн сүрдүү чыгарды:

— Капсалаң, Майрык! Капсалаң, Майрык!
Чын чычалайт, элден айбык!
Жаңылыкка, тартибине коомдун
Кошулгула, эски оорудан айыгып!

— Бали! — деген коштоолор бирин-серин угулганда, Тенти чакылдатып алаканын ургулады, ага балдар, Ызакул, анан олтургандын баары, Капсалаң да кошулуп кол чаап турушту. Бул ошол айылда оюн койгондорду алкаган алгачкы кол чабуу эле.

* * *

Түн. Майрыктын күңүрт жепирейген үйүндө үчөө гана: Капсалаң, Жумалы, үй ээси молдо. Алар шыбырашып маектешүүдө... Капсалаң кооптуу оюн ниеттештерине ачык айкындоодо:

— Кыркма чач маалим Тенти бар эмеспи, баарыбыздан митаам, баарыбыздан акылдуу, баарыбыздан билимдүү каапыр. Билгиңер келсе, ал жаңы башкарма Ызакулду чукул тизгиндеп, өз колуна алгысы бар. Ызакул азыр айрык жолдун тоомунда, каякка басарын билбей орто-заар теңселип турат. Мен колхоздун башчысын кыркма чач маалимге тарттырбас үчүн жанымды үрөйм. А сил-лер-р...

Майрык да чындыкты моюнуна ала, сакалын сербеңдетип, кейиштүү жобурады:

— Азыр кыркма чачтын кадыры бу айылда менин кадырымды басып кетти. Анын окуусуна адамдын кичүүсү, улуусу дебей чак түштө ачыктан-ачык барууда. А мага түн жамынып, жашыруун дем салдырып, тумар кестирүүгө келишет. Ан үстүнө азайып да баратышат.

Жумалы бешиликтей манжаларын тарбаландатып, караңгыдан кандайдыр кыжынып абаны чеңгелдеди:

— «Ойт» деп эле койгулачы. Кимиси болсо да, мобу колум менен көз ачып-жумганча күм-жам, ким көрдү мыкчып жоготоюн...

Оуф! Капсалаң таш жарган үшкүрүгүн ышкырта берки экөөнө тең канатын бүгө өбөктөдү:

— Э-эй, замана башка-а. Жик билгизбей алдыртан бүтүрүү керек. Биздин коркунучтуу душманыбыз ким, билесиңерби?

Бүкүйүп жалпая чөккөн Майрык боюн созо чөгөлөп өйдө обдулду:

— Билбегендечи. Калаадан жиберилген кыркма чач маалим да.

— Дал өзү! — деди Капсалаң күркүрөй.

— Жайласам ээ...— Жумалы жаагын карыштыра чайнады. Молдо ийнинен солкулдап, Жумалыны кубаттай «хи-хи-хи-

леп» ыкшыды. Капсалаң ал экөөнү тең жактырбай калдайган башын чайкады:

— Э, Жумалы, лапшыйматым, сенин колуң менен эмес, башкача жайлоо керектир.

Молдо Капсалаң жакка кыйшая, кулагын тосту:

— А кантип?!

Капсалаң берки экөөнөн даражасы, үстөмдүгү чоңдугун айкындап, алардын астына өтүкчөн бутун солбуй таштап, быжыгыр сакалын салаалады:

— Бетине көө шыбоо, каралоо керек. Ызакул андан жийиркенип жаа бою качкандай болсун.

Майрык молдо маараган эчкиден бетер эрини эринине тийбей бепилдеди:

— Ооба, ооба, ооба... Жөн-жайын айтсаң, кандайча көө жабабыз?

Капсалаң коломочтонуп, мурдагысынан дагы сестүү мандаш токунду:

— Жагдайы мындай, анын алиги тири карак чыт курсак шекирттери мыногу балаалуу ортонун чарбасын залалга учуратат. А кандайча залал — ойлонуп табабыз. Анан соң биз колхозду бүлүндүрдү деп аларды айыпка жыгабыз. Тенти өзүнүн жанындай көргөн жалчыбагырларын жактайт. Мына ушинтип, колхоз менен мектептин, Ызакул менен Тентинин ортосунда жаңжал чыгат.

Майрык селделүү башын жогору силкип «кудай таала бул жорукту жактыр» дегенсип короозчо кокосун көтөрө кукулдады:

— Ох-хо-хо! Бали, мунуң акыл!

Капсалаң сөз бүттү дегендей силкинип өйдө козголду:

— Эми, олуяларым, мээңерди кыймылдаткыла.

* * *

Тенти ынтымактуу үч окуучусуна дагы жаңы эскертүү жасады:

— Майрыктын үйүнө барып тургула. Анын кагып-силккениен чочулабагыла, тажабагыла. Баласы жок кары киши эмеспи. Оокат-тиричилигине, кем-карчына каралашкыла. Отунун жарып, эшигин күрөп, сынган-бүлүнгөн буюмун кадап бергиле. Жаңы газеталарды такай жеткизгиле. Ал сабаттуу адам, эрикпей окуп, жаңылыктарды билип турсун.

Балдар кирпиктерин тикирейте бул сунушка таңыркашты. Бирок Тенти агай бекеринен эч нерсе айтпайт да. Эмне билгени бар экенин ким билет. Күдүк күдүңдөшүп макул дешти.

Тенти аларга газета тапшырып жатып:

— Чогуубу же бирден, экиден барасыңарбы, аны өзүңөр чечкиле. Ар жолуккан сайын Майрык силерге кандай мамиле жасаганын мага дароо айткыла. А окус, силер эмне эле мынчалык мага имерчиктеп калдыңар, түшүнөрдөн чочудуңарбы деп такыса, менин жибергенимди ылайым оозуңардан чыгарбагыла. Жөн эле, жаңы муун, жаштар милдетибиз боюнча, кары-картаңга каралашууга тийишпиз дегиле.

Алгачкы баргандарында Майрык газетаны да албай балдарды кубалап ийди. Анан... Капсаланга кеңешип. Керез аркылуу Кычан менен Атайды өзү чакыртты:

— Э-эф, жаңынын жапачыл жеткинчектери, карган атаңардын жинди кыялын кечиргиле. Кечээ шакыйым кармап турганда келипсиңер: — Кеткиле, жолобогула! — деген оозуман жаман сөздөр чыкты окшойт. А силердин жаңычыл салтыңарды араң түшүнбөдүмбү. Мындан ары кезитинерди алып, отун-сууга каралашып, колуңар тийген кезде келе бергиле.

Майрыктын минтип пейили оңолгондон тартып, бири бирине кыныгыша, көнө башташты. Молдо тестиерлерден терип-тепчип көп нерселерди, окуган сабак, мугалиминин билими, баскан-турганынан өйдө сураштыра берет. Негедир алардын сөздөрүнө да, өздөрүнө да үзүлүп түшүп жароокерленип, баштагы каардуу молдо караманча өзгөргөндөй. Балдарга анын кыналыша олтуруп, эч кыйыктанбай газетаны курандан бетер кыраат менен үн созуп окуганы кызыктуу, кээде нукуша боорлорун тырмай кытылдашат. Молдо фарсы, араб жомокторунан, «Миң бир түндөн» баштап, кайсы бир түндөрү таң ык салганча каш серппей коймолжуп тыңшаган балдарга мизилдетип, өзүнүн да, тигилердин да черин жазат. Майрык жаш жүрөктөрдү арбап, ишенимине кирип, балдарга «катуу достошту». Күндөрдүн биринде Ысык-Көл тараптагы барктуу адам ооруп, чакыртканын, ага барууга тийиш экендигин балдарга баяндады. Аякта аптага жакын жүрүп, кайтарында Жумалыга машыккан бүркүт ала келемин деди.

Бүркүт. Бүркүттү кондуруп аңчылыкка чыгуу, илбээсин алдыруу жеткинчектерди чексиз дүүлүктүрдү. Молдонун атын бапестеп токуп, жылуулап кийинтип, Капсалаң, Жумалы болуп үч тестиер «жеңил барып, оор келүүсүн» тилеп, сапарга шаңдуу узатышты.

* * *

Класска Тенти жаңыдан кирип учурашканда, Керез мактанычтуу чаңылдады:

— Бүрсүгүнү Жумалы балбан, Майрык Ысык-Көлдөн апкелген бүркүттү түлкүгө салмак болду.

Балдар бул кабарга дуулдашып, дагы тактап, мүмкүн болсо, бүркүт салганды көрсөк дешти. Керез айтарын айтып кубанткаңы менен, жолдошторун чакырууга батына албай, кыйпычыктады.

Тенти гана аларды тынчтандырды:

— Бүрсүгүнкү сонорго мени дагы чакырышты. Қол бош, дем алыш күн. Сөзсүз барамын. Атыңар барлар, кааласаңар бүркүт салууга кошо аттанып чыккыла.

— Барабыз!

— Атты табабыз, сонорду көрөлү,— дешип кубана жарылдашты балдар.

* * *

Эртең менен. Түн бою кымкарлата жааган жаш кар таңга жуук гана басылды. Сонорго мындай жагдай сонун — жаңы изди иликтөө оңой. Ак кардын бетинде дүпүйүшкөн атчандар тобун бузбаган чөкө таандай тоону беттей жылышты.

Тери мээлейлүү колуна томоголуу бүркүттү кондуруп, ат үстүндө далпайган Жумалыны Қапсалаң, Ызакул, Тенти, Майрыктар курчап алдыда бастырууда. Ызакулдун астында ойноктогон ак боз айгыр. Қарысы, жашы дебей айылдагы баш көтөргөндөрдүн баары атчан. Қычан жолдоштору менен тигил билермандарга куйрук улаш шыноорлоодо. Из чалууга Актан, Жакып, Майрык, аларга балдар кошулуп, бүркүтчөн Жумалынын атын желдире-жорттуда топтон үзүлө узашты.

Из кубарлар колотту өрдөп, бат эле түлкүнүн изин табышты. Қубалап олтурушуп, жар таштуу тоого такалышты. Аларга берки топтошкон ышкыбоз кара санчылар, соогат, шыралгачылар дүрдүктүрө аттардын таскагы менен жете келишти. Эми кандай айла табылат? Борчук жар таштуу тике бетке атчан бастыруу мүмкүн эмес. Жапырт камалып, Алладинче «зим, зим» десек ачыласыңбы дегенсишип аскага жалдырай кадалышты. Қапсалаң кыртышы сүйбөгөн Тентиге тийише сөз таштады.

— Бо, Тенти маалим, ыйык сонорго майда шакирттерин кошо аттантып чыгыптыр. Балким музга тайгаланбаган шамдагай балдарын ээрчитип, зооканын борчугуна жашынган түлкүнү кууп чыгаар.

Тенти анын ыксыз чагым кебине жооп кайтарууну кажетсиз ойлоп, унчукпады. Тоо-таштын сырын мыкты билген Жумалы атынан түшүп, бүркүттү колуна кондурган боюнча, мылтыкты, такыр түшүрбөс кылычын жонуна жаркырата асынып, борчуктарды аралап кеткен изди кууп өзү жөнөдү. Анын соңунан атасынын тыйганына көнбөй Қычан ээрчиди. Тырмактуу төрт аяк

илбесиндин жаш карга тегерек мөөрүн анда-мында баскан жеңил изине түшүп, заңкайган бүркүтчү менен шамдагай тестиер таштуу бетте, бирде ойкуп, бирде кайкып өйдөлөп, кээде тайгаланып жер таяна, алыстап тоо койнуна житип бара бериштн...

Мына, карагандуу сал таштын түбүнөн кылаң эте куйругун чубалжыта кулпунган түлкү атып чыгып, созолоно чоюла, чоюла кыр таянып арышын керди.

— Жумалы байке-е, мына-а түлкү! — Кычан заңылдады. Жумалы илбээсинди андан мурда көргөн. Бүркүтүнүн томогосун шыпырып, өйдө далдактата көтөрүп, качкан түлкүнү көргөздү да:

— Шыпыр, алгырым! — Колун жогору серпе учурду. Бүркүт өткүр көзүн качкан олжосунан албай канатын күүлөп, бийик көтөрүлдү. Анан күүлдөгөн дабышы менен абаны жара, типтик ылдый шукшурулуп, өлүм коркунучун сезип бултактап шаштысы кеткен айбанга болот чеңгелин матыра минди дейсиң. Ак карда эрип чуркаган түлкү бир канаты менен жер чапчып, эки чеңгелин арка менен шилиге матырып, белин омура кармаган бүркүттүн каардуу күчүнөн көзү тунарып, тырпырап кыймылсыз сулады. Бүркүтчүлөр — Жумалы менен Кычан карды матыра балтакташып заматта олжого жетишти. Түлкү болгондо дагы кылы карасынан кулпунган калтар экен. Жумалы чала жан түлкүнү мылтыгынын кундагы менен тумшукка согуп өлтүрүп, төшүн дагдайтып, көзүн кайнатып кыжырдуу кыбасы канган бүркүтүнүн тырмагынан ажыратып, Кычанга:

— Ме, көтөрүп ал,— деди.

Кычан калтарды ийнинен суналта көтөрүп арыштады. Атчандар аттарынын оозун коё бере биринен сала бири озо жапырылта жарышып, камчыларын, тебетейлерин булгалай олжолууларды кубаттап айкалашты.

Жумалы менен Кычан аларды «колунда бар бала сүйгүнчүлүктүү» тосушту. Атчандар экөөнү ортого ала тегеректешти. Капсалаң Кычанга чукул теминип, мунун чыныгы ээси менмин дегенсип өктөм:

— Кана, чандайган чыт курсак, олжоңду бер! — Колун созуп баладан калтарды жулду. Жардангандарга көргөзө, ары-бери кулпунта силке кармап, Ызакулду жандай бастырып, ак боз айгырдын каңжыгасына байлады:

— Олжонун ана башы биздин ортоктошкон айылдын кутман башчысы Ызакул башкарма, сага ыроолонсун!

— Туура, туура — көпчүлүк бүткүл ага ыраазы болушту.

Нары жактан из кубарлардын:

— Кетти эле, кетти! О Жумалы, көзүң барбы, агыт бүркүттү! — деген айкырыгы кулак тундурду. Жумалы атына минип,

бүркүтүнүн томогосун шыпырып, калдандай чапты. Ана тигил апай дөбөгө чоктой кыпкызыл түлкү жапырыла таянды. Бүркүт аны да бурчатпай аткыды. Экинчи олжону, Жумалы бапестеп буландата сунуп, Қапсаландын колуна жайкалта карматты. «Олжо-буйланын ээси сенсиң. Кимге шыйгарсаң өзүң бил».

Қапсалаң бийлигине, авторитетине корстон, мыртыгый, эттүү алакаңы менен кыпкызыл кулпунган түлкүнү аттын жалына арта салып, оң-тетири сылай, көптүн көзүн кычыштырып туруп өзүнүн канжыгасына чалды.

— Жумалы балбандын колун уялтпай байлап коёюн.

Атчандар дагы каяктан жаңы из чалабыз деп, жайыла бастырышты. О бир оокумда үчүнчү түлкүнү ызы-чуу менен балдар өрөөнгө кууп чыгышты. Жумалы кыжынып табына келген, ан үстүнө жолу ачылып кыйкырыкты улап элирген бүркүтүн талпынтып, чапкылап олтуруп, түлкүнү көзүнө көргөзүп коё берди. Аны алгыр бүркүт бат эле табылгынын түбүнө корголойм дегенде тырпыратты. Кичирээк бачики экен. Жүнү жетилип, өтө эле татынакай экен. Баарынан мурда үлгүргөн балдар Жумалынын бүркүтүнүн тырмагынан батыраак бошотуп, агайынын канжыгасына чалууга ашыгышты.

— Жумалы байке, муну биздин Тенти агайга тартуулайлы. Калгандары Қычанды кубатташты:

— Ошентели да, Жумалы байке.

Жумалы кайдыгер ийинин куушурду, балдардын өтүнүчүнө ачык жооп айта албай, өзүнүн ээлик эмес экенин туюп, кабагын тырыштыра бүркөдү. Алда кайда далпактатып жан алакетке түшүп, элдин алдында жалгыз бөлүнүп чаап келаткан Қапсаландын даңылдаган ачуу кыйкырыгы күн күркүрөгөнсүп кулакты тундурду:

— Жумалы-ы! Алдыкы түлкү айылдын аксакалы Майрыктын энчиси!

Дал ошондой болду. Балдар кыйла түйшүк менен тапкан үчүнчү түлкү Майрык молдонун ээрин көркүнө чыгарды.

Балдар өмүрүндө мынчалык ызаланып, таарынган эместир. Арга канча! Төртүнчү түлкүнү издешсечи. Балким ошол алардын сүйүктүү Тенти агайына тиер.

Қапсалаң ээринен кыңкая Жумалынын кулагына алда немени шыбырады...

Аңгыча куугунчулардын айкайы талааны силкинтти:

— Түлкү! Түлкү!

Жумалы Қапсаландын шыбырын аягына чейин угуу үчүн, а дегенде кебелбей жай бастырып, анан акырындап, атын текирендетип, топтон узады. Қаалаган учурда учууга даяр жүткүнгөн алгырды бийик сунулган күчтүү колуна мактанычтуу кал-

кылдата көтөрүп, куугунчулар тарапты омсондоп баратты. Ызычуу, кыйкырык менен сонордун кызыгына баткан кумар көздөр Жумалынын туш-тушунан жабалакташып, аттарынын арышын кердирүүдө...

Мына, төртүнчү түлкү бүркүттүн болот чеңгелинен ажыратылды. Жумалы кербездене төшүн дагдайтып лүкүйгөн узун кылкандуу барак түлкүнү өз бою менен теңештире аркы-терки, куйругун карга ойното силкип, тегеректегендердин баарына угуза коңк этти:

— Муну көрдөн атам тирилип келсе да бербейм! Бул — мал ээси Малабай меники.

Балдар, анан ууга чыккан башкалар да купуң-күпүң, күңкмыңк нааразылыктарын айкындашты.

— Неге, ушуга дейре Тентиге түлкү ыроолошпойт.

— Жумалынын акысы бар дечи. Кеп анда эмес го.

— Кудайдан коркушса, калыстыкка эмки, бешинчи түлкүнү Тентинин канжыгасына чалууга тийиш.

Көптүн копшолгонун угуп, байкап Жумалы аларга таарынгансып буркуя бурк этти:

— Куугунчулар бекер убараланбагыла. Сонор бүттү. Бүркүт аябай чарчады. Эми агытсам эле эски ээсин карай, Ысык-Көлгө сызганы турат. Силердин го ишиңер жок. Мүнүшкөрлүктүн жайын билем. Куш төрөсүнүн кыялы чорт келет. Карагылачы, мага ормоюп, абдан ачууланып турат. Бекерден-бекер бул алгырдан кол жуугум келбейт.

Эл чуулдашып, дагы бир-эки түлкүнү алдырууга суранышты. Ызакул атайылап, башкармалык кадырын салды:

— Жумалы мүнүшкөр, көптүн назарын сындырба.

Капсалаң да тармал сакалын көтөрө «ошент» демиш болду. Бирок Жумалы жансыз таштай томсоруп, айтканынан кайтпады. Үнсүз дүңкүйгөн бойдон, томогого көзү чүмкөлгөн бүркүтүн ээринин кашына жөлөгөн тери мээлейчен колуна дагдайта кондуруп, үйдү беттеп бастырып кете берди.

Ызакул кыңкайып ээрине байланган калтарды чечип, Тентинин канжыгасына чалды. Тенти дароо Ызакулдун өзүнө кайтарып, жүзүнөн жана өңүнөн да ызалыкты билгизбей шат унчукту:

— Кой, достум, мен окуучуларым менен олжо өндүрүүгө келген эмесмин. Сонордун тамашасына, кызыгына баттык, жетишет!

Кычан көп нерсе ага түшүнүксүз болгонун ойлоп, ичинен сустая кылтыйды. «Неликтен булар Тенти агайына ушунчалык суук мамиле жасашты? Неликтен? Баары бир биздин агай азамат. Ага эч кимиси тең келе албайт. Тенти агай түлкүсүз эле жашайт».

* * *

Кычан Майрык молдонукуна келсе үйү кулпулуу. Сырткы короосунун кемирекей, аралга тебилген агындыдай кейпинен кетип жерде шалдыраган дарбазасын кадап, допсо уруп берүүгө убадалашкан. Калай, кайчы, мык, балка, чотун алып атайын камданып келсе үй ээси жок. Милдети белгилүү болгон соң, кайра тартуунун кажети не? Өзүлөрү жокто жабууга жарабай жерде бөлүнүп жаткан дарбазасын эптеп, ар кай жери ураган короосунун аңырайган эшигин калкалап койсо молдо сүйүнбөйбү. Качандыр, балким атасы Жакып туула электе аты белгисиз уста жасаган чириген топсаларды ыргыта чаап, каалганы калдыратып нары ноолунун так ортосундагы күнөс дөбөчөдөгү бадалдай дүпүйгөн куу чийлердин арасына сүйрөп барды. Жайланып олтуруп калай, темирден кадоо коюп, мык жебей жырылганына карабастан, бөлөк-бөлөк калжайган эски дарбазаны эптеп бириктирүү аракетинде.

Иш менен алектенгенде адам убакыттын канчалык билинбей өткөнүн байкайбы. Карды көпшөктөнтүп аз-аздан билгизбей эрите баштаган күндүн табы уста баланын далысын чымырата ысытып, денесин жайылтууда. Көңүлдөгүдөй кыналбаса да, небак ажыраган борпоң тактайларды бирин бирине араң зорго илиништирип, жоктон көрү жогору дегендей чеке терин шыпырды:

— Дарбазаң түшкүр-р, Майрыктын көрдөгү чоң атасынын сөөгүндөй шалдырап бүткөн экенсиң да. Бекер убада беripмин. Бүгүн өлөрмандыкка салып илиништиргеним менен, эртең уйбу, атпы, төөбү, адамбы, бирөө жөөлөп кетсе, кайта эле шалдырап түшөт. Мейли, эскилиги жеткен эмеге, жаңылатып жан салуу колумдан келбесе кантем.

Каалганын кейпи долдоюп бириккенсиди. Сыртынан көргөн адам, эки-үч жылдан бери жабылбай алжайган Майрыктын эшиги бүтөлгөнүн байкаары талашсыз. Бирок Кычан ойлогондой а баары бир жакында эле кайра кыйрайт да. Жана биринде-тип эптеп сүйрөп жеткизген. Эми «бүтөгөндө» жалгыз алпарууга мүмкүн эмес. Күтүү керек. Эки-үчөөлөп этияттап көтөрүп жеткизишпесе эмгеги талаага кетет.

Майрыктын короосунан буердеги дөбөгө чейин кыш бою жол салынып күрөлүү. Эртели-кеч Майрыктын ушул дөбөдө тургандын элдин баары көрүшчү. Кычандар ага ушул дөбөдөн нечен жолугушкан. Мал жолотулбай тигилген бактан бетер үптөптаптап кастарлаган дүпүйгөн аппак чийлердин арасы таптаза. Молдонун бул сыйынуучу жайын, иши кылып жакшы көргөн жерин Кычан бүгүн ээн-эркин аралап... Чыны менен эле жоон-

дугу тал чыбыктай сыйдасынан апакай солкулдап, барысынан айырмаланган бир чоң түп сеңселген чийге жөлөнө чалкалады. Чийдин ыракатын эми сезгенсиди. Астынан ным да өтпөйт, нары жумшактыгычы. Бактыкындай уркуйган катуулук нынпым. Тим эле төшөккө жаткандай магдырайт. А жайында чачы байлап, көкөлөп көк жашыл сеңселгеничи. Сары айгыр, чыйырчык чымчыктар бактан качып ушу чийлердин башына конуп, чыйырыттап сайрайт дейсиң.

Майрык молдо ноолусунун ичине бактын ордуна чийди асырап жүргөнү бекер эмес тура.

Күн кечтеп, а тургай чычкылуу жылдыздар жымыңдай абада калкышты. Алигиче Майрык үйүнө басып келбеди. Күтүү керек. Чоң түп чийдин шуудураган жалына термелип, кандайдыр көңүл ачкан токойдогудай кермек жытты искеп, кетээр кыштын түнкү сыдырымына бетин айматып, Кычан эптеген эски каалганы кайтарып, улам көбөйгөн жылдыздарды карап жата берди...

Укмушуң кур, көзү илинип кетиптир... Ары-бери силкинип, жөлөнүп жаткан чий шуудурап, өйдө көтөрүлүп, баланы жер сүздүрө тоңкосунан ыргытты. Бул эмнеси? Көзүн бардап ыргып турса... алиги казандай чым тутамдаган чоң түп чий чын эле бери жылдырылып, түбүндөгү ороодон малакайчан адам көөдөнүнөн өйдө көтөрүлүп калыптыр. Жерди сүзүп чыгып келаткан адам болгондо да, өзү куштарланган Жумалы баатыр, Жумалы балбан. Ал кантип жердин түбүнө түштү, кантип чыгып келатат?

Жумалы аны байкап, же шып өйдө суурулууну, же кайта ылдый сорулууну билбей бел кырчоосунан сыртка сороюп, кадимки эле үнү менен корулдады:

— Кычан, кет буерден.

Асманда ай, жылдыз калкып, айланада кар жаркып, Кычандын көзүнө баки-жогу даана чагылды.

— Жумалы байке, кайдан чыктыңыз? Эмне бар жер түбүндө? — Бала чакылдап, жанына жетип, ылдый жер үңкүргө кадалды. Үлпүлдөгөн панардуу чыракты кармап, Жумалынын соңундагы шатынын түбүндө Майрык, андан ары Капсалаң, дагы бирөө, алардан нары тамдын ичиндей заңгыраган жайда үйүлгөн кап-кап эгиндер, а тургай оозу ачык капта жаймаланган буудай турганын көрдү.

Жумалы, Кычанды эркелеткенсип, тартып ал дегенсип колунан бекем кармады да, ылдый үңүлүп:

— Тыяк оозу менен чыккыла. Жакып устаны апкелбесеңер болбой калды,— деп жер түбүндөгүлөргө күңкүлдөп, секирип чыкты. Жарык шооласы жоголуп, жер астындагылар дайынсыз житти.

Жумалы чоң түп чийди бапестей кучактап, өзү чыккан ороого койду эле, жик билинбей берки чийлердин ичинде мурдагысындай жайкалып ордун ээледи. Кычанды кучактамыш эте, каалганын жанына тизесине кондура олтургузду:

— О-уф, эмне көрдүң, ия?

Кычан үн дебестен, балбандыгына, келбетине суктанып жүргөн Жумалынын табышмактуу жүзүнө көзүн ойнотту.

Аңгыча короо жактан топураган жөө адамдардын дабышы, кобураган үндөр угулду. «Билдим. Ихи. Жанакылар түпкүрдөн чыгышты. Жер салыктын бир оозу Майрыктын короосунун ичинде экен. Кыйкырсамбы? Уурулар!» — деген сөз Кычандын оозуна октолуп келип күрмөлдү. «Жок. Кыйкырганымдан пайда чыкпайт. Андан көрөк...»

— Жүр, бөбөгүм, үйгө кирип сүйлөшөлү,— Жумалы аны кичинекей баладай так көтөрүп колтугуна кыса басты.

* * *

Көп өтпөй көңүлдөрү шагдан Капсалаң, Майрык экөө Жакып устаны ортосуна бөжөндөтүп, Жумалы менен Кычандын үстүнө кириштн. Атасыныкы го белгилүү. Негедир берки экөө да Кычанга мурда эч болуп көрбөгөндөй мээримдүү. Майрык Кычандын жанына көнгөн адаты боюнча тизесин бүгө чөгөлөй олтуруп, кош алаканын жайды (калгандары дагы аны туурашып батага кулак түрө мемирешти. Жалгыз гана Кычан дулдуюп, ачуусун көзүнөн чыгара тикирейүүдө). Майрык оозу ачылганда сакал, муруттары дирилдеп, куюлушкан сөздөр чууруду:

— Колуңдан көөр төгүлгөн Кычан, күнөөңдү каргап сөгүнгөм, Кычан. Тенти маалим тилине кирбей, батамды алып бөлүнгүн, Кычан!

Капсалаң, Жумалы, аларга кошулуп атасы Жакып үчөө тең бир үндөн койлорчо маарап, молдону коштоп, бата кылышты:

— Айтканың келсин!

— Бала батага көнсүн!

Капсалаң Кычанды эркелете эттүү колунун сырты менен чекесинен жумшак сылап, манжаларын быртындатып бүктөдү:

— Атаңа эгин беремин, бир дечи, апаңа көйнөк беремин, эки дечи. Анан өзүңдүн эмне каалаганыңдын баарын орундатам. Үч дечи.

Кычандан дагы сөз чыкпады. Капсалаң сен айтып көр дегендей Жумалыга керилген кашын серпти.

Жумалы эч бирөөнүкүнө окшобогон, балбан үнүн колдуратты:

— О-уф, бөбөгүм, жүрөктүү эргул экенсиң, өзгөңдү коёюн.

Жана башка бала болгондо, бакырып качмак. А с-сен... Тил алсаң, мен саа бар эмеспи, Тенти маалиминден артык «билимди» үйрөтөм.

Жакып тигилерге адаттагыдан тышкары жайдаңдап, уулун кучактады:

— Ыраазымын, агаиндер. Бу ининерге мындан ары көз сала жүргүлө. Бала эмеспи, оюн-поюн коюп, аздыр-көптүр тили тийсе кечиргиле.

Капсалаң баштап, аны Майрык жактай жапырылды:

— Кечтик, кечтик. Кычан өз балабыз.

Медер тутар карабыз.
Жакын жүрсүн арабызда
Ортоктошуп санаабыз!

Ичинен буулугуп зорго чыдап турган Кычан атасынын кучагынан булкунуп атылып турду:

— Кечпей эле койгула!

Жакып уулун качырмак түгүл, карыш жылдырбай сазайын берчүдөй жеңинен кармай обдулуп, какаардуу үтүрөндөдү:

— Эмне болгон ой, буга!

Кычан алпейим алданган атасына таарынычтуу баш чайкады.

— Билбейсиң, ата. Булар бар эмеспи...

— Эмне экен булар, агаларың, аталарың. Элдешели, кечирели деп жатышпайбы.

— Ооба сага.

— Э балам, койчу эми тиешең жок сөздү.

— Койбойм, булар ууру, ууру!

Жакып шалдайып, уулунан колун бошотуп, ныкып түрткөнсүдү. Бул «кет эми ушунчаңда» деген жаңсоо эле. А жаңсоо Капсаланга «тил албадың, балам, өз убалың өзүңө» деп уста баласын акыркы ирет жекирген сыяктанды. Ал калдая жанакы чекесинен сылаганын кайталап эркелетимиш болуп, Кычандын оозу, мурдун тумчулата көз ирмемче басты да:

— Ха-ха, «ууру!». Кайдагы «ууру», билсең ал аталарыңдын пулу. Ушунчаңда эсиңе кел, акмактын уулу!

Кычан аптыгып, оозун кере ачып, демин терең искеп, кыйкырган бойдон сыртка текилдеди:

— Ууру, ууру, уюшкан ууру!

Майрык Жакыпты тонунун жеңинен, жакасынан апчылап чаңырды:

— Бу желмогуз бармактайынан чуулу!

Жакып буларга эчтеке дебестен күнөөлүүдөй шылкыйып, жылып жөнөдү. Жумалы олчойгон чеңгелин экөөнүн көз алдыларында көтөрө салмактады:

— Шу колум менен жайратайымбы?!

Капсалаң өгүнкү акылын дагы кайталады:

— Кой, айбаным, татыбайт анын куну. Ылайым атасынын тилин укпай, бизди көшөөрүп жектесе, Тенти маалимден кетпесе. Анан бала деп анын убалына карабайсың. Азыр кол көтөрүш бекер.

* * *

Эшиктен учуп күйүп карбаластаган Кычан каалганы шарак ачып, босогодон секиргенде үйдүн эки бурчунда катып олтурушкан Жакып менен Турдукан чала өлүк жандары тирилгенсип, жарыша бойлорун созо баласына умтулушту.

— Чырагым, деги балаадан амансыңбы? Кой деген тилди албайсың, кантейин.

— Кантесиң, уста, үңүлдөбөй сабыр этчи. Баладан угалы.

Кычан аябай күйүгүптүр. Демиге сүйлөдү:

— Районго жыйналышка кетишиптир, таппадым башкармаңы, таппадым Тенти агайды.

Ушинтип эле уюшкан уурулар кампадагы буудайды талай беришеби. Жер үңкүрдөгү жыйгандарын карматыш керек.

Жакып уулун колунан тартып олтургузду:

— Балам, аны... көрдүңбү жок, уктуңбу жок...

Атасынан бардаштураак апасы андан бетер капталына кынала жылып келип, кубаттаганычы:

— Капсалаң, Майрык деген шум, кан жуткурган далайды!

Кычан ата-энесин — экөөнү эки колдоп колтуктай темине козголду:

— Жүр, ата, тур, апа, башкарма, Тенти агайлар жок деп тымпыйбайлы. Элге жарыялайлы. Эсирген ууруларды кармайлы.

Жакып баш чайкап ордунан кыймылдабады:

— Кой дейм, балам, башка балаа салбайлы.

— Олдо жарыктык ата-ай, кантип жашырабыз. Элге, баарына айтам, өзүм чогултам анда.

Жакып уулун качырбоо үчүн апчып, каруусунан бой тиреше обдулуп, олтур дегендей ныкый, ачуулана барылдады:

— Бала деген ата тилин укпайбы, ия! Капсалаң, Майрык чындаса бизди бүкүлү чайнайт. А башкарма Ызакул аларды колдойт... Сенин айтканыңан алардын кылы сынбайт, кайра биз өзүбүз акмак болобуз. Тынчтан, балам, сени бүгүн үйдөн карыш жылдырбайм.

— Ошентчи, каралдым,— Турдукан бир жагынан жармаша турду...

Ошентип ата-эне баласын зордоп эшикке чыгарбай коюшту.

Кычан тегеректеген эне-атасынын ортосунда жүккө жөлөнө мандаш токунуп, өзүнүн алсыз-күчсүздүгүнө арданып, болоктоп ыйлоодо. Ал өмүрүндө алгачкы ирет Капсалаң, Майрыктын каракчылыгын, Жумалы, алардын аткаруучу малайы экендигин өз көзү менен көрүп, алардан айыл калкы айбыгып эчтеке дебесине кыжырыланууда...

Эртеси атасынын кыштакка кайрылтпай узатуусу менен мектебине барганда Тенти агайына жолугуп, кечээки көргөнүн түгөл жеткизди. Тенти дароо Ызакулга жеткизди. Алар токтоосуз Кычанды ээрчитип, Капсалаң, Жумалы, Жакыпты жыйнап, Майрыктын короосун беттешти. Кычан алдыга чоңдорду шаңдуу ээрчите жол баштады.

Капсалаң беркилерге «актыгынан» безилдеп, Кычанды жаңсай колун жайды.

— Бу бала, бу бала, бала эмес эле балаа!

Майрык сакалын тутамдай Капсаланды жактады:

— Мунун айтканынын баары куру жалаа, куру жалаа!

Кычан алардын сөздөрүнө айыптарын ачып көзмө-көз көргөзүп жоон кайтарам деп, ноолунун ичиндеги дөбөгө жетип, чоң түп чийди көтөрүп, жер үңкүрдүн сырткы капкагын ачты да, шып тепкич менен ыргып түштү. Баары анын сонунан жер үңкүргө түшүшүп, кой короодой кенен жайга айлана жарданышты.

Кычан негедир кетенчиктеп, Капсаланга, анан Майрыкка, анан Жумалыга тике, титирей көзүн ээрчите карап, буулугa кыйкырды:

— Мындагы тирелген кап-кап буудай кана!

Капсалаң бети-башын бырыштыра булкуюп ийнин куушурду. «Эмне айтып жатасың, билбейм».

Майрык мекирене эпилдеди:

— Буудай, кайдагы буудай. Кара, тап. Ырас, үйдүн эмерексемеректерин, отундук көңүмдү жыйгам. Бу илгери ат үңкүр делип салынган. Анан, мал азайып... Кычан, балалык кылып, көргөнү төгүн.

— О, калпычы, кантип төгүн, жайма-жайма каптардан буудайдын өңүн даана көргөм,— Кычан молдо менен жакалашчудай, сөөмөйүн силкип, карегин тыякка-быякка чачыратып издегенсиди. Капсалаң, беркилерге билгизбей жанындагы Жакыпты нукуп өттү. Жакып кандайдыр чоочун үн менен долдурады:

— Кой, балам, жаза көргөнсүң го. «Баланын иши чала» деген ушул. Агайлары, кечиргиле.

Капсалаң Кычанды калдайып кучактамыш этти. (Кычан анын кучагынан булт тыякка ыргып, оолактады.)

— Биз го мейли, түшүнбөй балалык менен жаман көрүп жүрөсүң. Бо атаңдын көөнүн калтырба, балам.

Жумалы наркы булуңда тирелише жыйылган уркуйган чоңчоң каптардан Қычанды жыга чапчудай, далдап удаа-удаа бир нечесин ыргытты:

— Э, чычым, мына, атаңа ишенбесең, мобу көңдөр сенин азгырмалуу көзүңө буудай болуп кубулуп көрүнсө керек! Ал, көңдөн буудай жасап көрчү, илимиң, сыйкырың кыйын экен!

Қычан кечээки көргөн кап-кап буудайды эмес, колуна кармап көргөзүүгө бир данын таба албай жер короодон ыйламсырап, түп чий кептелген капкактан чыкты. Анын артынан үнсүз агайы басты. Қалгандарын короонун ичиндеги кең каалгадан чыгаруу үчүн Майрык ээрчите басты.

## ӨРТ

Бетти куйкалаган сууктун мизи майтарылып, жол ортосу алка-шалка тердей баштады. Қары адамдар он беш күндө кар эрип, кыш жолуна түшөт дешип жоромолдошту.

Жаз каалганын сыртынан черткилеп калды. Аз күндө кош чыгат... колхоз активдери соко-шаймандарын ирээттеп, малдын туутуна камынышты. Қычан, Атай экөө Керездин үйүнө келишип, конькилерди эртеңден баштап таштоого убадалашышып, Ак-Жалдагы музга барышты. Муздун чет-чети эрий баштаганы менен, ортосу мелтиреп кадимкидей көк жылгаяк боюнча мөлтүрөөдө. Черлери жазылып, көлдө жүргөн каз-өрдөктөрдөй муз үстүнө каалгый сызышып, бирин бири кубалашып кумарлары тарабайт.

Күн калкып батышты көздөй саякатын улап, кеч бешимге эңкейип калган мезгилде кыштак жактан чолок куйрук көк байталын шудуңдата желдирип Майрык балдарга келди:

— И, шайтандын шапалагындай болгон тапандарым, өңгөцөр бүтүп, ушунуңар калган экен го. Ичке темирди буттарына илип, желип-жортуп жүргөндөрүн кара тапандардын. Бул шайтандын иши. Кой деген тилди укпадыңар. Муну да жанагы кыркма чач Тенти деген маалимиңер үйрөттү ээ силерге. Айткылачы, тапандарым, кудайдын музуна тынччылык бересиңерби, же түнү менен сороктойсуңарбы? — Эчки сакалын сербеңдетип, музга бастырып кире албай, эки жеңин ээрине төшөп, өбөктөп балдарды каарыды. Қычан кыжыры кайнап, катуу жооп кайтарды:

— Түн ичинде муз тепкен эң сонун. Қайсы маалда кетээрибизди өзүбүз билебиз.

Шуңшуйган эски түлкү тебетейге жашырынган кичинекей башын чайкап, эчки сакалын селкилдетип, үңкүрдүн түбүндөгү котур таштай жылтыраган чүңкүйгөн көздөрүн аңтарып зиркилдеди:

— Кой-ээ. Акыр замандын баласы. Тапан Кыч-чаным. Сакалдуу кишиге каяша айтпа. Ылайым музга түнөп тоңсоң экен. Өзүңдүн кутурганың аз келгенсип, мына бу момун балдарды бузуп жибердиң. Керез жетимди оң жолунан тайгылатпа, жайына кой. Ысык-Атадагы кызыма баратам. — Акыраңдап, түкүрүнүп-какырынып, көк чологун чойт-чойт камчыланып шодоңдотуп жүрүп кетти.

Оюндун кызуусуна баткан балдар күндүн небак уясына коргологонун байкашкан жок. Жедеп көздөрү электенип, жылтыраган көпшөк кардан башка алыстан эч нерсе көрүнбөй, күчүнөн ажыраган суук өлармандыгын артып, мөмө жүздөрүнө, колунун учтарына жабышып тызылдата баштаганда кетүүгө камынышты.

Кычан жол баштап жөнөдү. Ал доолдоп күйгөн ысык мешти, даамдуу тамакты эңсеп, көз алдына элестеткенче болбой, алдыга озунуп жүткүнгөн Керез чыйылдады:

— Ээй, кызык. Карагылачы, от!

Кычан менен Атай жалт карай салышты. Чындык. Билектей кыпкызыл жалын чөп жыйылган ноолудан созолонууда.

— Ат баккандар көчүп келишсе керек,— деди Атай жайбаракат. Кычан жактырбай колун силкти:

— Калп. Башкарманын өзүнөн уккам. Чөп жыйылган коргондо эч ким жок. Бирөө өрт койгон окшойт. Кеттик! Керез, сен зымыра, кыштакка кабар сал!

Чымын-куюн түшүшүп, карды кар дебей матыра кечип Атай экөө өрт чыккан үймөк чөптү көздөй, Керез кыштакты беттей дуу коюшту. Кыш узак болгондуктан, Ызакул беденин бир боосуна да тийгиздирген эмес. Кош айдоо мезгилине сактаткан. Ноолунун четин мал бузуп кирбесин үчүн тикенек менен карматкан. Кычан жакындап барганда өрт чет жагынан тутанып, куураган беделер чатырап асманга тилке-тилке соймоңдоп кыпкызыл жалын бүркүп жаткан. Атай алигиче калың карга матып артта алыс эле. Кычан аны күтүп турган жок. Тикенектин бети-колун сайгылаганына карабастан, ноолунун кырын жемирип, бузуп жиберди. Тонун чечип, кардан үйө салып көтөрүп барып, улам өрттү көздөй ыргытууда. Кар себилген жер азоолок жалп этип өчө калса, жапырт өчүрүү колунан келчүдөй шердене түшөт. Өрткө терең кирип барып, карды чачып, буту менен да тепселей кетет. Жалын бетин чымыратып куйкалап жиберчүдөй кээде өзүнө атылат. Муздак тонунун жеңин, же кар уучтаган алаканын бетине баса коюп, артка секирет. Тутанган өрт аны тоотобу. Баланын жан талашкан катуу аракетине өчөшкөндөй ого бетер күрүлдөп күйдү. Атай оо кыйлада манчаңдап жетип, бир жагынан жардамдашты. Окчундап сактанайын деди эле,

бирок киймине жармашкан кыпындарды, жүзү чоктой кызарып, боргулданып тер чыгып, башынан бу көтөрүлгөнүнө кайыл тике отко түшө калып жаткан Кычан жолдошун көргөндө токтоно албады. Өрт чоң үймөктүн боорун аймалап, төбөсүн карай чатырап жармашкан сайын асты жагын сасык түтүн каптап, туман басты. Балдардын көздөрү түтүнгө ачышып, жаш шорголоду. Атай улам чуркап чыгып, кыштакты карап, кибиреген Керездин жүдөөлүгүнө күйүп-бышып сөгүндү. Бир маалда бети-башынын тызылдап куурулуп баратканына туруштук бере албай, Атай бакырып качып чыкты.

— Ой, Кычан! Өрттөнүп өлмөй болдук. Жүрү мындай. Чык бери, чык!

Чатыр-күтүр күүлдөгөн чөп эмес, асман, жерди куйкалап жылас кылчудай өрт ичинде жүргөн Кычандын кайраты канчалык ташыса да, жалындын илеби, быкшыган түтүн демин кыстырып, кыйкырыгы үзүлүп-үзүлүп чыкты:

— Колхоз бедеси! Кетпе! Алып кел... Кар! Кар!..— Качан гана айланада аппак кардан башка караан көрүнбөй калганда, дүбүрттөгөн аттардын дабышы, кыйкырык ызы-чуу угулду. Баятан бери өрткө аралашып кызыгандан өзүн да унутуп коё жаздаган Кычан элдин жакын келгенин сезип, бети-башынын тызылдап ачышканын, күч-кубатынын алсырап баратканын байкап күү менен аттап-буттап чуркап чыкты. Бутунан тартып ийнине чейин жалбырттаган жалын каптап, өзү куйкалана баштаганын көрүп:

— Атаке, өрттөндүм!.. — Аянычтуу бир-эки жолу бакырып, бүткөн боюн карга таштап, ооналактап тыбырчылады.

## ЖАЛГЫЗДЫК ЖАНА ЖАЛАА

Бирөөлөргө түнт, экинчилерге токтоо көрүнгөн Атай парталаш эки досунан бөлүнүп калганына кайгылуу да, ызалуу да. Өңүндөгү тымызын жарык күлкү жоголуп, томсорунку күүгүм каптады. Баштагыдан беш бетер суз тартты. Бир айылдагы үчүнчү класстыктардан мектепке өзү жалгыз барып келмей. Кереэ сабакка бир жума удаасы менен катышпай калган соң, үйүнө барып ээрчите кел деп Тенти агай ага тапшырды. Атай жалгыз чоочун үйгө басып кирүүдөн өтө айбыгат. Сабактан келгенден кийин агайынын сөзүн аткаруу үчүн чынданып Капсаландыкын көздөй жөнөдү. Жакындай бергенде эшигинин алдында чапанын желбегей жамынып, даңкайып, ары-бери аба жутуп чайкалган Капсаланды көрүп, кетенчиктеп токтой калды.

«Атай»,— деген коң карганыкындай бийик жоон үндү угуп, кадамын тездетип жетип барды.

Чепкенинин этек-жеңин түрүнүп, балтанын мизинен жаралып быткыл ала тамтыгы чыккан дөңгөчтүн үстүндө жорудай догдоюп олтура калган Капсалаң мурутун бурдай чайнап, ууртунан бырс этип арамза күлүмүш этти:

— Жолуң болсун, Атай уулум. Чабал жигит болосуң го деп калдым. Досуң ооруп жатса, ал-жайын сураганга жараган жоксуң. Чыт курсактын иши чыт курсак экен да...

Атай бирдеме айтуучу кебетеленип, калбыйган эрдин чормойтуп келатканда, Капсалаң майланышкан күрөктөй колун жаңсап, богогун балкылдатып, эки-үч күрсүндү:

— Аттиң ай! Жакып устанын уулунун жоктугун айтчы. А Кычан эргул эмгиче токсон тогуз жолу келмек. Керезди ой-боюна койбой эшикке сүйрөп чыгып, эсин эки кылмак. Баарыңдан өтүмдүү өрт ошол. Керез экөөң эмне... Жүүнүңөр бош.

Атай жеме угуп олтуруудан эчтеке чыкпасын түшүндү. Кеч болсо да сыркоо Керезди көрүп, сүйлөшүүгө үйдү көздөй дугдуңдай басты. Каалгасын ачып кирип барса, Капсалаңдын үйүндө жан жок. Ызалуу кайра тартып, Капсалаңга бурулду:

— Керез оорубай эле айылчылап кеткен го?

Баланын кытмыр сөзүнө териккен Капсалаң, желкесин кашынымыш болуп, кыт-кыт күлдү:

— Айткан сөзүн кара. Ооба, чыт курсагым. Керезди Кашкарга айылчылатып жибердим. Молдоңо ошентип айта бар.

— Чын элеби! Жарайт.

Атай ары жөнөй берээрде, Капсалаң эцкее түшүп Атайдын тонунун этегинен бурдай кармап, тырмаландап жула качам дегенине карабай дырылдатып өзүнө жакын тартты:

— Энеңдин көмөчүнө көп таарынат окшойсун. Тамаша кылам, суу берип үйгө жаткызып койгондой эски заман жок эмеспи. Керез өзү да молдо-кожону жек көрөт. Аны жакшы билесиң го. Беш-алты күн үйдө жатты. Эти-башы от менен жалын. Бая өрт чыккан күнү Кычан экөөң кабарга жиберген турбайсыңарбы? («Ооба» дегенсип Атай башын ийкеди.) Коркуп калса керек, байкушум. Үйгө тил-оозу жок келип жыгылды. Ошондон оңоло албады. Мына бүгүн таң азандан араба чектирип, төшөккө ороп-чулгап эжеси экөөнү калаадагы ооруканага Жумалыны кошуп жөнөттүм.

Атайдын таарынычы жазылып, болор-болбос чыйралгансыды:

— Анда Кычандын үстүнө барат турбайбы?

— Э... ээ уулум. Прунза деген чоң калаада толгон-токой оорукана бар. Анын кайсынысына аларын билебиз. Кайын атадан калган жалгыз туяк. Айыгып кеткей эле байкушум...

— Тенти агай биле элек. Мага тапшырган. Оору экен деп айтайын.

— Ошент, садаган. Мен аны окуусунан үзүп жинди болупмунбу. Чымындай жаны аман жүрсө, баарысы табылат. Жакында айыга турган эмес деп жездеси кейип жатат де. Жарайбы, садаган.

Капсаландын садагасылап, жалынып-жалбарып, жашып сүйлөгөнүнө Атайдын зээни кейиди. Өкүнүчтүү ой башын саландатты.

«Кап, эки жолдошум экөө тең, өрттүн айынан ооруга чалдыгып, шаардагы доктурда. А мен ... неге аман-соо, алардын кайгысын тарттым. Жамандыкта деле чогуу болсок эмне. Эмне үчүн мен өрттөнбөдүм».

* * *

Жарым гектарча келген ноолунун ичинде өзүнчө бир дөбө болуп үйүлгөн жазга сакталган беденин өрттөнүп кетиши ак ниет колхозчулардын жүрөгүн канатты.

Ызакулга кошамат айтып жандаган бир топ атка минерлер ары-бери чапкылап, ким аркылуу өрттөлгөнүн изилдөөгө өтүштү. «Жок издеген — энесинин койнун ачат», ар кимдерден шектенүү көбөйдү. «Эл оозунда элек жок». Кобур-күбүр тутанды. Айыл ичи уу-дууга толду. Зыянкеч душмандын ким экендиги ачык билинбей, ар кимдин артынан ушак жаады. Карага сүт чачып, акка көө сүйкөп эки-үч жаат. «Эки дөө жөөлөшсө, ортосунда бейжай чымын өлөт» дегендей, жалган жеринен ушакка ууланган кээ бирөө отко түшкөн чегирткедей тыбырчылоодо. Жаатташкан топтордун күнөөлүүсүн табуу Ызакул үчүн оор жүк болду. Кимисин актап, кимисин айыптоо керек?

Тентиге, анын окуучуларына жардамга кайрылды. Колхоз душманын изилдөө ишине мектептин коллективи жапырт киришишип жаткан учурда, эл арасына шумдуктуу жаңы кабар тарап, тутанган жалынга суу себүүчү түтүктөр даярдалды. Өрттү чыгарган «үчөө» жөнүндөгү кийинки сөз чанды куюн айдагандай баштагы бардык оң-доңду, башка майда-чүйдө күңк-мыңкты дым чыгарбай басты. Кээси балдардыкы «кокустуктун» иши десе, айрымдары атайын бирөөнүн тукуругу дешип жоромолдошту. Өрт жөнүндөгү жаңы «чындык» бул: желиккен үч тестиер бала таң эртенден көз байланганга чейин чөп үйгөн ноолу жактагы музга тамандарына темир байлап ойношот. Ачка балдарды кечки ызгаар калтыратып-титиретип тоңдура баштайт. Айлалары түгөнгөн соң үймөккө келишет. Эки-үч боо кургак бедени тырмалап жатышып сууруп алышат Дал ноолунун түбүнө от жагып жылынышат. Баланын иши чала да. Бир жакка муздун үстүнө жеткизип өрттөгөндө андан балаа кайдан чык-

сын. Кечки сыдырым жел кыпынды учуруп, чоң үймөккө жармаштырат. Мына ошондон өрт тутанат. Корккон балдар эмне кылаарынын айласын таппай алдасташат. «Эмне болуп өрттөнгөнүн билген жокпуз. Жалын көтөрүлгөндө көрүп чуркап жеттик» деген чолок акыл курушат. Капсаландын кайнисин кабарга кыштакка чуркатышат. Кыштакта атка минер эркектерден эч кимиси жок экен. Чоң күнөөдөн корккон жетим Керез кабар айтмак турсун, үйүнө жакындаганда, тил-оозсуз эси ооп жыгылат. Калган экөө өчүрүүгө жан талашышат. Куураган чөпкө тутанган өрттү эки бала өчүрө алабы. Жакыптын кичи уулу Кычан намыскөй эмеспи. «Миптип жаман аттуу болгонумдан көрөк, куйкаланып өлгөнүм жакшы» деп тайманбай өрттү аралайт. Айткандай кийми, бети-башы куйкаланып куурдак болуп каларында чыдай албай чыңырып, чуркап чыгып карга жыгылып оонап, оонап жиберет. Дал ошол тушта эл барып, карга көөмп, өрттөлгөн киймин сыйрып жатып, чала жан баланы өлүмдөн куткарышат.

Чөп жагып жылыналы деген акылды чыгарган ошол шок экен. Айтпайдын уулу Атай чала-була өрткө чалдыкканы менен аман-эсен калыптыр. Мунун баарын Керез жетим жездеси менен Майрык молдого айтып бериптир. Алардан бөлөк дагы бир тобу өз кулагы менен уккан имиш. Жиги билинбей айтылган «чындыкка» арсар күмөндөр азайып, көбү ынанышты. Башка каңыркүңүрдүн дайны чыкпай басаңдап, баарысы балдардын артынан сая түшүштү. Мектептеги окуучулар ичинде да шыбыр-күбүр көбөйүп, күйпүйүп жүдөй түшкөн Атайга шектүү карашты. Жалгыз гана Тенти агай окуянын чие түйүнүн көргөндөй, балдарды:

— Ушакка ишенбегиле. Чындыгын териштирип көрөбүз. Жолдошуңарды күнөөлөбөгүлө! — деп шамалга бели ийилбес аскадай кайраттуу. Күткөнү Кычан менен Керез.

Күндөрдүн биринде Ызакул атайлап Капсаланды ээрчитип мектепке келди. Алардын көзүнчө Атайдан аныгын сураштырып берүүнү Тентиден катуу талап кылды.

— Ызакул, ушакка ишенбе. Мен бардык сырын уктум. Баланы бекер кыйнабайлы. Тил алсаң, ооруп жаткан экөө келгенче коё туралы,— деген Тентинин акылы берки экөөнүн кыжырына тийди.

— Ушакпы, чынбы, сураштырып билебиз да. Балким алар бирөөнүн азгыруусу менен жасагандыр. Күнөөлүүнү жаап кала албайбыз. — Ызакулдан бул сөздү укканда Капсалаң кырдана баштады.

— Кой, молдоке, элди агартам, көгөртөм деген киши колхозду бүлдүргөндөрдү калкалабай, биринчи кармап бербейби.

Болбойт, чыт курсакты чакыр. — Жаны күйүп-бышып түксүйгөн кыл мурутун кырча чайнап, «кептин баары ушул маалимде» деген акаратты билгизди, Ызакулду көз кыйыгы менен шилтеп өтүп, Тентини демиктирди. Ажылдашып, бой тирешүүдөн эчтеке чыкпасын түшүнгөн Тенти Атайды чакыртты. Тузакка чалынган коёндой бүрүшкөн Атай ажаандай Капсалаңдын астында башын саланлатып, каарын күттү. Камчысын бүктөй кармап, «калп болсо да, чын болсо да мойнуңа аласың» кыялда ызырынган Капсалаңдын жанында «коркпо» дегенсип, эркелеткен мүнөздө жылмая тигилип, Тенти агайынын камырабай турганын көрүп, кайраттана түштү. Башындагы салмактуу жүк кулап жеңилденип, «соттогону» келгендерге тике бурулду. Күлгөнү, же ызырынганы белгисиз орсок тиштерин арсайтып башкарма Ызакул кончунан кагаз, карындашын сууруп чыгып, тизесине коюп бирдемелерди жазымыш этти. Анан Атайга кайрылды:

— Канчадасың, чорт?

— Он үчтөмүн.

— Пионерсиңби?

— Ооба.

— Пионер чынчыл болот. Күнөө кылса, өзүн да, жакынын да аябайт. Павлик Морозовду билесиңби?

— Билем.

Баланын шар жообуна Ызакул жагалданып, буйтатып бир жеринен шек чыгарууга ниеттенди. Павлик Морозов жөнүндө баягында Бейшекеден укkан. Тыяк-быягынан кыйпычыктатып олтуруп, торой жыгууга ыкыстатты. Сөз эмне жөнүндө кетип баратканын алдын ала баамдаган Атай боолук салдырбады. Так катыра жооп берип, улам сызга отургузууда. «Жүүнү бош» баалап жүргөн баланын таскагын көрүп, ыгы келген жерден чарпып кетейин деп арамзаланып олтурган Капсалаң түктүү жаак этин шүмүрөйтө ичине соруп көзүн чакчайтып, казысын кабаттап, ныгырыла олтурду. Ызакул жүзүндөгү ачуунун тактарын айдап жоготуп, жайдарылана баштады:

— Кой эми, баатыр. Сен алдатчудай көрүнбөйсүң, чорт. Чынчынына келели. Мына, агайындын көзү. Таң заардан күүгүмгө чейин муз тээп жүргөнүңөрдү көргөн кишилер бар. Танбайсыңбы?

— Танбайм.

— Көк муштум калтырап үшүгөнүңөрдөн бутуңар шилтөөгө келбей калганы ыраспы?

— Калп, коньки тээп жүрүп үшүдү деп ким айтат. Боргулданып тердеп, тонубузду чечип салып ойногонбуз.

Чаян чаккандай Капсалаң сапсандап ордунан калдайып обдулду.

— Жаныңды жебе, чыт курсак. Чыныңды айт.

— Коркпойм, мен сенин Керезиң эмесмин.

— Бас жаагыңды! Тим эле сени бар эмеспи... тирүүлөй...

Капсалаң айласы болсо, жутуп жиберчүдөй акыраңдады. Жанына таш баткан Атай жалтайлоодон, коркуудан пайда чыкпасын бая эле түшүнгөн. Тилин тартпай, сөзүнө сөз айтууга дайым даяр турду. Атайдын дөлдөйүп жоош жүрө берип, бир ачуусу келгенде атырылып тийме мүнөзүн алгач байкаган Капсалаң, сакалын тутамдап, ичинен ызырынууда.

— Макул эмесе, чорт — деди, Ызакул Капсалаңды жеңинен аткый кармап тыйымыш этип. — Ээн талаада силерден бөлөк жан жок болсо, чөп өзүнөн өзү өрттөндү дейсиңби?

— Билбейм. Биз чөптү кайтарып жүргөн эмеспиз. Жалын тутанганда көрүп калдык. Экөөбүз жетип бардык. Өчүрүүгө чамабыз жетпеди.

— Алыңарды билген соң, кыштакка тез кабар кылбайсыңарбы? Чорт десе...

— Кычан экөөбүз өрткө чуркай электе Керезди жибергенбиз. Ал куландан соо болчу. Эмне үчүн тили байланып, эси ооганын билбейбиз.

— Жаныңды жебе, чыт курсак! Жасаган акылына алдаткандай жаш бала эмеспиз. Керез келгенде мойнуңа койсо кантесиң. Камаласың. Айт, чыныңды айт. Ай ушу сени! — Капсалаң жылаандай ышкырып, камчысын үйрүп, сабоочудай далдайып, балага колун созо умтулду. Тынч гана тыңшап олтурган Тенти Атайдын алдына тура калды. Кирпиктери типетик сунулуп, Капсаландын каардуу жүзүнө найзадай матып, кетенчиктөөгө аргасыздантты:

— Жетишет! Балдардын жүрөгүнүн сары суусун албагыла. Минтип эч нерсе чыгара албайсыңар. Ызакул, дагы бир аз күн чыдагын. Бул иштн менин мойнума жүктө. Бар, кете бер — деп, колун артына кайрып, Атайдын маңдайынан сылады. Уу тырмагын сунган ителгиден качып, мөмөлүү бакка коргологон чымчыктай агайынын артында далдаланып, денесин калтырак баскан, көзүн жаш чайыган Атай жылып сыртка чыгып кетти.

Ызакул Тентинин балдарды коргоп, милдетти мойнуна жүктөп алганынан бир аз шек санады:

— Мен макулмун. Бирок кысымга алмайын чын-чынын айтпайт. Балдардын үчөөнү тең окуудан чыгара тур. Биз Жакыпты кыстайбыз. Рабфактагы уулу Бейшекеге кат жазабыз.

— Мына, акыл деген ушул эмеспи. Айыптууну маңдайынан сылап эркелеткенде айтып береби. Чыңыртып бир-эки жолу сабайынчы, эр болсо танып көрсүн. Молдоке, сен боорукерлик кылам деп, бирөөнүн отуна жылынып калбагын. — Капсалаң бир

четинен Ызакулду кубаттай сүйлөп, экинчиден Тентиге сес көрсөттү. Экөөнүн жаасынын катуулугуна карабастан, Тенти башын чайкады:

— Жок, жолдоштор, чындыкты далилдемейинче мектепке чаң-тополоң сала албайм.

— Анда сен айыптууларды актайсыңбы?

— Айыптуулар алар эмес!

— Анан ким? Актаган сенби же далилдеген бизби?! — Капсалаң жаны күйгөн болуп айкырык салып, мектептин каалгасын тарс эттире катуу жаап, далдактап арыштап жөнөдү.

## КЫЧАН, КӨТӨР БАШЫҢДЫ!

Жакып менен Турдуканды кирпиктери нымдуу, жүрөктөрү жаралуу. Бой тартса да сүйүүсү кала элек уулу отко куйкаланганы аз келгенсип, эл ичиндеги ушак, атка минерлердин кысымы жандарына таш батырууда. Ал гана түгүл калаада окуп жаткан Бейшекени окуудан чыгарат, өзүңөр камаласыңар деген кампачы Капсаландын опузасы сай сөөктөрүн сыздатты. Кечээ эле күлүп-жайнап олтурушкан ата-эне эртеңки күнүнүн күүгүмдөрүнө көздөрү жетпей, сары санаага чөмүлүшүп, кайгыны чогуу бөлүшүп, көңүлдү алаксытуу үчүн, ээрчишип Атайдын энеси Кымканыкына келишти. Кымка эри Айтпайдан жесир калганына беш жыл өттү. Атай колундагы жалгыз баласы. Келим-кетимге пейли кенен, балпаң-булпаң киши. Канчалык кайраттуу көрүнөйүн десе да, муун-жүүндөрү бош, үрпөйүп санаага чөккөн Жакып менен Турдуканды көргөндө жашып кетти. Балбыраган көк сатин көйнөгүнүн жеңин түрүп, көз жашын сүрттү:

— Келгиле, ботом деги амансыңарбы? Төргө өткүлө. Я ботом уста, үңкүйбөй кабагыңды аччы. Эркек да сендей болобу! — Балпаңдап казан-аягын аралап, меймандарынын астына дасторконун жайып, жапкан нан, жүгөрү жарманы койду. Жакып бириндеген кыска сакалын сөөмөйүнүн учу менен тырмамыш болуп:

— Ээ, Кымка байбиче, агынан күйүп жатсаң, кантип үңкүйбөйсүң. Өңгөнү билбейм, балдарыбыз бизден жашырбайт эле го? Эс-акылы бар балдар кантип элдин мүлкүн өрттөп жиберсин. Колхозду алар бизден алда канча жакшы көрүшөт эмеспи. Ишене бербейм. Кайсы үйүң күйгүрдүн жалаасы экенине көзүм жетпейт. Айлаң канча. Мойнуңа сыйыртмак салынган соң, тыбырчылап кайда барасың. Корком, айланайын байбиче, корком. Айтчы, байбиче, деги уулуң эмне дейт. Борбую ката элек балапандар бир балаага чалдыкпаса экен!

— Ээй, устам, Атай айткан менен активдериң ишенип жа-

табы? Сурасам, акпыз, көп эле эзе бербечи деп кайра мага буруңдайт. Сакадай болгон сары алтыным, үшкүрөт да жүрөт. Аларды окуткан Тенти деген молдосу жакшы жигит көрүнөт. Коркпо. Энеңе айт. Чындык жеңет. Силер аксыңар, мен ишенем. Кычан менен Керез келгенде чындык ачылат дептир. — Кымканын сөзү Турдуканды ношотурлуу спирт жыттаткандай эс алдырды. Алкымына байланган жоолугун чечип:

— Оозуңа май. Баарын мойнуңарга алгыла, болбосо айдатабыз, байлатабыз, Бейшекени окуудан чыгартабыз деген Капсаландын кордугу өттү. Уста, сен ошол балдарды окуткан молдого барып, аныгын угуп кел. Тур, жөнө. Эмне карап олтурасың.

Экөө эки жагынан чыгып, ой-боюна койбой, Жакыпты Тентини көздөй жөнөтүштү...

* * *

Кычан ооруканадан чыгып келери менен үйүнө түшүрбөй жолун тосуп, башкарманын кеңсаларына милициянын участкалык уполномоченине чакырып кетишти. Ата-эненин жүрөгү ого бетер көөдөндөрүнөн ыргыды. «Камап коёбу, уруп-согобу» дешип саруулашты. Кар кетип, жер балчыктанып, эртең-бүрсүгүнү кош айдайбыз дешип кам көрүп жаткан. Күн мемиреп жылуулук себе баштаган. Жакып эшигинин алдына эртели-кеч олтурууга секиче жасап койгон. Ошонун үстүнөн түшпөй Кычандын караанын көрүүгө зарлашып, көчөнүн башындагы колхоз башкармасынын кеңсаларынын эшигинин астын тиктөөдө. Улам убакыт өткөн сайын чый-пыйлары чыгып, тынчсызданып, көздөрүн жашка чайып, кудайлап сабылууда. Жакып кеңсаларга басып баруудан айбыгат. Эл көзүнө короңдоп көрүнүп, уулума зыяным тиет деп чочулайт. Эт бышымдан кийин көчөнүн боюна алда кайда таанымал кызыл жака, шоңшойгон шапке кийген начандик (эл милициянын кызматкерин ошентип аташууда) Кычан менен Атайды ээрчитип чыкты. Башкарма Ызакул, Капсалаң баштаган бир тобу нары жакты көздөй басышты. Тапанча тагынып, кылыч асынган сүрдүү жаш начандик жигит он күндөн бери такай ушул айылда. Жайы-кышы дебей ушул эки колхозго бекиптир деген оң-доң бар. «Илгерки «кызыл чоктордой» орой эмес, жайдары, сылык экен. Улууларды «эне-ата, эже-жеңе» деп сүйлөйт. Өкмөттүн чыныгы уулу окшойт»,— деген милициянын участкалык уполномочени Дүйшөн Мамлетов жөнүндө сөз таралган. Айылдагылар анын аты-жөнүнө, ишине кызыкпастан эле, «начандик» аташты. Эки бала менен кол алышып коштошконун көрүп, узун көйнөгүнүн этегин басып алып, чалынып жыгылганына карабай Турдукан үйүнө чуркады. Жакып жа-

галданып балдардын алдын торой илгериледи. Нары жактан өзүнүн кемпири Сыяда менен Қымканы эңкилдетип жетелеп Актан келатыр. Кол кармашкан кабагы жарык эки бала чуркаган боюнча үйдүн жанына жетишкенде, элдин курчоосуна чөмүлүштү. Турдукан колундагы кара аякты элечекчен нускалуу байбиче Сыядага сунду.

— Аа, кудай, балакет-салакеттин баары ушул суу менен жоголсун,— дагы бирдемелерди угузаар-угузмаксан күбүрөп-шыбырап Сыяда эне суу куйган аякты Қычандын башынан үч айлантып: — Сууга үч жолу түкүр,— деди.

Қычан куру какырынып, башын чулгуп алаксытууга аракеттенди. Сыяда эне болчубу, кара аякты дал оозуна жакындатты:

— Түкүр, тегеренейиним. Жаңымын деп коркуп жатат белемсиң. Эчтеке болбойт. Эптеп ырымын кылалы. Курулай чочондобо, тегеренейиним...

Қычан кыйылып жатып, шашып-бушуп:

— Тфу, тфу, тфу, шилекейим кургап калса керек, болдучу, энеке...

Сыяда эне чалпоо баланын кыялына баш чайкап, аяктагы сууну ыраак алып барып чачып жиберди. Келгендер иштин эмне болгонун укпастан эле, балдардын начандик менен кол кысыша көштошкондоруна, Қычандын аман-эсен бошонуп келгенине кубанышты. Дагы толгон-токой иштердин карын-картасы артылаарын ойлошподу. Кужу-кужу түшүшүп, Жакыптын үйүн үч көтөрүштү. Қычандын жүзүнө үңүлүшүп, бетиндеги күйүктү таксыз айыктырган орус доктурларынын өнөрлөрүнө тамшанышты. Жүрөгүн үшүк каптаган Жакып, Турдукан, Қымка — үчөө эл кеткенден кийин гана балдарынын жанына бүжүрөп олтурушуп, ал-жайды жашыруун сураштырууга киришти.

— А... окшошкон какмарларым, шапайып өңү-башыңардан азып кетиптирсиңер да. Адегенде Атайды, анан Қычандын маңдайынан жыттап, Қымка эне көзү жашылданып турганына карабастан, күрүч тиштерин жаркыратып күлүмүш болду. Кубаттана түшкөн Турдукан аны Жакып улап кетти:

— Жалаң өз көз олтурабыз. Чыныңарды айткылачы, тегеренейиндерим. Балаадан аман-эсен кутулабызбы?

— Жанагы начандигиңердин көзү түспү? Соттойм, оттойм деп көркуткан жокпу?

Қычан жактырбагандай колун шилтеп, шырдакка жамбашынан кырдана кыйшайды:

— Чоң-чоң эле кишилер жаш баланын сөзүн айтканыңар уят эмеспи, койгула, минтсеңер сүйлөшпөйбүз!

— Ооба десең. Сен жок, активдердин коркуткаңы аз келгенсип, апам ыйлап-сыктап кулагымдын кужурун алды. Такыр түү-

шүнүшпөйт. Буларды окуткан менен деле эчтеке чыкпайт окшойт. — Атай да өзүн көтөрө чалып, Қычандын жанына сулай жыгылды. Ата-энелерин жемелей корсоюшту. Жапа чеккен ата-эне балдарынын кайратына, жада калса таарынычтуу кол шилтеп, чалкасынан кетишкендерине жетине албай күлмүңдөштү. Қымка менен Турдукан уулдарынын үстүнө үйрүлө түшө калышып:

— Қайратыңардан айланайын каралдыларым.

— Ошондой эле болсун,— дагы бирдемелерди жобурап жалынып-жалбарып эркелетүүдө. Қычан уктагысы келип, чарчап турганын билгизбөөгө арекеттенип, калп эле мурчуюмуш этип унчукпайт. Балбылдаган көздөрүн жоодуратып жооткотот. Көп амал сактанууну билбеген Атай сагынып калган курбусунун жанынан алыстабай, анын кылык-жоругун тууроодо. Чокчо көмүр сакалын ушаламыш болуп, ойго баткан Жакып энесинин мандайында эреркеп жаткан уулун сүрдүү карады:

— Бейшеке байкең эмне деди? Ага залалы тийгидей эмеспи?

Қычан атасынын суз тартып олтурушун баятан эле баамдаган. Ыргып туруп мандаш токунду:

— Коркпосун. Каман тиштүү кулактын кылганы... Партия менен өкмөт акыйкаттайт,— деди.

Жадырай түшкөн энелер менен атанын жүздөрүнө кайра булуттар үйүлдү. Жакып чочулай санын кагынды.

— Каман тиштүү кулак ким экен?

— Қапсалаң! Анан...

Эки эне айтаарга сөз таппай калгансып, ооздорун ачып, селдейип Жакыпка үңүлүштү. Жакып күйүттүү башын чулгуп, буркан-шаркан түштү:

— Қокуй күн!.. Бооруңарды көтөрө албай жатып, кара чаар жылаандын куйругун басканды эмне кыласыңар... Ал силер эмес, далайды жайлаган каман...

* * *

Қычандын жүрөгүн түпөйүл басканы менен, көңүлү сергек. Көзүнүн нуру туш-тушка чачырап, алыстагы, жакындагы көп нерселерди көрүүнү дегдейт. Өзү жок болгон мезгилдин ичинде баарысы өзгөрүп, жаңыланып калган сыяктанат. Аппак кар жамынып, ызгаар чачып, думбаланып кийинүүгө аргасыз кылган айлана, такыр башка кейипте. Қар суусу эрип, жердин бетиндеги топуракты жууруп, дынды жумшартып, балчыктуу эрте жаздын терең дем алып бууланып жаткан учуру. Асмандын «эрке баласы» — күн кыш күнүндөгүдөй ызырынбай, тоонун кырынан көтөрүлгөндө эле жымыйып күлө, нурун төгүп, жылуу-

жумшак учурашууда. Кулагынын кужурун алып, зээнин кейиткен сөздөр канчалык тынымсыз айтылса да, эне-атасы сыяктуу мүңкүрөөнү каалабайт. Чуу түшүп жаткан бул жорук коркунучтуу түш сыяктуу гана башында, оюнда тумандалат. Тезирээк мектебине, жолдошторуна, Тенти агайына барууга ашыгат. Алардын астында актыгын далилдеп, ата-энесин ыза-кордуктун ачуу жашынан куткарып, ушакчы, ууру-кеси душманды өрттөп, жер менен жексен кылууга ар түрдүү амалдарды ойлойт.

Ооруканадан чыкканда Бейшеке башын куттуктап, кайырма жака көйнөк, шым, ботинка, куду өрттүн жалынындай алоолонгон жагоо сатып, жасанта кийгизген. Калп жеринен тутанган ушакка чың, бек, кайраттуу туруусун, жарды-жалчылыкта жүрүп кордукту көп тарткан эне-атасынын каранғычылыгын, коркоктугун терип-тепчип эскерткен. Коркутуулар, опуза, жектөөлөр болоорун, анын баарына моюн сунбоосун, чындыктан карыш чегинбөөсүн эки-үч жолу кайталап бек ынандырган. Ал гана түгүл пионердик убадасын да алган. Кечээ келээри менен чарчап-чаалыкканын билгизбей, кайра Атайга акыл үйрөтүп, бышык турганынын себеби да ушул.

Эртеси эртелеп жаңы кийимдерин кийинип, жеңилденип сыртка жөнөдү. Түрүн өзгөрткөн айлана сыяктуу, жаңы кийинип жагалданган Кычан шыдыр Атайга барды. Сагынышкан экөө кучакташып мектепти беттешти.

* * *

Кычан алышып-күрөшүп, урушуп-табышып ынак өскөн курбуларын сагына түшкөн. Алар менен кадимкидей ойноону, сүйлөшүүнү самайт. Бара көрүшөөрмүн деп, Атайдан териштирип сураган да эмес. Керездин оору экендигин угуп, бир шаарда туруп, кабарын билбегенге аябай өкүнүчтө. Калган жолдошторуна чогуу мектептен жолукту. Күнөөсүз күнөөлүүнүн кейпин кийгенгеби, адеп кездешкенде кандайдыр коомайсына түштү. Топтошкон классташтары ага бөтөн желенин кулунундай элее карашып жатыркаткандай туюлду. Танапис убактарда тегеректей калышып, түшүнүксүз, «шектүү» суроолорду да беришти. Аз убакыттын ичиндеги андай чоочуркоолорго Кычан да көңүлсүз жооп кайтарууда. Кээ бир төмөнкү класстын балдары анын таза, боюна чак шаардык кийимине кылчак-кылчак имерчиктеп күлүмсүрөй карашса, Кычанга шылдындап жаткандай көрүнөт. Ал эми Тенти агай деле, сабактын алдында адеп көрүшкөндө айыгып келгендиги менен куттуктап гана тим болду. Танаписте чакырып сүйлөшөт го деген үмүтү текке кетти. Агайы мурдагысындай эркелеткен көз карашын жоготкон. Кекеткенсип суз. Ага жалгыз гана Асылкүл боорукер, күйүмдүү. Ал Кычандын

мойнундагы жалындай жагоосунун узундуу-кыскалуу кош учун, мытырайган апакай алаканына салып, бир топко карагат көзүнөн имере өткөзүп турду:

— Апамдан эптеп уруксат алгам. Оюнга катыштым. Сен жок болдуң. — Асылкүлдүн оюндагысы бул эмес эле. Сөздү кандайча баштаарын билбей жөмөлөп айтып жиберди. Қычандын суйдаң капкара кашы жазыла, учкан карлыгачтын канатындай серпилип, баштагы үтүрөйгөн кабагы ачылды.

— Чын элеби. Анда апаң жакшы киши экен. Түшүнүптүр. Қап, өзүм болгондо эмне. Билесиң го. Во, калыпка куйгандай жигитти ойнобойт белем. — Бармагын кайкалатып шаардагы ооруканадан үйрөнгөн «вону» баса айтып Асылкүлгө кашкайып, саландаган башын бийик көтөрдү. Тал-талынан сеңселген өрмө чачтары, кызылы — кызыл, агы — ак нурлуу тегерек кызылдуу бетинен эңилип, эреркеген балалык күлкү жаркырай... Асылкүл сөз тандап кысылуудан бошонду:

— Жашырбай айтчы, калппы, чынбы?

Тилеги таза курбусунун мээримине эриген, суроонун баамына дароо түшүнгөн Қычан аягын айттырбастан эле илип кетти:

— Өлөйүн. Калп. Ийненин учундай чындык жок. Сүттей акмын!

Қычандын калп айтпасын, жанына күч келгенде гана ушинтип сүйлөөрүн баштатан билген Асылкүл такып сураштырган жок. Бөйтөйгөн кыска эринин билинер-билинбес кымтый тиштенип, ойлуу тек мойтойду. Демейде сүйлөп, же карманламайынча тынч тура албаган шок Қычандын телмирип, жооп күткөнсүгөн үнсүз кырдалынан пайдалана:

— Эне тил дептериң барбы? Сен жокто өтүлгөндөрдү көчүрүп берейин,— деди.

Қычандын көзү мөлтүр жашка чайылып, кайра заматта кычыгына имерди. Нурдуу кара сур өң кумсарып кубула түштү. Өмүрүндө бирөөдөн жардам күткөн жан эмес. «Бечаралык, алсыздык башыма эч качан түшпөйт» деп ойлоочу. Эмичи! Асылкүл энесинен бетер үстүнө үйрүлүп жаракөрлөнүп жатпайбы? Эч качан майтарыла элек илеби курч эрке жүрөктү балкыткан боорукер сөз тилин буун, зээнин кейитпедиби... Эмне кылаарын, макул же жок дээрин билбей дендиреди. Тили байланды... Каны ташып, ызасы жүзүнө жабалактап... Бермет тиштери кычырап, жаак эттери түйүлүп кимгедир ызырынды. Мандайындагы кош саамай ынак курбусунун кетенчиктей түшкөнүн байкай, сырын билгизбөөгө тырышып, тишин ырсайтып жасалма күлүмүш этти. Даңгыр жолдо келатып, кокусунан караңгы жеркуйга түшүп кетип, түпкүрдөн күндүн шооласын көрө койгонсуп, Асылкүл кайра жакындады:

— Эмне болду? Менин жардамымды каалабайсыңбы?

Чын дилинен айтылып жаткан жылуу-жумшак сөз намыскөй эр көкүрөк Кычанга «жибек менен кой мууздагандай» тийип... Асылкүлдүн бул мамилесине табар арга, берээр жообу жок сыяктанды. Эгер эркек балдардын бирөө болгондо атырылып бир тийип, же тоголото коюп, же шатырата тилдеп ийине келтирмек. Бакырайган көзүнөн ызалыктын жалынын учуруп, дуулдап ысыган бетине желп эттирип колун силкип, башын чулгуган боюнча Асылкүлдү томсортуп жалгыз калтырып, сыртка чуркады. Класташтары небак үй-үйлөрүн беттеп туш-тушка тарап кетишкен. Мектептин алдындагы тоборсуган такыр аянтчада чымынкуюн түшүрүп, топ ойноп жатышкан кичирээк балдарга шек билгизбөө үчүн четтей басайын дегенде, нары жактан Тенти чыга калды. Өзү алдыга түшүп, Кычанды кошо кабинетине чакыра кирди. Ызага ууланып, буулуккан Кычан агайынын өтө эле салмактуу мүнөзүнө, ичиндеги жашыруун сырларынан өйдө сугуна тигилген кыраакы көз карашынан баштагыдан бөтөнчө кошулташыл сүрдөп, денеси чоктой дүүлүгүп, буулана баштады. Ага таарынып, шолоктоп ыйлап класста жалгыз олтурган Асылкүл жарегине элестелип тартылды. Ошол учурда Тенти агайынын:

— Ушакка уялчу эмес, Кычан, көтөр башыңды! — деген коңур үнү жайлоо желиндей салкын чачты. Кирпигин көтөрсө, бакырайган сүйкүм жүздүү агайы дабышсыз келип жанына кыналып калыптыр. — «Акка ийне сынбайт» деген акылман сөз бар. Сенин келишинди күтүп жатканбыз. Маселенин түйүнү чечилүүгө тийиш. Ата-энең караңгы кишилер эмеспи, абдан үрпөйүштү. Бая күнү мен да айткам. Кур жалаага жабыгышпасын, макулбу? Милиционер Дүйшөн Мамбетовго жолуктум. Андан коомайсынбагыла. Сага, Атайга ыраазы болуп калыптыр. Керездин оорусуна шек санайт экен. Жазганбай эле Капсаландыкына барып тургула. Анын азыркы мамилесин байкагылачы. Турасы түгөнгөн куу түлкү жойпуланып алдоого аракеттенер. Керез келери менен жакшылап сүйлөшүп сырын тарткыла. Менимче, ыгын тапсаңар, ал Атай экөөңдөн жашырууга тийиш эмес. «Ит өлөөрүндө кайышчы» деп, бекер айтпайт. Алдан тайып бараткан душман жан талашып, бардык күчүн аябай, акты — карага, оңдуу — тескериге алмаштырууга аракеттенүүдө. Жеке эле чөптүн өртү, баягыда сен далилдей албай калган эгинди уурдоо гана эмес, дагы далайды бүлдүрүү ойлорунда бар кейиптенет. Амалдуусунган акмактардын бардык танабы тартылуу. Түшүндүңбү?

Сергип жеңилдей түшкөн Кычан портфелин оңдой кармап, көтүрө камданды:

— Түшүндүм агай.

— Шашпа.

Кычан сууту канып, чуркоого элирген күлүктөй жагалданып, шандана агайына мотурая кулагын түрдү.

— Эмки иш мындай болсун.—Тенти шадылуу колун Кычандын мүрүсүнө койду. — Сабактан көп калдың. Эртеңден баштап, жолдошторуңдун жардамын уюштуруп берем. Өзүлөрү демилге көтөрүп жатышат. «Кишиден жардам албайм» деген адетиңди, бул жолу кой. Макулбу? Тез эле жетишесиң. Ыгы жок ишке көөдөн көтөргөндө болбой калат. Жолдошторуңду таарынтып коёсуң. Макулбу?

Уяттын чоктуу тамгалары ымырап-чымырап Кычандын жүзүнө жабалактады. Короздонуп көтөрүлгөн башы кайрадан ылдый эңилди. Ал эми экинчи ирет классташ курбусу, боорукер кыздын карагат көзүн тик багып карай албоочудай түнөрдү.

## АЗУУЛУУ КАМАНДЫН АКСАГЫ БИЛИНДИ

Тенти агайдын Керез жөнүндөгү пикири Кычанды бирде ийнедей сайгылап жүрөгүн сыздатты, бирде көккө учуруп көңүлүн чалкытты. Аны тезирээк көрүүгө, чуу түшүргөн чуулгандуу кибирден чындыкты өз кулагы менен угууга ашыкты. «Жалган жалаага жабыкпагыла» деп агайынын сөзү менен ата-энесин, Кымка апаны тынчтандырган болду. Атайды ээрчитип, Капсаландыкын көздөй шыпылдады. Баягы түнт Атай Капсаланга мунтумун түйүп бороондой ышкырып, эки-үч жолу каяша айтышканып, жылан боор камчысынан жалтанбаганын айтып буркандап демигет:

— Кибиреген коён жүрөк Керез көзүмө тирүү көрүнсүнчү. Сый менен чынын айтпайт экен, жерге жексен жалпайтам.

Кашаңыраак курбусунун чамынып, кайраттуу, белдүү болуп калганына канааттанган Кычан далыга чапкылап, кезегинде Атайды ашыра мактап да жиберди.

— Жарайсың! Алмамбеттей айбаттуу, карт Кошойдой кайраттуу, Чубактай чыйрак, Сыргактай сергек болуп калыпсың!

Мактоого семирген Атай мыйыгынан жылмайып Кычанга мулундады:

— А өзүңчү! Манассыңбы же Семетей болгуң келеби?

— Жок,— деди Кычан, жактырбагандай колун тескери шилтеп. — Алардай үйгө батпас, ат көтөрбөс алптыктын эмне кереги бар. Болсок, Кычан, Атай деген адам деле оңой эмес. Болбосок жок.

Атай мукактанып, кандайдыр бирдеме айтууга чормойгон калың эрдин күбүрөтүп келатканда, Кычан ээгин тиштеп сол көзүн кысып, «унчукпа» деген ишарат жасады. Анткени — алар

кампага чукул кирип келишиптир. А дегенде чубалжыган кампанын узун имаратынын артынан айланып өтүшүп, Капсалаңдын үйүн аңдышмак. Керез келип калса, дабыш билгизбей барып, шып үстүнөн кармоого камынышты. Кокус Капсалаң сасык амалдарынын бирин салып, дени куландан соо немени деле оорунун чапаны менен чүмкөп жаткыза койбосун деп шекшиништи. Керезге ал сыяктуу жалган жооптордун далайын үйрөтүп, балдарды далай жалкыткан. Зоо-ташка далдаланып кийик өңүгөн мергенче, шырт алдырбай тамдын бооруна чапталышып, бурчка жетишти. Үйдүн каалгасы даана көрүндү. Аракеттери талаага кетти. Каалгада калдайган кара кулпу салынуу. Эшиктин алдында кышында күрөндүнүн түбүндө доңкойгон Капсалаң жорудай конуп олтуруучу, уюлдуу, туш-тушунан балтанын мизи батып, быткыл ала тамтыгын чыгарып койгон дүмүр гана. Эми жашырыныштын кажети не. Шыдыр кадам шилтешип, кампанын ооз жагы менен айланып кайра тартышып, үйдүн терезесине көз чаптырып өтүштү. Төрт көз айнектүү чакан кашектин бетин ичинен тердик менен далдаалап коюптур. Үйдөн имерилсе, жомоктогу падышанын короосунун дарбазасындай — атарабалар кенен өтөрлүк кампанын кош жаактуу заңкайган каалгасы эки жакка ачылуу турат. Кампанын ичинен жеңил чаң уюлгуп сыртка чыгып, тунук абаны бырыксытып, асманга көтөрүүдө. Балдар дан жыттанган чаңды челип, тааныш каалганын босогосуна барышты. Кампанын төрү кайда экени билинбейт, балдардын көзүнө буудай эмес эле тамдын төбөсүнө чейин шыгырата жыйылган кыпкызыл алтын көрүндү. Алар элдин байлыгы сакталган кампанын ичин анда-санда гана ушинтип көрүп жүрүшпөйбү. Таңданып, моюн созушуп, эгин жытын кумарлана жутушуп, дагы илгери жүткүнүп карашты. Нары капталындагы кычыктан шырп-шарп эткен күрөктүн дабышы чыккан сайын, шырылдап буудай куюлуп түшүүдө. Бурк этип так ошол жерден чаң ызгып калат да, бери жактагы додолой үйүлгөн буудайды, ачык эшикти көздөй каптайт. Жарыша күрсө-күрс жөтөгөн дабыш жаңырды. Атай Кычанды чыканагы менен түрткүлөдү:

— Жоон жөтөл Капсалаңдыкы. Тигине, букадай кышылдап өзү келатат.

Кычан Атайдан кырдуураак, чулу. Бутунун башы менен босогого таканчыктап, обдулуп караганча бети-башын чамбыл ала чаңга боёп, көйнөкчөн басып келаткан Капсалаң үңкүрдөн чыга калган аюудан бетер дардайып көзүнө даана тартылды. Балдарды жыга чапчудай далдайган чоң күрөктү сабынан кармап таянып алган. Шырпылдаган дабыш анда-санда сейрек чыгып, чаң да суюлду. Капсалаң килейген колунун сырты менен чаң уюган

кирпигин сүрткүлөдү. Эч тиешесиз балдардын кампага баш багып, моюн созгондорун капарына да албады. Капсалаң үрөндү себүүгө даярдамыш этип, эл жапырт талаа жумушунда жүргөн учурдан пайдаланып, көргөндү да шектентпөө үчүн каалганы ачып таштап, күрүчтөй таза буудайга кап-кап кургак топуракты кошуп, сасык жемсөөсүнө кирген центнерлердин ордун толтуруп жаткан. Аны балдар кайдан билсин.

— Оо, Кычан айланайын. Аман-эсен айыгып келдиңби? Ушинтип кол тийбей, учураша да элекмин. Бая күнү опур-топурда байкабай калыпмын. Калаа ичи тынчпы? Арзанчылыкпы? Сааттуу өрттүн салакасы жеке сен эмес, баарыбызга тийди. Ушул күнгө чейин чуусу тыйыла элек. Элдүү жерде өйдө-төмөн, ыйкы-тыйкы боло берет. Колхозубуздун күч малына чөп жетишпей арык-торук көбөйүп, өлүм-житимге учурап, соко сүйрөөр дарманы начар. Бул бир моюнга түшкөн түйшүк болду го. Мындай алааматтан калп болсо да чын деп кутулбасак болбойт.

Капсалаңдын жалпылдап жалына сүйлөгөнү, «чыт курсактарым» деген шылдыңы оозунан ыргыганы балдарды таң калтырбады. Митайымдын салган тузагынын чаңдуу желелерин даана эле сезишти. Дагы эмне дээр экен дегенсип, Кычан унчукпады. Атай чыдай албай кетти. Анын үстүнө жанагы мактаганын далилдегиси келди:— Алдабагының. Калпты чын деп башыбызды кезсе да мойнубузга албайбыз.

Капсалаң булчуюп саландаган богогун бүлкүлдөтүп, ийнин солкулдата кытылдады:

— Мен билбеген балакет жок, Атай уулум. Миң деген менен элүү-алтымыш кабырганы мурун сыйрып калбадымбы. Мындайдын далайын өз колум менен узаткам. Балалык кылып коркуп жатасыңар. Эл башына түшкөн оорчулукту силердей эле азаматтар мойнуна көтөрүп койчу. Бая күнү чекилдешкенден кийин кыял-жоругуң бузулду. Болбосо, өйдө караган уул эмес элең, Атайым.

Кычан канчалык сабырдуу турууга аракеттенгени менен, уу бүркүп магдыратып бараткан Капсаландын сыйкырдуу сөзүн дагы угууну каалабады. Так ушул жерден кылычтай тийип бырын-чырынын чыгарып үзүүгө ниеттенди:

— Ата-энебизди коркутканың эле жетишет. Кетебиз, Керездин дайынын айтып бериңиз?

Чакылдап, тикенектей сайылган «чыт курсактардын» сөзүнө чычалап ачуу чакырып, кубалап чыккан менен эч пайда артпасын ойлоду. Капсалаң. Көмөлөтө чаап жексен кылууга каны кайнаса да, колу кыскалык кылды. Өңүнүн кандайча кубулганы чандан көрүнбөдү. Үксүйгөн чаң мурутун тили менен аймай сугунуп, арамзаланып богогун дагы титиретти:

— Оң айтканды тескери алып жатасың. Эргежелдин жүзү чогулуп бир куурайды сындыра албайт имиш. Анын сыңарындай атаңардай кишиге бекер акыраңдабагыла. Жанагы Тенти молдо дагы көкүтүп жиберген окшойт ээ. Чыт кырсактарым, ким жакын, ким ыраак, ким душман, ким дос экенин билбейсиңер. Ата-энеңерди калп эле опузалап жатканыбыз менен ишиңер жок. Эскертип коёюн, Керездин айтканын беттешкенде мойнуңарга албасаңар, молдо-солдоңор кошулуп, көзүңөр чукулат. Анткор чыт кырсагым, Керезди таап бер деп мени кекетесиң, ээ? Калаадагы доктурканадан менден мурун сен көргөндүрсүң? Эчтеке эмес. Эсенчилик болсо, эки-үч күндө келип калар. Аны коёлу. Келгиле бери эми, элдешели. Кампанын эшигин аттап киргениңер ушуну менен экинчи ирет. Калпагыңарды тоскула, баягыдай бадырактык буудай салып берейин,— имерилип, үйүлгөн кызылдан күрөгү менен толтура сузуп, беркилерге сунду. Ар кайсынын башын чаргыткан жыйынтыксыз, жылаңач сыйкыр сөздөрү балдарды иренжитти. Атай эмне кыларын билбей, колун калпагына жакындатып барып, башын тырмаламыш этип, босогодон артка секирип түшкөн Кычанды кылчайып карай калганда, Капсалаң бешиликтей колу менен шыпырып алып, кайруусун чыгарып жыкжыйма толтуруп бооруна кучактатты. Кычан Бейшекенин үйгө калтырып кеткен эски кепкасын кийип жүргөн.

— Ой, чыт курсак, бери бас. Чүрчүттүн телпеги буудайдан булганат деп турасыңбы? Сенин атыңды ким койсо да олуялык кылыптыр. Дал өзүн тапкан экен. Эй, капыр, адамга коюучу ат эмес. Атаңдан барганда сурачы. Адамдын кежири, акмагы кычаанчы аныкэле Кычан турбайсыңбы? Буудай сени жутуп жибербейт го. Кел бери, чыт курсак Кычан!

Капсалаң бул айтканы аз келгенсип, кытылдап кытмыр кышылдап күлдү.

Өмүр бою аты-жөнү туурасында чеки сөз укпаган баланын бүткөн бою дүрүлдөп, бети-башы ымыр-чымыр ысыды. Улууга кыяпат сүйлөп көнбөгөндүктөнбү, калдайган каргашалуу Капсаланга каяша айтууга үнү буулугуп, тили күрмөлбөй өз ичинен кекечтенди.

Капсалаң Керез жөнүндөгү суроосунун жообун унутуп, балдарга буудайдан «сый» берип, дагы бир ирет кайырмак жуткуруунун аракетин жасады. Кычан болсо, жөргөмүштүн чандуу желесин жайып келатканын байкады. Калпагы толтура буудайды кучактап, алайган Атайга да, тирүүлөй жутуп жиберчүдөй акырайган амалкөй Капсаланга да колун шилтеп басып кетти. Атай буудайды шарт төгүп жиберип, анын артынан зымырады.

Чаңга көмүлүп саксайган Капсалаң «бармактай серейген чыт курсактарды тузакка чалынта албадым» деп кагынып-силкинип, кыжырланып додолонгон буудайды тизесинен матыра, матыра басып нарылады.

## КЫЧАНДЫН ТАРЫХЫ

Кычан — кычаган кежир, тажаал, кычааны, акмак, чектен чыккан ээн баш. Иши кылып, адамга ылайыксыз кандайдыр бир каргыштуу ат?! Майыптарды: Тойтук, Чулдур, Кыйшык, Бүкүр, Сокур, Чолок деген сыяктуу мыскылдап жүрүшүп, ошого көндүрүп, жатыктырып... Өзүнө энчиленген ысмын аргасыз унутуп-картышат. Ал эми Кычандын эмнеси кемчил. Дени соо, өңдүү-түстүү, жалындай дуулдаган чыйрак, жолдошторунун арасында гана эмес, айыл-апага да белгилүү бала. Кычан Капсаландан узагандан кийин башы катты да калды. Ал өзүнө кымындай чаң жугузбоону, булганч жерди баспоону самоочу эмес беле. Эмичи. Чоң чатакка аралашканы аз келгенсип, атынан да кыйкым чыгарып, кордоп жатышканы эмнеси? Мурун Кычан дегенден эч нерсени байкоочу эмес. Аны киши да ардантпаган. Ойлосо, ар бир аттын кандайдыр бир мааниси бар. Жадегенде кибир Керездин атычы?! Чындап эле эне-атасынан калган Керез, жакшынакай, уккулуктуу, жылуу. А Кычанчы? Ары ойлоп, бери ойлоп кайра-кайра башка киши болуп, чакырып көрдү да, селт этип чочуду. «Алдейлеп багып өстүргөн, эркелетип сүйгөн ата-энем кантип ушуну мага ыраалады экен? Жок. Кандайдыр бир себеби болууга тийиш. Айттырам. Котортом».

Кыжыры кайнап, токтоно албай ата-энеси менен көрүшкөндө эле жаңжалдашчудай. Бирок кантип, кандайча чыр баштайт. Үйүнө келсе, экөө тең жок. Талаадан, кош айдоодон кайтыша элек. Өмүрүндө акырая тигилип атасына да, апасына да суук тил агытып, каяша айтып көргөн эмес. Ата-энеси болсо, алаканына салып алдейлеген, ардактаган жазыгы. Кийин бой тартып келатканында үй-бүлөлүк иштерге акылга ортоктоштурушат. Азыр да кээде жаш баладай эркелетишет.

Жабык сырды башкалардан суроону каалабайт. Актан атасын издесеби? Бирок ал кишиден суроо уят да. Айласы түгөндү. Убакыт өткөн сайын атырылган ачуусунун мизи майтарылып, көшүй баштады. Чаташкан чаңдуу ойдун желесине чалынып жатып, уйкуга алданды.

Жакып менен Турдукан адаттагыдан тышкары жумаланып бүкүлү уктап жаткан уулун көрүшүп, коопсузданышты. Кычан күндүзү өлүм жан жаздыкка башын койчу эмес. Башына да эчтеке жазданбаган. Шырдактын үстүнө гана үстөмөндөп жыгылган. Оодарып карашса, бетин шишик баскандай, шырдак-

тын оймо-чийме тагы өткөн, кирпиктери нымдуу. Жамажайынан шилекейи куюлган. Мындай жат көрүнүш Жакып менен Турдуканды жөжөсүн кулаалыга илдирип жиберген тооктон бетер үрпөйттү. Жүрөк тил учуна илинип, аптыгышты. Турдукан чөгөлөп олтура калып, уулунун башын тизесине койду:

— Көзүңдү аччы, каралдым. Бизди коркутуп-үркүтпөчү?

Жакып андан бетер башын чайкап, карбаластады:

— Күнөөнү мойнуна албайсың деп начендик уруп-соккон экен. Азаптуу башым, армандан арылбайт экенсиң го...

Кычан кобур-күбүрдү угуп, түшүндө кармашып жаткан коркунучтан кутулганына шашып, көзүн умачтай ачты. Маңдайында сары убайымга жеңилген эне-атасы үлдүрөп олтурушат. Алардын коркунучка чырмалышканын сезип, жылмайып күлүп койду эле, энеси:

— Ии, ошентсең, каралдым. Эмне, бетке койдубу, шишип калган белем. Ыйладыңбы! Жаңы закүндө уруп-соккон жок эмес беле.— Бети-башын алаканы менен сылап, чекесинен жыттап-жыттап алды. Кычан алиги окуяны эстей коюп, көңүлү айланды. Эне-атасын көргүсү келбей көзүн жуумп, кайра шырдакка томолонду. Жакып олтуруп-тура калып, тегеренип дилдирек болуп кетти:

— Ыя кокуй, эсин оодарып койгон белем. Сүйлөсөң боло!

— Кой, тегеренейиним, антпечи?! Жүрөгү жок бизди тирүүлөй азапка өрттөмөк болдуң го,— деди Турдукан.

Эне-атасынын чындап эле чоң чатактан чочулашканын туюп, Кычан ордунан козголбой, өрөпкүп, күңкүлдөдү:

Үрпөйгөн эне-ата күңк-мыңкты ачык түшүнө алышпай алдасташты. Жакып ботосунан айрылган төөчө букулдап, башын чулгуду:

— Ия кокуй, биздин эмне жазганыбыз бар? Ачык айтсаң боло?!

— Жаман көрөсүңөр.

— Кой, каралдым, антпе. Турчу, айтчы, эмне болду?

Турдукан эки колун боортоктогон уулунун мойнунан өткөзүп, салаалап жатып, зорго тизелетип олтургузду. Кычан ан сайын шырдакка өмөчүктөп, таштай түйүлүп, салмагын салууда. Жакып нары жактан чыракты күйгүзүп, жакындатып койду.

— О, жаманым десе, кечээ күнү сүйүнтүп келип, бүгүн минтип олтурганың эмнең— Маңдайынан сылап атасы эркелетти.

— Жаман болсо ошентет да,— Кычан кабагын үтүрөйтүп, атасынын жүзүн карабай үңкүйдү. Жакып жалынып-жалбарган менен жакшылыктуу жооп ала албасына көзү жетти:

— Ал эмнеси экен. Жөн эле айтпайсыңбы, же бизди кекеткиң келеби?

Муун-жүүнү бошоп, шылдың атка арданып турган бала, анын үстүнө атасынын катуулап баратканына эреркеп, шолоктоп жашып кетти. Ызакорлугу белгилүү эле. Бирок минтип ыйлаган учуру аздыр.

Турдукан жоолугунун учу менен бышактаган уулунун көз жашын сүрттү.

— Койчу, атасы. Азыр өзү айтат. Жигит болгонуңду билбейсиң го. Кой эми!

Уулу кайраттанды, минтип олтуруудан эчтеке чыкпасы белгилүү.

— Коркпой эле койгула. Жашырбасаңар айтам.

— Айт, каралдым. Жашырсак оңбойлу.

Эне-атасынын убадалуу сөздөрү чөккөн көңүлүн калкытып өргө сүрөдү. Кабак-кашына жабышкан көлөкө турса да, кадимкисиндей жаркылдап, шып манжасын сунду:

— Кол алышып коёлу. Убадаңарды тансаңар экинчи сүйлөшпөйм.

— Макул эле.

— Болсун, каралдым.

Кыса-кыса кармашып, убада чечилбес түйүндөлдү. Кычан ондонуп олтуруп, тилин жаныды:

— Айткыла, менин атым Кычанбы же башкабы!

— Кычан эле, жаманым.

Турдукан эринин жанына чукул жылып, көйнөгүнүн этегинен «токто» дегендей тарткылады.

— Мен силерге чын эле кычаган, кежир, акмак Кычанмынбы, же баланармынбы?

Жакып Турдукандын тарткылаганын тооткон жок.

— Ооба. Кычан. Анан эмнесиң?

Бала колун шилтеп ордунан тура качты.

— Болду! Убаданы тандың.

Апасы кошо козголуп, ээрчий басты.

— Танбайт, каралдым. Бирөөдөн сөз уктуңбу? Таарынчактыгын. Келе гой, сүйлөшөбүз.

Жакып бир чети уулунун ороюнун бузулушунан кандайдыр жабык сыр бардай чочуласа, экинчиден алда-качанкы унутулган кейиштүү окуяны козгоп олтургусу келбеди.

— Ой катын, сен эмне деп дөөрүгөнү турасың. Кээ бир эселектер шектүү, бален-пастен, андай-мындай деп атынан да кыйкым чыгарат имиш. Баламдын аты жакшынакай эле.

Жыйылган жүккө барып, жөлөнө чалкалаган Кычан эс тартканы биринчи жолу атасын акырая каарып өттү. Апасы уулуна болушуп, тырчый ээгиндеги чалындуу жолугунун учун чечти:

— Кой ээ, уста, (Турдукан Жакыпты уста деп тергей тур-

ган) балаң бирдеменин шек-шооратын билип булкулдап жатат. Коркок байкушум, түштөн кийин жашырып баланы азапка салгың келип турабы?

— Баатыр экенсиң, эбиреп-жебиреп айтып бер.

— Айтам эле. Бери кел, уулум. Сен төрөлгөндө асан чакырылып, чоң кудайдын кулагына угузуп, коюлган атың башка...

— Апакебайым, ошондойбу!— Кычан учуп жетип апасын кучактай эпейди.

Жакып улам кетенчиктеп бүжүрөп, жүктүн бурчуна сыгылып олтурду.

— Ак сүтүмдү эмген каралдым, тиги коркок экөөбүз өз атыңды эстетпейлик деп ант кылдык эле. Катуулап сурап калдың. Өзүмдүн күнөөкөр болгонума кайылмын. Айтпасам болбостур,— Турдукан мойнуна оролуп, бети-башынан жыттагылап, эт жүрөгүн эзилткен уулун колу менен сылагылап, эркелете, оозун күбүрөтүп кудайдан кечирим суранды. Көптөн кийин гана жүк түбүндөгү Жакыпты айланып карап өттү:

— Каралдым, өз атың Дүйшөке. Сен баркырап-даркырап ыйлап жерге түшкөндө кыбыланы карап алаканын жайып, азан чакырып, тигил атаң өзү койгон. Анан...— мукактанып тып басылды. Кашындагы баласына түспөлдөш, бакырайган көзүнөн мөлтүр жаш айланып, өңүн ажарланткан кызыл нур шимилип, күнгө күйгөн чүпүрөктөй бозорду. Ачуусу келген же эси чыкканы белгисиз. Жакыптын денеси калч-калч титиреп, жакасын муунта кармап, кудайдан кечирим сурап Турдукандын жанына жылып жетти. Экөөнүн ирөөндеги кубулуштун себепчиси молдонун астында куран кармап, экинчи айтпаска берген шерти эле. Динге ууланган шордуулар «алла таала асмандан түшүргөн» курандын кусуруна калдык деген коркунучтун туткунуна чырмалышты. Кычан ары-бери так секирип:

— Дүйшөке! Дүйшөке!—колун кубанычтын ур токмогуна айлантып, төшүн койгулоодо.— Бейшеке, анын иниси Дүйшөке, көрчү, кандай уйкаш, окшош. Кулакка жагымдуу, жакшынакай. — Оромпой тээп, бийлеген боюнча бет маңдай күбүрөшүп-шыбырашып, кумсарып-татарып, нааразыланышып олтурушкан ата-энесин, экөөнө эки кулачын жайып кучактады.

— Айткылачы, эмне үчүн өзүңөрдүн каныңардан жаралган балаңарга койгон, байкесине уйкаш сонун атын, капкайдагы шылдың атка алмаштырасыңар. Дүйшөкени кайдагы бир Кычанга саткансыңар. Уят эмеспи!

Ал кубанганынан Бейшекени байкем деп алгачкы ирет айтты. Уулунан кадимки акылы толук адамдардай салмактуу, жүйөлүү чоң-чоң сөздөрдү угуп, ата-эне чыдап тура албады.

— Балам, кудай өзү кечирсин... Турдукан эркек төрөсө Бей-

шекенин иниси Дүйшөке коём деп мурунтан камдап жүрдүм эле. Тилегим кабыл болду. Атыңды өзүм койгом. Мына, он төрткө толуп баратасың. Үчкө чыкканыңдан бери Қычансың. Аттын өйдө-төмөнү эчтеке эмес. Аман жүр. Өзүң адам катарына кошулуп келатасың Қычан эле бойдон жүрө бер, чырагым. Начандик атыңдан чатак чыгардыбы?

— Жок,— деди колун серпип,— эмне үчүн Қычан болгом? Чынын айткыла. Болбосо мени балам дебей эле койгула!

Турасы түгөнгөн соң, эне-ата убуртуп-чубуртуп, Қычандын окуясын улашты...

Дүйшөке, буту баскан күндөн тартып ашкан тентектиги ашынган. Томолонуп-жумаланып жыгылганга быш этип ыйлоочу да эмес. Эшиктин алдын кесип өткөн арыкчадагы суудан жалтанбай чулп түшүп, кийимин шөлбүрөтчү. Чаңды, күлдү чеңгелдеп, бырыксытып чачып, кийим-башын, киши-караны булгоочу. Мышыкты кулактап, жаткан иттин үстүнө минүүчү. Эртели-кеч апасы уй-саап олтурганда чакадан саал-паал эле кырдуурак бою менен бөжүрөп, уйдун астына кирип баруучу. Саадырбай эмүүгө жүткүнгөн музоону чыбык менен сабоочу. Ыкшоорок, жоош кичинекей теңтуштарын түрткүлөп, сүйрөп, жүдөтүп, ыйлатуучу. Ары-бери чуркап чаң салып жүрмөйүн эне-атасынын астына тынч алып бопоюп олтуруу ным. Ушинтип өзү менен өзү алпурушуп жүрүп, жедеп чарчаганда чандайып уйкуга кирүүчү.

Айтор тынымсыз бейбаш эле. Бир жакшы жери аны бер, мунубер деп обу жок кыйноочу эмес. Өзгө имерилип, чоочунду жерүүнү түк билбеген, телик. Атка өңөргөн, ойноткон кишини ээрчип кете берүүчү.

Бармактай кезинен тартып, Актан жакшы көрө турган. Эртели-кеч атын токунуп, атайылап бастырып келип өңөрүп алып, далай жерге саякаттатып, анан үйгө келүүчү. Андай кишилерден Турдукан менен Жакып тартынбай калсын. Баласын ыйлатып, далай кемпир-келечтен каргыш угуп, ата-эненин сай сөөгүн сыздаткан күндөрү да болгон. Үчтөн өтүп, чуркаса буту жерге тийбей текилдеп, (атасы эски маасыны кичиртип, кашыктай жеңил чокой тигип берген) тили такталып чыккан мезгилде каргашалуу бир иш дуушар келди. Жакып башынан сезгенип катуу ооруп жыгылды. Үй-бүлөнүн үрөйү учуп, чый-пыйы чыкты. Анда букара кыргыз догдурду жакшы биле элек. Турдукан жабышкан илдеттен үй ээсин, балдардын атасын сактап калууга ылаажы издеди.

Тестиер Бейшеке өйдө-ылдыйды түшүнүп калган. Атасы алдастап онтолосо, селдейип чочулап, тынчтанып жайлана түшсө мылмыйып күлүп, кобур-күбүр сүйлөшөт.

Капарына эчтеке түшпөгөн Дүйшөке болсо, үй-ичин чаң ызгытып кайра оору кишиге түйшүк салат. Ал эле дейсиңби, кээде эшикке жөлөнүп-таянып чыгып келген атасынын таягын ат кылып минип, чу коёт. Қыңкыстап чыдай албай жер төшөктө жаткан атасынын үстүн тебелеп ого бетер жанын кейитет. Турдукан менен Бейшеке кагып-согуп сыртка кубалап чыгышат. Ан сайын ага жага бербейт. Чаңга кийим-кечесин булгап, тепеңдеп алыс кетип, дагы эле апасынын түйшүгүн арбытат. Уруп, тилдегенге баласаак эненин колу барбайт. Атасы ооруп жатса, баланы аңылдатпайын деп эркине коюуга аргасыз. Қойчу, Қычандын ошондогу тыюудан чыккан эселек тентектиги Турдукан, Бейшекенин көкөйүнө көк таштай тийген.

Ошентип омуроолору жарга такалган Турдукан менен Бейшеке зар ыйлашып, атасынын чымындай жанын кудайдан тилешет. Андан башка арга табышпайт. Алыстан эмчи-домчу издөөгө колдору кыска, күч-кубаты жетишсиз.

Таяке болумуш этип, ылым санашып, керектүү оокат-тиричилигин Жакыпка бүтүртүп жүргөн Майрык молдо Актандын атайылап чакырып барганына карабастан, жайлоодон он күн деген де араң келет. Турдукандын этеги элек болуп, «кудайдын сүйгөн киши си» демиң тийип калар, анын үстүнө таякеси пири болот дечү эле деп даамдуу тамак-ашын астына жайнатып, аябай сыйлайт.

Майрык молдо ан сайын көкөлөйт. Арапча түшүнүксүз дин сөздөрүн аралаштырып, ар кыл шумдуктарды айтып, ыйык, сыймыктуу кишидей көрүнөт. Шуңшуйтуп селдесин оронуп, тепесин тартып, астына чыныга суу куйдуруп коюп, бөдөнө башын ийкендетип, эчки сакалын экчеп, кээде үргүлөп, үнүн созуп бажырап дем салып олтурат. Кээде жин тийгендей зиркилдеп, буркан-шаркан түшүп, Жакыптын баш-аягынан аттап өтүп, шалдыркандуу аса-мусасы менен жерди сабап, «оорунун ээлерин» кууйт. Бейшеке уй кезүүсүн кайтарып талаага кеткен...

Узун аңгемеге ынтаасын коюп, тыңшап олтурган Қычандын эне-атасына түйүн-түйүн түйүлгөн таарынычы кесек кант чайга акырындык менен эригендей, эрип жоголду. Қараңгылыктын кесепетинен чыккан жорукка жинденди. Ошол күндөн тартып, Дүйшөке — Қычан атка көчүптүр. Өзүлөрү коюп, көнгөн эне-ата да, тили чыгып, атын түшүнгөн бала да далайга чейин чайналышыптыр.

Бара-бара кулакка жат алып, Қычан деле жакшы аттай сезилип кетиптир. Үйдөн чыга элек жаш бала менен элдин иши эмне. Анын мурунку аты-жөнүн байкабай калышыптыр...

Мектепте кийинки документтерине Дүйшөке атын жаздырып алсамбы деген ой кылтыйды. Бирок анын деле анчейин зарыл-

чылыгы жоктой. Ансыз деле башынан ыркы келишпеген Майрык молдого Кычандын ызырынуусу ырбады. Уулунун көңүлү жайланганын көрүп, Жакып менен Турдукан да жаркылдады.

## ЖАРЧЫ

Актандын чечекейи чеч. Сүйүнүчү койнуна сыйбайт, бажырайган көзүнөн тартып, дирилдеген сакалынын учуна дейре күлкү. Таң кылайганда асманга атып чыгып жарыктыкты куттуктаган торгой менен үн алышып, кыштактын ичин жаңыртып жар салууда:

— О... ой, тур. Ойгон! Бери чык. Сүйүнчү!..

Кашаң кара керди теминип, дал каалганын түбүнө токтойт. Нукур табылгы камчысын бүктөй кармап, дүкө-дүк койгулайт. Үй ээсинин сыртка чыгышын күтпөй, бастырып жөнөй берет. Экинчи бир үйгө келет. Короонун ичиндеги кош каалгалуулардын терезесин ургулайт:

— О... ой, тургула! Сыртка чыккыла. Сүйүнчү!.. Сүйүнчү!..

Заңгыраган бийик үн таза абаны жарып, алда кайда жаңырат. Кыштактын жалгыз эркеси сыяктуу кенен-кесир бастырып, шатыра-шатман бак-бак сүйлөп, тайманбай үйдөн үйгө барып, таттуу уйкунун кучагындагы элди ойготушуна караганда, жалпыга бирдей жакшылыктын маанеси бардай. Кашаң кара керге торс-торс камчыны чаап, бөлп-бөлп желдирип, бири биринен оолак салынган үч көчө кыштакты айланып бүттү. Табышмактуу сүйүнчүгө дарбыган эл убап-чубап көчөгө чыгышып, биринчи үйдөн экинчи үйгө басып келишип, эмне болуп кетти дешип доңшууда. Көк башы Актандын ак көңүл, пейли тунуктугун баары билишет. Кээси анын үнүнөн тааныган. Айрым уйкуга карамыккандар ким экенин ажырата албай:

— Ооий киши, сен кимсиң. Сүйүнчүңдү айтпайсыңбы?— дешип артынан айкырык салууда. Ага кайрылбай башын чулгуп, кара керди бурай-бурай камчыланып, бөлп-бөлп желдирип, бет алган жагына жөнөй берет. Жарамазандын обонуна салып толкундуу ыр чубуртат:

— О... ой, сүйүнчү,
Шыдыр сыртка жүгүрчү.
Мен жарчымын, жарчымын,
Жакшы кабар салчумун.
Сүйүнчүмө берсеңер,
Жарма, токоч алчумун...

Уккандар кырааң-каткы күлүшүп, артынан догдоп ээрчий басышты. Четки көчөнүн учундагы Жакыптын бүлөсү эзелтен тааныш Актандын сүйүнчүсүн укканда «оозуңа май» айтышып,

жапырт сыртка дүргүштү. Кычан чымын-куюн түшүп, көчөнү айлантпай, бөлп-бөлп желген кашаң кара керге жетип, Актан атасын тизгинден алды:

— Сүйүнчүңүздү айтыңыз, атаке? Таарынбаңыз. Каалаганыңызды беребиз. Биздикине кайра тартыңыз.

— Кел, учкаш, силерге ыраазымын, кулунум. Башкалардан деле сүйүнчүмө алаарым арзан эле оокат. Угуп турчу.

Ырын кайталады. Кычанга аябай жакты. Актан атасынын үзөңгүдөгү бутун тээп «карт күрөңдүн» аркасына кош аяктап, карыянын ийнине колун койду. Ээрге жалпайып олтурган Актандан бийик көрүндү. Жеке эле Жакыптыкы эмес, үй-үйдүн эшигинде чокмороктошкон элди көрүп, сүйүнчүнүн кандайдыр бир маанисин түшүнүп, Актан атасынын ырын азыраак өзгөртүп, заңкылдап башкача обон менен кайра-кайра кубулжутту:

— Ой, сүйүнчү, сүйүнчү
Шыдыр бизге жүгүрчү.
Биз жарчыбыз, жарчыбыз,
Жакшы кабар салчубуз.
Сүйүнчүгө берсеңер,
Токоч, каймак алчубуз!

Кулун үн жыбылжып уккулуктуу да, маанилүү да, сүйкүмдүү да. Актан өз өнөрүн элге тараткан балага тыюу салмак беле. Ичинен кымылдап, көчөнүн быяк өйүзүнөн да, тыяк өйүзүнөн да жардап турган элди жарк-журк карап коюп, унчукпастан онду-солду орой-орой камчыланып, «ырды уккула» дегенсип кашаң кара кердин бөлп-бөлп желиши менен сүздүрүп өтөт. Жарданган элге келгенде Кычан ого бетер заңкылдайт. Түштуштан:

— Бали-бали! Өмүрүң узун болсун, айланайын!

— Ой, бай болгурлар, токтогулачы! Нан, токоч, каймак, жарма эмес, сүйүнчүнөргө кой, чапан берели. Айтсаңар боло,— деген үндөр тыяк-быяктан жаңырат. Актан кашаң кара кердин үстүндө ак көйнөгүнүн бүчүсүн чыгарып, көкүрөгүн дагдайтып, курун чечип, кемселинин этек-жеңин жайып жагалданды:

— Шашпагыла, бир аз чыдагыла, калк! Болгондо да маңдайыңар жарыла турган жаңылык! Кеңсаларды көздөй баскыла!.. — Кашаң кара кердин такаланган олчойгон туяктары менен жерди дапа-дап оё бастырып, камчысын булгалап, Кычандын ырына маашыркап жүрүп кетет.

— А... ай, оңбогон чолок этек, жоктон бирдеме тапкансып, таң заардан элдин тынчын алганын карачы. Мындай эселекти чогулуп төпөштөп, ийине келтирип койсо, сонун гана болор эле да — деп, элдин дарбыганынан өзү ойгонгон Капсалаң топтун ичинде кыжырланууда. Анын сөзүн эч ким коштоболу. Эл түрү-

лүп көчөнүн аягындагы колхоздун кеңсаларын беттеп, самсып келип жатышты. Актан менен Кычан «карт күрөндү» бөлпүлдөтүп Ызакулга барышты. Башкарма Ызакул түксүйгөн мурутун кайра-кайра жанып, тамдын башынан одурайып дүрбү менен кара жол жакты шыкаалап туруптур. Ормолондоп шатыдан шашып-бушуп түштү:

— Актан аксакал, келатат! Элди кыштактын сыртындагы сайдын жээгине ээрчитип чыгыңыз. Азыр мен да аттанам. Жүрү, иним, чоң жумуш тапшырам.

Кычан ыргып түшүп, Ызакулдун артынан үйүнө кошо кирди. Заматта уукка байланган кызыл желекти желбиретип көтөрүп чыкты. Актан Кычанды артына шап кондуруп алып, элди көздөй кашаң кара кердин оозун кагып-силкип чочко текирең менен жөнөдү. Кычан аттын үстүнө кош аяктап туруп, Актандын мойнунан артыла кучактап, желектин сабын кош колдоп бекем кармады. Желек жаздын таңкы желине жалындай дүркүрөп, асманда сыймыктуу желпинип, котологон көпчүлүктүн көңүлүн бурду. Элдин курчоосуна чөмүлгөндө кашаң кара кер тык токтоду.

— Айт, Акы!

— Кычан балам, сен шыбырап койчу?!

Актан эки үзөнгүсүн чирене тээп ордунан бийик көтөрүлдү. Кычан желекти анын башынан жогору желбиретип кармап турду. Алоолонгон кызыл туу салтанаттын жарчысы сыяктанды.

— Эл-журт, ырыс-кешигибиз көл, бактыбыз тоодой экен. Жүздөгөн теше жерди арык-торук унаа менен кантип айдап бүтөбүз деп, көзүбүздөн кан агып жатты эле. Айланайын Кеңеш өкүмөт, Кемунус партиясы кош айдоочу машийне жибериптир. Чөп жебейт, чаалыкпайт, арыктабайт дейт. Отуз-кырк соконукун жалгыз өзү айдап, өзү сээп, өзү малалайт экен. Бар болгону бир-эки эле киши тизгинин бура тартып минип жүрөт имиш. Аты тилимдин учунда эле... унутуп калганымды көрчү. Тыр баатыр дейби?..

Аңгыча артындагы турган Кычан: «Тырактор»,— деп кыйкырып жиберди. Кубанган эл дарыядай толкуп, өкүрөндөтүп чаап жөнөшкөн Актан менен Кычандын артынан сүрдүгүштү. Тили келишинче ар кимиси жер айдоочу машинанын атын жатташып, түшкө кирбеген укмуштарды чыгарган өкмөттү алкай, кээ бир карылар жакаларын кармап, тобо кылып эрдин күбүрөтүп, келмесин айтып жүрүп олтурушту. Ызакул элди кыштактын сыртындагы сайдын боюна сап-сап катарга тургузуп токтотту. Абаны титиретип тр-р-күр-рлөгөн дабыш улам жакындай берди. Жердин кудайындай — кыртыштуу дыңды булкуп-силкип, солкулдатып дөбөдөй жылып келаткан машинага умтулган көздөр

жылдыздай күлүңдөшүп болотко чагылып жарк-жарк. Тегерене чуркашып, тырр... баатырдын сын-сыпатына таңыркай ээрчишти.

Капсалаң гана элден бөлүнүп, бороздун башына сокудай шоңшоюп олтуруп, ата-бабасы ээлеген, жаралганы соконун тиши чийбеген жердин каңтарылган топурагын алаканына салып, көзүнө имерди. Элдин шаңынан көзү караңгылап башы айланды.

Кубанычтын атылган чуру-чуу кыйкырыктар мотор үнүн коштоп, жаңыдан колхоз уулу төрөлгөндөй теребелди шаңга термелтти.

Кычан Ызакулдун тракторго түптүз кирип барганын көрүп, аттан секирип түшүп, желекти ала чуркап жетти. Бирок Ызакул желекти трактористке бер дегендей жаңсады. Кычан азоолок эмне кыларын билбей турду да, желекти асмандата бийик көтөрүп, буралып чыккан түтүнгө чулганган тракторго чукулдады. Тракторист желекти ала коюп, Кычанды жанына олтурууга чакырды. Ансыз эле кубанычка баткан Кычан өз жолдошторун көздөй даң салды.

## КЕРЕЗДИ «СОТТОО»

Эртең менен Керездин келгенин уккан Кычан менен Атай чуркап жетишти. Жарым сааттан кийин Ичке-Сайды бойлошуп үчөө колтукташып жөнөштү. Кош салаа бөлүнүп кеткен эки арыктын ортосундагы чым басып дөмпөйгөн мүрзөлөрдү четтей өтүштү. Бирин-серин сокоюп ак шапак тартып куураган былтыркы чогойно куурайдан күчкө салып жатышып эки-үч түбүн жулуп алышты. Дагы нарылай түшүшүп олтурууга жай тандашты. Арыктын сол жээгине аттап өтүшүп, жашыл чым жамынган дөңсөөчөгө жамбаштап олтура кетишти. Айлана али бозомук, таргыл ала. Жыпар жытын аңкытып гүл жайнап, жашыл шибер кулпунуп, көз кумарын кандыруучу мезгил али эртерээк. Арык-арыктын боюнда, күздө суу жайылган кыртыштуу жерлерде гана жашыл ыраң кылтыйып, жазга алгачкы саламын айта кулпунууда. Жаздын жаңылыгын куттуктап кучактай жыгылган үчөөнүн жүзүнөн сагыныч да, таарыныч да байкалат. Асман бети түн пардасын тартынганда биринчи көрүнгөн жылдыздай жымың этип бирин бир алдыртан жылытып аймап өтүшөт да, кайра эле тоо башын чулгаган сур булуттай томсоро калышат. Жакын жерде караан чалдыкпайт. (Алар атайылап ээндеп келишкен.)

Желп-желп соккон сыдырым жел, алыстан дүркүрөгөн трактор үнүнө термелип абаны толкутат. Үчөө өбөктөшүп арыктын түбүндөгү булдурттаган тоо суусуна үңүлүшөт. Күмүш канаттарын аңтарып шашылыш боюн кергенде жарк-журк жайдыр-күз-

дүр жуулуп жымылдаган таштар көрүнө түшөт. Кычан берки экөөнөн бөлүнүп, суу бойлоп ары-бери басып, көптө кайтты. Бүткөн боюн таштап саландашып, колдорун созуп суудан чөмүп беттерине чачышып, чурулдап ойноп жаткан экөөнүн тең бутта-рынан кучактап көтөрө койду. Экөө эшиш жерден жылмышып кош колдоп суу чеңгелдешти. Кычан Атайды бошотуп жиберди, кетенчиктей обдулуп, тыбырчылаган Керездин оң бутун өйдө көтөрүп атайылап түрттү. Башы чулп этип сууга чүмүп, кара сатинден шырылган тегерек калпагы калкылдап агып жөнөдү.

— Жиндисиңби. Айбанча ойнойт экенсиң. Коё бер дейм,— бутунан кармап саландаткан Кычанга кош уучтап өз башынан артылта суу чачты эле, ага чала-була чачырап, өзүнүн жонуна куюлду.

— Ой жинди, коё бер дейм. Калпагым агып кетти...— Шатыратып сөккөнүнө, суу чачканына болбой койгон соң, Керез өңгүрөп ыйлап да ийди. Кычан аны дагы эки жолу мойнуна чейин чүмүтүп, анан сыртка сүйрөп таштады. Бышкырып, түчкүрүп Керез башын көтөрбөй чайкап жатса, бөйрөгүн таянып ыкшып, күлкүсүн тыя албай Атай анын жанына жыгылды. Аңгыча Кычан чымылдап барып, ылдыйтан Керездин аккан калпагын кармады. Атайдын көйнөгүнүн эки жеңи гана каруусуна чейин суу болгон. Ал эми Керездин майда жол кара чий баркут жаңы көйнөк-шымы бүтүндөй суу, айрыкча дал ортосу чыланып калган. Энеден туума чечинип алып, сыгууга кириштн. Суу аралаш жашка кирингеи ызакор чекир көзүн жалжылдатып, чолок мурдун теңирейтип Кычанга нааразылыгын билдирди:

— Ушинтип да ойнойсуңбу? Өзүм оорудан илкип араң айыксам, дарманым жок болсо...— энтигип солкулдаганда бөйрөктөрү бүлкүлдөп, далысы шимирилип, кайра жазыла түшөт. Жашык, чабал Керезге бу сапар Кычандын боору ачыбады. Сыгымыш этип илкип кармап олтурган көйнөктү Керездин колунан жулуп, буруп-буруп туруп толгоп жиберди эле, суу туш-тушка шорголоду. Керез тарбаландап жылаңач тура калды:

— Кой дейм, айрасың. Акырын толго,— чыйылдап Кычандын колунан талашты.

— Айрылма келиптирби, мына, тоборсуй түштү.— Көйнөгүн колуна карматты. Жылаңач денесин карашса, оорун арыктаган кишиникиндей эмес. Чың. А түгүл, мурункусуна салыштырганда жумуру тартып калгандай. Бутун жайып жиберип кийими менен алектенип жатканда, Кычан шек алдырбай аркасынан келип эки санынан илип кетип, салмагын байкоого ниеттенди. Чиренип, чымырканып тырышканы менен боортоктогон Керезди жерден так көтөрө албай койду. Улам ондонуп көтөрөм деп жатып, акырында өзү чарчап жыгылды.

— Доңуздай күчтүү болуп калыптыр, семиз дагы.

Керез өзү:

— Ооруган киши семирчү беле, калп — деп, чычалады. Кычандын куйкасы курушуп, Керезге кыжырлана теминди:

— Сенин ооруганың калп!

Атай жиреп кетти:

— Чыныңды айт, эки ай ооруган кишинин кебетеси башкача болот: муун-жүүнү бошоп калат. Өңүнөн шапайып азат. А сен болсоң, таштай салмактуу, карылуу, күчтүү болуп келипсиң. Бетиң сыртта жүргөндөй сыйрылып күнгө күйгөн. Карачы, ууртта-рың саландайт. Кибиреп, ырбайып араң жүрчү элең, чулуя тартып калыпсың.— Бетинен чоюп, булчуңдарын, билегин кармалап көрүп, пай-пайлап башын чайкады.

Керез болсо бул экөөнүн «шылдыңына» уугуп кетти. Ал досторун аябай сагынган эле. Колтукташып өскөн экөөнө кылдай нерсени жашырбай чындыкты жайнатып айтууга далай ыкыстады. Бирок да, жүрөгүн мыжыгып эзген жырткычтын күчтүү чеңгели чынжырлап, мүмкүнчүлүк бербеди. Күчүн ыйлаак чекир көзүнөн чыгарып бырылдады:

— Атаңарды өлтүрдүм беле. Эмнеге итче талайсыңар.— Шым чөнтөгүнүн түпкүрүнөн дептердин сыртына оролуп, жип менен чырмалган кагазды сууруп, экөөнүн алдына ыргытты:

— Мынакей ишенбесеңер, доктордун справкасы бар. Эртең Тенти агай окуп көрөт го. Силерди сагынып... көңүлүмдү көтөрөт десе...— Кекечтенип сөзүн бүдөмүктөтүп, солуктап сыйрык бетин жашка жууду. Справкасын толук түшүнүшпөсө да көрүштү. Кычан агайга эртең өзүм тапшырам деп чөнтөгүнө салып койду.

Керездин бети-башы чамбыл ала болуп, өпкө-боору көөп, азаптанып жатышы экөөнүн зээнин кейитмек турсун, кыжырлантты, жийиркентти. Анткени алар бирге өскөн жакын курбусунун кебетесинен арамзалыктын, чыккынчылыктын булганч шек-шооласын байкашты. Анын үстүнө, Капсалаң балапан кезинен жүрөгүнүн сары суусун алып, уу тил менен чоң муштумдун тепкисине көөмп, жашык, док урунчаак, коркок үйрөткөнү аларга айкын. Чоң сүйлөгөн кишиге каяша берүү деген жок. Андасанда ага ооз ача электе өзүнүн жолдошторун чырт-чырт сөгүмүш этет. Тап берсе кетенчиктеп, муштум көтөрсө, бырылдап ыйлайт. Атай, Кычан көнүмүш адатка неге боорукерлик кылышсын.

Кечээ кечинде эжеси Каным, Жумалы балбан үчөө калаадан араба менен олжо-буйлалуу келди дегенди угушуп, сабактан кайтар замат, ээндетип ээрчитип чыгышпадыбы. Тенти Албановдун астында: «Кандай гана болбосун Керезге чындыгын айтты-

рабыз» дешип убада беришкен. Эртең менен мектепке жөнөгөнгө чейин баарысын айттырып, агайына жаркылдап сүйүнчүлөп барышмак. Өзүлөрүн жаман аттуудан, эне-аталарын кайгыдан кутказышмак. Зыянкеч душмандын бетине көө жабылып, милиционер Дүйшөн Мамбетов айдап жөнөмөк. Экөөнүн максаты так ушул эле.

Түлкүнүн ыштуу ийнинде чоңоюп, анча-мынча сасык амалынан сабак алган Керез болсо шек билгизбейт. Оорулугу жөнүндө документти да камдаптыр. Төрт айлалары түгөндү. Кийимин чала-була кургатышып кийинтишти.

Кычан мындай акыл ойлоп тапты. Коркоктун сырын ошондо гана айттырып аларына көзү жетти. Өзү прокурор, Атай сот болду. Күнөөкөр Керез кармалып колу-буту кишенделип тергөөгө алынды. Прокурордун колунда жана келатып сууруп алышкан чогойно куурай. Ал тапанчанын ролун аткарды. Эгер түз айтпаса, танса, жөн турбаса, кол салса, шылк эттире бирди жейт. Тергөөдө мындай тартип колдонбосун билишсе да, коркок Керездин сесин алып, эптеп айттыруу үчүн пайдаланган амалдары. Сот болсо, прокурор тергөөсүн бүтмөйүн, милициялык кызматты аткарып, күнөөкөрдү «беш атар» куурай мылтык менен карыш жылдырбай, жадегенде бура каратпай кайтарып турмак болду. Ыйга, кыйкырыкка караманча тыюу салынды. Мындан төрт, беш ай мурда коңшу айылдан бир топ зыянкечтердин ачык соту өткөн. Балдар эл менен кошо барып көрүшкөн. Күнөөлүүнүн тергөөсүн мурун прокурор, милиция бүтүрүп, сотко өткөзөөрүн далай кишиден угушкан. Колго түшкөн күнөөкөр айласыздан бүжүрөп, калч-калч этип, «заар прокурордун» астына мандаш токунду.

Тергөө башталды. **Прокурор** өтө суз, каардуу. Чекесин көпкө чейин тырмалап олтуруп, эң биринчи суроосун берди:

— Айыпкер Чомой уулу Керез, кана айтчы, эки айдан бери сага эмне болду?

**Айыпкер**:— Оорудум, калаага барып докторго түштүм. Айыктым... анан азыр кармалдым...

**Прокурор**:— Дурус. Кайсы ооруканада жаттың?

**Айыпкер:**— (Мукактанып). Жанагы чоң сайдын жанындагы эгин, жемиш саткан базардын ичинде...

**Прокурор:**— Калп! Бир жолу кармалдың.

(Айыпкер шылкыйып унчуга албады.)

**Прокурор:**— Ким деген доктор дарылады? Кандай дары берди?

**Айыпкер**:— Атын билбейм, аппак кийинген бирөө. Оруспу, өзбекпи тааныбайм. Сары, ак, кызыл дары ичтим.

**Прокурор**:— Калп! Эки кармалдың. (Айыпкердин ыйлаак кө-

зү ала чакмактап, чыйылдаган үнү буулуга баштады.) Доктор сени ак шейшептүү керебетке жаткызып, үйгө дарыладыбы, же эшикке чаңга ойнотуп, күнгө бетиңди сыйрылттыбы?

**Айыпкер:**— Эки күнү керебетке жаткызып, эки күнү эшикке ойнотуп коё берди.

**Прокурор:**— Калп! Үч кармалдың.

(Айыпкердин башы шылкыйып, денесин тер басып, тарбыл ала сыйрык өңү кызылчадай кызарып, шайы бошой баштады. Ала чакмактаган ызакор көзүнө прокурор айбаттуу жолборстой көрүнүп, дендароо боло берди).

**Прокурор:**— Эжең Каным менен жездеңдердин жигити, балбан Жумалы, калаада такай туруштубу?

**Айыпкер:**— Эжем такай болду. Жумалы келип-кетип жатты.

**Прокурор:**— Эмне үчүн?

**Айыпкер:**— Ме... н... и... ооруну багыш үчүн... Азык ташыды...

**Прокурор:**— Калп! Төрт кармалдың. Чыныңды айт, болбосо...

**Айыпкер:**— Чын, байке! (Чогойно менен чаап жибереби деп калчылдап коркуп кетти.)

**Прокурор:**— Мен сага байке эмесмин. Көзүңдү ач!

(Айыпкер кыска кирпиктерин ирмеп-ирмеп алганда мончок-мончок жаш коюлду. Милиционер башка нукуп эскертти эле, көйнөгүнүн жеңи менен сүртүп кайра сооронду.)

**Прокурор:**— Жумалы кандай киши?

**Айыпкер:**— Далдайган чоң, кара чаар, бир көзү чеч, жулма кара сакал неме.

**Прокурор:**— Ал эмне болгон киши?

**Айыпкер:**— Билбеймин.

**Прокурор:**— (Ачуулуу.) Билбесең — киши өлтүргөн канкор, элден элди, жерден жерди кыдырган селсаяк, ууру, каракчы башында басмачы, анан... Жездең Капсалардын тууганы, эмне буюрса кыңк этпей аткарган балбан жигити, түшүндүңбү?

**Айыпкер:**— О... о... ба... а...

**Прокурор:**— Капсаландыкына келгени канча болду?

**Айыпкер:**— Беш айча. Жумалыны өзүң баатыр, балбан деп мактап жүрчү эмес белең.

**Прокурор:**— Ооба, а дегенде аны жакшы көрчүмүн. Анан анын ким экенин кийин билдим.

**Айыпкер:**— Элдин баары эле сендей да.

**Прокурор:**— Бүттү. Теңтуш болбо мага. Жумалы, эжең, сен үчөөң жаңы кийимдерди кайдан алдыңар?

**Айыпкер:**— Дүкөндөрдөн, базардан.

**Прокурор:**— Акчаны кайдан таптыңар? Чыныңды айт, бачым?!

**Айыпкер** — (Шашып.) Соода кылып, эг.. гин... сатып...

**Прокурор**:— (Сүйүнүчтүү.) Эгин сатып дейсиңби!

**Айыпкер:**— (Чочуп.) Жо-ок! Жаңылып кеттим.

**Прокурор**:— Калп! Беш кармалдың! Акыркы суроо. Өрттү көргөндө кабарга жибербесек, эмне үчүн айтпадың?

**Айыпкер:**— Чуркап баратып кыштакка кирээримде, далдоодон бирөө шилимди уюта чапкансыды. Көзүм ымырап-чымырап сулк жыгылганымды билем. Ошо бойдон беш күн дегенде араң көзүмдү ачыпмын.. А силер аны билбей...

**Прокурор:**— Түшүнүктүү. Жолдошторуна чыккынчылык кылып, колхоз душмандары менен бирге ортонун эгинин сатып, кызыл кулактык жолго түшкөнү үчүн, атууга буйрулуп, иши сотко өткөзүлсүн. Туурабы жолдош начандик.

**Начальник**:— Туура!

Мандаш токунуп, колун артына алып, өзүн-өзү кишендеген Керез «атыласың» деген өкүмдү укканда «баа» деп бакырып ордунан тура тыз койду. Демейде кибиреген тумсак Керез жанына күч келгендиктенби, эки колун калдактатып, туш-тушка жайып балчактап арышын чоң-чоң керип, күлүк Кычанга да караандатпай жөнөдү. Экөө артынан чимирик болуп удаалаш зымырашты. Бир маалда арыктан аттайм деп секиргенде аркы жээгине күп этип мүдүрүлүп тоңкобаш атып кетти. Ондонуп тура качканча Кычан көйнөгүнүн этегинен бурдай кармап калды. Кайрылып Кычанды башы менен көкүрөккө сүзгөндөн сендиректеп барып томолонуп жыгылды. Бирок этегинен колун коё берген жок. Ачыга кыжынган Атай учуп жетти.

«Прокурор» менен «соттун» өкүмүнө Керездин жумшак, жалтак эркин туруштук бере албады. Ал «тергөөдө» чалынып жатып, баарын билгизип койбодубу. Анын үстүнө качып кайра колго түшкөн соң, көз жашын салаалатып экөөнө тең жалжылдады:

— Байкелер, жанымды апкалсаңар. Өлгөнчө жаныңардан чыкпайын. Чынымды айтып берейин, жан соога! Мен эмне... баарын кылган көркоо...

**Прокурор:**— (Кучактайт.) Бакырып-өкүрбөчү, байкушум, бая эле ушинтпейсиңби? Билгемин. Сени көргөзбөй бизге каршы чыгарып... Байкушум, сен жетимканага кир, же мага бир тууган бол.

**Айыпкер:**— Андай күн кайда, байке. Эжемди эле көркоонун колунан куткарсаңар, баки жогун...

**Атай:**— Ой, куусуң да, бүжүрөгөн капыр.

**Кычан:**— Куудан айланабы, шордуу жетим да. Болду, чоң сот Тенти агай. Бул иш үчүн түн ортосунда ойготсок урушпас, кайра сүйүнөт. Жүрү эми... кургурум. Жанагинтип эзбейбиз.

**Керез:**— (Ээги тирилгенсип эбирейт.) Байке-бай, тездебесеңер, тигилер жакында түн катып качышат. Мени кошо кул кылып Кашкарга ала кетишмек... Эжемди тирүү бошоттуруп, сообубузга калсаңар...

Чын сырга келгенден кийин, үчөө достукту жаңылантышты, бекемдешти. Керез чытырман токойго кирип, адашып жүргөнүн, жолдоштору айкын, жарык жолдо баратканын боолголоду Керезди көркоо Капсалаңдын капканынан аман-эсен кутказып, жүрөктүү, чыдамкай кылып тарбиялашып, мындан ары чогуу жүрүшмөкчү. Тенти агайга жетмейин, бүгүнкү сырды жадегенде эне-аталарына да угузбоого убадалашты. Керез болсо Капсалаландыкында кадимкисиндей ойноп-күлүп, ыйлап-сооронуп жүрө турат. Болгон иштерди беркилерге тымызын жеткире берет. Алар Тенти агайы, Мамбетов экөө менен бирдикте Керездин көзүн ачкандан көкөйүн кескен, эркин бастырбай кишендеген, адамдын колу барбай турган балит ишке күчүкчө мойнунан байлап барып агыткан, жолдошторунун бетине көө жаптырган эски каракчы Жумалынын жолун жолдоого, калп айтууга, кара санатайлыкка үйрөткөн күлжүйгөн Капсалаң каманды биротоло жексен кылышат. Керез эми тайманбайт. Жалгыз гана корунучу — эжеси Каным экөөнү мыкаачынын колунан аман-эсен кутказып алышса болду...

Ага берки экөө жанын сабашып, убадасын чындашты. Айыл ичин дүрбөлөңгө салып колхозду бүлдүрүп чуу чыгарган Капсалаң менен Майрык тура. Элдин коомдошуп, күч-кубаттуу, бактылуу, жашашын көрө албаган мурдагы эл бийлөөчү манаптын куйругу Капсалаң, молдо Майрык экөө тызымын жатып астыртан колхоздун тамырын кыркууга балта-чотун курчутуп, алы жеткен зыянкечтиктерин жасоодо.

Чөпкө өрт коюу чоң максаттарынын бири болгон. Шуулдаган митайым Капсалаң карп-күрп этип, колхоз үчүн жанын сабамыш болуп, сырттан жаңы келген башкарма Ызакулдун койнуна култ кирип алган. Эртели-кеч аны-муну айтып, кээ бир колхозчуларды жемеге алдырып, кайра аларга жетип, акыл-насаат үйрөтүп, кээсин элдештирсе, кээсин кайрашгырып барк күтө баштаган. Башкарманын ишеничине бөлөнгөндөн кийин, жең ичинен «тил алгыч машкелерди» айдактап колхозду бүлүндүрө берсем, менден эч ким көрбөйт деген ойдо жүргөн. Чөптү өрттөп кош айдоого тоскоол кылууну, ал түгүл боорун көтөрүп тың чыгып келаткан, аларга көз карашы түз эмес Жакып устанын эки баласына, мугалим Тентиге кандайдыр жалаа жаап

каматып, соттотуп жиберүүнү күн мурун ойлоп, ыгын келтире алышпай андышкан. Кычан баштаган балдардын чөпкө жакын ойноп барышы, табылбас айла болгон. Майрыктын эртелеп балдардын көзүнө көрүнүп, Ысык-Атага жүрүп кетиши, көздөрүн боёочу күбө даярдаган. Көз байлана Жумалыны жибертип, ширеңке чагып өрт койдуруп, жашыруун сыздырган. Алдын ала дайнын билген Капсалаң балдардын келер жолун тосуп турган. Кабарга Керездин барышы табылбас дары болгон. Энтеңдеп чуркап келаткан жетимди жашырынып туруп серейте чаап, үйүнө ыйламсырап көтөрүп барган. Таяк жеген алсыз Керез чынында үч-төрт күн төшөккө жаткан. «Өрттөн коркуп, тил-оозсуз жыгылды. Жин тийдиби, же жүрөгү түштүбү»— деп ооруну Ызакул баштаган активдерге көрсөтүп, айыктыруу үчүн эжесин кошуп калаадагы ооруканага жөнөткөн. Жолго узатып жатып, арамза, душмандык акылын үйрөтүп, баланын жүзүнө көө сыйпаган. Чынында Керездер оорукана эмес, Жумалы селсаяктын досу, кызыл кулак, жалдап, шыпылдап колдон суурулган уйгурдукуна барып түшүшкөн.

Жумалы түн жамынып, жигин билгенге ооруга азык жеткизди болуп, кампадан кап-кап буудайды ташып саттыра берген. Алып сатар уйгур кызыл алтынды бүкүлү да, тегирменге тарттырып ундай да, бир нече дандырга жаптырып нан жасатып да соодасын өрчүткөн. Керез бечара алиги уйгурдун катын-баласына кошулуп, башына чара көтөрүп базарга: «Ысык нан кетти!..» — деп кыйкырып, нан сатардыкты үйрөнгөн. Жаңы чий баркут көйнөк, шым ошондон түшкөн пулга алынган. Капсаланга уйгур бир топ баалуу буюмдарды басып берген. Кар кеткени Жумалы деле түн жамынып, чананы таштап, уйгурдун арабасына колхозчулардын мүлкүн кап-кап жүктөп жеткиргенин токтото элек.

Керезден угулган чындык каймагы термелбей, Тенти агайга жетти. Тенти аркылуу Дүйшөн Мамбетовго, Ызакул Нурматовго белгилүү болду. Балдарга бул чатактуу иште азырынча жашыруун сактоо керектигин бекем тапшырышты. Душмандын балдарга белгисиз туш-тарапка созгон зыяндуу колунун багытын терең изилдөө үчүн, айыбын толук ачуу үчүн, дагы убакыттын зарылчылыгын эскертишти. Жабык сыр азырынча сыртка чыкпай, белгилүү адамдардын ичинде кайнады. Жеңиштүү балдардын жүзүндөгү санаркоо тарап, кубаныч ойноду. Көркоо душмандын акыркы талкаланышын чыдамсыздык менен күтүштү.

— Жогол дейм, же сорпоңду ичкени турасыңбы!

Каным көмөлөтө коюп майып кылабы дедиби, чырылдап ортого түшө калып, Керезди калкалады. Аны жетелеп басты:

— Ызырынба. Кетет.

Тытышкан сакал-мурутун тили менен аймай сугунуп, богогун бүлкүлдөтүп:

— Кетсин, жоголсун! О Жумалы, бери чык,— Капсалаң коң каргадай коңк-коңк кыйкырды. Обу-сыны жок далдайган кара чаар, бир көзү кутурган иттикиндей кызарган, экинчи көзүн карагайдын уюлундай тостойтуп чеч баскан шуңшуйган кара сакал Жумалы үйдөн төөдөй чарпый басып чыгып келди.

Анын кебете-кешпиринин бузулуп, каракчы аталып жүрүшү төгүнүнөн чыккан эмес. Жаш чагында эле алы жеткенди баса калып сабаган кызыл камчы, түн жамынган ууру, оозунан жылуу сөз чыкпаган Байсерке байдын зөөкүр уулу атыккан. Колоктоп ат үстүнөн дөбөдөй көрүнүп, кара күчүнө дөгүрсүп далай жарды-жалчылардын төбөсүн кандап, мал-пулун тартып алып, өткөн-кеткен жолоочуну тоноп, кой-ай деген киши жок жаман көнгөн. Аймакташ айыл-апанын адамдары Жумалы зөөкүрдүн айбандык жорук-жосунунан жазгана башташкан. Аны байкаган кешпир «эл баатырдын камчысынан коркот» деп дем байлаган.

Совет бийлигинин алгачкы жылында айылга Сабит аттуу коммунист уполномочен келип, күң, кул, жалчыларды чогултуп жыйын өткөзгөн. «Бай-манаптан мандай тер, таман акыңарды өндүрүп, эркиндикке чыккыла. Айылды өзүңөр башкарып, жаңыча жашагыла. Жаңы Совет өкмөтү жарды-жалчыны жактайт. Дөөгүрсүгөн бай-манаптын бийлиги кулады»— деп, бир нече жолу келип-кетип жүрүп, түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн. Кара таман кедейдин сезими ойгонуп, байдан колун үзүп, акысын доолап ала башташкан. Кээ бири батрачкомго, айыл кеңешинин төр агалыгына, катчылыгына көтөрүлүшкөн.

Эски болуштар, бийлер, старчындар, молдолор, айыл аксакалдары жылып-жылып баштарын калкалап эл арасына кирип, жаңы өкмөткө каршы үгүт таратууга өтүшкөн. Алардын жаңы тартипке каршы сундурган куралдарынын бири Жумалы. Ал кембагалдан аттанып чыккан айыл активдерине жылан боор камчысын үйрүп ызырынган, жарым-жартылап ургу-бергиге алган учурлары да болгон. Ал түгүл бир жолу жыйында сүйлөп жаткан жеринде топтун ичинен атырылып көз көрүнө Сабитке чочмор урган. Көпчүлүк дарыядай толкуп, каракчынын колу-бутун байлашып, кийиздей жанчышкан. Ичинде кеги бар кембагалдар камчы, чыбык дебей колуна тийген нерсе менен башы-көзүнө карабай бадырата сабашкан.

Үзөңгүдөн буту тайыган бай-манаптар көпчүлүккө батына

алышпай арачы түшүшүп, жарым өлүк Жумалыны зорго ажыратышкан. Арачынын бири атка минерликке илинип жандай чаап жүргөн ушул Капсалаң болучу.

Сабиттин жана элдин жаасынан чочулаган бай айлынын «акылмандары» токмоктун уусунан башын көтөргөндөн кийин, Жумалыны чымындай жанын калкалаш үчүн, биротоло эл ичинен бездирип жиберишкен. Бир нече жыл бою дарексиз жоголгон Жумалы Анжиян, Алайга чейин тентип, аяктагы каракчылар, басмачыларга кошулуп, бир нече жыл талоончулук, канкорлук менен күн көргөн. Кийин кызылдарга колго түшүп, оңолууга убада берген.

Быткыл ала, адам тааныгыс өң алети бузулуп айылга өткөн кышта келди. Баягыдагыдай чамынган жиндеринин баары кагыгандай, кеңкелес, макоо тартып калгансыйт. Айылдагылар ышы күбүлүп шүмүрөйгөн Жумалынын басмачылар менен күрөшүп, кызылдар кылыч, кийим менен сыйлады дегенине ынанышып, анын баштагы акмакчылыгын унуткарышып, экинчи өчөшүшкөн жок. Бир көзүнүн кызарып, экинчисинин тостоюп чеч басышын, бетиндеги быткыл ала чаарды көп кармаштагы азаптын тагы деп жоромолдошту. Ага-ининин баласы болгондуктанбы, айтор ким билет, Капсалаң үйүнө киргизип, кампадагы кароолчулукка алды. Жумалы кески байланган дөбөттөй тез эле ирденди. Ошондон бери Капсалаңдын босогосунан алыс чыкпай дүңкүлдөп жумшаган кулундай күн-түн кызматын аткарууга киришкен.

— Мына бу канчыктан сасыган күчүгүн ажыратып, ары узатып жибер. Экинчи эшикке баш бакпагандай болсун!— Капсалаң хан желдеттерине буйругансып күлжүйүп нары тескери айланды.

Жумалы бешликтей тартайган узун, ширидей кара колу менен Керездин эки далысын куруштура кармап, бир боору Канымдан алыстатып, түртмөккө алып, айласыз чуркатты:

— Кеткин. Тирүү калганыңа сүйүнгүн!

Чыркыраган Каным үйүнөн кийим-кечесин көтөрүп чыгып, мыкаачынын колунан бошотуп, өзү узатып басты. Керез эжесинен кабарын билгизип туруусун өтүндү. Каным инисинин сыйрык бетинен, маңдайынан жыттап, көз жашын бурчак-бурчак шорголотуп, кайра тартты.

Керез артына кылчайбай, мостоюп, ызырынып, кадамын кере-кере таштап баратты. Кайда баруу, кантип жан сактоо жөнүндө ойлогон да жок. Таянар тоо, жөлөнөр түркүгү астында даяр күтүп тургансыды. Он төрт жыл жырткычтын үңкүрүндө жашап келгени анын уулуу, күчтүү таманына тепселип, тырмагына чеңгелденип, коёндой коркок өскөнү, кыйналганы карегинен чубурду. Адаттагыдай жалтаң, жашык эмес, өзүн Кычандай

кайраттуу, шамдагай сезип, жеңил жана шар басты. Ыйлаак көзүнөн жалооруучулуктун, жаштын челин сыйрып, Капсалаңдын үйүнө ыргытып таштагансыды. Түптүз эле Кычандыкына келип, шыдыр кирди. Кычан сабакка даярданып, терезенин түбүндө жалгыз олтурган. Китеп кабын асынып, кышкы тон-тобунан өйдө көтөрүнүп, каалганын түбүнө тура калган курбусун көргөндө, Кычан колун созду:

— Бир жолу келдиңби?!

— Ооба. Кубалабайсыңбы?

— Жинди болдум беле, төргө өт,

Колундагы кийим-кечесин ала коюп, тамдын боорундагы мыктарга илип, жүктүн үстүнө жыйды. Ашканага чуркап кирип, тайпайган жыгач табакка жапкан нан, кырма аякка көбүрүп-жабырган максым алып келди:

— Ич, же! Курсагыңды тойгуз. Атам менен апамдын сырын билесиң. Сенин келгениңе кайра сүйүнүшөт.

— Билбесем башка бирөөнүн үйүнө кетип калбайт белем.— Керез чекир көзүн тунук айнектей жалтыратып, Кычанга эркелеген болду да, буудай нандан бурдап сугунуп, шуулдап ачыган максымдан кана жутуп, кардын кампайтты.

— Мен баягыдай, ыйлаак калпычы болбойм. Ишенесиңби?

Кычан таңыркап, дымактуу сүйлөгөн курбусунун жүзүнө үңүлдү. Керез ан сайын тикчие карап, «байкап көр» дегенсип, көкүрөгүн дагдайтты. Баягы эле Керез. Сыйрык саргыч өңү кумсарыңкы тартып, жалжылдап, жашылданып турчу көзү тунук, салкын тигилип, бир аз кордукка бел байлаганын окуду.

— Ырас. Бүгүн жездеңдин тепкисине ыйлабапсың.

Керез ошого эле короздонду:

— Охо! Ал эле дейсиңби, канкор Жумалы эки далымды килейген колу менен бириктире кармаганда да кыңк эткен жокмун. Байкуш эжемдин көз жашын сүртүп, кайрат айттым. Көркоо жездени карматып, азаптан куткарып алабыз дедим. Үй оокатынан өйдө калаага ташып, качууга камданып жатат. Мылтык, тапанча, кылыч таап келиптир. Эжекем айтты: «Эртең же бүрсүгүнү түнү бир балаа кылышат». Начандик байкеме, башкармага, Тенти агайга тез кабар бербесек...

Кычан Керездин сөзүн угаары менен тынчы кете баштады. Кабар берүү үчүн шашылышты. Милиционер Мамбетовду табуу кыйын. Мындай чоң ишти адегенде үйү жакын башкармага угузууну макулдашышты. Ызакулду үйүнөн табышты. Ызакул орсолоктоп күлгөн болуп, балдарды төркү үйүнө киргизип, каалгасын илип, жашыруун сүйлөштү.

— Чынчыл азамат экенсиңер. Айыл активдеринин сөзүнө кирип, азыраак жаңылып барып оңолдум. Мындан ары мага тай-

манбай келип, укkан-көргөндөрүнөрдү айтып тургула. Керегинер тийчү жумуш болсо, өзүм да чакыртып алам. Бейшекеге, Тентиге уят болдум. Алардын өзүлөрү менен жайланыштым. Сен, жигит, кечирип кой, макулбу? Кычандын чекесин торсулдатып чертимиш этип, чоң эле киши алардын астында кемчилигин мойнуна алып көңүлдөрүн көтөрүп таштады.

— Капсаландын зыянкечтигине толук көз жетти. Үрөн-тукумдук эгиндерди саттырып, чаң кошуп булгап бир нече центнерди уурдап жоготкону аныкталды. Керез жигиттин айтып бергени бүтүндөй чындыкка чыкты. Калаадагы байланышкан кишисинен өйдө билебиз. Жигиттер, силерге абдан ыраазымын. Эми ал шүмшүк кампадагы дандын бир тогологуна да тие албайт.

* * *

Үчөө бешим ченде кыйпычыкташып, Керездин эжесинен кабар алуунун айласын таппай, Кымка энеге келишти. Кымка эне Капсалаң куу шек алат деп өзүнүн баруусун олдоксон тапты. Бирок балдарынын балаалуу ишине кол кабыш кылууга ары ойлонуп, бери ойлонуп аракетин аябады. Урумкан деген кемпирди үйүнө ээрчитип келип коноктоп, анан кайдыгер гана Капсаландыкына барып келүүсүн өтүндү. Урумкан кыйыктанбады. Канымга жолукканда эмнени билип келерин суранды. Беркилер тунжурап калганда, Керез чыйылдап чөнтөгүнөн чети саймаланган жүзааручысын суурул берди:

— Мына ушуну көрсөтүңүз. Өзү жасап берген. Керезиң жиберди. Эмне болуп жатканын билип кел деди десеңиз эле өзү билет.

Баарысы ушул акылды ылайык табышты. Алтымыштын ак мөңгүлүү чокусуна чыгып калган. Урумкан таягын тыкылдата, бөкчөндөп, чалгынга жөнөдү. Кабар угуп келеби же куугунтук жейби деген шектенүү Урумкан эне кайтканча саналаарын тындырбады. Кирип чыгуулар, жол кароолор көздү мокотту.

Жер бетин көлөкө каптап, күндүн жарык жана таптуу нуру улам сынып олтуруп аркайган тоонун далдаасына чөгүп кеткенде, кампадан жалгыз караан бери үзүлдү. Берилей түшкөндө Урумкан экени даана таанылды. Сүйрөлжүгөн чапанынын эки этеги жайылып, сол колун бөкчөйгөн белине кайра салып, оң колундагы таягын орой-орой булгалактатып шашылып арыштоодо. Балдар бирин-бири тыйышып, келгенче алдын тосуп, эшикке чуркап чыгышкан жок. Тиштен ажырап, шимирилген астыңкы эрдин үстүңкү эрди менен кымтып, Урумкан эне жакшы кабар алып келди: Каным көз жашын мөлтүрөтүп, Урумкандын

чөнтөгүнө отуз сомдук сары чолоктон үчтү сойлотуп, бирөөнү өзүң ал, экөөнү Керезиме бер. Көрөмбү, көрбөймбү, бетинен өөп кой. Керезимди көрбөсөм да медер кылып эсиме тутуп, жүрөгүмдүн толтосуна түйүп жүрөмүн деп, Урумканды узатып чыгымыш болуп ушуларды Керездин өзүнө айтуусун өтүнүптүр. Эжесинин акчасын колуна кысып, коштошуу саламын укканда, кечээ эле кайраттуу чыйрыйттаган Керез кирпигинин учундагы даяр жашка бетин кириптип, шолоктоду. Жакшы эле чыдамдуулук кылууга бел байлаган. Маңдайындагы жалгыз жарык жылдызы боордош эжесинин камандын азуусуна илинип, көйкапта жатышы жүлүнүн жаралап, сай сөөгүн сыздатты. Кымка эне Керездин кебетесине зээни кейип, жашып кетти:

— Анан кантет. Бир тууган деген кыйын да. Оңбогон Капсалаң оңбосун!

Дулдуйган Атай апасына кошулуп, чекесин тизесине жакындатып, бетин далдоологонсуп, көз жашын шыпырды. Кычандын муштуму түйүлүп, тиштери кычырап ызырынды.

— Азуулуу каман турмак, куйруксуз шайтан болсо да куткарбайбыз. Урумкан энекем ишке жарады. Тур, Керез, ыйлаба. Каным эженди куткарып калабыз. Жүрү, Атай, сен эмне үңкүйөсүң.

— Чачым куудай болгондо кыжаалат ишиңерге жарадым. Батамды берип кетейин, балдарым.— Урумкан эне чоң жумуш аткарганына, анан үстүнө он сомдуу болгонуна өзү да кубанычтуу. Алаканын жайып, оозун күбүрөтүп батасын берип, бөкчөңдөп үйүнө жөнөдү. Балдар да жабалактап энекелеп чөккөн карт көңүлүн жубантып коштошушту.

Кымка эне көнүмүшүндөй балпаңдап, балдарына жалынып, жалбарып, дасторконуна ак нанын, каймак, жууратын жайнатты. Жамандыктан үшүгөн жүрөгү көөдөнүн ургулап, дагы алда эмнеге чалдыгасыңар дегенсип балдарга имерчиктей күмөндөр карады.

* * *

Керез менен Кычан Атайдыкынан кайтканда кирпигин чылк жуумп, уйкуга көшүлгөн айсыз түн, айлананы ымырттатып, капкараңгы чүмкөп таштаган. Көзүн үлүндөтүп шыкааласа да, эжесинин караанын көрүүгө зарлаган Керез досуна шыбырады:

— Тамга далдоолонуп барып байкайлы да, байкуш эжекем тирүү бекен?.. Заматта эле кайра кетебиз.

Кычан дароо макул болду.

Мына, экөө там бооруна жарганаттай жабышып олтурушуп, үйдүн ичиндеги жарык шоолаланткан терезенин түбүнө жетиш-

ти. Дем алып, энтиккендерин да токтотуп, кыймылсыз тыцшоодо. Бул эмне жоругу? Үйдө балбылдап чырак күйүп турганы менен, шырп эткен дабыш, быш эткен шыбыш жок, тым-тырс, жымжырт. Керез кыйпычыктап токтоно албады. Оң көзүн жуумп, сол көзүнүн кыйыгын терезени карай бурду. Анан чылк жумулган берки көзүн ачты, дагы алга умтулуп тикирейди. Мына кызык. Үйдүн ичи эңгиреп ээн. Жууркан-төшөк да, көлдөлөң-шырдак да, идиш-аяк да жылас болуп сыйпалып кеткенби. Жок. Жерде жаман-жуман чүпүрөк-сапырак гана.

Күл сапырылган коломтонун ордунда Қапсалаң максым иччү кетик чоң кара аяк тең бөлүнүп жарылып жатат. Сыры күбүлүп бырбыйып-сырбыйып кабырылган тейтек калай табактын үстүндө сасык май куюлган кичинекей челектен биликтин акыркы түбү жан талашып жалындап күйүүдө...

Үнү калтаарып, денесин калтырак басып Керез чарылдап жиберди:

— Қычан! Қы-чан! Қетишиптир. Качышыптыр! Эжекемди каман алып кетиптир!

Қычан карбаластап шарт чымылдоого ыкыстады:

— Чырак өчүп бүтө элек экен. Алар алыстай элек. Жүр, кууп жетебиз. Чурка, начандикке кабарлайлы.

Қанчалык калтырак баскан менен, ошончолук кыжырланган Керез аны токтотту:

— Коё турсаң, Қычан! Мында чырак күйсө, Майрыктыкы такыр капкараңгы. Неге ошондой! Эжекем ошондо го. Алар Майрык менен чогуу кетишет да...

Қычан ир дедирбей аны коштоду:

— Кеттик эмесе, ошондо!

Ал экөө Майрыктын жепирейген короосунун дубалына жармашышты. Жылчыксыз караңгылыкты көсөп өткөн балдардын оттуу көзү короонун ичинен мышыктай дабышсыз баскан адамдардын карааның элдир-селдир чагылдырды. Чекчейген Керез Қычандын кулагына шыбыштады:

— Көрдүңбү, үйдөн бирдемелерди көтөрүп, бастырманын түбүндөгү Майрыктын ат байлоочу жер үңкүрүнө кудуп жатышат. Бу түгөттөр атка артынышып, чу коюп жөнөшөт. Қантебиз эми...

Қычан жаагын карыштыра чайнап, тишин кычыратты.

— Жок! Чу коё алышпайт. Сен ушундай абайлап тур. А мен көз ачып, жумганча...

— Қайда?..

— Начандикке!— Қычан жылп этип, жыла жөнөп, түпсүз түндүн көйнуна чумуп, жок болду.

* * *

Капсалаң Канымды алдына салып түрткүлөп, бөктөрүнчөк, куржун-кече артылып шайма-шай даярдалган жер үңкүрдөгү аттарды көздөй жөнөдү. Ак чапанын кылактатып Майрык молдо алардын соңунан сөлпөктөдү. А Жумалы болсо, сак-сактап далисченин оозунда кароолчулукка турду. Ал Капсалаң менен Майрык качан гана шарт коюп аттанып узай бергенде артынан сыздырмак. Көзүнүн жашы он талаа салаалаган Каным жер үңкүргө илең-салаң кудуп түшкөндө, дал капталынан кимдир-бирөөнүн Капсаланга атырылган салмактуу үнү шаңк этти:

— Көтөр колуңду!

Каным кылчая берип, килейген Капсаланды капысынан камынтпай кармап, улкунуп-жулкунганына карабай үчөө тегеректеп, колун артына кайрып байлап жатканын көрдү. Ал баа этип бакырып жибере жаздап, начандик менен Ызакулду үнүнөн таанып, азоолок коркунучу бөксөрдү. Тескерисинче, бул адамдар өмүр бою азап чектирип келген көркоонун колун байлап, өзүн зындандан чыгарып жатышпасын...

— Каным! Эжеке!— деген жападан-жалгыз боордошу Керездин ичке үнү дүлөй түндүн кулагын жарып чыңырды.

— Керезим! Боордошум, садагам!..

Кубанычтын толкунунан дирилдеген Керез ыйга жуулган бети менен эжекесинин жүрөгүнө башын катты.

Жер үңкүрдүн нары түбүндө чүңүр көздөрүн жылтылдатып бычагын кынынан сууруп Майрык молдо тил-оозсуз калчылдоодо.

— Мындай бас,— деген начандиктин буйругуна:

— А... динсиздер, өзүңөр чыгып кеткиле,— деп кетенчиктеди. Ага айылдык адамдардын колу барбай дапдаарыганда... Кычаның түшкүр чап секирип молдонун мойнуна асыла калганычы... Молдо айкырып бычагын баланын башын көздөй шилтегенде, милиционер колго кагып жиберди. Аз жерден бала жайрап кала жаздады. Кычан өзү аны сезбейт.

Кайра Майрыктын башынан жулуп, өз селдеси менен колун байлады...

— Э-э, капы-ыр, сен колдуу болмокмун,— деп молдо бир озондоп, анан тып басылды.

Анчыча начандиктин бийик үнү шаңкылдады:

— Жолдош Биримкул, үйдү аңтарып чыккыла! Майрык да колго түштү. Жумалы жашырынып калыптыр. Эшиктен чыгып кеткен жок. Анткени — быякты тегеректеп адамдар турушат.

— Жарайт!— деген жоон кайтарылып, жепирейген Майрыктын тамын көздөй шилтеген бир нече өтүктүн дабышы угулду.

Кычан караңгы жер кепедеги бакытка баткан эже-иниге жетип, ат үстүндөгү буюмдарын чечип кайра ташууга жардамдашты. Чай кайнамга дейре үй-ичи, короо-жай айланасы менен бир нече тинтилсе да, Жумалы табылбады. Начандик жардамга кошулган колхозчулар менен Капсалаң, Майрык экөөнү айдап жол тартты.

Майрыктын жепирейген тамы ээсиз эңгиреп ээн калды. Караңгыда ого бетер көзгө суук учурап, жер менен жексен сорулгансыды. Жалгыз гана ашканасынын үстүнөн чокчойгон мору шоңшоюп чоң көрүндү. Жумалы каракчы небак эле ошол көөгө какаган морду тырмалап жатып, сойлоп чыккан да, дубалдын түбүнө, анан арыктын бооруна жабышып, караңгы түндү жамынып безип жоголгон...

## АКТАЛУУ

Район тараптан бурулган жол үстүнөн түрмөк-түрмөк чаң атылып калды. Ал түрмөк улам коюуланып жөө тумандай самсып берилеп көчүүдө. Жаатташып топ ойноп жаткан балдардын кызыгына бата, жазгы күн нуруна төшүн жая ыракаттанган Тенти обдулуп караса — артынан жер булутун созолонто атырылтып келаткан атчан бирөө. Ал тим эле аткан октой түптүз мектепти карай сызууда.

Куюн арасындагы караандын ким экенин айра тааныу кыйын. Али алыс болсо да ат дүбүртү угулуп, балдар да оюнун токтотушуп, агайын тегеректей ошо жакка жарданышты. Баарысы тең жапырт колдорун серепчилей балбылдаган көз шоолаларын атчанга узатышты. Бууданды өңүнөн, үстүндөгү кишинин кийиминен ажыратууга мүмкүн эле. Бирок экөө тең бопбоз. Улам обдула согончокторун көтөрүп, көздөрү талыган балдар мугалимине суроолуу жал-жал карашат: «А биз го биз... Бизден алда канча бою бийик, көзү кыраа, жеке алдыдагы атчанды эмес, дүйнө жүзүндөгү айбанат, өсүмдүк, курт-кумурскалардан өйдө жат билген Тенти агай, сиз да тааныбай жатасызбы».

Асманды жарып учуп келаткан аргымактын төрт буту тең сунулган сайын чарадай туяктарына кара жер апчылып, артка дембе-дем ыргытылып таштагансыйт. Үстүндөгү адам кадап койгондой... Атчан чукул качырып кирип келгенде балдар эки-үч топко жарыла бериштн.

Ал камчысын булгалактаткан болуп ат үстүнөн кыйкырды:

— Оо Тенти, бар бол! Бар бол!— Ээсинин канчалык кош тизгинди карыштыра тартканына карабастан, таманы кызып ээлик кен ат мектептен өтө берип токтоду.

Аң-таң калган окуучулар аны үнүнөн тааныштыр.

— Башкарма! Башкарма!

— Ызакул байке!

Тенти агайын курчашып дүрдүгүп кошо кадам шилтешкен балдарды Ызакул атынан түшүп, чылбырынан жетелей алдынан утурулай чыкты. Ал калаа тараптан учкан куш менен жарышып келсе да, азыр шашкан жок. Анын турпатында чаңга боёлбогон мандайындагы гана оттуу көздөрү. Ошол баарына тааныш көзүнөн агалык мээримин чачып, алдындагы бойтойгон жеткинчектерге бажырая карады да, көптүн ичинен Керезди колтугунан көтөрүп атына мингизе койду.

— Сен жеңилсиң, садагаң. Тору кашка аргымакты ары-бери жай бастырып тур. Демин бассын, макулбу, чорт.

Башкарманын, айыл атасынын атына минген Керезге суктанган балдарды коё кал. Керез да зоболосу көтөрүлө түшкөнсүп, курбуларына заңкайган зээри бийик аргымактан сестүү корсоюп чекир көздөрүн күлмүндөттү.

Кантсе да өзүбүзчө маектешели деп ниеттенген тарбиячы башкарманын колун кыса:

— Тору кашкаң тору кашка эмес, чамбыл ала кара кер, өзүңдүн кара мурутуң буурул. Жүрү жууналы.

Чоңдор менен жалгыз гана тең ата менмин дегенсип, Керез жогортон дагы короздоно чыйылдады:

— Ырас эле...

Аңгыча суулугун шалдыратып, көкүрөгүн лап-лап уруп турган жүрөк демин баса албай ыргыштаган буудан эки-үч ирет силкинип жиберди эле, Керез ээрден көчүгү кыйшайып барып жалдан кармай зорго оңолду. Балдар боорун тытып, кыраан-каткы күлкүсүн жаңыртышты. Аттын тулкусундагы чаң жерге күбүлүп, мандайындагы алакан отундай кашкасы жарк дей түштү. Жеткинчектердин көбү сонункуроо, тамаша-шыкак менен алчылантып жөнөгөн Керезди ээрчий басышса, кээси топ оюнду улантууга мектеп алдындагы такырга дыр коюшту.

Кычан Атайды женден тартты эле, ал бирдемени боолгологон сымалданды. Экөө чоңдордун маанилүү иштерине тиешеси бардай агайларын акмалай жүрүп олтурушту. Ызакулдун сүйлөгөн сөзү абдан кызуу. Тенти ага кынала түшүп бардык кунтун койгон. Береги экөө бирөөнүн сөзүн тыңшоо осол экенин да эсинен чыгарышты. Өзүлөрү обочо баратышса да, кулактары делдейип узарып кеткендей, тигилердин сөздөрүн толук аба магнити жеткизүүдө.

Ызакул туура алты күн айылдан кармалган колхоз душмандарынын тергөөсүндө күбө катарында катышты. Алардын тыякбыяктагы жан-жөкөрлөрү көп экен. Дагы жыл маалына айланса, чарба мүлкүн ченемсиз бүлүндүрүп, эл ичине бүлүк салыш-

мак. Ал эле дейсиңби. Канкорлук, каракчылык жолу менен жаш коммунист жеткинчектердин тарбиячысы Тентинин канын чачышмак, Ызакулдун өзүн да күм-жам бүтүрүшмөк... дагы... дагы... аки-чүкү...

Ой укмуш! Мындай мыкаачылыкка жырткычтар тишин кайрай электе толорсуктары кыркылганы түзүк болгон экен...

Балдардын кулактары чуулдап, жүрөктөрү опкоолжуй түштү. Жок. Бара-бара кубанычтуу шыбышты экөөнүн кулагына жазгы жел шыбырап өткөнсүдү. Чалпоо жүрөк туйлап, жүздөрү албырды. Экөөнүн тең сүйлөөгө тили күрмөлбөй бирин-бири нукуп калышты. Аңгыча Тенти агайдын үнү даана шаңк этти:

— Ошондо эле балдар ак деп айтпадым беле. Ушул күнгө чейин үчөөнүн тең сабыры суз. Өз оозуң менен угузуп кой.— Ал окуучуларын издөө ниетинде бурулаар замат Қычан менен Атайды көрүп, кашкая жылмайып, колун жаңсады. Алар шылдырап аккан арык суусунун жанына токтошту. Ызакул калпагын, кемзелин чечип, суу боюна койгондо, эки өспүрүм мандайына келишти. Башкарма чөгөлөй калып, башын сууга чулгуп, чаң, кирден тазарып, анан экөөнү эркелетейин деп ойлоду эле, бирок балдардын анын сөзүн тезинен уккулары келип тургандын сезип, өзү да токтоно албай кетти. Анан экөөнү эки колтугуна кыса кучактады да, калдайган чаң муруту менен беттеринен аймады.

— Акталдыңар, айланайындар. Ак жеринен азап чектиңер. Чөпкө Жумалыга өрт койдурган Майрык молдо экен. Тергөөдө мойнуна алды. Улуу болсом да силерден кечирим сурайм, садагалар. Неге атты жиниктирип чаап келди дейсиңер, чорттор. Эл ичи кастардан тазаланганын силерге сүйүнчүлөп. Силерди башынан коргогон агайыңар Тенти. Мен ага ыраазымын.— Эми гана кучагын ачып экөөнү бошотту. Атай бышандап, өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлаган боюнча долдурады:

— А... Агайга ме... мен... да а... а... ая-бай ыраа-зымын.

Қычан ызалыгын да, кубанычын да оттой жанып албырган мөмө жүзүнөн айкындап, бирде агайына, бирде башкармага үнсүз-сөзсүз тигилди. Дал ошол тилсиз минуталарда кыялы сабалып, ата-энесине, Актан атасына, Асылкүл курбусуна акталгандыгын тез жеткизүүгө ашыкты.

## КОШ БОЛУҢУЗ

Жердин үстүн жайкалган көк, жайнаган гүл каптады. Аппак тондуу январь-февралды, кара күрөң кемзелчен март-апрелди силкип таштап, жашыл баркыт көйнөкчөн май кулпуна жаратылыштын көркүн ачты. Жан серектенип, ийин-ийинде уйкуга

талмоорсуган курт-кумурскалар тирилип, сулуулукка маашыркана, жыбырап сыртка жайнап чыгышып, тиричилик алакеттерине кириштн. Чалкайып бала көтөргөн төрт түлүк мал күнтүндөп боюнан бошонууда. Ызы-чуу түшүп маараган козу-улак, мөөрөгөн музоо, кишенеген кулун, боздогон бото кооздуктун коңгуроосун чалып, жарык дүйнөгө жаңырыктуу саламдарын айта үндөрүн тааныгууда.

Эл көңүлү да жашарып, эмгектин туткасын майыштыра кармап, оңду-солго бургулоодо. Жер кыртышы тилинип, алтын дан себилген айдоонун алгачкыларынан кулун жалдай тикирейген жашыл мая өнүүдө. Колхозчулар баккан малынын, төлүнүн аман сакталышын, айдаган эгинин жакшы өнүшүн самап, колунан келген чараларын түгөл колдонууда.

Мектепке, балдардын турмушуна көз чаптырсаң, такыр башкача көрүнүш чагылышат. Окуу жылы аяктап, окуучулар жайкы узак эс алууну эңсеген учур.

Мектептин арт жагындагы көрпөдөй жапырылган беделүү аянт ар түрлөнө кулпунуп, көз кумарын кандырат. Сейрек өскөн кызыл-тазыл, ак саргыч гүлдөр алда кайдан эле жайкалган шибердин үстүнөн кылактап өзүнө чакырат. Туш-тараптан топ-тобу менен келатышкан балдар-кыздар мектептен айланып өтүшүп, ушул жашыл ыраңга бурулушат. Биринен экинчиси озуп, шиберге тизесинен чөмүлүшүп, гүлгө умтулушат. Ар кайсы жердеги гүл үстүнөн тынчын кетирген тентектерге нааразы болушкандай кош канатын эбелектетип, көпөлөктөр көкөлөп уча качышат. Калпак серпип качырганга карабастан, абада калкып, алыс кетпей имерчиктешет. Түркүн түстө кийинген балдар жашыл майканды аралашканда өзүлөрү да жазгы гүл сыяктанып, сеңселе ийилишип, түрлөнүшөт. Топ-тобун бузушпай, бөлөк-бөлөк обочолонуп чокмороктошот. Бир тобу гүлдүү жерге арышын керип тутам-тутам гүлдесте чогултуп, улам-улам жыпар жытын искеп моокун кандырышат. Кыздар үзүп алып сеңселген өрмө чачтарына кыстарышса, балдар көйнөгүнүн боорундагы топчуларына кадашып жагалданышат.

Дагы бирөөлөрү байчечекейлүү жерлерге жетишип, чаңкайган саргыч гүлдүү таажысын үзүп ыргытышып, же түлкү тебетейдей тегерек тартып ак бубактанып бышкандарын бырыксытып үйлөп жиберип, жумшак ийилгич сабактарынын эки учун имерип, бирин-бирине кийгизишет, чынжыр жасашат да, чубалжытып кулактарына сөйкө тагышат. Ушул эле топтун башка балдары байчечекейдин жумшак сабагын жара бөлүп оозуна салышып, чамгарактанган мүйүзчө жасашып какум-кукум ойноп мактанышат.

Ошолордун бири кибир Керез. Ал Капсаландан кутулгандан

кийин оюнкараактыгы, күлкүчүлүгү, куудулдугу, шылдыңчылдыгы чыгууда. Таңдайы кургап, жаагы талыганга кайыл, тилинин учуна чокмороктогон кош мүйүзчөнү кондуруп, кекечтенип кыйкырып, оюн салып жөнөдү:

— Ка-кум-ку-кум бай-че-чек,
Мени кууп ким жетет.

Кежигесин кейкейтип асманга чалкалап чекирейген көзүн айнектей жалтылдатып, томурандап баратып калың чөпкө чалынып бет маңдай тоголонуп тармалданган көрпө чөптү кучактай жыгылды. Бүткөн боюо оорумак түгүл, кайра жумшак чөпкө көйкөлө тартып кумары таркады. Жаш беденин жыты буруксуп кандайдыр салкын чачып сергилентти. Короздонуп сайрап келатып какум-кукумунун тил учунан алда качан ыргып кеткенин жаңыдан сезип, чөптүн арасынан издөөгө ниеттенгенде, артынан жетүүгө сая кубалашкан эки-үчөө күү менен ага урунуп, башынан алыс кетишти. Акыркы бала дал үстүнө күп этти.

— Кокуй, колум сынды! Тура көр бачым!

— Сынмактан омкорулуп кетсин.

— Жаның чыккырдын калпын.

— Сааттуу кибир оңбосун, бетим канап кетиптир. Көрчү!— Далдайган кара бала Кередин маңдайына жылып түштү. Колу менен бетин шыпырып алды эле, кара сур жаагы бүтүндөй кыпкызыл канга боёлду. Беркилер эти ооруганын унуткарышып үрпөйүп-үрпөйүп тура калышты. Керез болсо оң колун бооруна кысып, бутун тыбырчылатып, сеңселген бедени тепкилеп чыңырууда:

— Кокуй! Шашпагыла, силерди! Өлбөсөм өчүмдү алармын. Пай... пай... чыдатпай жатат. Кычан менен Атайды чакыра көргүлө. Бол тезирээк... кокуй! кокуй!..

Тыяк-быяктан балдар чогулушуп, тегеректеп алышты.

— Кана, эмне болду? Көрөйүн,— дегендерди ботодой боздоп жанына жолотподу. Суук кабарды укkан Кычан менен Атай карбаластап жетип келишти. Кычан шып олтура калып, башынан кучактады:

— Эмне болду? Сага тийген кимиси?

Атай дулдуюп, муштумун түйүп ызырынды:

— Азыр терисин тескери сыйрып өчүңдү алып берем. Айта кой.

Кычан менен Атайдын жаңжалынан чочулаган алиги үчөө бүжүрөшүп, балдардын арасына сыгылышты. Балдар болчубу.

— Мына мобулар. Качканы турушат — дешип, жашырынууга мүмкүнчүлүк бербей, алдыга түрткүлөштү. Атай бети канаган кара баланы муунта алка жакадан тутамдады.

Кычан Керезди жөлөп олтургузуп коюп, лып ыргып турганда, Керез шакылыктап каткырып жиберди. Жарданып турушкандар эми эле боздоп олтурган Керездин каткырыгына айрантаң калышты. Керез болсо так секирип тура калып «сынган» колу менен санын чапкылап бийлеп жиберди:

— Алдадым, алдадым.
Какум-ку-кум бай-че-чек,
Дагы мага ким жетет.

— Айрөк, өйрөк, өйрөк,— коёнчо серендеп, аттап-буттап, чөптүн башынан секирип, топту жарып зымырады. Көпчүлүгү кибиреп жүдөө жүргөн Керездин тамашасына мооку канып каткырышса, айрымдары алданганына, «колунун сынганына» ишенгенине ызаланып, анткорду шатырата сөгүшүп, жай-жайына тарашты.

Кычан менен Атай Керездин артынан барышпады. Кээде тизесин бүгүп олтура калышып, кээде эңкээ басышып, сөөмөйлөрү менен чөптү тинтип жүрүшкөн кыздарга аралашышты. Алар алда канча обочо жүрүшкөн. Башкалардыкындай чачтарына сайган гүлдөрү да, кулактарына таккан сөйкөлөрү да жок. Кыздар анчейин бийик эмес эскөн тегерек-тегерек тыйын жалбырак, ичке сабактуу татынакай жашыл чөптөрдүн башын ыргап тинтишкен. Бул жорук берки экөөнө чоочун учурады. Кычан тийише алдын ала озунду.

— Эмне, ийне жоготтуңарбы?

— Ооба, кел издешкиле,— кыздар бири-бирин чыканакка түртүшүп, шыңгыр күлүп жиберишти.

Эч нерседен шек санабаган Атай дулдуңдап жөөлөп кирди.

— Мен тапсам, сүйүнчүмө эмне бересиңер?

— Күзүндө окууга келгенде бет ааруы сайып берем!

— Апама бир мөөн май куйдуруп берем.

— Күзүндө атамдын ашкабагынан казандай болгон бирөөнү сурап берем.

Кыздардын күлкүсү баягыдан беш бетер жаңырык салды. Атай чындап эле сүйүнчүгө тунарлыгына ишенип, тыйын чөптөрдүн түбүн ачып издөөгө кириштн. Кычан шектенип, Асылкүлгө жанашты.

— Тамашаңарды койсоңор. Эмне издеп жүрөсүңөр? Силер чөптүн бүрүн кармаласаңар, тигил суурча түбүн үңүп кирди. Айтсаң?

Асылкүл маңдайынан куюлуп түшүп, жүзүн далдоологон тал-тал чачын кызыл ала башайы көйнөгүнүн узун жеңинен кылайган апакай билеги менен желкесин карай силкип койду да, балапан мээримин чачып жылмайды:

— Ушул чөптүн атын билесиңби?
— Ооба. Коён чөп.
— Жаңылдың.
— Анан эмне, айтсаң?

Асылкүл үч бөртүк жалбыractуу бир тал чөптү үзүп көрсөттү:

— Көрдүңбү? Тыйындай тептегерек болуп турганын. Тыйын чөп деген ушул. Кээси төлгө чөп дешет. Биз төлгө кылып бир нерсени издеп жатабыз.
— Төлгөгө ишенесиңби?
— Апээй, кызык. Ишенбесек деле издеп жатабыз.
— Кана, айтчы. Эмне деген төлгө?
— Бактылуусуңбу же бактысызсыңбы?

Кычан күтүлбөгөн чоң суроодон улам, шашканынанбы же чочуганынанбы, кыйкырып жиберди:

— Бактылуумун! Таалайлуумун! Ырыстуумун!

Кыздар Асылкүлгө кошулушуп, жаалап кетишти:

— Бактылуу болсоң, бир саптан төрт бүчүрлүү чөп таап берчи?
— Ушул турган алтообуздан бирөөбүз гана таптык.
— Калганыбыз алигиче таппай жатабыз.
— Үчөө, экөө, бешөө жарабайт, төртөө же алтоо болсун!

Кыздардын бул «бешиктеги баланын ойнундай» жеңил талабын Кычан таназарына албады. Дароо эле төрт жалбыractуу «тыйын чөптү» сууруп чыкмакка шымаланды. Атай уялганынан дулдуюп унчукпастан, төрт жалбыракты өзүнчө издей баштады. Бирок оңой менен табылгыдай эмес. Кычан коёндой окшош, анын үстүнө тытышып коюу чыккан тыйын жалбырак чөптөн бир тобун үзүп, жалбыractарын санады. Төртөө жок. Далайга аракеттенди. Көзүнүн жалынын жабыштырды. Бармактарын талытты. Асылкүл удаасы менен экини тапты. Калгандары шектенишип, атайылап колдоруна алып көрүшүп, зорго ишеништи. Атаандашуу, арданuу, намыстануу күчөдү. «Төлгөгө ишенбейм» деген сөзүн Кычан унутту. Айласы түгөнгөн соң, үч жалбыractуунун бирөөнө эки бөлүп чапташтырып көрсөттү эле, анын амалын ашкерелеп коюшту. Аңгыча мектепке чогулгула деген коңгуроо үнү жаңырды. Асылкүл Кычанга бирөөнү тартуулады.

— Ушуну издегенде ичимден сенин атыңды атагам. Бактылуу экенсиң. Бул сеники.

Кычан компоё тартып, бактысына мулундады. Асылкүл тартуу кылган төрт жалбыractуу тыйын чөптү орус тил китебинин арасына салып узакка эстелик кылуу үчүн катты. Шаңгыр-шаңгыр кайталап жаңырган коңгуроонун үнү Кычанга жана башкаларына да адаттагыдан бөтөнчө шаңдуу угулду. Анткени алар

эртеңден тартып үч айдан ашуун убакыт коңуроонун кулакка сиңген жагымдуу жаңырыгын угушпайт. Жанатан бери балдар ата-энелеринин келишин күтүшүп, өзүлөрүнчө эркин ойноп жүрүшкөн. Окуу жылынын аякталышына арналган ата-энелер менен баш кошкон жыйналыш тез жана көңүлдүү аяктады. Тенти Албанов баштаган мугалимдерге ыраазылыгы арткан колхозчулардын аттуулары балдарын учкаштырышып, жөөлөрү колунан жетелеп үйлөрүнө тарашты. Жыл сайын жазында учуп келип, күзүндө кайра канат сермөөчү келгин куштардан бетер балдар чуру-чуу түшүшүп, түнөгү, уясы болгон мектебине, классына кылчакташып, кош айтышып жөнөп жатышты. Кычан эки досу менен бөлүнүп, көк шиберге оонап, мектебинин жанында имерчиктеп калды. Атайды издеген бирөө болбосо, коюу чөптүн арасынан аларды көрүү кыйын. Кычанга мектеби негедир жүрөгүнө бөтөнчө жакын, туулуп өскөн үйүндөй жылуу-жумшак сезилип, алыс жылууну каалабайт. Элестүү чоң-чоң сөздөр кыялын эритип, тилинен суурулуп учуп... Катуу-катуу кыйкыра сүйлөп же жаңыртып ырдап, бугун жазууга ниеттенет. Бирок өзүнөн-өзү кысталып, алыска, бийикке оттуу көзүнүн учкундарын чачыратат. Мектепте Тенти агайынын жүргөнүн билет. Таамай барып жолугуудан айбыгат. Ага кандайдыр бир күтүлбөгөн учурда бетме-бет жолуга калып, акылдуу кеңешин угууну самайт. Атай менен Керез жолдошунун кыял сандыгындагы жабык сырларды билишпейт. Керез тым-тырс үнсүз тынчылыкта зеригип кетти. Атайга суроо берип, же тынчын кетирмейин өз алдынча сөз баштоосу кыйын. Дулдуюп жүргөнү жүргөн.

Ал эми Кычан болсо, аппак кийиз калпагын аңтарып, чөпкө жаздап, жер менен жер ээгин жөлөп, бакырайган көздөрүн ачып-жуумп мектептен айырбайт. Анын ойго жетеленип жатканын сезди. Болбосо тынч тура алчу эмес. Мындай учурда жинине тийсең, сонунду көрдүң дей бер. Шак-шак коюп жиберет же колуңду толгоп, далыга муштайт. «Экинчи тийсем ит болоюн» дедиртип жалынтат. Жайланып көңүлдүү олтурган убагында оюндун кандайы болсо да көтөрөт. Ал тургай алы жетсе деле былк этпей туруп бёрет. Согуп-согуп алып чыга качасың.

Керез бир заматта ушуларды чубуртуп эскерип өттү да, Атайга кандайча тийиштик кылуунун ыгын издеди. Ийне учтуу бир тал кыйгак чөптү жулуп, оозуна салып, шилекейине кириптти. Шек алдырбай Атайдын желкесине колун созуп, суу чөп менен сайгылап, кайта тартты. Атай бытырайган эткел манжалары менен кычышкан желкесин тырмады. Аны кучактамыш болуп колун арта салып, чөптү дагы мойнуна жорголотту. Атайдын жылаңач жумшак мойну үстөккө-бостоk чөп сайылганда тыз-тыз ачышты. Атай кагынып-силкинип ордунан тура качты.

— Мойну-башымды чактырып жибердим. Кумурсканын уюгуна жатып алган окшойбуз, тургула! Үрккөн тайлакча тайтаңдап, чөптүн башынан секирип-секирип барып моюн-башын сылагылап, элеңдеп тыяк-быягына кылчайды. Чын эле алда немеси бар дегенсип, Кычан да кыял түйшүгүнөн бошонуп өйдө обдулду. Чекир көзүн чылк жуумп, башын титиретип, кызарып-татарып ыкшып күлгөн Керез бир колу менен жерди, бир колу менен бөйрөгүн таянып зорго ордунан козголду.

Аппак кийимчен, өйдө таралган үрпөгөй чач жыланбаш Тенти Ызакулду атказып бурулуп баса бергенде, чөп арасынан көтөрүлгөн окуучуларын көрүп, бажырайып карап калды. Балдар да жалт көрө салышып, тым-тырс боло түшүштү. Жал-куйругу жерге эңилген чоң тору кашка аттын жүрүшү менен шайбырлатып апакай кийиз калпакчан Ызакул артына кайрылбай узады. «Элден бөлүнүп, чөптү уйпалап, ээн баштык кылып жатканыбызды жактырбас» деген пикир Кычандын эки курбусунун башын саландатты. Кыраакы мугалим Тенти эмне үчүн бул жерде жүрүшкөнүн сураштырып, тилдемек түгүл, кайра кашкайып күлүмсүрөп, мектептин эшигинин алдындагы скамейкага ээрчитип келип, үчөөнүн ортосуна олтурду.

— Силер жаш болгонуңар менен айылдагы эң алдыңкы билимдүү адамсыңар. Колуңардан келишинче колхоздун кыймылына кол кабыш кылгыла. Ызакул үчөөңдү аябай эле чоң кара тутуп калыптыр. Жана жыйналышта өзү да айтпадыбы. Түшүнүп калбадыңарбы. Айыл ичин бузуучулар, ушак таратуучулар, коом мүлкүнө кол салуучулардын аракетин байкап, Ызакулга тайманбай айтып тургула. Кээ бир ниети таза караңгы адамдар тез адашат, бирок оң жолго да тез түшөт. Маселен: Асылкүлдүн апасы Тырмактай жеңени алалы. Бир кезде бизге келип кызыл чеке болуп жаңжал салганы эсиңерде бардыр. Кийин түшүндү. Азыр болсо Асылкүлгө эркиндикти кеңири берди. Бүгүнкү сүйлөгөнүн байкадыңарбы? Өзүн өзү аябай жемелеп, кайра бизден кечирим сурады. Уй фермасында саанчы экен. Эртең жайлоого көчүп кетет. Асылкүл ошол фермадагы малчыларга мугалимдикке бекитилди. Тырмактай жеңе каршы чыкмак турсун, кайра сүйүндү.— Агайынын акыркы айтканын укканда үчөө тең жандана түшүштү.

Кычан шашкалактап сөзгө аралашты.

— Асылкүл кыйын кыз. Энесин тарбиялады. Эми ага чоң кызмат тапшырылыптыр.

Керез да жөн тура албай чепеңдеп, мурдун кайра-кайра тартып курбусун кубаттады.

— Чын эле.

Тенти экөөнө тең жаадырай бурулду. Атай сөзгө катышпай,

агайынын сүйкүмдүү эркелете карашына илинбей калганына коомайсына шыпшынды.

— Сабатсыздарга мугалим болуу чоңдукка жатпайт. Ал иш айылдагы «билимдүү» азаматтардын ар биринин түздөн-түз милдети. Жакшылап эс алгыла. Мүмкүнчүлүгүңөрдүн келишинче мен айткандарды иштегиле. Эсенчилик болсо, күзүндө Ленин комсомолунун катарына өтөсүңөр.

Комсомол деген — бийик, сыймыктуу сөз Кычандын жүрөгүн туйлатып жиберди:

— Агай, бизди комсомолго өзүңөр өткөзөсүңөрбү?

— Мен болбосом да, комсомол уюмунун катчысы даярдайт. Андан кам санабагыла!

Балдардын жүзүндөгү албырттаган жарык кубаныч үлпүлдөп өчө баштады.

— Агай, сиз кайда кетесиз?

— Өз колуңуз менен өткөзсөңүз.

— Башка киши бизди тааныбайт да.

Тенти ички сырын Ызакулдан башка бул айылдагылардын эч кимисине чыгарган эмес. Сүйкүмдүү окуучулары көз алдында мөмөдөй мөлтүрөшүп балалык чукул, бирок таттуу тилектерин сунуш кылып олтурушса, кантип чындыкты жашырат.

— Күзүндө силерди тааныган, менден артык кам көргөн жаңы, жакшы мугалимдер келишет. А мен болсом, Москвага Ломоносов атындагы университетке окууга жөнөгөнү жатам. Кат жазышып турабыз.

— Маскөө! Маскөө! Кремль — СССРдин борбору. — Кычан сүйүнгөнүнөн кайра-кайра кайталап бекем-бекем унчукту. Берки экөө да Москвага барарын угуп, агайына томсоро түшкөн жүздөрүн заматта кулпунтуп, көздөрүн бакырайтып кубангандыктарын билдиришти. Тилектеш жаштардын кубаттоолоруна Тенти Албанов да толкундай түштү.

Элет кыргыздарынын ичинен Россиянын ичкерки шаарына бирин-серин жаштар окууга жөнөсө, орустун побуна чокунганы кетти, мусулман дининен чыгып, каапыр болуп келет имиш деген келжирек сөздөр али да айтылып жүргөнүн эшиткен. Жаз гүлүндөй жадырап турган үчөөнүн ар кимисин эркелетип, шадылуу алаканы менен колдорун кыса кармады.

— Мен эртең өз айлыма, ата-энеме жөнөйм. Бир айча эс алып, анан жол тартам. Айткандарым эсиңерде сакталсын. Университетке окуй баштагандан кийин силерге кат жазам. Мен окууну бүткөнчө, бул жердеги турмуш да тааныльгыс өзгөрөт. Бакты-таалай, келечек баары алдыда. Ал силердин энчиңер. Өңгөнү айтпайын. Ушул бирин-серин обочо жалпайган токол тамдар, заңгыраган чатырчалуу үйгө, шаңдуу шаар тибиндеги көчө-

гө айланат. Колхоздогу алгачкы жалгыз трактор он-жыйырмалап көбөйөт. Самолётту да, машинаны да силер башкарасыңар. Ээй балдар, айтса сөз көп... Агайыңарды эсиңерге тута жүргүлө. Көрүшкөнчө кош болгула!

Агайынын келечекти элестеткен кереметтүү сөзүнө шердене түшүшкөн үчөө хор айткандай жарыша унчугушту:

— Кош болуңуз!

## ӨЗ ЫКТЫЯРЫ МЕНЕН

алууга тараган балдар чаржайыт каалаган жактарына чачырашты. Ата-энеси, ага-тууганы мал баккандар тоо жамынып салкын жайлоого чыгышты. Жакада калгандар суу-суунун боюна эгинди аймактап конгон жатакчы да кыштактын өзүндө бирин-серинден бөлүнүштү. Мектептеги класс-класс топтошуп окуп-ойноп чуру-чуру түшүп көңүлдүү өткөрүүчү жагдайды эңсеп жалгызсырап эриккендер да бар. Китеп, кагазын таңып, салык тамга бекитип коюп, таң эртеңден күүгүмгө дейре топурак-чаңга көмүлүп ээн-жайкын оюнга колу бошогонго сүйүнүп жүргөндөр да табылат. Кычан, Атай, Керез — үчөө дагы эле чогуу кыштак ичинде калышты. Басса-турушса, үч эм эгиздей ажырашышпайт. Өзүлөрүн айылдын бой жеткен азаматтарындай сезишет. Эл көзүнчө шайкелендикти тыйышып, бою-башын түзөтүшүп, токтоо тартышат. Эртели-кеч үй оокатка кол кабышын тийгизишет. Күндүз ээндеп далдоо жерлерге барышып сүйлөшүшөт, сырдашышат, китеп-газета окушат, жомок, тилектерин айтышат...

Суу жээгинен суурулуп золкоюп салт-салт басып «урунарга тоо, урушарга жоо таппай» келатышканда жогортодон кашаң кара керин кагынып-темпиип темгил-темгил чыт чапан, жапырак тебетейчен көк башы Актан ата көрүндү. Үчөө алыстан таанып токтоп калышты. Актан ата калдайган кетменинин уңгусун ээринин кашына кийгизип, чабына кыскан. Кашаң кара кер далп-далп желсе, чоң туяктарынын астынан чаң бурт-бурт атылат. Балдарга чукулдай бергенде уюлдуу табылгы саптуу жылан боор камчысы менен санга жаңсады. Чоң баш, тытышкан калың жалдуу дүңкүйгөн кашаң кара кер өкүрөндөп чочко текиреңин чыгарып келатып, бетме-бет жарданып күткөн үчөөнү жандап өтпөй тык токтоду.

— Ай, карт күрөң, сага кудай бардыр. Салам бербеген мырза чыкмаларга кайрылбай кайкып кетет элем. Шалпайып тык турганын көр. Жүрөгү жоктук кылдың! Же карт күрөңдү силер дубалап койдуңарбы?— Карыя тизгинин бош коё берип, ээрдин кашына ачталуу кетменинен өбөктөй чыканактап, чокчо сака-

лын биринде тип, балдарга жылмая карады. Қашаң кара кер ооздугун шалдыратып жолдун жээгиндеги чөптү тырс-тырс үзүп, күдүр-күдүр чайнады. Актан аксакал ээр үстүнөн козголбой, балдарга минген атын кайрадан мактай баштады.

— Қашаң кара керимди сылап-сыйпап жайдыр-кыштыр жемден өксүтпөй, жүнүнөн майын чыгарып жылтылдатып багам. Элчилеп кышта байлап минип, жаз, жай жайлоого жиберип жайын жайлатпайм. Деле ылайым тоо чөбүн жеген аттардан кем калышпайт. Дүпөктөй калың жал-куйругуна уйгак, чөпчар, чаң жугузбайм. «Доңуздан» күчтүү. Дыйкандын аты да дыйкан болуш керек. Миң мактанганыңар менен сыланкороз өрдөк мойнуңар менин аймаңка карт күрөңүмдөй ысыкка чыдай албайт дейм чалыш аттууларга мактанып. Чындыгында мунум бар эмеспи, ташка салса талыбаган карылуу аймаңка. Қашандыгын эсепке албайм. Күн десе күн, түн десе түн жайдыр-кыштыр баспай калган учуру боло элек. Эки сынтынер эгинди артынып, үстүнө конуп алып, кыш күз тегирменге, базарга кете берем. Қолумдагы күч унаам эки ат, бир өгүзүмдү колхоз ортосуна өткөрүп, бир аз күн жөөлөп калгам. Ошо жылы кап-кап эгин алгам. Жай-кыштыгын ороо-ороого куюп, ун-талканыман артканын базарга алпарып соодалагам. Андан түшкөн акчаны жоолугума түйүп, мал базарына баргам. Қызыгандан кызып олтуруп, Ыстыпан деген дыйкан орустун колунан алты асый кара керди көрүп айланчыктадым. Ээси — арабага көнгөн, күчтүү, бирок кашаң экенин айтты. Тишин ачып, дүпөктөй куйрук-жалын сылап, саан уйдай кампайган курсагын, орус такалуу олчойгон туяктарын кармалап, көңүлүмө толтуруп, жайдак ыргып минип, лүк-лүк бастырып көрдүм.

Бали! Кембагалдын ырысына бүткөн мал экенсиң. Кемпирим көйнөк албайсың деп урушса урушсун. Ээр жесир, экөөбүз боорубуз менен сойлоп калдык деп, алдап-соолап эпке көндүрөм деген чечимге келип, акчаны санап берип, «береке тап» дешип, Ыстыпан менен алакан чабышып, соодалашып, чылбырынан жетелеп жөнөгөм. Ошол күндөн тартып мен кара кердин, кара кер менин көңүлүмдү калтырыша элекпиз. Эл Актандын кашаң кара кери десе, өзүм кээде илгерки дөөлөрдүн буудандарынын аты «карт күрөңүм» дейм. Колхоз жумушуна башкармадан ат сурабайм.

Карт күрөндүн санжыргасы ушундай, чырактарым. Қулуюп унчукпай калдыңар. Салам айтпайсыңар деп, уялтып койдум окшойт. Мындан ары эсиңерде болсун ээ?

Актан атанын минген кашаң аты жөнүндөгү сөзүн балдар ынтаасын коюшуп тыңшашты. Аягында жеңилдик бергенине ыраазы болушту. Дайыма салам айтып учурашышчу. Бул жолу

кашаң кара кердин чочкочо өкүрөндөп чуркаганына таңыркап карап олтурушуп, жакындаганында аптыгып үлгүрүшпөдү. Конултуктай калган Актан ата тамаша катары айтканы менен, балдар чындап эле уяла түшүшкөн.

Кычан кең пейил, бала кыял Актан атасына карап, эки колун боорына ала коюп, жүгүнө башын ийди:

— Мындан кийин ассалоом алейкумду алты саржан алыстыктан айтып жүрүүгө пионердик убадабызды беребиз.

— Оо! Пыянердик убада! Ишенем, ишенем. Болду, болду, чырагым! Кечтим, кечтим!

Керез болсо, Кычандын келинче жүгүнгөнүнө, Актан атанын пионерди так айта албагандыгына санын таянып, кызарып-татарып ыкшыды.

Атай «кыткылыктагыдай эмнеси бар» дегенсип, Керезге мурдун чүйрүдү.

Актан ата жыйналышка келатканын, алыш которуп жүрүп кечигип калганын айтып, кашаң кара керин нукур камчысы менен моюнга эки-үч уруп сопондотту. Кычан узатпай чуркап жетти.

Бир аз жерге сүйлөшүп, жандай ээрчип барды да, лүк-лүк желе баскан кашаң кара кердин жонундагы каз моюн ээрдин кашын сол колу менен тутамдап, Актан атасына жармашып жатып, аттын кыр аркасына конуп, карыянын кош мүрүсүн таянып тикесинен какайды. Актан ата «шамдагайлыгына баракелде» дегенсип, ууртунан «буп» этип күлүп, артына кылчайды. Атай менен Керез эмне кыларын, кайда барарын билишпей, Кычандын жоругуна таңданышып, баягы жерде эле маңырайып жылбай айланчыкташты. Карыя атынын башын бура тартып, балдарга камчысын булгап кыйкырды.

— Чуркагыла, чырактарым. Өз уулун учкаштырып, бизди таштап кетти деп таарынасыңар (Кычанды өзүнө таандык эсептей турган). Өңгөнү билбейм, Кымка байбиче укса: я ботом, көк башы, сакалдуу башың менен балдардын бирин ала, экөөнү кула көргөнүң эмнең деп, наалыры бышык.

Үзөңгүдөн азиялык галоштуу маасысын чыгарып балдарга белендеди. Чымылдап чуркап жетип, кантип минем дегенсиген Керезге колоо үзөнгүнү кыңгыратa тээп жаңдады:

— Учкаш, чырагым, эмне карап турасың. Оой, Кымка байбичинин уулу — Атай мырзам, ташмындап чуркай албайт экенсиң. Майболпоч белемсиң. Бол бачым. Сен да учкаш! Карт күрөң төртөөбүздү көпөлөктөй эле калкытып жөнөйт!

Атай бутун үзөнгүгө илип, оң бутун аттын соорусуна сойлотуп тырбаландап, тез мине албады. Кычан эңкейип колунан, Керез далысынан ыкшай тарткылап, зорго карт күрөңдүн жонуна

чыгарышты. Анткен менен Атай баарысынан жайлуу орунга, казандай көмкөрүлгөн жумшак сооруга эки бутун саландатып, жайма-жай конду. Керез адегенде Қычан менен бой тирешип, анын мойнуна колун артып тура калган. Атай учкашкандан кийин, аттын кайчылашкан куюшкан баскан кыр аркасына жалпак олтурду. Актан ата мактанычтуу күрсүнүп, тизгинин кагып моюнга торс-торс чапты эле, кашаң кара кер желе-жорткон басыгы менен башын жерге эңилтип, дүңкүлдөп жөнөй берди. Жыйналыштан кечиккенине шашылгансып, улам-улам карт күрөңүнүн оозун силкип, үзөнгүдөгү буту менен кош капталга ныкылайт. Қашаң кара кер ан сайын эшектикиндей калдайган кулагын шылкылдатып жапырылууда. Қычан менен Атайдын көңүлү жай. Ат үстүнөн жым-жым этип, билинер-билинбес жүздөрүн аймап өткөн абадан ирмей ууртап, тердеген алакандарын алмак-салмак булгалап сергилендетүүдө. Қыр арка менен темир куткундуу кайыш куюшкан Керездин чычаңын оорутуп, куйругун өйкөөдө. Эрдин кесе тиштеп, беркилерге сыр билгизбемиш болот. Эки жамбашына алмак-салмак ары оодарылып, бери оодарылат. Ошентип чабалактап чыдай албай келатканда, кашаң кара кер жайык кечүүдөгү сууга кирери менен тумшугун малып, ооздукчан эле кылкылдатып жута баштады. Актан тизгинин силкип-булкуп кагынып, нукур камчысы менен моюнга уруп, суусунун кандырууга мүмкүнчүлүк бербей, зордоп бастырууга демиткенде, кашаң кара кер чунаңдап, шалпаң кулагын жапырып кыйыктанып, балбан чөмүч туягы менен суунун берметтерин чачыратып шилеп жөнөгөндө, Керез жылаңайлак бутунун башын сундуйтуп, аттын жылуу такымын көздөй сойлотту. Қандайдыр бир балээ жабышкансып, чочулаган кашаң кара кер кош аяктап, сууну жара тээп, тоңкобаш атып мөңкүдү. Актан ата тизгинди кыска тутамдап, жалынан бурдай кармап үзөңгүнү чирене тээп, тамырлуу арчадай ээрге бекем кадалды. Қычандын буту тайып шалак жыгылып кете жаздап, Актандын белинен кучактай ылдый отурду. Керез тырмышып ага жармашты. Ат арыктын аркы өйүзүнө типе-тик секиргенде, Атай жумшак соорудан жылмышып, көмкөрөсүнөн чулп этип сууга түштү. Демейде үстөккө-босток камчы урганда зорго текирең-таскагын чыгарган кашаң кара кер, кош тизгиндин карыша тартылганына моюн сунбай арышын керип, бута атым жерге ала качып барып араң токтоду. Ошондо да бышкырык атып, селт-селт калчылдайт. Актан ата камчысын бүктөй кармап, чокуга басып-басып алды:

— Ой, арам өлгөн доңуз. Сага жин тийдиби? Атайдын бир жерине олчойгон доңуздун туягы урунган жокпу, чырактарым. Так! Так! Кошкурумуш болгонун көр! Так! Так!

Кычан менен Керез тилсиз, кыймылсыз жалдырашты. Аңгыча арыктын жээгине шөлбүрөгөн Атай башын чулгуп сууруль,. Атчан үчөөнүн жүзүндө күлкү чагылды.

* * *

Алар келишкенде жыйналыш аяктап баратыптыр. Колхоздун башкармасынын мекемесинин капталындагы көк шиберге уй мүйүз тартып чокмороктогон эл. Аппак кийиз калпактар менен кызыл жоолуктар кылкылдайт. Ортосунда күрөң кездеме жабылган кичирээк столдун кырын таянып, томпойгон оозун ачып, арсак-терсек узун тиштерин жаркылдатып, кайраттуу көмүр мурутун биринде тете чачыратып, Ызакул сүйлөп жатыр. Бак-бак этип үнү дегеле катуу. Жаңыдан келген учурда« Социалчылыктарга» Ызакул ушинтип сүйлөгөн кезде бакырчаак төөдөй көрүнчү. Эми болсо, жаагын жаныган чечен жигиттин, өзүлөрүнүн калыс жетекчисинин нускасын эрип тыңшоодо.

— Жумуштардын жагдайы тууралуу кеңешип бүттүк. Убадалаштык, акылдаштык, макулдаштык. Эми менде бир орчундуу сунуш бар. Кары-жаш дебей баарыңар жумуш үстүндөсүңөр. Ар бир түтүндө саан уйларыңар бар. Эгер кезектешип кайтарсаңар, күнүгө бирден киши жумуштан калыш керек. Бул колхоз ишин мүчүлүштөтпөй койбойт. Ошондуктан жатакчыдагыларга өзүнчө, кыштактагыларга өзүнчө эки адамды бөлүп бадачылыкка дайындасак түзүк болгону турат. Буга кандай дейсиңер, журт!

— Туура, туура!

— Эң эле сонун!

— Алардын акысын ким берет?

— Биз. Колхоздон эмгек күн жазып беребиз. Каалоочулар барбы?— Ызакул ормондоп «ким суурулуп чыгар экен» дегенсип, элдин арасына көзүн жорголотту. Төө жүнүнөн токулган жалаңтык пыязы таар чапан, ак кездеме топу кийген, сеңселген күмүш сакал Самтыр деген киши алды жактан таягы менен шиберди тап чаап, мойнун созуп кыйкырды:

— Мына мен кайтарам. Бекер жатып табарым эмне. Калайык журт ишенсе, жатакчынын милдетин алайын!

Эл ичи чуру-чуу толкуду:

— Ишенебиз.

— Момун киши. Айыл аксакалы.

Ылайыктуу адамдын оңой-олтоң табылганына кудуңдаган Ызакул колун көтөрүп, дуу-дууну басты.

— Кана эми, кыштатагы уйларга ким бадачы болот?

Күңк-күңк шыбырлар, элең-селең туш-тарабына көз отун чагылтуулар өкүм сүрдү.

Чет жакта эл шарданына кошо толкуп тикесинен турган Кычан бая эле колун көтөргөн. Аны эч ким капарына албады. Көпчүлүгү кол көтөрүүнүн маанисин түшүнүшпөдү.

— Кана, журт, кармалып олтура бербейли. Каалоочулар табылбаса, анда ылайыктуу кишинин атын айткыла. Көпчүлүктүн атынан тапшырабыз. Бул оной-олтоң жумуш эмес. Элдин, көптүн иши,— деген Ызакулдун жыйынтыктоочу сөзүн укканда Кычан токтоно албай кетти:

— Ызакул агай, кыштакка мен бадачы болом!— Чаңкылдап бийик чыккан кулун үн калайык-журттун кулагына коңгуроодой шаңк этти. Жалт карашып, торсоюп колун көккө сунуп мотурайган Жакып устанын уулу Кычанды көрүштү. Туш-туштан алкоо сөздөр жаады:

— Өмүрүңө береке берсин, айланайын.

— «Бөрү атаар уулду бөркүнөн тааны».

— Чыйрак бала.

— Колунан келет. Ишенебиз!

Турдукан үйүндөгүнсүндөй эле уулуна эбедени эзилип, ээгин көтөрө эркин обдулду.

— Каралдым, эл милдетин мойнуна алып... Киши болот деген ушул.

Жакып аялын көйнөгүнүн этегинен тартып олтургузду.

— Байбиче, көп бабыраба. Көзү жамандан, ичи жамандан сактасын.

Карачы заңкайып, олтур дечи уулунду.

Ушунча элден тайманбай, чоң жумушка бел байлап, сүзө качырып сүйлөгөн уулун Жакып тике карай албай, анын үстүнө элдин алкоосуна тердеп, сөөмөйү менен жер чукулады. Көптүн «көзү тийбесин» үчүн, бир чымчым топуракты алаканына салып, чала-була дуба окуп, жүз аачынын учуна түйдү. Анан үйгө барганда шек билгизбей уулунун башынан айлантып чачып жибермек. Жаш да болсо, ушул жарданган элдин атасы Ызакул мурутунан ормоюп күлүп, жанына чакырып далыга каккылап, маңдайынан сылап эркелетип турган уулун жал-жал карап чолок жаш тоголотту. Төбөсү элден бийик көтөрүлүп, көккө сунулганын сезсе да, басмырт Жакып, үңкүйүп жерге кадалды, ичинен миң ирет тобо, келме кыраатын кобуроодо.

«Торсойгон чырагым, атаң айлансын сенден. Сен ушинтип заңкайып өс. Мен жер жер бетегедей эле жепейип жүрө берейин. Улуусу калаадан окуп, андан кийинки уулу минтип бата алып, эл оозуна кирет деп ойлогон эмес, жаман уста. О, кудай, миң мертебе тобо. Чыractарымдын боосун бек кыл».

Ызакул койгон маселелери ойлогонундай чечилгенине ичинен канааттанып, мурутунан ормоё, дагы башын өргө чулгуду:

— Журт, жалпыц уккула! Баарыңа эскертээр жарыя бул. Жумалы каракчы тоо, таш жамынып, анда-санда түн катып айылга түшүп жүрөт дейт. Бирин-серин мал жоголууда. Ошо колдуу болуп атпасын. Көргөнүңөр жашырбай айтып, кармап бергиле! Чогулуш жабык.

Эл четинен дүрдүгүп тароодо. Ызакул жанына имерилген Кычандын колунан кармай:

— Жарайсың, чорт керелди күнү кечке уйлар менен жалгыз талаада маңып зеригээр бекенсиң?

Кычан өзү жакынсынткан башкармага тартынбай бар сырын айкындады:

— Ызакул байке, кайра жакшы болбодубу. Күнүгө бирден адамды кезметтештирип убара чектирбей, али күздөгү окуу башталганча уйларды тим эле сонун кайтарам.

Ал эле дейсизби, талаада эркин жүрүп, Жумалы кескини байкайм. Билдиңизби, аны колго түшүрмөйүн...

Ызакул анын ысык алаканын кыса, «жарайт» дегенсип, ээрчичите басты.

## БАДАЧЫ

Жоргосу бар. Жылкычы Мамбеталы баласына менчиктеп жүрүптүр. Андай бекерчиге ыраа көрбөдүм. Атайылап сага алып келдим. Жакшылап багып мин. Уй күн ысыкта сайгактап шайыңды оодарат. Жөө уйларга жетпей, убара тартасың. Тердетип ары-бери чапкылай берсең, кунанды бузасың. Уйларды имерип коюп, ооздугун чыгарып откозууга көндүрүп ал. Колхоздун тандамал аты болот, жаныбарым. Ыраспы, уста, мүчөсүн байкап көрчү. Жоргонун эле сыны...

Ызакул ноктолоп өзү жайдак жетелеп келген жалы кыркылган, сыйда куйрук кара кер кунандын чылбырын Кычанга карматты. Астындагы жал-куйругу эшилген тор кашка аргымак суулугун шалдырлатып чайнап буртулдатып көбүк чачып, кара кер кунандын соорусун ээги менен түрткүлөдү. Кычан кубанычтын жалынын көзүнөн алоолонтуп шып ыргып минүүгө шашылды. Жакып күдүңдөп, жаш жылкынын башын, жонун, соорусун сылагылап, бакайын кармап көрдү да:

— Ырас, башкарма, чоң жорго болуучу кейпи бар: кыска бел, кап курсак, соорусу бүрүш, буттары жоон. Жорго балбан жылкыдан чыгат. Кыязы Майлыбайдын айгырынын тукуму го. Сын-сыпаты, өңү дал атасынын өзү. Энеси ким кошкон бээ болду экен? Башкарма байкең өз колу менен табыштаган соң, балам, эми жакшылап мин. Түнкүсүн багуу милдети менде. Мындай жоргону байдын кутурган балдары минчү эле. Буга да шү-

гүр...— Терең улутунуп ичинен тобо кылды. Уулунун колундагы чылбырды алып, аны үйгө жумшады:

— Бар, балам, байкеңе сыңар мүйүз мала уйдун айранынан куюп чык. Куттуу үйдөн кур кайтканда болбос. Энең кургур бир жакка басып кеткен окшойт.

Кычан кырма кара аякка мелт-калт айран көтөрүп келип, ат үстүндөгү Ызакулга сунду. Жай ичсин дегенсип, Жакып тор кашканы кош суулуктан кыймылдатпай кармап турду. Айрандын даамдуулугунанбы, же чын пейли сунган аякты кайра узатпайын дедиби, Ызакул көмүрдөй мурутунун агала малынганына карабай шыпкап ичти.

Жакыптын үйүнө жаңы бакты киргендей опур-топур. Башкарманын өзү жетелеп келген кара кер кунандын камылгасы: «жакшы малга ниети бузуктун, ичи тардын суук көзү тийбесин» үчүн Турдукан кунандын көкүлүнө, куйругуна көргөзбөй суу мончок такты. Кычан коёндой так секирип, чимирик атып, мала уйдун бастырмасын шыпыргы, күрөк менен чаңызгытып, кыктопондон тазартып, түнү бастырманын чырпыктарын, дубалдын жаракасын мекендеген чымын-чиркейлер дыңылдап, бети башын чакканга кайыл. Жакып уулу минүүчү жорго кунанга сыпайы ээр-токум камдоонун аракетинде. Өзүнүн өгүзгө токунчу чом ээрин ылайык таппады. Көз байланып, киши таанылбай калган маал болгонуна карабастан, кара кер кунанга жайдак минип, туугандарынан ээр-токум чогултууга бастырды. Жоргосун бөжүтүп көрүүгө көзү кычышкан Кычан атасынан оозун коё берүүсүн суранды эле:

— Кой, балам. Башкарманын айтканын эми эле эсиңден чыгарып ийгенсиң го. Сага ишенгенинен, жакшы көргөнүнөн берип жатат. Жаш жылкыны катуу минсе, ээр басты болуп далысы курушуп өспөй калат. Суу төгүлгүз эле жорго деген ушундайдан чыгат. Мына, кылтылдатып чайпала тартып узады.

Жүрөгү дикилдеп, Кычан түндүн далайына чейин кирпик какпады. Эртеңки орчундуу иштин даңканы кулагын кытыгылап, биринин артынан бири чубуруп, сезиминде кербенделип тартылууда. Таң кылайып, биринчи торгой асманга атылып көтөрүлгөндө ал кара кер кунанды жылжытып көчөгө чыгат. Ар бир үйдүн эшигине барат. Трактор келгендеги Актан атасы сыяктуу, каалганы каккылайт:

— О, Урумкан энеке, тур, чолок күрөң уюңду кош!

— О, Кымка эне, кара уйду тезирээк саап болуңуз! Бырылдап уктап жаткан Атайды мурунга чертиңиз. Ойгонуп мага учкашсын.

— О... ой, Каным эже, сарала кунажындын мурунтугун мүйүзүнө түрүп агыт. Бышылдаган Керездин эки кулагынан чоюп

ойгот. Менин жоргомо учкашсын. Үй кайтарабыз. Дагы... дагы толгон үйлөргө барат. Туш-туштан кулак тундуруп мөөрөгөн үйлар оюн салып, бир жерге чогулушат. Анан мүйүздөрүн аркайтышып, отуз-кыркы... Жүзү... Эки-үч жүзү кылкылдап жайытка жөнөшөт. Кара кер жоргону тыяк четине, быяк четине жапырылтып, тосмолоп сонун-сонун жайыттарга кайтарат. Үйлардын желиндери чытырап, казандай дөмпөйүп, чаткаяктарына батпай, түшкү, кечки сааңда теңселе басып короо-короолорду сүзүшөт. Ошондо да ар кайсынысын өңүнөн тааныган Кычан ар бирөөн айдап жеткизип берет. Кемпирлердин жалынычына бөлөнөт. Кээси аны каймакка көөлөгөн талкан, жуурат менен меймандайт. Жайдын кыска түнүндө мына ушуларды элестетип жатып, таңга жуук гана уйкуга магдыраган Кычан эртең менен былк этпей төшөгүндө жумаланды. Атасы ар кимден кураштырып, ээр-токум жыйнаган. Таң заарынан туруп, аттануучу уулунун кем-карчына киришти. Тердикти бүкүр кемпир Урумкан берген. Мындан он беш жыл мурда жасалса да, жүк астына жыйылып, аз урунгандыктан күнү бүгүнкүдөй жаңы.

— Акылдуу тентегиң бар. Сыртынан баамдап жактырам. Тирүү жүрсө журт сураган эр болор. Байдын тирүүсүндө, кол жуктуу кезде жалаң кара козунун жүнүнөн уюткамын. Уулуң атка минип жатыптыр. Кошумчам болсун, уста. Ара-чолодо бир кычкач, бир калак жасап бер. Кышында мешимди жамап берерсиң. Эртең менен чолок күрөң уйду жетелеп барып кошуп, Кычан тентекке кыял-жоругун айтып түшүндүрөм...— Бүкүр кемпир Урумкан, тердикти Жакыптын колуна берип жатып, ушуларды эскерткен. Жакып сураганына макул деп, ыраазычылыгын билдирип кайткан. Ээрдин башын Кымка энеден алган. Атайга сактап жүргөн чарымдуу анжияндын ак каңкысынан эле. Атай бир аз үтүрөйүп, кыцк-мыцк этип жатып, Жакып менен апасынын: «Кычан экөөңдүн ортоңордо сеники, мениki болгону уят эмеспи. Ыгы келсе, сурап минесиң. Ал ээрди сындырмак беле. Досумку деп ого бетер мактанбайбы. Сенин эле атың чыгат»,— деген жаалоосуна зорго жибип, алып берген. Каптырганы эртең Актан атасы келиштирип жасап бүтөм деген. Ээрдин ченин өлчөп калган. «Тердик жумшак, бир-эки күнгө жоорута койбос» деген ой менен, Жакып өзүнүн чомунун каптыргасын чыгарды. Ак каңкы ээрге анчейин жарашпаса деле, өзү уютуп жасаган чүлүк темир үзөнгүсүн такты. Турдукан сызмадан шырып, басмайыл, куюшкан жасады. Кара кер кунанды токчойтуп бастырмага аса байлап коюшуп, уулдун ойгонушун күтүп ата-эне тынчсызданып, аны-муну сүйлөшүп бөйпөндөшүүдө. Кезеги келгенде жетине албаган Турдукан Жакыптын кийиз калпагындагы чөп-чарын алымыш болуп:

— Баласы атка минди дейт,
Атасы аттан түштү дейт,—

эми үйгө жатып үңкүйүп чал болгонуң ушул,— деп оюн-чындан кубанычын бөлүштү.

Кыштакты жаңыртып, даңгырап-аңгырап тыяк-быяктан үйлардын ачуу мөөрөгөнү абаны титиретти. Сыртка баш багып карашса, короо-короодон короктоп кемпир-келечтер үйларын жетелеп көчөгө чыгып калышканын көрүштү. Жакып энтелеп үйгө кирип, уулун ойготту:

— Тур, чырагым! Я кокуй күн, унутуп калгансың го. Кунанныңды токуп койдум. Эл үйларын агытып жиберишти. Бол бачым!

Атасынын карбаластаган кыйкырыгынан Кычан секирип туруп, шап-шуп кийинди. Чоң шашкеге дейре уктап, элге уят болгон экенмин деп, ичи туз куйгандай ачышып, эшикке атылды. Асмандын бакыракай көзү алыстагы тоо кырынан жаңыдан күмүш кирпиктерин чачыратайын дептир. Абдан эрте. Бирок, алардын эшигинин сыртындагы кыймыл жандуу. Аны көрүп, жүзүнө уяттын табылгы тактары жабалактады. Түнкү чечими боюнча, бул маалда жоргосун жылжытып, көчөдө жар салып жүрмөк эмес беле! Кайрылып үйүнө баш бакпады. Бетин да жуубады, тамак да ичпеди. Шыдыр устунда аса байлануу турган кара кер кунанга жөнөдү. Баласынын айтканынан кайтпаган өжөрлүгүн билген ата-эне, тамак-аш ичпей, шашканынан улам токтотуп кала албастыгына көздөрү жетти. Экөө тең далпактай чуркап уулунун өзү аттануусуна мүмкүнчүлүк беришпеди. Жакып чылбырды устундан чечип, кунандын башын кыбыланы карай тартты. Турдукан уулун сол (аттанаар) жагына жетелеп келди. Кычан чүлүк үзөнгүгө бутун койгондо, Жакып:

— Быссымылда. Бир колуң менен ыйык жалдан, анан куюшкандын куткунунан карма.

Турдукан болсо алаканын жайып, өзүнчө бата ушатып, ат үстүнө конгон уулуна кубанычтуу күлүмсүрөдү:

— Жолуң ачылсын. Атка ээлик болуп, эр жетип, соболоң өскөнү ушул. Эркек тана болгонуңдан кагылайын, жүрү, уста, эшиктеги үйларды чогултушуп берели!

Кычан кооз анжыян ээрге, сызма куюшканга көз шооласын чачыратып, кайыш тизгинди тыгыз тутамдай кармап, жайдандады:

— Охо, хандын уулундай какайып калдым го, камчым гана, атаке?

— Ок, антчү эмес. Ичиңден тобо де.

Жакып баласы менен энесинин сөзүн угар-укмаксан бөйпөң-

дөп шашып үйгө кирип, Турдукандын табылгы табоосунун бирөөнү солкулдата кармап чыгып берди:

— Камчы таппай койдум. Табылгы сынбайт. Уйлардын жонун тызылдата чапканыңа да жакшы. Жаныбарым учкаяк жылкы экен. Катуу теминсең атып кетчүдөй. Этиятта. Жыгыласың. Алдыкы чыбыгың менен катуу чаппа.

Тизгинин имере тартып «чу» деп, ооз желин аттырганда эле, Актан атанын кашаң кара кериндей ыкшоолонуп тапылдап баспастан, ойсолоңдоп бөжүп, термелтип жөнөдү. Кычан ээрге кадагандай түз, нык олтурду. Колтугун созуп, чыбыгын асманга булгалактатып ышкырып көчөгө бөжүттү. Өңгүрөп-даңгыраган уйлардын жаңырыктары «куттуктап» алдынан саламдашкансыды. Он чакты аял эшиктин алдында уйларын мурунтуктан кармап, бадачынын чыгышын күтүп турушкан. Көчөнүн булуң-бурчунан шашыла салт уйларын жетелеген ак, кызыл жоолукчан аялдар самсып келе жатышат. Октос бердирип кунандын жоргосуна кызыгып жылжытып өтө берген Кычанды топтошкон аялдар жанына чакырышты. Оозун элпек буруп, жетип келсе... Биринин сөзүн экинчиси үзүп, өз уйларын көрсөтүшүп, кыял-жоругун баяндап, агытып жиберип, басып кетүүдө.

— Мынабу көк уй биздики.

— Кызыл кунажын менен күрөң букачар экөө былтыр сойгон таргылдын эки жылкы баласы. Кубалашып оюн салып кетишет. Сак бол, садагасы.

— Тик мүйүз күрөңдүн анча-мынча сүзөгөн жайы бар. Жанына уй жолосо эле сүзөт. Жалгыздап оттойт. Өлүксүздүн андасанда бала-бакырага тап бермей адаты бар. Алыстан «өш»! деп коюп жүрсөң жалтайлап, коркуп тийбейт.

— Чоң курсак күрөң уй жай, каалгып басат. Уйлардан артта калат. Жерге жатып алып да оттойт. Желин жакка чаап чочута көрбө, айланайын.

— А биздин май токол, уйдан чыккан шүдүңкүт. Улам алдын тосмолоп жүрбөсөң, эгин, чөптүү жакты шимшүүлөп, ылайым тынч оттобойт. Жинине тийсең, атыңа да жеткизбейт.

Кычан котолошкон уйлардын көбүн кимдики экенин өңүнөн таануучу. Бирок, ар бирөөнүн башка-башка кыял-жоругу болоорун билчү эмес. Уйлардын баары эле өзүлөрүнүн сыңар мүйүз маласындай маңыроо чалыш деп ойлоочу. Ээлеринен шумдуктуу сөздү угуп, айран-таң элейди. «Астымда кара кер жоргом турган соң, желмаян болсо да ийине келтирем».

Уйдун алды көнгөн жайыттын беттеп, кыштактан узап чубашып жөнөй баштады. Жакып колундагы таягын солбуп, аларды ээрий басты. Уулуна саан уйларды кайтаруунун жайын түшүндүрүп, жайытты көрсөтүп кайтмакчы. Теңселип баскан ала

бөйрөк чымкый кара уюн алдына салып, куурай менен жонго чабымыш этип бош айдап келген Актан атанын чокчойгон аппак элечекчен байбичеси Сыяда эне Кычанды атынан эңкейип, мыртыйган шишимек манжалары менен жаагынан сылап, мандайынан жыттады:

— Киши болгонун ушул, тегеренейин. Эл милдетин моюнга алганыңды угуп, атаң экөөбүз жетине албадык. Ал сага каптырга жасап жатат. Суу кыдырып келатканда кашаң кара керин далпылдатып өзү барып жолугар. Ме кой, чөнтөгүңө салып ал, тегеренейиним, курсагың ачканда жегин.— Кырылган кара баркыт бешмантынын чөнтөгүнөн аппак чүпүрөккө орогон кам каймакка көөлөгөн соку талканды берди. Кычан колуна алары менен бурдап сугунуп, октос бердирип жөнөгөндө:

— Оой, какмар, бери токто. Кара уйду унутуп кетип баратканын көр. Тигине, тыяктан Урумкан энең да чолок уюн жетелеп келатат, же жоргоңо мактанып жатасыңбы, какмар!

Кымка эне зоңкулдап кыйкырып, жанына бура тартып жеткен Кычанды сүйкүмдүү тамашага чалды. Кычан уялганын билгизип, кулуюп ууртунан күлүп койду:

— Атай эмгиче уктап жатабы?

— Ооба, какмар. Уй кайтарышса деп турасың ээ.

Аңгыча таягы менен кошо арыштап, бөкчөңдөгөн Урумкан демигип жете келип, молтойгон чолок куйрук-күрөң уюнун мүйүзүндөгү көтөрмөсүн чечип, жонго эки-үч жаңсап агытты.

— Я ботом, устанын бобереги тентеги жерге жугузбай мактап жүрсөм... Менин уюмду кошуп айдагысы жок. Алдагы жоргоңдун үстүндөгү көмүрдөй жаңы тердикти мына мен бергем. Баягында Капсаландын качар түнүндө кабарын чалып келген да мен эмес белем. Аны унутуп калдыңбы, тентек. Бөкчөңдөгөн жалгыз кемпир болсом... Түшкү, кечки сааңда үйүмө айдап киргизип берип тур. Уста менен Турдукан кайда жүрөт? Аларга да дайындап коёюнчу.— Таягын орой-орой жерге ыкый таянып, Жакыптыкын беттеди.

— Макул, энеке!— деген Кычандын убадалуу сөзүн угарукмаксан арылады. Кычандын айдаганын күтпөстөн эле, чолок куйрук күрөң шодоңдоп ала бөйрөк менен кара уйдан өтө качып, өңкүлдөп жөнөдү. Туяктарын шылкылдатып мурдунан быш-быш сасык түтүндү үйлөп, каалгып жай баскан ала бөйрөк менен кара уйду чыбык менен чыпылдата куймулчакка чаап, өкүрөңдөтө айдоого батына албай, же аларды таштап кете албай, илкиген аяңы менен аргасыз ээрчий бастырды. Ал эми уйлардын алды алда кайда кетип калган. Таңкы салкын абадан көөдөнүн кере жутуп, ат үстүндө жооптуу милдетти аткарган өзүн салабаттуу, шаңдуу сезди. Көзү умачтай ачылып, көңүлү

сергектенди. Атай менен Керезге кечинде атайын өзү барып айтып койбогонуна, алардан жалгыз бөлүнүп чыкканына болоорболбос жүрөк учу тызылдоодо.

Уйлардын астын имерип коюп, арыктын жээгине чыгып, калпагын колуна алгалай булгалап чакырган атасын көрүп араң турган Кычан кара кер кунандын оозун коё берип, жылжытып жөнөдү. Бир топ узагандан кийин кылчайып караса, каалгыган уйлар түптүз эле артынан ээрчүүдө. Бул көрүнүшкө ыраазылыгы арта, кашын серпип өзүнчө мулуйду.

* * *

Баш-аягын санаса, баарысы отуз эки беш бодо. Сарала кунажын менен күрөң букачардан башкасы саан уй. Атасы айткандай бөлүнгөнүн имерип коюп, четтей бастырып тынымсыз кыдырып жүргөнү жүргөн. Элпек кунан тыпылдап бөжүгөндөн талбайт. Кычандын кумарлануусу ого бетер артып, табылгы чыбыгын кунандын тикчийген камыш кулагынын үстүнөн ыжылдатып ышкыртып өтсө, ан сайын окторулуп төшөлөт. Четке бөлүнүп оттогон уй типе-тик көзөй качырып, ийилгич чыбыгын ат үстүнөн ойнотуп келаткан Кычан, зуулдап жакындай бергенде эле башын чулгуп, мөңкөңдөй качкансып кайра баштанат. «Тартипти бузуучулар» тыйыла түшкөн кезде тизгинин жыя тартып, бөйпөңдөтүп көз нурун бардык уйларга чачыратат. Топ-топ болуп жамаатташып, чыр-ырсыз казан оозундай жердеги үрпөйгөн чөптү да балбан тилдери менен бөлө аймашып, анан экинчи-үчүнчү жерге чогуу жетишип, «ынтымактуу» тиричилик өтөгөн уйларга жым этип ичи жылыйт. Кызыл кунажын менен күрөң букачар чоң уйларга жолобой бир табактан тамак ичкен эгиз балдардай бөлүнүштү. Кээде гана күрөң букачар кызыл кунажынды дүңкүйгөн мүйүзү менен жаный челип, моюн капталынан жалап, мурдун чүйрүп асманга созуп, соорулап тынчын алат.

— Ай, уятсыз букачар, эженди соорулаганың жарабайт. Айбансың да,— дейт Кычан аларды карай ууртунан жылмайып башын чайкап.

Урумкан бүкүрдүн чолок куйрук күрөңү менен Какелейдин таргыл май токолу бир жерге байырлап оттошпойт. Азырынча сыртка чыгып ээнбаштанып басып кетишпегени менен шүдүңдөп желип-жортуп, чөбү калыңыраак үрпөйгөн жерге башкалардан мурун жетишип, чала-була сугунуп өтүшүп, жалгыз-жалгыз чабыттап жүрүшөт. Ал эми Сайранын тоо эчкиникиндей шиштейген тик мүйүз сүзөнөк күрөңү жайланып оттоп жаткандарды жиреп кирип, көрүнгөнүн туш келди челип ыркты бузат. Кээсин

сези менен коркутуп, кээсин этин оорутуп кубалап качырат. Ошентип өжөрлөнүп жатып жакшы орунду ээлейт. Кымка эненин кара ую менен Сыйда эненин ала бөйрөгү каалгып, чалабула учунан жалмап, алдыңкы уйлар тепсеп өткөн чөптөрдү тамырына чейин такырайтып аймап үзүп, тегеренип оттоодо. Өзүлөрүнүн сыңар мүйүз маласы болсо, топтошкондордун ичинен чыкпайт! Тик мүйүз сүзөнөк күрөң келатканда баарынан мурун ошол өңкүлдөп жол бошотот.

— Айрөк, айрөк, сыңар мүйүз мала! Жеткен коркок экенсиң да. Куду атамды тартып калыпсың. Шашпа, бир эмес миң сүзөгөн болсо да, тик мүйүздүн акесин таанытам. Сен баратканда шудундап качып, байкелеп тургандай үйрөтпөсөм элеби?— дейт Кычан сыңар мүйүзүнө боору ооруп жана кыжырданып.

Кычан чаалыкканды, эриккенди эсинен чыгарган. Элпек жоргону желпилдетип кызыгына батып тыным албайт. Тегеренип четте беш кадам кылтыйып чыкканын улам артка кубалап олтуруп, уйларга кенен жайылып оттоого да мүмкүнчүлүк бербеди. Өз оюнда сырдана бадачыдай алыс жылдырбай мыкты кайтарганына жагалданат. Кара кер кунандын кош таноосу дердеңдеп, омуроо, моюн, сан булоолонуп терге кирингенин байкай элек. Ызакулдун, атасынын чапкылабай жай жүр, ооздугун чыгарып откозуп, курсагын тойгуз, жаш кунандын жанын кыйнаба деген сөзү небак эле башынан учуп унутулган. Жадегенде бир-эки мүнөт тынып, жай токтотуп белин сергитпеди. Балким, аны бешиктеги баладай терметип, канаттуу куштай жонуна кондуруп сабалаткан жорго өзү күнөөлүүдүр...

Көгүлжүн тартып, толкунсуз чалкайган асман деңизинин алтын чарасы — Күн, мотордуу кемедей көз жеткиз аркайган тоо башынан жиреп олтуруп, дал төбөгө жакындап сүзүп балбылдоодо. Анын ысык табы жерди каптап, жан-жаныбар, өсүмдүктөрдү магдыратып, сүйкүмүнө бөлөөдө.

Кычан кандай тартпасын, кайда бастырбасын конуп олтурган чабалакейдин канатындай кош тилик, баркыт кыюулаган ак калпак, жеңи жок көк желетке, кайырма жака боз көйнөк, колунда чыбык ойноп, тизгин тутамдалып, сыйда жибек куйругу жер чийип теңселген жоргону айдаткан мырза чыкма жигит ажырабай жандап ээрчий баштады. Эңкейсе эңкейип, чалкаласа чалкалайт. Өйдө тартса өйдө ылдый тартса ылдый бастырат. Койчу, анын бардык кыймылын туурайт. Оюн-чындап өз көлөкөсүнө эрегешип олтуруп, уйлардан узап кеткен. Тенти агайынын бир жолу сабакта айткан сөзү кылт эсине түштү. Эгер далыңды күнгө каратып турганда көлөкөң бет маңдай түшсө, дал түш болгону ошол деген.

Шашылып, уйларды түшкү сааңга ой-боюна койбой, демик-

тирип кыштакка айдап карбаластады. Май токол менен чолок куйрук шүдүндөп алдыга өттү. Калгандары тойгондуктанбы же ысыкка камыккандыктанбы, Кычандын шаштырганына анчейин камырашпайт. Айдактан карбаластап алга жүткүнгөн топ уйдун четинде өңкүлдөп желип бараткан сыңар мүйүз мала жандап өтө бергенде, тик мүйүз күрөң кайрылып туруп омуроодон ары карс дедире челди эле... Сыңар мүйүз чөгөлөй түшүп, кетенчиктеп кайра качты. Бул жорукту көргөн Кычандын күйбөгөн жери күлгө айланганынан ачуусу ташыды. Ийге келтирген чыбыгын ыжылдатып:

— Ой, кашайган тик мүйүз! Жетишет! Зулумдугун көр! Уйдун каманы окшойт! Машаяктын ую болсоң дагы соорунду ысытпасамбы...— Теминип, уйларды туш-тушка чачырата жиреп, эңкее түшүп чала-була сооруга чыбык менен эки-үч басып темингенде тик мүйүз күрөң кайрылып туруп чакчайган чөйчөк көздөрүн чанагынан чыгарып, тайманбай тап берди. Типтик найзадай сунулган мүйүз кара кер кунандын мандайына малынуучудай Кычанга сүрдүү көрүндү.

— Өш! Өш! Тик мүйүз! Өлөсүң!— Колтугун көтөрүп чыбыгын кайра дал мүйүзгө шилтегенче болбой, кара кер кунан чочулап бышкырып, үркүп жалт коюп жапырылды. Кычандын калпагы башынан учту. Бир буту үзөңгүдөн чыгып, ооп-ооп барып басмайылдын бекемдигинен ээрдин кашын тутамдап, талп этип жерге түшүп кала жаздап оңолду.

* * *

Уйлар кыштак ичин аралаганда эле туш-тарапка бөлүнүштү. Кычан кайсы бирин үйүнө айдап жеткизээрин билбей, улам ар кимисин бир топ жерге өңкүлдөтүп узатып барып кайра тартууда. Алдын утурлап тосуп чыккандар да болушту. Ар биринен ар түрдүү сөз жаады:

— Чыйрактын иши чыйрак да. Көгөрүп өс, кагылайын! Убара кылбай дал эшигиме айдап келбедиби. Батамды бердим.

— «Баланын иши чала», кичине түш кыңкайтып айдап келсе жакшы болбойт беле.

— Кой ээ, Какелей өлүксүз! Сенин ээн баш май токолуң өзүндөй шүдүндөп күн төбөгө көтөрүлгөндөн кийин токтобой жөнөгөндүр. Бүкүр жеңенин чолок куйругу экөө мал кайтарып көнбөгөн баланын эсин оодаргандыр.

— Ооба, кайран эме! А сенин тик мүйүз сүзөнөгүң өзүндөй чекчеңдебей эле тыптынч жүргөн чыгар. Айтышканды коюп уюнду карачы. Акактап турат. Чаңызгытып кубалаган бойдон жеткизди. Күндө чатырап чаткаягына батпай келчи эле, желин-

дери да шалбырап бош. Ойноок бала жакшылыктуу откозгон да эмес окшойт. Мен анын апасына барып айтам. Кулагын толготуп, ээн баш баланы эсине келтирбесем элеби.

Май токолдун ээси, кара сойлоктой ойсондогон Какелей уюн кепесине киргизип коюп, Жакыптыкын карай алкынды. Тик мүйүз, сүзөгөн күрөңдүн ээси Сайра экөө коңшу, теңтуш абысындар. Какелейдин ойсондоп чындап эле кетип баратканын көрүп, Сайра артынан басып, зоңкулдап кыйкыра сүйлөдү:

— Оо шудуңдаган өлүгүңдү көрөйүн, токто бери! Баланы жамандап ата-энесине урдурганда эмне пайда артат. Ойноок болгону менен ал экөөбүздөн эстүү бала. Өзү эле бир-эки күндө түшүнөт. Каймагың аз болсо мен деле карыз беришип турайын. Андан көрө баланын чөнтөгүнө талкан көйлөп салып берсең!

Сайра Какелейди улкунтуп-жулкунтуп кайра жетелеп басты. Талкан көйлөп берди укканда Какелей бүргө чаккандай ыргып:

— Оо чекчеңдеген кайран неме! Чоң карынды буумайын бадачы бала эмес, кайнатам көрдөн тирилип келсе да каймакка тийбей калайын!

Жеке эле эки абысын эмес, күңк-мүңктү ар кайсы аялдан угасың. Бүкүр Урумкан үйүнө жеткизип келгенге батасын бергени менен, уюн саагандан кийин нааразы болду.

— Аай тентек, сага тердигимди бекер берген экенмин. Шашпа, дагы үч-төрт күн чыдайын. Чологума жакшы көз салбайт экенсиң, тердигимди сууруп албасам элеби...

Эшик алдындагы супага чыгып, үй-үйдүн эшигине уйларды жеткирип, жоргосунун жанын көзүнө көрсөтүп чымын-куюн түшүрүп желпилдеткен уулуна башын чайкап, көзүн айырбай карап олтурган Жакып тынчсызданып, кайрылып келишин күтүүдө. Балпайган ала бөйрөк Кычандын демиткенине анчалык шашылбай жай басып, эшикке жакындаганда Актан менен Сыяда экөө жарыша алдын тосмолой басышты.

— Тезирээк саап агыткыла!

Жеткирип колуңарга бердим дегендей нары жактан чуркап келаткан жолдошторун көрүп, Кычан кунанынын оозун бура тартып жөнөй бергенде Актан чакырды:

— Бери тарт, чырагым! Жумуш бар!

Кычан же Актан атасына, же жолдошторуна келээрин биле албай орто заар пикирге туюкталып кара кердин оозун тык тартты. Аңгыча Атай менен Керез чуркап жетишип, тизгинден алышты:

— Эмне, жорго мингенде карабай кеткиң келеби?

— Ооба десең! Кудайды карап кутурсаң боло!

Кычан жалама аскага камалып, кандайча кыялап чыгаарын билбей, алактаган тоо кийиктей шаштысы кетти. Энтелей басып

түптүз келаткан өз атасын да көрдү. Жолдошторуна айтаар сөзү түш жарымдык болсо да, далай иштерди башынан өткөргөн сагынычы чоң эле. Жабалактап тизгинден алган экөөнү омуроолотуп, күтүп турган Актан атасына суурулуп жетүүгө ниеттенди, бирок... Үзөнгүсүн чыгарып күлүмсүрөдү.

— Келгиле, учкашкыла!

Балдардын жоругун байкаган Актан тебетейин колуна ала булгалай кыйкырды:— Ой, чочко, кантесиң! Учкаштырба! Учкаштырба! Учкашпагыла! Жыгыласыңар!

Керез болбой эле тырмышып куюшкандын куткунунан апчып, соору жагына бутун артып минейин дегенде кара кер кунан чочулап секирди. Нары жактан Жакыптын, бери жактан Актандын кыйкырыгын улуп Керез түшө качты. Анын шымынын такымы терге чыланып булганды.

Актан атанын эшигинин алдына келип, Кычан кунандан түшип, чылбырын колуна алды. Атай токулуу турган саймалуу ак канкы анжиян ээрди «меники» дегенден кармалап Керезге көрсөттү.

— Олдо оқшошкон чочколорум, ая! Айбан турбайсыңарбы? Кунандын али бели ката элек, жүрөгү курч, өзүңөрдөй балапан да. Он асый болуп мына өзүм өндүү дүмүрөйүп шаймөшкөсү бошогон, каруу-күчкө толгон карт-күрөң эмес го. Анын да кээде бая күнкүдөй чырт-чырт эте коймой адаты бар. Аз жерден талпагыңар жайылып кала жаздады. Кунанга учкашканыңарды койгула каректарым, антпегиле!

Керез ызакор чекир көздөрүн күлүңдөтүп Кычанды нукуп чекилдеди:

— Мобу өзү эле. Кел учкаша койгула дегенинен...

Кычан кулуюп жерге үңүлүп унчукпады. Жакып уулунун колунан чылбырды сууруп, басмайылын бошотуп, ары-бери кунанды жетеледи:

— Өзү өмүрөн калсын «Я кокуй күн, сага ары-бери чапкылап жиниктирип өлтүрсүн деп берди беле?! Карачы, айланайын Акы! Кулагынан туягынын учуна чейин кара тер басыптыр. Бул уй кайтарбай эле сонункурап бөжүтүп жүргөн белем. Кечээ күнкү Ызакулдун айткан сөзүн жутуп койдуңбу, кокуй күн! Уй кайтарган киши атын да откозуп, артынан эле сагалап жүрбөйбү? Колхоздун ыйык малы болсо... Өлтүрүп алсак шермендебиз чыкпайбы, кокуй күн! Анысы аз келгенсип эки, үчөөнү учкаштырып алган жүрөт.

Жакыптын аябай ачуусу келип, айласы түгөнгөндөгү урушканы ушинтип кокуйлап, жер сабамай.

Катын, баласына артылтып камчы салуу мындай турсун, башка кишилердей оозуна келгенди оттоп, сөгүп-сакканды билбейт.

Атасынын ачуусунун эң акыркы чекитине жеткенин байкаган Кычан кирээрге жер таппай бүжүрөдү. Жанында тургандардын бирөө да а-бу дегенге жараган жок.

Актан атасы кийизден шырып жасаган каптырганы ээрине орнотуп, үнсүз дүмпүндөп өзүнчө алек.

Кычан минтип сууга түшкөн чычкандай шүмүрөйүп бүрүшкөн соң, эки жолдошу аны бул абалдан кутказмак түгүл, өзүлөрүнүн үрөйлөрү учту. Майга чыланган куду чакадай калдагай кара көнөчөгүн каруусуна илип, ала бөйрөктү сааш үчүн элечегин чечип коюп, кеп такыячан бастырмага бараткан Сыяда эне эне Жакыпка кайрылды:

— Кой эми, уста. Айттың, болбодубу. Эстүү бала түшүнөт. Үйгө киргиле, дасторконго нан, айран, каймак койдум, иче койгула! «Эркенин жашы кургабайт, жоргонун тери кургабайт» деген ошол.

Жакып Сыяданы алая карап, тымтырс боркуюп унчукпай калды. Акактап турганда чоң аяк кымыз жуткандай Кычандын денеси сергип, көзү умачтай ачыла түштү. Шыр басып келип, атасынын колундагы чылбырды кармалады:

— Мындан кийин антпейм, атаке!

## СӨЗ ЖАНА ИШ

Кычан ичинде да, сыртында да убадага бекем. Анын оозунан чыккан сөз кээ бирөөлөрдүкү сыяктуу учуп жоголчу кур жел эмес. Экинчи ирет кайталангыс жүрөгүнөн кагылган коңгуроо. Жолдошторунун жана сыйлуу кары Актан, Сыяданын көзүнчө кызыл өңү бозоруп, атасына жалооруп берген убадасын кылтыс чыгарбай орундоо басса оюнан, жатса түшүнөн алыстабады. Кээ бир аялдардын «уюбуз саан болбойт, жиниктирип кубалап барып, кубалап келипсиң. Кенен-кесир откоз» деген нааразылыктарын атасынын жемесине кошумча жүк деп эсептеди. Алгачкы күнкү ишиндеги олдоксондук туш-туштан ачык сындалып, намыскөй баланы бир четинен ызалантты, ардантты. Экинчиден орчундуу жумушка жеңил-желпи эмес олуттуу карооого көзүн ачты, чыйралтты. Бир топко атасынан жүзүн тик багып карооого дити даабай жүрдү. Ошол минутадан баштап, кара кер кунанга мамилеси өзгөрдү. Ыгы жок чабыттап бөжүтүп сызганын тыйды. Кулагынан туягына чейин сууга чөмүлтүү мындай турсун, мойнунан жылма тер чыкса, кургатканга шашылат. Канжыгасына дайыма көтөрмө байланып аттанат. Кээ учурда от жерге аргамжылап коюп, уйларды жөө тосмолойт. Ээр-токумун шыпырып жайдактап отко коюу, токунуу милдетин атасынан өз колуна алды.

— Мына, ат дегенди ушинтип минет. «Ат сыйлаган жөө калбайт, эр сыйлаган эшикке жатпайт» деген бекер сөз эмес. Жигит аты болчу жаш кунанды жабыктырып жаман минсе, чобурга айланып калат. Ошент айланайын! — Атасынан бул жалынычты уккандан кийин гана кадимкисиндей жаркылдай баштады. Уйкусу бөл-алдыланып: Жакып, Турдукан экөөнүн эч кимиси ойготпосо деле, таң заардан көзүн жыртат. Кээде экөөнөн да эрте ойгонуп аттанып кетет. Турдукан уулунун саргайып өңүнөн аса түшкөнүн эскертип:

— Эртең менен ачка кетесиң. Түштө деле тамак ичип жарыбайсың. Кечинде үйгө тынч олтуруп жаныңды сеп алдырбайсың. Оюнум, паленим-пастаным деп жолдошторуң менен жонөйсүң. Аныңды кой, каралдым. Жок дегенде түнүндө тынч уктап эс алып жүр. Мынакей, көрдүңбү, толтура торсойтуп айран куюп койдум, канжыгаңа байланып ал! — Кыпкызыл дандайып ышталган улак чаначты колуна берген. Ошондон тартып талаада жүрүп күнүнө үч-төрт ирет суусунун да кандырат.

Таң ата бастырмаларда байланган уйлардын чарадай желининдеги чоргодой эмчектерден атып түшкөн сүт чакаларды дамбыра кылып ургулай баштаганда, саанчы аялдардын экинчи кулагы сыртка түрүлөт. Тапа-тап, дүпө-дүп каракер кунандын дабышы жакындап, аңгыча болбой чаңкылдаган Кычандын үнү жаңырат:

«Мен уйчумун, уйчумун,
Таң азандан турчумун.
Тамашаны курчумун,
Уктап калган жеңелер
Умачтай көзүн ачтырып,
Уйкунду алыс куучумун».

— Оо, Сайра жеңе, тик мүйүздү саап бүттүңбү?

— Ооба, ооба! садаган. Музоосу кичине ээмп алсын,— дейт Сайра жеңе акыркы ийимин музоосуна калтырып, шашыла басып. Аңгыча Кычан биртике имерилип жанаша чоң каалганы чыбыгы менен тыкылдатат:

— Оо, Какелей жеңе! Май токолду эмгиче саап бүтө элексизби?

— Я каран күн, мынча эмне шаштың. Май токол кечээкиден бүгүн саан болуп калыптыр. Бара тур. Өзүм эле кошуп берем,— дейт Какелей какылдап.

Наркы ачык бастырмадан чыгып келген Сайра Кычанды тизгиндеп токтотуп, Какелейге угуза катуу-катуу кыйкыра сүйлөйт:

— Қакелей женең кайрылып келип, каймак же деп жатканы эмеспи!

Қакелей тыбырчылап, чычалай баштайт:

— Чекчендеген кайран эме! Меникиндей уйду сен деле саайсың. Сен берсең, көп кетип калабы?... — Сайра менен безилдеп бир топко айтышып, анан Қычанга бурулат:

— Бара бер! Чоң карынымды буугандан кийин бербесем, азыр жок. Тиги чекчендеген неменин тилин укпа!

Сайра аны чегирткедей секиртип, ого бетер жинине тиет:

— Берем эле. Элдин баары сендей куу тырмак дейсиңби? Адамдын эмгегинен коркпогон өлүксүзсүң. — Қычандын ойбоюна койбой тизгиндеп, атынан түшүрүп, коноктоп аткарат. Ушинтип эки абысындын кызыгына батып, уйчуман анан башкаларды беттейт.

Бүгүн эң биринчи Урумкан бүкүрдүкүнө. Ага дайым жогортон уйларды жыйып эң артында келүүчү. Ошондо да чолок куйругунун чаткаягында бөжөйүп олтуруп саап атканынын үстүнөн чыгуучу.

— Эмне үчүн мынчалык кеч саайсыз,— деп сураганында:

— Эй, тентек, жалгыз кишинин түйшүгү көп, бүтпөйт. Эмерек-семеректеримди ирээттештирип жүрүп, колумдун тийгени ушул болду,— дечү. Урумкан бүкүр күүгүм киргенде эле кереликечке коломтого таптап бышырган калың көмөчтү ысык сүткө туурап, үстүнө бир кашык сары май тамызат, тиши жок оозунун бүйлөсүнө салып мүлжүндөп, түн ортосуна чейин олтуруп курсагын тойгузат. Чымчыктын уясындай жумшак төшөгүнө кирип, жууркандын үстүнөн ичик, чепкенин жаап, думбаланып жатып, таттуу уйкунун терең кучагына тартылат. Ар качан күн чыга ойгонот. Бул бир нече жылдан берки көнгөн адаты. Бирок негедир уйкучулугун элден жашырат. Кээ бир теңтуш кемпирчалдар шек-шоолатын билип, айтса чычалайт. Аны Қычандын да кулагы чалган. Келсе чолок куйрук ую жаткан тепирейген короосунун дарбазасында кулпу салынуу. Үйүнүн каалгасын тарткыласа да бекем.

Қара кер жоргону дүпүлдөтүп төрт көз айнектүү кичинекей терезеге келип заңкылдап ырдап черткилейт:

Мен уйчумун, уйчумун,
Таң азандан турчумун.
Тамашаны курчумун
Уктап калган энемдин
Умачтай көзүн ачтырып,
Уйкусун алыс куучумун.

— Урумкан эне! Урумкан эне! Күн чыгып калбадыбы! Күн чыкты.

Удаа-удаа жаңырган кыйкырык, Урумканды уйку кучагынан селт чочутуп ойготту:

— Я! Я! Сен кимсиң? Эмне дейсиң! — Уйпаланган көк ала башын чүмбөттөлгөн катар-катар төшөгүнөн сууруп чыгып, терезеден атчан Кычанды көрдү: — Нары кет, тентек! Сенин жасоол болгонуң өттү.

Кычан нары-бери бастырып күттү. Ылдам эле, балбыраган кара көйнөгүнүн боорун да топчулабастан, тытышкан күмүш чачтарын толук жаппаган бир байлам көк чүпүрөктү ээгинен чалып, бутуна коңултак кепич салып, колуна адаттагысындай таяк албастан бөкчөңдөп, кичинекей каалгасынан акырын башбакты. Тарамыштары тарам-тарам сыртынан саналган арык колун мандайына серепчилеп «тынчымды алган тентек кайда жүрөсүң» дегендей атчан Кычанча көз нурун үлпүлдөттү. Анан биртике баса түшүп, айланасын карады. Жер үстү жарыкка бөлөнгөн менен күндөн али дарек жок. Таңкы сыдырым леп-леп калкып, Урумкан эненин кирпик астындагы уйкусун ала качып кетти.

— Я тентек, карган кишини да тамашалайт бекен! — Жакын келип Кычандын мандайынан же колунан өбүүнүн ордуна тердикти кармалады. Кычан андан эркелетүүнү күткөн жок. Акыйлашпай Урумкан энеге жыгылып берүүнү туура тапты. Чын максатын айтты:

— Сизди тамашаласам ит болоюн, энеке! Небак эле ойгонду деп ойлогом. Келсем уктап жатыпсыз. Шашканымдан күн чыкты деп калп айтып ийдим. Чолок уйду тезирээк саап жибериңиз.

Бастырып кетүүгө ниеттенгени менен Урумкан бүкүр тердигинин кылка жээгин кармалап коё бербеди:

— Туура он беш жыл толду. Чымкый көмүрдөй козунун жүнүнөн жасадым эле. Көрчү, күнү бүгүнкүдөй... Сага буюрган экен, тентек, жакшы урун... Тентек, бир сөз айтайын, оозуңдан чыгарба. Мен деле таягымды сүйрөп, силердин чоң ишиңерге жарадым эле го... Урумкан энем күн чыкканча уктайт экен. Мен терезесин койгулап ойготтум деп бирөөгө айтпа... Анда мени уят кыласың... Макулбу, тентек?

— Макул, энеке. Кел, кол алышып коёлу!

Урумкан тиштен ажырап кемшейген эрдин кымтып, күлгөн сымалданып, тарбайган муздак колу менен Кычандын тыпыйган жылуу алаканын кармагансыды. Кычан жоргосун кылтындатып досторунун үйлөрүн карай бастырды. Кымка эне кара уйду небак эле саап бүткөн. Бир колунда шыпыргы, экинчисинде суу куюлган чака. Чөп-чардан тазартып, кырмандай тасырайткан эшигинин алдына чакадагы сууга шыпыргыны малып, дабыратып себе баштаганда Кычан жакындады.

— Кел, какмар! Атайың бырылдап уктап жатат. Сен минтип серенден көзүңдү жыртып, таң заардан бастырып жүрөсүң. Эл милдетин жүктөнгөн адам ушунтет тура. Өзүң да сергексиң. Уйду саап койгом, какмар. Эл чыгарганда эле кошуп берем.

Кычан атайылап келгенин билгизүү максатында айланчыктап токтоду. Анын үстүнө азыркы жагдай кошумча сөз сүйлөөгө мажбурлады:

— Атай эмне үчүн сизге жардам бербейт?!

— Мен чарчап-чаалыга турган деле жумуш жок, какмар.

Кычан кунанынан секирип түшүп, чакадагы капортосунан бөксөргөн сууну көңтөрүп, такырга шаркыратып куюп жиберди. Кымка эне шыпыргысын кармаган боюнча селдейди:

— Я какмар, бул эмнең? Себелеп кыйла жерге жеткизбейт белем!

— Шыпыргы менен дыбыратып олтурганча, он чака сууну шаркыратып куяйынчы. Эки сааттан кийин көрүп алыңыз. Эшигиңиздин алды куду кырмандай зымылдайт.

Кычан кылдырттатып чаканы көтөргөн боюнча тызылдап барып келип жатып, чөмөргөн сууну үстөккө-босток септи эле, борп этип асманга аткан чаң жутулуп, Кымка эненин эшик алды чаңдан арылып, салкын жыт урду.

— Оюн, анан уйку. Башка эчтекени билбейт. Азыр Атайдын мойнуна жаба суу куюп, төшөгүнөн сүйрөп чыгайынбы?!

Чакадагы сууну колуна кармаган боюнча үйгө ыкыс берген Кычандын астын тороп, Кымка эне чебеленди.

Өмүрүнө береке берсин. Жүгүмдү жеңилдетип койбодуңбу? Кой, какмарым. Антчү эмес. Кызык уйкудагы кишини чочутуп ойготкондо, коркуп кетсе ооруга чалдыгат. Же өзүнө окшоп мал кайтарбаса... Уктабаганда кантсин... Ойгонгондон кийин сенин уй жайган жериңе барсын... Эми чочутпа, какмарым. Куймак куюп берип жиберем... Уйларыңды чогулт... Аттана кой эми...

Кычандын канчалык ниети бурулганы менен кары адамды жөөлөп кирүүдөн айбыкты. Кымка эне атын алдына тартып, колтуктап атказган соң, айласы канча, башын чайкап бастырып кетти.

Сарала кунажындын жамбашына конгон Керез алдынан чыкты. Капсаландан кутулгандан кийин Каным эжеси экөө баш кошуп, тоодогу жылкычы Мамбеталынын тамына киришкен. Кулак-мурду тынчып, тепки-токмоктон экөөнүн тең жону сергип, кужулдашып өз оокаттарын тейлештире башташкан. Сарала кунажындын жамбашына сагызгандай серейген Керез, чыңылдаган кыз үнүн созуп:

— Ой, Кычан, менин саралам менен жорго салыштырасыңбы? — Өбөктөй түшүп кунажынын моюнга алаканы менен чап-

кылап жылаңайлак бутун тыбыратып, капталга тепкилегенде сараласы кылтың-култуң жөнөдү. Өзү да оңду-солду чайпалып, жылмайып алыстан карап турган Кычанга эрдин түйүрдү.

— Көрдүңбү, уйдан чыккан саралашүдүңгүт жорго деген ушул. Жетпей калдыңбы? Айрөк, айрөк!

Чала-була ардана түшкөн Кычан оюн-чындан оодарып түшүрүү максатында табылгы чыбыкты каракердин санына ойнотуп атырылып жөнөдү. Аны байкап Керез дагы алдыга жылып сарала кунажындын мойнун кучактап бутун колтугуна кыстарып, бүкчүйүп жонун тосуп жата калды. Кычан күү менен шамалдай ызгытып өтүп бара жатып Керезди далыдан чапчыды. Бирок, эңип кете албай өзү оодарылып, жерге талп дей түштү. Заматта эле боз ала чанга оронуп, түкүрүнүп тура, боюн кагынды. Байыр алган кара кер ээрдин бооруна кыйшайганынан чочубай, бир аз удургуп, ээсин күтүп токтоду.

Керез сараладан жылбышып түшүп, агытып жиберип, үйүн көздөй жылт коюп, атырылды.

Кычан аттанып, сабалап олтуруп анын артынан жетти.

— Тийсем ит болоюн. Сен мени түртүп жиберген жоксуң. Өзүм жыгылдым. Коркоктугуң дагы эле бар экен ээ, байкушум. — Кайра аны далыга каккылап көңүлүн жайлады. Керез кыштактын сыртына чейин жөө чуркап, уйларды тосушуп, жолго салып коюп, анан үйүнө кайтты.

* * *

Жеңи жок көк желетке, ак калпак, кара кер кунанчан Кычанды кыштактагылардын кары-жашы дебей алда кайдан таануучу болду. Кээде ээн талаада уй четинде жалгыз жүргөн чагында заңкылдап үнүн созуп теребелди терметип, ой-талааны жаңыртат. Каракер кунандын ооздугун чыгарып откозуп, кыйшая минип уйларга көзүн жорголотуп, жамаган бир ооз ырын миң кайрып созолонтот:

— Өзүм мырза уландан
Мингеним жорго кунандан.
Кайтарганым саан уй,
Көңүлүм чалкып кубанам...

Анда-санда жолдоштору Атай менен Керез издеп келишет. Кээде суу кыдырган Актан атасы кезигет. Мына ошол өндүү жолугушуулардын бирөө бүгүн болуп олтурат.

Асмандын жалындуу көзү төбөдөн, ийинден энкее шыкаалап, капталга түшүп, илеби жер бетин куйкалаган учурда, боргулданып терге чөмүлгөн, көйнөкчөн, жылаңайлак Атай, Керез

кыштактан чыгып келишти. Сайгактан жаң далбасалаган көз бир уйлар сороңдоп секирип-туйлап чоң сайда күпүлдөп, эгинге алдас урган сууга түшө теминип, чамынышып, салкын, көлөкө издөөдө.

Боргулданган тигил экөө аял-буялга келбей, чечинип сууга кириштн. Балыктай сойлоп, чалка, тоңко чабак урушуп, маашыркап жонун тоскон уйларга алакандары менен суу чачышып, Кычандын көзүн кычыштырышты.

Керез чыйылдап, пайдалуу сунушун айтып чакырды:

— Бах! Жыргалдын баарысы суунун ичинде экен. Кунанды жайдактап келсең. Көрчү, ысыкта ылаалап оттобой турат. Кудукка салалы. Кыркырап сүзсүн дейсиң...

Энеден туума Атай суудан секирип, арыктын кырына чыкты. Көптү көргөн калыс кебетеленип, уйларга көз чаптырды. Анан Керезди коштоп кол булгады:

— Өзүң деле чечинип кел. Уйларыңдын көбү жуушап калыптыр. Май токол менен чолок күрөң шүдүңкүттөрүң сайгактан жаң соогалашып суу кечип турушат. Корко турган эчтекең жок. Келсең эми, тырышпай!..

Курбуларынын көңүлүн калтыра албаган Кычанды балалык ой оюнга ылдам эле азгыра салды. Чечинип, кунанын жайдак минип, алаканын камчыланып айлампа кудуктун башынан жирете түштү. Баягыда чочулап калган Керез учкашууга ыкыс берип, эстей коюп токтоду. Каракер кунан суунун агымына каршы бир топко чейин шыр-шыр өркөчтөнтүп кош омуроого бөлө жиреп барып, кылт этип көмүлө... камыштай тикчийген кош кулак менен быр-быр ички демин бүркөн кең тааноодон башка эч жери көрүнбөй...

Санын чапкылап, жээктен Керез ээрчнй кыйкырды.

— Ээй кызык... Кайыктай жиреп бара жатат.

— Болду! Кайра тарт! Көрдүңбү, жирей албай чамбирек атып жатат. — Тизгининди бер дегендей колун тарбаңдатып Атай чебеленди. Кунандын үстүнөн төшүн суу жаба берген Кычан алактап шашып калды. Атайдын колун кармап, өзү сыртка секирип чыкты. Тизгин колунан түшүп кетти. Эңкейип илип алганча болбой, кунан чимириктей тегеренип ылдыйлап суунун арымын баштанып дайын оту жок көмүлдү.

Кычан жер тепкилеп безеленди:

— Оңбогон кибир. Дайыма сени саат ээрчип жүрөт.

Керез чекир көзүн жалжылдатып сууну алактап карап, бир коңустук болсо кийимин көтөрүп, тыс коюуга ыкыстады. Жок, заматта эле кара кердин жону, анан башы көрүндү. Бир аз ылдыйлай түшүп, эч кимдин жардамысыз эле бүткөн боюнан тамчыларды шорголотуп, сүмбөдөй сулуу кунан суурулуп чыга

келди. Суу кирген кулак, таноосун жерге салып удаа-удаа силкинип бр... бырр... бышкырып каплет коркунучтан кутулганына сүйүнгөндөй кишенеп жиберди. Кунанынын коңгуроо үнүн укканда ээси моюн-башына асылып, сылап-сыйпап эркелетти. Анан парылап жетелеп барып отко коюп, кайра беркилер менен сууга кирди.

Үчөө мелдешип чабак урушту. Оюндун кызуусу кандай! Кычан убакыттын уурданып качканын байкабады. Берки экөөнүн оюнда азыркы тамашадан бөлөк эч нерсе жок эле. Качан гана асмандын алтын чара кейптенген эркe баласы кырданып, аркайган тоону эңиштеп кирип баратканын көрүп, шопоюп-шопоюп суудан чыгышты. Жакын арада ала бөйрөк кара уйдун тобунан башкасы дайынсыз. Кандайдыр житип кеткен сыяктуу томсоруп, уй жайылып жүргөн жер гана жайдак. Кычан кунанын жайдак минин чебеленип ары-бери чапкылады. Берки экөө айыптуу болушканын сезишип, селдейип-селдейип кантээр айласын таппады.

— Эмне балээ басты. Чын эле жер соруп кеттиби? Ойнойбуз деп омурткабыз омкорулмай болду, ээ?

— Келбейли десем, болбой койбодуң беле! Баарын кылган сен.

— Ооба. Дайым эле мага жаба салып кутулгула.

— Сен жерге кир.

— Ооба. Сен көктө учуп жүрбөйсүңбү?

— Чыйылдабай жаагынды бас.

— Баспайм!

— Анда эмесе бакырбайсыңбы?

— Өзүм билем!

— Жээ эми, чарылдаган кибир. Уруштан май чыкпайт. Экөөбүзгө го эчтеке эмес... Кычанга жаман.

— Күнөөсүн экөөбүз бөлүп тартпайбызбы? Сен кара уюнду бер, мен сарала кунажынымды берейин...

Экөө чекилдеше түшүп, кайра оңолушуп жатканда, тээтигиндеги тарууу, конок айдалган ойдуңчадан калың уйду түрө айдаган эки атчан барандуу шаңкайды. Анын бири ак калпак, көк желетке Кычан экенин тааныштыАны-муну ойлошподу. Кол кармашып сүйүнгөн боюнча дың салып, утурлай чуркашты. Жакындаганда бака-шака, буркан-шаркан түшкөн кашаң кара кердин үстүндөгү Актанды көрүштү. Экинчи атчан ошол экен. Актандын мынчалык өкүрүп, бакырып ачууланганын укпаган, көрбөгөн балдар айран-таң делдейишти. Актандын оозунан салмактуу атылган катуу мөндүргө туруштук берүүгө кудуретсиз, баштарын шылкыйтышты.

— Ох, дардандаган эси жок чочколор! Атайылап баланын

көңүлүн алагды кылуу үчүн келдиңерби? Башка киши болсо, көзүнөрдү чукуйт болчу. Эгинге тап коюп калышыптыр. Мен болбосом ойрондоп гана кетмек экен. Экинчи ушинтип келет экенсиңер төбөңөрдү кандайм!

Чатындагы кетменин колуна ала коюп, Кычанга олунду:

— Сен да карагым, мындай пайдасы жоктор менен маектешкенинди койгун! Элдин ишеничинен ыйык нерсе жок. Аны аягына чейин аткар, карагым!

* * *

Күн эңиштеп олтуруп аркайган тоолордун кырына илинди. Жер ала-телектенип, көлөкөгө капталды. Кычан уйлар кыштакты көздөй чубап жөнөгөндөн кийин кунанын жогору сайды карай бөжүттү. Күндүн аптабы керели-кечке сокоюп ат үстүндө жүргөн баланын чачынын учтарынан сыгылтып, бетин салаалаган терге нымшытып, ачыштыра кургаган. Эринин, ууртун жалмаласа шор татып, көңүлүн ирээнжитти. Анын үстүнө тили оозуна батпай кургап, чаңкаганы качан. Бети-башын жуунуп, кирден арылыш үчүн, кылкылдата жутуп суусунун кандырыш үчүн бийик жар түбүнөн шылдырап аккан сууга жеткенде кунанынан ыргып түштү.

А дегенде жээктеги шагыл сайга боортоктоп жата калып, сууга башын малып, кылкылдатып жутуп кирди. Кирге чыланып, ысыган бети да сууга чөмүлгөндө салкын тартып эс ала түшкөндөй сергиди. — Ох! — терең дем алып, башын көтөрө койду эле, калпагынын алдыңкы кырынан суу тамчылады. Калпагын шыпырып, бир-эки силкимиш этип жанына койду. Кунаны чөмүч туягы менен сууну шилеп, ооздугун шылдыратып жуталбай ээсинен жардам сурагансыды. Аны Кычан түшүнбөдү. Кош алакандап кочуштаган сууга ысылаган бетин басып турду да, кайра чөгөлөй жонун дүгдүйтүп кулагына дейре башын сууга матырды. Бөжөйүп жата калып дагы кылт-кылт жутту. Суунун ичинде кирпигин серппей бакырайтып көзүн ачып, ойноп да кетти. Ошол учурда жардын үстүнөн мөлтүр сууга зуңкуйган узун кара көлөкө түштү. Кычан чалкалай түшүп, бийикке карады эле, көлөкө жоголо калды. Кайра боортоктоп, сууга бетин чайытып түбүнөн бирдеме тапчудай узакка тигилип кыймылсыз жатты. Алиги көлөкө кайрадан түштү. Мөлтүр суу малакай кийген сербегей сакал киши кебетеленген кейипти чагылыштырды. Кунан кетенчиктеп, үркөнсүп, баланын чылбыр оролгон колун оорутту. Ал дагы жата түшүп, жанакы көлөкөнүн кишиби, айбанбы, эмне экенин ажыратмакчы болгон эле. Экинчи колу менен кунанды чылбырынан өзүнө

тарткылап, ордунан козголбоого тырышты. Көлөкө бир орунга кыймылсыз токтоп бербеди. Арбаң-тарбаң этип, дагы берилеп кайра житип кетти. Кычан айран-таң калды. Чөнтөгүнө таштан салып, чалпоо жүрөгү ойноктой түштү. Алда качанкы мордон качкан кески оюна кылт этти. Кунанына минип жатып жардын башын көздөй удаа-удаа зырылдатты. Кунанына минген соң, чымылдатып наркы өйүзгө атырылтты. Үзөнгүсүн чирене тээп бийиктен мойнун созду. Көлөкө түшкөн жардын берки өйүзү да даана көрүндү. Кереге боюо ыңкыган жашыл ыраң эгинден бөлөк, кыбыр эткен жан жок. «Балким, Жумалы ойрон эгиндин арасына жашынып калып жүрбөсүн». Бала үнүн созуп кыйкырды:

— Тамаша кылган бирөө болсоң мөрөй сеники! Ууру, каракчы Жумалы болсоң, атып таштайм. Чык бери. Ой, сен кимсиң, өлө элегинде чык бери!

Эч жайын билинбеди. Анын үстүнө айлана күңүрттөнүп калган. Жадегенде эгин башы да термелбегенсийт. «Ач бел, куу жондо Жумалы каракчынын сөөгү сөпөт өлүптүр деген доңшоор жайылбады беле. Жөн эле бир элес көзүмө көрүнгөн го. Балким өз көлөкөм түшүп жүрбөсүн. «Бирөөгө айтсам уят болом». Берки өйүздө айланып чыгып, эгинди аралап «көлөкөңү» издөөгө ниеттенип кайра айныды. Көпкө кылчактабай кунанынын оозун жайып кыштакка кирген уйлардын артынан жете барды.

...Баланын башына балээ салууга ниеттенген кара ниет «көлөкө» — Жумалы каракчы ойлогонундай ыгын келтире албай калганына өкүнүп, экинчи кантип жолугаарын ойлонуп, эгин, чөптү жамынып, жар түптөп маңды.

## ЖААНДУУ КҮН

Эртеден кечке дейре жалын бүркүп, кирпик ирмебей чакыйган асман көзүн бүгүн түш кыңая койдун даакысындай тытышкан коюу булуттар далдалады. Булут киргилт түсүн уюлгутуп, асман көзүнүн кирпик учун майыштырып жаш чыгарууга долулануда. Асман бетин жыш каптаган даакылар алда кайдан желип-жортуп катар-катар калыңдалып, аягы жерге чейин самсаалап түнөртө басты. Жер салкындап, күңүрт тартты.

Мындан бир ай мурун көктүн кабагы бүркөлсө «о кудайлап» жаан тилеп кубанычтуу күдүңдөшкөн колхозчулар азыр улутунуп, таарыныччтуу чеке түйүшөт.

— Чабылган чөптү чиритип, дан байлаган эгинди дат бастырат. Эмки жаандын пайдасы аз,— деште өз ара бажылдашып.

Сайгактан кутулуп, салкынга сергиген уйлар кенен-кесир жайылып, бир-биринен кызганычтуу мүйүз чулгушуп чөптү күч-

түр-күтүр аймай сугунушат. Жаандын пайда-зыяны менен анчейин эсептешпеген Кычан уйларын көрүп жымыңдайт.

— Аймагыла! Дароо желинге жөнөткүлө! Чака-чака сүт толсун! Какелей жеңемдин карыны толсун!

Канчалык түнөргөнү менен түн киргенче асмандан жарты тамчы кулабады. Эл жата майда жамгыр дыбырап, түн ортосунда тамдын үстүн дыбырттатып сабап кирди. Жука жабылган үйлөрдүн төбөсүнөн тамчы агып, далайдын уйкусун качырып, тынчын кетирди. Таң ата басылып калаар деп үмүттөнгөндөр эртең менен көздөрүнө ишенишпеди. Уңкул-чуңкул аңгек, чуңкурлар чөлмөк-чөлмөк мелтилдеп, кургак арыктар сууга кузгундап, кыртыштар жибип, чандуу жер ылайга тунган. Жарым-жарты тамчылар эленип түшүп, ак жаанга айланган.

Эл кыймылы, оокат-тиричилик токтолмок беле. Бирин-серин бастырган атчандар, багалегин түрүнүп жылаңайлактанган жөөлөр жүрүшөт. Талаа жумушуна чыгышпаганы менен колхозчулар убактысын текке кетиришпей калсын. Кийим-кече, чокой-чарыгын жамап, майда-чуйда үй тиричилигин жөнгө салууга жабылгандар көп.

Жакыптын үйүндө күндөгүдөй жадырап-жайнап уулду атказып, эрди-катын жумушка камынуучу шандуу көрүнүш жок. Ага биринчи себепкер кечээки Бейшекеден келген кат, экинчиден — ак жаан. Жакып үңкүйө тартып, сыңар мүйүз мала менен күрөң кунан байланган бастырманын жоон түркүгүнө жөлөнүп, жер чукуп олтурат.

Кычан токулуу кунанынын ээр-токумун кармаламыш этип, далысын салган атасынан жооп күткөндөй сабыры суз үңүлөт. Жанатан бери тарсылдатып күбүп жаткан кара ала таар капты колуна кармаган Турдукан, ата-баланын жанына жаандан ичиркенгендей башын силкип, жаагы ылдый жоолугунан куюлган жаанды сүртүп басып келди.

— Уста, башыңды көтөрчү ботом! «Эр жигит эл четинде» деген ошол. Үй ээси минтип үңкүйүп олтурса, катын-баланын да кабагы ачылбайт экен.

Кычанга апасынын сөзү абдан жагып, атасына мурчундады:

— Атам кызык киши. Чоң полномочундукка дайындалган уулуна сыймыктанбайбы? Бейшеке азамат!..

Жакып башын чайкап, угулаар-угулмаксан кобурады.

— Чоң полномочун имиш... Аякта басмачы, каракчы... көп деген... Апаң экөөң бирдемени билгенче качан...

— Бирдемең эмне я, атаке? Айтсаң?!.

Мойнуна оролгон уулунун жылуу, жумшак колун таноосун тийгизе шуулдата жыттап: — Чоңойгондо сен да аганчылап оюң келген жакка кете бересиңби?

— Ананчы... Ал поюзга түшүп жөнөсө, мен аэроплан менен асмандап учам. Бул турган Жалал-Абад эмес, Москөөгө, Сибирге, Оролго, Кавказга барам... Апам экөөнө сонун-сонун кийим сатып келем...

Жакыптын мууну калчылдап, уулунун колун коё берип, мойнун буруп алая карап өптү. Турдукан аны байкаган жок. Уулуна энелик мээримин төгүп, жалынып-жалбарды:

— Тилегиңден тегеренейиним. Аман-эсен эле жүрсөңөр, жетээрсиңер. Силер алып берген шайы-шалпарды кийип жасанып, шаарыңарды араласак... Ошондо балдардын атасы менмин деп мобу үңкүйгөн устакем, короздой моюнуңду көтөрөөрсүң... Шашпа, «көрүнгөн тоонун алысы жок». Бейшеке кызматка кирип, эмдиги жылдан шаарга көчүрүп кетем деп жүрөт. Сен уста, калсаң кал. Кычанымды ээрчитип өзүм барам...

Сүйүнгөн Кычан атасын колунан тартып, өйдө тургузууга аракеттенди:

— Ошентебиз, ээ. Мен шаардан орус балдары менен окуйм!

Бейшекени бүгүн-эртең окуусунан тарап дем алууга келет дешип жол карап күтүп турушкан чагында өзү эмес каты келди:

«Ата, апа, иним Кычан, аман-эсен турасыңарбы? Силерге барып учурашууга убакыт тар болуп калды. Партиянын маанилүү тапшырмасы менен шашылыш Жалал-Абадга жөнөп кеттим. Поездге түшөрдүн алдында жазып жатам. Ата, коркок элең, кокуйлай көрбө. Жалгыз эмесмин. Жолдошторум бар. Партия чоң ишеним менен жибергенине чексиз кубандым. Түштүктүк туугандар менен таанышып, саясий-чарбачылык иштер боюнча түшүндүрүү, үгүт, уюштуруу иштерин жүргүзөбүз. Экиүч ай тынымсыз алыскы айылдарды кыдырабыз. Балким, кат жаза албай калармын. Чочулабагыла. Эгер партия ошол жактан иште десе, мүмкүн калып калармын. Өз оюм борбор шаарга кайра келүү. Кычанбай, жигит болгонуң ушул! Элдин ишенимин абийирдүү аткар. Атаңды кайраттуу бол де. Апаңдын колун кармап кой. Сага бир топ белек камдап койдум эле. Үлгүрө албай калдым. Окуу башталганча кайра келсем, өзүм жеткизип берем. Балким, шаарга алып келип окутаармын! Көрүшкөнчө кош.

Силердин Бейшеке.
8/VII 1933-жыл».

Жакыпты токсон толгонтуп, санаага чырмаган мына ушул кат. Чоң окууну бүтүүчү уулуна ыроолоп купуя сактаган кыйла сонун ойлору бар эле... Ушул айылдын өзүнө төрага, же башкарма, же начандик кызматына келсе... Айылдан иштебесе,

жакын арадагы Қантка ырайондун чоңдорунун бирөөнү ээлесе... Атанын башына бак конуп, соболосу көтөрүлмөк. Бечара устанын тукуму эл бийлеп, ата даңкы бийик көкөлөтмөк. Жакып чырт түкүрүп, чоң-чоң сүйлөп, баланын урматына, келиндин кызматына бөлөнүп, балканы ого бетер кубаттуу сокмок...

Бейшекенин катын окутуп уккандан кийин, көптөн бери ой сандыгынын төрүнө жылуу-жумшак бапестелген жыргалы алда кайда учту. Қолунан кушун качырган мүнүшкөрдөн бетер томсорду. Туулуп өскөн айлынын четинен узап чыкпаган Жакыпка Жалал-Абад жердин жети катар түбү сыяктуу элестелди. Уулу узак сапардан кайрылып келбестей, бакты-таалайы анын артынан ээрчип кеткендей оң капталы эңшерилди. Жытыккан, бардыгы кадимкисиндей өз жайында мемиреген үй-жайы, оокат-тиричилиги тонолгондой көзү коомайсынды. Ага кошул-ташыл, мындан бир эки эле жыл мурда түштүк тараптагы басмачы-каракчылардын элдин мал-мүлкүн талап күч алганы, жаңы өкмөттүн шаардан барган кызматкерлерин иликтешип, кыйнап, кескилеп өлтүрүшкөндүктөрү жөнүндө эшиткен сөздөрү жаңырып, кайрадан кулагына угулууда. Көз алдына коркунучтуу, аянычтуу элестер тартылууда. Мына ушунун барысы жүрөгүн мыжыгып, тилин байлоодо. Ал коркунучту катын-баласына айтпай, ичине камап чымырканууда. Қокус аларга угузсам бөйдө ызы-чуу, чатак башталат деген ойдо.

Ал эми Турдукан менен Қычандын ичи тызылдаса да, Бейшекенин өкмөттүк маанилүү ишти бүтүрүү үчүн кеткенине анчалык үрөйүн учурушкан жок. Тапшырманы аткарып, абийирратак таап, кайта келээрине, аларды өз колуна алып бөпөлөп багаарына эне-бала толук ишеништи. Атасы өткөн түндө кабак-кашын буржуйтуп олтурганда, экөө так ушул келечек тууралу маектешкен.

Уулунун жетектөөсүнө сүйөнүп, түркүктөн зорго козголуп кадам шилтеген Жакып бастырмадан оолактап ачыкка чыкты. Қолун серепчилеп асманга тигилгенде бетин жаан майлап, ичиркентип жиберди. Бетинен жылмышкан тамчы сакал-мурутунун учунан сыгылып мөлт-мөлт тоголонду. Қычан чечкен кунанды көздөй бурулуп түз басты.

— Күн бу кебетеси менен бүгүн ачыла койбос. Келе, катын, кабынды мага бер, же Акымдын тепме таарын сурап келсемби? Балам, бүгүн үйгө байырлачы. Ат үстүндө кайыгып каласың. Уйду мен кайтарып келейин. Эмгиче дайын оту жок. Күндүн ырайынан коркушуп ар кимиси уйларын аргамжылап алышканбы?

Турдукан эринин бул жүйөлүү сунушун кубаттап баласын аяды:

— Мейлиң уста. Ошентсең ошентчи. Бала саргайып күнгө какталып, өңүнөн кыйын асты. Жолдош-жоролору менен ойноп, бир күн да болсо тыныксынчы, тегеренейиним. Көк башы акемдин жээни Бектай да келиптир. Экөө ынак эле. Келери менен Кычанды сурады дейт... Деле эл-журт баламды аяп, уйларын аркандап алар күнү кайда экен.

Ал оозун жыйып алганча болбой, эшик алдынан өңгүрөгөн уйдун жаңырыгы угулду. Ата-энесинин сөзү Кычанга кырт учурады. «Жаш балапандай чый-пыйлары чыгып үстүмө түшүп үрпөңдөшкөнү уят эмеспи. Жигит болгон уулун эмдигиче кичинекей деп ойлошот тура». Атасына чылбырды бербей шып ыргып минди. Апасынын кабына деле карабай, бастырып кете берүүгө даяр, кунанынын оозун бурду.

— Өзүм эле кайтарам. Жаандан коркпондой жаш бала эмесмин. Элге мени уят кылгыңар келеби. Кибир Керез менен Атай дулдук эми эле шылдыңдашпайбы?

— Кокуй күн, тил ал! Ээнбаштыгыңды кой.

— Үй күчүк көнгөн немелер сени шылдыңдамак беле? Кайра сен аларга кошулуп оюн баштасаң сүйүнбөйбү?

— Апекебайым, атакебайым, койсоңор эми! Бектайга Актан атамдын кашаң кара керин сурап берип, кошуп алам!

Үчөөнүн тартышын жылаңайлак бутуна көлөш салып, чолок куйругун жетелеп короого башбактаган Урумкан бүкүрдүн кыйкырыгы бузду: — Я ботом, уста, Турдукан балам, тентекти атказбайсыңарбы? Жаандан коркуп уйду камап коймок белек. Көп болсо, тердик суу болор...

Аңгыча багалегин түрүнүп баткак кечип, өзүнүн май токолу менен Сайранын тик мүйүзүн эки колуна жетелеген Какелей ойсоктоп Урумкан бүкүрдүн сөзүн улады.

— Кайтарбай таштайт деген эмне? Күндүн көзү көрүнбөгөнү менен алда кайда көтөрүлүп калбадыбы?! Болгула! Жаанда саан мал жакшы оттойт. Сүттүн каймагы калың турат.

Кычан ушул эне-атасы алаксыган учурдан пайдаланып, үйүйгө барып уйларын айдап чыгууга бастырууга ыкыстаганда... Турдукан артынан ээрчий келип, кара ала каптын бир булуңун капшыра түртүп, башына кийгизди. Чоң сокмо таар кап тизесин жаап, суу өткөрбөс чапанга айланды. Жакып эл көзүнчө сабыр тутуп, эрдин кесе тиштенип кала берди.

## КАРАКЧЫНЫН КӨЛӨКӨСҮ

Бектай курбусунун чакырыгына ирметпей макул болду. Кычан табышмактуу көлөкө тууралу ага үн дебеди. Бирок, бассатурса кылт этип эсине түшүп, жүрөгүн өйүүдө. «Кап, ата көрү,

дааналап таанып, бүт айылды жар боюндагы эгинге жабылта чакырсам эмне. Сөзсүз Жумалы шүмшүктү кармамакпыз. Баягыдай жер сыйпап, чындын калпына жыгылам дебедимби». Качан гана айылдан узап, уйларды жайып, аңгемеге киришкенде коркунучтуу элес акырындап унутулду.

Бектай Кычан менен жашташ. Актандын көзгө басаар жээни. Өткөн жылы экинчи классты бүткөнгө чейин таятасынын кында жүрүп, Кычандар менен чогуу окуган. Кичинесинен бери жайы-кышы дебей таятасынын кында такай жүргөн. Бул айылдагы балдарга аябай тааныш. Ачык-айрым, чепилдеген жеңил, кезеги келгенде ак көңүл, жаргак кабак, бакыраң көз, делдегей кулак, кубакай жука бала. Кычандын оозунан сөз чыгар замат эле таятасы кашаң кара керди токуп, жаан өткүс өзүнүн тепме таар чапанын кийгизип Бектайды кошо аттанткан.

Сагынышкан эки курбуну сүйүнүч кымылдатып, жаанды тоотпой, уй четинде жандай бастырып акмалоодо. Уйлар сайгактан кутулгангабы, күндөгүдөн жоош. Жыйрыла тартып жонун бүкчүйтүшүп жаанга тосо шүмүрөйүшүп, сууга чыланган чыктуу чөптү күтүрөтө кайсоодо. Май токол менен чолок куйрук дагы эле шүдүңдөп ир алдыда туш келди жакка чуркашып, от жерди чалгындап токтошпойт. Сүзөнөөк тик мүйүз баягысындай эле көнүмүш зордукчулдугун улантууда. Кычандын сыңар мүйүзү сүзөөнөк баратканда жалтайлап качканы качкан. Алгачкы күндөрүндөгүдөй Кычандын тик мүйүзгө ызырынуусу мокогон. «Мал ээсин тартпаса, арам өлөт» дегендин жалгандыгына көзү жетти. Зордукчул, жаңжалчыл тик мүйүздүн ээси Сайранын ак көңүл, тамашакөйлүгүн билген соң, сүзөнөккө мамилеси ого бетер жумшады.

Доңкойгон чоң кара кердин үстүндөгү Бектай үзөңгүгө буту жетпей боосунан теминип алган. Таятасынын тепме кара чаар чапаны бутунун учуна чейин шөлбүрөп жаап, денесин жаандан кургак сактоодо. Кара ала кап Кычандын жонун, эки капталын жаап, бооруна мүчүлүштөп жетпейт. Бир колу тизгинде болсо, экинчи колу кара ала капты бооруна чоюп жеткирүү аракетинде. Ал эми шыбыргактаган ак жаан төрт тараптан тең элөөдө. Ак жаан этек-жеңди кымтылантып, кийим-кечени шөлбүрөтсө да, Кычандын көңүлү чайыттай, кыялы канат байлап алда нече жыл алдыга чабыттоодо...

Ооздуктан бошонгон жорго кунаны ээсинин эркин кыялын бузбай, анда-санда гана шырп-шурп бут шилтеп, башын жерден көтөрбөй тегеренип оттоодо... Тез-тез гана алдыдагы он-он беш жыл сыдырылып өтөт. Кунан үстүндөгү кап жамынган бала Кычан толукшуган билимдүү, маданияттуу жигит боло калат. Канаттуу самолётту минип, булуттун үстү менен сызып жыл-

дыздарды кыдырат. Москвага барып конот. Аерде иштеген буурул чач профессор агайы Тентиге жолугат. Ал окуучусун боорына кыса-кыса кучактап, кубанат. Асман мелжиген үйүнө ээрчитип барып, кат-кат китептери менен тааныштырат... Ырас келбединби, өзүм да камынып жаттым эле. Болот кушуна кондуруп, бир кездеги иштеп кеткен «Социалчы» артелине алып бар, кандай өзгөргөнүн көрөйүн дейт. Учкуч Қычан Жакып уулу Тянь-Шань тоолорунун чокуларынан калкытып өтүп, кен кучактаган жерлерин сүрөткө тарттырып барат. «Социалчынын» үстүнө келип айланат.

Профессор Тенти Албанов тереземден көзүн чачыратып, баягындагы биринде ген токол тамдарды издейт. Анын ордунан чатырлуу, аппак үйлөрдү көрүп таңданат. Даңгыр көчөдөн кызыл туу көтөргөн калың эл, окуучулар кыштактын сыртына чубап чыгышат. Учкуч Қычан Жакып уулу болот кушун кондуруп, профессорду колтуктап чыгат. Ураалаган жаңырык көкүрөгүн ачып, көңүлүн кубантат...

Ал элес негедир алыс калып, жүрөгүндө дүпөйүл түйүндөй түйүлгөн бир окуя көзүнө бүлбүл тартылат... Қаракчы Жумалы Майрык молдонун морунан качып кеткен боюнча дайынсыз жоголгон. Қаракчы ач бел, куу жолдо өлүп, сөөгү сөпөт болуптур деген имиш эл ичине тараганы көп болду. Бая күнчөрөөк тоодогу кимдир бир малчы түн ичинде элес-булас көрүп калыптыр деген оң-доң угулган. Қычандын өзү көргөн көлөкө андан шектүү.

Ошондон бери Қычандын жүрөгүн өйүгөн так дайыма эскертпей койбойт. Қаракчыны кандайча кармоо, кантип жазалоо жолун убараланып издей берди.

* * *

Дал ошол учурда түндө жергуйга түнөгөн, бая күнү Қычанды көлөкөсү менен арбаган каракчы: «Жаанда элдин баары үйүнө бекинет. Уй артынан сороюп каргадай чечек талаага чыгат. Кудай ыгымды келтире көр» — деп, алыстан акмалап карап олтурган. Жалгыз көзүнүн кароолу уй аркасында бирөө эмес, эки атчандын, болгондо да каргадай чечектин жанында чоң атчан кишинин жүргөнүн келтирип, эрдин керте тиштеп, оозун кармады: «Эки жолку ишим оңунан чыкпады. Қыязы, менин шек-шооратымды туюп камынышкан экен. Кой капканга түшө элегимде жоголоюн. Жогорулап, тоо-таш жамынайын. Изимди суутайын. Шашпа, каргадай чечек!» — Жалгыз көздүү Жумалы ушинтип ызырынып, тоо-ташты багыттап жылды.

Қашаң кара кердин олчойгон туяктарынын жерди дамбыра-

дай ургулап дүкүлдөткөн дабышы, Бектайдын чыңкылдак үнү Кычандын дагы толгон-токой таттуу оюн чачыратып жиберди.

— Э... эй Кычан,, бир нерсени билесиңби? — деди Бектай сууга кирингеи бакырайган карагат көздөрүн балбылдатып,— жаанга балдар эмне үчүн башын тосот, билесиңби?.. Кел, калпагыбызды алалы!

— Ананчы. Чачыбыз бат өсөт. Тармалданып чыгат!

Экөө калпактарын шыпырып, коюндарына катып, жылаңбаштанышты. Ак жаан ылдам эле чачтарын уйпалап, кош саамайдан, желкеден сарыгып жаакка, моюнуна куюла баштады. Калпактарын кайра баса кийүүгө аргасыз болушту. Жанаша бастырышып, өткөндөгү кыял-жоруктарын эскеришип, сөз тизмегин чубуртушту...

1929-жылы Тойчу айлындагы эки колхоздун ортосуна жаңы мектеп салынып, 9—10 жашар азыркы экөө, анан дагы бир топ бала окууга киришкен. Анда окутуу иши азыркыдай чыңала элек кез. Кирген жылы аларды жарымынчыга отургузуп, чала сабат мугалим окуткан. Экинчи жылы араң биринчиге көчүшкөн. Байдулла деген мурдунун учуна тушма-туш эрин үстүнө кертип кыркма мурут койгон оңкойгон арык татар мугалим сабак берген. Билими күчтүү дешчү. Балдарды ылдам эле кат таанытkан. Китеп-газетанын маанисин ошондон билишкен. Бирок аябаган ачуулуу эле. Кээде эски молдолордун жазалоо жолун да пайдалана койчу.

Бектай жаргак кабык коён көздөрүн алаңдатып башын чайкап, калпагынын кыюусундагы сууну силкип түшүрдү да:

— Билесиңби? Байдулла агай сени какыйтканы эсимде турат! — Кычан тизгинди коё берип, колун серпти.

— Жаныңды жебе. Мени аябай жакшы көрчү.

Бир жолку окуя күнү бүгүнкүдөй эсинде сакталган Бектай чепилдеп териге сүйлөдү:

— Жаныңды сен жебе. Азыр мойнуна коём. Билесиңби, бир күнү жат жазуудан «Орок менен балка» деген тапшырма берген. Атай, Керез, сен төртөөбүз силердикине келгенбиз. Анан сенин «Алиппеңден» көчүргөнбүз. Сол колум менен силерден өйдө жазып, «жакшы» алам деп мактангансың. Чекеден үч чертмейден сайып мелдеше кеткенбиз. Сен сол колуң менен жазгансың. Жазууң түзүк эле болгон. Эртеси Байдулла агай, билип калып «жаман» койгон. Ошол эле дейсиңби? Күнөөлү сол колуна кыш көтөртүп бурчка тургузган... Эми билдиңби, калп беле?

Кычандын жүзүнө кызыл нур жабылды:

— Ошондо солк эткен эмесмин. Чынбы, же сенчилеп кышты колумдан түшүрүп ыйладым беле?

— Жок, бир бурчка какыйгансың.

— А сенчи. Эсептен доскага чыгара алчу эмессиң. Бир жолу Асылкүлгө кулагынды чойдуруп туруп жаагынды чуулдата чаптырган. Эки жолу тизеңди түрдүрүп, жерге чөгөлөткөн. Аны унутуп калдыңбы?

— Унутпай калайын...

— Катуулугу үчүн өкмөт биздин мектептен которуп жибербедиби. Ал кеткенде баарыбыз сүйүнгөнбүз, ээ? Мугалим деген Тенти агайдай болсун. Тим эле бар эмеспи, кишинин жибеги... Жазаламак түгүл, катуу айтпайт. Кээде жай сүйлөп эле катыгыбызды берип коёт. Тенти агайдын алдына экинчи кызарып баруудан көрө өлгөн өйдө... Ар бирибиздин кыял-жоругубузду бүт билет...

— Билесиңби? Биздин Курман агай бар эмеспи Тенти агайыңдан ашып түшкөн залкар. Балдар эмес, чоң кишилер да мактайт.

— Охо! Тенти агайдай киши кайда! Маскөөгө Ломоносов окуган окууга кетти.

— Охолоп мойнуңду көтөрбөй эле кой. Билесиңби так ошол окууга Курман агай да кетти. Чуру-чуу түшүп, элдин баарысы чогулуп жөнөттү дейсиң. Тим эле бар эмеспи, бир укмуш...

Кычан бул сөздү уккандан кийин кымыйып жаакташууну токтотту:

— Курман агайың орусча кийинген жаш жигитпи, же?..

— Ананчы. Кийиминен көз тайгылчу. Аялы Надя деген орус доктор кыз болчу. Маскөөгө аялы экөө тең кетишти. Жөнөткөндө мен ыйлап жиберипмин... Что такой? Идем, играемди билесиңби?

— Э... ей, кызык. Анда менин агайым менен сенин агайың экөөбүздөй дос турбайбы? Тенти агай аял ала элек. Маскөөдөн солкулдаган билимдүү барышнялардан алат да. Мактанбасаң. Мальчик, девочке, читаем, пишуну биз деле билебиз...

Кызыгандан кызып олтуруп, орусча сүйлөшүп, күчтөрүн сынап көрүшмөкчү болушту. Сөздү Бектай баштады.

— Русский говорит билесиң?

Кычан колду серпип сес көрсөттү:

— Конечно, знаешь. Первый тый башта...

Экөө тартышып, күч сынашып, бөлүнгөнүнө улам көз салып, кайрып коюп, уй четинде илкитип бастырып кажы-кужу. «Чоң иш» менен алаксып ысуулаган экөө, таар кап, тепме чапандан да сызып өтүп, коюн-кончун шөлбүрөткөн жайкы жаанды тоотушкан жок. Качан гана түшкү саанга айдап барышканда көздөрүнүн карегинен бөлөк суу өтпөгөн чоло жери калбай, «сууга түшкөн чычкандай» шөмтүрөштү.

* * *

Күн артынан күн чубады. Кычан алигиден кийин сыйкырлуу көлөкөнү чалдыктырбады. Жүрөгүндөгү түпөйүл сейрек булуттай биринден, баланын көңүлү өзүнүн күндөлүк ишине алаксыды.

## ПАЙДАЛУУ ЧАТАК

Түнү катуулап, күндүзү басандап шыбыргактаткан ак жаан төртүнчү күн дегенде арак басылды. Жер жаандан кийин кулпунуп жашара түштү. Кычан күн сайын уй кайтаруунун ыгын өздөштүрүп, жумушун жеңил, кызыктуу сезе баштады: «Уюбуз саан болбойт. Жинигип калыптыр»,—деген сыяктуу жемелерден кутулду. Бир «олдоксон жорук» кыжырын келтирип аны колтукка түрткүлөдү: жолдошторунун там-тамдын жаракасынан чымчыктын балапанын уулап, күн ысыганда сууга түшүп, колоктоп бош басып жүрүүлөрү кырт учуроодо. Бул ой атаандаштык, же ич күйдүлүктөн чыккан жок. Тенти агайынын коштошордо: «Колуңардан келген ар түрдүү колхоз ишине көмөк көрсөткүлө»,— деген сөзүнө берген убадалары эсинен кетпеди. Атай менен Керез болсо аны жарма жуткандай небак эле унутушкан. Кечки жолугушууда Кычан берки экөөнө жай түшүндүрүүнүн ордуна, тумшугу менен бир тийди.

— Убадасы жок уятсыздар, дардандап оюн, уйку... Кененкесир каалаганындай эркин көнүшкөн. — Атай менен Керезге омуроолоп бийиктен айтылган сөз катуу ызалады:

— Эмне, ойнотпой койчу сенсиңби?

— Ичиң күйсө, туз жала. Сени биз бадачы бол дедикпи?

Оң сөздү тескери түшүнүп, көөдөндөрүн дагдайта тосуп, муш коюуга даяр турушкан экөө Кычандын мурдагыдан беш бетер ачуусун кайнатты.

— О окшошкон дөдөйлөр, мушташканы турасыңарбы? Келе гой, кыйын болуп калгансың го?

Муштумун түйүп, Керездин чекесине тийгизип барып такады. Баягы байкелеп бакырып каччу Керез жок. Ыйлаак көздөрүн чекчейтип, тикчие тигилип, «кармабайсыңбы» дегенсип Атайга эрдин кезе тиштеп, сыйрык бетин жыйрылтты. Атай дүмпүңдөп ортого түшө калып, экөөнү эки жакка түрттү:

— Болду! Кыйын десе, кыргыйдай тиймейиңди таштасаңчы. Биз дагы жанбыз!

Көйнөгүнүн төшүн ачынып, билегин шымалана түрүмүш болуп, чокчоң-чокчоң кетенчиктеп басып, Керез кайраттана түштү.

— Ооба десең. Жакшы ооз саламы жок, адегенде эле сөгүп

кирет. Ойлоп кой, экөөбүз сенин таманыңдын астындагы малай эмеспиз.

Кычандын ызасы бетине жайнап, оюндагы сөз айтылып чыкпай ого бетер жүрөгүн ачыштырды. Муштумун шылк түшүрүп, жазып жиберди да, жай сүйлөдү: — Оңбогон кибир. Мен эзүүчү тап-кулак дегени турасынбы?

Анын өңү кубулуп, дармансыз шалдырай түшкөнүн байкаган Керез чепилдеп сөөмөйүн жаңсады.

— Жо... жок... Ырысыңды жебе... Атай эле айта койсун... Жалган жалаа жаап коркута албайсың. Билесиңби, бул экөөбүз бир кишибиз,— жаңсап жаткан сөөмөйү менен төшүн койгулап, анан Атайды көрсөттү. «Ооба, так ошондой» дегенсип, Атай бүтүгүй көзүн үлүрөйтүп, башын чулгуп булкуюмуш этти.

Кычандын күйбөгөн жери күл. Чоң маанилүү иш жөнүндө жай сүйлөшө албай туюкка камалганына көзү жетти. Сөзгө сөз, муштумга муштум камдашкан экөөнө катуу тийүүнүн пайдасыздыгын ойлоду:

— Урушпайлы, достор! Силерге бир нерсе айтайын дедим эле. — Кычан октум-соктум тийгенине жыгылыштуу бөжүрөсө, экөө моюндарын толгоп кошкурук атышты.

— Эми сага биз дос боло калдыкпы?

— Сөзүң өзүңө эле буюрсун. Биз укпайбыз.

Экөө корсоюшуп, шылкыя түшкөн Кычанга сес көрсөтө чыйрытташты. Бирин-бири бөйрөккө түрткүлөшүп, шыбыраша коюшуп, шыңк-шыңк күлкү чакырышып короздонушту...

Кечээ эле коюндашып жүргөн тигил экөөнүн курбулук жыты Кычандын кадимкидей каңылжарын кытыгылап, томсоруңку жалгызсыратты. Кылмыштын дүрмөтү өзүндө экенин сезди, түшүндү. Күнөө токмогу өз башына тийгенде ушинтип үңкүйүп жерге датын айттырып зарылтат белем. Эгер ушул учурда Атай, Керез кош колдоп жаакка чапкыласа да былк этпес эле. Курбуларын тике кароого башы эңиштеп салмактанып көтөрүлбөдү, көзү жалтанды. «Керез прокурор, Атай сот, мен күнөкөрмүн. Колумду артыма кайрып, чөгөлөтүп олтургузуп сурак жүргүзгүлө. Анан мен баарысын төкпөй-чачпай айтып берем... Болбосо түшүндүрүү кыйын...» Ооз ичинде айткан сөзүн уктуңарбы дегенсип жалт карай салды. Бир үзүм киргили жок асманга сүзгөн айдын жарыгы айлананы күндүзгүдөй жаркыратып турган.

Бет маңдайындагы муштум түрүп ызырынышкан экөөнүн көлөкөсү да жок. Алар өмүрүндө биринчи жолу Кычанды жеңгендиктерине курсант болушуп, небак эле жолго түшүшкөн. Кычан айлуу түндө элендеп, ары чуркап, бери чуркап экөөнүн карааның да чалдыктыра албады. Кош муштум карыша түйүлүп, кош кирпик чолок жашты бытыроодой септи.

— Атай, Керез! Таштап кеттиңерби... Жалгыз кантип жүрөм. Түшүнбөдүңөр... Түшүндүрө албадым... Баары бир кайра кошулабыз...

Атай менен Керез эртеси түндөгү уруштун кандайча башталганын териштиришти. Адегенде жолборсчо атырылып качырып, аягында мышыкча ыйламсырап жалгыз калган Кычандын абалы тууралу аркы-терки тартышты.

— Жин тийдиби деп ойлодум эле. Аягында боорум ооруп кетти.

— Ооба десе. Тумшугу менен жөөлөйт. Аябай мыш кылдык. Мындан ары корсоңдой албайт. Жүрөгүн өлтүрүп таштадык.

— Обу жок опурулбасаң, Керез! Анын жүрөгүн экөөбүз майтара албайбыз. Коркконунан шалдайды деп турасыңбы. Жо-жок жинденсе экөөбүздүн тең мурдубузду кан жалатмак.

— Койсоң... Анан эмне... Сен бойлошсоң, мен бутунан тартсам, Кычан түгүл буура болсо да жыкпайт белек. Чочулады коркту...

Керез жеңин коломочтонтуп, чырт-чырт шилекейин аттырып, өйдө-өйдө башын силкип чыйраксынды. Атай дулдуюп тилсиз кабак түйүп, чыканагын санына жөлөп, алаканына башын коюп, ың-жыңсыз мелтиреди. Керез кыйпычыктап тыяк-быягына чыгып, «сабайлы, же алдына түшөлүнүн» чечимин күтүп, Атайдын оозун чекчейип тиктеди. Кыйла минуталар агып өттү. Мылжыйып, кээде олурая тигилип Керезди кирпик учу менен сайып өткөн дудук Атайдын кебетесиндеги өзгөрүштөн улам, Кычанга «жамандаганы» турганына шекшинип, чепеңдеп эбелектеди. Шоокум чыгып, болор-болбос козголсо деле аландап, Атай аны таштап Кычанга туруп жөнөөчүдөй чый-пыйы чыкты. Акырын жылып барып Атайдын капталына кынала олтурду. Атайдын ээгин таянган алаканын жасакерленип жай сыйпалай берип, акырын тартып алды. Баары бир Атайдан кыңк эткен үн чыкпады.

— Айтсаң, эмне мелтирейсиң. Элдешелиби? Анда күнөөнү ага коёлу. Жүрү эмесе. — Чебеленип колунан тарткыласа деле Атай козголбоду. Кайра Керезди жерге ныгыра булкту. Чепеңдеген жеңил неме сендиректей түшүп, жер таянып олтуруп калды! Дуңкуйган Атайдын оң-тетирисин айра албай, ичи өрттөнүп жалооруду. Атай анын тизесин апчый кармап бурулганда, Керез селтең этип чочуп, ыйлаак көзү чекчейди.

Момурайып булкуя тарткан Атай тилге кирди:

— Убадасы жок уятсыздар... Дардаңдап оюн... Уйкудан башканы билбейсиңер — деп, адегенде эле сөкпөдүбү ээ...

Бул сөздү укканда Керез чепеңдеп тириле түштү.

— Ооба... ооба... Дал ушинтип муштум түйгөн...

— Эмне үчүн ушинтип айтты? Экөөбүз катуулаганда келесоосунар деди... Түшүндүңбү?

— Түшүнбөгөндө эмне... Келесоо... уятсыз... Дарданкүү, оюнкарак... Уйкучу... кыргыздын эле сөзү... Тилмечтин кереги жок... Орусча дурак... шпана... сатана...

Атай башын чайкап, эрдин түйрүп, айрөктөдү:

— Сага да баракелде! Башта чекилдешкенде бизди ушинтип тилдечи беле?

— Жо... жок... Уксам кулагыма кум куюлсун. Баягыда тангандыгым үчүн мени тергөөгө алганда да кечээкидей жинденген эмес. Билбейм, мээси бузулуп калганбы?

— Эми билдим... Анын мааниси бар. Атайылап урушту.

— Урушка да маани кирип кетиппи. Маани сүйлөмдүн эрежесинде болот. Койсоңчу.

— Келесоо десе чычалайсың. Угуп тур. Маанисин чечип берейин. Тенти агайга коштошкондо бош жүрбөйбүз деп убада бердик беле? Бергенбиз. Убадасы жок уятсыз болдукпу? Болдук. Дардандап күндүзү ойноп, чоң шашкеге чейин уктап жатканыбыз чынбы? Чын. Анан эмне дейсиң?

— О...ой баракелде! Тенти агай эмне, Маскөөдөн келип текши[redacted]жатты беле. Окуудан бизди ойносун, уктасын, эс алсын [redacted]ан. Балдардын баарысы эле ойго-тоого айылчылап, [redacted]нап жүрүшпөйбү? Экөөбүз жайлоого барып кымыз [redacted]мекпиз. Аны биз бадачы бол дедикпи. «Ичиң күйсө, туз жала» деп сопсонун айттың. Ошону укканда оозу жап тыйылды...

Жерди титиретип, дүпө-дүп, тапа-тап, капыл-тапылынан чыккан аттын дабышы экөөнүн сөзүн чорт үзүп токтотту. Сулуу тор кашканы ойсоктоткон Ызакул менен, өңү сүттөй, жал-куйругу көмүрдөй, суналган ак боз атты алчактаткан участкалык милиционер Мамбетов экөө жандай өтүп баратышып, арык жээгинен шоп-шоп тура калып салам айтышкан тааныш балдарга бурулушту.

Ызакулдун көмүр мурутунун астынан орсок тиштери жарк этти.

— Охо! Жигиттер, арык бойлоп балык уулап жүрөсүңөрбү? Же сууга түшкөнү келдиңерби?

Мамбетов болсо, көйнөкчөн, жылаңайлак жүрүшкөн балдардын тулку-боюна көзүн ойнотуп өттү. Анын шоңшогой шапке кийип, кылыч, тапанча асынып, сүрдүү, суз көрүнгөн жүзү ажарланды. Эриндери күлүмсүрөп, суйдаң каштары жазыла түштү.

— Курсак ток, кайгы жок, кийим бүтүн болсо, колу-жолу бош, эркин эс алып жүрүшсө ойнобогондо эмне кылышат, туурабы?

Начандиктин назар салып, атайылап аларга суроо бериши

экөөнү эки түрдүү ойго чырмады. Атайды какшыктап, Қычанды кубаттап жаткандай катуу тийди.

Керез «чырагына май тамгандай» жетине албай кубанды. Сыйрык бетин тарбыл-ала кылып начандикке карап ылжайды.

— Ананчы. Мыкаачынын тырмагынан деги кутулдум... Ойнобогондо эмне кылам. — Далысын күйшөп купшуңдап койду. Начандик «байкадыңбы азаматты» дегенсип, Ызакулга кашын серпти. Атай Керездин эч нерсени түшүнбөй чыйылдап дөөрүгөнү аз келгенсип, начандик менен жолдошундай ылжыңдап сүйлөшкөнүнө итиркейи келди. Жандай түшүп санына оймок бооч салып, оё чымчып алдыга өттү.

— Эриккенде эле... же Қычанчылап ишибиз болбосо. — Атай мукактанып толук сүйлөй албады. Көзүнүн төбөсү менен атчандарды уурданып тиктеп, қылмыйды.

Керез кандайдыр жаңылышканын сезип, толгоп үзүп чымчылагандан санының ачышканына селт этпей момурай түшкөн. Азыр чекир көзүн чекчейтип. Атайга ачуулу чеке түйдү.

Атай ачык айта албаган көмүскөдөгү талапка Ызакул даана түшүндү, сүйүнүп кетти:

— Андай болсо, колуңардан келе урган иш таап берейинби?

Атай башын жогору көтөрө койду:

— Ооба... сонун болор эле...

Керез сыр билгизбемиш этип муштумун түйүп, шымынын чөнтөгүн көздөй сойлотту. Қүчтүү урулган муштумга шым тигишинен шарт бөлүнүп кала жаздады.

Участкалык милиционер Дүйшөн Мамбетов жанагы олдоксон айткан сөзүнө өкүнгөндөй өзүнчө башын чайкады:

— Это да. Бул чыныгы пионердик мүнөз, туурабы жолдош башкарма. Эми буларды тезирээк жайгаштырыш керек.

— Иш даяр,— деди Ызакул бакылдап. — Келгиле!.. Экөөң экөбүзгө учкашкыла! Чылк алтын балдар турбайсыңарбы? Силерди жөө жумушка чекпейм. Қычан азаматтыкындай жорго болбосо да, төрт аягы кыбыраган унаа үстүнө мингизем. Минтээрицерди билгенде небак эле жолуксам болмок экен. Қап, иттики ая! Өзүңөр деле Қычанчылап, мага бул ишти бер деп айтсаңар эмне? Ой, чорттор десе.

Балдар үн чыгарышпады. Башкарма да алардын жообуна таңсык эмес эле. Участкалык милиционер эки жеткинчектин сырын чегип сүйлөшүүсү негизги көздөгөн максатты аткаруу үчүн далалаты болчу.

Қаракчы Жумалынын аман-эсен эле тоо жамынып, ал тургай анда-санда ойдогуларды тооруй чалып өтүп кеткенинин доңшоорун улап, из кууп жүргөндөрү бир жумадан ашты. Ылым санаштардын бирди-жарымына көрүнгөн имиш. Бирок андайлар

кармап берүүдөн да, айтуудан да коркушат. Начандик менен башкарма пионерлерди талаа жумушуна жиберүүнүн ыңтайлуу жагын да ойлошту. Эгер алар кокусунан каракчыны көрүп калышса, же угушса дароо гана жеткизишет. Мамбетов менен Ызакулдун келгендеги негизги максаты ушул эле. Мына ойлогондой оңунан чыгып олтурбайбы...

Керез учкашкыла дегенди уккан соң, дароо эле начандиктин суналган ак боз атын тизгендеди. Албеттүү начандик аны убара кылып ээрдин кашы менен куюшканга тырмыштырып олтурууну каалабады. Үзөңгүгө бутун коёр замат далыдан артылтып колтугунан так көтөрүп, заңкайган ак боз аттын үстүнө кондурду. Начандиктин аркасына кучагын жайып, баткактуу жыланач бутун тейпеңдетип, Атайга мактана моюн созду.

Сулуу тор кашкага учкашкан Атай, Керездин бул жоругун жактырбады:

— Ак боз аргымак кашаң кара кер эмес. Баягыдай шайтаныңды карматчу болсоң өлдүң. Кыйшаңдабай түз жүр. Кыймылдасаң кылыч мойнуңду кыйып түшөт байкуш.

Башкарма менен начандик балдардын кыжы-кужусуна көңүл бөлүшпөдү. Өзүлөрүнчө сүйлөшүп, жайкалган жашыл талаадагы эмгек казанын кайнаткан колхозчуларды беттеп, желе басык тизгиндеш жүрүп олтурушту.

* * *

Ызакул эки балага айры мүйүз даңкайган сарала өгүзгө чегилген чоң чийнени берди. Анын үстүндөгү кишини чөп чөмөлөгө жиберди. Ээр-токум, аргамжы, чийне, бешиликти, анан калса өгүздү көздүн карегиндей сактоолорун эскертти. Жеңил жумуш тийгенине күдүңдөгөн Атай башкарманы ишендире сүйлөдү.

— Чийне тартмакка эмне. Бирибиз минебиз, бирибиз чийнеге олтуруп алабыз. Чөптү экөөлөп салып, алмак-салмак жеткизип турабыз.

— Ишенем. Уят кылбайсыңар. Чынчыл, ак жүрөк, тайманбас пионерсиңер, чорттор. — Ызакул чын жүрөгүнөн ыраазылыгын билдирип жүрүп кетти.

Керез үтүрөйүп Атайга доомат артты.

— Мына, колуң кычышса, иштеп жат. «Казды туурап, карганын буту сынат» болдук. Саатың тийди. Өгүз менен эшейип жүрө бер.

Атай анын көңүлүн жайлоо амалын издеди:

— Койсоң эми. Бош жүрдүк, эмне пайда чыкты. Мага караан эле болуп бер. Билсең, Кычандын дарысын таптык. Көрөсүң го, эми мойнубуздан кучактайт.

— Пышш... же ага окшоп жорго минбесек. Кашаң өгүзгө сагызгандай конуп алганыбызды шылдыңдабаса, неге сүйүнсүн. Кайра табалайт. Жаа бою үркүп качаар... Биле... ем. Ал экөөбүздү ташка алып кууйт.

— Мелдешесиңби?

— Алып кел, колуңду.

— Болду! Кечинде көрүшөбүз. Билсин, ал биздин далдактап бош жүргөнүбүз үчүн урушкан.

— Ой, бали десе! Кандай тиешеси бар. Ал өзүн, мен өзүмдү билем.

Керез кежирленип, ээрге минүүдөн баш тартты. Куду алачыктай шоңшойтуп чөмөлө-чөмөлө үйгөн чөптөргө жеткенче, чийнеге термелип жатканы жаткан. Чөмөлөгө барганда да иштеп жарытпайт. Бешилик менен учкай илип алымыш болуп, илең-салаң кыймылдайт. Атай ага жыгылыштуудай атаандашпады. Ээрге минип, сарала өгүздүн мурунтугун бош коюп, теминип-кагынып, ылдам жетип келүүгө ашыгат. Дулдуңдап-бешилик менен чөптү кабаттай сайып, тез-тез ыргытат, кээде алаканын тикенек сайгылаганга кайыл, колун сойлотуп, боорына кучактайт. Керезге мурунтукту карматып коюп, арканды да өзү салат. Алардын жанында бирден өгүз чийнеге ээлик болуп, Сайра менен Какелей жүрөт. Балдар бир барганча ал экөө эки-үч жолудан катташып келишет. Жанаша бастырышып бак-бак ачык сүйлөшүп шыңкылыктап күлүшүп, көңүлдүү да жүрүшөт. Үнсөзсүз жүдөп-какап, будамайланып жаткан балдарга Сайра атайылап кайрылып келди:— Эки бирдей сомодой жигит, карган бизче иштей албаганыңар уят. Чөбүңөрдүн тең жарымы жеткенче чубалып түшүп калып жатат. Мына карап тургулачы... Сөлпөйтпөй, жүктөй тегиз жыйбайсыңарбы. Аркан менен узатасынан да, туурасынан да арчындагыла... Арканды белге салып, бек-бек тартпайсыңарбы? — Шымаланып, шапа-шуп кыймылдап, чийненин сырын баштан аяк көрсөтүп берди. Ботала боргулданып көзүнөн башка чоло жери жок терге чөмүлгөн Атай Сайранын чеберчилигин жаза кетирбей үйрөнүп калууга тырышып, акмалоодо. Керез «менин милдетим ушул дегенсип» сарала өгүздүн мурунтугун кармап керсейүүдө.

Май токолу кебетеленген тукур мүйүз өгүздү энтендетип алачыктай үймөктү артынан сүйрөткөн Какелей, өз чийнесин бош коюп, балдардын чөбүнүн арканын белине ороп тартып жаткан Сайрага тийиштик көрсөттү: — Я ботом, Сайра! Кымка жеңенин май болпоч үйрөткөн уулу менен Канымдын куу чирен инисине кошамат кылып жатасыңбы? Май сызгырмак элем. Каңкуулап эле жүрөсүң. Бүгүн ооз тийгизейин... Бол бачым... Эртерээк кетели...

Сайра абысынына акысын жидирбей калсын:

— Какылдаган өлүгүңдү көрөйүн... Иштин жөнүн билбеген жаш балдарга жардам бербейт дагы, жаагын жаныйт... Куураган тырмагынды эми майлагың келдиби? Шашпа. Күн батканда барабыз. Ошондо да туйтуктап каймак, майыңды этек-жеңиңдин далдоосуна катып кызганаарсың.

Эртели-кеч көнүмүш серпишип жарп жазган абысындар биринин сөзүн бири өтөт кылды.

Ал эми Какелейдин «Май болпоч», «куу чирен» деп сөз арасына чаптай кетиши эки баланын чекесине токмоктой урулду. Өгүздөн алда канча бийик үймөк чөптүн үстүнө чочоюп конгон Керез «куу чиренди» укканда, какылдаган Какелейди бешилик менен тоголото коюуга ниеттенди. «Ушунун баарын кылган сен», өгүз үстүндө болпоюп, Керез конгон тоодой үймөктү сүйрөтүп бараткан Атайга муштум түйдү.

Атай «май болпочтугун» угар замат денеси салкындап, терин жыйып чыйралды. «Эртең-бүрсүгүндөн май болпочтукту көрсөтөөрмүн» деп Какелейге тиштенди.

Кечинде чийнени чөп үйгөндөрдүн жанына түшүрүшүп, экөө өгүзгө учкашып үйгө кайтышты. Атай жасакерленип Керезди ээрге мингизди. Өзү жаш чөптөн кабаттай салып, кыр аркага учкашты. Канчалык теминип-кагынышпасын, айры мүйүз сарала өгүз каалгып бир калыпта көнгөн басыгынан танбады. Андасанда союлдай салмактуу куйругун булгалактатып, кыл чачпагын шарп эттирип көйнөкчөн Атайды каптал талаштыра чаап өтөт. Этин оорутканы аз келгенсип, көйнөгүнө чыбыр ала так салып булгаганын көрүп:

— Шашпа, сарала, Куйругуңду сындырып, чочолотпосом эмне болоюн,— Атай атайылап кыйшая минип, эми бир серпкенде илип кетүүгө ниеттенип, колун даярдайт. Кексе сарала өгүз аны түшүнгөнсүп, жогорулатпай өз санын чапкылайт. Атай Керезден шапалакты сурап алып, эңкейип жатып, чачпагынан илип, куйругунан тартып кармады. Сарала өгүз ары-бери буйталактатып куйругун кайыртпады. Айласы түгөнгөндө чачпактан бекем кармап, токмок жештен кутулду. Кыштакка кире бергенде али көз байлана элек эле. Тийиштик кылып, Кычандын эшигинин алдынан өтүшүп, мелдештен экөөнүн кимиси жыккандын далилдей турган болушту. Жакындай түшкөндө Керез айры мүйүз сараланы моюнга шапалак менен нукуп, тескери тартты.

— Атай, мен чочулап турам. Ачуусу келсе жаман. Экөөбүздү серейте чабат.

— Ачууланбайт. Айланайын деп жалынат. Өгүздүн башын мындай бурсаң. Коркпо...

— Өлдүк! Жорго менен жылжытып эсирген эме... Кашаң

өгүзгө эшейип учкашкан экөөбүздү көк бөрү тартат. Барсаң сен бар... Мен түшөм... жөө кетем...

Керез кежирленип артындагы Атай менен акыйлашып бүткөнчө, айры мүйүз сарала каалгый басып Жакыптын үйүнүн бет мандайына жетип калды. Көчө бетиндеги супанын үстүндө жалгызсырап, кечки жумуштан кайткан атчан, өгүзчөндөрдү элендей карап турган Кычан өгүзгө учкашкан экөөнү көрөр замат чымылдап астынан тосуп чыкты.

— О... о, кайран азаматтарым! Небак эле ушинтсеңер эмне... Анда урушпайт болчумун.

«Көрдүңбү, жеңилдиңби» дегендей Атай алдындагы Керезди нукуп койду. Чыртылдап катуу турган Керез заматта айныды. Өгүздөн лып ыргып түшүп, Кычанды кучактады:

— Кайран досум десе. Ушинтип элдешээриңди билгем. Эми урушпайбыз ээ... Тиги... тигил... экөөбүз чийнечи болдук.

Атай ойлогону ордунан чыгып, мелдештен утканын унутуп, Керездин мүлтүлдөк амалкөйлүгүнө таң калып, өгүздүн үстүндө делдейип катты.

Кычан Керезди сыга кучактап, улам-улам таптак жогору көтөрдү.

— Ишке жарадыңар. Убадабызды актадык. Эми Маскөөдөгү Тенти агайга кат жазабыз!

## «КЕЛИН» МЕНЕН «КОЖОКЫДЫРДЫН» ОКУЯСЫ

Июлдун акыркы күндөрү жемирилип, августка жол бошотууда. Чүй өрөөнүндө кер муруттуу буудай менен бала кучактаган жибек саамай жүгөрүлөр кылкылдап, жашыл түс саргайыңкы тартып баратты. Эл дүмбүлдү кенен ооз тийип калышты. Кыштактагы төрт тестиер баланын күндүз жолугушуулары сээлдеди. Кез-кезде жумуштагылардын түшкү эс алуусунда, малдын саанында гана кездешишет. Кечинде болсо чарчоону унутушуп, дайыма чогулушат. Көңүлдү шооткотушуп ар түрдүү оюндар куруп, тамашасы менен кыштак адамдарынын көңүлүн да жагалданталы деп убадалашкан. Мурдагы күнү адырдын жыбыттарынан анда-санда элес-булас адам сыяктуу карааңды чалдыктыргандан кийин курбуларына ошол сыйкырдуу көлөкө туурасында айтсамбы деген жыйынтыкка да келди. Ал ой эки күндөн бери жүрөгүнүн тынчын алууда.

Керез, Атай экөө да эки күндөн бери жолуга элек. Кычан менен далай кызык иштер жөнүндө маектешсек деп дегдөөдө.

Үчөө Актан атасынын огородундагы там бою өскөн жүгөрүлөрдүн арасына киришип эртеңки шоок жөнүндө акылдашууда. Талаштан-талаш ырбап олтуруп, «келин жүгүнтмөйгө» токтош-

ту. Эмки кеп ортосунан бирөөнү келиндикке тандоодо калды. Сөз тобун Бектай бузду.

— Керез ылайыктуу! Үнү куду келиндикиндей чыңкылдак, сөөмөйлөрү да илмейип ичке. Ойсолондоп басканы да укмуш...

Мактоого семире түшкөн Керез далысын күйшөп, үнүн чыңылдатып жасап:

— Жоолук салынып, көйнөк кийгенден эле уялбасам... Башкасына эмне...

Атай карама-каршы чыкты:

— Итирейген жүдөө келиндин кереги эмне? Жарабайт. Көзү мышыктыкындай чекир. Жүгүнгөндү билбей, ыйлап жиберип уят кылат.

— Анда, Атай, сен бол?

Атай чычалай баштады.

— Кой-ээ, болбогон сөздү. Ыгым жок!

Кыябы келгенде чымчып өтсөм деп акысын кантип алууну ойлогон Керез жым дей түштү.

— Таптакыр жарабайт. Бети тултук, көзү шишимек да келин болучу беле?! Оозуна талкан куюп алгансып бултуюп сүйлөй албайт. Уят кылат. Доңкоюп жүгүнгөнгө эби-сыны жок.

— Анда Бектай болсун!

— Жарайт.

— Жок, жарабайт!

Бектай коён көздөрүн алайтып, кулагын делдейтип, кош колун көтөрүп, чөгөлөп олтура калды:

— Койгула, таякелер. Эбим жок!

Керез чебеленип тура качымыш этип, энесинин бооруна жабышкан баладай, шайы жалбырактуу узун сөңгөктө жибек чачысын сеңселтип, борсойгон жүгөрүнү кармалап кайрууга ниеттенди:

— Айтпадым беле. Жарабайт дедим, жарабайт. Баарың тең качасың, анан ким болот? Жерден чукуп табасыңарбы?

Бектай Керездин сөзүнө терикпеди. Жүгөрүнү карс эттире кайрып алабы деп чебеленди:

— Тарт колунду! Таятам кайсы жүгөрүсү канча бала кучактаганынан өйдө билет. Сен эмес, дүмбүлүнөн мага ооз тийгизе элек. Кайырба. Айтып коём.

Керез кычаштык кылбады. Колун жүгөрүдөн алыстатып, «Менден бөлөк киминер келин болосуңар» дегенсип, бөйрөгүн таянып беркилерге керсейди. Эгер ошол учурда уйларды короокороого кийрип берип зорго бошогон Кычан жетип келбесе, Атай экинчи ирет жана минтип кемсинте турган болсо, чатакташа да кетишмек.

Кычанга бүгүнкү шооктун жорук-жосунун биринен сала би-

ри өтүп терип-тепчишти. Өзүнүн башын салмактаткан ойго чырмалган Кычан, далайга алардын айткандарына, андан эмне талап кылып жаткандарына түшүнө албай тунжурады.

Кычан бүгүн убадасын берген Бектай келбеген соң, уйларды жалгыз кайтарган. Алыстан тууралануп баскан адамды көрүп, Жумалы го деп шекшиген. Каракчы кебетеленген адам ойку-кайкы из жашырып басканы менен аны көздөй түз келе жаткан, бирок өтүп бараткан атчантардан айбыгып адырдын жеркуйлуу жыбыттарына кирип жексен болду. Кычан кара кер жорго кунанынын оозун коё берип, түптүз качырып кирип барууга шеттенди. Бирок да, житип жоголгон көлөкөнү кайдан табат? Башын катырып, бул чечимге такалды: Атай менен Керезге айтат. Анан үчөө чалгынга чыгышат. Үч мырза чыкма азамат бир каракчыны колго түшүрбөй эмне болуптур. Азоону туйлатып кармагандай эле чалма ыргытып, аркан менен тирүүлөй байлап келишет... Мына ушундай ой менен үйүнө кайткан. Тентуштарын көргөндө ортозаар термеле түштү. Ал эми алар кужулдашып өзүлөрүнүн кызыктуу шоок куруу жөнүндөгү талашын айтканда, ыкласы менен берилип кирбедиби. Канткен менен көөдөнүнүн ичиндеги тил, ойлонгон ишти орто жолго таштаба деп шыбырады. Ал — бирде тез, бирде жай соккон жүрөгүнүн назик кылынын шыбышы гана болчу. Кычан а назик шыбышка анчейин кунтун койбостон, курбуларынын дуу-дуусуна акырындап аралашты. Анткени — өзү көптөн бери оюнду сагынып, элди жубантчу шоокко кумарланып жүргөн.

Атай «береке тап» айткан соодагерче, Кычандын алаканын чак эткизе чаап кыса кармады:

— Сенин колуңдан келет. Баарысына эптүүсүң. Кемпирлердин кыялын деги билесиң. Биз эптеп кабарчыца жарайбыз.

Бөйрөгүн таянып короздонгон Керез, делдейип Кычандын оозун тиктеди. «Жок. Жигит башыма жоолук салынбайм. Келиндин көйнөгүн кийбейм. Керез ылайыктуу»,— деген сөздү күттү. Анда кыйкырып, жер тепкилеп Атайдын кырына чыкмак.

— Оп бали! Макул де. Суйкайган сулуу келин болосуң!— деп, чепендеп Бектай Кычанды далыга каккылаганда, Керез жактырбагандай мурдун чүйүрдү.

Кычан эки курбусун күлүндөгөн көзү менен кучактап өптү да:

— Болуптур. Макулмун. Көйнөк, жоолук, чач уштук, көлөчмаасы камдайлы.

Күткөн үмүтү текке кеткен Керез сымаптай мөлт этип, мамилесин өзгөрттү. Шыйпалактап Кычанга кошомат айта баштады:

— Кашкайган сулуу келин болосуң. Жигиттер көрсө кемпир-

чалга жүгүнтпөй жетелеп кетип жүрбөсүн. Эжемдин башайы көйнөгүн, бөртмө жоолугун сурап берем. Сага куп жарашат.

Эртеси эки чийнечи, бадачы жана айылчылап келген «мейман» Бектай төртөө Керездикине чогулушту. Атай апасына айтпай сандыгынан маасы-көлөчүн уурдап келди. Каным эже күдүндөп балдарга кол кабышын тийгизүүдө. «Келиндин» бетине эндик сүйкөп, кашына көөдөн тартып ого бетер суйкайтты. Жыгач сандыгынан күмүш тыйындан чапкан чолпусун шарактатып суурду.

— Чолпу, чач уштуксуз келин көрксүз болот. Я секетиң кетейин. Чачың жок муну кай жерине байлайм?

Керез үй ээсиндей бажандап, беркилерге сес көрсөттү. Эжесинин колундагы чолпуну ала коюп, бирде шалдырттатып, бирде жаркылдатып өйдө-төмөн ойсолоктой басты. Жер чийген башайы көйнөкчөн Кычандын жамбашына кармады:

— Пай... пай... пай... Сооруң жаркылдайт да калат... Көрчү? Таптым... Таптым... Чүпүрөк өткөзүп башына ороп байлаш керек. Жоолук салынганда билинбей калат.

Чолпуну дал Керез айткандай байлашты. Бөртмө жоолук сыртынан чулгап, төшүн, далысын кулпунта жаап, сарала башайы көйнөк маасынын тушаарына чейин чубалып, бөйтөйгөн сулуу «келин» — Кычанды көркүнө чыгарды.

Күүгүм талаш боз балдарды сагаалатып ээрчиткен сулуу «келин» кары-картандардын үйүнө кирип, «кудай жалгасын» алуу үчүн шарактап жолго чыкты. Мындан он беш күн илгери Ызакулдун калаадагы окуудан эс алууга келген иниси колукту алган. Кирген үйгө ошонун атын сатып, таанышгырмак болушту. Антүүнүн ыңтайлуу эки жагы бар эле. Биринчиден, айылдагы жаңы келин жалгыз ошол. Экинчиден, башкарманын келинин ким да болсо сыйлоого тийиш. Балдар ойноп жүрүшкөн болуп, кирүүчү үйгө кабар салышмак. Көз байланып, кишилер даана таанылбай калды. «Келиндин» каалоосу боюнча алгачкы ирет Какелей какылдактын эшигин ачты. Демигип кирип барган балдар:

— Бол, Какелей жене, Ызакулдун келини келди — деп, карбаласташты. Үйү караңгы, казан-аягын калдыратып Какелей күйпөлөктөп олтурган.

— Я ботом, ал кандай шаңыраңдаган тастаке. Келин дегенди отко кийирмейин келчү беле? Же тааныбасак... Чырагын да жандырбастан какшанып, шаңшый берди.

Жакшылыктуу жумшарбасын байкаган балдар:

— Акырын, Какелей жене. Келин келип калды,— дешти. Какелей кагынып-силкинип ордунан туруп, эшигин аттап жүгүнгөн «келинди» ак бөртмө жоолуктан тааныды.

— Болсун! Болсун! Төргө өт. Жылас басып ширенкем жоголуп кетиптир.—Курулай эле санын чаап, кемселинин чөнтөгүн оодарды: Бектен чебеленип, ширенкесин шылдырата чайкапсунду эле, аны илип ала койду:

— Я ботом, ширенке сурадымбы? Жинди жаным, чыractын майы түгөндү дейм деп жаңылып кеттим. — Курулай анткорлонуп өзүнчө күбүрөп-шыбырап, казан-аягын аралады. «Келин» үнүн чыйылдатып көмөкөйү менен сүйлөдү:

— Дарбыбай эле коюңуз. Каймак ооз тийгизсеңиз эле кетебиз. Сиздин каймак таттуу дейт...

Какелей булкунуп чочуп кетти:

— Ат-Башы, Арын... Аны ким айтты. Ким жеп көргөн экен. Буюрбай калсын... Өңгөдөн аясам да, башкарманын келини — сенден кантип аяйын. Эми эле сызгырып койдум эле... Шашылып жатасың шекилдүү. «Куттуу үйдөн кур чыкпа». Ме ооз тий,— кара чөйчөккө сүт алып келип сунду.

Балдар Какелейдин куу тырмактыгына аныкишениште. Андан чыгып, түптүз Кымка эненикине барышты. Атай элден мурун өзү кирип, апасына кабар салды. Кымка эне калдактап шашып калды. Төрүнө саксак көрпө көлдөлөңүн жайып, эшигин ачты. Келиндин жүзүн жакшылап көрүү үчүн, чырагын колуна кармады. «Келин» тизесин бүгүп, бери ийилген сайын:

— Кудай жалгасын! Этегиңден айтсын. Ырыс-кешиктүү бол!

Мындай чыныгы жалгоону укканда балдар тымызын түртүшүп, эриндерин кезе тиштешип, шек алдырбоого тырышышты. Кымка эне балпаң-булпаң этип, каймак, токоч, айранды астына койду. Балдар орток болушту.

— Ыйманы ысык келин турбайсыңбы? Бөйтөйгөн айланайын. Элеттин кызы эмессиң го... Бүйрө олтурганды үйрөнө элек экенсиң, айланайын... Илгери биз келин болуп келгенде мына минтип олтурчубуз! — Балбыраган көйнөгүнүн этеги менен бутунун башын жашырып, сыңар тизелеп сүзүлдү. «Келин» сыр билгизбөөгө аракеттенди.

— Энеке, азыр тартип башка. Келиндер менен жигиттер айырмасыз жүрүш керек. Эркекче, аялча олтуруш деген болбойт.

Кымка эне оң колунун сырты менен сол алаканын шоп чаап:

— Койчу ботом! Эркекти эркек, аялды аял дейт. Мунунар жарабаган кеп. Келинди жеңеси ээрчитип келчү эле. Боз балдарды коштоп алыптырсың. Бу да жаңынын мыйзамыбы?

«Келин» туш-тарабынан торой чалып, шаштысын кетирген Кымка энеден шекшинип кетүүгө ашыкты:

— Мен калаада өскөм. Илгеркинин ырым-жырымын колдонбойбуз. Жеңе-жүңөнүн кереги эмне?

«Келин» тамагына тойгондугун, ыраазылыгын билгизип, оомийин деп сол алаканы менен оозун сыйпап тура жөнөдү.

— Коё тур, балам. Башкарманын келини болсоң, кур кетирмек белем... — Кымка эне жыйылган жүгүнүн астынан кол сандыгын сууруп чыгып, бир байлам ак жибек жоолукту үлпүлдөтүп, бөртмөнүн үстүнө башына жапты.

— Ме, балам! Башыңдан ак элечегиң түшпөсүн! Ырыс-кешиктүү, мөбүрө-чөбүрөлүү бол. Тээтиги какмарлар да кээде жаңыбыз деп чокчондоп калышат. Жаңы болгонуңар жакшы. Бирок ата-бабанын салтын ыгы жок кор тутпагыла, айланайындар.

Балдар «келиндин» сыр алдырбай чыкканына мулундашты, Кычан «келин» боз балдарга бул жоолуктун анчейин кызык эместигин, каалагандай тамаша чыкпасын айтты. Баарысы талаш-тартышсыз эп көрүштү. Ыкшытып боорду эзип, солкулдатып көздөн жаш куюлтуучу тамаша жайын ойлошту. «Жарамазан», «сүйүнчү», «бекбекей» өндөнгөн түрдүү элдик салтка байланыштуу жагдайларды эскертишти. Кантсе да булардын баарысы тең купулдарын толтурчудай эмес. Кычан келин кебин чечип, боз тоголок балдардын катарына кошулду. Бектай чепилдеп Кычанды жалгыздатып чакырып кулагына шыбырады.

— Жез кемпир, каракчы болуп, картаңдарды үркүтпөйлүбү.

— Болбойт. Чал-кемпирлер алардан анчалык чочубайт. Андан көрө «Кожокыдыр» болуп көрүнөлү,— деди Кычан шыбагадан кур калгансып чуркап келишкен экөөнө тең угуза.

Керез тоголок чымчык башын чайкап, алдын-ала шексинди.

— Балекетиңди кой, Кычан. Кожокыдыр болом деп каарына калган жүрөсүңбү? Ал ыйык. Азыр да тирүү имиш. Кыдыр даарыган киши, билесиңерби, эмнени кааласа ошол максатына жетет дейт.

— Эх-ээх, андай экен... — Кычан мукактанып ойго чөмүлдү. «Эгер Кожокыдыр болуп, Жумалы каракчыны сыйкырлап колго түшүрсөм кана...» «Кожокыдырдын» оюнда өтө зор жашыруун сыр бар: «Жумалы сөзсүз Какелейдин төшөгүндө уктап жаткан жеринде чыгат. Анын «баатырдык» ишине ак батасын берет да, көздөн кайым сызат, анан дароо тийиштүү кишилерди кабарлап, ээрчитип келип, колго түшүрөт. Жок, шекшип калса, уркуйган таягы менен төбө талаштыра жыга чабат. Ошентип көркоонун соодасы бүтөт».

Бектай Керезди колдоду:

— Ооба, чыпачын. Кожокыдыр көзгө көрүнүп эле, заматта кайым болот. Аны соо адам кантип туурайт.

Атай да тигилерге тирөөч катары бурбуңдап, Кычанды жекирди:

— Макул эле. Биздин эмнебиз кетти. Акылды тапкан киши эр болсо, өзү Кожокыдырга айланып көрүнө койсун. Жарабаган сөз да. Ыйык немени туурап мунжу болгон жүрөсүңбү?

Кычан дароо эле чалкасынан кеткен үч жолдошунун ататпасын түшүндү:

— Кызык тамаша салбасам, мурдумду кесип берейин. Коркпой эле койгула. Каарына калсам мен калам. Силердин эмнеңер кетти. Өзүм болом. Ала чапан, ак селде, аса-муса таяк, чүчтө сакал таап бергиле!

Өз баштары аман калган үчөө эрдемсиген Кычанды эрки менен коё берүүнү ылайык табышты. Кайта Каным эженикине барышты. Ак селдеге Кымка энеден алган жоолукту жаратышты. Инилеринин шумдугуна кубанган Каным эже бирөөнүкүнөн жалаңтык сарала бейказам чапан сурап тапты. Сакалды эски ак эчкинин талпагынын чекесинен кесип жасашты. Аса-муса табылбаган соң уркуйган бутактуу союлду жонумуш этип окшотушту.

Элдин алды жатып калган. Кыштак ичи дүлөй түнгө тунжурап, жансыз. Андан-мындан итттер абалап, улуп-уңшуп басылат. Ак селде, белинен жоолук менен кымтый курчанган ала чапанчан, колунда таяк, буту жылаңаяк «Кожокыдыр» Какелей какылдактыкын көздөй багыт алды. Кандайдыр эшик ачык. «Кожокыдыр» колуна ширеңке кармап, шыр кирип кетти. Балдар шек алдырбоо үчүн чокчоңдоп сүйлөшүп, терезе жакка жылышты. Үй ичи түнт, ың-жыңсыз. Чыйк ачылган каалгадан улам Какелейдин бийик үнү жаңырды:

— Сенсиңби ыя, эми араң келдиңби? — Аял кубанычтуу унчукту. Жигинди эч кимге билгизген жоксуңбу?

«Кожокыдыр» дабышсыз үн чыккан жакка жылаңайлак бутунун учу менен жылды. Шуудур-шуудур козголуп, Какелей өзүнүн төшөгүнүн башынан ширеңкесин сууруп шарт жандырды. Чырак балбылдады. Анын «эрим» келди деп кыялданып, төшөктөн жылаңбаш, жылаңач көтөрүлгөн шылпыйган кош эмчектүү көкүрөгү «кожокыдырга» даана көрүндү. Ал эми Какелей «эри» эмес, ала чапан, селдечен, жылаңаяк, күмүш сакал сулуу кожону көрүп, тике багып карай албай төшүн төшөгү менен жаап чүмкөндү:

— Ким болосуз, жарыктык. Эмнеге... — аптыгып толук айта албады. «Кожокыдырга» бул учур жеңиштүү болду. Үнүн коңур чыгарды.

— Коркпоңуз. Кожокыдыр деген менмин. Оомийин, аллоакбар, тилегинди берсин. — Алаканын жайып, жаагынан арчындап жип менен байланган сакалын сылап бата берди. Калчкалч титиреп жуурканга чүмбөттөлгөн Какелей манжаларын

бүрүштүрүп кошо бата кылды. «Кожокыдыр» кетип баратып:

— Тилегим келсин десең, таң заардан бабедин өткөз. Кара көнөчөктөгү каймакты элге таркат. Оомийин!

Табышсыз жылып көздөн кайым жылды. Бир четинен коркуп, экинчиден «кыдыр даарып» кеткенге делбеленген Какелей кирпик какпады. Үйгө шоола киргенде турду. Эч жанга ооз тийгизбей жык-жыйма толуп турган кара көнөчөктөгү каймактын теңин башка идишке бөлүштүрүп салды. «Кожокыдыр» жарыктык теңине деле ыраазы болоор,— деди ичинен кобурап, миң ирет сыйынып. Күндөгүдөй май токолду эртелеп саашка ашыкпады.

Сайранын ойгонуп эшикке чыгышын күттү. Аңгыча кара кер кунанын бөжүтүп, Кычан жетип келди.

— Какелей жеңе, май токолду чыгарыңыз. Бырылдаган уйкучуларды күтпөйм. Аларды бир жалкытайын. Өзүлөрү жайытка жеткизип беришсин.

Демейде сумсандап урушчу кебетеленген Какелейдин карасур иреңин күлкү аралаган. Дароо Кычанды тизгинден алды.

— Түш. Акың бар эмеспи. Май токолдун каймагына тойгузайын. Саай элекмин. Али эрте, шашпа.

Кычан кыңк этпестен оодарылып түштү. Кара чөйчөккө жык-жыйма каймакты жай олтуруп жеп, анан аттанды. Бул эле дейсиңерби. Какелей кара көнөчөктү канжыгасына байланып, чийнечилерге алып барды. «Кыдыр алейку салам чоң кудайым сүйгөн чанда бир адамга жолугат дечү эле. Олуя заада жан да. Колумда барды айтты. Ишим оңолот экен. Жесир башым эрге тийип... Согончогум канап, эркек уул төрөйт экенмин. Чоң кудайга тобо. Ушунча элден бир мага жолукту...» деп жоруду. Өзүнө жалгыз көрүнгөн сырды жанга угузбоого чымырканды. Сайра, Атай, Керез үчөөнү чакырып, кара көнөчөктү алдыларына койду. Атай менен Керез чымчылашып, нукулашып белгилүү сырды жашырууга көңүл жооткоткон болушат. Өзүлөрү ала барган көмөчтү четинен сындырып, май токолдун бал каймагынан илип кеп аябай тоюшту. Сараң Какелейди колго түшүргөн Кычандын амалынын пайдасына күдүңдөштү.

— Я өлүгүңдү көрөйүн Какелей. Түшүңдөн чоочудуңбу? Өңгөнү билбейм, элге атыккан сенин куу тырмагың жибибейт деп ойлочу элем. Эмне болду, айтчы! — дейт каймакка тойгон Сайра.

— Эмне болмок эле. Жибигени ошол. Бербесем да мен жаман, берсем да мен жаман. Андан көрө жакшылап батаңарды бергиле.

Какелейдин каймагын тойлогон чийнечилердин черлери жазылган соң, сөз да көбөйдү. «Ниети оңолгон» Какелейге мактоолор да жаады. Салкын үйдө, кара көнөчөктө сакталган таза,

жаңы каймактын даамы тилине сиңип жагымдуу жыты сергүн абага аралашып, туш-тушунан каймак жыттана буруксуп, Керездин көңүлүн көтөрүлттү. Чебеленип чыдап тура албады. Сөзгө аралашты.

— Какелей жеңем, кара көнөчөктөгү каймакты бизди сыйлайын деп алып келген жок, себеби бар. Билебиз.

Атай кекээрлеп кабагын чытыды:

— Тоюп алгандан кийин дөөдүрөбөй жөн болсоңчу.

Какелей чамгарактап Керезге атырылды:

— Билсең айтпайсыңбы? Кайдагы желмогуз бала элең. Каймагыңды оозуңан куздуруп алайымбы?..

Араң турган Сайра тарсылдап Какелейдин мизин кайрып, Керезди көкүттү.

— Какылдаган өлүгүңдү көрөйүн, темине берет. Жылы төө болсо, куздуруп алсын! Айта гой, Керез. Ошондой дейм да: «Наабайчы ачкасынан өлүп жатып, жанындагы жолдошуна — койнумда нан бар эле, сатып ала турган киши табылаар бекен» — деген экен. Анын сыңарындай какылдаган өлүксүз көнөчөгү толуп турса да «каймак жоктон» башканы айтуучу эмес эле... эмне себеби бар, Керез жан? Билет окшойсуң, айтсаң?

Керез Сайранын жалынычына көлкүлдөп эрип кетти. Какелей жалгыз Сайрадан жалтайлаарын жакшы билет. Ал жанында болгон соң, жалтанбады. Кечээ түндөгү «келиндин» окуясынан баштап, «Кожокыдырдын» жоругун түгөл сайрап берди. Какелейдин кара сур өңү табылгыдай кызарып, көзү тостоюп чанагынан чыгып, кол сала албаса да Керез, Атайга алкынып-жулкунду: — Желмогуздай желип-жорткон шүмшүктөр! Тамаша кылгандай мен силердин теңтушуңар белем! Маскаралар...

Сайра кагып-силкип, күнөөнү өзүнүн куу тырмагына оодарып жинкинин түгөттү. Аягында:

— Жинди, келесоо болбосоң, чапан которуп кийген балдарды тааныбайсыңбы? Сооп кылышыптыр. Каап, мага айтсаңар эмне, түлөөсүнө үч карын майын бүтүн буздурбайт белем...

Балдарга да наала кылымыш этип, шакылыктап боору эзилгенче күлүп, Какелейдин бешин алды... Какелей сокур ичеги болгондой бөйрөгү эңшерилип, жапырак мүйүз өгүздүн үстүндө кокуй-наалатты копшотуп, кара көнөчөктөгү каймагына өкүнүүдө.

Какелейди колго түшүрүп, каймагын тойлоткон «Кожокыдырдын» окуясы элге дуу тарады.

— Сооп кылыптыр. Ийине келтириптир. Балдар азамат экен,— деген сөздү айткандар көп. Какелейдин кээ бир телитентуштары атайылап өзүнө келишип, сөзгө сындырышып, каймак өндүрүп да жешти.

Кычандын саратан жайдын ысыгына какталып, күн тыным албай иштеген иши калк көңүлүн тойгузду. Кыштак ичинде «Кычан садага уйду жакшы кайтарат» деген пикир туулуп, ооздон-оозго көчтү. Чөп чабылып, эгинге орок салынып тартылып, жайыт кеңиген сайын Кычан уйларды күнүнө которуп, сонундатып кайтарууда.

Уйлардын жүнүнөн май чыгып, жылтылдап, семире баштады. Ал түгүл Кычандын көзүнө баарысы тең жаңы түскө боёлуп, дардайып чоңоё түшкөндөй сезилет. Шүдүңкүт май токол менен чолок куйрук күрөң уй да, сүзөнөк тик мүйүз менен коркок сынар мүйүз мала да жумуру тартып, Кычандын кыйкырыгы чыкканда «ээнбаштанбай» бурула оттоп, бадачыга баш ийгенсийт. Кызыл кунажын суналып чоң уйларга бой салышып өскөнсүдү. Күрөң букачар болсо, тентектигин күчөттү. Кийинчерээк мала кунажындан алыстап, мурдун чүйрүп асманды карай чыйрыйтып, кызыл көз таргыл букадан кагуу жегенге карабай, чоң уйларды жандаганын кантесиң. Ыкшоо ала бөйрөк, кара уй кампайып ком жапты. Баштагыдан беш бетер ныксырап чайпала араң төрт туягын кыбыратууда. Ээлери жайытка кошоордо былкылдаган май капталдарын сылашып алаканын торс ургулай ичинен кымылдашат.

— Өш! Үзөңгү баба ком алганда тайтаңдап баспай калганың жаман.

— Жаныбарым быйыл сөөгүң агарды.

— Кыштан майынды жесең да чыгасың.

— Согумга чалгайын деп жүрдүм эле. Ажалың жок экен. Сүтүң оңолду. Айныдым.

Эл оозунан ушул өңдүү ыраазылыктарды эшиткен Кычан эмгегинин пайдалуулугун ого бетер түшүнүп, далаалатын күчөтүүнүн үстүндө.

Дан, бышыкчылык жыттанган август токчулукту марыткан учур. Балдар мектебин, классын, партасын эңсей башташты. Камдуулар китеп, дептерин иретке келтирүүдө... Бектайдын шашылып жөнөп кеткен себеби да ошол.

Кычан уйларды түшкү сааңга айдап келип, кунанын салкындатып бастырмага байлап, Актан атасын көздөй чуркады. Дал азыр чийнечи: Атай менен Керез да түшкү эс алууга үйлөрүнө кайтышып, Актандыкына жөнөмөкчү. Үчөө саксайып өскөн чачтарын алдырышып, окууга жүдөңкүрөбөй сулуусумак тартып, жеңилденип барышмакчы.

Айылдагы ар кандай «соопчулукка» дайым даяр Актан, бөтөнчө чач алганга кылдат. Балдар барганда ал кишиде ий деш

болбойт эмеспи. Кычан боргулданып жетип келсе, эки чийнечи көк башынын короосунун бастырмасынын түбүндө олтурушат.

Актан ата жыланбаш коломочтонуп жеңин түрүнүп, бастырмасынын астында салкындатып жайдак байлаган кашаң каракерин салаа-салаа арсайган мукур жыгач тарагы менен кашып жатыр. Қашаң кара кер акырдан башын көтөрбөй жаш чөптү барсылдата чайнап, катыр-катыр сүргөн таракка кычуусу кангандай былк этпейт. Қайра ыкшап соорусун тосот. «Эгер мең жоргомдун жонун ушинтип сүрсөм, там бою түйүлөр» дейт Қычан ичинен балбан кара керге ыраазы болуп, Актан ата аттын чаңы жапкан колунун үстүн пу-пу үйлөп, тарагын түркүктүн коңулуна катып балдарга багжайды:

— Қоош, окшошкон каректарым, дандырайып сулууланалы деген экенсиңер го. Макул эле. Қолум-жолум бош. — Қарыя таноосунан түтүн бүркүп жеңил улутунуп, Фрунзе тарапка созулган кара жолду карай колун серпти. — Оозунан алаттын уулу, жанагы Бектай чочко ата-энеме кетем деп маземди кетирди. Аз күндө окуум башталат дейт. Мындагы балдар менен оку десем болбойт. Чоңойгон соң кемпир-чалдан бышкырып үркүп калыптыр Мейли ээ... Қайда жүрсө да аман болсун. Ошол чочко ооз тийсин деп тиги Рассветтеги Ыстыпан достукуна куржун салынып барып, силердин башыңардан чоң беш-алты дарбыз артынып келдим. Теңин ошол чочконун куржунуна салып жөнөттүк. Ошонун шек-шооратын чалып калгансыңар го ээ... Жүргүлө, жаңылык эмеспи...

Күтүлбөгөн сыйга чакырылган балдар кымылдашып артынан ээрчишти. Керез шилекейин жутуп, тамшана тандайын такылдатып кайпалактады:

— Быйыл дарбыз, коон ооз тие элекпиз. Бектай азамат, досторума союп берсин деп калтырган да...

— Ой, чочко десе. Бектайы жок эле өзүм союп берем!

Артынан келаткан Атай тизесин көтөрүп, «болду эми» дегендей Керезди куйруктан ары бир тепти. Жеңил Керез сендиректеп барып оңолду. Үйдө Сыяда эне саймалуу сарала куржундун килитин чечип жатыптыр. Сыяда эне элечегин жүгүнүн үстүнө ала коюп кеп такыясын ээгинен чалып жеңилденген. Абышкасы ээрчитип кирген балдарды көрүп, төрдөгү тери көлдөлөңдү карап колун жаңсады.

— Төргө өткүлө, тегеренейиндерим. Қана, абышка «чоң меймандарга» кой сойбойсуңбу? Чогулуп келип калышыптыр, же өзүң чакырдыңбы? — Абышкасына сөз боолугун ыргытты. Сыяда эненин кээ бир кыялы Қымка эненикине окшош. Үйүнө баладыр-чоңдур кирген кишиге калдаңдап, бар оокатын астына жайнатып, ыраазы кылмайын эшикке чыгарбайт. Керез мышык

көздөрүн чекирейтип бир жагы шөлбүрөп бош, экинчи жагы кампайып жыкжыйма толгон эшек куржундан айырбады.

Актан ата тамдын бурчундагы чырмалган чий чыгандын жанындагы мата дасторконду сыйрып алды эле, дөңкүйүп кошоктошуп жаткан чөп түстүү жол-жол дарбыздар көрүндү. Ар бирин торс-торс черткилеп:

— Кочкорун сойсомбу, коюн сойсомбу? Келчи байбиче, мейманларга куйруктуусун, казы-карталуусун тандайлы!

Сыяда эне илбериңки козголуп, абышкасынын жанына басып барды. Торс-торс... дың-дуң... черткилешип, алаканга салып салмактап жатып «семизин» тандашты. Жан казандай даңкайган жолборс жон кара кочкул дарбызды сыры күбүлүп эскирген чоң подноско салып, Сыяда эне кайкалай тартып көтөрүп келип, көлдөлөң үстүндө кадимки коноктордой чиренип олтурушкан балдардын астына койду. Актан ата Жакыпка жасаткан калдайган чалгы шамшарын жаландатып камынды.

— Биссмилла! Ширин чык. Казың карыш болсун, куйругуңа бычак бойлобосун. Кана, мейманлар, бата кылып койгула,— сабактуу уюлун тегерете кесип, «мууздаганы» жатып, колун жайып бата кылуу үчүн балдарга күлүмсүрөй карады.

Тамаша аралаш эски салтка анчейин көңүл бөлүшпөй дарбызга кубанган балдар бир-бирине мулундашып алакан көтөргөн болушту. Керездин шыкылыктап күлкүсү чыкты. Тилин соймондотуп тамшанып, кабыргадай узатасынан тилинип жаткан дарбыздан көзүн айырбады. Жашыл кабыкка чейин кыпкызыл «казы» байлаган тилим-тилим дарбыз чоң подноско ыкташып түшө баштады. Седептей капкара данектер «казыдан» өзүнөн өзү эле сыгылып подноско тырс... тырс... жылмышты. «Кайсынысы чоңураак тилинер экен. Ошону илип кетейин» деген үмүттө чыйпылыктап Актан атанын колундагы чоң шамшардан көзү өткөн балдар аяккы тилим түшкөндө тандай алышпай калышты. Себеби баарысы бир кылка тилинген эле. Шамшарынан дарбыздын бал суусун тамчылатып коломочтонгон Актан ата подноско додолоп үйүлгөн ашына купулу толгон балдарга одурайды.

— Бали! Ыстыпан дос, жөөктөн жөөктү кыдырып жүрүп жонун басып, чекеге чертип тандап берди эле. Куйругу кучак, казысы карыш чыкты. Кана, байбиче, экөөбүз ооз тиймейин, каректарым тартынып турат белем. Биссмилла жаңы насип эмеспи! — Четинен бирөөнү кармап, подностун чекесине уруп данегин түшүрдү. Шамшары менен кыя кесип оозуна салаар замат бал татып мөлт эриди дейсиң. Дагы эле бир-бирине тиктешип сен ал, мен ал менен түрткүлөшүп кудуңдашкан балдарды сүзүүчүдөй чекесин серпти:

— Алгыла! Ой, жолуңар болсун. Аруу-саруубуз кирбесин деп байбичем экөөбүз алдын ооз тийдик. Эми болбодубу... Кана, качыргыла. Ой, чочколор десе...

Үй ээси аксакал уруксат эткен соң, Керез биринчи илип кетти. Данегин кагып түшүрбөстөн, ширидигине кумарланып үстөккө босток, аткый-аткый сугунду. Жаак, мурдунун дарбыз суусуна киринип, чамбыл ала кири эзилгенине карабай көбүрөөк жеп тоюуга ашыкты. Берки үчөө жай аракеттенишсе да, ага жемин жедиришкен жок.

* * *

Жайкы ысыкка жалын денелери жибип, боргулданып терделеген бир кылка балдардын баарысынын тең чачтары саксайып өсүптүр. (Чачты тегиздетип коё берүүнү билишчү эмес). Ширин дарбызга кумары таркап, суусуну канып, өз ара кужулдашкан балдардын үрпөйгөн баштарын карыя негедир оңурайып кашын түйүп, көзү менен апчып өттү да:

— Эми чачыңарды жибите койгула. Шыпырып берейин. Сергип каласыңар. — Балдар жээгин ыраң чөп каптаган арыкка келишип, ар кимиси жылжып аккан суудан башына кочуштап куюп, самынсыз эле чачтарын жибитүүгө киришти. Актан ата маки кебетеленген кичинекей устарасын куруна жанып, алардын жанында курчутуп жатты. Суу боюндагы үчөө сен бар, мен бар дешип, устарага даай алашпай бирөө да эрдемсип басып чыкпады. Анын аралыгында суу чачышып, ойноп да кетишти. Балдардын бул жоругунан оңой менен алдыра койбосун билген соң, Актан ата өзү басып келип, Кычандын башына устараны жойлотууга көтөрдү:

— Сенден жүрөктүүсү жок. Анча-мынча ооруганга чыдап кой-ээ, карагым. Устараны бүлөөгө курчута албай калдым. Мокогураак...

— Макул... — Кычан чөгөлөй олтуруп, чач алгычка башын тосуп берди. А беркилер саамай, желкелеринен сууну сарыктырып, чач алгыч Актан менен Кычанды тегеректешти. Актан ата устарасын биринчи шилтегенде да: Биссмилла,— деп баштады. Кычандын кайраттуу чачы кытырап мокок устарага күч менен баш ийүүдө. Актан ата бир нече ирет суу салуусун суранды эле. Кычан ала бериңиз деп болбой койду. Самынсыз коңур кургак жибитилген чач устара мизине кытыр-кутур этип сүрүлүп түшсө, изи бир топко кызарып, анан бир топто баш тери өз өңүнө кирип жатты. Ошондо да Кычан кирпик ирмебейт, солк этип да боюн жыйырбайт. Ийий-ууй... ооруп кетти... деген кыңк-мыңк ылайым оозунан чыкпады. Аны көргөн беркилер устаранын курч-

тугуна, чач алгычтын устаттыгына ишенишип кезек күтүштү. Акырында саамай чачын сүрүп жатканда шүүшүм кан жылжыды.

Араң турган Керез — ай... ий... кесип кетти — дегени аз келгенсип, кыйпычыктап, Кычандын мандайына жетти:

— Жаагың шылынып калды. Кебез күйгүзүп баса коёюнбу?

Актан ата мукур сөөмөйү менен алиги шүүшүм канды сүртүп, Кычанды бошотту.

— Ыйманыңды жебе, чочко. Дардайган баштан болор-болбос кан чыгарып койбосо, шайтан тулуп кылат.

Кычан дуулдап ысып-күйгөн башын арык суусуна кайра-кайра чөмүлтүп, даң сергүндөй, жеңил басты.

— Эмки мөөнөт мени ки — деп, Атай дулдуюп жайбаракат басып жеткенче, Керез шудуңдап чач алгыч Актандын астына жетип олтура калды.

— Калп айтат. Менин мөөнөтүм. Ала бериңиз...

Актан атага баары бир эмеспи. Устарасын куруна кайра-кайра жанып, куду төбөдөгү уюлунан мандай ылдый алгачкы ирет шыпырып жөнөгөндө эле, Керез чолок жаш ирмеп, денесин калтырак басты. Ээгин кесе тиштенип, канчалык чымырканайын дегени менен эки-үч төрт-беш шыпырганча зорго чыдады.

— Кокуй... ий... башымдын териси сыйрылып түштү... Ала көрбө... атаке байым!.. — Шолоктоп тура качты. Алынган жарты чачынын ордун чын эле сыйрып кеткен жокпу дегенсип, алаканы менен сыйпалап, ары-бери чуркады. Мынча болгон соң, бүт эле шыпыртып сал дешип барылап асылышса да, даа тут-турбады. Айла түгөнгөн соң, Кычан менен Атай кармап алышып, жыгып Актан атасынын астына басып беришсе, бакырып, өкүрүп тепкилеп чендетпей койду. Тажагандан кийин ала баш боюнча коё беришти.

Атай ээгин тиштенип, кыйшалактап улам суу салып жатып, ала чокул болсо да эптеп алдырды. Керез калпагын баса кийип, чийнеге ала баш боюнча аттанды. Ал түгүл, бир нече күн ошентип жүрдү. Аны жолдоштору:

Ала баш, ала баш,
Сага берген кайран аш,
Айрөк, айрөк, айрөк—

дешип, шылдыңдап ырга кошушту. Кээде эл көзүнчө калпагын жулуп алышып, «маскара» кылышкан учурлары да болду. Керез «ала баштыкка» адегенде арданса да, бара-бара кулагы жатыгып кетти. «Кибир» ат өчүп, «Ала баш» энчиленди.

Керилген кең Чүй өрөөнүн ыргалган алтын түстүү бышыкчылык кулпунтту. Эртели кеч соккон жел дан жытын буруксутуп пейилди тойгузууда. Орок мизи шарт-шарт жаңырып, дапа-дупа таш мала оюн салып, дөбө-дөбө эгин үйүлдү. Колхозчу бешекелүү күзгө маашыркап, «баба дыйканды» конокко чакырып, дастөрконун кенен-кесир жайды.

Мектеп балдары күдүңдөп алдыдагы беш күндүн тоголонуп кетишин күтүштү. Жайлоодогулар кыштакка түшүшүп, салыкка каткан китеп каптарын аңтарып, эскилерин таштап, жаңы дептер, китеп, карандаштарын салышты. Кужу-кужу өз ара сүйлөшүп, коңгуроо үнүн самашты.

Бадачы Кычан жана анын эки чийнечи курбусу жайды дардаңдап бекер өткөргөн балдарга корсоюп, кыр көрсөтө демдүү. Керез чийнени эртерээк өткөрүп берүүгө чебеленип, айласын таппоодо. Атай, башкарма өзү келип айтаар,— деп ичинен тымпыйып, сыртынан сыр алдырбады.

Кычан болсо, уйларынан ажырабоочудай камырабады. Портфелин небак эле иреттеп койгон. Апасына айтып, жазында шаардан кийип келген кийим-кечесин жуудуруп, таптатып зыңкыйткан. Бейшекеден окуун башталган учурда барып калармын деген кат алып, кечээтен бери кубанганынан дилдирек болуп жүрөт. Атасы Жакыптын да каш, кирпигиндеги кайгы учуп, көңүлү жайдарыланды. Жарк эткен күлкүсү чыгып, олтурса-турса алты күн, беш күн калды деп, бармак-сөөмөйүн ачып, жуумп эсептеп, 1-сентябрды энсегени укмуш. Ал балдардын окуусунун башталышын эмес, Бейшекенин келишине тынчсыздануууда.

Күүгүм көздү тунарыктаткан учур эле... Ызакулдун чакырыгын уккан Кычан тотоосуз жетип барды. Башкарманын кабинетинде ээн-жайкын Атай, Керез чийнечинин отурушканын көрүп, кымылдай түштү. Ызакул кандайдыр бир иш менен сыртка чыгып кеткен экен. Керез Кычандын киргенине анчейин көңүл бөлбөдү. Төрдө илинген кооз килем үстүндөгү Ленин менен Сталиндин жаңаша портреттеринен чекчейип көзүн айырбайт. Ийсеңдеп скамейкадан аттап өтүп, Ызакулдун столунун четине келип өбөктөп жөлөнө кыйшайды. Дагы эле Ленин баба менен Сталин атага күлүмсүрөгөндөн күлүмсүрөп тигилет. Купуя алкоо айтып башын ийкендетип, оозун ача делдеет.

— Ээй кызык,— деди кыймылдан кийин өз ара шыбырашып олтурган экөөнө бурулуп. — Чоң аталарым тиги жерде турсам деле, быякка келсем деле мени эле эркелете ээрчий карашат. Жетимди таанып жатышса керек.

Атай селт чочуп кетип, борбоңдоп портреттерге умтулду. Ленин баба да, Сталин ата да, а деп көргөндөгүсүндөй эле сүйкүмдүү ага бажырайышат... Кычан Керез жөлөнгөн столдун экинчи кырына келип, калпагын боорупа кысып, тигилерден «кечирим сурагандай» башын ийип, жымың этип койду.

— О, ыйманыңды жеген ала баш! Эки атам тең мени карап турушпайбы?

Бет маңдайда олтурган жерден козголбой чочулагансып борбойгон Атай, мулуюп, эрдин чормойтту:

— Мынакей, мага бурулушту.

Керез көзүн бардап ачып-жумуп, тикирейип дагы бир ирет кадала карап:

— Көрсөң буларды. Баятан бери эле өзүмдү эркелетип турушат.

— Жаныңды жебе. Мына... мынакей.

— Ж... оок... мени...

— Бери келип бул жерден карасаң.

— Ой баракелде десе. Сен бери кел.

— Мелдешесиңерби?

— Ч... иш акырын, угуп коюшпайбы ыя!

— О... ой оңбогон ала баш. Бул сүрөт да. Өзүлөрү Маскөөдө, Кремлде. Ошону эмгиче билбейсиңби?..

Каалга шарт ачылып, Ызакул кирип келгенде балдар тымтырс бопоюшту. Бир-бирин кыя карашып, дагы эле портреттерден көз айырбай, алиги скамейкага келип олтурушту. «Көрдүңбү, меники чын болчу» дегенсип, жанына келген экөөнү түртүп, Атай портреттерге кашын серпти. Калдандап шашып кирген Ызакул балдардын ишине көңүл бурган жок. Кулпунган кооз килемге далысын салып, столду чыканактап, балдарга бет маңдай олтурду. Орсок тиштери көтөргөн томпойгон оозунун үстүндөгү кыл мурутунун эки учун чычайтып бурап-бурап кычыратты. Маңдайынын эки жак четинен төбөсүн карай чачын куушуруп, аралча калтырып, кашкайган дөң чекеси, тостойгон чоң көзү үйүр алган балдарга жылуу учурады.

— Силерге ыраазымын. Колхозго чоң кол кабыш кылдыңар, чорттор. Иштеген ишиңерди эсепке алабыз. Кур кол калтырбайбыз. Окууңарга беш күн калды. Камынгыла, бир аз эс алгыла. Атай, Керез экөөң бүгүндөн баштап бошсуң. Өгүз, чийне, аргамжы, ээр-токумду өткөрүп бергиле, мен азыр эле киши жиберем.

Араң турган Керез, чебеленип тура калып, кетүүгө камынды.

— Жарайт. Өгүздүн жоору жок. Жону таптаза. Атайчылап арканды да үзгөн жокмун. Ким барат...

Ызакул тиштерин орсойтуп, Керезди ормоё карап, мурутунан күлдү:

— Кичине аялда, чорт. Кычан садагасы, сенин ордуна кишини бүгүн тейлештирүүгө үлгүрбөдүм. Актан аксакалды чакыртпадым. Көк башылык иши аяктап калды. Тиги ойдогу тарууга гана дан суусун жеткирүү керек. Киши табылганча эртең аны кайтар дейм... Бир күнгө кыйыктанбайт. Бүрсүгүнү болсо, сөзсүз киши табам...

Кычан башкарманын бул акылына кошулбай кыйылды:

— Ызакул байке, Актан атамды убара кылбай эле коюңуз. Бир күндө эмне. Бүгүн бошоорумду өзүм да билген эмесмин. Көптөн бери сактап жүргөн от жайытым бар. Эртең ошол жерге кайтарып алайын. Бүрсүгүнү бир жолу эле жанагы кишиңизге өткөрүп берейин. Буларчылап жүрмөк белем. Окуу куралдарымды небак эле даярдап койгом. Ошентиңиз, Ызакул байке?!

Чекесин шадылуу манжалары менен чеңгелдеп, ачык салаалаларынан көз шооласын чыйрак Кычанга чачыратып ойлоно калган Ызакул, баланын назарын сындырбоого аракеттенди:

— Болуптур, чорт. Эртең кеч бешим ченде ордуна дайындаган кишини ээрчитип жайытка өзүм барайын. Жарайбы?

Максатына жеткен Кычан токтонуп турабы.

— Жарайт. Бизди ким окутарын билдиңизби?

— Ошону айтсаңыз,— кыялданып, Атай да мойнун созду. Кетүүгө ыкыс берип турган кош көңүл Керез кыйпычыктап, Ызакулдун жообун күткөнсүдү. Ызакул угар-укмаксан каалгып, үнсүз олтургучун кетенчиктетип, столунун суурмасын калдыратып, үч таңгак кагазды сууруп, балдарга сунду.

— Мынакей, менин белегим. Бая күнү калаага барганда атайы китеп дүкөнүнө кирип, үчөөңө тең төртүнчүнүкүн сатып келип койдум эле. Китеби, дептери, сызгычы, өчүргүчү, сүрөт тарткыч кооз карандашы, сыясы баары бар. Дүкөнчүгө айтып ар бириңкин өзүнчө таңдырып, атыңарды да жаздырып койгом. Адаштырып бербептирминби, окуп көргүлөчү, чорттор.

Керез таңгак кагаздын тыяк-быягынан которуп карап жатып, сыя карандаш менен жалап жазган жазууну окуп, кабагын чытыды:

— Ката жазыпсыз. Чоомой уулу Керес эмес. Чомойго бир эле «О» келет. Керес эмесмин, Керезмин. «С» менен «З» ны ажырата албайт экенсиз ээ? — Ызакулдун катасын тапканга мактанычтуу ырсыйды.

Ызакул балдарга кошулуп карс-карс күлдү:

— Ооба... ооба... чорт, эне тилдин эрежесин анчейин билбейм... Баса, маалимдерди сурабадыңар беле. Экөө жаңы келет экен. Бирөө куйкул чач, татынакай жаш орус кызы. Кечээ келип түштү. Орус тилин окутат дейт.

Кубанган үчөө жарыша унчугушту.

— Сонун болуптур.

— Аты-жөнүн билбейсизби?

— Айтты эле, унутуп калдым. Иши кылып жакшынакай аты бар. Азырынча былтыркы Тентинин үйүнө киргиздик. Үчөөндү мактап койдум. Атыңарды жазып алды. Тентинин ордуна дагы бир техникомду жаңы бүткөн жаш жигит дайындалыптыр. Ал келе элек. Ай, ким билет. Биздин айылга Тентидей асыл жигит оңой менен келбей калды го. Жеке силерге окшогон балдарды эмес, активдерден да далайыбыздын көзүбүздү ачты эле.

Кунтун коюп тыңшаган Кычан Ызакулдун каңырыгы түтөгөнүнө, жооткото минтти:

— Тенти агай жөнөөрүндө айткан. Күзүндө менден да жакшы мугалим келет деген...

Ызакул тостойгон бакырайган көздөрүн жайнатып, кайраттуу жаш мурутун алмак-салмак шоодурата жанып, ордунан туруп балдардын жанына басып келди. Атай менен Керез күлүндөп жолго түшүштү. Кычан азоолок кетенчиктеп, каалганын туткасын кармап, сыртка чыкпай Ызакулга имерчиктеди.

Ызакул байкабамыш этип, көнүмүшүндөй мурутун чыйралтып, ары-бери басайын дегенде:

— Ызакул байке, Байсеркенин Жумалы канкору тирүү эле уурулугун улантып жүрөт дейт, чынбы? — деген Кычандын салабаттуу адамдай тынчсызданып сурай калышы, Ызакулдун көңүлүн да уйгу-туйгу сапырып жиберди. Кычандын атайылап жолдошторунан бөлүнүп калышынын себебин даана түшүндү. Шадылуу беш манжасын Кычандын ийнинен арта салып, орсок тиштери менен астыңкы эринин апчый тиштеп, заматта эле сумсайыңкы кубула түшкөн баланын иреңине үңүлүп турду да:

— Өлдү деген қалп окшойт. Ал каракчы, кескини кармайбыз! Тоодогу малчыларга бүт эскерттик. Мамбетов андан бетер иземелдеп жүрөт.

Кычан негедир суусуну канбагандай башын чайкады:

— Ал канкор колхоздун душманы. Тезирээк карматсаң, Ызакул байке.

* * *

Акыркы күн. Эки айдан ашуун убактан бери байыр алышкан уйларын бүгүн сонундатып кайтарып, жакшылап коштошуу пикирине жетеленген Кычан күндөгүдөн да эрте турган. Кара кер жорго кунанынын жал-куйругун сылап-сыйпап, эркелетти. Саргайыңкы тарткан эгин, чөпкө курчалган короосун айлана басты, телчигип өскөн там-ташынын жылуу кучагына тартылды. Кайрылып келип, тезирээк аттанууга шашылды. Апасынын алигиче сыңар мүйүз маланы агытпаганына азоолок чебеленди:

— Апаке, эмгиче саап бүтө элексиңби? Тезирээк агытчы. Төмөнкү айылдын уйлары келе жатат. Бүгүн эрте айдап, малдын тиши тие элек от жерлерге тойгузуп келейин.

Ак чеке күрөң музоо куйругун асманга серпип, энесинин сүтүн чопулдатып ээмп тойчудай эмес. Турдукан уулуна энелик мээримин төгүп ажарланды.

— Шашылба, өпкөмдү чабайын. Музооң кичине ээмп алсын. Деги өз курсагынды тойгуздуңбу? — Ак чеке музоону казыгына байлап коюп, чакадагы сүттү теңселе сол колуна илип, кара кер кунандын канжыгасындагы байланган кол чаначты чулкулдатып көрдү: — Айранды көбүрөөк эле куюп алсаң боло, тегеренейиним.

— Кардым ачпайт, апаке. Көмөч менен каймакка аябай тойдум. Мындан аркы каймакты Бейшеке байкеме жыйнасаң. Макулбу?

— Макул,— деди эне агасын эңсеген уулунун боорукер пейлине жибип!

Кычан жайлата минип жүрүп, күйдүм-быштым кактооч болгон кунанын бөжүтүп көчөгө чыкты. Өзүлөрү эле чубашып жолго түшкөн уйларды жаңы жайытка имерип жөнөгөндө, артынан зоңкулдаган кемпирдин үнү угулду: — Оо... уу-у... тентек, оой айланайын Кычан. Токто! Күрөң уйду айдай кет!

Урумкан энени үнүнөн таанып, «адатындай уктап калган экен» ээ. Негедир түгөлдөбөй шашылыш жөнөгөнүнө өзүн да жемеледи. Кара кер жоргонун оозун бура тартып, жылжытып астын торой бастырды. Урумкан эне сол колун аркасына кайра салып, оң колундагы таягын орой-орой чоң-чоң арыштата жерге ныгырып, анда-санда чолок куйрук күрөндү капталга жаңсап, энтиктирип айдап келаткан.

— Ой, энеке, уюнузду жай айдасаңыз боло! Семиз неме кызыл май болуп кетпейби? — Өңкүлдөгөн уйду тосуп токтотуп жолго салды.

— А... а... кагылайын тентегим... Карыганда кара басып баягыдай талмоорсуп уктап калыпмын. Сени таштап кетет экен деп шашылбадымбы?

— Оой, жарыктык энем десе. Сиздин уйду таштабай калайын. Кийин жакшы көрүп кеттим. Ээн баш шүдүңкүттүгүн тыйды. Уйларды баштап аштыкты көздөй басканын да койду. Менин үнүмдү укту болду, токтойт. Желини чатырап толгондо түштө, кечте айдап келээрде, музоосу эсине түшөбү, же сизди сагынабы, өңгүрөп-даңгырап кыштакка жол баштап жөнөйт.

Урумкан эне Кычандын атынын жанында, саргайып күнгө күйүп эскирибирээк тарткан тердикти кармалап турган. Уюн мактаганда жетине албай кетти.

— Ошондой, айланайын тентек. Күрөң уй көңүлүнө жагып калган тура... Болду, болду! Тердигиң оңуп кетиптир... Мейли. Бүкүр энеңе ыраазы болсоң болду...

Урумкан бөкчөңдөп кайра тартты. Қычан уйларды кош арыктын ортосундагы аралчаны баштантып жайды. Жайбаракат каалгый оттоп быйыл мал изи баспаган дың жердин кыска чөбүн аймап, улам аралчаны алкымдап жыла бериштн.

Жеңи чолок көк желетке, ак калпакчан Қычан кара кер жорго кунандын үстүнөн алда кайдан даана көрүнчү. Ал дасторкондой жайылган тегиз талаанын кайсыл гана жеринде уй жайып жүрбөсүн:

— Тээтиги Қычан,— дешип колхозчулар ыраактан тааныш-чу...

Бүгүн да дал ошол таанымал бадачы кейпинде. Эртеңден баштап, Бейшеке байкеси башын куттуктап сатып берген кайырма жака көйнөк, шым, кызыл хром ботинкасын кийип түрлөнөт... Уйлар жогорулап өрдөп олтурушуп, бийик жана калың өскөн тикендүү чогойно куурайларды аралашты. Алардын түбүндө бетеге кейиптенип саргайып бышкан кодоо көп жыш экен. Қалбээт уйлар чогойнону бачырата жөөлөп, алыстабай, тегеренип оттошту. Ынтыгып тойгон кээ бирөө бөгүп жата да кетишти. Толкунсуз асман деңизинде сүзгөн күн нуру теке маңдайдан себилип, күлүмсүрөп шыкаалай баштады. Қычан өзү кара кер кунандын ооздугун чыгарып коюп, кыйшая минип, уйларынан да көңүлү тынып жайма-жай... Қыялы чабыттоодо... төрт күн... Көз ачып-жумганча шаттыкка бөлөнгөн 1-сентябрь жаңырат... Бака-шака, ызы-чуу... Туш-туштан күнгө күйүп, толмоч тартып эс алган балдар уясына келишет... Кучакташуулар... Қол кармашуулар... Чоң-чоң кызыктуу сөздөр... Үкү таккан кундуз тебетейин кайкалатып, өрмө чачын тал-талынан сеңселтип, жайлоонун салкын абасына сергиген, даамдуу кымызга суусуну канган Асылкүл жаркырап, эң биринчи колун кысат. Малчылардын сабатсыздыгын жойдурганын айтып, кадимки Тенти агайдай аларга баа койгон журналды көрсөтөт... Өзү да бадачы болуп, жооптуу иш аткарып келгенин, «келин» менен «Кожокыдырдын окуясын айтып күлкү салат.

Жаңы мугалимдер кадимки Тенти агайындай сүйкүмдүү, билимдүү сылык адамдар. Айрыкча Ызакул айткан Пушкин менен Павликтин тилин окутуучу куйкул чач жаш мугалима тез эле сүйлөшүүгө, орусча китеп окууга үйрөтөт... Жолдоштору менен Ленин комсомолунун мүчөлүгүнө өтүшөт. Комсомол билети төш чөнтөгүнө салынып, жүрөгүн ысытып, кайрат, дем берет... Укмуштуу оюндарды даярдап, эл көңүлүн ачышат. Былтыркыдай тоскоолдук кылчу киши жок... Тенти агайынан кат

алышат... Маскөө, Кремль, Университет жөнүндөгү сонун кабарларды угушат... Чогулуп, бүт төртүнчү класстыктар кат жазышат. Бейшеке байкеси түштүктөн көп белек алып келет. Ал шаарга иштеп үйүн көчүрүп кетет... Кино... театр... орус тили... терең билим...

Чөптү күтүр-күтүр чайнап, ээсинин оюна ортоктоштой былк этпей тынч оттогон кара кер кунан селтилдеп, башын көтөрүп, кош кулагын тикчийтип, улам-улам соңун жалт-жалт карайт. Башын чулгуп, бул жерден ойт берип жүрүп кетүүгө умтулат. Кычан аны ою менен коё бербей, тизгин силкет. Дагы эле таттуу кыялга жетеленет. «Бах, жарык дүйнө ушунчалык коозсуң, кененсиң ээ. Мен көрө элек сонун жерлериң көп. Өкуп, өсүп булуң-бурчуңду бүт кыдырсам ээ». Арт жагынан шырп-шырп эттирип, чөптү чогойно куурайды шуудураткан дабыш чыккансып басылып калат. Кычан аны эрөөн албады. Оттоп ары-бери басып жүргөн уйлар экен деп ойлоду. Бурулуп караган да жок.

Аңгыча болбой дүпө-дүп дабыш дал жанынан угулуп, селтилдеп шекшинип турган кара кер кунан түйүлүп кетти. Бирок алыс узап жөнөй албай тегерене түштү. Күтүлбөгөн шумдукка таң калган Кычан Так! Так!.. — деп кунанынын тизгинин кагып айланасын абайласа, бет алдында кара керди жылдырбай, кыл чылбырдан кармап, кара малакай, кара таар чапанчан далдайган Жумалы каракчынын турганын көрдү. Чалпоо жүрөгү оозуна каптала түштү. Кечээки эле Ызакулга айткан коопсуздануусу чыпачын келгени көз алдына тартылганын карачы. Заматта ачуусу, кайраты ташып, сурдантып жүзүнө жыйылды.

Атыккан каракчы, канкор, селсаяк Байсерке уулу Жумалы али жазда Майрыктын морунан чыгып качкан боюнча дайынсыз эле. Аз күндөн бери баланча адам түкүнчө жерден элес-булас көрүп калыптыр. Айыл ичин чалып, шимшип жүрөт дейт. Колго түшүрүп кармоо керек... деген оң-доң Кычандын тынчын кетирип, башкармага да эскертпеди беле! Канкордун аны эркелеткени келбегенин даана түшүндү...

— Коё бер, кунанды. Кан ичкич каракчы, бул жерге эмнеге келдиң?!

Жумалы кутурган иттей кызарган сол көзүн акырайтып, чеч баскан оң көзүн тостойтуп, быткыл ала түрү суук жаагын карыштырып, жакындап, кунанды мойнунан далдайып кучактады. Тарпка конгон жорудай дарк этти:

— Эмнеге келгенимди билбейсиңби?

— Билем. Көп болсо менин канымды ичерсиң. Коё бер дейм, коё бер! Менде атаңдын акысы жок!

— Көрсөң муну. Акым чоң! Аны желмогуз чычым сен билбейсиңби... я! Ага сен татыбайсың!

— Коё бер дейм. Анда беш-алтоону чакырып келейин.

— Ооба, мен сени коё берем... — Бешиликтей колун балага сунуп баратып, кайра тартып шыпшынды. Шалпык эрдин кесе тиштеп, анткор жылмайгансыды, жок, ичинен ызырынды.

— Адегенде кыңк этпестен кунаныңды, калпагыңды, ала бөйрөк, кара күрөң уйду бер. Бул малдын баары мени-ки болот! Билесиңби! Анан... макулсуңбу, жокпу?

— Атаңдын башы! Малдан айлан. Сенин сасыган, кан жыттанган малакайыңды кийейинби?.. Жогол! Жогол!

— Мына сага жогол! — Шилиден апчып баланы атынан ажыратты. Тыбырчылап, Жумалынын мойнуна чап асылып, жулукунган Қычан жерге түшпөй шуңшуйган сербегей сакалын тутамдап, камчысы менен каңк-каңк баштан ары согуп-согуп алды... Алибеттүү, ызырынган мыкаачы тырбаландап бойлошуп каруулашкан баланы кош колдоп, тизелеп ныгырып бар күчү менен жерге басты. Сокудай бутуна кийген чылгый тери чокойдун кончунан кош миздүү жаландаган канжарды сууруп чыгып, Қычандын көзүнө такады.

— Айт. Эшектин баласы! Сыйың менен бересиңби, жокпу?! Баары бир сени...

Қычан кара кер кунандын чылбырын колунан чыгарбай, жайнаган көзүн жаланган канжардан ирмебей бакырды:

— Колхоздун малынан айлан! Бербейм! Бербейм!

Көптөн бери кекенип жүргөн таш боор каракчы жалтанбаган айбаттуу балапандын чылбыр карышкан колунун каруусуна канжар урду.

— Ме сага! Қапсаландын, Майрыктын өчүн сени тирүүлөй кескилеп алам! — Қанкордун темир чеңгелине аткылып, канжардын уусуна чыдабай, кызыл жаян канга боёлгон Қычан чыңырып, чыңырып кулун үнүн созолонтту. Так төбөдөн күлө карап жаркыраган жайкы күн Қычандын аянычтуу абалын көргүсү келбегенсип, кырданып жылып, булутка далдаланды. Ошол замат сурданган булуттан леп-леп жел жортуп:

— Оо! Журт! Эл! — деген баланын үстөккө-бостоқ чыккан кулун чыңырыгын коштоп, арык бойлоп жүргөн көк башы Актандын кулагына жеткизди. Актан кашаң кара кердин тизгинин жыйып, элендеп туш-тарапка обдулса, эч нерсе көрүнбөйт. Анда-санда үзүлүп чучуктай чыңырган баланын үнү гана зээнин кейитип, каңылжаарын түтөтөт. Ушул чөлкөмдө уй кайтарып жүргөн баласы Қычан кылт эсине түшүп, кашаң каракерге торс-торс камчы уруп, чыңырыкты улап чочко текирең менен жөнөдү.

Қош арыктын ортосундагы калың чогойно баскан аралчанын арасында жайылган уй жүрөт. Көк желетке, ак калпак баласы ат-саты менен көрүнбөйт. Жүрөгү тил учуна илинди:

— О, Кычан! О, садаган! О, каралдым! Кайдасың! — Ач айкырыкты салып, жакындап кирип барганда, мууздалган койдой кан жайнап, бала дардайган каракчы менен туткакташып жатат. Ач айкырыкты, ат дүбүртүн укканда максатынын аягына толук чыкпай калган канкор канжарын кончуна сойлотуп, чогойнону аралап, далдактап качып жөнөдү. Кычан кызыл ала болуп, жер таянып, тизелеп обдулду:

— Атаке! Союп кетти! Жетип өлтүр-р...р...р!.. — деген жарадар баланын аянычтуу буйругун угуп, канчалык тегеренип токтоюн деген менен чыдап тура албады, Актан.

Тапырандатып, такымындагы кетменин колуна күүлөп, теминип, кагынып канкордун артынан куба жөнөдү. Кашаң кара кер канкор Жумалы сууга жакындаганда чукул кирип барды. Актан обдулуп кетмен шилтегенде аты октолуп алга чуркабай, кайра артка кетенчиктеди. Кетмен канкорду чала-була жансап калды. Анғыча Жумалы арыктын аркы үйүзүнө аттап өтүп, таар чапаны менен башын чүмкөп, өзүн тааныtпоо аракетин кылды да, канчалык теминип-кагынганы менен кетенчиктеп, өйүзгө өтүүдөн баш тарткан кашаң кара кердин үстүндөгү үрпөйгөн Актанга Кычандын канына сугарылган кош миздүү канжарды көрсөттү:

— Өлөсүң! Ушунчаңда кайра тарт!— Канкор чымын-куюн түшүп, жүрүп кетти. Актан кашаң кара керге өмүрүндө биринчи жолу кыжырланды. Келтирип туруп чоку талаштыра эки удаа уруп, айкырды:

— Эшейген ит, курч болгонунда, мээсин уюта чаппайт белем!

Балага келсе, карды-ичегиси жерде эңшерилип жатат. Актан теребелди түрүлтүп, кокуйлап, айкай салып, бакырып, өйдө-төмөн чапкылады. Суук кабар жел менен жортуп, заматта элге тарады.

* * *

Алдуу адамдар колдоруна мылтык, кетмен, күрөк, балта, айрыларын көтөрүшө аттанышып, каракчынын качкан жагын бет алышты. Катын-бала, кемпир-чал дебей кирпиктерин шүүдүрүм басып, убай-чубай Жакыптыкына келишип, эшик алдына котолошту. Баланын ыңжың жаны бар дегенди угушуп, баарысы зар ыйлап, чоң кудайдан «ырайым» тилешти.

Кайдан-айдан укканы белгисиз аттын оозун жыйбай ,кызыл жака начандик Дүйшөн Мамбетов менен башкарма Ызакул Нурматов келип түшкөндө, эл дарыядай толкуп, жарыла берип жол бошотушту. Алардан кандайдыр бир даба болучудай артынан ээрчий карашты. Ата-эне, боордош ага-тууган, жакын дос-

тор ысык жашты буурчактатып, ак жаздыкка башын коюп, кансөлү жок кумсарып чалкасынан жаткан Кычанды тегеректеп, кирпигинин кагылышына, эрдинин кыймылына канагат кылып, үмүттөнүп карап турушат. Начандик менен башкарма агайлары кашына келгенде Кычан сурмалуу көзүн ачып, эсин жыйнап кадимкидей тилге келди. Апасынан кызыл галстугун сурап, көкүрөгүнүн үстүнө жаптырды. Бир эки жолу суу ууртады. Дүйшөн Мамбетов жылуу алаканы менен маңдайынан сылап, чоп эттирип бетинен сүйдү. Эркелеткен жагымдуу мамиле минут менен эсептелген өмүрү калса да, жарадар баланын көңүлүн чалкытты.Жарданып турган жакындары өкмөттүн кишисине чексиз ыраазы болушту. Мамбетов кагаз, карандаш колуна такап:

— Бардаш кыл, эсинди жый, садаган. Доктор келет да, жараатыңды айыктырат.

— Кана, сени бычактаган ким? Эмне үчүн бычактады? Кыйналбасаң баарын айтып берчи?

Кычан күтүлбөгөн кан чачылган окуяны, жай, токтоо баштан-аяк түгөл баяндады. Начандик оозунан чыккан сөздү жаземдебей жазып турду...

Бир кезде, канкор Жумалыны кармап келди деген эшиктен чуру-чуу кабар угулду. Кыжырланган начандик конур үнү менен буйрук берди.

— Кол тийгизбегиле, мында киргизгиле.

Шуңшуйган түрү суук жырткыч үйдүн босогосун аттап кирери менен төрдө төшөктө жаткан баладан тостойгон көзүн айырбай, жалооруй тигилип, селт чочуп кетенчиктеп барып тизе бүктү. Ал жорудай локуюп чөк түшүп олтурары менен кайгы баш Жакып жулкунуп, керилип туруп төш талаштыра тепти. Анын артынан жарданган эл тытып жиберчүдөй муштум көтөрүштү. Начандик бардык кыймылга тыюу салып, кан ичкич Жумалыга кайрылды:

— Чыныңды айтчы, баланы эмне үчүн бычактадың?!

Кудай урсун. Мен эмес, башка бирөө чыгар. Баланын өзүнөн сурап көргүлө? — Чалкасынан жаткан Кычанга ыбдулуп, башын ийип жүгүндү.

— Өзүң айтчы, карагым, эптеп оокат кылып жүргөн жан элем. Мен эмес болчумун ээ?..

Кычандын ошол учурдагы кыймылын көрүп тургандар көзүнө ишене алышпады. Кычан шап башын көтөрө коюп, жанында суу куюлган чыныны алып мыкаачыны дал бетке койду:

— Атаңдын башы!

Эшиктин алды толгон эл. Кары-жашы дебей айылападагылар бүт Жакыптын тамынын айланасында. Шыбыр-күбүр үн жандана түшүп тып басылат. Анан дабышсыз тынчтык уялайт.

Баарысы каалгасы ачык үйдүн ичине үмүттүү карашат. Окус бирди-жарым адам баш бакса, жабалакташып, шыбыш менен баланын ал-жайын сурашып, биринен сала экинчисине жеткизишет. Көпчүлүгү асмандагы жымыңдаган миң-сан жылдыздарга жарык шооласын албыртып капталдан күлө багып чалкыган айга карап жакшылыкка жорушат. Ырым-жырымдуу карыялар асмандан ишаарат издешип көздөрүн албайт. Алар негедир жакасын карманып дүрдүгө түшүштү. Көрсө ай канталап, анын шооласы жылдыздарды кочкулдантып жибериптир.

Бир аз тыным өткөндөн кийин жазып жаткан начандикке карай Қычан:

— Болдубу? Келе, байке! Чындыгына колумду коёюн!

Мамбетов элпек кыймылдап, алсыз баланын колуна карандашты карматып, кагазын тосту. Актынын аягына ҚЫЧАН ЖАҚЫП УУЛУ деп бадырайта жазып, акыркы ирет кылымдар бою эскерилээр колун коюп, нурдуу көзүн жумду. Дал ошол учурда дүлөй түндүн койнунан эки-үч караан аппак шамдай желдирежорто бет мандайдан суурулуп чыга келишти. Көрсө алар шашылып келатышкан ак халатчан врачтар экен.

Окуу башталарына төрт гана күн калган эле!!!..

# АМАНАТ

**ЖАЙКЫ СЕЙИЛ**

Аманат ымыркайынан көңүлүнө төтө жыбылжыган үндү кыйладан бери эшите элек. Ошол унуткарылган сырдуу добуш эми кандайдыр элдир-селдир эсине түшүп... Кулагына дыңылдап кусадар. Неге аны көңүлүнө жаттап, акылына түйбөдү экен. Анда уюлдай буктурулган оор сөздөр, ботосунан ажыраган ингендей боздогон апанын доошу бала эркелетээр көнүмүш эрмектей туюлчу. Аманат энеси жумшак тизесине олтургузуп, желкесинен жыттап коюп дайым эле ошентип ырдап берет деп жүрбөйбү. Эмнеликтен бала эс киргенде энеси ырын унутту? Балким, картайганынандыр? Же чоңойгон небересин ыр менен алаксытуунун кажети не деген ойдобу? Ырас, экинчини бүтүп, бой тартканда бир гана жолу угууга, жүрөк канын туйлаткан өткүр сөздү өмүр бою унуткус жаттоого Аманаттын ак эткенде так эткени ай. Чоң энеси Батма, небересинин эки-үч жылдан бери канчалык үзүлүп түшкөнүнө карабай, алдап-соолап жооткотууда:

— Карыган энесин тамтандатып ырда деген уят, жытым. Кымындайындагыны эсиңен чыгар, жытым. Бармактай сен түгүл, балкайган мына мен небак унуткам. Кыйнаба, жытым.

Аманат буга кылайып ишенсечи. Айласыздан чыдап келди. Эми окуштан кол-жолу бош жайлоодогу бала көз жашын булактатып, өпкө-өпкөсүнө батпай бышактап, энени карыш жылдырбай:

— Баякыны ы-ырда-п-п б-бер... б-бол-бо-бо-со с-сууга т-түшүп, же-же ас-с-кадан уч-чуп өл-өм,— деп азыр аны укпаса жарылып кетчүдөй эт бышым басылбай өжөрлөнгөн соң... Батма ээрдин кесе тиштеп олтурган жеринен заманасы куурула зорго козголду:

— Төх, жытым ай! Жүрү эми, болбостур... Деги көксөөндү суутайынчы. — Эне Аманатты колунан ачуулана апчый жете-

леп элден окчун ээрчитип жөнөдү. Өзөндү жакалай өскөн жалгыз түп балатынын түбүнө пааналашты.

— Жытым, киши укпасын. Саа эс киргени атаңдын кой дегенинен улам мен да жалгыз сабак ырымды айтууну таштагамын. Анын маанисин кичинеңде аңдоочу эмессиң. Бирок көшүлүп тыңдоочусуң. Оюна бирдеме түшсө керек жытым. Сен ыңаа деп мына бу алаканыма тийгенинде көкүрөгүмө түшкөн. Бешикте экенинде алдейлегеним, бутуң басканда сооротконум, тилиң чыкканда зоогум жалгыз ушул ыр. Мына эми ат жалын тартып мингенге жараган чагында зоңкулдап берейин. — Батма болпойгон тизесине таяна тээ жалама зооканы түнөрө карай, о далайда араң коңур үнүн калкытты:

Булактын мөлтүр тамчысы аа...
Барчындын керээз камчысы аа...
Тамчыдан дайра куралаар аа...
Тал чыбык бүрдөп буралаар аа...
Саябан кылып чал-кемпир аа...
Санжырга күтүп кубанаар аа...

Буралган шибер үстүндө тыпыйып мандаш токунган бала кулагын делдейтип, кош эринин чормоңдотуп, маңдайындагы чоң эненин доошуна термелди. Эне канча ирет экени белгисиз, ушуну эле кайрадан кайталап, улам ыргагын, сөз маанисин терендете сыбызгыта берди.

Бала түрмөк-түрмөк жаңы дастанды эшиткендей кумары кансачы. Качан гана эне каргылданып басаңдаган маалда, Аманат атылып турду да, аял-буялга келбей чымылдады. Батма чымчык көз бир байлам чыт жоолугун башынан сыйрып булгалай, көк ала чачын саксандата:

— Оо жытым! Аманат!.. Не болду кагылайыным... оо өпкөмдү чабайыным, кылчайсаң бери! Оо катүгүн, курт-кумурскасы чагып алдыбы. Мындай эмес элең го каралдым. Кайдан таптың бу кыялды. Эненин сөзүн эки дебеген ботом, токто! Токто-оо!

Караган-бутаны көзгө илбей түтүндөй булаган небересинин артынан мүдүрүлүп тура энтигип чуркаган эттүү эне кара көк болуп күйүгүп да бүттү. Анын үзүлүп-үзүлүп чыккан кейиштүү чакырыгын коктунун таманында атырылган кашка суу жула качып, буркан-шаркан... Көбүктөп жанчылган мөлтүр берметтери кемпирдин жүзүнө чачырап, а түгүл ачылган оозуна да тама түшөт.

* * *

Аманат эшиги түшүрүлгөн боз үйдүн төрүндө жападан жалгыз. Коломочтонуп оң жеңин каруусуна дейре түргөн. Бытыйган кол учу комуздун кылдарына илинер-илинбес чимирик ата

ойноктогон сайын, күү сыбызгыды дейсиң... Кайгы-муңга баткан кары адамдын коңур доошу боздогондой болсо, сайсөөк сыздайт... Муң бара-бара мемиреп солгун созулуңку тарта житип жоголот да, үмүт, шаң, кубаныч, сайран сезимди калкытат. Нечен ирет кайрып комуздун тилин безетип бала көңүлүн уютту окшойт.

Үйдүн бет маңдайындагы капкара сал таштын үстүнө чыкты. Удаа-удаа солуктаганы менен, балапан кыялы оштонуп комузу сайрап турган соң, бадал арасында күйүгүп несинин дарегин кайдан билсин. «Малды сак сактаган кеткендир, же коңшуколоңдордун бирөөнүкүнө кирип ндыр». Ага алты жашында чоң атасы Нурак:

Чыктым тоонун башына,
Жаздым кара ташына.
Нелер келип, не кетпейт,
Эр жигиттин башына —

деген кайруусу кыска күүнү үйрөткөн. Мына ошондон бери, комузчунун жанында шынаарлап, күн-түн тепеңдетип колун сеп ырбайт, ал тургай үч кыл аспабын башына коюп жатып, түш ып, эртең менен эле укмуштуу сайратып калууну эңсетип учуп-күйүп делөөрүгөн бөбөктүн чемирчек мандатыгып, жанды термеген күүлөр, овондор кулагына сиңип, сөөмөй, бармагынын учунда эрүүдө. Балапанынын кылдат кесипти таасын үйрөнө баштаганын баамдаган карыя ата:

— Өнөрүм саа оосун балам. Оомийин! — деп ак батасы менен кошо комузун табыштаган.

Балпактаган чоң эненин сүйүнчү койнуна сыйбай, комуздун башындагы кичинекей күмүш чагаракка чок тагып, ага катары менен үч көз мончок өткөзгөн:

— Көзү жамандын көзүнө, сөзү жамандын өзүнө... Атакең тактан түштү ошол, уулун медер күттү ошол. Өнөрүм өссүн десең, эл алдында уялбай эрмек бол, жытым...

Ата эненин алкоосу, баарыдан бейчеки адамдын колуна карматпай, керегеде кыңгырап күүгө келип илинүү туруучу карыянын өрүк комузу тартуу этилгенде Аманат мурдагыдан беш бетер делөөрүбөдүбү.

— Бет ачаарың болсун, жытым. А дегенде мындан башта:

Мен кичине жаш бала,
Комуз чертем аз гана.
Даңгыр жолго түшкөнчө,
Далыга чаап мактаба.

Үйүнө айлындагыларды чакырып меймандап, Батма эне алгачкы ирет эл алдында бойтойтуп, мына ушул бир сабак ырды күүгө коштото ырдатып, бата алган. Эненин акылы боюнча Аманат ыр, күү баштаарында «Мен кичине жаш баланы» элей таштап, кимдин да болбосун жарпын жазып, өзүнө сүйгүнчүк туудура турган. Мектеп босогосун аттагандан бери көркөм кружоктун «аксакал» артисти Нураков Аманат аталган.

Качантан бери козголбой түнөрүп жерге матыган сал таш жандангандай, үстүндөгү комузду безеленткен баланы көтөрүп, теребелдеги тоо чокусун кырка карагай чердин башынан калкып күүлөнүп учкан сымал. Көптөн бери көксөгөнүн бүгүн арак кулагы чалган Аманаттын муштуму кээде таштай түйүлүп, алакандай жыгач бетинде чимирик атса, кээде манчалары ачылып-жумула канаттуу куштай кайып учуп:

Булактын мөлтүр тамчысы аа...
Барчындын керээз камчысы аа...
Тал чыбык бүрдөп буралаар аа...
Саябан кылып чал-кемпир... аа... а
Санжырга күтүп кубанаар а... а...

Күңгүрөнүп ырдап да, ар кай сабында буккан маңызды тере, жаак ылдый салаа-салаа жаш куюлтуп да, жаандуу булуттан чыккан күндөн бетер күлө бага да, эне сөзү анын келечек ак жолуна өмүр нуска катары айтылганын, ага оңой-олтоң кутула албай турган ыйык карыз артылганын кайра-кайра көңүлгө түйө да, рахат менен мушакат кучагында. Мынчалык эт жүрөгү элжиреп жагалданган да, мынчалык муңканып сабылган да эместир. Ыр, күү Аманаттын жан дүйнөсүн толкутуп, сөзү менен жеткире албаган туйгуну козголу. Арийне, анчалык сөздү али өзү тапмак да эмес. Комуздун тили өзүнүн тилинен алда канча байыраак. Аманат дал ошон үчүн аспабына дилгирленип, анын сыйкырлуу сырына чөмүлүп, ал аркылуу дилиндегисин баяндап отурбайбы? Аманат азыркыдай элирип, баки жоктун баарысын эсинен чыгарып, күлкүсү да, ыйы да аралашып, күү менен кошо эрий букулдаган эместир. Жамаатташ конгон үйлөрдөн бирин-эки кары кичинекей өнөрпостун кызыгына батып, сал таштын далдоосуна жапшырылышты. Тээ жалбырактуу беттен жылкыны эңиштеткен Нурак карыя укурукка сүйөнүп, күндө бул маалдан кыйла эрте астынан тосуп чыгуучу уулун карады. Карагай-бута, жалбырак чөп арасынан эрбең эткен караан чалдыкпайт. Карыя жылкычынын санаасы чыдабай үйүн карай атып жапырылтты. Бута атым жерден учуп конууга машыгып жаткан темир канат балапанча желип-жорткон уулун сал таштын үстүнөн көрдү. Үч кылга сырдашып узун өмүр сүрсө да, ку-

лагына эшитпеген мукам күүнү кайрып таңшыган өз комузунун доошун тыңшап, атынан топ ыргып, үйүнүн капталына барып сүйөндү. Күйүп-жанып кызыган уулу айланасында ага машыркап чогулуп жаткандар менен иши не? Ал азыр кээде, дүйнөдө жалгыз гана чалкып жаткан тоо суусу, кээде созолонуп күйгөн жалын. Алты сап эне ырын кайрадан башынан түшүп комузга безеленткени менен оюнда «Манас» сыяктуу бүтпөгөн дастанды жомоктоп жаткан сыяктуу. Анысы да ырас. Ал адамзаттын үч муунунун өмүр дастанын ошол эле алты сап өлөндө баяндап атпайбы.

Турмуштун азап-тозогун да, ырыс-таалайын да көргөн чоң эненин коңур үнү ымыркай небересин терметип, өпкө-жүрөгү сабылып, өлгөн уулун жоктоп ботосунан айрылган ингендей боздойт. Анан бешиктеги кол башындай наристеге каниет, бел байлап көңүлү чалкыйт. Бат эле ымыркай бакыйып күчкө толуп, мөгдөгөн эне-атасын бапестеп багып, эл-журтун кубантып, салтанат сайран турмуш курат. Бирок буралып өскөн жигиттин [illegible]акшып, кандайдыр бир жөлөктү, өмөктү издейт... Угуп [illegible] көз жашын аарчышып өзүлөрүнчө шыбыш-шубуш. [illegible]айрып, жалгыз кылды кың-зың сыздаткан коңул[illegible]сыроо баянын эшитип, чоң ата чыдап тура алба[illegible]лы тал-талынан шүүдүрүм. Шуулдата үшкүрү[illegible]ап-буттап жетип баласын бооруна тартты:

[illegible]ээ, бокчум. Ким үйрөттү сага. Безеленткен колуң[illegible]. Акырет кеткен уулумдун, ата жытын, эне жытын энседи[illegible]би ия. Каңылжаарымды жарып, качанкы кайгымды козгодуң. Каргадай болгон боюндан. Сени саябан кылып, санжырганды көрөөр күн гана. Оозундан, колуңдан...—Абышка өөп-жыттагылап небересинин бетибашынан чоло жер калтырбады. Аманат болсо көп нерсе сезимин козгоп, көөдөнү ачыштыбы, же чимирилген кызуу оюнун жандырып жолтоо кылганга атасына таарындыбы, дегеле мурчуюп суз. Бала кыялы менен жооткото гана:

— Апэ-эй билчү эмес белең. Бул энекемдин ыры эмеспи. Аягын аз-аз кошумчаласамбы дейм. Антпесе өтө мунду...

Дал ушул учурда үйдүн нары капталынан небересине жетпей небак алда кайда калган, күйүккөн Батма көрүндү. Ал небересинин эмелеки сөзүн даана эшитип, таштай качкан эмеки тилдемек тургай эбедеги эзиле балпаң кучагын жайып бооруна тартты.

— Энекең сага садага чабылсын, жытым! Ырас, ыр мени[illegible]ки, Сен сыбызгытып уккулуктуу ырдадың. Сыягы, жытым, сенин көөдөнүңдөгү кенч мендегиден толтура тура.

## 2.

Сыбызгыган күү тилине тап-так түшүнгөн карт комузчу туталанып, кемпирине муштум түйүп үтүрөңдөдү:

— О оңбогон арам, эсине кап-кайдагыны салып баланын. Карыганча какчандап ырыңды койбодуң. Деги кыйын экенсиң, эми баки-жогун айт балага өзүң.

Балпайган Батма эне көз кычыгынан жаш кылгырган менен бажырая күлүмсүрөп абышкасынын чокчо сакалын жумшак сылады:

— Мен ырчы болсом, сен комузчу элең кезегинде. Сен комузуңду карматсаң, мен ырымды бербейминби уулума. Калыстыгың кайда кеткен ыя, туйгунум.

Нурак ата түйүлгөн муштумун жасып, кемпирине акырая тигиле кетенчиктеди:

— Же бармактайынан кулагына жат кылбай. Оңбогур өрттөп олтурганыңды билесиңби ия?!

Акылы талтөөндөй балаңа качанкыга жашырмак элең. Же чочулагандай бөлөк бөтөн беле. Окус оозуна алы жетпеген келжиректен укса кантебиз. Жүрү туйгунум, каргадай жалгызга баки-жогун баяндайлы.

Тоодогу айсыз түндүн капкараңгы кучагы теребелдеги карагай черди, ой-чуңкур, аска тоону мемиретип соруп кеткендей.

Жылкычылардын боз үйлөрүнүн бирөөнөн гана үлүң-бүлүң билик жарыгы жылт-жулт. Жадегенде сак кулак короочу иттердин да арс эткен үнү жок, тумшугун капталына катып уйкуда. Он жылдык көңүл жүгүнөн бошогон карт ата-эне менен көксөөсү сууп, бугу жазылган баланын кобур-күбүрү. Караган бутанын арасынан анда-санда элик бакырса, өндүрдүн таманында түнү да көзү умачтай ачык тоо суусу шар-күр...

* * *

Алиги сырдашуудан кийин карт жылкычы небересин кошо аттантып чыгууну өнөкөткө айлантты. Кунанчыкмасына жайдак секирип минип чымын-куюн түшүрүп, чоң атасына тизгин кагыштыра ой-кырды чалуу Аманат үчүн да рахат. Мындай учурда комузу кыңгырап керегеде илинүү боюнча калат. Абышкасынын бул жоругуна Батма эненин азоолок ичи тартылып, бирок да ачыкка чыгарууга батынбады.

— Жытымдын үйдөгүсүнө жетеби,— байбичеси Нуракты ынандырууга ниеттенди,— ысык тамак ичип... жанын да сеп алдырсынчы... Ансыз деле кыштын алтай ынтырнатта куруду го.

— Кой э, жарабаган кепти,— абышкасы кага сүйлөдү. —

Музоочогум аттын кулагында ойноп, кадимки эр сыпаттуу чырак өссүн да. — Жүйнөөгө жыгылган Батма кайрадан оңолду:

— Мейли, каргадай жалгызды кагылтып, согултуп бышырсын. Аны-муну көргөзүп эр түйшүгүнө көндүрсүн. Жер таанысын.

Аталуу-балалуу экөө керели-кечке үйдөн безгенине Батма эне адегенде аябай коңултуктап элеңдебейт бекен. А тиги экөө болсо, жылкычынын канжыгасына чалган кол чаначтагы кымызды шыпкай ичишип, курсактары да токтой, көңүлдөрү да куушак кайтышат. Кээде капканга түшүрүп алдык дешип, балталактатып кашкулак, суурду байланышып, олжо буйлалуу...

Кемпир-келеч менен аркы-беркини айтышып, күн чубактап жип-шуу ийирген Батма, казанын асып коюп, кечке маал тигилердин жолун акмалайт. Качан гана белестен түрүлгөн жылкылар көрүнгөндө абышка уулунун келатканын сезет.

* * *

Белестен-белес ашып, улам сонундап жайылган жылкыны көзөмөлдөп, туу жондо аталуу-балалуу минген аттарын жайдактап коё беришип, тердик, ичмекти күнгө жайып ташташып, тоо тулаңына оонаган учур... Сөздөн-сөз чыгып отуруп чоң ата мулун эте:

— Ат адамдын канаты дегенге түшүнөсүңбү балам? — деди. (Кыясы карт жылкычы өз кесибинин артыкчылыгын баласына туйдурмакчы). Аманат үнсүз баш чайкады. Карыя колдурап ырдап жиберди:

Камбар ата жаныбар,
Кыл-торкодой жалы бар.
Кайда барсаң жеткирет,
Канаттуудай алы бар.
Кылымдан калган сөз ушу,
Бапестеп балам багып ал...

Аманат борсулдап күлкүсүн тыя алса эмне. Чоң энесинин сөздү таамай тандаган жана да мукам үндүү экенин эми баамдабадыбы. Ага атанын эч овонсуз колдураганы кулагын кытыгылап жибербедиби. Көп жашаган карынын «ат адамдын канаты» дегени да кызык. Ууртун желге толтура борсойтуп, сөөмөйү менен черткилеп, көздөрүн да кыйшаңдатып атасын эликтей:

— Калп, калп! Карганда кантип калп айтсын!

Карыя коюу каштарын үкүйтүп кабагын кат-кат түйдү:

— Э бокчум, эмнени калп айттым сага!

Сыңар тизелей, манчасын силке атасын жеңүүгө эрдемсинген Аманаттын дердеңдегенин коё кал:

— Келе колунду. Эгер жалганчы болсоң экинчи Аманат менен айтышпай жүр.

Небересинин балалык намысын курчута карыя мурутун аймай буп этти:

— Эгер сен уттурсаң ууртуңа беш тарттырасыңбы?

Атасынын убада-шертин бекемдей чор колун мыкчыңдай кыса, Аманат жанагысынан да шагдан.

— Беш дейсиңби, он тарттырам. А сен, сен экинчи Аманат менен айтышпайсың! «Ат адамдын канаты» деген илгерки сөз. Эми эмне... Азыркы адамдын канаты самолёт. А поездчи! А автомобиль машинечи! А пароходчу! А спутникчи! Аттын айлык баскан жолун алар мүнөттө, саатта басат, чынбы ыя! Экинчи талашпайсыңбы ия. Атамды жеңдим деп апама сүйүнчүлөйүнбү ия? — Дыр коюп атырылып жөнөгөн уулун Нурак этектен бурдады. Аманат жулуп кетүү аракетинде дыргаяк атып мөңкүдү, ага каруу-күчтөн таялек Нурак болчубу, бурдап бооруна тартты, анан мүрүсүнө кондуруп заңкайып турду. Аманат бармактайынан чыгып көнгөн атасынын карылуу, таканчыктуу ийининде колун чапкылап заңылдады:

— Мен жеңдим, жеңдим!

Карыя кыялында дүнүйө жүзүн заматта чарк айланган канаттуу небересин тээ көк мөлтүр асмандан, өзүн мал арасында жерден көрдү.

## ЖЫЛКЫНЫН КУТУ

Кула бээ бүтүп колхоз жылкысынын куту. Фермадагы аргымак күлүктөрдүн көбү ошонун тукуму. Жыйырма асыйга жакындаганына карабастан, балким, үч жыл катары субай-салт жүргөнүнөнбү суналып сынына ого бетер чыкты. Быйыл жаздан бери гана челкее тартып төрт аягын зорго шилтөөдө. Карган кургурга бала көтөрүү оңойбу. Дагы бир буудан туун берейин деген экен, кургурум,— Нурак ата сыртынан да, ичинен да күдүңдөп, бүгүн эртең — деп саксактап жүргөн кезинде бир түнү топ жылкынын арасынан жалгыз жоголду.

— Атаке бай, энеке! Кула бээни карышкыр жарып кетти го, же учуп өлдү го. Эми элдин жүзүн кантип карайбыз. — Аманаттын безилдегени жеке эле жылкычы атаны эмес, бүт айыл-ападагыларды дүрбөтүп зээнин кейитти. Таң сүрө жайыттан кайтып, бул кабарды угузган Нурак, караңгы түнгө наалып, өзүн актаган менен эчтеке чыкпасына көзү жеттиби, үңкүйүп олтуруп кыйладан кийин гана жанындагы үрпөйгөн төрт-беш карааңга буулуга күңгүрөндү:

— Жапырт аттанып туш-туштан издейли. «Жакшы ит ка-

раанын көргөзбөй өлөт», же карган кургур кысканчтык кылып чидерип ой-чуңкурга житип кетти бекен. Жар, таштан кулап майып болбогой эле. Аттангыла. — Кимдин кай тарапка жөнөөрүн да айтпай, түн бою жылкы кайтарып чарчаган карыя илең-салаң бастырып, башы оогон жакка маңды. Батма желедеги бээнин бирөөн токунуп уулун учкаштырган боюнча эңкилдетип карагайлуу бетти өрдөдү. Алардын соңунан калгандары туш-тушка аттанышты.

— Кулуну менен жерге кирсин. Кула бээнин өзү табылса экен. Баабедин жасап, тапкан кишинин оозун майлайм. Эгер жытым экөөбүз тапсак карган атаңдан төөмөтөк алабыз ээ,— дейт Батма бээнин соорусундагы небересине.

Караган-бута, кокту-жыбыт, чоң таштардын кычыгынан өйдө артып, бээге учкашкан энелүү бала кыйла жерге буюгуп барышты. Кула бээден дарек жок. Өзүлөрү да чарчап, үмүт үзүп бир коктуну өрдөп келатышты. Аманаттын кулагына ипичке кулун үнү шыңгырады. Чынбы, төгүнбү? Кайдан? Энесинин мүрүсүнө таяна, кош аяктап тура калып, чар тарапка элеңдеди. Көзгө сүртөөр ташсыз сеңселген туландуу коктунун кай жерине жашынып алган түгөт. Дагы эле баягы ипичке кулун үнү жанынан, бетмаңдайынан кишенеди. Жаак башын думбалап карала кылторко шалы менен буунган энесин дагы уксун дедиби:

— Энекебай сүйүнчү! Жоолугуңду алып тыңшачы. Мына бу жерде жаңы төрөлгөн кулунум кишенеп жатат.

Талмоорсуган эне бээнин тизгинин жыя калдактады.

— Канакей, каерде?

Ары тегеренип, бери тегеренип карайт, кулун тургай суур көрүнбөдү.

— Тизгинди кайра тарт энеке, тигине, тыңшасаң!

Артка имерилип бастырышты. Чуудадай уйпаланган көгала башын сокойто, жоолугун мойнуна сыйра, эне чындап кулагын түрдү. О бир оокумда жанагы кулун үнүн эшитип, эне да алаңдап маңырайды. Аманат жалганчы эместигине корстон:

— Уктуңбу. Эми ишендиңби. Пионер эч качан калп айтпайт. Үнүн мен уктум, кулундун өзүн сен тап. Көрдүңбү, кула бээнин баякы жылкы кулунунун эле үнү. Атам кула бээни жылкынын жылдызы, сыймыктуу жаныбар дейт. Мүмкүн жердин астында тууган го. Же бизге көрүнбөгөн үңкүр барбы. Эмне жылмаясың. Билип туруп айткың келбей атат ээ. Түшөлү да, энеке. Таап, атамды мыш кылалы да.

Батма кылчая бурулуп уулун көкүлүнөн сылап, маңдайынан жыттады:

— Жытым! Көрдүңбү мына муну — ...такыр ийинченин

оозунда канат куйругун кыйпалактаткан боз чымчыкты көрсөттү,— сени алдаган ушул чакчыгай капыр. Бул койчудай созолоно ышкырып, күчүктөй борс-борс үрүп, кулундай кишенеп далайды азгырат. Кула бээнин кулуну эмес, өзү мерт тапкан бейм жытым. Кулундай кишенеп, сени жазгырып аткан ушу куужолтой капыр. — Эне теминип, камчыны кеседи эле, чакчыгай учумуш этип кайра конду. Аманат чакчыгайдын темир канат балапандарынын далайын ийин оозуна таш капкан салып кармаган. Кемерчелерден сөөлжан казып, жем камдап кыйла күн үйүндө багып, үйүр алдырган. Бирок, мынчалык куу экендигин байкаган эмес. Көрсө, жалгыз жарым мал кайтаргандарды, жолоочуну азгырат тура. Кула бээнин табылбаганы анын ичин туз куйгандай ачыштырса, энесинин үңкүйүп үнсүз, үмүтсүз, тизгин жая бастырышы ого бетер тынчсыздандырууда. Ага кошул-ташыл каратып туруп чакчыгайга алдатып, энесине уят болгонучу. Кур дегенде энеси ырдап берсе боло... Ошондон улам керегедеги комуз кылы кулагына зыңкылдап, өзүнөн-өзү күүгө келип, чертилип жаткансыйт. Комузуна ылдам жетүүгө, кайрып-кайрып кол ойнотууга дегдейт. Кула бээнин дареги билинмейин комузу кайдан колуна тийсин. Кула бээ, кула бээ, табыла көр!..

* * *

Бир унаага учкашкан энелүү баланын жортпогон жери калбай, нары чарчаңкы, нары ачка. Карагай-черлүү беттерден көлөкөлөр самсаалап теребел салкын тартып, ат үстүндөгүлөр азоолак, ичиркене баштады. Көрсө күн илеби аркайган зоолорго сорулуп, өндүр, жыбытка алда кайдан гана суз тигилип, батышты көздөй эңиштеп бараткан тура. Эртеден бери балпайып желе-жорткон бээ, албууттанып чамберек атып, ооздукту шалдырата окуранып, үстүндөгүлөрдүн эңсесин кетирүүдө. Эгер улам-улам тизгинди кагып-силкпесе тим эле ойду ой, тоону тоо дебей жапырылып жөнөчүдөй. Эне, бала экөө тең чочулашып, жерге түшүштү. Оңбогон бээ дагы эле чылбырды үзө кашчудай Батманы дыргаяктатып кыйла жерге сүрдүктүрүп барып зорго токтоду.

— Энеке бу соо эмес ко. Минбейличи, талпагыбызды ташка жайганы турат. Маа берчи. Чылбырды билегиме бекем ороюн.— Аманат текирең-таскак менен жетип, дүкдүйгөн жал-куйругун сапырып ыргыштаган бээни дароо суулуктан алды. Ал карган энесине калканч болгусу келди. Батманын колу бош болсо, каргадай жалгызынын көкүлүнөн жыттап эркелетет беле. Карышкан манжаларынан чылбырды бошотуп, ийнине шыпырылган жоолугун оңдоюн дегенде, күрөң бээ серең этип дагы кошкурук

атты. Бала суулукту кош колдогон боюнча жеп-жеңил ыргып, кайра турду. Күрөң бээ эми чындап кутулбас куяга жолуккандай, төрт аягын тыбырчылатып Аманаттын мүрүсүн ак көбүктөтүп, арсайган кашка тиштерин качырата, ооздуктан бошоно албай демитип, кажанганын кантесиң. Кыялы чатак жылкыдан нелерди күтүүгө болбойт. Жаны ачыган айбан баланы кежигеден тиштеп ыргытса... Анын жүзүн ары кылсын. Балпайган карт энесинин мындай шамдагай кыймылынын небереси эч көрбөгөн.

Жоолугун ондоп салынып жаткан эне көз ачып жумганча бээнин алкымындагы сагалдырыгын чечип серпти эле Аманаттын колунда шалдырап бош жүгөн гана калды. Жоо колунан кутулгансып, күрөң бээ коюу жал куйругун сапырылтып, ээр токумчан азынап жөнөдү.

— Өлүксүз, тим эле биз аны казанга салчудан бетер жулунат.

— Энеке бу да жоголбосун.

— Жоголмо келиптирби. Желини чытырап, сүтү дирилдеп ага баштаган тура. Жаңыдан телчиккен кулунун желеге байлап келбедик беле. А кокуй, желеде кулуну калган бээ менен, үйүрдөгү айгырды канчалык алыстан агытса да үйрүн таап барат, жытым.

Күрөң бээнин албууттанганын эми түшүнгөн Аманат жүгөндү түрүп жонуна арта:

— Аа, байкуш кантсин. Баласын сагынган тура. Мейли. Желедеги кулуну да апакем кайда жоголду деп, зар ыйлап жүргөндүр ээ... — Аманат чын эле балапан оюна түшкөн сөздү капысынан айтты. Эненин карт жүрөгү зырп эте, кат-кат кабагын түйдү:

— Жытым, ушундай сөздү өтө көп сүйлөөчү болдун. Же түшүнө аян береби? Мына экөөбүз жападан жалгыз жондо баратабыз. Айтчы, жытым.

Бая түнкү эне-атанын узун сабак баянынан кийин Аманат көңүл бөксөсү толуп өзүнчө кыйла элестерди чагылтып, чоңоё түшкөндөй абалда. Эми ап-ачык эле, териштирип көп нерсени билүүгө бел байлап эненин азыркы соболунан улам жым деди:

— Фрунзеде байкем окуган институттун төрт катар имаратын көргөнбүз дединер ээ.

— Ооба, жытым. Байкендин тирүүсүндө атаң экөөбүз далай жолу куржун толтура кешик алпарып үстөлгө чалкалап отурганбыз.

— Азыр барсаңар ошол үйдү табасыңарбы?

— Таштыбы. Үй нөмүрүн көрсөтсө, жанкы киши ташыган машиненим шопурлары табышат дейт.

Тизеге оролгон тоо тулаңынан кепич маасысын щеткелетип

жай баскан эне чарчадыбы, оозунан көк түтүн булай үшкүрүк атып жамбаштай тизе бүктү:

— Ээ каргадай жытым, карыган ата-энеңдин көзү тирүүсүндө ал үйдү издейм дегенинди кой. Чоңоюп-чочоюп киши болгонунда...

Аманат чөгөлөй калып, энесинин мойнуна оролуп, нымшыган болук жүзүнөн чоп-чоп өпкүлөдү:

— Макул. Такыр издебейм. Фрунзеге барбайм, энеке ит болоюн. Атакеме айтпасаң. Анда аябай капаланат. Макулбу? Айтпайм де. Келе колуңду.

Көз жашы, же тер тамчысы экени белгисиз сууланган кирпигин ирмей эне болпойгон май алаканын сунду:

— Бая күнү мени уят кылдың, жытым. Экөөбүз сүйлөшкөн сөздү атаңа сен да айтпай жүр. А курган туйгунум, байкеңден кийин каңгы баш. Мына онго толдуң. Борбуюңду көтөргөнсүп калдың. Ушу сенин каниетиң менен...

...Кайдан-айдан экени белгисиз кулак мээни тундурган жаңырык. Экөө тең мойнун созуп туш тарабына элеңдешти. Кыясы жакын арадан эмес. Бара-бара бет маңдайдагы көк мелжиген зоока жаңырыгынан бөлүнгөн адамдын ач-айкырыгы үзүлүп-үзүлүп тоо жели менен беркилерге жетти. Жоолугунун четин кулагына кайрып тыңшай, көзүнө колун терепчилей алга умтулган эне:

— Жытым, атаңдын үнү! Мобиердеги тескей беттеги кушмурунданган булуңчаны көрдүңбү? Көзүң курч эмеспи. Карачы, караан жүргөнсүйт.

— Кайсы, канакей?! — Аманат эненин сөөмөй учуна көз нурун ээрчите тигилип жатып, асканын боорунан бери карай уркуюп бөлүнүп чыгып турган, өзөндүн таманындагы кашка суу га көлөкөсүн түшүргөн тумшукчаны көрө:

— Чыпачын, алтын энек-ем! Суунун жээгиндеги көлөкөдө үч-төрт караан жүр-ө-т. Атакем кула бээни таапт-ы-р... Сүйүнчү, сүйүнчү! — деп энесинин колунан жетелеп, так түйүлгөн боюнча эңкейиштеп жөнөдү. Ылдыйда денеси оор эне кичинекей небересинин тыпыйган манжаларынан бошой албай күү менен анда-санда жер таянып жылмышып жүрүп олтурду. Аска көлөкөсүн жамынган шылдыр доошту өзөн улам-улам барган сайын даана көрүнүүдө. Бир колу урган таштай туйлаган небересинин жетегинде, экинчи колу тоо тулаңын апчый жанбаштап сойголоктогон эне тарткынчыктап азоолок токтой калса, ата үнү зоо жаңырыгын ээрчите демитти. — О түшкүлө. Келгиле!— Кыясы көрүп таанып турса керек. Батма канчалык чымырканып, балага сыр алдырбоого тырышкан менен деми кыстыгып, алкашалка тер басып, шайманы ооп бараткан соң:

— Оо, жытым, күйүгүп чыктым. Сен атаңа тез жет. Мен кичине эс алып, артыңан барайын. Мага кылчаңдаба, жөнө жытым. — Кең көйнөгүнүн жакасын чече желпип «тез жөнө» дегендей уулуна колун серпти. Аманат кылчаң-кылчаң энесине кайрылып, анда-санда бир тийип сойголоктоп бүдүр ташы жок туландуу боорго жеткенде узатасынан жатып, көзүн чылк жуумп чамберек атып томолонуп жөнөдү. Кула бээнин кулунун телчиктирип, дүрбүнү имере буруп, аны ойдон көрүп отурган ата сакалынан мулуң эте кобуроодо:

— Алда айланайын балалык ай. Илгери биз да эки-экиден кучакташып, тээ туу жондон томолонгон, дал ушул жерге чейин жарышып түшөөр элек. Карасаң, каралдымды. Жер мамыгынан жазганып не. Түшө албай Батмам боордо калды. Карылык оңбо. Эми баланы туурап томолонсок, мээбиз чайкалып, жүрөгүбүз жарылып, алты-саныбыз жилик-жилик бөлүнүп түшөөр...

Нурак ой-пикирин жыйнаштырып обдулганча бет алдынан кагынып тура калып, торсоңдоп буйт берген уулу тыпыйган алаканы менен көзүн басты:

— Таракпы, же күзгүбү?!

Өзү көндүргөн оюнунан баш тартмак кайда. Жообуна карай жасаланат да. Окус тарак десе салаалап, тырмап өтмөк. Чоң ата жай гана:

— Күзгү! — деди.

Аманат ыпысык алаканы менен чоң атанын жаагынан ылдый чүчтө сакалын жумшак сылай:

— Өзүң табарыңды билген соң, элдин баарын неге убара кылдың — деп, бала ызалана чын эле мурчуңдады. Көңүлү шагдан ата:

— Энең экөөңдүн алыңды да байкап койдум. Минген бээден коркуп, агыттыңар. А мен минтип (кула бээни чидерип кеткен жеринен таап, кулунду телчиктирип олтурам. Туулганына эки күн толо элек. Ойноп турганын көрдүңбү. Бу буудан болот, бокчум. Карган кургурум жарады ишке. Атын Телтору деп койдум.

Аманат куйрук-жалы сопол бакыраң көз, ичке шыйрак энесинин тыяк-быягына чыгып ойноктогон чалыш кулунга жакын барып, сылап сыйпагысы эле келет. Бирок да атасынын көтөрүлүп сүйлөгөнүнө саал-паал тырчыбыраак:

— Ики, көрсөң муну. Өзүң жашынып кетесиң да, анан бизге сын тагасың.

Аны баамдаган ата мурункудан беш бетер кычыгына тийгиси келди белем:

— Ушу капыр энең экөөң бээни издебей эле, мал баспаган жакты кыдырып, ыр ырдашканы баргансыңар го дейм. Аныңар-

га го макулмун. А тигинтип аттан ажырап, жөө жалаңдап, орто жолдо калган эмнеңер ия?

Аманат айтышчудан бетер токчолоңдоп, жакшы эле эриндерин чормойтуп калды эле, атасынын акыркы сөзүнөн улам күнгөй бетти жалт карай салды. Энеси баякы жерден биртике гана козголгон. «Күйүмсүз жолдош» деген окуу китептеги жомок эсине кылт этти. Жоолугунун учун чечип таштаганбы, тоо желине көлбүп «кел жытым, кел» — дегенсип желбирейт. Чылбырын сүйрөтүп отко коё берген жылкычынын атын дароо ооздуктай салып, минди да: — Атаке шашпа, сени элеби?! Энекем экөөлөп кармашпасакпы?! Мына, атсыз калдыңбы. Эр экенсиң кармап ал. — Аманат алмак-салмак темине боордогу энесин көздөй атты текиреңдетип кыялап жөнөдү. Чоң ата жүүнү тирүү небересине узун өмүр тилеп кобур-күбүр. Өрдү өр дебей атты энтиктирип жогорулаган карааңды карагысы келбей, тегеренип кулундуу бээнин жанында кайпактады.

## КЫРСЫК

Жылкы картайганда желеден чыкпайт деген чын окшойт. Кула бээ сунала тартып сынынан кетпеген менен карылыкка моюн сунгандай. Нурак атанын бапестегенинен улам, ага айылападагылардын бары сүймөнчүк менен карашат. Жаныбар аны өзү да түшүнөбү, желеге да жолобойт, сууну жээктей оттоп, дайыма айылдын жанында. Түнкү жайытка жылкыларды жайып жөнөгөндө Нурак ата дайыма кичине нарылатып айдайт:

— Жаныбарым, сен ушу жерден деле тоёсуң. Күндүзү саадырбайм. Кымыз сенин сүтүңсүз деле көл. Телторунду жакшылап тойгузсаң болду... Мында эле кал...

Кула бээ чунаңдаган сопол куйрук кулуну тескери басса артынан кууп жетип, имерет да, Нурактын сөзүнө түшүнгөндөй, жылкычылардын үйүн байырлап түнү да жалгыз калат. Анын баласаактыгын айтасыңбы. Телторунун жанына бейчеки киши жакындаса кулагын жапыра алдын торгоп жолотпойт. Жалгыз гана Нурак менен Аманаттан жерибейт.

— Карыганда көргөн аялуу. Көп жолобогула,— дейт карт жылкычы ар кимге. Аманат кулунду атасынын буудан болот дегенинен улам, ойлой берет. Ал, ташка салса талбаган байыркы баатырлардын багына туулган тулпардын куйрук жалы сопол, бели кыска, буту түз деген сыпаттарын Манастын ак куласынан баштап далай дастандардан уккан, окуган. Телтору ошол сындын барына толот. Кыялында өзү баатыр, телтору анын болочок тулпары... Мурдагысындай тыяк-быякка кетүүнү, ал тургай атасын ээрчүүнү да койду. Киши кара жокто бээ саа-

дырууга гана барбаса, күндүзү такай Телторунун жанында. Сопойгон куйрук жалын тарап сылайт. Бир тал кылы да жапырылбай типетик кулпунган кундуз жүнүнө чөп-чардын бүрүн жолотпойт. Телтору кээде моюнун Аманаттын мүрүсүнө арта маашыркап туруп берсе, кээде жөөлөп жыгып да коёт. Ал эле дейсиңби. Күн өткөн сайын Телторунун өнөрү күчөөдө. Энесинин булкагын сүзгүлөп тойгон соң, кошкурук атып, көлдө сүзгөн куудай мойнун койкоңдотуп, чачылуу куйругун асманга серектете, тайраң-туйраң үйдөн-үйдү кыдырып, а түгүл желени көздөй дың салып жөнөйт. Кула бээ байкуш окуранып артынан зоңкоңдойт. Аманат болсо: Телтору, Телтору! Кел берилеп алда кайда калат.

...Жайлоо күнү түшкө маал чымырап тийген учур. Желеден окчундап оттогон кула бээ күнгө боорун кактап бөк түшүп жаткан. Тыякка бир, быякка бир кетип чөп бүрүнөн учкай искээр-искемиш оюн салган Телтору мурункусу аз келгенсип, энесинин үстүнөн так секирип өттү. Кула бээ үксөндөп тура калып, кулагын жапырган боюнча качырып барып, кулунун чаркыратa желкеден тиштеди. Аны көрүп турган Аманат башын чайкады:

— Ай, Телтору, сен жаткан тентек экенсиң! Сооп кана төпөштөдү, энең! Мен эми Телтору эмес, Тентек дейм. Айрөк, айрөк Тентек!

Энесине таарынгандай тескерилеп шылкыя баскан Тентек Аманаттын жанына келип, сербегей солкулдак жалын «карачы оорута тиштеди» дегенсип, тигинин бетине сүрткүлөдү. Аманат да башы-көзүнөн сылап:

— Тентек, энеңдин үстүнөн секирбей жүр. Уят эмеспи... Ушинтип бекеринен токмок жейсиң.

Нурак уулунун миинткенин жактырбай башын чайкады:

— Телторуну тентек дегениңди кой, бокчум!..

Тентек кулун — бала да. Эртесинде эле энесинин төпөшүн унутуп калыптыр. Үйдүн астында казыкта байлануу турган музоонун үстүнөн түйүлүп, энесине жеткирбей оюн салган боюнча теңирден тескери басты.

Дал ушу учурда Нурак, уулу, дагы жакадан, тыяк-быяктан келген бир тобу болушуп эшикте кымыз ичип отурушкан. Аманат мулуң эте «көрдүңбү» дегенсип башын чулгуду. Чоң ата карс-курс күлүп, небересинин жонунан таптады:

— Ырас эле бу Телторунун тентектиги күчөгөн экен. Ээн колотко жеткизейин дейм, ит-куштан корком.

Аманат атасын жөөлөй: —И дагы бир жыгылдыңбы?! — Эл көзүнчө мактанычтуу, борсоюп өйдө козголду да, кулунун көздөй текилдеди. Олтургандар чоң ата менен неберенин кеперес жоругуна маашыркай бажырайышты...

Тентектин тентектиги эл көзүнө чалдыкпасын деген ойдо Нурак бүгүн кула бээни нарылатып суу жээгине айдады:

— Балам, сен комузуңду колуңа алып, ошондойлоп барып акмала,— деди уулуна. Көптөн бери сүйгөн аспабы менен ээнэлкин эрмектеше элек Аманат кым дей түштү. Шаркыраган агыны катуу кашка суунун жээги салкын, чөбү жашаң. Кула бээ баш көтөрбөй оттоп кирди. Сүткө тойгон, чүрөктөй кулун чунаңдап какыс-кукус сез көргөзгөн энесинин жанында калп эле оттомуш этип тыяк-быягына чыгып кылт-култ ээрчүдө. Аманат тектирче жердин шиберине мандашын токунуп, комуз кулагын бурап үч кылга жаный баштады. Ойноктогон тикчигий кулактын ар кыл шоктугу: ээсин жөөлөп, энесинин үстүнөн секирип өткөнү тепеңдеген кемирчек кол, термелген күү элесинде эрип:

Тентек, тентек. Жебегин келтек,— деген кайруу менен кайра башынан безеленүүдө. Кула бээ суусадыбы, сунала басып бургуйлаган көбөттүн четине астыңкы бутун бүгө, чөгөлөй мойнун созуп тунук суудан шимире баштаганда, тентек Телтору селтеңдеп бер жактан күү менен энесинен жарым метрче нарыраак түйүлүп түшсө болобу. Албуут тоо суусу кулунду көмөлөтө коюп, күпүлдөп бышылдап жаткан айлампадагы көбүккө алып кирип кетти. Комузду таштай айкай салып бакырган боюнча Аманат суу бойлой тызылдады. «Күнөө өзүмдө. Кара көзүм кашайды» дегенсип, кула бээ коржоңдоп оргуштаган айлампага батына албай, удаа-мудаа жалынычтуу кишенеп, ылдыйкы жайыкчага секирип, төшүн жаба урган сууну жиреди. Оо кыйлада көбөттүн үстүнө кулун булайып серпилди да, ылдый чамберек атып сууну туура бөгөгөн бээнин жүрөгүнө келип урунду.

Кула бээ атырылган сууга башын матырып кулунду апчый тиштегендей болду, көз ачып жумганча дыркаяктата жээкке сүйрөп чыкты. Эми эле так түйүлүп ойногон тентек Телторунун тырп этээр дарманы жок. Чөгөлөп жыттагылаган кула бээнин астында кулун төрт аягы суналган боюнча, куду чанач сымал. Аманат көпкө мына тирилет менен кыймылсыз Тентегине жалооруй тигилди. «Жаныбар кула бээ, адамдай аракетиңе баракелде! Кулунуңду күтүлбөгөн кырсыктан кутказдың. Силкинип тура калаар...» Качан кула бээнин көзү аландап кошкуруп кулунунан кетенчикгеп коркунучтуу шаңшграган соң, Аманат дагы ага үн кошуп чыңырып жиберди.

## КУЛУНУНАН АЖЫРАГАН БЭЭ

Олдо жарыктык кула бээ ая! Үч күндөн бери эмне алакеттерге түшпөдө... Куйрук-жалын сапыра, өйдө-төмөн өзөн бойлоп суудан көзүн албайт.

— Күпүлдөгөн тоо суусу сен жуттуң менин кулунумду. Мөлтүрөп туруп ушундай кыянатчыл белең. Таап бер, таап бер, таап бер — дегенсип желип жорткончу.

— Сен сордуң менин баламды. Кайда, кана? дегенсип жерди силкинте дүпө-дүп башын ылдый салып чуркаганычы.

— О адамдар, неге карыганда көргөн каралдымды тирилтип бере албадыңар — дегенсип, жалынычтуу, мундуу кишенеп айылды айланып үнүп баспаганычы.

— Силер мага жаныман чыкпаган эрмегим, каниетим болуп бермек белеңер — дегенсип, желеде, жайытта котологон жылкыларга жолобой безип жүргөнүчү. Аны көрүп кейибеген пенде чанда. Төтөн, Аманаттын кула бээдең көз айырбай, кишенегенин укса, селтең этип, кабак ачпай үтүрөйгөнүн кантесиңер. Аны байкаган эне-ата сай-сөөктөрү сыздаганын баладан жашырышып, тымызын гана сыртынан карп-күрп.

Абышка-кемпир күн чубакташып өзүлөрүнчө кобурашып олтурушкан эле, Аманат кайдандыр чуркап келди да, экөөнү тыяк-быяк нйни менен алмак-салмак жөөлөй баштады. Неберенин үнсүз эркелегенин билген карыялар жыла ортодон орун бошотушту:

— Кел, кел, акеси.

— Жытым, алкымыңдан чоп эттирчи.

Аманат оюн айттырбай түшүнбөгөн эмелерге тарынычтуу карегин коймолжутуп турду да, ичке шадыларын тыбырата сң жакка серпти.

Анғыча алардын бет маңдайына көзү чылпактап, жүнү уйпаланган кула бээ кишенеген боюнча делдейип тура калды:

— Атакебай, кармасаң, жем берсең. Кулунунун артынан бул да өлүп калат ко.

Карыялар бирин-бири тиктешип, бала сөзүнө дароо жооп таппай дал боло түшүштү. Батма кылгырган жашын жоготуш үчүн көзүн бардап-бардап ача жума:

— Жан таттуу, балам. Ошентип боздоп, жүдөп, анан түңүлөт... дагы сөзүн улантмакчы болгондо Нурак үксүйгөн эринин булка тиштеди. Эненин оозу жап болду. Нурак калп эле карбаластап шибер аралаштырып аткулакты апчый чеңгелдеп, жер таяна обдулду:

— Бокчум, туура айтасың. Жем берейинчи байкушума. Жүрү, кемпир. Сулу буулган кабыңдын оозун ач. Депкир, табагыңды бер. А сен уулум, жүгөндү камда.

Бир пастан кийин Нурак, аппак сулу толтура желпирүүн жыгач табагын көтөрө:

— Мо, мо, кула бээ. Кел жемге, кургурум,— деп суу жээктей жөнөдү. Анын артынан өрмө жүгөндү моюнуна салып Ама-

нат топоңдоду. Кула бээ сырдана жылкычыга оңурая карап алып, тык токтоду. Бээ түшүнчүдөн бетер Нурак куйрук, жалынан, жонунан сылагылап кобур-күбүр: — Карт кургурум, адамдай аза күттүң. Жетет эми. Неге титирейсиң. Чочулаба, өңүңдөн аса түштүң. Жем жыттачы,— көзүндөгү шорологон чылпактарын аарчып, оозуна табакты тосту.

Атаганат, айбан да болсо, жылуу мамилеге эрийт белем. Кичине-кичинеден күрүчтөй сулуну ирмей баштады. Качан табактын түбү кашка тишине урунуп калдырттаганда жүгөн катышты да, Аманат атасы экөө боз үйдүн астындагы ат мамыга жетелеп келип байлашты. Батма эне бээнин баш аягын карай, эткел алаканын санына жаный заңылдады:

— Апий, байкушум ая! Желини чатырап жарылганы калган тура. Саай койсомбу?!

— Саабай самыран кал! — деди Нурак байбичесине акырайып. — Тиги желе толгон бээнин кымызы жетпейби сага!

— Анан кантебиз. Желини бузулат деп коркуп жатпаймынбы, туйгунум.

Кемпири «туйгунум» дегенде Нурак кандай ачуусу келсе да, жибий түшмөй адаты. Көгала сакалын апчый жай гана унчукту:

— Коркпо байбичем, балаң түшкүр ай, айбанды шүнтип сабылтат. Анан... Ошол тапта жылкычынын пикирине башка нерсе кылт эткен. Карган бээнин сүтү мынчалык булактабас. Кулунунан ажыраган соң дароо байыгандыр — деген ойдо эле. Азыр абышка тапшырмасын так чечкен окуучу баладан бетер мулуңдап сакалын экчей башын силкти:

— Таптым мен мунун давасын. Аманат, сен желеде сагалаган жүдөө боз кулунду жетелеп кел.

Аманат жакшылыктын шекшоратын туюп дароо чуркады. Боз кулунду тунгуч бышты байтал тойгуза албай, акыры жерип, байып, субайдын үйүнө кошулуп кеткен. Тумсак байтал жериген тирүүлөй жетимче желедеги кулундардын жанынан чыкпайт. Качан Батма бээлерди саагоо барганда кибиреп тамшанып сагалап турат. Саанчы эне көнөктөгү сүттөн курсагы чандайгыча жуткузат. Бирок өлүү сүттүн күчү жокпу, же байтал бээнин тунгучтугунанбы музоо сыяктуу үтүрөйүп өтө эле кебээ.

— А сен, Батма,— деди Нурак аялына,— кара жүн жоолугунду алып чык. «Тентектин» терисин оңойлотуп кой.

Батма майпаңдай басып үйүнө жылды.

— Жарайт, туйгунум. Таптың акылды. Таптың, туйгунум.

Карт малчынын башынан эмнелер өтпөдү дейсиңер. Кемпиринин калың кара жоолугун кула бээнин башына чулгап, көзүн бек таңды. Аңгыча боз кебээни кежирленген ой боюна кой-

бой алаканы менен жамбашына чапкылап, түрткүлөп Аманат дыргаяктатып жеткизди.

— Оф, бокчум, кулундук алың бар тура. Эми качырбай кармай тур. Баласы өлгөн кургурга энеси чанган байкушту телийли. Жетимге жетим пааналаш, мундаш. Тез эле жытыгышат. — Жабыркаган эки бирдей жаныбардын тагдырына кам урган атанын сөзүндө, кыймылында, жүзүндө сабырдуулук, боорукерлик сезилүүдө. Аны баамдаган бала менен байбиче операция убагындагы хирургдун ассистенттериндей үнсүз гана дилгирлик менен жардам этүүдө. Кемпири тентектин терисин тез колуна тийгизди. Карыя кулунду бек кучактап обочо турган уулуна көзүн ымдады. Аманат ата ишааратын түшүнүп, кулунду анын жанына алып барды.

— Биссимилла,— деди карыя баш бучкагы менен союлган жумшак терини боз кебээге бапестеп жаап жатып. Миң деген менен жандуу айбан да, кулун телтеңдей Аманатты сүйрөй, бутун б[illegible] Аманат чиренип, моюнунан коё бербей токтотту. Буту[illegible]нына кайыл, кыңк этпеди. Тентектин териси кебээнi[illegible] жерге шөлбүрөп калды. Нурак жабуу жамынган [illegible]рунан, көкүрөгүнөн арчындай жип менен таңды. [illegible] гана көрүнүп, кебээ чоң тон кийген баладай торс[illegible]ер» дегенсип элеңдеди. Карылуу атасы кучактап[illegible]онуп кетенчиктеген Аманат аны карап кыткылдап[illegible]күсүн токтото алсачы...

Жүгөндүн ооздугун катып, Батма кула бээни суулуктоодо. Нурак кулунду түрткүлөп, тумшугун баласы өлгөн эненин эмчегине тийгизди.

— Биссимилла. Эм шордуу. Сенин жаш энең уузга тойгузбай жерип таштады беле сени.

Баланын жумшак ээрди тиер замат, чатыраган эмчек ийип кетсе болобу. Кула бээ окуранып жиберди. Ээмп көнбөгөн кулун тамчыланып аккан сүттү жалагылап жатып, тирүү сүттү татып, анан тили менен чопулдатып соро баштады. Курган эне башка баланын эмгенин байкады бейм. Туйлап, кошкуруп, тепкилеп жулунду. Батма суулукка ээ болбой алыс көмөлөндү:

— Кокуй! Өлдүм! Карма, туйгун!

...Кула бээ эмчегине тырмышкан кулунду коркурата жыттай жоошубураак көшүлдү. Нурак бээни тыкыс тизгиндеп, өлүү кулунунун терисин жонунан гана удаа-мудаа жыттатып турду. Туулганы жарыбаган кебээ, эмчек ийиген сайын балкылдатып эмүүдө. Аманат апасын аман соо эле жыгылган ордунан тургузду. Боз кулун чандайып тойгондо абышка:

— Аманат, алып кет, желеге! — деп бакырды. Өлгөнү тирилгендей жүрөк тамырлары балкып, көшүлө түшкөн кула бээ,

көзүн танган жоолук чечилген соң, кайрадан жалгызсырап, байланган мамыны чарк айланып туш-тарабына баш чулгуп шаңгырады. Бирок бул сапаркы кишенегени баштагыдан жумшагыраак, үмүттүү...

Нурак жылкы көзөмөлдөп, жайыт чалып сыртта. Эне, бала саан убагында желеге барышат да, көбүн эсе кула бээ, телинген кулун жанында. Жалгызга жалгыз ык тартып көнөт окшойт. Бири-бирине телиниш бараткан чоочун эне, бөтөн баладан улам Батманын кыялына өз тагдыры элестелет. Комузун кыңгыратып олтурган баласына чет жакасын чыгаруу максатында катуу үшкүрүнүп... анан минтти:

— Тех-х дечи! Байкуш кула бээ дал менин өзүмдөй болбодубу.

Энеси маанилүү сөз айтаарда, же сырдашаарда ушинтээрин билген Аманат, тепейип маңдайына жылды:

— Кантип? Айтсаң энеке?!

— Ээ жытым,— деди эне умай колу менен медеринин бетинен сылай, жумшак тизесине башын жөлөй жаткызып. (Бул эненин тынч гана сөзүмдү тыңда деген белгиси эле) — Менин кулунум Муса да күтүлбөгөн кырсыктан каза таап, дал ушул кула бээдей боздотуп кеткен. — Эне далайга үндөбөй тунжурады. Аманат анын тизесин жазданып көзүн жуумп жата берди. Анткени — энеси сөздү адегенде баштап коюп, анан көпкө унчукпай туруп улаарын билүүчү.

— Мусакем, чолпондой жигит болуп келаткан. Поронзодогу чоң окууну бүтүп (институтту дегени) тоодогу кендерди таба турган инженер ченин тагынып чыккан. Анда сенден дайын жок. Сүйлөшкөн кызым бар. Ал окуусун бүтө элек. Күздө келип кийрип берем — деп, атаң экөөбүзгө ичтүү, тыштуу кийимдерди камдап, ушу конушта бекен ай, жайдын толугунда эс алууга келген. Түлөөгө козу союп, кымызды көлдөтүп элди мейманадык. Атасынын мылтыгын асынып тоо, зоону аралап кетүүчү. Илбээсин, кайберен атып келет го деп үмүттөнүп, жолун акмалап күтчүбүз. А дегендеги абышка экөөбүздүн кызыгыбызды уга элексиң. — Эне болпоюп санын жаный термелди. Аманат оңдонуп, мандаш токуна эненин солдойгон оор колунан тарткылады:

— Айтсаң энекебай, айтсаң эми?

— Ох! Шаштырбачы жытым. Ушу сенин сөз тыңдап калганыңды билип... Мусамдың өзүн тартсын деп... А дагы ушу сенчилеп, жомок айт, ыр ырда деп жанымды койчу эмес...

— Кайран байкем десе... Жанагы атам экөөндүн кызыгын айтсаң.

— Ооба, ооба... Муса адеп кеткен күнү жонундагы өкмөт

баштыгын толтуруп, уркуйган-суркуйган немени жонуна арчындап көтөрүп келатканын көрдүк.

— Апээй кызык. Байкемдин ошондой баштыгы бар беле?

— Ооба.

— Эмне үчүн өкмөт баштык дейсиң?

— Сызмалары, төңөлүктөрү, чөнтөктөрү көп. Шаардан ошонун бир чөнтөгүнө кийим, бир чөнтөгүнө нан-кант, бир чөнтөгүнө китеп-кагаз салып келген. Бул бизге окшоп жолоочулап көп жүргөн адамдардын буюму деген.

Аманатка энеси Муса жөнүндө сүйлөгөндө ал кандайдыр бөтөнчө адам сыяктуу, жадаганда жүргөн-турганы да, урунган эмеректери да өзгөчө сонун туюла турган. Чоңойгондо дал аны тарткысы, а тургай ошондой кийинип, ошонукундай буюм-терим кутүүнү самоочу. Азыр энеси айткан баштыкты даана элестете [redacted]бай дагы сурады:

— Аты эмне! Өкмөт баштык, жылкычы баштык, окуучу баш[redacted]болбойт да. Айтсаң атын билип алайын.

[redacted]ыздыгына өкүнө, эринин шимий шыпшынды:

— [redacted]м биздин айылда жок, жытым. Шаарга чоң [redacted]шондон алып келе гөр. Көчүп ташынган биз[redacted]ылгыс нерсе. Чөнтөктөрү, төңөлүк сызмала[redacted]. Ошондо атын, мага үйрөт макулбу?!

[redacted]ыздан гана:

[redacted],— деди.

Эми үндөбөй ошол өкмөт баштык толтурган байкенди[redacted] жоругун ук. Жонундагы уркуйган эмелерден улам илбээсин[redacted] кайберенден бирдемесин аткан экен деп, сүйүнүп астын утурладык. Муса, тердеп-булап жай басууда. Атаң жакындаганда:

— Ия балам, бул эмнең? — деди.

Мусакем кашкая күлө:

— Табылбас олжо, атаке,— деп эреркей кыйкырды. Каралдым чарчаган окшойт, баштыгын биз жетээр замат, жерге ала койсок, шалдыраган таш. Оозубузду ачып, олтуруп калсак болоорбу. Каралдым боргулданган терин аарчынып, а дегенде атасы, анан мени кучактап өпкүлөп жиберди: — Таш көтөрүп келет деп ачууланбасаңар. Кесибим ушул. Биздин аска тоолордо, укмуш кен уюп жатат. Аны мобу таштардан изден табабыз. Келечекте ушерге кенчилердин шаары курулат...

Ошентип, кудайдын кутту күнү кымыз, эт, нан, жалтырак темир аспаптарын өкмөт баштыгына солоп, тоо беттеп жөнөөчү. Кээде эрте, кээде кеч таш көтөрүп кайтчу. Бир жолу атасы экөөлөп «кудайдын азабын тартпай жөн эс алсаңчы балам. Эми аска, тоо кыркканынды кой» — деп асылып жибербей койдук. Бээ саадырды. Китебин окуду. Каттаган кишиден жакадагы

почтого берип жиберем деп Поронзосуна кат жазды. Үйүбүз толо бабырашып жыргай түштүк. Төрт-беш күн удаа үй байырлады. — Асканын уурчугунан укмуш кубулган таш көрүп жүрөм. Ошону чагып алсам деп, аракеттенип жетпейм. Бүгүн кур дегенде карап эле келейин. Мындан кийин карыш баспайм деп, өөп-жыттагылап, жаракөрлөнүп, кой, ай дегенибизге карабай шарт коюп чуркаган боюнча сызды. Курган абышканын жүрөгү сезгенби, артынан дароо чыгып кыйкырды. Мусакем карагай черди аралап, кылчайбай арылады.

— Бат эле келем! — деген үнү гана жаңырып угулду. Бат эле келем деген балам, кашкарайганча дайынсыз. Кээде кол шамын жаркылдатып, жатаарда келчү. Коломтого отту жылтыратып коюп олтура эле бердик. О жылдыз тарап таң ык салганда шордуу туйгунум, айылды дүрбөтүп тургузду:

— Эркектер, ат мингиле! Кулунум түндө үйгө кайтпады, соо эмес го... — Жылкычыларды аттантып атаң аска кыркып жөнөдү. Мен бейбактын көзү челейип, булактады. Э жытым, ар жагын такып сураба. Мусакемди мобу көк тиреген жалама аска жуткан. Аны каргасам тилим өтпөдү, жашым эритпеди... Жыл айланбай андан калган Аманат сен колума тийгени, ыйым токтоп, каниет байлагам. Эми эс тарттың, атаң жөн-жайын түшүндүргүн балама, билсин, туйсун дейт... Батма акырын Аманатка көз чаптырса... Кудай жалгап кирпиги ымдалбаптыр. Эркек тана да. Тукуму, чоң атасы жашыктан эмес да. Болпойгон баласы жаагынан сары түгүн чыгарып кектүү кишидей суз. Өтө муңга батпай, балага бардаштуу, тоң баяндаган түзүк эмей...

— Эми өз жайыңды ук, жытым,— деди эне доошун айбаттуу сала,— кулунум, зооканын учундагы кен ташты кетийм деп өжөрлөнүп жеткенде... тайгылып, шейит кеткен соң, башкарма Поронзого, иштеген жерине дилгирем уруптур. Чоң машина толо киши Поронзонун өзүнөн келбедиби. Кошо иштешкендери экен. Алардын арасында монтойгон үч-төрт кыз да бар. Биздин эл карыжашы дебей бүт түрүлүп, ушул коктунун ичи батпай чогулушкан. Өкмөткө аябай ыраазы болушту белем. Поронзолуктар жаш, келечектүү кызматкерибизди жөн көмбөйбүз дешип... машинага килем-килчесин жаап,... шейитимди гүлгө ороп кийинтип жаткызышты. Аза күтүү жыйналышын ачышып. Жүрөктү өрттөгөн жалындуу кептерди айтышып... А тургай тууган-туушкандарынан сүйлөтүшүп... Сурнай, кериней тарттырышып... Шаң менен, даңк менен... Ошол өзү учкан асканын түбүндөгү четин менен арчанын ортосуна койдурушкан. Дөбөдөй корумдаган мүрзөнүн үстүнө сал таш коюшуп, кулунумдун аты-жөнүн жазышкан...

Аманат тамагын жасап, «аны мен билем, чоң балдар мага айтышкан — бирок, каерде экенин көрө элекмин. Жалгыз баруудан корком. Таппайм да. Силер көргөзбөсөңөр чоңоё түшкөндө өзүм издеп табам» — деп айтып жибере жаздап токтоду. Анда энеси чочуп, сөз бузулмак. Муса байкеси (ошентип атайт) жөнүндө ар кимден далай сөз уккан. Аны ээн учураткан айылдаштарынын кимиси болбосун, «жакшыдан калган туяксың, жакшы бол балам» — дешет. Жалгыз гана чоң атасы менен энеси андан жашырып жүрүшпөдүбү. Көрсө, чоңойсун, эс кирсин деген тура. Алардын тилеги, үмүтү энесинин ырындагыдай ачык белгилүү. Атасы Муса, а тууган апасы ким, кайда? Аны ага эч ким айта элек. Азыр чоң энеси ошондон баштагай эле...

— Ошондо берен атаң кан жутканын билгизбей, каркылдап минтпедиби: — ыраазымын калайык журт! Поронзодон келген балдарым, силерге ыраазымын. Мусам, жалгыз менин уулум деп жүрсөм, калайык жалпыңдын уулуңар болуп калган турбайбы. [redacted]п көмдүңөр. Жалгыз арманым кулунум жаш кетип, үй[redacted]кум калбай калды. Ыраазымын калайык! — дегенде [redacted]ындаган элдин ичинен чыңырган бир үн чыкты. Көр[redacted]он келген кыздардын бирөө экен. Эл деген кыйын [redacted]аштырыптыр. Абышкам экөөбүзгө Мусанын алам [redacted]колуктусу экен деген шыбыш угулду. Бардаштуу [redacted]окуй, бу чыңырыкта жакшылыктын жышааны бардай... [redacted]ыйынды тыйып, бар, жалгыздатып сура. Ошо үйгө кирбей калган келин баламдын оозунан сөзүн ук,— деди.

Элдин аягы сууганда, күйүткө өрттөнгөн жүрөгүм элеп-желеп алда нени шекшип, уурданып улумдун бейитине жетсем, кара кийген шаардык кыз жанындагы курбусуна ээ-жаа бербей үйүлгөн коргулду кучактап боздогонунун үстүнөн чыктым.

«Алтынай,— акырын үн каттым. Мусадан анын атын далай эшиткем. — Тура гой, Алтынай, жүр, мени ээрчи».

Ал жаш көлкүлдөгөн мундуу көзүн мага жалоорутуп, солкулдады: «Ооба, мен Алтынаймын...» Аны курбу кызы менен үйгө апкелдим. Ал күндөрү бизге кайрат айтып, жалгыздатпай эл өксүбөдү. Прунзадан келгендерден да калгандары болду.

Тээ, түн ортосундагы чылк караңгыда Алтынай мени шыноолоп сыртка чыгып, сенин атаң Муса экөө бирин-бири жанындай жактырышканын божурады... А кургур мени энесиндей санап ачык ишенди. Бирок, баамымда эң түпкүрдөгү сырын даап айта албай жашырганын туйдум. Баягы жөнөтүлбөгөн кат колуктусу Алтынайга жазылыптыр. Алтынай мага эркин сүйлөшүп, жаныма ынак тартты. Уулум бизден жашырыптыр. Кетээринде айтмак экен. Катын окуп берди. Барар замат үй алып, чогуу кирип той бермек экен. Башкармадан суранып атасы экөөбүздү тойго

ала кетмек экен. Ошонун баарын колуктусуна даярдаган катына жазыптыр. Үйүр алган соң:

— Жашырсаң, калп айтсаң, арманда кеткен жаш жарыңдын арбагына койдум. Сенин боюңда Мусамдын аманаты бар шекилдүү. Буюрбаган кайын энең мага айт ачыгынды, десем: — Апакебай, жок деп айта албайм. Нике кагазым да чөнтөгүмдө, Бирок, тирүүсүндө той өткөзүп бу эшикти аттабай калбадымбы... Уят, өлүм өйдө мага... деп буркурап мойнума оролду. — Кой балам, антпе. Шаарлыктар боюнан алдырып таштайт дейт. Антсең бизди эки өлтүрөсүң. Эптеп аман төрөп, атасы экөөбүздүн колубузга ымыркай кезинде жеткиз. Кийин бала тирүү чоңойсо, биз өлгөндө сени табаар. Кааласаң катышып тур. Каалабасаң өзүң бил. Сенин башың ачык, жаш кезинде багынды байлабайлы,— деп асылып жатып макулдугун алдым. Бу кабар элге дароо тараптыр. Айылдын аттуу баштуусун чогултуп, атаң болуп ачык сүйлөшүп... Алтынай келиниме бата беришип, жылуу жумшак узатышты. Өчкөн үмүт бүлбүл жанып, Алтынайдан Аманатты күтүп ошол аман төрөлсө экен, эптеп колго тийсе экен деп тиледик. Келин баламдын бүтөөр жылы экен. Окуусунан отпускеге чыгып жашырынып ушул сени төрөп, бир айлык ымыркайында биздин колго таштап кеткен.

Аманат капкара тегерек көзүн коймолжута, ысык жашка толкута кайпактады:

— Ок калпычы десе, мени сен өзүң кузуп алгансың. Алтынайыңды билбейм. Экинчи аны айтпай жүр дейм. Жарайбы?! — Энесинин мойнунан кучактап адатынча булкулдатты. Бул балалык жойпулукпу? Же ымыркайынан бапестеп өстүргөн чоң энеден бөлөк эне жытын, камкордугун сезбеген баланын наристе адилдигиби? Ким билет. Мындай нерсеге олуялык кылуу кыйын. Андай эки ача ой азыр энеде да, балада да жок эле... Ошол маалда боз кулунду ээрчиткен кула бээ заңкайып өтүп баратты. Батманын көзү негедир кулундуу бээге кадалды. Кула бээ кадимкисиндей суналып, кайгыдан кутулгандай, кулунга өз баласындай көнүп кеткен. Боз кулун андан бетер өлүмтүк уйпаланган жүнү кулпунуп, небак тентектин терисин жамынганын таштаган. Торсоюп энесинин жанынан оолактабай, булактаган сүткө семире баштаган.

— Жытым, мобу экөөнү карачы. — Батма кичине, чондуу жылкыны жандады. — Куду сен экөөбүздөй. Бири-бирине кубат, бири-бирине эш...

— Ох, калпычы десе. Эч качан биздей эмес. Сен болсо менин бир тууган чоң энемсиң. Муса байкем, жанакы, Алтынай дегениң болгондо деле сен чоңойтмоксуң мени. А мен болсом силерди багам.

— Акылындан сенин, тилегинден сенин. — Батма небересинин мандайынан чоп-чоп өптү.

— А булар эмне. Такыр башка немелер.

— Жок, жытым, дал экөөбүздөй. Кула бээ мобу желедеги жылкылардын көбүнүн чоң энеси. Бу боз кулундун анык чоң энеси.

Аманат жактырбаңкы колун серпти:

— А, айбан ыраак-жакынды билбейт.

— Кептин баары өз баласын жерип кеткен жаман кызыракта, жытым.

Эненин акыркы сөзү Аманатты кызуулантып жиберди:

— А кызырагынар Алтынайдай болгон эме да,— айтарын айтып ийип, энесинин жүзүн тик бага албай бети-башы ысып булоолонду. Аны баамдаган Батма байкамаксанга салып кайпактады.

— Антпе жытым. Алтынай акылдуу, татынакай сулуу кыз [redacted] сени төрөгөн. Мусанын колуктусу.

[redacted]анакы олдоксондугун жооткотуу максатында:

— Айтпа дебедим беле. Мейли, Алтынай акылдуу, болсун,— Аманат энесине ээ бербеди. — Мейсин, сенсиң гана!

[redacted]ектешүүсү небересинин жүрөгүн сарылтып, [redacted]ын туйду. Кап, минтерин билбей, бекер жобуларору болуп, боёсу кангандан кийин, айласы канча? Ырас, баяның түшкүр Аманатты майыштырды, дагы далайды угат, түшүнөт. Торсогоюнун өжөрлүгү кармаса, каалаганын аткартпай тынбасын энеси билет да! Ал укканынын акырына жетпей көксөсү суубайт...

Ошо тапта эбептен-себеп болуп карган эне Батманы күтүлбөгөн жагдай жеңилдетти. Кайдан-айдан экени белгисиз, шымаланган кара тору, шатыра-шатман чурулдаган коңшу айылдардын балдары топтошуп чыга калбаспы.

— Эй, Аманат, сен каякка житкенсиң? — Алардын ичинен бирөө тээ алыстан кыйкырды.

— Ал деген энесинин этегинен карыш чыкмак беле,— тоголонгон жоон кодоо кытылдады.

— Жүрү сууга, жылбай олтургандан тажабайсыңбы?

— Ага энеси менен комузунан бөлөк эчтекенин кереги жок,— деди кодоо дагы.

— Жөнө, чурка, жытым. — Батма тамылжый шыбырады. — Чын эле, кичинекей абышкадайсың... Жолдош, курбусуз өткөн күн курусун.

Аманат кыйылып зорго козголду. «Ай, ушулардын кычап азыр келгендерин карачы! Кантесиң эми»...

Батма жеңилдей үшкүрүндү. Кудай жалгагыр, небересинин бүгүнкү көөдөнүнө толгон кайгысын тоо суусунун салкын шары илеп тартып, бөксөртөөр.

Баланы көз шооласынан узатып, байбиче кетүүгө ашыкпады. Козголгон жүрөк чери аны ордунан жылдырбай, буту-колун салмактантты. Ал жытын а деп ымыркайында Алтынай апкелгендеги, коопту жана шаттуу күндү мына азыр ошо уулу онго толгондо кайрадан эскерип толкундоодо.

## АЛТЫНАЙ

...Курган Алтынай! Мусадан айрылган соң тамырына доо кеткен гүлдөй бүрүшүп, ажарлуу өңү өчүп, жаш өмүрү солуп катымак тартты. Врачтар ага кайгынын зарпынан начарлаганын эскертишип, анын чабал жүрөгү, боюндагы баласы кантээр экен деп кооптонушту. Алтынай бир нече айлап ооруканада жатты. Ошол учурда Мусанын эне-атасына үзгүлтүксүз кат аркылуу кабарын билдирип турду. Алар келинине маал-маалы менен белек-бечкек жөнөтүштү.

Алтынай ооруканада дарыкерлердин көзөмөлүндө да окуусун токтоткон жок. Кээде чымырап, кээде опколжуган жүрөк оорусуна карабай жатса да, отурса да окуганы китеп, чиймелегени конспекти. Антпесе, диплом жактоочу жылынан кечендеп калбайбы. Томолой жетим Алтынайга дагы бир жыл стипендиясыз окуудан калыш оңой бекен.

Кайын эне, кайын атасыныкына барышы да мүмкүн эмес. Анткени анын ар түркүн китеп, лаборатория, илимий жетекчиси менен иштөөсү зарыл...

Качан гана ал азоолак тыңыганда врачтардын «башыңды көп чарчатпагын. Жүрөккө күч келтирбегин» деген катуу буйругун аткарууга убадасын берип, ооруканадан чыкты. Антмек кайда! Алтынай китепканалардан жылбады. Калтыргандарын толуктап кууп жетүү үчүн түнкүсүн тирмийди. Анын бактысына жатаканалаш студенткалар боорукер, мыкты кыздардан эле. Алар Алтынайды бардык түйшүктөн бошотушту. Ал үчүн кошуна кыздары кезметти бөлүштүрүп бөлмөнү жууп, иреттешет, тамак жасашат. Окус үйдөн чыга албай күйпөйгөнүн байкашса, китепканадан окуу куралдарын алып келүүгө чуркашат.

Ондой бердисине салып куду төрөөр алдында, дипломун болгондо да отличного жактады. Комиссиянын төрагасы өзү столунан обдула туруп, Алтынайдын алаканын кыса барпактады:

— Азаматсың, кызым! Аман-эсен көз жарып, балаң менен бактылуу бол!

Алтынай кандайдыр жылуу толкунга серпилгенсип жеңил-

дене үнсүз солкулдап ыйлап ийди. Мусаны көмгөндөн бери биринчи мертебе жашоосу, үмүтү аны менен кошо бүтпөгөнүн, дагы таалай шооласы жылмаярын туйду.

Алтынай ымыркай уулу экөө төрөт үйүндө бир жарым ай пааналады. Өлүм алдында жаны кыйналып күн-түн врачтар кашынан кетпей алакетке түшкөн учурлар өттү. Алар жабырдуу жаш селкинин өмүрүн сактоо үчүн, опуттуу медсестраларга да ишенбей, өзүлөрү дары берип, ийне сайып, кашыктап даам татырышты...

А деп төрөгөн күнүндө да, кийин да Алтынайдын эмчегинен сүт чыкпады. Ымыркайды бөлөк энелердин сүтүнө оозантышып, чоочун энелердин сүтү менен багышты. Ал өтө эле араң жан болгондуктан башка балдардай баркыроого да дарманы жетпей тыңч үлдүрөдү.

Алтынай саал-паал эсин жыйганда уулун көргөзүүнү өтүнчү. Чүрпөсүнүн болжураган карасур преңине көпкө тигилип, андан өзүнүн Мусасын, келбети келишкен, кайраттуу Мусасын көрүүгө, түспөлдөштүрүүгө ниеттенчү. Арийне, болжураган ымыркайдын жүзүнөн кимге окшоштукту айра таануруга мүмкүнбү?..

Уулун ушундай кыска мөөнөткө жолугуштуруп алып кеткенден кийин Алтынай негедир алсырай баштачу. Температурасы жогорулоочу. Эриндери кургап, бакырайган кайгылуу көздөрү күңүрттөнүп, чүңүрөйүп чарасына чөгө түшчү. Акыры врачтар ага баласын көргөзүүнү да тыйды. Күндөрдүн биринде апасындай айрыкча жаракөр мамиле жасаган врач аял, Алтынайдын кроватынын жанында узакка божурашып отуруп, минтти:

— Эми кызым, биз сени беш, алты күндө чыгарсакпы дейбиз.

— Чын элеби? — деди Алтынай кубанып да, чочулай да.

— Чын. — Врач айтканын аныктады. — Эми экөөбүз акылдашалы. Мындан аркы абалың кандай болот?

Алтынай эринин жай бүлк эттирди:

— Билбейм.

— Сенден сүт чыкпайт. Бул биринчиден,— деп сөзүн улады врач,— экинчиден — жатаканада балаң менен жашооң кыйын. Эң негизгиси — сага али кыйлага дейре баланы көтөрүп да, эңкейип жалаягын которуштуруп багуу да оордук кылат. Тилди албасаң, кайрадан ооруканага туушарланасың. Алтынай, сенин жүрөгүң илдеттүү, жүрөгүң чабалыраак...

— Аргам канча? — Алтынай башы маңдана кайта ага кайрылды. Ал өзүнүн туш тарабынан туюкка капталган ахыбалын жанындагы мээримдүү аял айкын туюнтпаганда анчалык элестеткен эмес.

— Антпе, айланайын, капаланба. Эптеп айла табарбыз. Мен

башка врачтарга дагы кеңештим. Бул бүтүмгө келдик. Сен азырынча бала бакканга алсызсың. Ден соолугуң чабал. Эми ачыгын айтсак болот. Мындан он, он эки күн мурда сенин абалың өтө кыйындап, баш көтөрөрүнө да шек туудурган.

— Мен айылга, баланын чоң ата, чоң энесиникине деле барсам болот. — Алтынай шыбыштай акырын унчукту. Андан башка ыктуу чечим болбосун өзү жакшы түшүндү. — Баланы аларга жеткизем. Мусаны койгондо карылар өзүлөрү менден жалбарып сурашкан.

— Анда эмесе,-- деди врач,-- мен да сага дал ошентүүнү айтмакчы болуп, кандай кабылдарыңды билбей, капалантамбы деп чочуладым эле. Алтынай, өзүңдү да, баланды да аягын. Чоң аталарына табыштасаң, уулуңду бөпөлөп чоңойтушат. Башың жаш эмеспи, балким билбессиң. Илгертен көпчүлүк кыргыздарда мындай салт бар. Жаш жарлар тунгуч наристесин эне-атасына берип асыратышат. Бул алардын өзүн тапкан адамдарды сыйлагандыкка, урматтагандыкка жатат. Бекеринен чоң эне, чоң аталар «баланын баласы карт жүрөктүн давасы» дешпеген.

— Ырас элеби? — Чындап таңыркады Алтынай. — Мен билбепмин.

Ооба, ушундай салт болгон. Азыр да аздыр-көптүр сакталат. Албетте, ал уулундан караманча түңүл дегендик эмес! Тыңыйсың, иштейсиң, өзүңчө бөлмө күтөсүң. Ошондо аны кайра аласың. Бакчага апарасың...

— Карыялар ага көнүшпөс.

— Анткендери да туура! — Капысынан дарыкер аял коштой жыйынтыктады. — Баланын таза абада, пирлеринин алдейинде, жалгыз уулунан калган керез, аманаты катары эркин чоңойгону дурус. Алтынай, сен ошо карыяларды дагы аягын, сыйлагын... Сен эми өзүң дагы энесиң...

Эртеси башкы врач өзү Алтынайга баарлашты:

— Менин угушума караганда, сиз уулду убактысынчабы, атасынын карыяларына табыштайт окшойсуз?

— Ооба,— Алтынай башын эңилтип күнк этти. — Аны жеткирем...

— Деги ойлонуп көрүңүзчү, сизге жалгыз алыскы жолго чыгууга болбойт. — Врач өкүм сүйлөдү. — Кимдир бирөө кошо барса бир жөн.

— Эмне үчүн? — деди Алтынай. — Мен азыр тыңып калбадымбы.

Врач жүйөөгө жыгылгандай башын ийкеди:

— Албетте тыңыдыңыз! Антпегенде биз чыгарбайбыз. Азыр жайдын толук убагы, ыраспы? Демек, сиздин карыялар жайлоодо чыгаар?

— Ооба, мен бакисин өзүмдү дарылаган эжекеге айткам.

— А эжекең мага... — Врач ууртунан жылмайды,— айтып, сизден чочулоодо, бараар жайлооңуз дениз деңгээлинен үч жарым миң метр бийикте. Алтынай, сиздин жүрөк, андай бийиктикти көтөрө албайт. Мени жаман көрүңүз, бирок, мен кошо барчу кишисиз, сизге руксат этпейм.

Алтынай өзүнчө анчейин ишене бербей, о далайда жооп кайтарды:

— Болуптур... Мен курдаш кызымды кошо барууга суранайын...

## ТООГО САПАРЧЫЛОО

Төрөт үйүнөн кичине эле узаганда Алтынай курбусу Гоянага башкы врачтын кеңешин маалымдап сырын төктү:

— Билем, азыр сага ар саат убакыт кымбат... — Жаш эне уяң тарткынчыктай үнүн дирилдетти,— башка айла жок, кантейин?

Гояна тегерек кызгылт наардуу жүзүн нурланта шар бөрсөгөй эринин эпилдетти:

— Чогуу жөнөйлүк, Алтынай, сабылба. Мусаны койгондо кошо барган мен, азыр сени жалгыз жибербей калайын.

Жаракөр Гояна! Алтынай жашаган бөлмөдөгү бийкечтердин ичинен өтө башы оор, өтө уяңкы ушу Гояна. Анын атасы кыргыз, энеси Кавказдык. Кыздардын жөнөкөй эле жеңил-желпи тамашасынан анын кызыл-тору иреңи албыра түшөт. Ошондон улам беркилер Гоянанын көзүнчө чер жазышып шаракташканын тыйышты, курсташ шуулдаган жакшынакай жигиттерди да мейманга чакырганды токтотушту. Окус уландардын айрым шыптыкашкалары өзүлөрү кире калганда, Гояна акырын бөлмөдөн жылжып жөнөйт, же китепке үңүлүп башын көтөрбөйт. Ылайым алардын маегине аралашпайт. Анын мүнөзү ушундай. Чын чынына келгенде ал бөлмөдөгү коңшу бийкечтердин эң кичүүсү, жыйырмага араң карады. Андан бөлөк кыздар бешинчи курсту аяктап, өзүлөрүн эркин, өскүлөң сезишет. Алар Гоянаны куду синди катары жакшы көргөндүктөн, бапестеп аяшат.

Бешинчи курстуктар азыр туш тарапка тараган маал. Аңгырап бошогон кең бөлмөдө Гояна жалгыз калды. Үчүнчү курска көчүш үчүн дагы бир экзамен тапшырууга тийиш. Алтынайды уулу экөөнү жеткизип толук күн сапар чегүү, убактысы тар кызга оңой бекен. Бирок, карайлаган кургур жалооруп турса, кантип баш тартат? Ал эч олку-солкусуз шар макулдаса да, түнү бою уйкусуз алектенди. Атасыз ымыркайды көтөрүп Алтынайдын карыяларына кантип барышаар экен?

Аяктагылар буларды кандайча кабылдашат, кандай ойлошот...

Ымыркай түнү маал-маал ыңаалап, карды ачканын кабарлаган сайын, энеси төрөт үйүнөн берген бөтөлкөчөлөрдү эртеңки жолго кенен жеткизүүнү ойлоп, сүттөн таткантып гана жарытылуу тойгузбады. Барыдан жаш эне Алтынайдын эмчегинен сүт чыкпаган жоругун карасаң!

Эптеп таң атырып жолго чыгышты. Апасынын тизесин жазданган курчактай бала машина зыпылдаганда термелип, андасанда гана жеңил, жакалу жашыл жибек жуурканчасын бүлк эттире кыймылдай чукуранганы дебесе бөйтөйө катуу көшүлдү. Ага жарпы жазыла Гояна купуя жалбарды. «Кандай татына уул. Убал. Кантип торолоор экен?»

Такси өр таянып тоону беттей жогорулаганда Алтынай кумсара үлбүрөп, оң алаттан өчө баштады. Балким, карыяларына алдыдагы кездешүүнү элестетип толкундап атканынанбы? Же тун чүрпөсүнөн ажыроо мүшкүлү калтыратуудабы?

Гояна ага үйрүлө бурулду:

— Ой, кантесиң сен? Неге алсырайсың? Андан башка арга жок деп өзүң чечпединби?

— Кыйналып баратам,— деди Алтынай араң шыбыштай. — Демим кыстыгып...

Алыскы жолго чыгынган таксинин шоферу улгайган орус адам сөзгө аралашты:

— Анда терезени ачайын, кенен дем алып бара бересиң.

Алтынай чочулап башын силкти:

— Жо-ок, балага суук тиет.

— О, кайран өзүм десе! — Шофер баржактады. — Кичинекейди караманча унутуп койгон турбаймбы. Балаңыз тынч, жакшы баратат.

Дагы он мүнөтчө ашууну түптөй үнсүз жогорулашты. Алтынай жумшак орундукка чалкалай, чиренди, эриндери көгөрүп, көз жапкагынын асты күңүрттөй түштү.

— Э, Гояна! Кантем? Караманча муунуп калдым...

— Келе баланы мага! — Гояна карбаластады. — Терең дем алып көрсөң, кана! Дагы! Дагы!... Бу алакеттен эчтеке чыкпасын, курбалы өтө кыйналганын көрүп, шофердон жакынкы ооруканага, кур дегенде аптекага токтоосун өтүндү.

Аптека чукул экен. Баланы орундукка жаткыза, Гояна машинадан атылып чыгып, тез эле ак желеткечен аялды ээрчитип жетти.

Ак кийимчен аял Алтынайга чу деп көз жүгүрткөндө эле, тикилдеп ыргагынан шашылган тамырына адеп бармагын тийгизээр замат, чечкиндүү буюрду:

— Эмесе, мындай кагылайын. Сени биз эс алтып туруп, кайра шаарына жөнөтөбүз. Мындай жүрөк тоого жарашпайт. Мен сага врач чакырууга аракеттенем.

— Бирок, мен кайра кеталбайм. — Алтынай кыңырылып зорго унчукту. — Эч мүмкүн эмес. Баланы жеткизүүм керек.

Тигил аял аки-чүкүгө келбестен оролуу баланы бооруна көтөрүп, жөнөдү.

— Мени ээрчигиле.

Алтынай жол боюндагы аптекага зорго чымырканып жетти. Үрпөйүп чочуган Гояна аны тепкичтен сүйөп чыгарды. Дары жыттанган таза бөлмөнүн чакан стол чыкыйып, ак кленкадан көшөгө тартылган бурчундагы тапчанга Алтынайды жаткызып, алиги аял кандайдыр тамчыны таткантып, ийне салды...

Алтынай көзүн жуумп мемиреди. Акырындап анын эринининн үлбүрөгөн көгү тарады. Өзүнүн деле козголууга шайы жоктой. Анын үстүнө аптекачы турууга тыюу салды.

— Сыягы врачсыз эле абалды оңдодук. — Аптекачы өзүнө ыраазы боло болпойду. — Согуштун башынан аягына дейре бекеринен медсестра болупмунбу. — Анан ал азоолак ойлуу аялга унчукпай туруп илдеттүүгө суроо берди:

— Бу сеники кандайча, эмне болду? Качантан бери сыркоосуң?

Ошентип Алтынай караманча чоочун аялга өзүнүн кайгылуу таржымалын божурады. Кунт коюп тыңдаган улгайган аптекачы, жай гана акылман кеңешчидей жайкай сүйлөдү:

— Анчейин коркунучтуу эчтеке деле жок. Бир шартты так аткарсаң: сага жайлоого чыгуу такыр жарабайт. Демек, сен мында эс ала турасың, а баланы бабасына бу курбалың жеткизет. Ымыркайга азыр сенби, Гоянабы, бары бир — деп, күлүмсүрөй ажарланды.

Гояна күтүүсүз сунушка аптыга тепилдеди:

— Менби?.. Кантип? Мен карыяларга не дейм? Ой, ушундай кантип болсун!..

Ак кийимчен аял доошун көтөрүңкү каргытты:

— Жакшылыкты аягына дейре жасаган дурус. Сен жолдошуңа жардамга чыктың беле?

— Ооба, чын... — Бирок...

— Үйрүлөйүн бийкеч, азыр эч кандай «бирок» кажетсиз. Баланы жеткизип табыштоо керек. Алтынай бул абалы менен эч жакка айрыкча тоого жол тарталбайт. Арга жалгыз гана...

Анын сөзүн Алтынай бөлдү:

— А карыяларыбыз эмне дешет? Менин баламды чоочун кыз алпарса, кандай ойго түшүшөт?

— Аларга Гояна бакисин түшүндүрөт. — Аптекачы өктөм

унчукту. — Болгонун болгондой. Буга ойлоп калп айтуунун кереги жок. Деги, байкап чечкин. Болбосо, сени ооруканага жөнөтөм, арийне жана көрөр замат эле ошентсем болмок. Же, Гояна баланы жеткизип кайтканча мында мени менен болосуң.

Башынан далайды өткөргөн аптекачынын жүйөөсүнө айласы түгөнгөн эки селки кандайча каршы чыкмак эле? Аптеканын тушунда күткөн таксист, акыры чыдамкырабай түтүлдөткөндө, аптекачы терезеден моюнун созо кыйкырды: «Азыр! Азыр!»

Алтынай Гоянага кыйналыңкы жалооруду:

— Сен макулсуңбу?

— Коркпо, жеткизем — Гояна аны ишендирди. — Мен аларды табам, билем...

Улгайган аптекачы баланын жалаягын өзү алмаштырып, сүт куюлган акыркы бөтөлкөчөнүн упчусун наристенин эрнчесине чопулдата эмизип, журканчасына этият ороп, бооруна селкилдеткен боюнча эшикке адымдады.

Гояна кантсе да калтырак баскан аягын оор солгуй анын сонунан жөнөдү.

* * *

Жайлоого чак түштө келишти. Жайдын толукшуган күнү төбөдөн чымырап, аваны көйкөлтүүдө. Теребел жашыл ыраңга жайкалып тыптынч. Нуракгын жылкы айылын тез эле табышты. Машина боз үйгө чукул жылып токтоор замат тыяктан-быяктан опурап-топурап балдар, аялдар, карыялар жабылышты. Такси минип келген кимдин мейманы болду экен? Арийне бул айылга минтип чанда бирөөлөр келишет. Эриккен тоолуктардын барысына кызык.

Шофер машинадан суурулуп, чогулгандарга бурулду:

— Бизге Нурак аксакал, байбичеси экөө керек. Кайда алар?

Кызыгың түш, акылга сыйбаган жорук болбоспу. Карыялар экөө тең үйлөрүндө жок экен.

Жоолукчандардын ичинен кызыл тору келин, иштин жайын аңдап, топтон бөлүнө машинанын каалгасын ачып, кантээр алапайын таппай элдиреген Гоянанын колунан баланы жулуп, чаңкылдады:

— Жүрү, ээрчи мени! Ата-энең айылчылап мейманга кетишкен. Аларың кечинде араң келишет.

«Сенин ата-энен»! Демек, мени Алтынай деп жатышат? Баланы да мениқи дешет ээ?» Балкайган орус шофер машинасына далдаланды. Ал эми Нуракгын боз үйүнө алиги келин алып кирген Гоянанын үстүнө кемпирлер шашыла жүткүнүштү. Алар бака-шака түшүшүп баланын бетин ачып, ороосунан ачынып,

ыйлаганына карабай жытын искеп, мурдуна колдорун тийгизе чоп этимиш эте бир-биринен көрүндүк доолашты.

— Эмне турасың? — Алиги келин Гоянага кайрылды,— бала эмчек сурап атат, бербейсиңби?

— Ананайын наристе, аябай ачкарын экен! — Кемпирдин бирөө келиндин сөзүн коштоп, Алтынайдын уулу жаткан төшөккө Гоянаны түрткүлөдү:

— Эмиз, эмизе кой, баланы!

Гояна аргасыз төшөккө чөгөлөдү. Аны көтөралбачудай, жүзү оттой албырып, чекесинен муздак тер чыбырчыктады. Гояна дагы биртике чымырканып олтурду. Анан ага арбалган, бала эмизип бөпөлөгөн кадим энелердин сынай, жекире караган көз караштарынан заарканып, шап турду да, боз үйдөн сыртка атырыла текилдеди. Кыпылдап зорго күткөн шофер машинасын шайдоот окторултуп, бул түшүнүксүз окуяга айран таң, аялдардын ызы-чуусунун коштоосунда ойду карай зыпылдатып узады.

## ТААРЫНЫЧ

Нурак аксакал менен Батма байбичени сүйүнчүлөөгө узун бут уланды чаптырышты. Фрунзеден небереңерди жеткизиштиден бөлөк эчтеке айтпоосун буюрушту ага, аялдар.

Карыялар меймандын аягына күтпөй аттанышып, айлына кандай жеткенин да билишпеди. Батма болук жүзүн салаа-салаа бакыт жашына жууп, карала шалы жоолугун желбиретип, баркут кемселинин өңүрүн делбейте, үйүнө атылып кирип... коңшу жылкычынын жаңы төрөгөн келини тойгуза эмизген соң, торсоюп уйкуга мемиреген кол башындай ымыркайды чап көтөрүп, жалбара берди. Кубанычын күмүш сакалынан айкындаган Нурак о, кыйлада эсин жыя, кубаты качып үлүңдөгөн көзүн күдүңдөтө жарданган элге токтоо кадалды:

— Алтынайым кана? Келинибиз кайда?

Карылар жүрөгүн сабылтып мына буларды угушту: Алардын келини баласын эмизгенге да жарабаптыр. Акылынан айныгансып ымыркайдын жанына чөгөлөп, аны да, айланадагыларды да жалдырап карагандан башканы билбептир. Анан автомобилге чуркап түшкөн бойдон сызыптыр. Бу жоболоңдуу жорукка аялдар тургай эркектердин кыжыры кайнаганычы. Мындай шумдукту ким көрүптүр. Жалгыз гана Батма келинининн айыбын жумшартууга далалаттанды.

— Кур бекер күнөөсүн көтөрбөсөңөр. Анын абалын билбейсиңерби ботом. Жаш кургур азап менен төрөгөн баласын калтырып кетээринде көзү чымырап, делебе таптанган чыгаар...

— Олдо сенин болушчагың ая! — Нурак буркулдады. — Му-

са балам, делбетап колукту тапкан экен да. Бүт айыл-апанын көзүнчө уятка калтырып, качып жөнөгөнүн кара! Ушунусу жакшы жосунбу?

Жардангандар акырын жылып жөнөштү: «Эрди катын урушса, эси кеткен болушат» дегенди эстешти окшойт.

Жок, ээгиме сакал чыкканы мени эч ким мынчалык сындырган эмес. — Карыя ого бетер кызууланды,— баланы таштап качканын кара! Кудая тобо-ой адам эмне болуп баратат а?

Батма баланы балпайган төшүнө таптай, ичинен өзү деле ызага буулугуп турганын билгизбей, абышкасын жайкай жайдандады:

— Кантесиң, деги бакырбачы туйгунум, басыл эми...

— Кыямат кайым түшүппү, келиниңдин бизге учурашпай чапканына баракелде!

— Мүмкүн шопур, жанын койбой шаштыргандыр,— байбичеси анчейин ынандырарлык актай албасын туйса да тилин безеди. — Ан үстүнө алыскы айылдан биз кайтканча такси машинени токтотуп тургудай анында эле акча толуп атыптырбы? Деги кичине ойлоп көрсөң...

— Машине! Шопур! — Нурак кыжырлуу олунду.

— Э, келжиребечи кемпир-р! Акчаны биз берет элек го. Сенин акылың боюнча ага абийирден акча кымбат болгонбу? — Батма буга ыктуу жооп таппады. Абышканын күйгөнүнчө бар. Кантсе да алчылап келини тууралуу жаман ойлоого дити барбай, негедир актоого жүйө издеди:

— Э-эй, туйгунум, тирүүлүктө нелер болбойт...

— Ооба, өзү тууган баласын эмизбей жерингеп эне болот дечи? — Нурак көшөрүп токтолбоду. — Ачка таштаса мейли дечи? Анын эмнеси эне?

Батма сөздү жумшак чоё таштады:

— Сен эне болуп көргөн эмессиң да туйгунум. Эненин жайын түшүнбөйсүң. Эгер жаш неме баласына ажырашаарда эмчегин эмизсе, ага ого бетер кыйын болмок. Бооруна кыскан боюнча кайра алып жөнөмөк. Ошондо сен жыргайт белең?

— Ага чейин аның бала эмизгенби, же умай эненин жыты менен бакты бекен?

— Эмизгендир... А мында менин жаман оюмча, ийибеген. Сыягы өтө жыйрылган, кайгыга жеңдирген... Топурап эл тегеректесе... Шаарлык, жаш эмчек келиндер баласын чоочун кишилердин көзүнчө эмизбейт, уялышат деп уккам...

— Уялат! — Нурак кемпирин жекирди,— баласын өсөөрүткөндүктөн уялбайт, эмизгенден уялат! Мен ушундай келжирекке ишенет имишмин! Андан көрөк баланы таштап кутулду дебейсиңби!

Батма зээни кейин, көзүн коюулантты:

— Ушу сөздү кантип оозуңа алдың, туйгунум? Аман көз жарсаң, бизге жеткизе көр айланайын деп өзүбүз жалбарып сурабадык беле. А сен — таштап кутулду — деп дөөрүйсүң да! Антип неге жаныңды күнөөгө батырасың?

— А баласын багуучу кишилерге жүздөшпөй чу койгон күнөө эмеспи? Айтчы, дарканым, а күнөө эмеспи?

— Аныгын угуп билмейин келинимдин күнөөсүн көтөрө албайм. — Батма ансыз деле узарган кыжы-кужуну токтотууну ойлоду. — Ага жараткан күбөө, сен экөөбүз эмес. — Газ мешине суу куйган чакасын коюп, чоң эне небересин киринтүүгө белендеди.

— Шашпа, көрөбүз сенин жаратканың эмне дээрин. — Нурак кобурап сыртка чыкты.

* * *

Анчалык көп өтпөй Нурактыкына Фрунзеден кат келди. Анда алигинде аларга Аманатты жеткизген өзү эмес, курбу кызы экенин, өзү жолдо ооруп калганын, кайра кайтканда курбусу шаарга кошо кетип, дароо ооруканага жатканын, жакында гана тыңыганын кабарлаптыр...

«Силерге баралбайт окшойм,— деп улантыптыр катында келини. — Жүрөк оорумдун зарпынан врачтар сиздердин бийик жайлоого барууга тыюу салышты. Кызматым кандай чечилерин да билбейм. Геолог тоодо иштөө керек, ага мен жарамсызмын».

Нурак эжелеп, кайра-кайра кайталап, Алтынайдын сулуу, майда кол жазмасын зорго чыгарды. Башка бирөөнү чакырып окутуудан арданды. Өздүк катта эмнелер айтылганын ким билет. Айылдаш кошуналары ушу кезге дейре Нурактын келинининн кыял-жоругун түшүнүшпөй аң-таң. Ара чолодо айылдаштары чунак келиндин кайын ата, кайын энесин күтпөгөнүн, баласын эмизүүдөн качканын аңазалашат... Жок, карыя небересин чоочун кыз жеткиргенине ишенбейт, «болбогон кеп!»

«Жапжаш келинди жайлоого чыгарбай турган не деген жүрөк? Кой, жомогун башка бирөөгө айтсын. Жайлоонун авасы таза, атыр жыттанып салкын, адамга жагымдуу экенин кыргыз баласынын баары билет го. А келиним жадаганда айылга да келалбады. Баракелде! Мейли, Батма боорукер катын ишене берсин, мен катына жооп кайтарбайм. О, каралдым Мусакем! Ушундай жалакай, оорукчал аял менен курумак белең».

Ал эми кеңпейил, акылман Батмачы? А дагы келинине таарыпдыбы, жокпу? Албетте, таарынган. Бирок, көптү көргөн акылдуу байбиче кээде адамдар калыстыктан тайып, бирөөлөр-

дү калпыс сындарын элестеткен. Алтынай тун перзентин бөлөкбөтөн чал-кемпирге таштаган жок го! Абышкасы экөөнөн бөлөк ким анын баласын бөпөлөп бакмакчы? А түгүл тууган апа ы да буларчалык бапестемек кайда? Азыркы жаш энелер, бөтөнчө шаардыктар өз балдарын эртең менен, анан кечинде көрбөсө, калган убактыларын кызматта отурушуп жана дүкөндөргө чуркап жүрүп өткөзүшөт.

Алтынай беш жыл катары окуп, институтту бүткөн соң кызматты таштамак беле. Анысын дагы эске алуу керек. Баягында аларды күтпөй кеткенинин себеби да белгисиз. Балким, чын эле оорудур, балким жазганы туурадыр, жайлоого баланы өзү жеткизе албаганы аныктыр? Ким билет! Бирөөнүн азабынан бакты табууну каалаган адам жарыбайт деген сөз бар. Мүмкүн, эгерде Алтынай соо саламат болгондо, аларга Аманатты койбос беле. Кантсе да эне... «Абышка экөөбүз канчалык сабылсак да, жалбарып сурансак да, чындаса бербеске чарабыз жок» — деген санаага Батма кыйла чырмалат. — Анда үйүбүз кайрадан аңгырап алла таалага сыйынып, өлүмдү гана тилеп калмакпыз».

Биринчи катына жооп келбеген соң, Алтынай экинчисин, анан үчүнчүсүн жөнөттү. Баары дайынсыз житти. Санаасы санга бөлүнүп, өзүн жооткотор шылтоо издеди. Арийне, Мусанын ата-энеси сабатсыз чыгаар. Мүмкүн. Анда жаштардан бирөөнү чакырып каттарды окутуп, жооп жаздыруу кыйынбы, аларга?

Жадеп карыяларына өпкөлөй таарынып, кат чийүүнү токтотту. Саламаттыгы кадимкидей оңоло түшсө, врачтын руксатысыз эле өзү жетип барууну чечти. Кур дегенде баласынын аман-эсендигин билип кайтпайбы!

Асыресе, Алтынай өзү тоого сапарчылоого азырынча кудуретсиздигин туюуда. Ден соолугу али оңоло элек. Күндөрдүн биринде кесипсиз калганын билди. Геологияга дарамети жетпестей. Көнгөн, тынч шаар тиричилигинде минтип үлдүрөп жаналакетинде жүрсө, геологиялык партия, тоо таш кыдырган саякат жөнүндө сөз козгомокчубу?

Кайрадан Алтынай таалайынын тайкылыгына кабыргасы кайышты.

## КОРГУЛДАГЫ БЕЙИТ

Алачыктын жанындагы там үйдөй төрт чарчы капкара сал таштын үстүндө тердикти жумшактай астына төшөп, мандаш токуна чокчойгон Аманат. Кемирчек колун чимирилте комуздун кылын жыбылжытып тилге кийирди дейсиң... Бүт теребел анын сөөмөйүнүн учтарында солкулдап бийлей баштагансыды. Чыгыштан көтөрүлгөн чоң шашкенин күнү зоо чокусунан эңилип,

токойдун башын кыркып, шар сууну, жашыл өтөктү жаркыта баланын мөтүрөйгөн жүзүн жылуу, жумшак аймалай эркелетүүдө.

— Кокуй кемпир, чака, көнөчөгүндү ал. Жүрү, бээ саан болгончо желе жакка, жылкычылардыкына баралы да, быякка киши жибербейли. Уулуң бугун жасып алсын. Комуздун кызыгына батканда бүт дүйнөнү унутасың. Карачы, мен чертпеген кандайдыр муңдуу күүнү боздотууда. Шырп алдырбай жылып жөнөйлү.— Нурак кемпирин ээрчитип, табышсыз нарылады.

Ырас эле Аманат бүт турпаты менен эрип, өгүнкү эненин ырын, жок, эненин гана ырын эмес, өзүнүн ата-журатынын өмүр баянын дилинен баяндоодо. Дилинен, сезиминен, жан-жүрөгүнөн куюлган бул алты сап ыр, чоң эненин муңдуу обону менен эми гана жаңы терендикти ачкандай, бүтпөс дастандай уланууда. Добушун жай созолонтуп чоюуда...

Булактын мөлтүр тамчысы аа...
Уулумдун керээз камчысы аа...
Тамчыдан дайра куралаар аа...
Тал чыбык бүрдөп буралаар аа...
Саябан кылып чал-кемпир аа...
Санжырга күтүп кубанаар аа...

Астындагы сал таш гана дуңкуюп туйбагансыйт. Калган чар тарабындагы көйкөлгөн жайкы жаратылыш бүт ага үн кошконсуйт. Неге ал башка күүсү жоктон бетер, булактын мөлтүр тамчысынан бөлөктү чертпейт? Неге анын купулуна бөтөн күү мынчалык татыбайт? О, анын ой-санаасын ушул тапта өзүнүн башка балдарга окшобогон жаралыш, өсүш-өмүр тагдырынан сырткары нерсе бура алабы? Ааламда ушундай азап менен жаралган, ардак менен багылган балдар көппү? Неге ал онго толгонго дейре, мектептин экинчи классын бүткөнчө өз өмүр баянын билбей эч капарсыз эркин чоңойду? Ага ким күнөлүү? Өзүбү? Жок. Чоң эне-атасыбы? Жок. Алар аны ыр менен, комуз менен көңүлүн куушак багышпадыбы? Анан ким? Аны төрөгөн, атын жакында гана уккан Алтынай аттуу кызбы? Сыягы ошо го. Ал неге Аманатты өз атасы өлгендөн кийин төрөйт?! Неге таштап кетип калат. Андай немени эне деп айтууга болобу? Жок. Эне деп багып өстүргөн, тилин, акыл-эсин төтөлөгөн аялды айтат. Алтынай дегенди экинчи кулагы укпасын. Анын энеси Батма кемпир гана. Андай мээримдүү эне болбос. Эне үчүн акылман чоң энеси Алтынайды жерге-сууга тийгизбей мактайт? Чын эле Алтынай деген татынакай сулуу кыз болгон экен э-э... Мени төрөгөн экен ээ. Сыймыктанаар байкем Мусанын жактырган колуктусу тура ээ. Ал Алтынай кайда болду экен? Неге келбейт. Неге мени менен сүйлөшпөйт, ойнобойт. Жо... жо... Мен аны таа-

ныбайм. Сүйлөшпөйм. А балким байкемчылап шейт кеткендир. Тирүү апа кантип баласына дарегин билгизбесин. Анда ал деле күнөлүү эмес го. Анан ким? Таптым. Муса байкем. Ооба, ошол. Жапжаш, күчтүү, билимдүү болуп туруп, неге эртелеп өлөт? Неге ал мени кичинемде Фрунзеде кол арабага түшүрүп чоңойтподу. Анан колумдан жетелеп балдар бакчасына алып барбады. Алтынай экөөлөп, шаардын дүкөндөрүнөн китеп оюнчук, сатып бербеди. Экөө ортосуна колумдан жетелешип мектепке ээрчитип барышпады. Карган эне-атасын бөпөлөп бакпады, кайра кан жуткуруп, ымыркай мени калтырып кете берген, ошол Муса байкемде күнөөнүн баары. Туура ошондо. Жок. Аны элдин баары мактайт. Энем айткандай кырсыкка, өлүмгө наалат. Атам, энем, ага-туугандарыбыз бүт мага каниет байлашат. Булактын мөлтүр тамчысы дешет. Булак байкем. Мен анын мөлтүр тамчысы. Тамчыдан дайра куралаар, деп жүрүшпөйбү. Мен Муса байкемдей азамат болушум керек. Кантип? Качан? Комуз черткенден, жылкы тоскондон, отун-суу алгандан, окугандан башка колумдан эчтеке келбесе... Неге мага мынчалык үйрүлүп түшүшөт. Неге башка балдардай эне, атам какыс-кукус кылышпайт? Мени таарынат, ыйлайт дешеби. Эч качан антпейм. Мен силердин ооздон түшпөй макталган уулуңардын ордун басаар бекенмин... Силердин эмгегиңерди актаар бекемин... Аманат атымды дагы үмүт менен коюпсуңар. Ошол үмүтүңөрдү орундатсам экен...

Аманаттын колу, көөдөнү комуз кылында арбалып мына ушуларды чертүүдө, баяндоодо. Аманаттын өнөргө зээндүүлүгү өзгөчө. Ал черткен күүнүн тактыгы, тунуктугу, буктурма асемининин кубулжуган байлыгы чоң атасы гана машыктырган жаш үйрөнчүк чындыгый эмес, дасыккан комузчу дээрлик. Ошол өзгөчө зээндүүлүгүнөн өгүнү энесин таарынтып ала жаздады. Комузунун мойнуна бадырайган үч көз мончокту таккан күн эле. Чу дегенде Аманат ар кыл түстө кулпурган мончоктор комузун кооздогондо чексиз сүйүнгөн. Анан кылдарын термей баштаганында негедир чалымын байкады. Кандайдыр бирдеме комуздун доошун кардыктырып какаткансыды.

— Ата, тыңдачы,— деди ал.— Комуз башкача унчугабы, же кадимкисиндейби?

— Нурак момурай көпкө тыңшап, жай кобурады:

— Э, бокчум, сага бөлөкчө угулбаса... Комуз кадимкидей эле. Ишен маа.

Карт комузчу Нурак баамдабаган кытырды кичинекей өнөрпоз даана сезбедиби. Аманат амал ойлоого мажбурланды.

Чачылуу жибек жипке тизилген көз мончокторду энесине жалбарып, жаздыгынын учуна кадатты. Бирок неге ошенттирген себебин айтпады.

Кийинчерээк Аманат комузу капкара сал таштын үстүндөгүдөй башка жерде шаңдуу, назик шаңшыбаганын боолголоду. Бир эле күү боз үйдө, суунун жээгинде, сал таштын үстүндө ар башка чыгат. Мобу сал таш Аманаттын баамында комуздун доошун шаңдантып, аземдүү күч жана чалкыган чабыт сүрөөнүнө коштогонсуйт. Дал ушул туйгуларын бала чоң атасына жобурады. Анысы көк ала мурутун чачырата мулуйду:

— Э, бокчум, жоктон бирдеңкелерди таба бересиң! Сал ташты өтө жакшы көрөсүң, шондуктан анын касиетин, сыйкырын арттырасың. Таш деген — жансыз эле таш да.

Кантсе деле чоң атасы бу сапар дагы жаңылганын билди, Аманат.

Арийне, бир нерседен Нурак жаңылбаган сыяктуу. Карыянын баамында күү өнөр — небересинин чардоочу дүйнөсү, сайроочу тили жана гурмушту кабылдоочу жөндөмү. Ар кандай сезим, ар кандай жүрөк толгоосу, көргөн-билгенин бакиси күүгө ийкемдүү буктурулат. Батма небересин атасы жөнүндө балким маектегенде, анысы дароо күүгө эриткенин Нурак тыңдап отурбайбы. Күү баланын зээнинен, угуп туйганынан, ой, мүдөөсүнөн жаралбадыбы.

Каш карайганда оттун табына алаканын кактап кыңкайган абышка Аманатынын төшөгүнө ары оонап, бери оонактап уктабай чабалактаганын көрүп, чырмыктай түшкөнбү деп чочулады:

— Не болду, бокчум?— Жамбаштай жылып небересинин төшөгүнүн четине отурду.— Неге уктабайсың?

— Билбейм,— деди бала.— Сенден бир нерсе сурагым келет. Ачууланбасаң, аткарсаң айтам.

— Ой, оозундан аалат дес-се? Качан мен саа ачууланчу элем? Айта кой...

Аманат атасына шыйпактап сакалынан сылай минтти:

— Атаке, мен эми чоңойдум. Энекем баки-жогун айтты. Кыңк этпей, байкемдин мүрзөсүнө алып бар. Көргөз. Ташта жазуу бар дейт окуюн.

Нурак небересине негедир кооптоно тикчие карады. Аманат ан сайын чын пейлинен айтканын далилдеп, мыкчыйып чың. Эки күндүн ичинде эки жашка чоңоё түшкөндөй сабырдуу. Чоң ата азыр аны оюнга жооткотуп кутулуу жөнсүз экенин туйду:— болуптур бокчум. Эртең эртерээк аттаналы. Апаңа айт. А да камынсын, айылдан эки-үч аял ээрчитсин. Боорсок, эт бышырсын. Кымыз артууга чаначты жибитсин, быйыл баламдын бейит башына да бара элекпиз. — Нурак чыт чапанынын этек-жеңин кагына тура жөнөдү. Аманат ата сөзүн апасына жеткизип, тез даярдануу дүрбөттү. Ал өзүчү? Кайда, эмне жасаарын билбей

тополон. Тигилер болсо го баласына тамак апарышат экен. А уулу Аманатчы... Кур кол барабы? Кишилерге акылдашуудан айбыгып, бадалдуу бетке чуркады. Тирүү Мусаны көрүүчүдөн бетер жүрөгү алеп-желеп. Эсине эки нерсе түштү. Бири — эл салты. Өлгөнгө топурак салуу керек. Колуна миздүү ташты кармап, жердин кыртышын оюуга, чөнтөгүнө жаңы топурактан толтура барып мүрзөсүнө себелөөгө, ниеттенди. Он жылдан кийин топурак салса ата-энеси не дейт? Тилдешпейт. Бирок жашышат. Аларды ыйлатууну Аманат эч каалабайт. Орто саар термелип, китептен окуган, баса бая күнү энеси айткан шаарлыктардын салты — мүрзөгө гүл коюуну эстеди. Ура-а! Эми тапты. Тоонун укмуш гүлдөрү бар эмеспи. Ошондон, солубай турганынан табуу керек. Шибердин арасынан кылактаган тегерек калпактай калдайган улар гүлдөр тез эле күбүлөт. Ага кол серпти. Томурандап бадалдан бадалды аралап, өр таянды. Өңү ачыгынан, сабы жоон, жалбырагы калың гүлдөн тапмайын кайтпайт. Демейде жылкы айдап, же ышкын уулап чыккандагы байкаган чоң гүлдөр кайда житкен? Күйүгүп жүрөгү ачышканга, тер булоолонгонго кайыл. Эптеп, кур дегенде бир-эки сабак тапса экен... Дайыма шашканда, зарылдыгы артканда издеген нерсең кычап, оңой менен колуңа тийбейт эмеспи. Карбаластап көрбөй атканбы, жанындагы эле бадалга көзүн бардап ачып караса, чаңкайган ак саргыл жана көгүш кош сабак гүл чок ортосу чеңде кылаюуда. Ыкчам жетип колун сойлотту. Тикенектүү бадал экен. Жеңин илип, манчаларын тытканга карабай өжөрлөнүп, гүлдүн сабагын зорго ажыратып, далайда сындырды. Дагы издейин десе, теребел күңүрттөнүп, күн батканы калыптыр. Эми кайсынысы гүл, кайсынысы бүр экенин айрып таануу кыйын. Майга бышкан нан, сорпо жыттанган тоонун таза абасын жиреп жылкы, айлын, өз үйүн көздөй анда-санда бир тие Аманат ылдый текирендеди.

Эртеси күн чыга төрт аял, эки эркек Мусанын бейит башына аттанышты. Карагайлуу бетти төөнөп куржун салынган Нурак, эки кол чанач кымыз артынган небересин ээрчитип төтө жолду кубалады. Ак жоолуктарын шаңкайтып, баркут кемсел, маасы, өтүк кийишкен аялдар алардын артынан чубоодо. Аманат оң колун жеңине катып, камчысынын боосун сол колуна, илип, негедир көңүлдүү. Анда-санда ышкырып, кээде кыңылдап ырдап коёт. Карагай боорундагы тоңкулдакка, бутакка учуп конгон чымчыктарга камчысын шилтейт. Чокмороктошуп шагы ийилген кыпкызыл четиндин ашын кол созуп, үзүп алат. Аттардын туяктарынын гана ташты карс-курс качыраткан дабышы болбосо, эч кимисинен үн чыкпайт. Сыягы мүрзөгө унчукпай баруу керек экен го. Кемселинин бүчүлүгүнөн өткөзүп, боорунда

булактаган кош сабак гүлүн анда-санда эңкейип жыттагылайт. Аны чоң кишилерден атасы гана байкады. Сүймөнчүлүк менен эле тагынып алды деп ойлоду окшойт. Сураган жок. Асман тиреген асканын түбүнө чак түштө араң жетишти. Аттарын шапшуп байлаштырышты. Шагын ийген чоң түп четин менен, бутактарын алда кайда жайган жапжашыл арчанын ортосунда таштан корумдалган дөбөнүн жанына тизе бүгүшүп, аялдар үлпүлдөп Нуректын оозун тиктешти. Нурак тизесине чепкенинин өңүрүн орой чөк түшүп, алакан жайып куран окуй баштады. Мыңдуу, уккулуктуу, ата үнүн сейрек эшиткен Аманат аягына чыкканча, көзүн башка жакка буйтап кароодон, а чындыгында жазуусу бар ташты издөөдөн да кысынып, кулагын делдейте тыңдады. Куран окулуп, бата кылышып бүтөөр замат, Аманат дөбөчөнүн чокусундагы ташты карайын дегиче энесинин заңкылдап коё бергеничи:

Жалама аска түбүндө э... ай,
Бөлөнүп арча түбүнө э... ай,
Кулунум Муса шер жатат э... ой.
Омкоруп түбүн алам деп э... эй,
Оолжута элди багам деп э... эй,
Кулаган уюл кен жатат э... эй.

— Кой кемпир кой! Андан көрөк дасторконунду жай, бата окуйлу.— Нурак түйшөлүп ордунан турайын деди эле, тыныга калган Батма анын кебин укмаксанга салып, ак шалы жоолугунун ээгиндеги байламын делбирете чечип, асканы мостоюп карады. Анан атасынын колтугунда колуна гүл тутумдап бөтөйгөн Аманатка бурулду. Батманы тегеректеген аялдардын бирөө;

— Шашпаңыз, жылкычы аке. Жеңекем бугун чыгарып алсын. Былтыртан бери келе элек эмеспи,— деди. Беркилер анын кошогун эле күтүп тургансып:

— Ошентсин! Ошентсин!— дешти. Батма көзүнө жаш алган жок. Жолдо ойлонуп келгенби, дагы асканы жаңырта заңгырады:

Кулунум Аманатың келди жаныца а-ай,
Эс тартканда сагына а-ай...
Банестеп багып чоңойттук э-эй...
Абышка, кемпир жалына э-эй...
Аманым, азамат болоор өзүңдөй э... эй...
Борбую толгон чагында э... эй...

Мына эми, аялдар жоолук учтары менен көзүн сүртүүгө дарманлары келбей, шолоктошуп баарысы Аманатка жабыла жалжылдашты. Аманат андан токтоналбай эчкирип ыйлап жиберди.

Нурак, олда байбиче ай. Олда байбиче ай» — деп, сакалын экчей башын силке, оңдонуп олтуруп, кайрадан кыраатын созуп куран окуду. Бу жолу кыска кайрып бүттү. Батма эне сурдана тамчы жаш албаптыр. Аялдар да тыйылды. Нурак өпкөсү көпкөн баланы бооруна кыса:

— Мына, Муса байкендин мүрзөсү. Тетиги асканын бурчундагы таштан чыгам деп тайгаланыптыр. Мобу жазууну окучу — мүрзөнүн наркы бетине жетелеп барып, бооруна коюлган жалпак ташты көргөздү.

«Нураков Муса»— деген чегилген эски жазууну Аманат а дегенде шыбырап окуду. Анан көпкө дейре ичинен кайталады. Атасынан, жарданган аялдардан жасканбай шар мүрзөнүн үстүнө чыгып кош сабак гүлүн корумга сайды.

Аманаттын көп нерседен көксөөсү сууду. Ага баары дайын. Мусанын мүрзөсүн көргөзүшүп, Алтынайдын аты-жөнүн кабарлашкандан кийин чоң ата-энеси ага мурдагысынан да жакын, а түгүл аянычтуу. Абышка-кемпирдин кармаган-тутканы жалгыз ал болсо, эркеликти токтотуу керек го. Карыяларга анын карааны гана эмес, адам катарына кошулганы кызыктыр. Баштагысындай моюнбаштарына оролуп жөөлөп, улкуп, жулкмайын азайтты. Чуркап отун суу милдетин алганычы. Жылкы айдап, бээ тосуп чымылдаганычы. Колунан келээр көмөгү ушул да. Ат минип жайыттарды кыдырып жокту издейин десе, жүрөгү өлгөн немелер алыска жылдырбайт. Эне-ата баланын зээниндеги өзгөрүүнү баамдашып өзүлөрүнчө күдүңдөшүп курсант:

— Кемпирим, бокчумду көп жумшаба. Эркин чоңойсун. Дээринде бар бала колунан келээр ишке өзү эле дилгирленет. Отун, сууну мен заматта камдайм. Сен деле өбөктөгөн кары эмессиң.

## ЧАБАГАНЧЫ

Жыл мезгили күзгө таянып, каникул билинбей өтүп жатты. Торсойгон тестиер жакында интернатына камынат, китеп, дептерге алышат. Эркин кулун, тайларга моюндашып, эне-атасына эркелеп, комузун сайратып, ар кыл нерсени ойлонууга чолоосу жетээр бекен. Үчүнчү класс оңой бекен! Кааласа дагы каалабаса дагы көпчүлүк жолдошторунун оболундай жашайт. Өткөн жылдагыда ар кыл жүрүштөргө, сейилге чыгат, оюн шоокко катышат. Кантсе да эл арасында көңүлдүү жүрөт. Ан үстүнө мугалима эжейи мээримдүү — айтор, аяйбы, же жалкоо балдардай кошумча түйшүк тарттырбаганын жактырабы.

Окуткан эжеси Нуракка жолугуп Аманатты шаардык интернатка которсо жакшы болоорун, зээндүү баланын өсүшүнө калаанын таалиминин күчтүүлүгүн айткан.

— Аякта азыр эң сонун мектеп-интернаттар бар,— деген мугалима,— балдар такай таасирдүү, такшалган тарбиячылардын көзөмөлүндө жашашат, окушат.

Нурак бул сунушту жактырбады. Аяктагы интернаттар канчалык мыкты болбосун, үйгө жакынына жетеби. Биерден бала кур дегенде бош күндөрүндө карган эне-атасына эркелеп, акылнасаатына балкып кайтат. А тыякка барса жекшембилик дем алышта жетип келмеги кайда.

Бирок, акырындап абышканын жан жүрөгүнө шектенүү сезими кылтыйып кирүүдө. Каралдысын өтө бөпөлөп эрке көндүрүп ийишпейби? Фрунзеде мектептердин дурустугун, жашоотиричиликтин кызыктуулугун ким гана билбейт. Анын небересинин биерден көргөн-билгени эмне? Дем алышка келген күнү кыйлага комузуна алектенет, же эпеси менен кобурашып отурат. Бар болгону ушул! Аякта миң деген менен жагдай башка. Муса жайкы эс алуу маалында үйүндө жүргөндө театрлар, кинолордон көргөн оюндары жана окуган китептери жайында тамылжый сүйлөөчү... Албетте, мындагы тиричиликти шаарга теңештирүү болбос.

Карыя нечен мертебе сөз арасына кыпчып, оюндагысын байбичесине ортоктошту. Ал а дегендеги чочуганындай кемпири баласынан бөлүнөрүн угар замат асман айдан кетип бейжаланбады. Батма макул, же жок дебестен үнсүз термелип, карама-каршы пикирдин туткунунда тытмакталды.

— Калаанын окуусунун жакшылыгы туйгунум, калайыктын бакпсине маалим. Деги өзүң байка, жытымды ушунчалык алыска кантип жиберем. Экөөбүздүн көргөн күнүбүз кантет? Балам азгырылбас бекен. Мындагы балдар го белгилүү...

— А мүмкүн, ал жерде тентектер болсо биздин уулдун таалимине көчөөр?— Нурак каршы чыкты.— Аманатымды тескери азгыруу оңой эмес. Сен антип келжирегенди кой э!

— Мейли, мейли,— Батма чоё сүйлөдү. Ошо сен айткандай эле болсун. Каалаганыңды жаса. Иши кылып, чандагайым атасын тартып окумушу күч адам даражасына жетсин.

— Шарт эттире бүтүм чыгара коюш жарабас,— абышка желкесин кашынды,— оңбогон кемпир, өзүң бил деп мага оодарып гана кутулгуң бар э.

— Ан үстүнө сен уулуңа кеңеше элексиң. Өзү каалабаса кантесиң? Каралдымды Прунзеге байлап-матап зордон жөнөтпөспүз, ыраспы?

Ушуну менен сөздөрү бүттү. Нурак колхоздун чоңдоруна сүйлөшүүгө ниеттенди. Арийне, алар кийлигишпесе небересин шаардык интернатка котортуу мүмкүн эместей. Укканына караганда аякка эне-атасы жумуштагылардын балдарын алат

имиш. Балаа баскырдыкы, атайлап өчөшкөнсүп жайлоого чоңдордон эч кимиси жолобогонун карачы. Же болбосо, кээде ат тезегин кургатпай үстөкө-бостоk келе беришчү эле го. Карыя эртелеп дүүлүктүрбөйүн деп Аманат менен акылдаша элек. Баамында небересi сүйүнөт. Ал теңдүү торсогойлордун кимi болбосун шаарга барып оку десе, так түйүлүп кубанаар.

Күндөрдүн биринде кайрадан Батмага чындап акыл салды:

— Э, кемпир, ары ойлоп, бери ойлосом эмкинин жаштары билим менен гана адам болот. Али алдан тая электе шаар тарбиясына, илимине кандырып алсак... Интернат деген бар. Ошого жиберсекпи. Ансыз деле уулум, кышында биз жылкы менен тоодо калганда колхоздогу мекгептин интернатында жашап окуп жүрөт. Бо кандайсың байбичем?— Нурак кептөн бери акылына түйүлгөн кеңешин кемпирине баяндады. Батма балпайган алаканын жайды:

— Менде эмненин кеби. Дагы бир нерсе болуп... Аманатым жанымдан алыстабай жыттатып коюп жүргөнү оң мага. Кийин да наалатына калбайын. Өзүң бил. Шаарга кетүүгө балаң көнөбү. Аа сүйлөш.

Ушу менен экөөнүн тең оозу жабылды. Нурак райондон, колхоздон активдер келип калса, небересин мектеп-интернатка өткөртүү жөнүндө кадырын салууну чечти. Аманаттын окуу, мектеп дегенде жанын таштаарын карган ата билет да. Маселе чечилмейин күн мурун баланы дегдетип кереги не? Шаар десе, эмкн жаштын кимиси болбосун сүйүнбөйбү. Андан көрөк, ыймандуу актив балдардын бирөө, эс алганы, же мал көргөнү, же кымызга келсе гана? Кээде жакалыктар өксүбөй малчыны жүдөтөт. Мындай күткөн учурда көзгө сүртөргө дары болгондору карачы. Карыянын омсондоп жол караганы өтпөдүбү. Күндөрдүн биринде эртең мененки желени байлап жатканда, капчыгайдан таскактаткан сур атчан суурулду. Жакадан түн катып аттанган уполномочендин бири экен деп Нурак сакалын өйдө көтөрүп чекчейди. Атынан тизгиндеп түшүрүп, дурустап меймандоого утурлай басты... Жакындай түшкөндө, чабаганчы, тантык Далбай экенин таанып, артына бурулду. Тиги түгөнгүр деле олчоюп ээрге батпай, бети башы тултуя аябай семириптир. Алда кайдан чулдурап кыйкырды:

— Оо, Нуйак аке, чайоом алекум. Качпа менден. Чоң кейет деп атын айууга камындың эле. Мени көйүп тескейи басма,— анысы аз келгенсип х-хы-лап үзөнгүнү чирене тээп чалкалап ыкшып күлгөнүн кантесиң. Чабаганчы ички ниетин буйтатпай билгенине, Нурак бир чети уялыңкы, экинчиден ыраазы боло, кайра кайрылды да, жайдандап кош колун сунду:

— Карыганым, алжыганым ошол. Сени алыстан тааныбай

калбадымбы. Көп жашайт экенсиң уулум. Түш эми атыцан. Жакадагы эл-журт аманбы?

Нурак атын мамыга байлап, кастарлап түшүргөн соң Далбайдын көңүлү дароо жибибедиби. Баты кете элек олчойгон жацы керзе өтүгүн күн нуруна жылтырата, кырылган күрөң чийбаркуттан чулчук шымын балбактата, топчулары үзүлгөн өңдөш көйнөгүнүн төшүн жагжайта, кепкасын чокусуна кондура эткел неме манталаңдап тыяк-быягына оой жылкычыга катар басты:

— Байсы аман-эсен. Нуйак аке, жакчы кабай менен келдим. Чүйүнчүмдү бейечиң. Ансыз айтпайм.

— Сүйүнчү?! берейин!— Нурак тык токтой, Далбайдын кызарып-татарган өңүнөн сүйүнчүнүн сырын окуучудай багжая тигилди.

Далбай — тфу!— тултук алакына түкүрүмүш этти.— Канжыгама эки чанач кымыз байайм де, очондо айтам!

— Байлайм.

— Бей койуңду!— Нурактын шадылуу арыкчырай манжасын дугдуңдап кысты:

— Убадаңы айдым. Бойду, хи-хи!— Далбай жүлжүйгөн көзүн жума бүт денеси менен солкулдап ыкшып, чөнтөгүндөгү бүктөлгөн кагазды сунду:

— Ме, бачкайманын каты. Байычы учунда жачылган.

Нурак катты албай туруп:

— Окуп жиберчи,— деди.

— Кой, кой, Нуйак аке. Чылдың кылганы туйасың. Тийим кейбейт катка. Өчүң оку.— Далбай көшөөрүп абышканын колуна карматты. Нурак этиеттеп калдыраган такта ак кагазды ачты. Көпкө үңүлүп түктүү эринин кыбыратып атып, Нур-а-к, а-к-е!— дегенди зорго окуду да, чала сабаттыгына өкүнгөндөй ак калпактуу башын чайкады:

— Басма тамгасы болсо, эптеп чыгарат элем. Өтө ийреңдетип майда жазыптыр. Тишим өтпөйт.

Далбай кайра мага сунабы деп шашкалактады:

— Ууйунуз, Аманат кайда? Очого окутчаңчы.

— Желеде кулун байлашып жүрөт,— деди Нурак колундагы жайылган кагаздын сүйүнтөөрү эмнеде экенин билбей тунжурап. Семизиң да курсун. Артына жалт карай албайт тура. Далбай тоң моюн букадай бүт турпаты менен имерилип, түнкү жайыттан келип желеде котологон жылкылардын арасынан Аманатты көрбөй туруп эле бакырды:

— Аманат! Аманат!— Ага тили так келгенине сүйүнө дагы,— Аманат!

...Сезимдин үнү да басаң чыгабы. Үчүнчү кыйкырганда аран:

— Иео!— деген баланын кулун доошу шаңгырады.

Бат кей, оочунду уйайын,— Далбай бу сапар кош колун ууртуна калкалап таманын көтөрө короозчо моюнун созуп кыйкырды. Чоң кишинин тантыгынын бир касиети тамашөкөйлүгүндө, көңүл ачаарлыгында го. Желеде кулун байлагандар, анын чакырыгын угаар замат шакылыктап каткырык жаңыртышты. Кара көз, тоголок жүзү, бөтөгөй эрининен тартып күлкүгө чайына, көгүлтүр спорт костюмчан Аманат топоң-топоң жеңил арыштап берки экөөнө жетти.

Атасы алиги кагазды сунду:

— Окучу, каралдым.

Чуркаган, бала аз-маз, энтиге токтоло, бирок, катты жайкы жамгырдай шатыратып кирди:

«Нурак аке! Мал жаныцыз менен аман-эсенсизби. Сизге чабаганчы чаптырганыбыздын жөнү бул. Биздин райондун борборунда өздүк көркөм чыгармачылыктын кароосу өтөт экен. Ага сиздин уулуңуз Аманат Нураковдун катышуусу зарыл дешип жатышат. Республикадан комиссия келиптир. Агер уулуңуз алардан өтсө, Фрунзенин өзүнө барып, республикалык кароого, комуз чертип катышат экен. Ошого эртеңден калбай камынтып Далбайга кошуп, комузун, кийимин кийинтип жөнөтүңүз. Колуңузда тыйын жок болсо, эмгек күнүңүздүн эсебинен биз быяктан уулуңуздун чөнтөгүнө салып беребиз. Кичинекей, жалгыз, анамуна деп шыктуу балаңыздын жолун торгобоңуз. Антпесиңизге мен ишенем.

Сизди өтө урматтоочу колхоздун башкармасы...»

Аманаттын жүрөгү алып-уча дагы дааналап түшүнтүүнү каалап, кайрадан катка үнсүз кадалды. Бети бышкан алчадай албырып, чекеси булоо тер. Ата, сакалын тутамдай, баланын көзү жазуунун аягына чыкканча кандайдыр түшүнүксүз ортосаар кылгырып...

— Кемпирди, энеңди чакырчы,— деди коңур гана уулунан катты ала.

Демейде небересинин эл-журт көрүп кагылуусун, шаардан тарбияланууусун дегдеген карыя, күтүлбөгөн чакырыкка тунжурады белем. Байбичеси экөө жалгыздап кеңешели дешти. Аларды калтырып, сыртка чыккан Далбай Аманатты чукул кошторду:

— Эне-атаң чени жибейбейбич дече, бойбо. Ыйла, өкүй, бакый. Аякка барганда чонундун байын көйөсүң. Өнөйүңдү элге көйсөткөнүң чонунбу, же үйдө отуйганың чонунбу? Мен сени алмайын кетпейм.

Тантык, баланы ары калчап, бери калчап үгүттөөдө. Аманатчы? Ал андан дал. А дегенде катты окуганда укмуштуудай сүй-

үнгөн. Анан атасынын кабагы бүркөлгөн соң, деми сууй түшпөдүбү. Андай жерге барсам эле дейт. Бирок эмне болот? Эмнени көрөт? Кайсы күүсүн чертет? Райондун борборундагылар колхоздогулар эмес да. Баланын комуз черткенинин несине таң калмак эле? Төтөн азыр энесинин ырынан бөлөк күү деле кулагында калдыбы, жокпу? Анын үстүнө Далбай тантык «чонун, чонун» дегенден башка дайындуу эч нерсе айтып бере албай койбодубу. Каттагыдай комуз чертип кайра келсе анын эмнеси сонун. Комузун үйүндө деле, мобереги кара таштын үстүнө олтуруп деле черте бербейби. Тигинтип ан үчүн ата-энеси кужулдашып олтурушса, барам деп ээленгени жарабас. Түк аларды таарынтпоого тийиш. Эгер өзүлөрү бар дешсечи? Анда кантет? Неге көпкө сүйлөшүшөт. Чай кайнамда Нурак боз үйдүн ичинен бакырды: — Эй, Далбай келгиле бери!

Далбай манталандап Аманатты жетелей кирди:

— И кемпир, абышка макулдаштыңайбы?

Нурак аны олтур дегендей төрдөгү шырдактын үстүндөгү көрпөчөнү жаңсады. Качан ал шыңгаа карыянын жанына доңкоё көчүк басканда сакалын салаалай минтти:

— Далбай иним, бир шарт бар. Эртең өзүм жакага уулумду ээрчитип сени менен кошо түшөм. Эгер башкармага сен экөөбүздүн кадырыбыз өтсө, ошондо жиберем уулумду. Болбосо оозундан айлансын.

Абышка уулумду алып өзүм кошо түшөм»,— деген соң Далбай ичинен жымыйды. Ондонуп, комдоно сыңар тизеледи:

— Кудай, уюптуйбу. Чакалдуу сиз, анан жакчы көйгөн чабаганчы мына мен боюп эки бийдей кичи ачтына байчак, кантип макуй дебесин. А чайтың эме Нуйак аке?

— Шартымбы?— Нурак кемпирине, анан уулуна багжайды.

— Поронзодогу ынтырнат мектеп бар тура, ошого Аманатымды малчынын баласы, эне-атасы, жайдыр, кыштыр тоодо деп чондоруна сүйлөшүп, окушка алдырса... Мына ошого өкмөттүн каалаган жагына жиберем уулумду. Жаки болбосо.

— Тууйа, тууйа. Окутам дегениң акый.— Далбай акылман кенешчидей мостоюп, абышканын колунан силкилдетти.

Аманат карган атасынын минткенине көзү коюулана буйтуйду. «Шаардын даңгыраган көчөлөрүнөн жалгыз адашам го... Кийинчерээк чоңойгондо жиберсең, атаке... Чоочун балдардын ичинде элендеп, силерди сагынам го...» Бала атасына, энесине суролуу жоодурады. Батма небересинин жүрөгү опколжуганын баамдап, сөзгө аралашты: — Жалгызга кудай жар. Жалгыздын жаны бекем дейт. Окуса, ошондой жерден окусун, Уулума учурашабыз деп абышка экөөбүз самолетту минип Поронзого сабалап барып турабыз. Бир сааттык жол экен эмне...

Канчалык өзүн келбээт кармайын деген менен Аманат бу жолу чыдай албай, адатынча эне, атасына кулачын жайды.

— Эркем, жытым, киши болом, бизди багам десең калаага бар! Илимин, өнөрүн ал!

— Муса байкең ошол борбор шаардан тарбияланган!

## ӨНӨРДҮН ШАРАПАТЫ

Уядагы чабалакейдин балапанындай сары жибек жаздык, ак шейшептен башын кылтыйтып, көзүн жумбай мемиреген Аманат. Мейманкананын чоң терезесинин үстүнкү допсолуу көздөрү ачык. Пардолору эки четине түрүлгөн. Тыштан деле үлп эткен жел кирсечи. Көмүттүн ичи дымып капа. «Жайлоо рахат элесиң да! Мына ушул маалда буердегидей шейшептен нымшымак турсун, жууркан жамынып серүүн гана уктайсың. Мейли, эртең менен турганымда душ деген үй мончонун чоргосун бурап сууну башыман ылдый электете шаркыратып куюнбасамбы. Кааласам самынды боржоктото жуунам. Боржойгон чачылуу сүлгүгө аарчынам. Ошентип сергип алам. Бах, десеңчи!» Муну ага бет маңдайындагы керебетте тескери карап, түйүнчөктөй бүрүшө уктап жаткан Жунус Шеров агайы көргөзгөн. Далистеш мончого адегенде өзү, анан Аманатты киринткен. Каалаган убагында жууна бер деген. Азыр туруп барып куюнуп келсеби? Окус шалдыр-күлдүрдөн Жунус агайы ойгонуп кетсе, уят болбойбу? А түгүл керебет качырабасын деп башка жамбашына которулуудан айбыгууда. Ай нурубу, же көчөдөгү электр шамы өчкөн эмеспи, шоолаланган жарык көмүт ичиндеги буюмдарды айра таанытууда. Шаардын керебеттери да бөтөнчө, такта сыяктуу жалтыраган күрөң жыгач. Айылдагы өзүнө тааныш темир керебеттерден жапыс. Бирок негедир жайлуу, кооз. Экөөнүн ортосунда керебетке өңдөш үкөкчө (тумбочка). Анын үстүндө койкойгон жашыл телефон. Колуна жакын турсун дегенби, үкөкчөгө Жунус сыңар балдагы менен, таягын жөлөп коюптур. Терезе жак бурчта дагы тиги буюмдарга түстөш заңкайган кийим салгыч үкөк (шифонер). Андан берээк тегерек үстөл, отургучтар. Баарысын бир жыгачтан жасаган көрүнөт. Не деген укмуштуу жыгач? Шеровдун жогору жагындагы дубал бетинде колуна китеп кармаган чыптамачан кыздын сүрөтү илинүү (Чуйковдун «Кыргыз кызы») ...Бул көмүткө канча күн жашаар экен?

Жай гана көшүлүңкү көздөрүн чапталтырды эле, сакалын сербейтип атасы жанына пайда болду. Ал уулунун бетин кычыштырып өпкүлөп, кулагына катуу минтти.

— Муса байкең, так ушул борбор шаарда тарбияланган!

Аманат дароо чочуп, көзүн бакырайта ачса, жанында атасы жок. Баягы эле көмүтү. Телефон коюлган үкөккө жөлөнүү балдак, таяк... Шеров бүрүшүп шейшеби ачылып, эти булайып кызык уйкуда.

...Өгүнү атасы, чабаганчы Далбай үчөө тең кымыз артынып жакага кыштакка түп-түз эле колхоздун башкармасыныкына түшүшкөн. Башкарма Аманатты Фрунзеге мектеп-интернатка өткөрүү далаалатын мойнуна алган соң, атасы ошондо ийиген:

— Болуптур. Барсын уулум, ырайондун сынтырына. Жараса жарар, жарабаса комузун чертип топоңдоп кайра келээр. Балага эмне шам. Далбай акеси тоого жеткизип коёт.

Далбай ошерден жирей теминген:

— Ананчы, ананчы, бачкайма учу бачтан убадасын бейчин. Түнү менен жеткийем.

Нурмат колун көтөрүп, токто дегенсип, башкармага акыркы жолу минткен:

— Агер башкарма, кур убада кылып, баламды окууга өткөзбөсөң, ушул баштан ачыгыңды айт. Анда малдан бошот. Бу кыштактагы тамыма көчүп келип, уулумду буердин мектебинен дурустап окутайын. Болбосо, шаарга өкмөт колуна табыштаган оң. Жаткан-турганы таза. Маалы менен тамак ичет. Шаардын окуусу да күчтүү. Муса деген уулум ошо шаардан киши болгон.

Башкарма атасынын манжасын кысып:

— Сөз бирөө аксакал! Колхоз, райондун милдетин алам. Бар документтерин даярдап жөнөтөбүз. А окус Фрунзедеги комиссия бирдеме дешсе айла жок,— дегенде атасы баржактап жүйөөгө көнгөн.

— Болуптур, болуптур. Колхоз, ырайон жиберсе, Поронзо малчынын уулунун ынтырнатка өтүшүнө каршы чыкпас.

Атасы а түнү башкарманын огородундагы бактын түбүнө төшөк салдырып, Аманатты койнуна алып жатты. Ошондо Аманат, асмандагы быжыраган жылдыздарды карап, дал эмкисиндей кирпик какпай атанын акыл-насаатын тыңшаган. Андан көнүлүнө түйүлгөнү булар: Поронзого ынтарнатка өткөндө бизди сагынып ыйлаба. Барып турабыз. Кыш, жаз, жай каныкүл дегенге тарап өзүң да келесиң. Муса байкеңди дале адегенде Поронзодогу номуру беш деген ышкөлгө бергенбиз. Анан ынстутка өзү өткөн. Барып турчумун. Ошо номуру бешин деле, ынстутун деле Поронзого барсам тааныйм. Адам болом десең окуудан качпа, жалкоолонбо. Шаарда шум балдар да бар. Аларга жолобо, жолоюна түшпө. Муса байкеңди тарткыныңы. Сен анын төлөмөлүсүң. Зээндүү балдарга достош. Маалимдериңдин көөнүн оорутпа. Тапшырмасын так аткар. Муса байкең дал ошол Кыргызстандын борбор шаарынан тарбияланган!..

Көчөгө түнкүсүн чыкпа... Шаардын тамагы чөп-чар аралашып даамы башкараак. Ага көнгөн адам шайдоот жүрөт дейт... Дагы далай нерселерди жылдыздуу түндө эшикке койнуна кысып алкымынан, мандайынан жыттагылап кобураган.

Райондук сыноого колхоздон кары-жашы дебей деле көп киши дүрбөп даярданып жатышыптыр.

Шаттыкты сүйбөгөн жан барбы. Өнөрпосторго аралашканы Аманат бөтөнчө бир керемет дүйнөгө дуушар болгондой чадырандады. Чоң атасынын калдайган комузун көтөрүп чыкканда аны алкабаган адам жок. Залдан:

— Ий мойтойгон ананайын.

— Жакшыдан калган керез да.

— Өмүр берсин,— деген үндөрдү эшитет. Комузун кезек келээрден мурда эле күүлөп коёт. Качан жарданган калайыкты көргөндө кызарып сүрдөп кетет да, клубдун кең сахнасындагы жападан жалгыз бийик олтургучка жамбаштап таянып атып араң олтурат. Ал антип тырмышканча тыяктагылардан күлкү да чыгат. Неге ага жапыс олтургуч коюп беришпеди десең. Өз жашына караганда Аманат чепейип өтө кичине, арыкчырай. Комузун чала баштаганда анын көзүнө башка эчтеке көрүнбөйт. Жайкалган шибердүү журттагы атасынын боз үйүнүн капталындагы сыйкырдуу капкара сал ташынын үстүндө кадимкисиндей ээн эргип отургандай, зээрденет. Аны карагай чердүү капчыгайды жарып, көбүктөнгөн тоо суусунун шылдыры комузунун кайрыгын коштогондой элиртет. Күүсү менен гана алек. Безилдетип жыргалга батат. Күү аяктаар саат дүрүлдөгөн кол чабуу кайрадан сүрдөтөт. Олтургучтан ыргып түшүп, күүлдөгөн залга жүгүнүмүш этип топондоп жөнөйт. Жар салган келин, аны эркелете кучактап, кайрадан сахнага чыгарат. Элдин көзүнчө эңкейип кулагына шыбырап кайсы күүнү чертесиң деп сурайт. «Маш ботой», «Кара өзгөй», «Камбаркан» үчөөнүн бирөөн айтат. Оюнда калкыса да энесинин «булактын мөлтүр тамчысын» атабайт. Алты саны бүтүн адам жок да. Аларды мунга чөмүлтүү уят эмеспи. Энеси экөөнүн мунун үйдө чертүүгө мүмкүн. Топто: Карамолдо, Атайлар черткен күүдөн шаңкылдатканы өтөөр. Ошентип төрт күн удаасы менен айылдаштарынын алкоосуна бөлөнүп, чоң машина толо кылакташып колхоздун шайырлары районго келишти. Даңкайган кызыл тунукелүү аппак тамдар, алардын боорлорундагы айнектүү алкактарда «Райком», «Райатком», «Прокуратура», «Раймаданият бөлүмү», «Байланыш конторасы», «Райпо», «Ашкана» деген сүрдүү жалтырак жазуулар; чандуу, кең көчөлөрүндө догдогон кишилер. Карагайларга тартылган катар-катар радио, электр зымдары, бурчтарда самоордой койкойгон муздак булак суусунун чорголору (водо-

провод)... Аманаттын көзүнө колхозунун кыштагынан айырмаланган белги катары урунууда. Райондун кичинекей мейманканасынан ичкериден келген уполномочендерден орун ашпайт имиш. Тууган, тааныш издешип, күнүгө ар кайсы үйдү жүдөтүп, топурап түнөп жүрүшөдүбү. Алардын колхозунун шайырларына сыноо башталгандан кийин экинчи күн дегенде мөөнөт тийди. Маданият үйү заңгырап жасалгалуу экен. Аманат аердин сахнасына чыкканда баягыдай эле бийик олтургучка тырмышып олтурду. Бирок залдан күлкү угулбады. Комузунун кулагы менен капкагына кулачын керип, күүлөмүш этип залды караса... чачтарын таранган, жеңдери чолок, ачык жака көйнөктөр кийген залкайган эле немелер олтурушат. Булар айылдын адамдарындай көңүлдүү эмес, суз. Арт жактагылардан топураган дабыш чыккансыды. Алдыдагы залкарлар кол да чабышпады. Қыясы сынай турган комиссиялар ушулар окшойт. Аны сахнадан жылдырбай үч күүсүн удаа черттиришти. Дайыма мектепте, колхоздо концертке катышканда:

— Бали, жарайсың!— деген коштоо, аягында кол чабууга көнгөн кичинекей комузчу, үчүнчү күүсүн ойноп бүткөндө шалдырап олтургучтан араң түшүп, топурак мурунданып шалкы басты. «Жарабай калдым. Жактырбай коюшту мени. Мейли. Эртерээк салкын жайлоого, атама кетсем экен»— деп кусадарлыгы артып, төркү бөлмөгө кирип олтурду. Жан алакетке түшүп, чыгууга камынгандар менен, дал өзү сыяктанып шалкайып кайткандардын эч бирөө ага көңүл бурбады. Ошондогу жанына баткан ызалык ай. Тим эле эчкирип ыйлагысы келгеничи. Жаңылдыбы. Жо-ок. Сыноочулар үн катпай, алакан чаппай тымпыйышкан сайын аларды козголтууга аракеттенип, баштагысынан да күчтөнүп, дааналап чертпедиби. Күүгө эрибеген адам болбойт дечү эмес беле. Таш жүрөк немелерби. Тажаганда сыртка чыкты. Көчөдөн машина күтүп, эптеп колхозуна барса, Далбай акеси чулдурап тоого жеткирет. Эне, атасы анын аман-эсен жеткенине сүйүнүшпөйбү. Райондун борборунан кур кол кайтабы. Чөнтөгүндө акчасы деги бар. Кур дегенде момпосуй, печенье ала барбаса уят эмеспи. Жазы көчөдөгү кырка дүкөндөрдү кыдырды. Бирине, кирсе жалаң эле тигилүү кийим-кече. Өзүнө чактары да турат. Бирок, кымбат. Мурутчан дүкөнчү баалуу буюмдарды балага ишенип көрсөтпөйт го. Атасы чөнтөгүнө сологон акчасын бүт суурсачы. Қой. Тамагына, майда-чүйда керегине жумша дебеди беле. Окус жетпей калса, осол болоор. Андан, көрөк, ашканага кирип, лагман жеп алсачы...

О көптө араң, андан чыгып, катардагысына баш бакса, китеп-кагаз дүкөнү экен. Жым дей түштү. Мында ылайыктуу буюмдар көп тура. Үчүнчүнүн окуу китептерин сураса, сатуучу

аял,— мектептен аласың — деди сурдана. Кызык, райондун кишилеринин баары эле, адамга кагажытып мамиле жасашабы. Текчелерде кырка тизилген кооз китептердин аттарын кайра-кайра көзү менен окуп:

— Пушкиндин, Тоголок Молдонун жомокторун, анан дагы тиги Токомбаевдин «Таң алдындасын» сатып алууга мүмкүнбү? Карыган ата-энеме...— сатуучу аял сөзүн бүтүрбөй.— Келе акчаңды,— деп колун сунду. Майдасын кайтарып китептерин бапестеп кагазга ороп карматты.

— Мынакей жигит.

Аманат чочулагандай эмес, илберинки аял белем. Же акча чыгарып пулун алганына ийий түштүбү. Айтор таң. Кудуңдап босо:ону аттаар замат, бирөө аны каруудан апчый кармады:

— Жүрү, кибиреп кайда жүрөсүң?

Колу ооруксунуп башын көтөрсө, атын билбейт, жакында солдаттан келген, тайраңдап жер тепкилеп бийлеген айлындагы эме.

— Биздин коллектив бүттү. Комиссиянын мүчөлөрү сени жердин түбүнө житсе да тап дешти. Издеп жүрөм дейсиң.

— Барбайм, барбайм! Үйүмө кетем.— Жаны кашайып турган Аманат коё бер дегендей булкунду. Тиги карылуу неме баланын ызалыгы менен кусалыгын кайдан түшүнсүн. Мурунку дейсиңби, эми шилиден алып түрткүлөдү:

— Бас, жашабагыр десе! Комуз черткенди бил. Концертке катышканды бил. Анан качам дейсиң ээ...

— Кой бер. Кой бер! Жиндисиңби?!— Аманат бышактап чындап ыйлады. Солдат аны ой-боюна койбой, ыйлаткан боюнча маданият үйүнө сүйрөп киргизип баркырады:

— Бу жарбагыр качып кеткен атыптыр. Өжөрлөнүп болбойт.

Ошондо өпкөм көөп калыптыр, көпкө чейин солуктаганым ай.

Бирөө жаныма тык-тык басып келди да, жумшак алаканы менен куду атам сыяктуу маңдайымдан сылагылады:

— Үйүңдү сагындыңбы?

Мен башымды чайкадым. Элдин көзүнчө сүйлөшүүнүн кажети жоктугун байкадыбы.— Силер кете бергиле. Өзүм пикирлешем бу жигит менен,— деди. Эл эшикке дүрбөп чыгып атышты. Алиги тыкылдата басып келген киши менин манжаларымды бириндете укалагансыды. Бу кандай мээримдүү неме. «Бала, жарбагыр» дөөнүн ордуна жигит — деди. Демек, жигиттик кайратым гана? Кап, жанакы солдат этимди оорута кармабаганда, сүйрөбөгөндө ыйламакчы деле эмесмин. Ызакорлугум жаман да. Андан мурда эле ызалагым кармап араң турбадым беле. Кошул-ташыл болуп кетпедиби. Атам укса эмне дейт. Үстүмө үй-

рүлүп түшкөн бу ким? Жашым кургады. Өпкөмдүн көпкөнү, көзүмдүн ысып-күйүп шишигени гана бетиме чиркөө. Бакиси кетишти окшойт. Табыш чыкпай калды. Кайраттанып башымды көтөрсөм... Сол колтугуна балдагын таянып, тизесинин сыртына карай бүктөлгөн ошаяк бүтүн соройтуп, мынабу мандайымдагы керебеттеги киши сыңараяктап туруптур. Кыздыкындай апакай, ничке салааларын шап ээгиме коё жүзүмдү өзүнө буруп, мага тике жаркылдай карады. Саргыч, арыкчырай жүзү, жүгөрүдөй барсайган мандайкы алтын тиштери мага небактан берки тааныштай сезилди:

— Уялба бөбөгүм. Мен Жунус Шеров деген артисмин.

Ооба, ооба. Эми эстебедимби. Нечен жолу колхозго барып комуз, кыяк менен ырдаганын көргөм. Патефондун табагында канча ырлары бар. Овону Шеровдуку деп, радиодон эшиткеним канча. Овону Шеровдуку деген далай хорлорду, жеке ырларды балдар ырдашат. Ошол Шеров ушул эмеспи. Аны эс алууга (пенсияга дегени) чыгып, райондук маданият үйүн башкарууга шаардан көчүп келди дешкен. Айылдагылар кээде, Фрунзенин филармониясынан биздин райондун артистери кем сокпойт. Шеров оңдоду дешкенин уккам. Мына кызык. Шеров мени эмнеге жалгыз алып калды. Акылым айран. Анын кубанычтуу көзүнө уяң тигилгенсидим. Ээгимден көтөрүп турса, анан кантем. Жумшак үнү менен ырдагандай унчукту.

— Бөбөгүм, колхозундан келгендердин ичинен жалгыз сени жараттык.

— Жалгыз!— Коркуп кеттим. Коркконумду өңүмдөн баамдаган чыгаар.

— Анын эмнесинен чочуйсуң. Эл намысына жароочу жигит бышык болуу керек. Робертино Лорретто дегенди билесиңби?

Чучукка жеткире кулундай шыңгыр үнүн созуп ырдаган Робертино Лорреттону радиодон бир нече мертебе уккам. Пионер газетасынан окугам. Шар жооп бердим:

— Италиялык ырчы балабы?

— Ооба. Мындан үч-төрт жыл мурун дал сенин жашында өз району гана эмес чет өлкөлөрдү кыдырып ырдап, бүт дүйнөгө атагы жайылбадыбы.

Күтүлбөгөн мисалдан мууна түштүм. Ырас эле Робертино ким, мен киммин! Атамын комузун чертип, үйгө, андан ашса айылдагыларыма эптеп эрмектикке жарайм. Тамашаң кур. Жана мостоюшуп, жактырбай олтурушат дагы эми минтишкен эмнеси. Шеров убадашалы дегенсип колумдан кысты:

— Сени мен таптайын, машыктырайын деген үмүттөмүн. Ага көнсөң, ыйлабай турган болсоң, алып калабыз. Билип турам, жалгыз кантип калам деп коркуудасың.

Ай билгичтигине баракелде. Оюмдагыны айтканда ооба дегенсип башымды ийкедим.— Өзүм жаныма коштоп жүрөм. Комузда ойноонун (чертүүнүн деген жок) техникасын үйрөтөм. Анан...

«Техникасы»— ал эмне дегени. Техника — ар кыл машиналар эмеспи. Комузга техниканын не тиешеси бар. Ыр, күү деген өзгөчө... жаңындын керемет сырын сыбызгытат. Анын ар сөзүнө кыялымдын чабыттаганы ай. Айылдаштарымдан бөлүнүп Шеровго сагаладым. Бул мээримдүү адам балдагын таяна эргий ылдам арыштап, мени бир короого ээрчитип кирди. Үйүбү десем мекеме. Наркы эшиги ачык кең бөлмөдө шакылдатып кол-колуна тийбей машина тиккен аялдар. Көп өтпөй шыпылдаган болук жигит, сызма кезин менин мойнума ороду. Кытыгым келип мекирене чоюлдум эле, ага кылайып көңүл бурсачы. Шып, шуп башымды, далымды, белимди, колу-бутумду кездеди. Бул эмнеси? Ченегичи мындан, Шеров агай андан үндөбөйт. Кыясы тиги уздарга кийим тиктиришеби. Үстүмдөгүлөрүм бүп-бүтүн, а тургай күрөң кастюмум, сарала көйнөгүм, боз ботинкам — бакиси тең жапжаңы. Кепкамдын гана калканчы сынып калган. А деле жаңы. Атам дайым эле дүкөндөн даярын сатып берүүчү. Минтип ченетип көргөн жан эмесмин. Шеровдун сол колтугундагы балдагынын өз бутундай илбериңкисичи. Тактайды тык ура, чыгууга бурулганда артына кылчая унчукту:

— Эң акыркысы ушул «аксакал», бүрсүгүнү эртең менен жөнөйбүз. Качан даяр болот?

Алиги ченегич жигит сызма кезинин ар кай жерин чымчып кармаган боюнча, кагазга нукулаган калыбын жазбай:

— Сиздин заказды бүтүрүш үчүн түнкү сменде иштөөгө туура келип жатат. Бу бала ченебей ак койсун! Эртең менен даяр болот!— деди темирдей бекем доошу менен.

Шеров агай шар төкүрөндөп жөнөдү. Мен анын артынан желе жортоо топондодум. Жунус Шеровдун сырткы мамилеси мага өтө жылуу, бирок ички сыры чечилгис табышмакай. Эмнеге мага ачыгын айтпайт? Же мен чаргытып сүйлөгөнүн баамдагандай чоң киши болбосом. А балким мени барысын түшүнөт деп жаткандыр. Кайдан... Сурасам олдоксондугумду билгизем. Чыдайын. Кечинде үйүнө апарып, меймандап кондурду. Оозгу үйүндөгү диванга уктап жыргай түштүм. Айылдан келгендер болуп топурап жүргөндө, беш алтообуз чогуу, кээде бүкүлү, жерге жайылган төшөккө сулачубуз. А бакибизге конгон үй керебетти кайдан тапмак. Жүргүнчү башына керебет мындай мейманканаларда гана жетиштүү тура.

Эртеси күн нуру терезеге себелээр замат, сергилең ыргып турдум. Идиш салган шкафынын үстүндө тегерек саат. Саат

бештен араң өтүптүр. Кайра жаткым келбеди. Калдыратып сыртка чыктым. Жарыша азан чакырган короздордун ызы-чуусу. Алыскы көчөлөрдөн дүрүлдөгөн машиналардын дооштору. Адамдын бирин-серин кобур-күбүрү. Билинээр-билинбес таңдын серүүн жели. Жакага келгени буулуга түшкөмбү. Жайлоодогудай жылкы тосуп кыйкыргым, ырдагым келди. Токтоно албай акырын жылып кирип, комузумду көтөрүп чыктым. Коргондолуп тосулган огородундагы жалбыректарын калдайткан капуста, картошкасынын арасындагы чакан скамейкага олтурдум да, комузумду кылдырата баштадым. Акырында кызып олтуруп шарактатып ийсем керек. Бир маалда:

— Эле, эле, безилдет уулум,— деген сүрөө кулагыма шак этти. Жалт жанымда балдагына сүйөнүп, жеңи чолок ак көйнөкчөн Шеров агай туруптур. Дароо токтотуп ыргып турдум. Шеров эңкейип скамейкага куйругун коюп, комузумду колуна ала зың-зың күүлөй: — Аманат уулум, күүнүн маңызын гана кууп, абышкадай үнкүйүп, баш көтөрбөй, кирпик серппей чертет экенсиң. Аның түшүнүктүү, устатың чоң тура. Эми сен элдин алдында ойнойсуң. Артистик техниканы өздөштүр. Масөлен, мына момундай олтур, мындай черт.—Артына кайрылган сол тизесине оң бутун кайчылаштыра коё, комузду санына такай, залдагы угуучуларды көргөнсүп маңкая кашын серпе карады. Анан колун ойку-кайкы чимирилтип, кээде комузун тыңшай, кээде өйдө жалт бурула күүнүн ыргагына түйүлүп, чоюлуп дегендей кабаккаш, өңү-түсүн кубултуп олтурган ордунда комузу менен кошо бийлеп тургансыды. Көзүм жалжылдап суктана кадалдым.

— Мына, техника дегеним ушул. Үңкүйүп эле кылды тырмалай берсең күүнүн кадырын билген уюп түшүнөт. Ал эми артист элдин жүрөгүн гана эмес, көзүн да арбап алууга тийиш. Сенин сөөгүң да ката элек. Тим эле чимирик аттыргын. Бирде күүнү тыңшасаң, бирде элди жалт кара. Бүткөн боюңду эркин коё бер. Күү менен кошо эрисин. Кана башта.— Шеров мандайыма туруп, тигинт, минт. Токто! Башта! Оңдонуп олтур! Көтөр башыңды!— деп эркелете да, катуулай да машыктыруу сабагын өттү. Кадик уста, чоң шашкеге чейин мени тыным алдырбай комузда «ойноо техникасын» үйрөтүп кара терге чөмүлтө аябай ийледи. «Техниканы» жаман, же жакшы өздөштүргөнүмү ачык айтпады. Тамактандырып, кечээки тикмечилердин мекемесине алып барбадыбы. Айткандай болжолум туура чыкса болоорбу. Таш күзгүлүү бөлмөдөн мага үлпүлдөгөн саргыч жибек көйнөк, жака, жең учтары саймаланган көк баркуттан кемсел, шым, башыма кызыл макмалдан оймолоп кыюулаган апакай калпак кийгизип... Ченегич да, Шеров агайым да акча доолашкан жок.

— Мына улуттук кийим. Торсойтуп көркүндү ачты. Кичинекей артисим.— Шеров кең көчөдө ээрчите басып, далыма таптады.— Бүгүн тандалган өнөрпостор райондун жетекчилерине жөнөөр астында, акыркы репитициябызды көргөзөбүз. Сахнага чыкканыңда мен окуткан техниканы колдоносуң. Эртең Фрунзеге жөнөйбүз!

— Фрунзеге!— чаңылдап кыйкырып ийдим. Шеров бей капар гана секирип маданият үйүн көздөй шашып баратты. Кап, кечээ билгенде атама айттырып ийбейт белем. Деги менин Фрунзеге кеткенимди укса экен. — Ойго чырмалып, кыбырап артта калыпмын.

— Аманат, эмне болду?—небак узаган Шеров мага бурулду.

— Фрунзеге барарымды атам билбей калды,— дедим кыңырыла.

— Билет!— Өкүм унчукту да, Шеров агай кайра тыкылдатып адымдады. Мен текиреңдеп бучкактадым. Укмушуң кур. Өзүм араң бүгүн угуп олтурсам тоодогу атам каяктан билет. Бу не деген ажайып киши. Качан, кантип атама билгизди. Ай таң, ыйлабасын деп, айтып жатат го... Мекемелерди карай нары-бери, папке көтөрүнүп өткөн кызматкерлер мага жалт бурулуша, кээси ачык эле:

— Карачы, балага сонун, жарашат экен,— дешип менин жаңы кийимимди жактырып карашууда. Мараният үйүнүн оозуна жеткенимде топтошкон балдардын ичинен бирөө топ менен жамбашымды уюта урду:

— Карасаң муну!

Көзүмдөн от чагылыша бүрүшүп олтура калдым. Бутуна сандал илип, майка, трусычан гана сүзөнөөк козудай көкүлүн уюлгуткан, жалаң эти күнгө күйгөн мен катарлуу кара бала тарталандап аттап-буттап жаныма жетти:

— О дос, санына доо кеткен жокпу. Тура кой, сыланып кийинген кичине артист. Тура кой — деп, баркут кемселимдин өңүрүн күбүп, колтуктап өйдө сүйөдү. Бул кандай боорукер бала деп, айланып карасам, мени ургандын өзү. Тыякта топтошкондору анын айлакер шылуундугун жактырыша шакылыкташты:

— Жарайсың!

— «Артисти» а дегенде майладың, эми жайла...

Алиги тартайган тигилерге, муштумун силкти да, — мени колтуктап басымыш этип, ачык каалгадан ичти карай далымдан апчый түрттү:

— Давай, жөнө! Өлбөйсүң!

Калаадагы хулиган дегендер ушуларбы деп да ойлодум. Көчөнүн чаңында үстүнө жеңил бирдемелерди илген куунак тестиерлер менин жасалгалуу киймиме ичи күйүштү окшойт. А

балким шылдыңдап жеришкендир. Мейли, буларга каяша айтсам, токмок жегендеймин. Үн дебедим... Анан өзүмчө көчөгө жалгыздап басууну койдум...

Бүгүн республикалык сыноого биздин райондон элүүдөй ырчы, комузчу, куудул келдик. Шеров агай экөөбүз гана бу «Ала-Тоо» мейманканасына орноштук. Калгандары башка мейманканаларга кетишти.

Ка-ап, күндүз болсо эмне... Түнкү Фрунзеге жакындаганда, дүкүйгөн жашыл бак менен көздү уялта жаркыраган миң-сан электр шамдарынан бөлөк эч нерсени ажыратпай калбадымбы. А шаарды аралаганда зымылдаган түп-түз жарык көчөлөрдөн атамдын үйрүндөгү оюн салган жылкылардай ойку-кайкы чубашкан чоң-кичинелүү машиналардын арасында, биз түшкөн автобус бөжүрөп, чоочуркагансып, бирде силкине тык токтоп, бирде октос берип жарыша чимирилип көңүлүмдү ошол алаксытпадыбы. Зоокадай таш үйлөрдүн жайык терезелерин, сап-сап-шоодай мырза теректердин арасындагы тасма жолдордо догдогон, тоолуктарга такыр окшобогон; кийимдери, өңдөрү ар түркүн адамдарды чалдыктырдым. Менин байкем Муса да кезегинде дал ушулардай сыланып, Фрунзенин электрден шуру таккан бактуу көчөлөрүндө кээде өзү, кээде Алтынай менен баскандыр... Мен да ошолорчылап шаардан тарбияланып, кечки жарыкта керилип басар бекемин... Азыр деле туруп мейманкананын үчүнчү кабаттагы бөлмөсүнүн терезесинен карайын дейм. Шеров агай окус ойгонуп кетсе, уят болом го... Шеров агай неге тез тырп дей түштү. Ага Фрунзенин анчейин кызыкчылыгы жок го. Жолдо карата көчөдө андай жүргүлө, концертти мындай аткаргыла деп оозу тынбай келбедиби. Майып неме ошого чарчаган го. Эс алсынчы. — Мен да куш жаздыкка башымды чөмүлтүп, кирпигимди жумдум.

## БОРБОР ШААРДА

Аманат эңсеген жеринде. Муса байкеси тарбияланган борбор шаарда. Кечээки тилек, бүгүнкү чындык. Демейде, төтөн, атасынын насаатынан кийин Фрунзеге жетсе эле, акыл-эси жетиле, чоңоё түшчүдөй демөөрдөнчү. Кана, анысы. Баягы эле Аманат. Жашыл бактуу, көчөлөрү салаа-салаа түз, түнү боюна караңгылык жуутпаган, адамдары түмөн, кооз калаада ал таптакыр кичине, белгисиз. А тургай терек, эмин даректарынын жыштыгынан таманына күң тийбеген Дзержинский бульварынан башка көчөнү да тааныбайт. «Ала-Тоо» мейманканасынан борборго, театрларга түз ошо жашыл капчыгайдын түбүндөгү асфальт жолун өрдөгөндө улуу тоо койнунда жүргөндөй сергий

түшөт. Атаганат ая, ата, энеси Дзержинканы аралаганда жанында болсо кана. Анда ал мынчалык кибиребей, ата-энесин коштоп салабат басмак. Кээде Шеров агайын таппай жалгыз да маңат. Ага тыяктагы райондогудай сүймөнчүктүү караган деле киши жоктой. Өз бетинче шаардын башка көчөлөрүн кудуудан чочунат. Кокус адашып кетсе, же бейбаш балдардын колуна түшсө кантет. Анын үстүнө ээн басууга чолоосу тие элек, кур дегенде Муса байкеси окуган университетти, анын геология бөлүмүн көрсө боло.

«Жалгыз таппайм. Тапкан күндө да мени мамлекеттик университетке ким киргизет. Бала, бар нары, сенин университетте эч ишиң жок» — дешип сакчылар кууп жиберээр. Республикалык өздүк көркөм чыгармачылыктын кароосу аяктап, колу бошогондо Шеров агайыма айтам. Ээрчитип барат, көрсөтөт. Атама, апама Муса байкемдин университетин көрдүм деп кат жазам. Анан номуру бешинчи мектепке апарыңыз дейм. Шеров агайым мени жакшы көрөт. Кыйыктанбас».

Борбордун театрлары эртеден кечке чейин ачык. Аларга кадимки артисттер эмес, Кыргызстандын чар тарабынан чогулган элдик, элеттик, «жапайы» өнөрпостор ээлик. Жапайы дейин десең, кээ бири чоң артистерден өтө чабат. Эл арасында эмнелер жок. Талантты да, акылды да берген калк. Булардын мыктыларын тандап, борборго алып калат. Жаштарды окутат имиш сөздөрдү Аманат ар кимдин оозунан эшитет. Үлпүлдөп, улуттук окшош кийимчен бийчилер тобу, хор, ыр, көшөгөлүү оюн, комуз ансамбли, илелүү акробатика, пианист, куудулдар биринен бири өтөт. Аманатка комуз чертип, кыяк тарткан атасынан да илгери аппак сакал карыялардын безилдеткени бөтөнчө жагат. «Кап, атамды неге чакырышпады» — деп да тамшанат. Аларга алдыңкы кезмет негедир тийбеди. Театрларды кыдырып башка райондун өнөрпоздорун көрүүдө. Кээсине таң калса, кээсине нааразы.

— Кароодон го баарыбыз өтөбүз. Кеп корутунду концертке илинүүдө. Кур дегенде биздин концерттен бирин-экөө корутунду концертке сунуш этилсе эмгектин кайтканы ошол — деп, Шеров даярдыкты мурдагыдан да түрлөнтүп күчөтүүдө. Шеров агайы мейманкананын бөлмөсүндө машыктырып канчалык алакеттен өткөзбөсүн, Аманат комуз жаатынан бу борбордук кароодон ийгиликке жетеерине күмөндөр. Ал черткен күүлөрдү андап кылдат, андан уккулуктуу, андан шандуу кыз-эркеги аралаш комузчулар кырка олтуруп бир кишидей сайратканын көрүп, жанынан түңүлүүдө. Бүт театрды термелте үн алыштыра черткен ансамбль турганда, кымындай баланын күүсү кимди канаат-тантат. «Ошолорду угуп, билген Шеров агайым кыйнабай жөн

жайыма койсочу. Кийим тиктирип бергени, шаарды көргөзгөнү эле жетет мага... Андан көрөк...» Аманаттын түңүлүңкү томсоргонун Шеров байкамаксанга салып, маңдайкы кашка тиштерин жаркылдата күлө багып, комузду кылдыратып, жамактата үнүн созот:

Жарарсың, уулум жарарсың,
Жалындап алыс барарсың.
Өнөрдүн түбү терендe,
Өжөр го болсоң табарсың.

Анан комузду Аманатка карматып:

— Черт уулум, черт! Техниканы, техниканы унутпа, — дейт да, баланын ар кыймылынан тикирейип көз айырбайт. Аманат айласыз чертет, «техниканы» деген үн жаңырган сайын кыймыл аракет өңү-түсүн кубултуп, комуз күүсүнө эрий кошулат. Кызый түшкөндө өзүн унутат. Суз көңүлү чалкып, жанат. Акырында баланын жүзүндө күлкү ойноп, кыялы оштонот. «Зордоп көңүл ачтырган Шеров агай кандай кереметтүү жан!»

Шайырларын сахнага чыгаруу мөөнөтү келгенде Шеров ар кимисин жадырай карап, ишенип да, тынчсызданып да колдорун кысып, кулистен узатууда. Анан балдагына сүйөнүп, башын кыйшайта добушту тыңшоодо. Бирде жылмайса, бирде өңүн кумсарта эээрдин апчый тиштөөдө. Анын бул авалы жанында кыйпычыктаган Аманатты ого бетер толкундатууда. «Агайымды уятка калтырам го».

— Кел уулум! — Оо көптө Шеров Аманатты бооруна имере тартып, ак калпагын кырданта оңдоп кийгизди. Көйнөгүнүн аппак жакасын желбирете сыртына кайрып, баркут бешмантынын жеңин чыпыйтып чыканагына түрдү. — Сүрдөбө. Техниканы, техниканы эркин кубулт.

Мына жарчы кыздын шаңкылдаган үнү адегенде кыргызча, анан орусча жаңырды:

— Нураков Аманат! Комузда «Маш ботойду» ойнойт!

Энтигип жутунган Аманатты көз ирмем коё бербей Шеров эңкейип оң бетинен сүйдү:

— Бар эми, уулум! Техниканы, техниканы...

Аманат ак калпагын алчыланта, шымаланган, бөтөйгөн колуна өрүк комузун кармап, кенен сахнаны арыштаганда жалгыз олтургучту дароо чалдыктырып, шашыла басты. Залдагылардын шыбыш, козголгондору угулду. Баштагыдай будаланбай бийик отургучка батыраак олтуруп бутун кайчылаштырды. Кино, телевизор прожекторлору беталдынан балбылдап жана баштады. Шеров агайынын техника дегени кулагына угулгансып, комузун санына кондуруп, алдындагы жабылган элди мөтүрөйүп жалт

карап алды да, беш манчасын ойноктотту. Колу менен кошо каш кирпиги, алма жүзү, карагат көзү, бөтөгөй эрини, жумуру мойну, ичке бели, аппак калпагы — бүт денеси кыймылга келип, Шеров үйрөткөн артисттик техника, аны калкытып учургансыды. Анын маңдайында чоң атасы Нурак сакалын экчеп, энеси Батма шалы жоолукчан башын ийкеп сүрөп олтурушкансыды. Айланасын баяғы өзү жүргөн токойлуу аска тоо, шар суу курчап тыңшап тургансыды. Астында жөлөмөлүү олтургуч эмес, кадимки үйүнүн капталындагы капкара сал таш сыяктуу эркин, ээн сезип «Маш ботойду» безеленте берди. Качан күүнүн аягын кайрып турууга камынганда, сыланган кыз жанына шоодурай келип экинчи күүнү жарыялады. Ошондо гана кайда, кандай авалда экенин туюп комузун күүлөп ондоно олтурду. Бет алдынан, капталынан, бутун бүгүп, тура кала чык-чук тарткан сүрөтчүлөр, прожекторлорго үлөшө жаркылдаган көздөр аны жылытып курчап калгандыгын баамдады. Балкыган бала кайрадан жаңы күүнү Шеровдун техникасын колдонуп, шаңшытпайт бекен. Кайрылып кулисти беттегенде балдагын колтугуна такап, кулачын жая Шеров күтүп туруптур. Дароо шап көтөрүп бооруна бекем кысып, маңдайынан, жүзүнөн чоп-чоп жыттагылады.

— Уулум, уулум, айланайын уулум, жарадың ишке.

Аманатты атасынан бөлөк ким минтип эркелетчү эле. Мээримдүү мамилеге кандай жан эрибесин. Бала комуз черткен колун Шеровдун моюнуна ороп ысык эринин кары өнөрпоздун ууртуна тийгизди.

## ЖҮРӨКТӨР АРБАШКАНДА

Аманат мейманкана бөлмөсүндө жалгыз.

Сүрөт аппаратындай чакан гана кутуча жол радиоприемники «Ригаңы» боосунан моюнуна иле чыгырыгын ары-бери бурап, Фрунзеден, Алматыдан, Ташкенден, Москвадан кабар, концерт тыңшоодо.

— Бу сыйлыгымды атама, энеме жеткирсем экен. Боз үйдүн уугуна байлашып уга беришсин. А мүмкүн, атам жылкысын жайып жүргөндө асынып алаар... Карган эмелер жыргашсын да...

Телефон кулак-мээсин жеп шаңгырап эле атат. Шеров агайдын тааныштары чыгаар. А киши мекемелерге, жолдош-жоролоруна көбүн эсе көзөнөктөгү кандайдыр сандарды тегерете айлантып, ушул сырлуу телефон аркылуу иштерин бүтүрөт. Аманатка эмне. Мындай телефонду көрбөсө... Сүйлөшөөр кишиси болбосо, эч тиеше жок да. Карасаң эми, тынчын алды. Кур дегенде жооп бербесе, жанын койбочудай. Радиосун өчүрүп, трубканы көтөрө чаңыра унчукту:

— Шеров агай жок!

— Алло! Алло! Мага Аманат деген бала керек. Сен Аманатсыңбы?!.. Көрсө жанатан бери безилдеп өзүн издеп жаткан тура. Апкаарый демин ичине тартып үнсүз селейди. Тиги телефоондун тилин билген неме окшойт, демите:

— Алло! Алло! Аманат, Аманат, не унчукпайсың? — дейт. Кызыгың түш. Буерде Шеровдон бөлөк кимиси бар. Таанышынан бетер «Аманат, Аманат» дегени укмуш. Үнү бир туруп баланыкына, бир туруп аялдыкына окшойт.

— Аманат, Аманат не болду сага. Соосуңбу деги?!

«Соосуңбу деги?» Аманат селт чочуй ызалана түштү.

— Бу ким ия! — Үнүнүн бардыгынча кыйкырды.

— М-Мен-н...— Кандайдыр мукактанып көптө араң,— радиодоонмун,— деди.

— Радиодон?! — Аманат шектене боорундагы приемнигин сыйпалады. Ал небак өчкөн. Телефондогу үн эми жай зыңылдады:

— Ооба. Радиокомитеттенмин. Руксат этсең, сенин күүлөрүңдү жазып алалы деп жатабыз. Элге угузуп турабыз. Макулсуңбу?

Аманат шашкалактап:

— Билбейм! — деп жиберди.

Тыяктагы да тыным жасап, анан кайрадан күрсүндү:

— Эч жакка чыкпа. Азыр барам,—телефондогу сөз ушу менен бүттү. Мындай күтүлбөгөн кубаныч бала түгүл салабаттуу кишини толкундатпайбы. Тоонун шиберіндеги оюнун сагына Аманат бөлмөнүн чок ортосундагы олтургучтардан так түйлүп жатканда каалга тыкылдады. Ал далбактап чыккан көйнөгүнүн этегин шымданып, түрүлгөн жеңин түшүргөнчө:

— Мүмкүнбү — деп, колуна булгаары сандыкча көтөрүп, орто бойлуу суйкайган аял кирип келди. Анын мынчалык тез жетээрин Аманат кайдан билди. Ойнобой коё турса эмне. Бөйдө уят болду да. Бейбаш неме экенсиң деп кайра чыга качпагай эле. Боюн тартипке келтиреалбай будаланган Аманатты басып жыгулчудан бетер тигил аял көзүн жайната, эриндерин бүлкүлдөтө, кучагын жайып, кайра күч менен өзүн токтотту. Анын бул кыймылын жан алакетке түшкөн Аманат чала баамдады.

— Кана, Аманат, таанышалы,— Аял боо-чуу, төңөлдүрүктүү чемоданчасын столго коюп, үнүнүн калтаарыганын билгизбей үч сөздү ныктай, бөлө сүйлөп балага жакындады. Боюн араң оңдонуп бүткөн Аманат колун сунду. Аял баланын мыйтыйган ысык алаканын коё бербей кысып, жашыруун сырды окуп жаткансып өңү түзүнө сугула карай:

— Аля Темирова дегенмин. Радиокомитетте балдар адабияты боюнча кызматкермин. Аманат деген чоң жигит сен турбай-

сыңбы! Абдан мыкты болбодубу, сени көргөнүмө. Аманат, кандай сонун ат, ким койду экен? Неге койду экен? Билесиңби?

Бала үзүлүп түшкөн аялга мушакаттуу тарыхын айтып берүүнү каалабай башын чайкады:

— Билбейм.

Аля жайык чекесинде такыр бырыш жок, мурду кырдач, бети ак жумалынан тоголок. Желкесине келеп жиптей оролгон кара чач, чытпы, жибекпи, жеңи чолок гүлдүү көйнөгү боюна кыналышкан. Эпилдеген мүнөзүндөй өңү, турпаты да татынакай неме экен. Сол билегинде болсо билээрик сымал, топчудай гана сары саат. Қыясы алтындан го. Бутундагы тилке-тилке боолуу аппак босоножкасы андан тыпыйып, жарашыктуу.

Экөө унчукпай тиктеше бири-бирин тааныбаган эне жана баланын чоочун сезимдери, чепейген кызга окшогон отуздагы аял менен кебетесине караганда жети жашар гана дей турган ондогу уул мүнөттөрдү уурдап тилсиз арбашууда. Узак тынымдан кийин Аля Темирова баланын колун зорго бошотуп, дагы эле көзүн айырбай, маңдайына, олтургучка көчүк басты. Анын дикдик соккон жүрөгү «чалпоону чочутпайын. Аз аздан жөошутуп үйүр алдырайын. Ага далай убакыт керек. Шашпа, ашыкпа, курган жан. Балким, жүрөгү туйса да, өзү сени тааныбайт. Тааныгысы да келбес. Жолобой жерир. О анда менден шордуу эч ким болбос-с, азырынча чыдоого, шек бербөөгө тийишмин»— бирде кубанып, бирде сабылып калтыроодо.

— Баса, Аманат, атаңдын аты ким эле? — бакыракай көзүн коюланткан капаны айдоо үчүн калп эле күлө бага, бажырайган күрүч тиштерин кашкайтты.

— Атамдын аты — Нурак.

— Ооба, ооба... багжайган жакшынакай карыя дейт. Комузчу дейт. Сени мыкты тарбиялаган. Комуз үйрөткөн да ошол карыя атаң дейт.

Аманат атасын мактаганга жетине албай эдиреңдеди:

— Сиз аны көрдүңүз беле? Билесизби менин атакемди.

— Жунус Шеров айтты. Ал биздин аяш.

— Охо,— деди Аманат. — А киши менин жакшы көргөн агайым. Техниканы үйрөткөн. А энем жөнүндө айткан жокпу. Энем андан алтын. Ырчы, кошокчу...

— А сени анда-санда төпөштөйбү?

— Эч качан! Атам комуз үйрөтсө, а энем ыр үйрөтөт!

Аля баланын чечиле сүйлөгөнүнө, бөтөнчө акыркы сөзүнө жым деди.

— Бая күнү корутунду концерттен көрдүм сени. Мен магнитофон алып келдим. Атайылап сенин ата-энең үйрөткөн күүңдү, ырынды жазам.

— Кантип?! — Аманат таңдана алиги булгаары сандыкчаны ачып, пленкалардын тегеренгенин сүймөнчүктүү карады.

— Мына ушунтип эле. А дегенде эң жакшы көргөнүңдү ырдап, же чертип көрчү. Бүтөөр замат кайра өзүңө угузам.

— Эй, кызык-к, чын элеби?

— Чын. Кана, комузунду ал.

Аманат комузун тизесине таяп, зың-зың күүлөп ойлоно калды. «Эң жакшы көргөндү дейт ээ. Кайсындан баштасам. Олимпиададагы черткендеримди ансыз деле уккан тура. «Булактын мөлтүр тамчысын» баштасамбы? Бир тууган эжемдей ичи-койнума кирген жакшы неме экен...».

— Кана, башта Аманат, магнитофон сени күтүп калды.

Эми токтолуусу жарабас. Үч ичекти дилдирете чалганда, баягы көнүмүш башталма овон зыңылдады. Кулун үн чыңылдап кошо созулду.

Мен бармактай жаш бала,
Комуз чертем аз гана.
Даңгыр жолго түшкөнчө,
Далыга чаап мактаба-а...

Аля Темированын жайдандап сүйүнгөнүчү... Бала бүтөөр саат а да жаргылчактай тегеренген түрмөктү токтотту да:

— Ой айланайын дилиңден, тилиңден.

Жаңы сүйлөгөн баланын үнүн уккан чоң энедей жалынып жалбара Аманатты бооруна кысты. Аманат таң калыңкы элейди.

— Мына эми, өз үнүңдү ук. — Аля Темирова магнитофондон эмелеки бир сабак ырды, кайталатты.

Аманат күдүңдөп, кубанычын ачык айкындай тура калды:

— Ай-ай, Аля эжеке. Сонун тура магнитофонуңуз.

«Аля эже» — Келиндин кулагына жылаажындай угулду:

— Мени дайыма Аля эже де, макулбу?

Баланын оозунан макул дегенди угуп, мандайынан чоп-чоп жыттоону каалап арандан зорго тартынып кайпактады:

— Кароодо аткаргандарыңды аягында ойно. Эми үйүңдө, мектебиңде ырдагандарыңды улантсаң. Жарайбы, Аманат! Тартынба, Аманат!

Аманат дегенди Аля эжеси шаңгыр, кандайдыр ыр сыяктуу кылып айтууда. Аны эч ким минтип чакырчу эмес. Же шаарлык аялдардын үнү ыргактуубу.

— Улантсаң Аманат. Тартынба, Аманат! Ырдай кой, Аманат. Черте кой, Аманат! Кээсин элге угузабыз. Кээсин өзүбүз гана угабыз. Кана, баштай кой, Аманат! — Бул ажайып мамиле, керемет доош баланын кан тамырларын чымыратып, негедир эркин сыйкырлап алгансыды. Көнгөн кол комузду тилге келти-

рип, овону өзүнөн-өзү куюлушууда. Мына, атанын күүлөрү, эненин жашыруун ырлары себилгенде, Аля Темирова эстеликтей катып, суз, кыймылсыз. Магнитофону жазып жатабы, жокпу, анын түрүлгөн сызмаларына гана анда-санда кирпигин көтөрүүдө. Кирпик демекчи, Аманат, кызуулук менен...

Булактын мөлтүр тамчысы аа...
Барчындын керээз камчысы аа...
Тамчыдан дайра куралаар аа...
Тал чыбык бүрдөп буралаар аа...
Саябан кылып чал-кемпир аа...
Санжырга күтүп кубанар аа...

адегенде далай ирет кара күү менен кайталап кайталап кайрып, анан ырын кошуп боздотқондо, Аляның көкүрөгү титиреп, көз жашы чууруп жатканын көрдү. «Бул неси? Зыңкыйган шаарлык кызматкер аял, элеттик жаш баланын күүсүнө ыйлаганы кандай? Бу дагы мунду го. Қап-п бекер черткен экем ээ? Өзүн айыптуудай сезип, шарт күүнүн аягына чыкканда кабагын чытып минтти:

— Мен сизди ыйлатайын деген эмесмин. Қарган энемдин мени чоңойткон ыры... Сиз тартынба, баарын черт дегениңизден...

Жаан жууган карагаттай жаштуу көзүн мөлтүрөтүп Аля терең улутунду: — Қарган энең, атаң экөө тең мыкты ададмдар окшойт... небересин ушунчалык идиректүү, ыймандуу кылып тарбиялаган...

«Эмне деп жатам» ичинен бул сөздү күрмөп ээрдин тиштенди. Бала анчалык маани бербей маңырайганына кубана, кайрадан карбаластай унчукту:

— А сен карган атакең менен энекеңди жакшы көрөсүңбү?

— Абдан жакшы көрөм — Аманат олтургучтан топ секирип, комузун керебетинин үстүнө койду:

Аля Темирова бир нерседен шек-шоорат чыгара албай, жан жүрөгү уйгу-туйгу. Абышка-кемпир айылда тарбияланган бала мындай болоорун ойлогон эмес. Бою таза. Қостюму чыпыйып боюна чак, көйнөгү таза, ботинкасы жаңы. Көңүлү сергек. Жалтаңдык, кирпилик жок. Азоолак эркелик бардай. Қагыпсокпой чоңойгон баланын баарында андай мүнөз ыктымал. Адамдан чочуркабай жугумдуу, жалгыз шаарчылап кусаланбай, чырсыз экендиги төтөн дурус. Шыктуулугучу! Аля анын өңүжүзүнөн Мусага куюп койгондой окшоштукту таап, сай-сөөгү бырындоодо. «Ах, дайыма жакын жүрсө, үйүр алса гана... Бирок менин антүүгө эч акым жоктур. Көрбөсөм, минтип талтөөндөй эстүү чоңойгонун билбесем болот эле. Эми мунсуз кантээр

экемин. Чоң ата-энесин жанындай көрөт экен. Мен, мен куруюн. Неге баштатан кабарлашпадым...

Бакир нечен ирет белек-бечкек менен баралы. Кандай бала болуптур, кур дегенде көрөлү — дегенинен мен аттатпай жүрбөдүмбү. Же колубузда башка медерибиз болсочу... Кантем? Эми кантип ажырайм, Аманатымдан... Айтсамбы? Жо-о... Жунус Шеров менен Бакирдин акылы туура. Чыдоо, аз-аздан үйүр алдыруу керек. Ошондо гана... Ошондо... Баары бир чоңойтуп эмгегим өтпөсө, мени эне катары сезбейт го. Ага чоң эне жыты жакын. Анткени ал бөпөлөдү, өстүрдү. А мен... Шордуу... баласын таштаган энеден бактысыз ким бар... Анан анысы чоңойгондо тааныбай койсо, мен куруюнчу...»

Аманат бул аялдын өңү кубулуп катып олтурганынан улам, чочулап стаканды колуна алды:

— Аля эже, муздак суу берейинби? деп баланын маңдайына имерилгени салкын жел соккондой көңүлүн ачты белем. Сол төшүн баса жылмая, колун созду:

— Ошентчи айланайын, Аманат! Жүрөгүм чымырап, эми араң оңолдум... Ал ымыркайында, өлүү-тирүүсүнө бел байлап чал-кемпирдин колуна уулунун Аманаты катары тапшырып, үмүт үзгөн тун баласынын колунан алгачкы ирет даам татпадыбы. Даам! Унутулган баланын колунан ичкен суу ага жомоктогу мүрөктүн суусундай кубат бербедиби.

Аманат Аля Темированы чын эле жүрөк оорулуу экен, аны бекер козгодум кыялда кыйпылыктап кантип жасакөрлөнөөрүн билбей сабылыңкы! Болбосо, магнитофондон өзү ырдап чертпкендерди кайрадан угуз демек.

— Аманат, шаардан дагы эмнелерди көргүң келет? Айтсаң?— Аля мындай ыктуу суроо оозунан кандайча чыкканына сүйүнө, балага бурулду.

— Шаарданбы?! — Аманат ички сырын айткызбай тапкан кыраакы аялга тартынбай сөөмөй ортонун серейтти. — Көрө турган эки жерим бар. Бирөө номуру биринчи мектеп-интернат, ага колхоздон, райисполкомдон документтерим жиберилген. — Сөөмөйүн жумду.

Аля кош алаканын куштун канатындай керип, кайра тап чапты: — Буерден окуйсуңбу? Азамат, Аманат!

— Ооба. Атакем, энекем, Муса байкем окуган шаардан тарбиялап, киши бол деген. Мен жөнөрдө атакем узатып, барып биле кел деген...

Аля өз алаканын өзү кыскан боюнча, көзү бакырайып, таңданганын жашырбай өйдө козголду.

— А Муса байкең, Муса байкең (эки кайталады) кайдан окуганын билесиңби?

— Билем, — деди Аманат — ортонун кайкалата, — экинчи көрө турган жерим ошо Муса байкем окуган университет. Геология бөлүмү, жалгыз таппайм.

«Колхоз», «Райисполком», «Университет», «Геология бөлүмү». Он жашар элеттик баланын сөз байлыгы, демек түшүнүгү дурус — деди ичинен Аля Темирова. А эми балага угуза минтти:

— Ал эки жериңе тең мен ээрчитип барсам, каршы чыкпайсыңбы?

— Ооба! — деп кыйкырып ийди Аманат.

Ал кол алыша, Аманатты бооруна тартты:

— Бүгүн чолом тийбес. Эртең эрте эле келем. Жунус агайына айт. Сени эч жакка ээрчитпесин. Мен сени эки эңсеген жериңе алып барам. Макулбу.

Аманат коомайсына, аялдын боюнан кетенчиктеп:

— Макул, — деди.

Аля анын ысык алаканын коё бербей эшикке жетеледи:

— Аманат! Мени эжеңдей көр дебедимби. Жарайбы, Аманат. Ашканадан чогуу тамак ичели...

Аманат мейманканага Шеров келээр замат:

— Аля деген сонун эже экен. Менин билгенимдин барын магнитофонго жазды, — деп мактады. Али балага белгисиз далай сырга ортоктош Шеров Аманатты көкүлүнөн сылай эркелетти:

— Аля абдан сонун киши. Анын күйөөсү менин досум Бакир Темиров деген акын, андан да мыкты. Экөө тең баласаак, боорукер.

Аманат Бакир Темировдун ырларын окуу китептерден окуган. Мугалимдин тапшыруусу боюнча кээ бирөөн жаттаган. Бирок акынды жакындан көрүп, өз оозунан сөз угууну такыр элестетпеген. Акын кандайдыр бөтөнчө жайда жашаган сыймыктуу адам го деп кыялданчу. Кызыгың түшкүр. Жанакы эпилдеген сылык келиндин күйөөсү ошол Бакир Темиров экен ээ.

— Эгер кааласаң, — деди Шеров Аманаттын бөйтөйүп ойго чырмала калганын баамдап, — менин овондорумдун кыйласын ошол Бакир Темировдун ырларына жазгам. Ал өтө карапайым, кичинесинде жетим болуп чоңойгон. Бала кыял адам, билими геолог, кесиби акындык. Тааныштырып коём. Кандай дейсиң?

Аманат ичинен макул деп кыйкырса да сыртынан уялып, тердеп кетти. Бармактай бала атактуу акын менен кантип таанышат. Аля Темирова чоң адамдын аялы экенин билсе, жанагинтип ачылбай койбойт беле. Кап-п!

Балдагын керебетке этиет жөлөп, Шеров чолок бутуна соо тизесин кайчылаштыра артып олтургучка жеңил гана туурдагы бүркүттөй шаңкайды.

— Аманат, билесиңби, жөнөөрдө атаңдын мага бет кылып

дайындагандарын. Эми арак колубуз бошоду. Мектеп-интернатка барабыз. Муса папак (папак дегенди Аманат биринчи угууда. Байке дечү да) окуган университетти да аралайбыз. Окуу башталаарга аз калды. Окус сени мында эле болсун дешсе, анда балким... — Аля менен Бакирдин үйүндө каласың — дегенди ачык айтпай мүкактанды.

Аманат чоң кишинин буктурма сөздөрүн кайдан байкасын ашыга таноосун дердейте демин ичине тартып эдирейди:

— Жунус агай, мен... мен ал эки жерге тең Аля эже менен барууга убадамды берип койбодумбу.— Бала жеме угамбы деп чочулады эле, Шеров ичке салааларын тарбандата аваны апчып, алтын тиштерин кашкайтты:

— Эң сонун! Эң сонун! Аля ал жайларды менден мыкты билет. Ага да, сага да көңүлдүү болот.

## ДАГЫ БИР КЫЗЫКТУУ КҮН

Аманат терезенин астыңкы тактасына жөлөнгөнү качан. Көзү айнектен өтсө, кулагы каалга тарапка делдейип... Аля эжекем ана келет, мына келеттеп элең-булаң. Көчөдөн мейманканы карай шашыла басканын көрсө астын утурлап чуркоого даяр. Бирок... Кирип-чыккан адамдардан ага окшош эч бирөө чал дыкпайт. А окус башка эшиктен өтүп, тыкылдатып калбасын. Эми [redacted] үлбайт.

[redacted] жөнөдү дурустап күтүп ал, — дебеди беле Шеров [redacted] муштарына кетип жатып.

«Убада берип коюп, неге мынчалык зарыктырат. Муса папам жүргөн, анан өзүм окуй турган жайларга таанышып... атамдын тапшырмаларын аткарууга чукулдаганда Аля эжемди эмне саат басты. Шеров агайыма бекер айткан экем да. Болбогондо бүгүн өзү алып бармак экен... Мага чала, чала! — дегдеген бала ыйламсырап өзүн жемелей сабыры суз... Комузу да, байгеге алган асынма радиосу да ага жат буюмдардай томсорунку. Анын кусасы Аляны ээрчип самаган жерлерин көрмөйүн жасылбачудай. Чыдамсыз күткөн мүнөт сааттай, саат күндөй узакка созулуп зериктирүүдө... Кандайдыр алыстан чакыргак дабыш жанынан чар-чар дей түштү. Аманат терезеден алыстап телефонго асылды:

— Бу ким ия?

— Аманат! Менмин, Аля эмекеңмин!

Аманат оюндагы «эмне кечиктиңиз» дегенди айтуунун ордуна улутунуп жиберди. Анан муунгансып дем чыгара албады. Тыяктагы Аля баланын сүйлөгөнүн угууну каалап көпкө күттү. Анан ырдагандай үшү менен зыңкылдап:

— Аманат, көйнөгүңдү уй жеп коёт. Мен азыр барам, уктуңбу, Аманат? — деди. Ал байкоосуз улутунган кезде энеси «көйнөгүңдү уй жегир, улутунба» дечү. Эми Аля эжеси куду энесинин сөзүн кайталаганын карасаң. Үнү ачыла түштү, катуу кыйкырып ийди:

— Уктум-м!

Аманат алеки заматта үчүнчү катардан килем төшөлгөн тепкич ылдый аттап-буттай анда-санда бир тийип ойго түштү. Токтоосуз сыртка атырылды. Асман чаңкайып ачык. «Ала-Тоонун» астындагы тасырайган асфальт аянт, андан аркы гүлзар бульвар, агылган эл, баягы эле шаардагы көнүмүш тиричилик. Баланын кареги мырза теректердин жылчыгынан, заңгыраган вокзал имаратынын үстүнөн тээ алыста олчоюп көктү челген мөңгүлүү тоону алда кайдан чалды. Капысынан дагы улутунуп ийди. Бул улутунуш ошол тоолордун арасындагы чоң ата-энесин сагынгандыктын кусасы эле. Салкын ава, шар суу, шибер, кымыз, жылкы үйрү, төтөн кула бээге телинген кулун, үйүнүн жанындагы сал таш элестелди. Ал элестер Алянын жанына «Волгага» топоюп Фрунзенин түз көчөлөрүн зып-зып аралап, университетти беттегенде гана тарап жоголду.

Университетти Аманат «Ала-Тоо» мейманканасынан да, опера балет театрынан да (ал экөөнөн башка мыкты имарат жоктур Фрунзеде деген пикирде эле) шандуу, бийик, кенен, кооз, сүрдүү экен деп тапты. «Менин папам ушул университетти бүткөн. Мен да чоңойгондо ушундан окуйм!» — деген ишеним оюна уюду. Аля Темирова кезегинде мобу бойтоңдогон баланын атасы экөө жалгыздап жолуккан бурчтарды, аудиторияларды аралаганда көзүнө жаш айланып, тегеренип үнсүз... А түгүл илимий кабинеттер, окуу залдарына киргенде чогуу семинарга даярданышкан столдорду бүшүркөп, тиктөөдө. «Мына ушерде Муса экөөбүз олтурчубуз. Келечек бактылуу турмуштун сабагына даярданчубуз. Ошо чындыкты өз балам сага неге айтпайм. Кийин. Кийин...»

Аманат анын авалын кайдан боолголомок. Илим үйүндө ушундай суз, адептүү жүрүү ыктымал го деп, өзү да тынч, сабырдуу... Муса, Алялар окуган геология факультетинин ордуна экономикалык факультет жайланышыптыр.

— Геологиялык факультет кийин Политехникалык институтка көчкөн,— деди сыртка чыкканда. Аманат а сөзгө назар салбады. Негедир рахмат деөнүн ордуна, сузтайган келиндин көңүлүн жубатуу ниетинде:

— Аля эжеке, сиз мындан окуган жок белеңиз? — деди.

Баланын күтүүсүз суроосуна Аля чочуп кетти, балага кылчайса, «барын билем, неге жашырасың» — дегенсип бөйтөйүп

күлүмсүрөөдө. Аля эми араң, түйүлгөн кабагы менен, мостойгон көзүндөгү капалыкты кубалай тишин быжырата мекиренип күлдү:

— Ай, Аманатчик ая, Аманатчик десе! Айтчы чыныңды, неге минтип сурадың?

Аманат оюндагысын катпай божурады:

— Эгер мындан окуган болсоңуз... Муса папамды көрдүңүз беле деп сурайт элем.

Баланын ар сөзүнөн Аля апкаарып этиеттеп жооп берүүгө мажбур:

— Муса деген байкең беле, же папаң беле?

— Мурда байке дечүмүн. Эми папа дейм. Шеров агайым ошентип айтты.

— Гм-м...— Аля ууртуна сөөмөйүн сүйөдү. Эч нерседен шек шооратсыз эңөө баладан эптеп чегип билсем деген кыялда жайма жай унчукту:

— Баса, Аманат, сен Муса байкеңди билесиңби?

— Ананчы! Сүрөтү бар!

— Сүрөтү?! — Аля чочуганын билгизбөө үчүн кайпактады. — А өзүн көргөн эмессиңби?

— Мен төрөлөөрдөн мурда өлсө, кайдан көрөм...

— Ох-х! — Аля шуу үшкүрүп, Аманатты бооруна тартты. Машинанын жумшак чайкаганынан улам, бала ого бетер кыналып андан алыстай албады. — Макул, папаң кокустуктан курман болуптур. А төрөгөн апаң кайда?

Өтө оорулуу жерине тийген бу сөзгө Аманат кабак-кашын бүркөп, мурчуйду. Эч кимден, эч качан мындай орой суроо уккан эмес.

— Төрөгөн апам жок! — Урушчудан бетер булкунуп, «Волганын» арткы орундугунун сол каалгасынын туткасын кармай кетенчиктеди.

— Кантип? — Аля жашырынган авалын унуткара таң калыңкы көзүн коймолжутту.

— Баккан апам бар. Ошол эле жетет ма... Бала акыл-эстүү адамдай ызырына сүйлөдү. Аля жүрөгүн өрт чалгансып, ысып-күйүп не дээр айласын таппай, алдыдагы шофёрге онтогонсуп зорго үн катты: — Көчөсү кайсы экенин унуттум. № 1 мектеп-интернатын эптеп издеп бизди жеткиз.

Аманат Аля эжесинин өңү кумсара түшкөнүн бая күнү да байкаган. Анда суу жуткузуп эс алткан. Эми машина ичинде шаар кыдырып жүрүшсө... Кандай көмөк берет... Баса, жүрөгүм начар дебеди беле. Аля далайда эс учун жыйнады.

— Аманат, дагы бирдемеден кеп салсаң. Тоодо көп кызыктар бар ээ... — деди.

Аманат бир чети сүйүнсө, экинчи четинен шашкалактады. Эмнеден, кайсындан сүйлөсө... Бейкапар тестиердин кыялына телинген боз кулун, аны эмизбей таштап качкан тунсак байтал жөнүндөгү тоодогу энеси экөөнүн аңгемеси түштү. Ошону жомоктоп айтып берсем, Аля эжемин жүрөк оорусу тараар деген пикирге такалды да:

— Эжеке,— деди демигип... баласы өлгөн карган бээге жетимсиретип жерип таштап кеткен байталдын кулунун энем, атам үчөөбүз кантип телигенибизди айтып берейинби?

Аля кирпигин жума башын ийкеди. Аманат божурап баяндай баштады. Ал каймана жомоктой безилдеткен сайын, Аля тозоктун отуна какталгансып нымшып терге чөмүлүүдө. «Оо азаптуу дүйнө! Эмнени кулагым угуп жатат. Баласын жериген тунсак байтал мен эмесминби. Кулунун жетимсиреткен а кызыракка Аманаттын ызырынып сүйлөгөнүн карачы! Балаң түшкүр. Билип туйгандай өпкө жүрөгүмдү куйкалап эмне безилдейсиң. Карылардын кадырын сыйлап, уулунун аманатын тапшырган жазыгымбы. Ошондо эле бу Аманатты жакын кишиге сыйга берген буюмдай, биротоло түңүлүп өткөрбөдүм беле. Көрбөйүн, тааныбайын, издебейин деп ант тутпадым беле. Ооба. Ошенткем. Он жылдан кийин өнөрлүү бала өзү таанылып олтурса, кантем... Алгачкы жылдары окус күйөөгө чыксам дагы перзенттүү болормун деп үмүттөндүм. Акыры Бакирге баш коштум. Врачтар мага төрөөгө руксат этпеди, өзүмдү курмандыкка чалып ымыркайды жетим калтырууга батынбадым. Саламатчылыгым чабал болсо, анан кантмекмин. Бакир качандыр Аманат биздин колго келэээрин улам-улам айтып жооткото берет. Менин да тилеген тилегим, жашаган үмүтүм ошо. Эми андан кантип гана ажырашам? Бакир экөөбүздүн ортобузда башка эркелетээр эрмегибиз болгондо, балким таназарга албай да коймокчубуз. Тагдыр мени айласыздан небак унуткан кереэзге таңуулап олтурса кантем. Тоо арасындагы буюрбаган мээримдүү кайын атам, кайын энем менин антты, шертти бузган бул кылыгымды билсеңер, каргаарсыңар. Жо-о-к... Билгизбейм. Кантип? Аманат али шектене элек. Бирок качанкыга дейре ушинтебиз. Окус мен сенин төрөгөн энеңмин деп жарыялаган учурумда, кол шилтеп качууга даяр. Оюн түшүндүм. Менин бир гана энем бар. Ал баккан — чоң-энем,— дейт. Кой... Көргөнүмө кубанайын. Чыным айтам деп караманча айрылбайын. Курган жүрөк качанкыга кантча дейре чыдаар экен. Тоодогу эки кары дал ушунун каниети менен жашоодо... Алардын каргышына калбайын. Жакшылыкка жамандык кылambы? Жок. Алар бөлөк-бөтөн беле? Таалайсыз Мусанын эне-атасы го?! Жок, антпейм! Өз азабымды өзүм тартайын. Ар ким маңдайына жаз-

ганды көрсүн?!» «Волга» № 1 мектеп-интернатты көздөй чукулдаганын баамдап, Аля обдула шофёрду далыга какты:

— Мейманкананы карай кайра тарт!

Шофёр кең аянттан машинаны кескин айланта бурду. Ичиндеги арткы экөө орундарынан силкине көтөрүлүп оңолушту. Шофёрлор жинденгенде ошентип машинасын тез буруп жүргүнчүлөрүн чайкамай адаты го. Эмне үчүн минткенин Аманат кайдан ардамак. Али мектеп-интернатты издеп жүрөбүз деген пикирде. Аля анын колун быйтыйтып уучтай минтти:

— Аманат, мен жаман болуп турам. Эртең келеличи мектеп-интернатка.

— Мейли! Мейли! — деди бала, тигинин кубулжуган оорулуу пренине аянычтуу тигиле. А дегенде мейканканага жетишти. Каалганы мыкчыңдай ачкан Аманатка Аля алсыз күлүмсүрөп коштошо манчасын серендетти:— Шеров агайыңа айт. Мектеп-интернатка эртең барабыз. Телефон чалам, күт.

— Макул. — Томсоруңку жашыл «Волганын» карааны үзүлгөнчө карегин ээрчитти. Анын жүрөгүн үйүр алышкан Аля эжесинин сыркоолу авалы өйүүдө. «Төшөккө жатып калбаса экен? Анда эртең келе албайт да. Сакай эжеке, сакая көр. Кур дегенде мага мектеп-интернатымды көргөзүп өткөзгөндөн кийин оорусаң эмне»... — Ушинтип, бала андан сабылууда. Аляның сайсөөгүн сыздаткан илдет да жана андан арылтуучу дава да өзү экенин Аманат кайдан туйду. Эртеси Аманат телефондун чар этээрин күтүп, үлүрөйүп паанайы пас. Санаасы оорулуу Аля эжесинде. Каалга тырс-тырс чертилди:

— Кириңиз,— деп утурлай обдулду... Аля эжеси! Сопсоо. Тим эле космосту чалып келген Валя Терешковадай шайдоот жаркылдап кирсе болобу. Аманат ага магниттей тартылып, моюнуна асылчудай секирип жетти.

Атаганат ая, кандайдыр дил сезүүдөбү, боор тартуудабы, экөө тең алма-терме жандарын үрөп эркелете карашты. Колдорун кысышты. Бирок, эне баладай ачык жытташа албай, кайтадан өзүлөрүн тоң, сый кармоого зордошту. Энсеген № 1 мектеп-интернатка барышты. Аля дегеле жайдандап өтө жайдары. Ал дайыма эртең менен ушундай. Анан чогуу олтуруп, сүйлөшкөндөн кийин эле, өңү кубулжуй баштайт. «Бүгүн эжемдин жүрөгү оорубаса экен»,— деп тилөөдө Аманат. № 1 мектеп-интернат шаардын сыртында бак-шактуу коргондун ичиндеги төрт катар аппак имарат экен. Айланасы гүлзар. Шактары ийилип, мөмөлөрү чокмороктошкон жемиш даректар. Асманды карай атылган шаркыратма — фонтан.

— Бах-х, энемдин жомогундагы бейиштин төрүндөй тура! — Бала көзүн айырбай имерчиктеди.

— Мен билип чыгайын. Ойной тур. — Аля курсанттыгы ташыган жеткинчекти эркин калтырып шар жөнөдү. Тоо шаркыратмасын сагынган Аманат жер алдынан атылган муздак суунун илебине кана, бүркүндүсүнө бетин тосо, болочок тарбиялануучу мектебине куштарланып маңырайды.

Кандайдыр бат эле Аля кош жаак каалганы ачып мрамор тепкичтерден тык-тук ылдыйлаганда, Аманат астынан тосо текилдеди. Аляның жылмайыңкы жүзүнөн «өтүпсүң» деген кабарды боолгологон бала анын үпсүз колун кыскан жетегинде бакты аралган тике жол менен бара берди. Оо көптө чыдацкырабай: Аля-эжеке, качан келем буерге? — деди. Аля баланын илебин суутпай, кандайдыр жооп издеди. Калп айтып, кур үмүткөр кылуудан айбыга акыры чынын баяндады:

— Документтериң адегенде комиссиядан кабылданып мында жиберилиптир. Негедир жакында элге билим берүү министерствосу кайрадан өзүлөрүнө чакыртып алыптыр. Себебин булар билишпейт экен. Мен тактаймын. Сен азаматсың да. Капаланбай тур, макулбу? — Алаканынан чыгарбай жетегиндеги баланын мытыгый колун кысып койду. Бул суз кабар Аманатты дароо шылкыйтып, көзүнө ысык жашты балкылдата тээп чыкты. «Эмнеге минтишет? Эмнеге алыскы тоодогу карт малчынын баласын № 1 ге алышып, кайра айнышат. Атам, апам оку дебеди беле. Эмне деп барам эми аларга».

Баланын ызасын жазуу, ыйын сооротуу оңойбу. Аля жалынып-жалбарып баары жайына келээрин жобурап, эптеп алаксытты. Ага Аманат анчейин муюбады. «Аля эже сиз кара жолтой болдуңуз. Шеров агай менен келгенде сөзсүз өтмөкмүн. Аля эже экинчи мага жолобо». Бала № 1 мектеп-интернатка өтпөгөнүнө Аляны күнөлөөдө... Ый, ызалык шишиткен көзүн үтүрөйтүп, борборго келгенден берки жыргалы заматта учуп жоголгонсуп, Шеров агайын күтүп, мейманканада талыкшып диванга кыңкайган боюнча уйкуга тартылды.

Тааныш адамдардын шакылыктаган күлкү аралаш үндөрү ойготту. Түшүмдө го деп кирпигин ачса, өңүндө эле... Шеров, Аля, дагы бир чачы уюлгуган көзү бакыракай киши үчөө койкойгон стакандарды уруштуруп шуулдаган шампандан ууртап татууда. Столдо жайнаган шоколад, алма, өрүк. Мончоктой мөлтүр алчадан анда-санда татып коюшат. Мунун бары кайдан, эмнеге чогулушту. Качан келишкен. «Мени интернатка албаса, булардын жайдандашкандарын кара! — ызалуу үтүрөйдү бала,— эми атам эмне дейт?» Мөмө-чөмөгө баланын шилекейи куюлуп... Тура калыштан, а тургай которулуштан уялат. Көзүн жумайын, шек билгизбей мемирейин дегиче, Аляның кареги уруна калганычы:

— Аманат! Аманатчик сүйүнчү! Тур, тура кой — уйкудан ойгонгон кичине бөбөктү көтөрүп алчудан бетер, тыпыйган колдорун эбелектетип диванга жетти: Аманат айрац таң обдулду.

— Сүйүнчү? — ишене бербей уйкулуу доошун долдуратты.

— Чын эл кабыл алыштыбы?

— Чын, чын! — Тигил чачы уюлгуган киши күүлдөй унчукту, — ой, баатыр уктайт экенсиц да! Замбирек атса да ойгонбочудайсыц!

А киши сөзүнө жараша кулагын чоюп, аппак көйнөгүн делбирете, диванга отурган Аманатты алаканына кондуруп, жепжеңил өйдө эргите, тамдын төбөсүнө саал-паал гана тийгизбей, ыргытты. Анан шып тосуп, өзүнө жанаша отургуза, колдойгон каралжын колун сунду:

— Таанышып коёлу. Мен Бакир Темировмун. А сен, менин билишимче Аманат Нураковсуңбу?

— Ооба, — Аманат акырын гана шыбыштады.

— Кыргыз музыкалык мектеп-интернатына өткөн Аманат Нураков болуп жүрбө? — күлө бага сурады Бакир.

— Билбейм.

— А биз билебиз! — Куунак жаркылдады Аля эжеси. — Өткөндүгүң үчүн сен сүйүнчү бересиц.

— Кап, эчтекем жок, кантем, — бала карбаластай алаканын жайды.

— Кантип «эчтекец жок»? — Бакир торгой сүйлөдү. — Сенде ыр, күү бар! Күүндүн бирөөнү чертип берсец сүйүнчүндөн кутуласыц!

Кыясы, мобу акын Темиров куудул окшойт. Анын тамашасына Аманат жагалдана түштү. Негедир ал кайта тез эле кабагын чытый үтүрөйдү:

— Атакем музыкалык мектепти айткан эмес...

— О, уулуң түшкүр дес-се! — Жунус Шеров тынчсызданды. — Сени дал музыкалык окууга кудай өзү каалап жеткирип отурат.

— Анда мен илимпоз боло албайм да! Атакемдин каалаганы ошо гана.

— Кой, Аманат, сен али толук билбейсиц. Музыкалык интернатта деле башка мектептердеги сабактар бүт окулат.

Аля эжеси кучагына тарта мээримдүү жаркылдады:

— Барынан сен ыр, күүдөн алыстабайсыц. Устатың Жунус сени музыка жандуу, аны унутпашың керек деп атпайбы...

Аманаттын кайрадан көңүлү эргиди. Эх, атакеси менен энекеси бу ийгиликке кандай гана сүйүнүшөт! Алар шаардагы жөнжөнөкөй интернатты самашкан. Эми алардын небереси арифметика, физика, дагы түрдүү илимди гана өздөштүрбөстөн, му-

зыканы дагы окуйт тура. Ылдамыраак эле ушуларды аларга жобурасам экен! Сыягы ушунун баарын аткарган Аля эжекем. Кандай сонун адам! Энекем билгенде оорумду жеңилдетип, ушундай асыл келинди алла таалам өзү жибербедиби маа деп, айтаары бышык.

Аля эжеси бая күнкүдөн да куунак. Аманаттын куушурган ийнинен кучактай, сырдуу табактагы барсайган кочкул алчаларды астына жылдырды. Аманат жагымдуу доошко, атыр жытка, кандайдыр алыстай алгыз керемет сыйкырга тартылып, Аля эжесинин колтугунда бөжөйүп алчаны сабагынан чымчып оозуна жакындатты.

## КАРЫГАН ЭНЕНИН ЫРЫ

Күн мемиреп төбөдө калкууда. Анын өтө ысытпаган, же өтө муздатпаган мелүүн нуру алп Тянь-Шандын сересин өңүнөн аздырбай жапжашыл кулпунтууда. Кыргыз малчыларынын мына ушундай рахаттуу кең жайлоосуна Нурак жылкычы жакында көчүп конгон. Өгүңкү олтурган тар капчыгай ичи бадал, токой беттүү кенже жайлоо эле. Улуу жайлоонун касиети — жайыты кенен, карагай чер жок. Бетегеси буралган адыр, белес, түзөң. Мал кайда жайылбасын алда кайдан карааны чалдыгат. Бычандын үстүндөгү шаңкайган боз үйдөн Батма эне сыртка булайды. Каягына бурулбасын гүл аралаш жайкалган жаш чөптү этиеттей кериле басты. Чың эткен чымын-чиркей, бурп эткен чаң, чым эткен ысык, калтыраткан суук жок, авасы бөбөктүн алкымынын жытындай көңүлдү оштонткон ажайып жай. Кенже жайлоодо колот, жыбыт өрдөп көздөн далдоо кетчү жылкылар андан көлпүтө, оттогону оттоп, калганы магдыраң көк жайыкта жуушап жатыр. Кызыл-тазыл байчечектерди тандап, калдыркандар калкууда. Батма үйүрдөн четтей суналган кула бээнин капталына бойтойгон боз кулунга суктанды. Даакысы небак түшкөн. Бозомук жүнүн жылтылдата, кулагын тикчийте ойноктой, энесине кашынып турганы Батманы алда не ойго салды белем. Ээгинен чалган күрөң жоолугунун учун көзүнө сүртүп, кыйлага мелтиреди. Өзүнчө күбүрөй оозун бүлкүлдөттү:

Көргөн сайын кулунду,
Сагындым го уулумду.
Эркелеп кет эртерээк,
Шалдыратпай муунумду.

Жайкалат тоо гүлдөрүң,
Жабыркап сенсиз күлбөдүм.
Эртерээк кел муңайтпай,
Эркем, жытым, күдөрүм.

Ҷе белестен бери карай сойлогон кат-кат кашка жолдун ортосунда атын жулкунткан абышкасы көрүндү. Ал кечээ Аманат районго келиптир деген доңшоордон улам жакага түшкөн. Түн катып эле кайра жөнөшкөн окшойт, дегеле бастырганы шаңдуу. Баласына көңүлү курсант ко?! Артында учкаштырган баласы жоктой Курган абышка, жалгыз сокоюп неге ашыгат! Батманын таман астындагы жайкалган жер какыр ташка айланган сып, жүрөгү оозуна капталды. Аманатынын кеткени жарым айдай өттү. Бир жумада эле кайтат дешпеди беле. Окуусу деги баштала элек. Кармалаар не жөнү бар. Шаарга көнбөгөн баласы ысыкта жакпаган чөп-чар тамакты жеп сыркоого чалдыккан го. Шордогон туйгуну, жаман кабар угуп, түйшөлө катуулап келаткан го... Бул соо жүрүш эмес...

Нурак кемпирине жакындаганда негедир атынын оозун тарта өтө жай кыбыратты. Анын бу жоругу ого бетер Батманы коопсунтту. Эрине агала жоолугун шаңкайта башын көтөрүп, бурулду да катты. Укмушуң түшкүр... Кандайдыр чоочун эркек менен аял алым сабак бакылдап сүйлөөдө. Кайда? Кимдер бул? Күйөөсү жактан, ооба, дал ошол тыяктан чамынтып, буерге чукулдаганда илкиткен Нурактын өзү кубулуп безилдеп келаткансыйт. Буга эмне кутурма тийгенби? Же атына тил бүткөнбү? Өз кулагына ишенбеген не деген жосун? Эми созултуп ырдай баштабадыбы. А балким. Батма өзү соо эместир. Батманын көзү чакчайып эри маңдайына көгала сакалынан мулундай акырын бастырып токтогондо да, чочуганынан ээгин тиштеп кумсарып, жашыра албай турду. Жаңкы сырдуу доош Нурактын ээрнинин кашында такалган кутудан дагы эле жаңырууда. Патефон, радионун бирөө экенин боолголоду, бирок так атын билбей:

— Ия ботом, туйгун бул эмнең? Неге унчукпайсың? Мени сынайын деген экенсиңго. — Ички сырын жашыра атынан апчып ыргытчудай, күйөөсүн камчысынан булка тартты:

— Жүрөгүңдү апаптап коёюн кемпир. Ач оозунду. Ха, ха. ха... Муну өкмөт уулуңа сыйлыкка бериптир. Ме, ыр деген, күү дегенге тундуң.

Батма жакшылык жышаанына балкый, уулунун тилдүү сыйын бооруна кучактап, анан эринин тийгизе өптү да:

— Каралдым, жытым, карган эне-атасын багат деген ушул. Ия туйгун, а уулуң өзү качаң келет дейт?

— Уулумду Пурунзедеги чондор кичинесинде Мусабайым окуган ынтырнатына өткөзүптүр. Тиги артист Шеров азырынча ишеним дүү досунун үйүнө калтырыптыр. А бокчум бизди сагына турган эмес. Кадимки чоң кишидей сыртка мыкты экен дейт. «Сагынбагыла. Жакшы тургула. Окуу башталганда келип кет-

киле. Эриккенде менин сыйлыгымды угуп, эрмектегиле» — деп кат жазып бериптир.

Абышкасы ат үстүнөн жетиналбай божураганда, кемпири безилдеген кутуча-радиону бооруна кысып, көзүндөгү күлкү аралаш мөлт эткен тамчыны ирмей, кусасын айкындады:

— Ия, ушинтиптирби?! Мейли. Жытым ая, кайда жүрсөң аман бол! Деги эртелеп барып, анымы жыттагылап тойбосом... санаам тынчыбайт го. Туйгунум! Шеровдон айланайын, уулумду сыйлыкка таптаган. Түү-үш-ш, абышка керели кечке койкойбой. Баабедин өткөзөйүн...

Ушу маалда ээсине салам айткансып, кула бээ ойноктогон телинме боз кулунун ээрчитип карт жылкычынын астынан утурлай имерчиктеди.

Жүрөк курусун, алда немени сездиби, Батма эненин кан тамырларын чымыратып булкканда... Эмелеки кубанычы авага сорулгансып көөдөнү какшып конултуктады. Бири-бирине телинип мотурайган эки айбанга көзү өтүп, ичи ачышты. Өзү жалама зоокадагы жалгыз түп куураган арчага айланып бараткансыды. Жанынан өз кулунун, дайыма дем, кубат берүүчү медерин издеп омсоңдоду. Колуна, көзүнө эчтеке урунбады. Карегин туман чалып, «кайдагы какылдаган эме элең. Кыйын болсоң, Аманатымдын үнүн угузчу» деген сөздү ичинен күрмөп тилдүү кутучаны керегеге чалып суроолуу мостойду.

Баягы эле ага чала моңол сөздөр. Бары бир барлык жоопту ошондон алчудай, жоготконун ошондон таптырчудай эне андан ачылуу көзүн айырбай катып турду:

— «Кана, какшаган кутуча, Аманатым кайда? Кандай күндө, кимдин колунда? Эмне кылып жүрөт? Окуу башталаарга али кыйла бар... Ал бизди кантип эстебей, эч таанышы жок шаарда жалгыз калды. Кабыргасы ката элек каралдым өзүнүн ордуна сени бизге эрмек бол деп жибергени чын болсо, айт дайынын ачык!»

Радио башка сөздөн бакылдап суроосун канааттандырбаган соң Батма башын чайкап, абышкасына бурулду (Нурак ансыз да кемпиринин абалын байкап үрпөйүп турган).

— Бармактай немени жаныман алыстатып кандай балээни башка салаар экенсиң?! Кулунумду торсойтуп колтугумдан чыгарбай кула бээче ээрчитип кана жүрсөмчү?!

### БАКИРДИН ЫРЫ

Аманат кандай сырлуу ат,
Сени көрүп көөнүм шат.
Эркелеп жүр жанымда,
Ээнсиретип кетпе бат.

Ак такта кагаздын белчесинде бадырайган ушул төрт сап ырды теше тиктеп... Аманат сүйүнгөнү менен коркконун ажырата албай, апкаарып көзү алая, башы маң. Бул не деген сырлуу сөздөр. Неге, кайдан кире калды эле бул кабинет аталган бөлмөгө.

Чет жакасы үймөк-үймөк кагазга толгон столдун ортосундагы ачыкта кат жазгыч машинка сүрдүү койкоюуда. Анын үстүндө алиги төрт сап ыр терилген аппак кагаз негедир бош коюлган.

Аманат кылдырт эттире алиги баракты колуна алды.

Аманат кандай сырлуу ат;
Сени көрүп көөнүм шат.
Эркелеп жүр жанымда,
Ээнсиретип кетпе бат.

бир кылка тептегиз тартылган басма тамгалуу жазуу кандайдыр токтуу зым кармагансып баланын колун титиретти. Коргошун түспөлдүү оор сөздөрдү ким жазды?

Аманат капкагы жабык машинкага үңүлдү:

— Албетте сен. Коргошун тамгаларың менен коргошундай сөздөрдү сен гана жаздың. Бирок, машинка, ырды ойлоп чыгарууга сенин акылың жетпейт.

Ал кээде Бакиртин өзүнүн кээде Аля эжесинин ушул машинканы чык-чык басып отурганын байкаган. «Экөөнүн бири уйкаштырды? Кимиси? Акын эмеспи. Бакир агай го... Жо-ок... Тилинин таттуулугу, жалынганы Аля эжемдин өзүнө окшойт. Таптым. Экөө биригип жазган.

Кызык. Неге ачык ташташты. Сыягы мени окусун дешкенби. Атымды сырлуу дейт. Эмне сыры бар? «сени көрүп көөнүм шат». Мейман, чоочун балага не көөндөрү шат? А-а... билдим. Баласы жок немелерге сонун көрүнүп атпаймынбы. Чын, экөө тең үстүмө үйрүлө түшүп жалбарышат. Мени менен көп сүйлөшө беришет. Ээрчий басышат». Аманат айнек челектен сыр калемдердин улам бирөөн алып төрт сап ырдын ар кайсынысынын астын түрлөнтүп сыза баштады. Мына, кызыл калемдин учун «эркелеп жүр жанымда, ээнсиретип кетпе бат» дегендин астына кайра-кайра ойнотту.

— Жанында эркелегендей мен эмне мышык белем, же күчүк белем... «Ээнсиретип кетпе бат» дегенин кара. Кетем эле. Кабыл алуу комиссиясы деген бар тура. Ошондон өтөйүнчү. Токтобой жөнөөрмүн. — Мушакат түшүргөн баракты түртүп, негедир улутунуп ийди. Көзүнө сакалын сербейткен атасы, балпайган энеси чагылды. — Атаке, энеке... Мени сагынып жүрөсүнөр го. Барам жакында.

Көк шибер жайлоо, элирчээк кулун, тайлар... Минтип көмө-

көйүп кургатпай суусунун кандырчу шербет кымыз кыялында сапырылып өттү. Бала тамшанып, муздак суу ичүүгө обдулду. Аны дубалдын эки бетинде жыш каланган китептер, сүрөттөр арбады. Китептер... тааныш, бейтааныш достордой кыя өтө албай бажырайды:

— Кайсынысын алсам... Көбүнө тишим өтпөйт. Көбү мени азыр тоотпойт. Ушунун бакисин окуп чыксам ээ... Анда дүнүйөнүн сырын түгөл билээр элем... Үй ээлери бүт окуду бекен. Кайда-ан.

Баякүнү Бакир өзү Аманатты ушул иш бөлмөсүнө ээрчитип кирген. Тамдын төбөсүнө дейре тирелген көз-көз айнектелүү текчелердеги кооз китептерин жаңдап, баржактаган:

— Менин байлыгым ушу.

Ооба, ошенткен. Кызык. Шаарлыктар китепти байлык үчүн эле жыйышабы? Аманат бу капысынан түшкөн суроосуна жооп издегенче далистен телефон шаңгырады. Дармансыз тунжураган жагдайдан убагында кутказчудай колдон тарткансыган чырылдакка чуркап жетти:

— Алло, Аманат, Аманат, жакшысыңбы? Үйдө эле отурасыңбы? Аманат, эмне унчукпайсың? — Бат, бат кудум күкүкчө атын чакырган бул татынакай үнгө баланын кусалуу жүрөгү элжиреп кетти:

— Аля эже, качан келесиң? — Бөлөк айтары жоктон бетер улутунуп ийди. Трубкадан: — көйнөгүндү уй жесин, — деген жумшак, энесинин сөзү кайталанды. Анын соңунан кайта тыпылдаган Алянын доошу созулду:

— Эриктиңби? Муздаткычты ачсаң жемиштер бар. Алып жей кой.

— Ма-к-ул. Муунгансып араң айтты да, Аманат трубканы коюп, ашканага кирди. Муздаткычты карагысы келбейт, чоргоону бурады. Мелүүн суу атырылганда бети-башына чачырата эптиге шимирди. Качан суусуну канганда башын чулгуп кетенчиктеди:

— Ай, шаардын суусу дары жыттанат. Тоонун кымыз даамданган тунук булагына жетсем ээ.

Иш бөлмөсүнө кайра барууга алиги шумдуктуу төрт саптан кооптонот. Ысыкта канчалык суюктукту көп ичсең, ошончолук нымшып тер басат го. Жедеп боргулданып тумугуп баратканда Аманат майкасын чечип ыргытып мейман бөлмөсүндөгү дивангa оонады. Бул көмүт тескей бетте, пардоолору жабык, караңгыланып салкын да. «Жердин түбүндөгү жайлоого убара чегип барып келгенче качан. Аз күн шаарды таанып чыдай тур. Булар окууга өткөзүшүп, анан кабарлайт. Же мен келем, же тааныш кишиге кошуп өзүндү жөнөтөт. Тосуп алабыз. Балким атаң ке-

лиши мүмкүн» — деп мында алдап-соолап таштаган Шеров агайына өпкөлөп, кайта жазылды. Кептин баары өзүлөрүндө. Атасы, энеси үчөө шейит кеткен байкесинин жолун жолдоп Аманаттын шаардан окуусун чечишкен. Алардын суроосу боюнча Шеров жеткизип... Республикалык кароодон сыйга илдирип... Анан аркы-терки убара чекпесин деп бул чоочун үйгө табыштап отурбайбы. Аманаттын бактысына Аля эжеси да, Бакир байкеси да баласаак, ак көңүл, март адамдар экен. Эч чоочун-сунтпай бойлоруна тартышып, минтип үйлөрүн ээн ага ишенип ташташып... оболу менен болгондору укмуш. Ушуларды тапкан Шеров агайы азамат. Кийин окууга өтүп калса, бу үйдүн ээлерин атасыныкына конокко чакырат. О, анда, атасы, энеси абдан сүйүнүшөт...

Шүнтүп ой балынан соро берип, Аманат акырындап уйкуга термелди. Үй ээлери телефон чалышып чогуу кайтышты. Коңгуроо топчусун басып көрүшсө, үй ичи ың-жыңсыз. Баланын уктаганын кайдан билишсин. Санаалары санга бөлүндү.

— Мен карап келейинчи. Балдар менен ойноп жүрбөсүн. — [redacted] калдалактап, таш тепкичти тарсылдатып ылдый эңилди. Соңунан Аля жөнөдү. Короодо, көчөдө бирин-серин балдар. Алардын арасынан Аманат чалдыкпады.

— Ата-энесине, жайлоосуна кузалыгы ашкан эме кетип калбасын.— Эринин кооптонгонуна Аля баш чайкап безилдеди:

— Койчу, антпей, менин Аманатым ошентчү беле. — Текилдеп үйгө ашыкты. Бакир аялын оюн-чындап чычалатуу ниетинде алакай көзүн бакырандата, кур күлө мекиренди:

— Аманат меники деп коёт. Сеники экенин билбейт. Билсе эле экөөбүздү таштап качат. Бакма бала, өстүргөн эне-атасын гана жакшы көрөт. Башымдан өткөн. Кийин өз эне-атаң баланча дегенди укканда, алардын атын атоодон ичиркенип жек көрчүмүн. Кымындайында берген соң, алардын ата-энелик акысы да, мээрими да жок болот балада.

Дал каалганын түбүнө жеткенде соңунда жобурап келген Бакирге ансыз да сай сөөгү сыздай түшкөн Аля жаш кылгырган көзүн коймолжутту.

— Антпе, Аманат экөөбүздүн жайыбыз такыр башка го. — Мууну бошогон неме колу калчылдап ачкычты калдыратып, эшикти ачалбай убараланды.

— Кап... Балээ баскырдыкы. Жана көңүлсүз сүйлөшкөнүнөн эле шекшингем. Чала бекитиптир. Сызган окшойт. Шорум да каткан экен ээ...

Аялынын абалын түшүнгөн Бакир оозундагы сөзүн күрмөй жутуп:

— Берчи мага, — ачкычты бир бурап шарт ачты да, үй ичин-

де адаттагыдай бутун чечпестен адымдады. Ашканасына, иш бөлмөсүнө баш багып, супарасы суув кумсарып телефондун жанында башы эңилген аялына, мейман көмүтүнөн чыккан Бакир баржактап москол колдорун оозуна калкалай шыбыштады:

— Сүйүнчү! Аманатыбыз диванда уктап атат.

— Ия! Май оозуңа! — Аля бакырып ийди.

— Кантет, акырын, ойгонуп кетпейби.

— Мейли ойгонсо! — Аля эми араң эсин жыя ууртунан жылмайгансыды. — Каралдым, кетпесе эле болду. Мен эми... акырын. Көрөйүнчү деги, — бутунун башы менен дабышсыз чымчык секириктеп диванга жетти. Аманат трусычан гана торсоюп, башына жаздык да койбой томолонуп көшүлүүдө.

— Медерим, кубатым! — Эңкейип, ээрдин тийгизээр, тийгизбес, чадырайган баланын курсагынан, алкымынан жыттагылап, көпкө айланчыктады.

Ага суктана, тунук айнектүү эшиктен буурулунан тармалданган башын эңилткен Бакир чолок жең көйнөгүнөн булайган булчунду колун булгалай шыбырады:

— Болду эми. Бас бери! Уктасын бала. Кызыктын баары быякта. Бас бери!

## ЧЫНДЫККА АЛГАЧКЫ АРЫМ

Бакир кабинетине кирер замат олдоксондук кетиргенин, жазма машинкасынын капкагын жаап бекитүүнү унутуп ачык таштаганын туйду. Жазууларын Аманаттын чийип сызганын көрүп Алтынайды чакырды. Экөө иш бөлмөдөгү газета-журнал жайылган жапыс столду тегеректеп маңдай-тескей креслодо отурушту. Ортолорунда алиги төрт сап ыр. Ыр го өзүлөрүнүкү. Акылдашып чыгарылган нерсе. А кызыл-тазыл сызылган белги, кагаздын уйпаланганы шек шооратуу. Арийне, Аманаттын колу тийген. Ал муну кайра-кайра окуп эзилген. Жинденген.

— Түшүндү дейсиңби? Бала неме кайдан түшүнсүн. Аля эринин жоромолуна таңданды.

— Сөзсүз түшүнгөн. Түшүнбөсө минтип карала-торала чиймелемек эмес.

— Кантебиз, эртелеп ырбатып алдыкпы?

— Аманат зээндүү бала. Эптеп айласын таап билгизүү керек чындыкты.

Аля күйөөсүнүн күнгө күйгөн күржүйгөн күрөң билегине чепейген манжаларын аткытты.

— Кантип? Кантип? Эркек эмессиңби, тапсаң боло айласын. — Бакир коюу капкара каштарын түрүлтө, ойго чөмүлгөнсүп болук, босомук жүзүн мемиретип үнсүз уюуда.

— Эми кандай айла тапмакпыз? — Эринин чебеленгенине суроолуу бурула, кайра өзүн жооткотту. — Кой, ырдын аки-чүкүсүн ажырата түшүнүүгө али кичине!

— А сызылган саптарчы? — деди Бакир.

— Оюнкарактыгы! Баланын сонункурап ойноп чийгени!— Алтынай ишендире так сүйлөдү. — Койчу, буга бекер баш оорутпайлы.

— Жок, Аля, сенин айтканың туура эмес, — Бакир ага ынанбады. — Аманат мындагы жазылганды айныксыз түшүндү. Шайтан шаштырбаса, машинкага неге калдыраган жазылуу баракты калтырдым экен!

— Сен чындап эле анын түшүнгөнүнө ишенесиңби?

— Ишенем! — Бакир ныгыра айтты.

— Карган эне-аталарына көздөшмөйүн балага бардык баянын билгизбейли дебедик беле? Антүүгө биздин акыбыз да жок!

Бакир күдүктөнө ийнин куушурду. Олдоксон жорукка аябай өкүнгөнү, кандай лажы табарын билбей түпөйүлдөнгөнү сезилди.

— Бакир! Бакир! Эмне унчукпайсың?

— Бас-са,— деди акыры ал,— жаш кездеги альбомуңду бери апкелчи. Аманатка эчтеке дебейбиз, чочуба, тобокел деп, байкап көрөлү...

Алтынай редакциясына барганы менен ишке көңүлү чаппады. Канчалык далбастаса да иши коошпой, колу кожоюп, аргасыз улам саатына үңүлө кызматтын бүтүшүнө чыдамсызданды. Опкоолжуп ою, түгөн уулуна чабагандоодо.

«Торсойгон Аманатчик, сен бизден безе качпа. Кетериңди санап корком, бирок, сени зордоп байлап, матабайбыз».

Кечээ кечте Аманатты ойготушканда, ал экөөнө тең караманча тоңдоосун, а түгүл жатыркагандай учурады. Тамак жебеди, столго биртике отуруп, дагы уктагым келет деп жатты. Эртең менен үтүрөйүп деле үндөбөдү. Бакирдин ыры тууралу эч бир сөз катпады. Беркилер үйүнөн кызматка чыгып баратышканда Аманат уяң үрпөйдү:

— Окуу башталганча мен жайлоого барып келейинби?

— Кечинде кебилешели,—деди Бакир. —Сабагың башталарга аз калбадыбы... Алар көчөгө үлдүрөп араң чыгышты. Баланын түнөргөнүн, кандайдыр кабыргасы кайышып санаага чырмалганын анын түйүнүн өзүнчө чече албай туталанганын экөө тең билди. Сурап түшүнүүдөн намыстанат. Кичинекей болуп туруп ардуулугун, эрдемсигенин кантесиң.

Аманат, тигилерди узатып, босогодо азоолок кантсем экен деген ниетте термелип турду, мейман бөлмөсүнө кирди. Пианинонун капкагын көтөрө, жалгыз ортону менен жыбылжыган

күүнү тере баштады. Аста секиндеп көңүлү жубанып, түнт ойдон алаксый кандайча түшкө жуук болгонун да баамдабады.

Бакир тартуулаган футбол тобун көтөрүп короого жөнөдү.

* * *

Аля Темирова кызматында. Анын жүрөгү алып учуп, эч нерсеге табы тартпай кайпактап убакыттын өтүүсүн күтүүдө...

«Аманат, Аманатым, сага тузак салдык эле. Канттиң экенсиң. Ооба, тузак эмей эмне. Тузакты кайберен өтчү чыйырга шегин билгизбей далдаалайт. Кээде анын жанына жем таштап коёт. Биз да сага жем таштадык эле. Көрдүң бекенсиң. Эгер байкасаң, кандай абалдасың? Бышкырып качтыңбы, же чалындыңбы? Кантсең да чындыкты билдиң го. Сенден мындан ары жашырууга дарман жетпей алсырап баратабыз».

Кечээ кечте Бакир экөө тамактарын бышырып, Аманаттын ойгонушун узакка сакташты. Түн киргенде араң бала чукураңып, тигилердин жетегинде биртике шамшың этип, кайта үн сөзсүз төшөгүнө томолонду. Эртең менен турганында да негедир мурдагысындай эмес, кабагы чытынкы. Сызылган ыр жөнүндө беркилер да сурабады, ал да унчукпады.

Качан үй ээлери кызматка жөнөөрүндө томсоруңку гана жер карай күнк этти:

— Качан өткөрөсүздөр мени, музыкалык мектеп-интернатка?

— Жакында, — деген экөөнүн үн алышкан жообун угуп, тоң моюн торпоктой алардан алыстай имериле басып мейман көмүтүнө бурулду.

Үй ээлери баланы иш бөлмөсүнө кирер дегенсинип каалганы жабаар жапмаксан далиске байырлашты. Бала кирген мейманканадан пианиного комуз күүсүн келтирип чалган добуш кубулжуду. Ошондо гана Аля менен Бакир шыбыраша баш ийкешти:

— Кой, кетели. Сүйгөн музыкасына алаксыды. Ачык ташталган кабинетти аралап чыгаар, — дешип каалганы жай жаап жөнөшкөн.

Аляның өңү кубулуп кыйпычыктап тынчтанбаганын байкаган кызматташы:

— Сен чемендеп турат окшойсуң дей салды.

«Санаан бөлүндү болсо, андан артык оору барбы». — Аля ичинен кымылдады:

— Ооба. Бейтаптанып турам.

— Дары-пары ичип, үйүнө барып эс алсаңчы.

Кызматташынын боорукерлиги Аляны дароо айыктырчудай эбепке себеп тапкансыды. Дегдеген кургур учуп-күйүп короосу-

на жетээр замат тааныш үн кулагына шак этти. Аманат төрт кабат тамдын көлөкө түшүргөн бетинде топ элеп жападан жалгыз ойноп турган. Бала карбаластаган Аляны көрө сала кыйкырды:

— Неге эрте келдиңиз?

Ансыз да сезими удургуган Аля капысынан жаңырган суроого делдее:

— Иш бар, — деди муңайыңкы.

Аманат бөйрөктөрү ала-була жер шарынын сүрөтү түшүрүлгөн кооз дардайган топту майкачан жылаң эт колтугуна толтура кучактап бөрсөйүп жандай басты.

Аля чаң, күн жыттанган тестиердин тикирекей кара кылкан чачтарын салаасына кирбесе деле тарагылай сылап боюна тартты. Дурус. Баланын көңүлү ачык. Алиги тузакты көрбөсө керек. [redacted] үрөктү эзген шунчалык мушакат түйүнү кантип чечмек? Карачы, өзүнөн өзү создугуп жатканын. Аманатдан жылынган колун ылдый сыйгылтып, майкасын [redacted]ып, күнгө күйүп сыйрылган ийнине түшүрдү. [redacted]ошунду күтүп турган жок белең? — Аля [redacted]туш үчүн оозуна келген сөздү чаргытты. [redacted]ти жылаңач таманы менен кыбасы кана[redacted]т. Аля эжесинин кучагында кандайдыр кукый чаңкылдады.

[redacted]мден эле чыккам. Чала тааныш эки бала бар. [redacted]такыр кезиктире элекмин.

— А-а... — ою чырмалган Аля чоё созуп, — шаарлык балдар жайкы дем алыш маалында тоо араларындагы, Ысык-Көл кылаасындагы пионерлер лагерлерине кетишет эмеспи. Биздин короодо сага курбалдаш жакшынакай балдар, кыздар бар.

— Ох-о, анда сонун тура.

— Кааласаң, кийин кайтышкандарында таныштырам.

Али ачыкка чыга элек эне-бала бири-бирине сүйөнүшүп, божурашып үчүнчү катардагы үйүнө жетишти. Аманат «кааласаң короонун балдарына таныштырам» дегенге кубана каалганы ачып, анын кирүүсүн күткөн аялга моюнун созуп, капкара тегерек көзүн күлмүңдөттү:

— Урушчаак эмес, жакшы окуган бирөөнө таныштырыңыз, а дегенде. Макулбу, Аля эже?

Аля башын ийкеп, туфлийин чечимиш этип, Аманатты алдыга узатты. Максаты — бала тузак жайган жакка кирсе... Жок. Аманат тобун далистин бүрчуна койду да, ванна көмүтүнө түз атылып, сууну шарылдата атылтты. Демек, жуунат.

Аляның жеңилдей түшкөн денеси кайтадан салмактанып, кандайдыр дүлөй күч мыжыккансыды. Тузак койгон нерселерін

кадимкисиндей, эч козголбойт. Көрсө сөзсүз алмак. Кайта койсо да, башкача, оруну которулмак. Ан үстүнө баланын кейпинде да эч шек шооратсыз. Эми, мындан ары чоюуга болбойт. Курган үмүт, ден жанчылып бүттү. Аля кабинеттен буйдоосуз октоорулуп, ваннага баш бакса, сууну толтуруп Аманат балыкча чумуп жыргоодо.

Эй, бейкапар бала, байкуш эненин жүрөгү өрттөнүп, көксөөсүн суута албай алапайын таппай турганын билбейсиң да. Мынчага чыдаган жан неге алдастайт. Жылдар өтүп, чала үмүт деле жүрбөдү беле. Дайыма самаган максатыңдын жарылчу учуру чукулдаганда адам алактайт бейм. Бош жабылган каалганын жылчыгынан Аманаттын ар кыймылын тиктеп, кирпигин ирмебей телмирүүдө, Аля. Мына, тикчийген чачтарынан суу берметтерин куюлтуп башын чулгуй Аманат өйдө серпилди.

Сүлгү менен сергиген боюн сүртүнө баштады. Торсоюп денеси чың. Чоң эне, чоң атасы жара түшүрбөй, оору жугузбай алпештеп чоңойтушкан. Аман бол, торсогоюм. Чолок шымын кийип, майкасын моюнуна илди. Мына эми чыгат. Айтам... Жетелеп киргизем. — Аля кетенчиктемиш этип, далистеги столчодогу телефонду калп эле имерип чалгансыды.

— Аля эже, үйдөгү мончоңор сонун экен. Болбосо тим эле... — түктөйө түшкөн мөмө жүзүнө күлкү чачыратып, Алянын жанына кулачын жаза,тизе бүгө обдула дене тарбиясынын көнүгүсүн ойной кетти.

Аля телефонду таштап, колунун дирилдегенин билгизбөө аракетинде ичке манжаларын Аманаттын жумуру билегине оролто басты:

— Жүрүчү, жүрсең... бир деңке...— Ансыз да лепилдеген тестиерди иш бөлмөсүнө ашыга жетеледи. Дубалга жыш капталган китеп текчесиндеги ортоңку баланын бою жетерлик айнектеги али түндө Бакир койгон сүрөттөргө алып келди. Бүттү. Тузакка, ага далдоо коюлган жемге Аманатты зордоп жеткизип урунтту. Кандай чалынат, же үзүп качабы?.. Аны...— Колун коё берип эне кетенчиктеп креслону таянды. Көзү чакырайып балада. Бала. Бакырып иеби?

Анын биринчи кыймылы, биринчи сөзү неден башталат? Аманат кадимки кажарлуу эркек сымал калбет гана бери четтеги жалгыз сүрөткө, өзүнө жакын, өзүнө тааныш сүрөткө узакка арбалды. Ага андан башканын, нараактагылардын эч кереги жоктой кирпигин бурбады.

Китеп текчесинин каалгасын ачып сууабы десе, адептүү өскөн бала антүүгө колун сунбады. О, бир оокумда сагынычы таркагандай, айнектин сыртынан сөөмөйү менен сылагылай, күлүңдөй, ууртунан күлкү жайната божурады.

— Муса байкем. Мурда жок эмес беле. Дал өзү. Бизде да бар. Кайдан таап илдиңер?

Аля ичи тызылдаса да, өзүн эптеп сорото, баланы жооткотту.

— Муса байкеңби, же атаңбы?

Аманат аны карап мулундады:

— Бары бир. Байке, ата. Кайдан таптыңар? Мени алдайлы дединер го.

Аля чочуп кетти.

— Неге алдамак элек сени! Мусаны биз да жакшы көрчүбүз. Өзү берген...

Билдим. Билдим. Чогуу окуганбыз дегенсиз. Мага окшош, чынбы?

Аля магнитке тартылгандай обдулуп Аманаттын ийинин таянды:

— С-сен, ага, Мусага окшошсуң.

Аманат курсанттана майда тиштерин быжыратып, эринин [redacted] жылмайды:

[redacted]ли. Ошонум сонун да. Атам, энем мени Мусанын төбооруна бекем кысты.

[redacted]Жакшы сөз экен. Демек, кичинекей Муса сен [redacted]наркы сүрөттү чалдыктырды.

[redacted]сизби? Муса байкемдин жанында...

[redacted]м...мен... Аляның үнү дирилдеп, айнекти тытмалап [redacted]рөттү зорго чыгарды. Манжалары гана түгүл бүткүл [redacted]кусу, бүт кан тамыры титиреп, сүрөттөн карегин айырбаган балага сунду:

— М-е-е, бу сенде жок-ту-р...

Бала алда немени сезгендей, ичинен өрт каптап келаткандай жүзү албырып, өзүнө чоочун жапайы доош чыгара чаңырды:

— Жок!

О, дүнүйө, эми кантээр экенсиң! Балкып муун-жүүнү бошогон эненин үмүт, кубат, коркунучка толгон көзү чанагын тээп жалжылдап баланын акыркы өкүмүн күтүүдө.

Аманат сүрөттүн алдындагы саргайыңкы тарткан агыш кыюудан укмуштуудай сулуу жазууну; «Муса менен Алтынай» деген сөздү окуп, жанакыдан дагы катуу баркырады: — Алтынай! Алтынай!

Бу дүнүйөгө жаңы, коопту жар сала төрөлгөндөгү перзенттикиндей сүрдүү доштон, алгачкы өз атын чакырган баласынын айбаттуу доошунан, сүйүнгөнүнөнбү, чочуганынанбы эненин көңүлү караңгылап, көзүн ирмеп отургучка тартылып башын эңилтти.

Аманат аны колунан тарткылай, булкулдатты:

— Аля эже! Аля эже! С-сен Алтынай белең! Айтсаң, Алтынайсыңбы? — Баласынын булкканы, тыпыйган колунан өткөн жылуулук, барынан «Алтынай белең! Айтсаң, Алтынайсыңбы!» — деп он жылдан кийин гана табылган керээзинин бакырганы Аляпын тумандаган башын, чайналып чарчаган көңүлүн ачып жиберди. Ал уядагы чырылдаган балапанына жем таап кайткан эне бүркүттөй канатын жайып, Аманатты бооруна тартты да, моюнунан, жүзүнөн аймап жыттагылай, көз жашын жамгырлатты:

— Ооба, менмин. Алтынаймын!

Аманат барын түшүндү. Негедир Алтынайдын жалынычына жылыбастан төндоосунданды. А тургай жумурткасында эне табы менен чоңойтпой таштап кеткен эмеге башынан берки тарынычы чокмороктон буулуга бурк этти:

— Муса байкемдин колуктусу Алтынайсыңбы?

Адам эй, бөлөк өскөндүк кылып боюн алыстатып текеберленгенин көр. Эненин сай-сөөгү кайрадан быркырап шолоктоду:

— Ооба, ооба... Муса байкемдин колуктусу... Сен-и-ин... «Сенин апаңмын» дегенди айталбай жашыды.

Аманат каадалуу жигитче ызасы күч чыйрала чыргыйттады:

— Мени төрөп таштап кеткен Алтынайсыңбы?

Аля бул күйдүргү айыптоо сөздү баласы эмес, адил соттун өкүмү жардап жаткансып, килемге чөгөлөп, Аманаттын моюнуна артылган колун бошотпой, салаа-салаа жаш булактаган нурдуу жүзүн жылтылдата жалбарды:

— Ошол Алтынай менмин. Кечир Аманатым. Кечир кезим. Мен куруюн. Жыргаганымдан таштады дейсиңби сени! Жакшымдан, Мусамдан калган белегим, Аманатым!... Жаш кездин, жактырышкан өмүрү кыска куректын жалгыз гүл-үү! Эне-атаңа миң мертебе ыраазымын! Сени ушунчалык азамат кылып чоңойтушуптур. Алардын акысы арбын сен экөөбүздө. Кантип гана актаар экенбиз. Сен актайсың! Акта, андай асыл карыялардын эмгегин! Мен куруюн... Сени көрдүм, тааныштым... Жүрөк кусамдан арылдым... Эми өзүң бил...

Демейдеги таттуу, кыска сүйлөгөн Аля эжесинин, жок, Алтынай апасынын сыр төккөн, жашка сугарылган ачык баяны барабара Аманаттын дагы зээнин кейитти. Бөтөнчө өзүн күнөөлөп, эне-атасын, Муса байкесин көтөрө чалганы, тагдырдын каарынан татынакай аял жаш жарынан, баласынан ажырап, акыры жалгыздыктын айынан Бакирге тийсе да, ушу жасалгалуу үйдө муңдуу жашаганын, капысынан экөөнүн жолугушуусу гана ага кайрадан кубат бергенин ойлоп, Аляны айыптап бүткөнүн, эми аёо керектигин түшүндү. Көрсө, Аля кургур бекеринен талмоорсуп оорукчал болгон эмес окшойт.

Жана кеги канбагансып томсоргон бала ушул сезим толкундарына урунган соң, эчкирип Алтынайдын төшүн сүзгүлөй бетин, көзүн жашырды.

Алтынай азыр гана качандыр жаштайында үлп этип жоголгон энелик мээримин тирилгенсип, Аманаты ак мамасын аймап жаткандай жүрөк тамырларынын каны туйлап, бою балкыды. О, тагдыр, күйүттүн да күлкүгө алмашар, айрылгандын да табышаар күнү туйт экен э! Мына, бала деми, колтугу ысып алсыз жүрөгү чыңалып, Аляны жаңы күч ирденткенсиди. Чалпоолук кылып жүзүн үйрүп качабы деген перзенти акыры минтип төшүн жыттап болоктогону эне көңүлүн чалкытты. Баласынын булоолонгон чачынан сылагылап өзүн эми чыныгы эне сыяктуу туюп, жай доош чыгарды:

— Аманатым! Аманат Мусаевичим! Мындан ары экөөбүз тең муунду жүрөбүз. Чоочуба, сени энеңден, чоң атандан ажыратпайм. Ажыратпай калайын. Эгер сен ылайык тапсаң, алар кар[illegible] өзүм да сенин аркаң менен катышып алат элем. А[illegible] өстүү карыялар.

[illegible] көөп солкулдаганы менен Алтынайдын айтка[illegible]дап... «Аля эже, Алтынай ушундай жаралуу де[illegible] экенсиң ээ... Атам менен энекем сени көрг[illegible] жокпу, билбейм» дегенди көөдөнүндө күбү[illegible]ай солуктай берди.

[illegible]үнөн өзү түшүнүктүү авалда артык баш сөздүн к[illegible] Кучакташкан апа, бала ушунча жыл бою ичке уюган армандарын элестетишип, кандайдыр жан сезимдеринде өңөрлөгөн даттан арылып жатышты.

Аманат жеңилдене, жумшара түштү. А түгүл артыкбаш ачуусун төккөнүнө уялыңкырады. Аляга бекем ыктап, аны, жеке аны эмес сыягы өзүн да аяп көпкө солуктады. Бу жакшылык жышаанынын жашына Алтынай балкып жыргады! Жакшынакай, акылдуу бала Аманаты аны түшүндү. Мындан ары ал колунда болсо да, болбосо да, жүрөгүндөгү кайгысын, жек көрүүсүн таркатты.

— Коркпо,— тегеренейиним, коркпо, мен сени карган ата-энеңден ажыратпайым,— Алтынай жыттап өпкүлөй божурады.— Эч качан антпейм. Сен аларды жакшы көрөсүң. Бөлүнбөйсүң. Алар асыл адамдар. Сенин тилинден чыгышпайт. Мени кечиришсин, сен каникулга тарап үйүңө кеткениңде, мени да барып турууга руксат этишсин. Көндүрөсүң ээ... Эми мен сени узакка көрбөсөм чыдабайм.

— Макул, макул, атам, апам ак көңүл, кечирет. — Аманат ыйын тыя албай эптикти. — Сен жөнүндө маа бир ооз да жаман сөз айткан эмес. Жанагы... башка бирөөлөрдөн, мени жет-

кизгенде эмчегинди да эмизбей, атам, апамдарды да күтпөй таштап качканынды уккам.

— Бирок, ал мен эмес элем да...

Алтынай ошондогу апаат күндөгү жорук жаатында, баланын ар сөзүнө уюп ишенгенине шердене медиреди. Эне жүрөгүндө баласына эриген назик мээриминен сырткары, кандайдыр тил жеткиз алкоо сезими булактады.

Бакир иштен кайтканда үйүндөгү томсоргон ээндиктин кандайдыр төнүп жоголуп, толо түшкөнсүгөн оор тынчылыкты баамдады. Аля ашканада даамдуу тамак бышырууга алектенүүдө. Аманат мейман бөлмөсүндө пианинонун кылын чоң эне овонуна терметүүдө. Аялы менен өгөй уулунун экөөнүн тең көздөрү шишмек. Чаң баскан шактагы мөмөнү электеген жамгыр суусу жуугандай Алянын өңү тазара, нурдана тирилген. Баштагыдай кур жооткотчу сыпайы сөз жок. Кыймыл, ишке алаксыган кебете-кешпирлеринин ыргагы эле табышкандардын жыргалын баяндап турбайбы.

— Ах-а... Буктары чыккан экен. Жашыруун сырды ачышып жазылышыптыр. Көпкө табышкан эки жүрөктүн азоолонгону аста секиндеп басылганча мен да жөн жайларына коёюн. Тамактануу убагында сөз өзүнөн өзү куюлаар. — Бакир кабинетинин босогосун аттады. Анын тамырларына да жылуу жаңы кан жүгүргөнсүп, делөөрүп отура албай кайра чыкты. Аманат бүгүндөн тартып, анын да жөлөгү. Ананайындын ата-жотосу кармап көрбөгөн, үч ичек комузуна такыр окшобогон миң кылдуу аспаптан кыргыздын овон, күүлөрүнөн кайрып ойногонун кара. «Балалуу үй базар» деген ушубу. Бала... Баланы канчалык эңсеп көзү катса да... Кийинчерээк жедеп түңүлө баштаган соң, «чыгармам, китептерим менин мурасым, перзентим» деген пикирге такалган.

Азыр ал ою кандайдыр бырындап эрип кеткенсип, Аманатты өгөй болсо да баласынтып акындын шок көңүлү удургуду. Эки бөлмөдө ар кими өз алдынча күдүндөп алектенген бактылуу эне балага кошо курсанттанып... бирок, бирөөнө да даап кире албай, кайпактап ачык каалгалардан суктана баш бактап, аркы-терки далисте чайпалууда. Анын ойноок сезими көңүмүш сөз тизмектерин куюлуштурууда:

Кагылайын Аманат,
Кылалы сага канагат.
Ата, энең биз дагы,
Жүрөлү сени пааналап,
Жалпыбызды кубантып,
Өсөөрсүң өнөр дааналап.

Өзүң барда көңүл жай,
Өксөйбүз кетсең калтырай.
Өмүрүң, жанын, үмүтүн
Өзүнө арнайт Алтынай...

Акынды сөз жылдыздары балкытып баратат. Жамандыр жакшыдыр учурунда кагазга чүргөп калбаса, экинчи кармалбай учуусу ыктымал. Кайра иш бөлмөсүнө шашылды. Такта кагаз бетине калемин жойлотуп, тарбаландаган анчейин кооз эмес издерди тартты. Акын ою кээде нөшөрдөй ээ-жаа бербей сөздүн ынагын булактатат. Айрыкча мындай арноо, алкоо ырлары бир башталса лепилдеп төгүлө берет го. Дагы шилтеди...

Орток уул Аманат,
Кылбассың бизди жаманат.
Өнөрүң өсөөр оргуштап,
Өөрчүтсөң тынбай далалат.

Алашамдагы тамактануу маалында Аманат кайтадан үлүрөйө, шалкысы бош тартып табакты гана тиктемиш этип унчукпады.

— Эмне болду, тегеренейин уулум? — Алтынай дилдирей, санаасы сапырылды. «Дагы кыжыры кайнабадыбы? Бакисин туйгансыбады беле? Булактаган көз жашы жакшылык жышаанын маалымдабады беле».

Бакир балага сагалашкандан бери алгач аялы «уулум» деп таамай кайрылганын баамдады. Арийне, баки-жогу түгөл айтылыптыр. Эми бөбөктүн көңүлүн дароо дүүлүктүргөн күтүүсүз жаңылыктын илебин басаңдатуу керектир.

Он жыл боюо тууган энеден дарексиз жашаган бала, капилеттен аны жолуктуруп, тоодон кокус кулаган көчкү таш баскандай эңгезер эне мээримине каптала, оңор окуябы.

— Сен бүгүн негедир өзүңө окшобой, башкачасың — Бакир сөзгө аралашты. — Айтчы, Аманат не болду?

— Эчтеке... Окуу башталганча атакем менен апакемдин колунда жүргүм келет. Аларга бирденкени айтууга тийишмин. — Алтынайга кыйыгынан карады: асыл карыяларына нелерди айтууга ашыкканын түшүнөбү?

— О, андай маселе болсо — демек, жөнөө керек, сөзсүз жөнөш керек! — Бакир колун серпти. — Кааласаң мына мен өзүм жеткирейин сени!

— Каалайм! — Аманат сүйүнө кыйкырды. — Каалайм!

— А менчи? — Алтынай дандаарый алайды.

— Сен да кошо бар! — деди Аманат. — Сенсиз такыр болбойт... Ушул сөздү укkан кулагына ыраазы чалкыды Алтынай!

Бирок Бакир ага акылдашууну чечти:

— Чыдабайсыңбы деп чочуйм. Карыялар азыр төр жайлоодо, өтө бийик жерде, билесиңби?

— Кой э, чыдайм, чыдайм! — Алтынай кежир кыздан бетер чыңылдап, тактайды тарс тепти. — Алигинде чыдай албагам. Анда оорулуу, капалуу болчумун. Азыр тыңмын, дурусмун. Бакир, койсоң эми, макул десең!

— Шундайбы? — Бакир башкача чечүү мүмкүн эместигин түюп алаканын жайды. — Өзүң бил.

Небак ойлоп бүткөм. Аягына дейре чыгуум керек. Аманат экөөбүз бири-бирибизди түшүнүштүк. Эми Мусанын ата-энеси калды. Алар менен элдешмейин, бары бир жаным жай албас.

— Болуптур, бүрсүгүнү жөнөйлү. Макулдаштык.

Аманат буга дейре Бакир байкесин кандайынча жакшы көрүп калганын туйган да эмес. Деги не деген адам! Атасы ага кадимкидей таанышкан соң, айныксыз «о оозуна келгенди оттобогон нагыз жигит тура!» дээри бышык. Энеси айтпаса да белгилүү. Небересин бапестеп жеткирген кишини балпактап сыйлуу мейман катары кастарлайт. Эх, тез эле эртеңки күн зыпылдап өтсө экен! Алтынай, Аля эжеси, жо-ок, апасы сүйүнгөнүнөн чикирттебесе экен! Чикирттебейт. Жайлоого эсен-соо баратат, ага Аманат ишенет. Анткени анын барганы өтө маанилүү. Бардыгы үчүн маанилүү: атакеси менен энекеси үчүн да, Алтынай менен Бакир үчүн да, албетте Аманаттын өзү үчүн да.

Окус, атакеси Нурак келини Алтынайга элдешпей койсочу? Анда кантет? Анда Алтынай капаланып чикирттейт, Бакир менен кайра жолуна түшөт, анан Аманатты такыр көрбөйт. — Жок, антүүгө ал эч көнбөйт! Алтынай апасы менен Бакир байкесинин кимисин көбүрөөк жакшы көрүп калды, так кесер айтуу кыйын. Кейпи, экөөнөн тең айрылууну каалабайт. Карган атакеси деле залкар. А дегенде бурк эте ачуулануусу ыктымал. Бара-бара курган Алтынайдын ага дагы, небересине дагы айыптуу эместигин, жаш жары Мусадан айрылып күйүттөн өлүп кала жаздагандыгын укканда аны аяйт. Азыр Аманат, баякыдай чоңдордун ар кыл сөзүн келжиреген балдардан, бөтөн адамдардан эмес, болгон чындыкты түгөл төрөгөн апасы Алтынайдын өзүнөн билбедиби. Ал кылайып калп айтпай калсын.

«Бары жакшы болот, бары жакшы болот, — Аманат өзүн-өзү купуя сооротуда. — Тез эле эртеңки күн өтсө экен!»

Ошентип ал күн да өттү!

## КАЙРА ҮЙҮНӨ КАЙТКАНДА

Машина түзөндө жумшак термеп, тез зыпылдаса, жол өр таянганда чарчап, акыркы күчүн үрөгөнсүп жай жылууда.

Аманат шофёрдун жанында алдыга отурган. Алакандай күзгүчөдөн Алтынайдын жүзүнүн чагылышын, анын кээде кумсара, кээде кызарып-татара өңү кубулуп толкундаганын баамдоодо... Бакир байкеси анын колун жазы алаканына укалап:

— Кантесиң, кантесиң,— деп акырын шыбырайт. — Өтөт, кетет. Көрөсүң... Мен такай жанындан чыкпайм...

Алтынай ага күлүмсүрөй карайт, алкоосун билдиргени. Деги, жанында Бакири болбогондо карыяларга барууга чымыркан-байт эле. Ага күчтү, кайратты, чечкиндүүлүктү берген Бакир да. Эми ага кошул-ташыл кубатты эр мүнөздүү торсойгон бала Аманат дагы кошподубу.

Өткөн күнү Аманат жарытылуу уктабады. Ал атакеси менен энекесине жолугууну, өзү не дейт, а алары кандайча жооп кайтарарын элестете берген... Атасынын сакалдуу дидары бирде сүрдүү, суз, бирде жумшак, сүйкүмдүү... А энекеси, көзүнүн жашын күрөң шалы жоолугунун учу менен сүртүнөт. Энекеси — жайдары, оюнан чыкпайт, эч адамдын көңүлүн калтырбайт.

Чала уйку, алдыдагы сапарчылоого ашыккан Аманат үйгө жарык чачкан таң заарынан ыргып туруп, Алтынай менен Бакирдин ойгонушун чыдамсыз күткөн. А машинада бала акырындап талмоорсуй берип, мамык жөлөнкөгө башын чалкалатканын бойдон, жетер жеткенче уйкуга термелди. Жайлоого көтөрүлгөндө Бакир анын мытыйган колун таптады:

— Кана, уулум, боз үйдү көргөз, сен быякты коён жатагына дейре тааныйсың. — Аманат ойгонгусу келбей, бирок кайда, кимдерге баратканын эстей, заматта умачтай көзүн ачты.

— Э, түз жетиппиз. Тээтиги жайыктагы биздин айыл!

Тынч жайлоодо алда кайдан келатканын айкындаган машина Нуракты үйүнө кол сунса жеткидей чукул токтоду. Ичиндеги жүргүнчүлөр чыгып бүткөнчө, айылдагылар убап-чубай чуркашып боз «победаны» тегеректешти.

Топурагандарды жара жиреп Нурак, анын соңунан Батма байбиче алдыга умтулушту.

— Атаке! Энеке! — Чарылдады Аманат. — Мен келдим! Биз келдик! — Алмак-салмак атасынын, энесинин моюнунан кучактады.

Баки жогу түндө өзү элестеткендей болгончу. Энекеси кубанганынан ыйлап, болук бетин жууган жашты гүлдүү шалы жоолугунун учу менен аарчууда.

Атакеси Нурак небересин кучактап, окчун компоюшкан чакырылбаган чоочун меймандарга шектене мокок көзүн үлүрөйттү.

— О, бизге келин балам өзү келген тура! — Акыры Алты-

найды таанып, таңданыңкы саал-паал какаардай доошун каргытты. — Үч уктаса түшкө кирбес жорук!..

— Атаке, атакебай, таарынтпа аны! — Аманат кыйкырган бойдон коргоп калчудай Алтынайга асылды. — Таарынтпа! — Жашыңкы үнү ыйга чакай чыйылдады. — Бул деген жакшы-ы! Бакир байкем андан! Мен экөөнү тең жакшы көрөм! — барылдап ыйлаган калыбында үйгө текилдеди.

— Ке-лин! — Укканга ишенбечүдөй Батма кулачын керди. — Чын эле сен Алтынайсыңбы?

— Ооба, энеке, менмин,— эрининен гана угулар-угулбас шыбыштай Алтынай байбичеге чуркап жетип кучактады. Ошо кучакташкан боюнча көз жаштарын көлдөткөн эки аял боз үйгө теңселип киришти. Бирөө — улгайган, күн табы менен ачык абага кара күрөңүнө тарта тотуккан, жүзү бырышка тебеленген, ал эми экинчиси — али жаш, чепейген арык чырай, дидары ак жуумал, чолок юбка, гүлдөрү бажырайган кооз кофтачан. Алардын соңунан Нурак абышка, ноочо бойлуу, көзү бакырайган, саамайы жаагына түшө өскөн, калың дүгдүйгөн дуудар чачтуу азаматтын коштоосунда ачылган босогону аттады. Аялдардын эмшеңдегени менен керегеге бурула сулаган Аманаттын ичке ыйы дебесе боз үй ичин тымтырстык тунжуратты.

— Неге ыйлайсың, бала?— Бакир Аманатка чукулдай жыла, ийнинен таптады. — Неге ыйлайсың? — Дагы кайталады. — Сен атаң менен энеңе жетүүнү эңсебедиң беле. Биздин да кошо келүүбүздү каалаганың, эсиңдеби? Сенин ата-энең жакшы кишилер, Алтынайды да, мени да капалантпайт дегенсиң...

Бакир мунун баарын Аманатты сооротуш үчүн гана эмес, абышка уксун үчүн, аны небереси канчалык барктаарын, Алтынай экөөнү Мусанын ата-энесине атайылап ээрчитип келгенин билсин үчүн айтты.

Канткен менен Нурак өзү деле меймандарды тоң кабылдаганына уялыңкароодо. Ким болбосун мейман деген мейман.

— Болду, болду, кемпир,— күрсүндү карыя,— жетет ый, көзгө да убал! Балдарыбыз келгенге сүйүнөлү, той өткөрөлү, а сен эмшеңдебе. — Бакирге бурула кошумчалады. — Кайгырса да ыйлайт, кубанса да ыйлайт...

Ардуу Нурак Алтынайдын эрине баарынын көңүлүн бура, алгач сөз катты. Ошентип көп нерсени жеңилдеткенин жадаганда Аманат дагы түшүндү. Батма байбиче мурдагыдан ого бетер букулдап, булактаган жашын тыйбай сүйлөдү:

— Азыр туйгунум, ачууланбасаң, мен азыр...

«Туйгунум» — абышканын айкөлдүгүнө карата айтылган сый. Анын баасын Нуруктын өзү менен небереси гана билишет.

Нурактын боз үйүнөн таң шооласы көшүлгөнчө чырактын үлпүлдөгөн шамы өчпөдү. Ээлери менен меймандар мемиреп уктаган балага, өзүлөрүнүн уулуна, небересине, эки бүлөөнү дароо бакытка, бейкуттукка бөлөп бириктирген кичинекей адамга экен-токондо көз чаптырыша жай маек курушууда.

Кийинки күнү Мусанын бейит башына барууга камынышты эле, Алтынай сыркоолоп төшөктөн козголо албады. Ал өзүнүн абалын күйөөсүнөн, карылардан канчалык жашырууга аракеттенсе да, чу деп аттанаардын алдында Бакир анын кыйналганын сезип, чочулай аялынын деми буулуга, кыстыкканын тыңдады. Бирок, унчукпады. Өгүп кетээр. Жеке гана бийик тоонун күйүкчүл авасынан эмес, ички толкундоонун кошул-ташыл саатынан экенин болжоду.

Таңга маал гана чала чарпы кирпик жумган Алтынай ойгонгондо көзүнүн алды шишимек тартып, өңү чүтүрөйүп кыйналып турду. Пиала кымыз сунганда колу титиреп жакшылыктуу жута албай, эртең мененки ысык даамдан караманча татпады.

— Көрдүңбү,— деди Бакир. — Сенин ушунуңдан коркком. Быякка келүү сага жарашпасын билгем.

Аманат да үрпөңдөп Алтынайга эбелектеди:

— Жаның кыйналып турабы? Чын! Кайра чикирттебесең...

— Бат эле оңолом. — Алтынай сыр бербей жооткотту. Ал кургур карылардан айбыкты. «Кара, келе чагын! Азабыңды тарттыр эми!..»

— Э, келиним эчтеке эмес,— эркелете унчукту Батма. — Чырмактабас жан барбы! Анда бүгүн барганды тыйдык. Сен жатып сеп ал. Куда кааласа, келерки таңга дейре тыңыйсың. Сени кошо аттантып жөнөйбүз.

Нурак байбичесин жактады:

— Бүгүн менин кылайып колум бошобойт Байтал үйрү жылкым төргө кетиптир. Ошону издейм. Эртеңкинин жөнү башка, жөнөйбүз.

Батма абышкасына ыраазы балкайды. Бүгүн ал эч жакка аттанмак эмес. Кечээ эле жылкычыларга мени күтпөй өзүңөр баш-көз болгула деген. Азыр Алтынайды тынчтандыруу үчүн зарыл ишти ойлоп чыгара койгонун көр. Мындай билеселүү адамды табуу...

— Бо чогуу бастырсак кантет? — Карыя Бакирге бурулду. — Сагâ аргымактын чүрөктөрүн көргөзөйүн, көзүң тойсун! — Арийне, бул дагы амал эле. Абышка акыры Аманатка ата ордун басуучу адамды жалгыздатып эркекче сүйлөшүүнү, паразатын байкоону каалады.

— Мен даярмын! — Бакир шар макулдай, аялына кылчайды. — Барайынбы?

— Албетте! — деди Алтынай. — Энекем, Аманат менен калуу мага да сонун.

...Ошо күнү карт Батма келинине кандай гана үйрүлбөдү! Анын бирде жаздыгын бийиктеп, бирде төшөгүн кымтылай, бирде кымыз сунуп:

— Ич, ич, Алтынай! Тим эле зордоп ич. Кымыз дары — чаң балды тыңытып, кеселди айыктырат...

Түшкө жуук Алтынай көшүлө уктады. А кечинде кадимкидей оңолуп, серпиле турду. Киртийген көздөрү бажырая, үлү бүрөгөн өңүнө кан жүгүрдү. Бакир кайтканда кубанды:

— Баракелде, минткениң дурус! Сенин көөнүңдү кыйбай, тоого бекер апкелипмин деп өзүмдү жемелегеним ай. Эртең мененки түрүң мага жаккан эмес-с...

— Демек, эртең барабызбы? — Алтынай үмүттүү унчукту.

— Жарасаң барабыз, жакшы болбосо дагы бир, эки күн токтой турабыз. — Сакалын жайкады Нурак. — Шашылышыбыз жок.

Келерки таңда Алтынай сопсоо, азаматтай чыкчырылды:

— Мына, сиздердин авага «көндүм». Күйүккөнүм караманча басылды. Кыязы, кымыз жакты белем. Чынбы, энеке?

— Чын эмегендечи! — Байбиче жагалданды. — Курулай кымызды кыстап ичирипминби. Менин баамымда жанагы шаарыңардагы дары-дармегиңерден кымыздын эми мыкты эле...

Нурак карыя тез гана аттарды токуп, жеңирейген жапалдашын Алтынайга тартты.

Алтынай алапайын таппай уялганынан кайпактады:

— Мине албайм... Билбейм...

Аманат боору калбай борсулдады:

— Атка бастыра албайсыңбы? Ой кызык, мен көндүрөйүн анда.

— Жок, корком. — Алтынай моюнуна алды. —Этегим да тар, деги жүралбайм, жыгылам.

— Койсоң, коркпосоң мама,— тыкылдады Аманат. — Анда сени мен учкаштырып бастырайын. Только бөлөкчө кийин.

Касиеттүү карыяларынын көзүнчө «мама» деди. Алтынайга ал атайлап айткандай, эне-аталарды бышы кулак тартып, анын тууган апасына чындап берилгенин билишсин дегендей сезилди. Карыялар укмаксанга салышты. Батманын ою ары ańтарыла, бери ańтарыла, аягында буга такалды. «Кудайга шүгүр дейли. Абышка экөөбүздүн көзүбүз өткөндө — куйтунум жетимсиребейт. Апасы бар». А Нурак өзүнчө эринин тиштенди: «Эртедир кечтир мына ушул болмок»...

Аманат үзөңгүгө, ээринин кашына жармашып өз атына шып минди. Аңгыча Алтынай спорт костюмчан чыпыйып чыкты. Ал кейпи атка минүүгө да эптүү, беркилерге да жакты. Бакирдин жардамы менен балага ыктай учкашты.

«Ах, кандай бактылуумун атка миналбаганыма,— ойлонууда Алтынай. — Барып келиш жол боюо такай Аманатымды боорума тартып, колум менен сылап-сыйпап, дем алганын тыңдайын ээ...»

— Кыргыздын ургаачысы атка мингени жөн. — Нурак доошун каргытты. — Эртең сени үйрөтөбүз, келин.

— Жарайт, үйрөнөйүн...

— Бап бал-ли! — Келининин дароо моюн сунганына корстонду абышка. Ал алдыга жол баштап жөнөдү. Аксакалын жайкалткан карыянын ээрге куйгандай бакжая, кадимки жигиттердей алчыланта бастырганына Алтынай эт бетине батпай сыймыктанды.

Артына кылчайса Батма менен Бакир жанаша бастырып, ко[illegible]алатышат. Экөөнүн эмне жөнүндө пикирлешкени угу[illegible]най өзү деле угууга назар бурбады. Күйөөсүнүн с[illegible]кандай гана чоочун адам болбосун бат ишенм[illegible]а тарттаарлыгы, сөздүн таамай, таасирдүүлөр[illegible]үнүн ак пейилдүүлүгүнө ишентерлиги ага не[illegible]Бекеринен көпчүлүк анын аныс адамдык ыш[illegible]козгогон ырларын жактырышпас... Азыр [illegible]өөнүн бардык өмүр тиричилигин: ага баш кошконго[illegible]ре, Алтынайдын кандай жашаганын, жападан жалгыз, оорукчал, таалайсыз мүнкүрөгөнүн баяндайт. Энекеси ага ыраат, келинине, Аманатынын апасына жүрөгүндө кымындай да тарынычы калбай бүт эрийт.

* * *

Мусанын мүрзөсүн тегеректеп алар узакка отурушту. Көгүлтүр корум таштан үйүлгөн дөбөчө бейиттин үстүнө Алтынай менен Аманат күздүн жыты аңкыган назик гүлдөрүн коюшту. Анан Нурак чөк түшүп курандын кыраатын чойду.

Батма алигинде Аманатты биринчи ирет атасынын мүрзөсүнө апкелгендеги кошогун созо заңкылдады:

Жалама аска түбүндө э...эй,
Бөлөнүп арча, бүрүнө э...эй,
Кулунум Муса шер жатат,
Омкоруп түбүн алам деп э...эй,
Оолжута элди багам деп э...эй,
Кулаган уюл кен жатат э...эй.

Кулунум, Аманатың келди жаныңа а...эй,
Эс тарткында сагына а...ай
Бапестеп багып чоңойттук э...эй,
Абышка, кемпир жалына э...эй,
Каралдым азамат болор өзүңдөй э...эй,
Борбую толгон чагында э...эй.

Алтынай жүзүн жууган мончок жаштын булактаганын сезип да койбоду. Ушундай жанды кайыштырган кайгылуу, кастарлуу сөздөрдү эне сезиминин керемети гана жаратаар.

Бакир башын эңилтип олтурду. Аялы аны карап, дасыккан акындын да баласынан айрылган карапайым кыргыз аялынын жамактатып кошкон ыр саптарынын таамайлыгына таңыркай дапдаарыганын баамдады.

Батма дасторкон жайып, куржундагы бышык тамактарды жайнатты. Беркилер тегеректей жайланышып, шейитке багыштаган бейит башынын даамынан татышты.

Жолду катары мен саа баламды жуткан каргашалуу кара аска тууралу айтпадым беле. Тигине... — Батма Бакирди жандай тарамыштуу каржайган, каралжын чеңгелин муштумга чокмороктото өйдө кезеди. Бакирге, бул шордуу аял олчойгон зоока ташка ызырынып, күн күркүрөп, чагылган чартылдап, бырын-чырынын күлгө айлантса деп каргап жаткандай туюлду.

— Бакир байке, далдап карасаң. — Аманат чыңкылдады, — ана, кылда учунда жарк-журк этип кубулган эмени көрдүңбү? Муса папам алам деген дал ошол урчук таш. Как ошондон тайгылып, бу түпкүргө учкан...

— Ооба. Көрдүм,— деди Бакир. — Капкара алмаз сымал күн нуруна чагылып кулпурууда. Шумдуктуудай таш!

Бакир шап ыргып көз ирмем ойлонуңку турду да, чечкиндүү бурк этти:

— Азыр мен ошого чыгып көрөйүн, кур дегенде учуна бармактай таш чагып түшөм. Ошол бөлүкчөнү Мусанын мүрзөсүнө коёбуз.

Ал шарт имерилип бир нече кадам шилтегенде, соңунан зээнди кейите Аманаттын үнү баркырады: — Кой, кой! Сен чыкпайсың аякка! Мен каалабайм, корком, кереги жок!..

Бакир тык токтоду. Ал баланын атасынан энесине, анан Алтынайга чуркап жулунганын, ыйлаганын, бакырганын байкады:

— Кармагыла! Жибербегиле! Анын кулап өлүшүн каалабайм!..

Бакир калдактай чуркап жетип, Аманатты тапатак көтөрүп көөдөнүнө кысты. Бала аны моюндан бек кучактады. Ал али букулдап ый аралаш сөз катты:

— Сени жибербейм! Мен сенин өлүмүңдү каалабайм! Жүргүлө кетеличи, кетеличи буерден, коркуп турам. Сени карыш жылдырбайм!

— Жарайт, уулум, сооронo кой, мен эч жакка жылбайм. — Толкунданып жашыган Бакир Аманатты эркелете кайпактады. — Мен сенин жаныңдан чыкпайм... Биз баки-жогубуз—энем, атам, Алтынай, се-ен, ме-ен... бирге болобуз. Сен ошону каалайсың, чынбы? Кой эми, басыл, басыла кой, жетет эми!

— Чын эле ушинтебизби, атаке! — Аманат Бакирдин мүрүсүнөн колун албай, карт Нуракка моюнун созду, — биз баарыбыз бирге болобузбу?

Карыя узакка үнсүз тунжурады.

— Кантесиң, туйгунум? Кулунчагымды сооротсоң, сен экөөбүз анын ушунчалык капаланып ыйлаганын көрдүк беле. Каралдыңдын чымындай жанын тынчтантсаң. Теңирим сени жалгыз таштабас-с. Айт каралдыңа, эми биз — бир гана үй-бүлөбүз.

— Ырас, биздин биригүүбүз кажет, — секин кобурады Нурак, — биз... биз бириктик... — Жерди таяна кажарлуу обдулуп, алаканын сакалдуу дидарына жанытты. — Оомийин! Бүттү, эми үйүбүзгө кайталы.

Карыя куюшканга байлаштырган аттарды чечүүгө камданды.

# МҮЙҮЗҮНӨН АЙРЫЛГАН СҮЗӨНӨК

Кичинекей англис кызы
Виктория Смитке арнаймын.

## БЕТ АЧАР

Балдар, бул чыгарманын кичинекей англис кызы Викторияга арналганына таң калбаңыздар. Анын жүйөөсү бар. Чынын айтсам, төрт жашар Викториянын (кыргызчалатсак Жеңиш, Жеңишгүлдүн) талабы болбогондо «Мүйүзүнөн айрылган сүзөнөк» повести жазылмак да эмес.

Кээде адам баш тарталбай турган өтүнүч болот. Мына ошондой жагдайга мени кичинекей Виктория дуушарлантты.

1974-жылдын апрель айынын аяк ченинде «Мүйүздүү козу» китебин дүйнө элдеринин бир нече тилдеринде чыгарган «Прогресс» басмасынан төмөнкү мазмундагы катты алдым.

«...Урматтуу таксыр Бейшеналиев! Бизге «Мүйүздүү козу» китеби абдан жакты. Айрыкча мага өз мүйүзчөсүнөн айрылган козу өтө жакты. Сиз дагы көп, көп китеп жазарыңызга ишенем. Анткени «Мүйүздүү козу» мени өтө кызыктырды. Сиз ушу мүйүздүү козу жөнүндө дагы бир жаңы китеп жаза аласызбы? Китептеги сүрөттөр эң сонун экен. Эне-атасына айтып жаздырган Виктория Смит 4 жашта. Саут Кройдон, Англия».

Океандын нары жагынан кичинекей кыздын дилинен жазылган күтүүсүз чакан кат адегенде мени апкаарытты. Анткени, бул саам китептин жакканы, кыргыз жергесинин, элинин элеси кызыктыргандыгы жөнүндөгү чет элдик окуучулардын мурдагы каттарынан бөлөкчөлөнүп, суроо-өтүнүч коюлуп келди.

Баарынан да каттын ээси наристе заттын шагын сындыруу-га дитим даабады. Дароо жооп кайтарууга да сөз таппадым. Кур дегенде жооткотуп кутулуш үчүн баланын кабагын чытытпочу шылтоо издөө керек эле. Андай шылтоону да таба албадым.

Кайсы өлкөлүк, кайсы улуттан болбосун, бала — адал, назик зат. Аны калп айтып, же көңүлүн калтырып кутулуу уят. Менин

оюмдан Викториянын дал өзүндөй кичинекей, назик катындагы «мүйүздүү козу жөнүндө дагы бир жаңы китеп жаза аласызбы?» деген өтүнүчү такыр чыкпай койду.

Убакты өтө берди. Башка чыгармачылык чүргөөлөргө көңүл чаппай, наристе окуучунун кыска, бирок маанилүү талабы сүрүп таштады.

Мындан он жыл мурун жаралган «Мүйүздүү козунун» жоомарт ээси кичинекей Азиздин камкордугу менен ирденип алгандан тартып ар кимди сүзө берип, акыры мүйүзсүз калгандан кийинки окуясын улай аламбы? Кандайча?

Төрт түлүк ыңкыган улуу тоо койнундагы жайлоолорду кыдырдым. Кадик чабандарга, мал чарба адистерине сырдаштым. Козу кочкордун сынган мүйүзүнүн кайрадан жетилип чыгуусу да, чыкпасы да ыктымал экен. Кеп анда эмес эле. Маселе — чыгарманын каармандынын ар-намысынын бекемдигине, кагылыштан жалкуу, же чыйралуусуна, турмуштун келме-кезек оомал-төкмөлдүгүнө жараша каймана мааниде, балдарга да, чоңдорго да таалим тарбиялык мазмуну «Мүйүздүү козудан» кем-эмес чыгарма жазууда болучу.

Улам ой толгоо бекемделе берип, арадан төрт ай өткөндө Викторияга ал окуган мурдагы китептин каармаңы мүйүзүнөн айрылган козу тууралу дагы бир китепче жаза аларлыгым жөнүндө, эгер ал ылайык көрсө, жазылуучу китепти ага арноо ниетимди билдирип жооп жөнөттүм. Виктория сүйүнүчтүү макулдугун кабарлады.

Ошондон тартып такай кат алышабыз. Былтыр кол койгонду, сүрөт чийгенди гана билген, быйыл бешке чыккан Виктория өз колу менен кат жаза баштады. Ал өзүнүн фото жана тарткан сүрөттөрүн жиберет. А дегендегидей мага «таксыр» дебестен, «ага» деп кыйрылат. Биздин Кыргызстанды, Фрунзени картадан карап табат. Педагог эне-атасы, өз шаары, он эки жашар агасы Патрик жөнүндө жазат. Демек, Виктория өз өтүнүчү боюнча мен убада берген китепти күтүүдө.

Ал китепти далай толгонуулар, алакеттер менен жакында аран, эки жылдын тогошунда зорго аяктадым. Аны багышталган Викториядан мурда менин жердештерим сиздерге сунуш этүүдөмүн.

Бул балдар мүнөзүнө ылайык чакан чыгарма кандай таасир калтырганын, жаккан жана мүчүлүш жактарын жазып жиберүүңүздөрдү өтүнөм.

Автор.

Көрпө тон, көрпө тумак, кийиз чокойчон торойгон Азиз... Бул кебетесине караганда ызгардуу аппак теребел үчүн атайлап төрөлгөн аяз баласы дээрлик. А чын-чынына келгенде деле Азиз аязды тоотор түрү жок. Анын мөтүрөйгөн оттуу көзүнөн, ысык дене, жылуу кийимчен албырган дидарынын илебинен кырчылдаган сууктун мизи даабай жалтанууда.

Кой короосунун эшик алды улам жаңы кардан күрөлө берип өзүнчө дөбөчөгө айланган. Азиз ошо күрөндү дөбөчөсүн тебелеп жонуна чыкты. Өзү, атасы, апасы үчөөлөп алмак-салмак чоң, орто, кичине күрөктөп челип ыргыткан эшик алдындагы кардан түзүлгөн күрөндү канчалык даңкайымыш этсе да жапжапыз тура. «Заңкайган бийик перселер мына булар» бет маңдайындагы дүйнөнүн нары жагын калкалаган балык жон адырларга эдирейди. «Минтип бир атылым менен чокусун басмак түгүл, күн бою тырбаландап зорго адырдын жонуна жетээрсиң».

Баланын кареги эмелеки зордугуна машыркаган адыр-белестери такаанчыкка гана жарап, алардын тээ түпкүркү үстүнөн жогорулап асман чалкарына заңкая боюн созгон алп тоолорго, аска зоолорго күлмүң чагылышты.

«Бах! Бийиктен бийик. Зордон зор. Күрөндүдөн адыр зор. Адырдан тоо зор. Тоодон аска зоо зор. А зоодон ары эмне? Асман. Ай, жылдыз, Күн. Анан?..»

Азиз неге же адырдын, же тоонун, же зоонун, же ай, жылдыздан үстүнө чыкпастан бийиктиктин эң жапысында турганына коомайсына күрөндүнү кычырата тарс-тарс «жанча» тепти.

Тоо, ойдуң дебей жер үстү жапырт аппак карга, аязга тунган. Айланадагынын бакиси тээтиги олчойгон тоолордон мынабу чатырлуу кызыл кыш кашарга чейин көздү чалкытып, жүрөктү опколжутуп барандуу, сүрдүү. А неге адам, бөтөнчө Азиз өзү кичине! Жо-ок. Адам атасы, апасы өзү... асман жердегилердин бакисинен бийик, күчтүү. Ошон үчүн жер гана тургай тоону тебелеп, малды жайып жүрбөйбү. Азиз арбалган ойдон сээлдеп эмнеге чыгынганын эстеди.

Атасы бүгүнкүдөй борошосуз ачык күндөрдө шамал каккан туландуу бетке койлорун жаят. Кашардагы чөп, жемге чабырлар гана коюлат. Аларды караса, арасында өз ынагы жок. Оттоп көнсүн деп атасы сүзөнөгүн мүйүзүнөн ажырагандан бери көпчүлүк учурда жайытка кошуп кетчү болду.

Онкойгон дүңгүл мүйүзчөнү жактырып жайыттан бөлгөнүн... жалаң жемге бордоп жанына ынак тарттырганын... а дегенде өз тизесин, калпагын сүздүрүп көндүргөнүн... Анан башка козуларга тапбердиргенин, бара-бара итти, кишини качырта кума-

рын ташкындаткан учурларын элестетти... Акыры Султандын карыган кочкорун беттештирип кызыл жаян башын кандатып омкорткон соң Азиздин ичи канчалык ачышса да, атасынын оболуна аргасыз көнбөдүбү. «Мейли. Уят, ыза кылды. Башка койлорго кошулуп оттогонду үйрөнсүн». Кантсе да, күндөр өткөн сайын, «мүйүзсүзүнө» боор ооруп көрүүгө, үрпөк жонунан сылоого, кошо ээрчитип басууга кусаматы ашууда.

«Эми жөн кой. Өзүңдү же башка бирөөбүздү сүзүп майып кылабы деп чочуучу элем. Тынч жайытка көнсүн»— деп короого кошкондогу атасынын айбатынан гана батыпа албай жүрбөйбү.

Баласынын санаркап чүпчүгөнүнө зээни кейиген апасы бүгүн аны жооткото минтти:

— Э, чунагым, бекер шашып койбодуңбу. Козуңдун башындагы дүңгүлү азыр боркемик морт болчу. Эмдиги жылдан катмак. Кадимки чыгырык мүйүзгө айланмак. Ошондо салсаң. Султандын карт кочкорун оңколотмок. Кур дегенде мүйүзүнөн ажырамак эмес.

Азиз бул чындыкка убагында акылы жетпегенине өкүнө, бөрсөйгөн эринин тиштенди. Кап, ошондо атасына же апасына кеңешсечи. Сөзсүз, «козуңдун мүйүзү морт. Азыр чоң кочкорго сүзүштүрбө» дешмек тура.

— Апа,.. анда күнөө мендеби... Ачык санаркай унчукту бала.

— Кой, уулум. Өтөөр иш өттү. Мен үйдү иреттеп чабырларга чыгайын. Сен атаңа бар

Апасы дасторкон жыйнаштырымыш этип уулун узатты. А Азиздин башы дуулдап, мындай пикирлер жыбырады. «Козум айыптуу эмессиң. Мүйүзүңөн, менин шашмалыгымдан ажырапсың. Азыр мен сага жетем, көрөм. Көндүңбү жайыттан оттогонго, жоксуңбу... Кечир мени».

Мүйүзсүзүн кашардагы жемге калтырылган арык-торуктардан таппаган соң, атасын кароого жөнөөгө күрөндүгө көтөрүлүп табигат көркүнө азгырылып кетпедиби.

Атчан атасы, жайылган койлору демейдегидей бадырайып берки кыраандардан чалдыкпады. Сыягы катар жыбыттардын ички бооруна ыктап быгышкан окшойт.

Күрөндүнүн оң, сол тарабынан жарыша түшкөн жандыктар чубоочу чыйырлардан ача туяктардын бүгүнкү жаңы издерин улап жөнөөгө умтулганында чымкый аппак мелтир тынчтыкка тоңгон айлананы кандайдыр күрүлдөк дабыш титиретти.

Көктү жиреп кыркыраган самолет болбосун. Жумшак чокойчон тегерене тыпылдай секирип, чалкалай темгилсиз асманды аймалады. Самолёт түгүл демейде калкыган бүркүт, кузгун да көрүнбөйт. Ан сайын алиги дүрүлдөк улам жакындап, тоо

кышынын уюган тынчтыгын бузуп силкинткени улам күчөөдө.

Бул эбегейсиз сүрдүү күч кантсе да жерден, таман алдынан түрүлүп бери жылууда. Капилет күрүлдөккө Азиз элеңдеп атасынын жайытын, мүйүзүнөн айрылган козусун унуткарып апкаарый да, таңыркай да каяктан угулуп, каяктан келеткенын улай албай кулагын төшөп, тереңелге көзүн жайнатканы качан.

Мына, жанараак эле булардан алп, булардан айбаттуу эчтеке жоктой тоо жаратылышына таңданган бала аларды дүрдүктүрө титиреткен сыйкыр, теке маңдайдагы колоттон түтүнүн буркулдатып суурулган трактордуу көрбөспү. Ага чиркелген үйдөй жүктүн жылып келатканын, аны башкарган жалгыз гана тракторист жигит экенин тааныганда Азиз кубанганынан тумагын булгалай алдынан тосо чаңылдап чымылдады.

— Бай-кее! Бай-ке-е!

Тракторист астындагы сүйрөтмөдөгү үймөк чөп-жемди даңкайтып кыштактан бери ийне учугундай согулган алардын кашарына келүчү чыйырдан буйтап сонун карды буркулдата жөнөгөндө... бала да токтоп аябай боюн күүлөгөн боюнча кээде тизеден, кээде жамбаштан батып, кээде кулач ура кар сугунуп, күрткүгө матып... тигиге жетүүгө өжөрлөнүүдө.

Тракторист борсойгон баланын жан далбасасын, анын убараланып кыйналганын окус мына жетем менен, окус кандайдыр куласа майып болорун, анда өз башы кирептер тартарын эскерип аны көздөй бурду:

— О-у, азамат, токто ошерге! Мен азыр жетип барам! — деп тракторист заңкылдады. Бер жактан канчалык матыса да, ойноп көнгөн карын тоотпочудай Азиз эрдемсий чыңкылдады:

— Өзүм деле жетем. Коё тур байке.

— Болуптур. Экөөбүз тең илгерилей берели.

Кимисинин мурда жеткенин ким билет. Трактор да, бала да бирин-бири карай карды жиреп бетме бет чукулдашты.

— Ох, азамат, чарчаган жоксуңбу? — Карга көлбүсө да көжөрүп токтолбой умтулган, тумагы колунда тердеп буулаган балага тракторист сүймөнчүктүү колун жаңсады,— арттагы, чийнедеги жүккө жармаша аласыңбы?

— Жармашам, байке.

Акырындаткан тракторист кантээр экен кыялда кылчайса, көп күттүрбөй аппак тон, түздөн чокой, өңдөш тумакчан бала тырмаландап жүктүн дал чокусунан көрүндү.

— О, байке. Муну кимдикине алпарасыз?

Атасыныкына окшогон кер мурут, майланышкан тракторист балага калп айта албай күлдүрттөдү:

— Султан дегенди билесиңби:

— Билем.

— Ошонун атасынын короосуна түшүрүүгө буюрду башкарма.

— А неге бизикине эмес...

Тракторист дароо жооп таппай мукактана түштү.

— Силердин жем, чөбүңөр көп. Атаң камдуу чабан. Эмки жолу апкелем.

Азиз тиги тракторист агайынын атасын мактай чалганына кубанды.

— Эмки жолубу! Анда качан? Чынбы?

— Чыпачын. Атаңа менден салам айт. Мурутчан тракторист десең эле билет.

— Макул, мен түшөйүнбү.

— Кааласаң кошо бар.

«Мен Султандыкына барбайм. Ал карт кочкоруна менин козумдун мүйүзүн омкорткон» деп айтууга Азиз оозун эптеп барып токтоду. Барсамбы, барбасамбы? Трактор сүйрөгөн заңкайган жүктүн чокусуна чыккан соң түшкүсү да келбеди. Өзүлөрүнүн жумурткадай тамы, ага улаш кызгылт короосу, короо ичинде чабырларга жем бөлүштүргөн апасы... а оң колоттун ички боорунда коюн жайган атасын көрдү. Алар неге жер силкинткен унаага минген уулун карашпайт. Же аларга трактор, а балким, Султандын атасыныкына тартып бараткан жүк кызык эмес го. Карашса каралдысын таанышмак. Кыйкырсабы? Жо-о... Уят.

Аңгыча кайдан-жайдан жеткенин ким билет, алиги Султан артылган каптарды апчый-чапчый эргип заматта жанына окторула жетти. Кыясы, Азиз алаксып келатканда, жүк үстүнөн аны алда кайдан таанып утурлаган белем. Тааныш трактористти унчукпоого жандаса керек.

— Ой, эргул, сен эмне, маа жем жеткирип келатасыңбы? Султан тегерек тебетейин кырданта, шырымал күрмө, шымчан күрсүйө Азизге каадалу кишиче колун суна чөгөлөдү.

— Ооба. — Азиз анын муздак колун булка, жанына кынтайта тартты.

— Ох-о! Козундан өзүң күчтүү окшойсуң. Мүйүзүндөн ажыраган соң жөн жүргүн.

Султандын көтөрүлө чыкчырылганына Азиз ардана буулуга жүткүндү.

— Ия! Сен мактанба! Билесиңби. Менин козумдун сүт мүйүзү ката электе, сенин карт кочкоруңа бекер беттештиripмин.

— Эх-е, кыйын болсоң, козу кочкоруңдун мүйүзүн кайра чыгарып, катканда апкел. Дагы кармаштырабыз. Жалка элек турбайсыңбы. — Султан аны эликтеген кейипте, муздак туурук алаканын серпе, эң бийик капка жамбаштай чокчойду.

Дүкүлдөктөн даана укпаса да балдардын кыжы-кужусун жактырбаңкы алдыдан тракторист бакылдап, Азиздин сөзүн бузду.

— Ой-бала корозчолор, үрпөндөшкөнүңөрдү токтоткула, болбосо экөөңөрдү... Султан «көрдүңбү, бас жаагынды» белгисинде тилин булгайтып, Азизге көзүн жүлжүйттү.

Азизге тракторист Султанга болушкандай туюлду. Антпесе, не ал жооп кайтарарда торгоп бакылдайт. Атасы коюн жайган колоттон анча узай элегинде, алая карап алды да, теминип тура кулачын күүлөп заңкайган түк үстүнөн Азиз түйүлө секирди.

— Ой, Азиз кантесиң!? — Султан ыйламсырай чаңырды. Окус арка моюну омкорулса, ал кунуна калбайбы.

Султандын ач айкыргынан чочуп, мурутчан тракторун катуу булка токтотуп, лап жерге түшө артка балпактады.

Баланын жеңилдиги кардын жумшактыгы сактаса керек... Оюлган карга оонап турган чаңгыл ала Азиз аман соо чымылдап трактор менен чийненин изине салып узаптыр. Толук тракторист чуркаса да ага жете турган шекилденбейт. Жүк үстүндө үрпөйүп күнөөлүдөй көзүнө жаш кылгырган Султанга акырая, кайра Азизге бурулду. Баланын атасы кур көрмөксөн сыртынан акмалай тургандай. Атынын башын бери буруп, баласын тосмолой бастырууга коктунун кырынан аңкайган чабанга, майлуу кол кабын булгалай тракторист дарылдады:

— О-ой Бакир! Уулуң жүрөктүү азамат экен!

## ЭХ, КУРГАН МҮЙҮЗСҮЗҮМ

Азиз жайытка жетер замат чачырап жайылган койлорду четинен түрүлтө өрдөдү. Атасы анын ниетин боолголоп, оюна, коюп кымыйды. Шамал каккан беттин кары жука экен. Кантсе да биринчи кар баскан мукур шыйрак жандыктар, туланды ачып жей албастан, сыртка кылтыйган шыбак баштарын ирмөөдө. Жайкы семиз кезиндегидей бышкырык атып дыр койбогон менен тынчтыгын бузуп тике жиреген балага жол бере кой ичи дүрдүгүүдө.

Азиз капарына эчтеке кирбөөчүдөй, эптүү эриндери тынбай сербейген чөптөрдү карга кошо аймаган күрпөндөрдөн көзү өтүп... Өзүнүн мүйүзсүз калган жаныбарын иликтөөдө. Атасы өткөн күздө карт соолуктарын этке өткөзүп, энелеринен бөлүнгөн мынабул козуларды албады беле. Булардын азыр жүндөрү жетилип, жондору дүгдүйө борукка айланган учуру. Бу мотурайган жандыктар эне сүттөрүн небак унутушуп, өз бетинче тоют аймап аймаңкасына тартып... айрыкча жайлоодон күзгү аңызга түшүрүп сонундатып оттоткон соң тез ирденишти. Мын-

да жайылгандары өтө тыңдары. Алгачкы кыштан моюнбай минтип от таап жеөгө жарамдуулары. Ал эми чабалдарын Азиздин дасыккан чабан атасы короосундагы жем-чөпкө жардамчысы апасынын көзөмөлүнө калтырат. Кышкысын дайыма чабырлардын милдет-сабыты апасынын мойнунда. Азиз өзү быйыл кышы көбүнчө үйгө байырлап, апасына көмөктөшүүдө. Кааласа минтип атасына келмей. Атаганат, сүзөнөгүнүн мүйүзсүз калганы кендирин кесип отурбайбы, болбосо шунтип эшейип сабыры суз араламак беле. Козу баштагысындай мүйүзчөн догдоңдогондо, мынабу момоюшкан маңыроо боруктарды четинен челдирип, атасын кой-ай дедиртип көңүлү шагдан кудундамак. Ушуларга жашташ болсо да барына кырданып, сез көргөзүп, барынан күчтүү, айырмалана алчыланган козусу... мүйүзүн омкорткондо аргасыздан буларга кошулбадыбы. Ал деги кайда житти? Мурда буларды тоотпой чыкчырылган эме, корунуп бир жакка качканбы? Же табасы канган эмелер жектеп четтете кууганбы? Айбандын мүнөзү оңой бекен. Атасы анттирбей калсын. Анан эмне бобереки быжырап оттогондордун арасынан чалдыкпайт. Азиз тайыз карды чокою менен шилей, туланды ачкан болуп... утуру жайылгандардын башка жагына адымдоодо. Аргасы түгөндү. Жайык белестин бетин бербей ыдырап жайылган беш жүздөй боруктун бирин койбой өңүнөн карап чыккансыды. Кантип тааныбай калсын. Буту да оорлоно солбуп чарчаганы андан... ички өкүттөсү мындан... баланын зээнин кейитип, «ушунун баарын кылган сен...» ниетте атасына букчуя имерилди. Атасы аны шылдындагансып, ооздугун чыгарган жоош атынын чөмүчтөй туягы менен карды шилей тээп, чыктуу туланды күртүлдөтө чайнаганына кумарлана, бубак баскан жазы көрпө жакалуу ичигинин этегин бүктөй чоң түп чийде күрсүйүп отурат. «Айрөк, козунду таппай мыш болдуңбу. Эхе-е, алың эле ушубу. Кыйынсынып четинен түрө аралайсың э. Баятан эле сурасаң көргөзүп бербейт белем. Кана, уялба эми» — дегенсип муз тоңгон мурутун жана, тери кол кабын булгады.

— Э, Азиз, жайыттагысы канча баш экен. Түгөлдөп чыктыңбы?

Атасынын калп эле билмексен тартып, сөздү башкадан чалганы Азиздин ого бетер жинин кайнатты. Үнүнүн бардыгынча баркылдады:

— Ат-аа, дейм! Менин козум кайда!?

Атасы этек-жеңин кагынып, отурган жапырак чийден обдулду. Эми чынын айтпаса баласы ыйлап ийчүдөй. Тоо кышынын, мал-жандын ээси — аяз атасындай калдая жылып колдурттады:

— Эп балам ая. Козуң комуран калсын... башынан жаман үйрөтүп... бобереклердей оттогонго көнсүн десем... кесирдүү

кокуюң, мүйүзүнөн кагылгандан бери канча өттү. Аптага жакын... жарытылуу эчтеме ирмейбей, ыландап калгандай...

Азиз атасына догурунчудай көрпө тонунун өңүрүн делдектете, кучагын жайды.

— Кайда-а!! Кана! Көргөзчү? Калп. Ыландабайт.

Атасы астын утурлап жакындап калган:

— Бурулдабачы деги. Аны качаңкыга дейре жемге бордомокчубуз.

Азиз көзүнөн мончок жаш серпе, тикиреңдеди:

— Каякта дейм! Көргөз!?

Колуна алып, кучагына кысайын десе, коркута булт койгон уулуна Бакир чабан оозундагы ысык илептен муздак аваны бууланта буркулдады: — Жэ-э эми! Атаң мен аманмын го. От, жаман десе, тигине тетиги бадалдын түбүнө чөп-чар төшөп бөктүрүп койгом. Сүзөнөк кылам деп жүрүп жаман үйрөткөн күнөө өзүндө.

Азиз дампаңдап аял-буялсыз жетсе... чын эле итмурун бадалынын түбүндө мүйүзсүзү атайлап салынган чөпкө оонадо. Маңыроо көзү үлүңдөп «сен мени ушул абалга жеткиздиң. Кош эми» дегенсийт. Бала козусун кучактай чөгөлөдү. Баягы кулпурган жүн куучуюп, жердеги талпак кебетеленет. Секирип ойноктогон козусу өлөсөлү ичи кынжыйып, тартайган төрт шыйрагын тарталбай жерге боортоктоодо. Каны каткан боюнча омкорулган орду уркуйган ак козусунун чокусун сыйпалап, тизесине төшөй көтөрсө... демейде тентек албырган бакыраң көзү үлүңдөп, кичинекей ээсине өтө аянычтуу тигилди.

— Эх, курган мүйүзсүзүм... сен ушинтип...— Азиз анысын туйчудай купуя букулдап... чөптүн бүрдүүсүнөн тандап козусунун оозуна кармады. Козусу чөптү ирмей албай жыттамыш этип алы тайыган кишидей быш эте улутунгансыды. Ээси тыпыйган колу менен жаныбарынын муздак түктүү жаагын тырмаландап зорго ачып, алиги тоютту курч тишине тиштетти. Бары бир алсыз козу аны да чайноого дараметсизденди.

Баланын заманасы куурулуп, кантсе да досун үйүнө жеткирүүгө жандалбастап... Көтөрөйүн десе оор. Жетелеп жөнөөгө эптеп тургузуп таканчыктатса, баса албай тамтандап буттарын майтыйта бүрүшүп жыгылды. Азиз ачык шолоктогон бойдон, жанында турганын байкабай чабанды жардамга чакырды:

— Атаке-е, эптеп үйгө жеткизелчи.

Үйүр жаныбарына үйрүлүп түшкөн карагын, анын кучактап болоктогонун, чөп жедирүүгө аракетин көрүп ансыз да боконо сөөгү болкулдаган бардаштуу ата, шек бербей турган. Анын санаасына кыргыздын абалтан берки «мал боор эт менен тең» де-

ген сөзү түштү. Баласына кошулуп жашыса буларды кой-ай дечү ким? Кадимкисиндей кайраттуу доошун калкытты:

— Аттигиниң, минтерин кайдан билдим. Узун өзөк арам тура. Эртең менен тың эле баскансып келген. Деги күн сайын ичи кынжыйып баратканынан чочудум эле. Кой, урушта туруш жок. Мен өңөрүп үйгө жеткирейин бул өлүмгө жетпегирди.

Бала текилдеп заматта ээрчип оттоп көнгөн атты мине сала чаап жетти. «Өлүмгө жетпегир» оюн өйкөп өткөн сөздүн бышыгын билүүгө ашыкты:

— Атаке, козум өлөбү?

Атасы уулунун ээрден аттын соорусуна жылганын көрүп... «малды акмалай турабы десем, кошо барууну каалаган экен. Түшүрүп энесине табыштап кайра келем. Жандыктар алыска жайылып кеталбайт» дегенди ичинен күрмөп... Качан а дегенде козуну тарбайтып ээрге арта салып, анан өзү минип, өңөрө бастырганда Азиздин соболосуна жооп кайтарды.

— Ким билет. Көзүн карачы өлүмтүк тартып... Оозу ачкадан карышыптыр. Болбосо, сен сугунткан чөптү чайноого жарабайт беле. Сербейтип тиштеген боюнча келатканын карачы. Буга апаң экөөң буламык, же атала чалып эптеп ичирип көргүлө. Мунуң балам, көгөргөн намыстуу берен окшойт.

Козу өңөргөн атасынын артындагы Азиз тандана шыбыштады:

— Намыстуу дейсиңби? Кандайча.

Атасы уулун шердене жай колдурады:

— Ооба. Намыстуу кочкорчо экен. Муну биз жазалап... көнгөн жеминен айырып, көп катары жерден чөп оттоп жан баксын дедик. Бул берен сырттандык кылып, азыр менин байкашымча... «Көндүргөн өзүңөр. Мен айыптуу эмес элем. Андай болсо, мен да өчөштүм. Бир тал чөп жебей чыдайм, же карышып өлөм», деп өжөрлөнгөн окшойт. Намыс деген ошол.

— Ий-а! Ырапы! — Азиз атасы акыры чындап түшүнгөн намыстуу досуна кооптоно моюнун созду.

— Эми балам, бул эптеп мал болуп кетсе... деги жемден айырбайлычы.

Ат үстүндө атасы менен козусунун далдоосунда Азиз ортосаар опколжуду:

— Жарайт атаке. Деги мал болобу?

Атасы баланын илебин суута, бубактана үксүйгөн түлкү тумагын чайкады:

— Кудай билет. Тобокел дейли балам...

* * *

Атасы жеткизип кайтар замат Азиз апасын не гана алакетке түшүрбөдү.

— Апаке, козумду үйгө киргизеличи. Апаке, тездейличи... уулунун безилдегени эненин да сай сөөгүн кайыштырып ийди:

— Эп боптурчу какмар. Жансерек зүңкүйгөн эмең суукка туруштук бербептир. Кана, көтөрүш эмесе...

Азиз тырбалардап арткы шыйрагынан көтөрө букчуңдап, таш көмүр илеби лапылдаткан топурак мештүү ысык үйдүн оозгу бөлмөсүнө оорулу досун киргизди. Үй жылуулугунан серпилип тура качат үмүттө сүзөнөгүнө караса, эшиктегиден ого бетер шалдырагансып көздөрүн тумандатып, буттарын тарбайтып кудуретсиздей. Жалпак табакка акшак сузуп келип, тыпыйган алаканына толтура жандыгынын эринине сүйкөдү:

— Ме, жей кой. Сүзөнөгүм, ирденесиң. Жей кой, өлбөйсүң.

Баласынын кобуруна, жандыкка бөбөгүндөй жалбарганына эненин мээримдүү жүрөгү дирилдеди. Бирок да тиги араң жан айбандын кадимкисиндей эпилдете сугунмак турсун, акшакты ирмей албай, алсыз жыттап гана көңүлү айныгансып шылкыйганын көргөн эне, чоюн кашыкка суу жылытып, атала чалууга камынды. Бала аны байкабай чый-пыйы чыга бышактады:

— Апаке-е карачы!.. Жемди жей албай атат. Козум өлөбү. Жүн жоолугун далысына түшүрүп, көрпө ичтеп, этек, боорун дагы көрпө менен кыйыган жашыл тукаба өпкөкапчан, калың чыйбаркут көйнөкчөн апасы, меш үстүндөгү чоюн кашыгын аралаштыра уулун зекиди:

— Козум өлөт деп да бышактайт бекен. Анын ажалына мен кетет белем. Буйруксуз мал болсо айла канча. Мына, мен буламык жасап жатам. Жумшак, жылуу даам барса, эптеп татаар. Атаң айтпадыбы. Жаагы карышып калган тура. Кичине чыдасаң чунагым. — Атасынын да, апасынын да сүйлөгөндөрү ушул. Анын козусу өлсө, көп кырсыктын бири дегендей, анчейин кейүүчү түрлөрү жоктой. Кыязы чоң кишилердин жаасы катуу болот шекилдүү. Азиз козусун жандантуучу сыйкыр күчтү апасынын буламыгынан күтүп, купуя: «жаныбарым, сүзөнөгүм, айыга көр» дегенди кайра-кайра кайталай тилеп жанынан чыкпай отурду. Буламык кадимки бала жечүдөй бүдүрсүз, май кошулуп жуп-жумшак бууланып бышырылды. Апасы эми сууй түшсүн деп уулунун чыдамы жетпей турганын байкамаксанга салды. Убакыт созулган сайын козусунун шайы кеткенсип өзөгүнө тез буламык барбаса үзүлүп кетеби деген коопсунуу Азизди чочулатууда. Аны апасы сезбейби. Кебелбеген апасына чычкалактап буламыкты өзү жечүдөй тамшанды.

— Болчу апаке-е, берчи байкушума тезирээк буламыгыңан.

— Э, чунагым ая, мыначы деги! — апасы буламыктын үстүнкү четинен туурук сөөмөйүнө калпып күч менен козунун карышкан жаагын ачып тилине жылуу тамакты сүрттү.

— Биссимилла. Аш болсун кургур.

— Дагы, дагы апаке! — Азиз буламыкты кармап апасын шаштырды.

Апасы козунун нечен күндөн бери даам татпаган муздаңкы тили улам жылымтык тартып даамдуу жумшак ашка тамшана баштаган сайын дембе дем, ымыркай бөбөктүн ууртуна сүйкөгөнсүп буламыктан татканта берди. Азиздин түктүйүңкү жүзүн күлкү чайып томсоруңку карала көзүн үмүт нуру кайтадан шоктонтту:

— Апаке-е, буламыгыңдан дагы арбын жасай көр.

Айбан болсо да ынагына жан тартып күйүп быша торсойгон чаар көйнөк кабыма чыптама, шымчан уулун апасы боорупа тартты:

— Музоочугум эми ыйынды тыя тур. Текебердүү кокуюндун таңдайы жылыгансыды. Өзөгүнө даамдуу аш барса... Буюрса мунуң өлүмдөн калар.

Азиз апасынын мээримдүү кучагынан атыла кыйкырды:

— Эх, курган мүйүзсүзүм!

## МАЛ ДОКТОРУНУН СЫЙКЫРЫ

Капысынан кирип, кандайдыр карбаластап салам айткан мал докторуна Азиз апасы экөө тең таңыркай элейишти. Көрсө, алиги мурут трактористтен атасы тез жардамга чакыртыптыр. Ал апасынын төркү үйгө өтүп, чай-пай ичип жайланышкандан кийин көрөрсүң козуну дегенине көнбөдү. Буердеги элеттиктерге анчейин окшобогон куба жүлүн жигит, пальтосун, тумагын тамдын боорундагы казыкчага илип, жаланкат аппак чапанын, топусун кийинди. Азизге оюнчук сымалданган докторлук аспаптарын кол чемоданынан суурду... бирде мүйүзсүздүн колтук, кабырга жүндөрүн ача, тегерек кутучасын басып, түтүкчөсүн кулагына тыңдаса... бирде бетинде сымап мончок ойноктогон кан илебин ченегичин сойлотот. Арийне, андай аспап, апасынын сандыгында да бар. Кээде Азиздин эти ысып, чыргыйлаганда апасы колтугуна кыстырып, оо кыйлада араң алып: «отуз сегиз», «отуз тогуз» деген сандарды кобурайт:

— Суук тийиптир. Эки, үч күн сыртка чыкпай, жаш сорпо ичип тердеп тынч жатасың. Анан дан салып кете бересиң,— деп таптап төшөккө оройт.

Айткандай үч, төрт күндө оюн салып, эригип эшке атылат. Сыягы сымаптуу аспаптын дабасы күч белем. Доктор байкеси козусун да шүнтүп эмдемей болду. Демек, сөзсүз сакайтат. Ана, ак кийимчен табып, оору жандыктын ичин сыйпагылап ары көлбүттү, бери көлбүттү.

— Өпкө, жүрөгү таза. Демек, суукка алдырбаган. Башка илдети деле жок. Муну эмне, катуу жыгып... же бир нече күн камап койгонсуңарбы?

Доктурдун бу тике суроосуна Азиздин апасы чочуп, колун серпти:

— Жок ботом. Ээн элкин эле жайытта жүргөн.

Аппак, келбеттүү доктор ага ишенбөчүдөй тикирейди:

— Жашырбаңыз жеңе, анда эмне...

Доктор мукактанганда Азиз «анда эмне мүйүзү омкорулган» деп айтат пейилде кыйпычыктады.

А доктор болсо сөзүн башкача улады:

— Ичегисинде эчтеке жок. Караманча ачка. Мунун илдети ачкалык.

Ал дароо козунун жаагын ачты.

— Буламык жалаткан турбайсыңарбы?..

Уурусун карматкан эмедей эне-бала үнсүз тунжурашты. Тынымдан соң доктор жигит карлыгачтын канатындай керилген кашын серпе жылмайды:

— Мунуңар эң туура. Ким айтты силерди минткиле деп...

Үйдүн байбичеси уялыңкы да, кубаныңкы да тамылжый тегерек кызгылт жүзүн нурдантты:

— Биздин кожоюн малга чала була доктур. Ачкасынан карышып жыгылды. Жылуу атала таткантыла дегенинен...

Кийми, дидары, аспаптары, кыймылы, сөзү — баары Азизке сүрдүү көрүнгөн жигит негедир ууртунан бырс этти:

— Азамат, эң туура иштегенсиздер. Хазыр мен... Кочкордун денесин ысытып жайылта турган укол берем. А силер үч саат-тан кийин дагы бир жолу өтө көп эмес, өтө аз эмес ботко жегизгиле. Түнкүсүн ушул бурчка калтырып, тиги тактай менен тосуп койгула. Эртең менен келем.

— Рахмат айланайын. Айтканыңды жасайбыз,— деди энеси эпилдеп. Батына албай сагалаган Азиз, акыры чымырканды:

— Доктур байке, козум мал болобу?

Доктор баланын бытыйган ысык колун шадылуу алаканына уучтай эркелете жумшак унчукту:

— Козуң айыгар. Калганын эртең кабилешебиз.

Азиз сүйүнгөнүнөн:

— Бал-и-и! доктур байке! — деп бакырып ийип, уялганынан оозун алаканы менен басты.

Доктор дандуу тиштерин кашкайтып күлгөн калыбында ийилип мандайынан сылады:

— Атың ким?

— Азиз.

— Азиз, анда эртең көрүшкөнчө,— салалуу кооз мээлейчен

колун тыбыратып узаган доктор Азизге кандайдыр аракети, кийими, сөзү буердегилердин айырмалуу өзгөчө адамдай туюлду. Ага оболу сүрдүү кирип, кетеринде күлүп, а тургай эркелетип чыкканы жакты.

Дале талмоорсуп жатса да, үрпөк жүнү жазылып, кайра тартыла дем алганы ачык сезилип жандана баштаган козусун тыңшап, сылагылап, ээси түн бою саксактап жанынан кетпөөгө ниеттенди. Аны эне-атасы оболуна коюшту. Тилсиз досунун кабыккан денеси жайылып, демин терең тартканына кубана, жантайып отурган боюнча аздан талмоорсуй берип, акыры Азиз уйкуга көшүлдү.

Эртеси бака-шака бажылдашкан сөздөрдү укпаганда дагы канчага таттуу уйкуга мемиремек. Кызык. Таң небак аткан экен да. Түндө козусун имерчиктеп отурбады беле. Төшөккө апасы жаткызган экен да. Кимдер булар? Эне, атасынын таанымал үндөрүнө кыпчылган, а түгүл аларга үстөмдүгүн көргөзгөн чоочун доошту кулагы эшитип... дароо ыргып туруудан тартынчыктады. Кантсе да ким экенин көрсүн да. Акырын жаздыгына кырданымыш этип көзүн ачса... жылуу мештин түбүндөгү көлдөлөндө үчөө: атасы жылаң баш, маңгыл чекесин кашкайтып; апасы бир байлам гүлдүү жоолугун ээгине чалып... анан толкундуу тармал чачын уюлгутуп, кара костюмчан бирөө... Бу ким? Өңү чала моңол тааныштай. Кайдан көрдү эле. О, ак кебин чечкен кечеки доктур байкеси тура. Алдыларында мис табакта бууланган жаркөп, кооз пиалаларда сорпо, коондун тилиминдей татына тууралган көмөч нан. Лапылдаган мештин жанындагы шырдакта жай баракат ырахаттанып тамактанып отурушканын кара. Азиз шилекейин жутуп, тамшана башын көтөрө койду. Аны үчөө тең дароо көрүштү. Ата-энесинен мурда доктур, кубакай жүзүнө жарашкан калың кашын жыйра, дуудар башын экчей обдулду: — Азиз сүйүнчү! Козуң айыкты.

Аны коштой атасы мурутун калкайта бажырайса, апасы кызылдуу толук жүзүн ажарлантты.

Күн небак көтөрүлүп, жердеги ак кар, көк музга карабай чаңкайган муздак аваны жиреп жаркын шооласын Азиз түбүндө жаткан кош терезеден чачыратууда. Жайланышып олтургандарына караганда үй ээлери мүйүзсүзүнүн баянын докторго түгөл чечмелешкен окшойт. Азиз майка, трусычан, жылаң аяк чодурандап, тигилерди кайып өтүп, кийиз капталган эшикти дүк тээп, оозгу бөлмөгө атырылды.

— Суук өтпөйбү. Кийинип чык десеңер болот.— Доктур чабан менен аялына баланы аяганын билгизди. Берки экөө анын түйшөлүшүнө кылча камырабады. Бакир кер мурутун тил учу менен жаный кайнар көзүн кылгыртты:

— Э, доктур иним, койчунун баласы ысылы-суугунду тоотпойт. Көнгөн. Анда-санда шаарда болуп калам. Тактайды жыланайлак басса, же терезе ачылып калса айрым балдар ооруп калышат экен. Тобо, ачык абага чыгарбай думбалап өтө назик көндүрүшөт экен да.. А биздин уулдан чочуба. Ушу бойдон сырттагы карды да аралай чуркап келет. Тирилген козусун көрүп, жарпын жазып алсын. Ха-ха-ха!

Айткандай тосулган тактайдан жону даана көрүнүп, бурчта таканчыктап турган козусу эшикти дүп жаап энтеленгеген ээсин көргөндө, борсойгон башын көтөрө:

— М-ээ,— деп маарап ийди.

Азизге ал салам айткандай, ыраазылыгын билдиргендей туюлду.

— Аллеки салам!— Азиз козусуна артыла моюнунан кучактап, басып божурады:

— Мал болдуң. Өлбөй калдың. Эми экөөбүз кайрадан мыкты достошобуз э, чынбы?

Апасы кийим кечегин көтөрө чыгып жуунтууга камынбаганда, атасы айтканда ысылы-суукту сезбей дагы кыйлага козусу менен маектешмек беле. Качан Азиз да эртең мененки насиптен татып... баары жайланышканда доктор ага бажырайды:

— Козундун тарыхын бүт уктум. Ирденгенче дагы үч күн далиске байлап, боткодон кургак жемге өткөр. Анан короодогу чөнөккө киргиз. Жем жеген мал суукту тоотпойт. Тондуу кочкорчоңдун ачык авада жүргөнү жөн. Башынан эрке көндүрүпсүң. Быйыл кыш жем менен багып чык. Атаң, апаң башка койлорубузга жетпейт деп адыраны аяшат окшойт. Мен жеткирип берем. Козуңа жазга жетерлик адыраны. Азиз кубаныч демине чымырап тер чачкан чекесин кашынды. Атасы жетине албай күрсүлдөдү:

— Ой, оозундан аалат, ракмат байке дебейсиңби.

Азиз жер карай кулун үнүн дирилдетти:

Р-ракмат байке! — Анан бирпас тыным жасап, башын көтөрө бойтойду.— Доктур байке, козума кайра мүйүз чыгарып бере аласызбы? — Баланын чукугандай талабына үчөө элее түшүштү. Чоңдордун тунжураганы, асыресе атасы менен доктурдун кирпик ымдаша жаздашып... каалганы ача таштай, оозгу бөлмөдөгү козуга барышканы... Анын башын, окморулган мүйүздүн ордун сыйпалашып шектүү шыбырашканы Азизди түшүнбөгөндөй итатайын тутултту:

— Доктур байке, мени уят кылды мурдагы морт мүйүз.— Бала козусунун төбөсүнө үңүлүшкөн эки эркектин жанына барып торсойду.

— Хэ, Азиз уят кылды дечи... Султандын кочкорунукун-

дай чыгырык мүйүз эми чыкпайт. Кантебиз.— Доктур күлүмсүрөй колун жайды. Атасы туура дегенсип шаа мурутун шоодурата, көзүн жүлжүйттү. Азиз улуулар аны баласынтып сыпап, шылдыңдап атат деп боолголоду. Болбосо неге жылмайышат.

— Ики. Калп айтасыңар. Чоң мүйүз сынса чыкпайт. Козунун бала мүйүзү омкорулса чыгат...— Азиз «апам айткан дегенди» күрмөөрдө энесинин эринин тиштеп, көзүн чакырайтканы аны дароо сөзүн чарт үздүрүп токтотту.

Доктор башын чайкады:

— Бала мүйүз. Сөзүн кара. Бала мүйүз түбүнөн өсүүгө мүмкүн. Бирок, ага ишенүүгө да жарабайт...

Азиз доктордун жоон санынан кучактады:

— Доктур байке... Мүмкүн дедиңиз. Өстүрүп бериңиз мүйүзүн. Болбосо кетирбейм, коё бербейм.

Мындай тетик баланын көөнүн ким деген калтырат. Жалгыз медеринин минтип, медирегенине ата, энеси бир четинен жетине албай курсанттанышса, экинчиден доктор көкөйүн кеспей эптеп жооткотуп кутулса деп кыпылдашты.

Доктур да ошондой ойго чырмалганбы о кыйлада, улам чымырата кучактаган музоочукту ийиле далыга таптады: — жарайт, Азиз. Мен колумдан келишинче омкорулган мүйүздүн түбүнөн өскүдөй, укол куюп аракеттенип көрөйүн.— Азиз кучагын бошотуп, тыпылдатып алаканын чапкылады:

— Бал-ли, доктур байке!

Эне, атасы да уулун коштоп колдорун жанышты. Чабандын бүлөөсүнүн жалпы тилеги экенин баамдаган ветеринар тамаша деп баштап чындыкка байланган жоопкерчиликти эми гана сезип... төркү үйгө аларды коштой басты.— Азиз, бала кочкорундун мүйүзү омкорулбаптыр, а сыныптыр. Жетилүүсү ыктымал. Аракеттенип көрөлү дебедимби. Ушул жердин чөбүнүн көбү дары. Момуя деген тоодогу бардык дары чөптөрдүн уюткусу. Жемге кошуп момуя берсек, сынык мүйүздүн өсүүсү ыктымал. Сен, Азиз, атаңа момуя таптыр.

Азиз дароо атасынын жеңинен булкту.

— Таптырам.

— Ой, оозундан аалат, менин колуман келбейт.— Атасы шашкалактап «мени уят кылба» белгисинде докторго ормөйду:

— Неге? — Азиз ишенбей атасына тарынычтуу тикирейди.

— Момуя деген дарыны бүркүт уялаган жалама аскадан алат дейт.

Атасынын кендирин кесе сүйлөгөнүнө Азиздин деми суубай, бир жылмайган докторду, бир түнөргөн атасына окшош бадыракай көзүн жайната чыкчырылды:

— Ошол асканы көргөз. Сен корксоң мен чыгам.

Атасы кой, же макул дээрин билбей тәрмеле түшкөндө доктор баланы так көтөрдү:

— О-и жигит! Атаңдан жүрөктүү турбайсыңбы. Мейли атаң көрксо, момуяны мен табам.

Азиз ыпысык колу менен докторду коюнунан кучактап, кырылган сакалынын кычыштырганына карабай жазы бетине мөмө жүзүн ныгыра басты:

— Бал-ли-и, доктор байке!

* * *

Доктор убадага бекем адам окшойт. Азиздердикине күндө айланчыктайт... Мүйүзсүзүнүн акшагына талкаланган момуя кошуп жедирет, анда-санда уколун да саят. А түгүл, бой неме бара-бара алардыкына түнөй жатууга өттү. Анысы бакисине, айрыкча Азизге жакты. «доктур байкелеп» артынан бучкактан үйүр тартканычы.

Чыдамсыз дегдеген Азиз күндөрдүн биринде чымырканып такыды.

— Доктур байке, дарылап эле атасыз, мумуяңызды сугунтуп эле атасыз. Мүйүз кана өскөнү.

Момуя сыйкырдуу дары. Ашыкпа, окус күчү жетпей калса таарынба,— деди доктор калбет гана.

Азиз мурчундай үтүрөйдү.

— Аный таарынам эле. Султанга жолугуп... сүзөнөгүмө мүйүз чыгат. Сенин карт кочкоруна кайра челиштирем дебедимби сизге ишенип...

Доктор узакка көзүн сүзүлтө ойлонуп, күңгүрөндү:

— Андай болсо иш кыйын экен. Сени Султанга уят кылбаска далалаттанайын. Үмүт, ишеним, аракет оңунан чыкса кана...

— Доктур байке, момуя жедиресиз, ийне саясыз, доктурлугуңуздун сыйкыры кантип козунун сынган мүйүзүн өстүрбөсүн.

— Ия! — Доктур божураган балага пейли элжирей, өзү айткан «момуя сыйкыруу дары» дегенди бурмалап «доктурлугуңуздун сыйкыры» дегенге которо койгонуна, а балким, «сыйкыр» сөздү ал алгачкы эшиткенин, аны туура колдонгонун боолголой, тоо баласынын сергектигине көңүлү чалкый тамылжыды.

— Азизтай, чандаңдаган музоочук! Ошо докторлуктун сыйкырына сыйынып козунду дарылап атпайбызбы. Экөөбүздүн, эне-атаңдын, барыбыздын тилегибиз ишке ашуусу ыктымал.

— Оозуңузга май, байке! — Азиз, атасындай боюн сала элжиреген, балким ушундай бала күтүүнү эңсеген доктордун моюнуна асылды. Доктор аны лып иле көтөргөн боюнча жай кобурады:

— Окус, козуңа анчейин дуңгул эмес, ийри-муйру тукул мүйүз өссө, сен баары бир Султандын чыгырык мүйүзүнө челиштиресиңби?

Доктордун боорундагы Азиз атчан жүргөнсүп темине эдиреңдеди:

— Ананчы! Сыйкырыңызды көргөзүңүз, доктор байке!

## ЧАБАН АТА ЖАНА БОЗ ТОРГОЙ

— «Жамандыкты амандык жеңет» деген ата бабаңдын макалы туура. Карачы, өлүм оозуна барып кайткан козуң кадимкисиндей минтип...— Бала кочкорун ээрчитип жайытка келген уулуна Бакир насаат айтууга пейилденди. Баягы кышта ак карга тунуп, канаттуудан бөлөк эч ким кайкып өтпөстөй сүрдүү дүгдүйгөн адыр жондору, жайпак беттери чабандын жаздоо жайытына айланган маал. Кардын нымын боюна сиңире, күн нурун илеп тарта жаз кучагына балкый, мандалак гүлдөрүнө жандыктын жагымдуу оту — текей аралаш жыттуу шыбак бүрүнө адыр-белес жапырт көйкөлүп аңкыйт дейсиң. Кең-кесири көлпүгө жайылган боруктарын акмалаган чабан, жыпарын да чача кызыл-тазыл гүл бураган назик кооздугун да жайкалта, жылына бир кайталанып келүүчү жаратылыштын жаштыгына кумарлана, жанында ак калпак, көк көйнөк, бос шым, батинкечен мөтүрөйгөн уулуна оолжуй балкайды.

Анын кыялында «адамзатынын жаштыгы уулум сенде. Айланандагы кылактаган гүл, жашаң бүр мына бул адыр бетин кандай жашартса, сен мени ошондой жашартып, кубаттантып турганыңды билесиңби. Аман чоңойсоң, тоо аймагынын эли-жериндин сырын менден терең талдаарсың. Бармактайыңдан атаңды бучкактап... козу кочкорду бапестеп бакканга жараган медерим, кемелиңе толгондо калайык жүгүн көтөрүүгө жарарсың. Койчунун баласынын тагдырына койчулукту эле жазган эместир. Көзүмдүн тирүүсүндө каалаганыңча, канатыңдын серпими жеткенче көтөрмөлөйм, окутам. Койчудан чыккан тукум дедирип... а балким, журт арбагын көтөргөн азамат болоорсуң...» Бырышпас да, кирдебес күрөң чийбаркут көйнөк, шымчан атасы өзүнүкүнө окшош ак калпагын шаңкайтып, жарташка жамбаштап отурган калыбында жылда жаздап, кыштап жүргөн адырын эми гана көргөнсүп, таңыркай, узак термелгенине Азиздин сабыры жетпеди. Неге козусу тууралуу сөз баштап, чорт үздү? Аңгыча бет мандайындагы ымыркайдын эринчиндей бөрсөйгөн кызгылт мандалак гүлүнүн башы сеңселе, түбүндөгү жашыл шыбак арасы бурач серпилди. Бу неси дегенче муштумдай бос торгой быр эте көккө жеңил калкып дал төбөсүнө токтоп, ка-

натын эбелектете бийлеп кирди. Укмушуң кур, бала ага таңыркай оозун ача, көзүн жайнатты. Сыйкыр деген ушу бос торгойдо го. Кааласа жерде текилдейт, кааласа минтип көктө сызгырылат. Анын аземи канатында. Атаганат, ошондой канатты Азизге да берсе гана. Торгой эбелектеп, эрип бийлегени аз келгенсип, укмуштуудай шыңгыр доош созуп эт жүрөктү элжирете сайроого өттү дейсиң... Мындай авазды Азиз кээде радиодон ырчылардын көмөкөйүнөн, комузчу, кыякчылардын күү кайрыктарынан кээде тоо шаркыратмаларынын каткырыгынан, кээде атасына өцөртүп токой аралай кой кайтарып жүргөндө булбул деген чымчыктын таңшыганынан эшиткендир. Бары бир бул торгойдой миң кубулткан назик сыбызгы овонду эч ким созо албас. Кулагына, жүрөгүнө бал куйган асмандагы торгой сайраганынын кереметине ал гана тамылжыбастан, атасы да кулагын төшөп талыгандай. Ана, бийчи торгой урган ташпай типтике дагы көккө өйдө сүңгүп кипкичине көпөлөккө айланып, бийиктеп барып дагы токтоло эбелектей бийлеп, үн шекерин төктү дейсиң... Көк теңири кудуган керметке кадалып небак калпагы жерге түшкөн жеке Азиз атасы экөө эмес, жайылган жандыктар да, оттогонду токтотуп жанындагы кочкорчосу андан бетер элейип кымындай чымчыктын коюну кең асман атаны, төшү түктүү жер энени толкутуп терметкен жараксөр чулдуруна уюгансыйт. Түнөк, тиричилик жайы-адыр белес, анын бетиндеги ар кыл жашаң өсүмдүк дагы ободо безеленген торгойдун сыбызгысына жайкала буралып жүгүнгөнсүйт.

Көңүлү оштонгон бала адыр булбулу дагы көзгө илешпей нокот, анан үтүрдөй жогорулай атылып сайраганы алыстай баштаганда, бир чымчым шыбак үзүп, мурдуна жыттай ормойгон атасына кайрылды:

— Атаке, айтчы. Торгой экөөбүздүн төбөбүзгө чыгып не деп бийледи? Не деп сайрады?

Баланын суроосу дайыма кызык, капысынан чоң адамды да аптыктырат эмеспи. Ансыгандай Бакир демин жыя өрөпкүй, калп эле мурутун чыйралтымыш эте күрсүндү:

— Эх, торгоюм...

Азиз көзүн кыбындатты:

— Эмне дедиң?

Атасы кур алаксытымыш эте, кулачын кере астындагы жарчык ташка оңдоно отурду:

— Жөн эле... оозума келгенди дөөрүп койдум. Мурдундан аалат, торгой не деп сайраганын айтып берейинби саа.

— И... кырдырган дандагай жылаң башын ийкеди Азиз. Атасы байыркынын жомокчусундай эки санын мыкчый таяна, жанараак оюнда уялаган таттуу тилегине балкыган сымбатында,

жерде кырданган калпагына карабай, угууга ынтаасын койгон торсогоюна моюнун созо бадырайды:

— Касиеттүү боз торгой как экөөбүздүн, ата, баланын жанынан учту, чынбы?

— Чын.

— И де эмесе. Как экөөбүздүн, ата, баланын төбөсүнө калкып канатын дирилдете зикирин чалып бийледи, тилин безеп мукам сайрады. Чынбы?

— Чын. Чын!

— И... эми шашпа уулум. Эмне деп бийледи, эмне деп сайрады? Кеп ушунда. Сен ошону билгиң келет, ыраспы?

Азиз корумдуу жерди торс эттире тепти:

— Ырас, ырас! Айтпайсыңбы маалкатпай.

Чыдамсызданган уулун атасы букчундаганына карабай, көтөрүп, тизесине — тынч отуруп ук — деп жайлуу кондурду да, теребелдеги көңүлдү оштонткон жаз жытына кошо уулунун моюн, бетин кычыштыра бала жытына каниеттене муруттуу таноосунан илеп тартып сөзүн улады:

— Касиеттүү боз торгой минтип таңшыды. Ата менен бала жаздын жадыраган күнүндө кыштан жакшылап баккан жандыктарын мен мекендеген гүл, шыбак бураган күнөстүү тайпак жонго жайып чыгыпсыңар. Азырынча башка малчылардай эле төмөнкү беттерге, күңгөй боорлорго оттотсоңор болмок. Мейли, бийиктеп чыкканыңарга, сонундатып оттотконуңарга каршы болууга кудуретим жетпейт. Бирок ата, бала, силерге айтаар бир сырым бар. Ошону угуп түшүнөсүңөрбү, жокпу. Менин санаамды бүлүктөн ошо жашыруун сыр.

Бакир уулун кантээр экен деген ниетте тыпым жасады. Демин чыгарбай муюп тыңдаган Азиз чиренип, атасын төшкө акырын сүзгүлөдү:

— Бол эми... торгойдун ошо сырын айтпайсыңбы. Такыр токтобо дейм.

— Болуптур мурдунду урайын, токтотбоюн эмесе...— Бакир жаңы жомогунун өзүнүн мүдөөсүнө ылайык көкүл алдынан куюлушуп чыкканына маашыркай, баш көтөрбөй жашаң тоютка көлпүгөн жандыктарына көңүлү тына, кадимки манасчы сымалдана доошун каргытты.

— Курган торгойдун бизге, ушердеги не дүйүм өсүмдүк, жан-жаныбарга безеленген сыры мындай. Текей гүлүнө оролгон калың шыбак түбүндө, ат туягындай тегерек оюк жер бар. Абалап учуп чалгыным жеткен теребелден чөптүн жуп-жумшак тыпырын, жүн-тыбыттын кыпынын тиштеп жеткизип дал ошо туяк оюкка мамык уя жасагам. Жаз алды менен эртелеп, тескей беттердин кары ала телектенип кетелекте, бул күнгөй чо-

куга малжан келгенче озунуп, зор үмүт менен тукумумду өстүрүүгө ошо жылуу жумшак уяма жумурткалар туугам. Жан жүрөгүмдүн ысык табым үрөп, басып жатып жакында балапандарымды чыгардым. Аларым азыр сары ооз, кызыл эт. Жакында темир канат болот. Анан канаты жетилип өзүнчө текилдеп чуркап, серпилип учат. Менин душмандарым көп. Жер асты жылып ысып, ийинден жылан сойлоп чыкканча асмандан кулалы, күйкөлөр салпандап аңдып жеткенче эртелеп балапандарымды учурууга шашылам. Аным ал. Эми сен чабан, эстүү жансың. Сары ооз балапандарымды койлоруңа тебелетпе. Уулуң тентектик кылып таш менен жалпайта чаппасын. Сен жаныңдагы козу кочкорун ээрчиткен баланды канчалык жакшы көрсөң, мен балапандарымды ошондой бел тутам. Чүрпөлөрүмдүн канатын жетилтип, жер-асман душмандарынан жашынганды да, учканды да, сайраганды да үйрөтсөм тилегиме жеткеним. А сен уулуңа мал кайтарганды, сөз төркүнүн, жаратылыш сырын үйрөт, окут, убайын көр. Канаттуудан мен, адамдан сен, балапандарым менен балаң кошмо катар достошолу. Барыбызга тынчтык, жыргал, тирлик керек. Мен да, сен да тукумубузду канаттууга кактырбай, туяктууга тептирбей, бейкут өстүрөлү. Сен мындан кийин ушундайлата жайганында саал алысыраак оттот малыңды. Күндө өзүң көргөн уямды акмалап көз сала жүр кең пейил, акылман адам. А мен күндө кайкып көкөлөй үстүнө атылып, эбелектеп бийлейм, сыбызгып таңшып берем. Менин балапандарым учканга жараганда сенин койлоруңдун үстүнө кондуруп ойнотом. Ошондо тентегиң тоголото урбасын. Антташкан достугун унутпасын. Анан сен да төр жайлоолоп көчөсүң. Менин балапандарымдын да чалгыны жетилип, өз бет алдынча сызат. Сенин уулундун кочкорчосунун да мүйүзү кылтыйып өсөт...

Баятан жомогу же чыны экенин ажырата албай мемиреп коюуланган Азиз атасынын тер жыттанган калпагын сүзүп жерге түшүрдү:

— Торгой кантип кишидей акылдуу болсун. Макул балапандарына достошоюн. Тийбейм. Уясын көргөз. Койду бастырбай кайтарайын. Анан... менин козумдун мүйүзү кылтыят дегени чынбы? Же өзүң коштуңбу.

— Чыгат, чын, ишенбесең анда токтоттум.— Атасы тарыныктуу демин ичине тартты.

— Ишенем, ишенем. Айтсаң, дагы эмне деп сайрады? — Азиз жерден эңкейип илип, атасынын калпагын ондоп кийгизди. Өзүнүкүн алган жок. Ал атасы тасырайта кырган башын жазгы көримсээлге тосууну каалады. Атасынын кажардуу тизесине ондонуп, жайлана отурду:

— Карачы, торгой кайра ылдыйлады. Дагы чулдурай баштады. Эмне деп атат?

Атасы калп эле көрмөксөн этип, моюнундагы артылуу дүрбүсүн көзүнө далдап, оо бир оокумда колдойгон алаканын жая таштады:

— Азыр аземдүү боз торгой балапандарын карап, ошолорго бешик ырын ырдап келатат. Байкадыңбы, өйдөлөсө да, ылдыйласа да түптүз бир сызыктан жылган жок. Демек, такай уясынын үстүнөн кетпеди. Канаттуунун көзү кичине болгон менен көрөгөч, алыстан даана көрөт. Касиеттүү торгойдун көмөкөйү безеленсе, көзү балдарында: Эми балапандарына коркпогула, мени күтүп тынч жата бергиле. Силерге адамдан дос таптым. Аман-эсен менин ырыма көшүлүп чоңоёсуңар, жетилесиңер. Асман-жерди термелткен менин сыйкырдуу обонумду силер да үйрөнөсүңөр. Эмдиги жазда ушул аймактын ээлери, мобу ата-баланын эт жүрөгүн элжиретип кумарын таркатасынар...— деп жатат, түшүндүңбү оозунду урайын.

— Түшүндүм.

— Анда эмесе жүрү. Койлорду нары түрүп кичине алыстайлы.

Канаты да, көмөкөйү да талыды касиеттүү боз чымчыктын.— Уулун а дегенде кош колдой этиет жерге түшүрүп, чабан өзү обдулду.— О, касиеттүү торгоюм, балдарыңды ырыңа көшүлтсөң да сагынып бүтүштү. Кел, эми бат, томуктай боюо, тоодой ою бар жаныбар.

Атасын ээрчий Азиз, аны бучкактай козусу дөгдөңдөдү. Аздин көзү дале алиги эбелектеген торгойдо. Айткандай алар кичине алыстаганда эле типтик сайылып, калың шыбакка түштү. Атасы чын эле торгойдун тилин билеби? Такып тактоого дити даабады. Эгер билбеген болсо, жанагинтип, ийип угуп... туура жоруп жомоктоп, кереметтентип баяндап бере алмак беле. Деги Азиздин атасы билбеген эмне дүйнөдө бар? Малдын оорусун да өзү дарылайт: Ар бир койдун кыялын билет, өңүнөн таныйт. Конуш, жайыт, кыш, жаз, тоо, өрөөн сырын эч кимден сурабайт. Арийне, бардык балдардын эле атасы ушундайбы, же Азиздин атасы өзгөчөбү.

## ТУУЛГАН КҮН

Кечээкиден бүгүнкүң, бүгүнкүдөн эртеңкиң кызык деген туура. Азиз али алтыга толсо да далай өкүнүп, далай кубанган учурлары өттү го. Арийне, бүгүнкүдөй жарпы жазылды бекен. Ошонун барын ойлоп тапкан, шаардык жышаанды колдонгон доктур байкеси. Көчүп конуп мал артында жүргөн атасынын

эсине түшпөгөн жорукту баштабадыбы. А дегенде улуулар да, Азиз өзү деле анчейин маани бербеди. Мал доктор Сман энеатасы менен кандайдыр өнөктүк жөнүндө купуя күпүлдөштү. Анан балага угуза тигилерге тапшырма берди.

— Жаңы журтка барганда кичинекей той жасайсыңар. Мен бирин-экин киши чакырам. Силер келгендерге мейман сыйыңарды гана көргөзгүлө. Калганын өзүм башкарам.

Тескей бети дүңгүрөгөн карагай чер, күңгөйү ышкын, кымыздык, көбүргөн, козу кулак, шимүүрү буралган не дүйүм катыш чөп, таманында күпүлдөп тоо суусу атырылган «Топу таш» деген капчыгайдын ыктоосундагы кенже жайлоолордо отурушкан. Жайлоодогу адыр отуна мууданган боруктар мотурандап абасы салкын, оту ширелүү жайытты өрдөгөндө ого бетер ирдене түшүшкөн. Алардын ичинен өтө айырмалуу, жемге даңкайган, жайылса жайылып, жайылбаса ээсин ээрчиген Азиздин сүзөнөгү.

Малды жакшы баккан чабанды ким гана урматтабайт. Мал доктор Сман кечээ таң заардан Азиз уйкуда жатканда жүк ташыгыч машинаны айдатып келиптир. Боз үйдү чечтирип, таңылчактардын ортосуна Азизди төшөгү менен жаткырыптыр. Сүзөнөгүн машинага кошо салып терметкен боюнча төр жайлоого жеткизиптир.

Мына, азыркы конуш чалкыган көгүлтүр тоо көлүнүн кылаасында. Тушардан бетегеси буралган көк жайыкта. Бу журтка конушпаса да былтыр, мурдагы жылы удаа атасы өңөрүп келгени, аны шиберге оюп-чыңдап ары оонатып, бери оонатып... көлгө таасим эте нйилгени, кобураганы эсинде.

— Касиетиңден кагылайын көлүм. Өзүң берген кулунчагымды апкелдим. Өзүңдөй өмүрлүү, кирсиз өссүн. Батаңды бер. — Атасы көпкө телмире, качан көл шарп-шурп толкуй түрүлгөндө гана көксөсү суун кайра аттануучу.

Азиз кочкорун бучкактатып кылаадагы дөңгүл саздарды жарыша соксоңдой атташып көлдү беттешти. Көл. Тоо, таш, өсүмдүккө окшобогон жаратылыштын мөлмөл көлкүгөн өзгөчө керемети белем. Үстүндө көк асман, астында чалкыган көгүлтүр көл, ортосунда өзү, тилсиз досу менен турганы Азизди кандайдыр ажайып дүйнөдөй маашыркатты. Ана, толкунду жирей каз, өрдөк калкый сүзсө, чулдуктар канаттарын чаап көк менен көлдүн элчисиндей сайрандоодо. Майда корумду жээктин күзгүдөй тунук суусунан чабагандап сүзгөн балыктар жайыттагы койдон да көп өңдөнөт. Тамаша. Жер үстүн ээлеген мал болсо, көл түбүнүн ээси балыкпы? Азиз көл кылаасынан мооку канып кайтты. Бел ашып чаалыккан боруктар төр жайлоонун мамык бетегесине оонап, серүүн илебине жыргап жуушоодо.

Ата-энеси мейман камында. Аларды көрүп Азиз да токтоно албады. Газ билигин алоолонто казанга май боорсок бышырган апасына табагын, депкирин колмо колдошо көмөктөштү. Атасы сырктка кемеге жасап керчөө, шыйрак, баш куйкалоого киришти.

— Эп, байбиче, шыноого шылтоо. Кибиреген козуларды кыштан аман асырап чыгып... Минтип чоң жайлоого күлүп жайнап жеткендигибиз үчүн да той өткөрбөйбүзбү. Смандын кимди чакырып, не дээрин да көрөлү.— Бакир эшиги түрүлүү, каалгасы ачык, буруксуп май жыттанган боз үйдүн ичиндеги аялына жайдарыланды. Биринин оболуна экинчиси көнүп, жайдыр-кыштыр жалгыз үй малга аралаш жүргөн жубайлар бу саам өзгөчө эриш-аркак, мээримдүү.

— Ооба десең. Деги кең жайлоого чыгып элге кошулганда анда-санда чакырып тамак бере жүргөн жакшы эмей. Анан тиги музоочугуң да боорун көтөрүп келатат...— Апасы Азизге тиешелүү дагы бирдемелерди козгой турган болгондо, жоргосун бөжүтүп Сман капшыттан суурулду.

Азиз боорсок чыгарышкан табагын апасына кармата эшикке атырылып, эки чанач кымыз артынган, канжыгасында дагы түйүнчөгү бар доктур байкесинин атын суулуктай түшүрүүгө умтулду. Аңгыча жардамга атасы да обдулду.

Канча өткөнүн Азиз кайдан билсин. Чынжырлуу саат атасынын төш чөнтөгүндө. Апасы экөө күндү болжоп... кээде гана үй ээсинен сурабаса, көбүнчө керегеде илинүү «Спидоланы» койгондо угулат. Жайлоо күнү чокусун түбөлүк ак мөңгүгө шаңкайткан аска зоодон бери калкып... асмандан куюлуп түшкөнсүп көлкүгөн көл бетин ого бетер эритчүдөй нурга чалкытты.

Анда-мында саргыч, көгүш гүл чечектерин сеңселткен жашыл майкан кылаа теребелин мемирете бат эле жалган түш чукулдады.

Доктор байкеси аябагандай эптүү неме экен. Апасынын: кой, өзүм эле иреттейм. Биздин элет эркектери казан-аякка аралашпайт — дегенин тоотпой, боз үйдүн капталындагы жайык дөңчөгө шырдакты, анын үстүнө көлдөлөң, көрпөчөнү иреттүү жайды. Анан апасы жазы дасторконго боорсок төксө, ал өз баштыгынан кооз кагазга оролгон момпосуйларды, айнек челектерден туздалган бадыраң, помидорлордун табак-табакка бөлүп ыкташтырып коюштурду. Куйкумдуу ысылыктарды атасы белендеди.

Мурдатан макулдугун беришкен эмелер кимдерди чакырганын сурашпаса да, Сман өзү озуна билек саатына карады:

— Эми бир сааттын аралыгында... Туура түштөнүү маалында Азиз экөөбүздүн меймандарыбыз келишет. Көп эмес. Мында

төртөөбүз. Азиздин бала кочкору менен бешөөбүз. Алар үчөө. Барыбыз сегиз башпыз. Менимче тамак-аш, суусун кенен кесири жетет.

Азиз доктор байкесинин экөөбүздүн меймандарыбыз дегенине купшуңдады. Үч мейман... Ким болду экен? Сурасынбы? Жо-ок, ал эми, ата-энеси такыбады, уят. Қыябы, мунун баары, ал төрөлгөн журтка көчүп келишке, балким анын туулган күнүнө тиешелүү сыяктанат. Азиз так ажыратпаган менен эл көл жакалай жайлоого көчкөн дал бүгүн ушу журтта мындан алты жыл мурда туулганын, атасы дайыма апкелип шиберине оонатып жүргөнүн билет. Бу саам доктор байкесинин шаардыктарча өткөрөлү деп ата-апасына масилеттешкенин кулагы чалган. Ошон үчүнбү, же чоңоюп калды дегениби, атасы жылдакыдай колу-бутунан кармай эски конушка оодара оонаткан жок. Мейли. Анысы кайра жакшы. Бары бир, алар мейман камына алаксып атышканда, козусу менен сүзүшүп ойномуш этип, өзү эле оонап алган. Ананчы, атасы былтыр баласына «бойго жеткенде да, а түгүл карыганда да толукшуган жайлоодогу көл жээгинде төрөлгөн журтунун шиберине келип жүр. Оонап отуруп кайт. Ошентсең узак өмүр сүрөсүң, самаганыңа жетесиң» деген. А Азиздин көп, көп... жашагысы, дүйнөнү чарк айланып көргүсү, атасын, апасын баккысы келет. Мындай бир жагынан көл чалкып, экинчиден күн жаркып, гүл бурап, көпөлөк калкыган сонун жерге оонаш ыракат да. О, бир саат деген узак немеби? — Азиз көлдөлөңгө майпайып гүлдүү чыныдагы кымыздан жутуп, кылаада жуушаган коюна көз чаптыра мелтиреген атасын тебелей анын чөнтөгүнөн алакандай тегерек саатын суурду. Жебеси араң калкыйт. Канча калды деп тактоодон арданды. Қап, меймандар кеткенде, атасынан сааттын жүрүшүн билип албаса элеби». Дасторкон четиндеги пиаладагы мелт-калт кымызды чөгөлөй отуруп дем албай сокту. Доктур байкеси акырын жылдырган конфеталарды апчый нарылады.

— Ким болду экен меймандар. Ким болду экен? — Момпосуйду капшыра чайнап ичинен кайыра булдуруктай оромпой тээп ойсоктоду. Бат эле ал эрмеги да бүттү. Чар тарабын элеңдей караса тээ алыста кайып коронгогон атчандардан бөлөк алардыкына тик бастырган чалдыкпады. Эриккенинен бү, же жөн кусасы кайнадыбы, жумшак шиберге удаа-мудаа тоңкобаш атып... серпилип турарында күчтүү жаңы алакан көзүн басып өзүнө тартты. Бакыргыдай кыз беле. Азиздин эр-намысы оңой бекен. Булкунса чыкчудай эмес. Қараңгыга чүмкөгөн катуу алаканды сыйпап көрдү. Атасына окшобойт. Аныкы коржойгон ысылы-суукка кесилген туурук кол. Негедир шадылары ичке, жумшак, бирок карылуу.

— А билдим, доктор байкем турбайсыңбы? — деп кыйкырганына үндөбөй моюнуна, анан колдорун кере, лып-лып кийим кийгизди. Эми коё берет дегенче болбой, дагы бирөө жармаша чап көтөрүп эскисин чечип, жаңы шуудураган шым кийгизишти.

— Ой доктур байке, атаке, коё бергиле.

— Мына азыр. Кел, бүтө коёлу.

Бутунан атасы, колунан доктур байкеси — экөө селкинчек тептиргендей чөбү тушардан сеңселген эски журтка өйдө-төмөн оонатышты. Жаңы кийимдин жытынан жана эле билген жеңил десе жеңил, жумшак десе жумшак көк тор күрмө, шым үстүнө капталыптыр. Сман баланы тыпыйган колунан кыса, өйдө тургузду:

— Сени, Азизтай, туулган күнүң менен куттуктайм! Акылэстүү, жакшы адам бол!..

Дагы бир топ көзүн чымыраткан ысык, чоң сөздөрдү жобурады. Кабагы жаркып кубанган атасы уулунун үстүндөгүлөрдү ондой сылагылады.

— Башыңды куттуктап доктур байкең кийгизди. Биз көчмөн чабандык кылып сенин туулган күнүңдү билсек да эч өткөрчү эмеспиз. Мен ыңаалап түшкөн журтуңа көлбүткөндү гана билчүмүн. Ракмат айт байкеңе.

Азиз чапчак, шыпыйган жасалгасы менен дуу коюп жөнөчүдөй чыкчырыла башын чулгуй чаңылдады:

— Ракмат, доктур байке!

Сман жарпы жазылган балага жайдары жылмайды:

— Кочкоруң тилиңди алабы?

— Алар, доктур байке.

— Анда чакырчы.

Азиз эдиреңдеп «кайдасың» кыялда согончогун көтөрө карек учкунунан издеди. Анысы чарчаганынан топ тобу менен жуушаган туугандарын жактырбагандай аралай басып, кээсине тап берип, ордунан тургуза тынчын алып, кой ичинде жүрүптүр.

— Сүзөнөөк! Сүзөнөөк! Кел жемге! Кел! Жемге кел, сүзөнөөк!

Анысы «ай, коё турбайсыңбы» дегенсип тоорулуп, кечеңдеп... Ээсинин зекий, кайра-кайра чакырганына зорго моюн суна жон, куйругун догдондото ормоюп бериледи.

— Ох-о! Бордоп баккандын пайдасы ушул. Күздө куутка кошсок жарайт. — Мүйүзү гана тукул, ийрирээк өстү. Мейли, макоо көзүнөн от кайнап ээсинин жаңы кийимин жеригендей, чыйрыйттай үстүнкү эринин көтөрө жыттамыш эткен кочкорчого Сман сүймөнчүктүү тигилди.

— Экинчи мүйүз мындан артык чыкпайт. А да сенин аракетиң, дарылоо менен уркуйдубу дейм. Азиз мунусун дале сүз-

дүрүп жаман ээликтирди. Экөөң тилимди алсаңар бычып, борукка айлантып таштасамбы,— деди чабан бир карышча ийрекей немесин шаа мүйүздөн бетер шанданта сылап сыйпалаган уулуна тийиштире.

Ошо экинчи чыккан тукул мүйүздү мактаныч күткөн уулу катуулугун, күчтүүлүгүн байкагыла дегенсип кайта-кайта булка атасына тырчыды:

— Ики, көрсөң муну. Султандын өлөсөлүү картынан өчүн алдырбай туруп бычтырбайм.

Атасы тайсалдай мурутунан жылмайды:

— Ошого жарайбы деги.

— Жарамактан жарайт.

Сман колуна маш тийгендей алаканын шак чаба, беркилердин көңүлүн өзүнө бурду:

— Анда... Султандын кочкорун мен да көрдүм. Азырынча арык. Күзгү семиргенине жеткизбей азыр беттештирсең кантет.

— Доктур байке, бу каттыбы. — Азиз алигиче коё бербеген токол мүйүздү көргөздү. Мал доктур дары, момуя аралаш жем берип үйүр алдырган кочкорго чукул жетип мүйүзгө дүң-дүң черткиледи: Бул эми бор кемик эмес, кадимкиң катуу мүйүз. Күчтүү, сынбайт да, омкорулбайт. Бакир аке айткандай мындан ары өспөйт да.

— Анда доктур байке, челиштирем. Качан баралы. — Азиздин алигиче өчпөгөн атаандаштык кумары кысый шашкалактады. Сман боз үйдүн арткы далдоосуна кылчая карап калбык эрдин жая күлүп ийди:

— Биз барбайбыз. Бирпаста өзүлөрү ушерде болушат.

Баласы түгүл, атасы да мал докторунун бүгүнкү жоругуна айрың таңдана делдейишти. Көп өтпөй баарысы тең үй далдоосунан чукулдаган эки атчанды даана таанышты. Алдындагы сары жоргочон, быжыгыр кара сакал, тегерек тебетей, мыкты чабандын бири Ашым. Анын катарында тору тайчан, кепкечен, тепейген уулу Султан. Экөө ортосуна алып, алиги чыгырык мүйүз ак кочкорду чын эле айдап келатышат.

— Атаганат, шашылып койгон экенсиң. Биз го биз. Музоочук ызаланып калабы деп чочуйм. — Бакир сол мурутун тили менен аймай Сманга шыбырады.

Азиздин тентек каны удургуй жүрөгү акылдап демин кыстырды. Анын көзү түпкүч мүйүзүн калдайта алыстан далдап атайылап камына, жайа калкыган ак кочкорго кадалды. «Көрдүңбү, тиги дөөнү» ишаараттай колтугундагы сүзөнөгүн ныкыды. Анысы да чекчейип жыйрыла түшкөнсүдү.

Ата, баланын кооптонгон турпатын баамдаган Сман экөөнө бирдей угуза шыбыштады:

— Менин аракетим да Азиздин намысы үчүн. Карт кочкордун кирээр маалына жеткизбесин. Анда ал эч кимден жеңилбейт. Азыр бейкапар, арык убагы. Бир беттештирип көрөлү. Тобокел, Азиздин кочкору жеңбесе алдырбайт. Кур дегенде тең таймашат. Мүйүзүн омкортпойт. Карт кочкор азыр сүзүшкө зордосо да түшпөйт. Эти ооруксунуп жаны кашайса, шамыян кайтараар. Бирок көмөлөтө албас. Мен малдын доктурумун го.

Ата-бала бул сооротушка анчейин деле ынанбай дандарышты. Сман тигилерди утурлай басты.

— А-а, келгиле меймандар-р, кечиктиңиздер го.

Көрсө, Смандын үч меймандары күттүрүп, топурап даярданткаңы Султан, атасы, кочкору тура. Азиз ичинен доктур байкесин жактырбаңкы күбүрөдү.

— Деги кокуй киши экен. Дүрбөтүп, зарылткандары ушубу. — Султандын атасы сөзгө кыйын деп уккан. Айткандай атын алууга үлгүргөн Сманга тийишти:

— Сен доктур иним, бизди тойго эмес эле, кочкор сүзүшкө чакыргансың го.

Сман да оной көрүнбөйт. Апкарыбай талтөөндөй жооп айтты.

— Кочкоруңузду соолуктардан бөлүп, кочкорчунун айлына кошкону чыккансыз. А бул үйгө тойго чакырылганыңызга ишене бериңиз. Мына, дасторкон жайылуу, тамак асылуу.

— Жыгылдым. Жыгылдым иним. Деги Азиз уулумдун кочкорун кармап турганынан чочудум. — Ашым балпайган быжыгыр сакалын экчей быкылдады.

— Азиз бала кочкорун менин чыгырык мүйүзүмдөн коркконунан кармап турат. Эр болсо сүзүштүрүп көрсүн,— Султан атасынан аша чаап чындап эле демитти.

Тигилердин кыйынсынганына жыгылыштуудай өзүнүн ата-энесинин унчукпай кылтыйышкандары Азиздин кыжырын кайнатты:

— Коркпойм, этпейм. Сүзүштүрөм.

Азизден кырдуурак чулу кара жалпак Султан атасына алайды.

— Айтпадым беле, Азиз кезенип жүрөт деп. Кармайынбы.

Ашым сакалын сылагылай, беркилерди карап ичинен бүлкүлдөп жасалма кытылдады:

— Балдардын тамашасына батып, анан дасторконго отурбайлыбы.

Мейман ээлери бар-жок дебестен көшүлө унчугушпады. Ашым үстөмдүктү жүргүзө, экөө бет маңдай кочкорлорун кармап мыкчыйган таначарларга бурулду:

— Эй, уулдарым! Биз да бала болгонбуз. Далай кочкорлор-

дун баштарын каңгыратканбыз. Мүйүздөрүн сындырганбыз. Мынча тирешип калдыңар көксөңөрдү суутуп оболуңарга койбосок жарабас-с. Деги аталарыңар. Бакир экөөбүздү сүзүштүрбөй аясаңар болду. Кочкорлор сүзүшө берсин. Козу кезинде жүрөгү өлгөн Азиздин кочкорчосу мулуйган мүйүзү менен кантээр экен. Кана, тобокел, коё бергиле. Оомин! — Балбандарды күрөшкө салаардагы элдик салтты улап. Ашым багжая алаканын сермеди. «Руксат, баштагыла» белгисинде беркилер да алакан жайышты.

Ашым негедир бейкапар көлкөйдү. Бакир аялы экөө баласынын кышы бою көкөйүнө түйүп камынганын эскеришип, саруулап үрпөйүштү. Султандын карт кочкору жүнү үксүйүп, мүйүзү калдайып барандуу, сүрдүү. Басканы да калбээт. Кантишээр экен. Ызалуу баласынын шагы дагы сынмакчыбы?

Кадимки мелдеш майданындагыдай, оюндун башталышына өрөпкүй чоңдор жарданышты. Эки саяпкер бала кочкорлорун таптай кармап, бирин-бири тиктеше, калыстын «коё» бер! буйругун күтүштү. Калыстык Сманга ылайыктуу. Негедир балдарга кийлигишпөө ниетинде ал дагы тымпыюуда.

— Кана, баштайсыңбы? — деди Азиз чыдамсызданып.

— Сен башта! — Султан түпкөк оор башын жерге эңилткен кочкорун моюнга таптады.

— Жок, сен башта. Былтыр сеники жеңген.

— Хэ, азыр да жеңет.

— Башта!

— Меники а деп кол салганды билбейт. Катылгандын гана катыгын берет. Сүздүрүп көндүргөн сен башта.

— Эх, митаам, болуптур эмесе! — Тыгырыгынан тартып кежирленгендей да, кекегендей да муруңку жана алдыдагы кармаштын азабын туйгандай текчеңдей адымдаган тукул мүйүзүн Азиз атаандашына бетме бет түз жетеледи.

«Сен жерди тиктебей, даана карап чыгырык мүйүздү тос. Былтыр кабырганды кайыштыра сүзүп, жинине тийип, акыры мүйүзүн омкортуп, башын кандаган бала душманың дагы өч алууга келатат. Көгөр башынды!» Купуя күбүрөп, Султан кош колдоп ак кочкорунун башын көтөрдү.

Ортого бир жарым кездей аралык калганда, Азиз тык токтоду да «балбанын» коё берип бакырды.

— Кана, сүзөнөгүм качыр! Качыр!

Дүңгүл былтыркысындай тике түйүлбөстөн артка кетенчиктей тыкчырылып, бирок дароо тарс тийбей байкашып көрүүгө амал ойлогондой токтоло атырылып качыра берди. Имериле ээсин жандай бурулган карт кочкорду моюн түпкө талаштыра сүзгөндө, ал сүрдүгүп Султанга мүйүзүн жанып күп тийди. Ка-

пысынан сокку жеп, алда кайда сендиректеп барып оңолгон Султан, дагы сүзбөсүн жан алакетте анталаңдап пары качты. Атасы баштап беркилер жапырт кыраан каткы шаракташты. Азиз алда канча күчтөнүп калган тукулуна ыраазылыгы артты.

— Качыр! Сүз! Сүз! — дембе-дем жандай кол шилтеди. Калыбет карт кочкорду аял-буялга келтирбей жаш кочкор моюн, карчыт талаштыра удаа-мудаа майыштыра сүзүп шайын оодарды. — Атакөрү, каргандын иши карган экен да. Камырабайт, же алы кеткенби. Бала кочкордун жүрөгү өлбөптүр. Семиз мал эле күчтүүлүк кылат. — Ашым баласын, башкаларды да жоотко жайкады. Уулу ага ынанбады:

— Ал кочкордун сырын мен билем, ата. Жаны кашая элек. Мына, эми мүйүзүн тосту. Азиздин кочкору секирип сүзүп көрсүнчү. Былтыркыдай илип алып, алда кайда ыргытат.

— Ия, ошондойбу?! — Атасы карт кочкорунун көздөрүн курткандай акырайта ызырынып, бар күчүн үрөгөндөй жонун жыйрылта үксөйүп, уюлгуган мүйүзүн таптап акыркы салгылашка шымаланганын байкады, Уулу дегениндей сырын билет экен да. Кана, кандайча бала кочкорду мүйүзүнөн иле, асманды айланта бултактата серпер экен?

Бакир, аялы, Смандар андан бетер кабелтең карт кочкордун жанагы бойдон көмөлөнбөй, минтип кажардуу айбаттанганынан чочулашты.

Азиздин бала кочкору карек ирмебей, көзүн чанагынан чыгара тостойтуп, тигиникинен бир серпим бийик дагдайган төшүн керип ыкчам, солк-солк дем ала, мукур мүйүзүн тикчийтип душманын аңдууда. Азиз анын «баякыдай тик секирип үлүктөй кайралган мүйүзгө сайылып бербейм. Өзү качырсын» пейилин аңдап, сүзүүгө буйрук бербей тиштенүүдө.

Балким, акыры амал сактай тиктешкен кастар айбан болсо да сырларын байкашты окшойт. Эти ооруксунуп кекенген ак кочкор дүрүлдөй атырылып, уюлгуган дүпөкө тикирейген мүйүзчөнү ороп, алигисиндей маскара кылууга далдап качырды. Өңгөсүн ким билет, Азиз карегинен от чагылта кирпигин ирмеп ийгенсиди. Кимди ким көрсүн, букчуюп аңдып турган Азиздин кочкору да өзүнчө далдаган белем. Карс-курс эле дей түштү. Чоң мүйүзгө кичине мүйүз илиндиби, оролдубу. «Козусу» тарбалаңдап көктө жүрөбү, же карс эткенде мүйүзүнөн ажырап, алда кайда суладыбы. Азиз закымда алаканы менен көзүн жанып бакырайды. Түпөк мүйүз ак кочкор очорулуп араң турууда. А өзүнүкү бүт денеси ынтыга солкулдап, ого бетер өчөшкөнү күчөп чукул беттей арбашып калыптыр. Көрсө былтыркыдан жалкып, амал күткөн «козусу» ак кочкордун мүйүзүнүн уюлуна эмес эңкейибирээк түбүнө, маңдайын каңгыта челген экен.

Адамдын гана азаматтары эмес, айбандын эр жүрөк кочкорлору да күч салышканда сырттандык намыстарын алдырбоого кайраттана кармашат тура.

Азиздин тукул мүйүзү эми бир качырса эле, Султандын ак кочкорун көмөлөтө жыкчудай одурая жаалдуу. Карт кочкор арткы шыйрактары бүгүлө очорулса да күчү, сыймыгы болгон чыгырыгын улам жогору калдактата кежигесин көтөрүп, мандайындагы бала тентектин күрсүйгөн күчтүү тукул мүйүзү а дегендегидей көк желке, моюн түп талаштыра капысынан көмөлөтө сүзбөсүн деп саксактоодо. Жаныбар намысын бербей, мүйүзүн өйдө каржайтып былтыркы алсыз, быйыл күчтөнгөн душманынын соккусуна көзүн ирмебей бөгөт тосуп, акыркы демине чейин чыдоочудай.

Чаалыкканына карабай өчөгүшкөн жаныбарларды ойлоруна койсо, бирин майып кылмайын ажырашып басчудай кебетеленбейт. Канчалык мүйүзү, эр намысын түшүргүлөрү келбесе да, күч каякка оодук экени жарданган адамдардын ким кимине маалимденди. Кеп алардын эстүүлүгүндө, ээлигинде калгансыйт. Алар үнсүз бирин-бири караша ар кимисин эрегишкен жаныбарларды аяшкан ниеттерин байкашты.

Сман алдыга бөлүнүп чыгып, өз-өз кочкорлорунун жанында серейген балдарга кулачын жайды:

— Ракмат тамашаңарга. Эми кочкорлоруңарды ажырата бөлгүлө. — Анан чоңдорго бурулду:

— «Күч атасын тааныбайт» деген ушул. Эми Азиздин туулган күнүнө багышталган тойго отургула.

Султан ак кочкорун көчүгүнөн жөлөп тургузууга жармашса, Азиз колун серпти: — Шашпа!

Султандын атасы, көптү көргөн акылдуу Ашым баланын ниетин боолголоп, көксөөсүн суута, сакалын бажырайта күлдү:

— Азиз уулум, өткөндө Султандын карт кочкору жеңсе, бу жолу сенин бала кочкоруң жеңди. Бир: бир эсебинде экөөң паймапай болдуң. Кана, эми кочкоруңарды бөлүп, эки саяпкер кучакташып койгула.

Азиз эми гана муратына жеткендей, алгач атыла умтулуп, Султандын кепкасын сүзгүлөй түшүрө, кыса-кыса чандалаңдай салмактуу немени эргите көтөрдү.

Ондоно түшүп Султан аны тапатак өйдө эргитти.

Чоңдор тапылдата алакан жанышты.

— Мына эми достоштуңар. Тоюң кут болсун, ананайын. Султан сага тай энчилейт. Намыстуу азамат болосуң. — Ашым жумшак сакалын төшөй Азиздин мандайынан сүйдү. Ээлерин көрүп, арбашкан кочкорлор да бөлүнө басышты.

# МҮЙҮЗДҮҮ КОЗУ

## АЗИЗ

Азиз чабандын жалгыз уулу. Ал жайдыр-кыштыр асман мелжиген тоолордун арасындагы жайыттардан алыс чыга элек. Азиздин атасынын кайтарганы килейген ириктер. А апасы болсо, боз үйүнөн чыкпай күндүзү тамак-аш даярдап, кийим-кечени жамап-жаскап үй тиричилигине алек. Кечкисин койлордун астын акмалап тосуп, түнкү короонун күзөтүнө жардамдаш. Атасы жайытта жүргөндө, кечке дейре уулун аябай сагынып калат. Келер замат Азизин күржүйгөн алаканына куштай кондуруп, өйдө-төмөн тоголотуп, алкымынан удаа-удаа жыттагылайт, анан топтой көкөлөтө ыргытып ойноо өнөкөтү.

— Кантесиң, жаш бала суудай. Окус жылмышып түшүп кетсе, айлабыз не болот,— деп аялы күйпөктөсө, ага болбой кайра ыргытат.

— Жалгыздын жаны бек болот. Ушу баштан катуу алып, көндүргөнүбүз жакшы. Уулум жакында мага кошулуп кой кайтарышат!

Атасы Азизин бат эле кадимки чабандай атты өзү алкынта бастырып, сеңселген чөптөрдү аралатып жүрсө дейт.

А апасы атасына жабышкан уулун көшөрүп ажыратат. Атасынан бөлүнгүсү келбей уулу ыйлайт. Азиз ансайын жарпын жазган атасынын мойнуна асылып, апасынан качат. Ананчы. Атасы аябагандай чоң, күчтүү, анын чапаны койдун жүнү, оттун түтүнү жыттанат... Ушинтип жанына ынак тарткан уулун атасы бир күнү эртең менен: — Жайытка ала кетем,— деди. Апасы чебелене баштады:

— Кой, антпе, уулуң али кичине. Экөө кыжылдашып, акыры мындай чечишти: Азиз кимисинин чакырганына келсе, ошонусу алмай.

Азизди ортого коюшуп, эне-ата экөө бет маңдай окчун олтурушту.

Апасы төшүн ачты. Кой десе болбой, унуткарып эме койчу апай мамасын көргөздү. Атасы тоголотуп, апчып, ыргытып ойноткон чорлуу колжогой колун жайды. Экөө тең жарыша үн салышты:

— Азиз, Азиз! Кел мага! Кел мага!..

Азиз адегенде апасын карап, мамасын көрдү да, бөйтөйгөн эриндерин чопулдатып ийди. Атасы шашкалактай, каркылдап катуу унчукту:

— Азиз, кел! Чу, чу! (Колдорун өйдө тарбаңдатып «чу, чу! ыргыт» деген Азиздин сөзүн кайталады.)

Азиз апасына текилдеди. Апасы мамасын көйнөгүнүн ичине катып, кабагын түйдү:

— О чоң торпок, уят эмеспи.

Азиз дароо бурулуп, кайра атасына чуркады. Араң турган атасы шып илип ийнине кондурду да, токулуу атын минип, Азизди өңөрүп жайылган койлорун көздөй бастырды:

— Уулума мал кайтарганды үйрөтөм. Карыганча энесинин эмчегин ээмп, үйдө олтурганы уят эмеспи.

Атасы уулу экөө жер жайнаган койду айдап, кожурашып узашты. Апасынын ичи күйүп, жалгызсырап араң калды:

— Кап, ак мамасын катпай эле сордурганымда эмне?..

Эне кургур чыдай албай, кумурага камкаймагын куюп, тасмалга нанын ороп, алардын артынан жөнөдү.

## АЗИЗ КОЙ КАЙТАРА БАШТАДЫ

Бакисинен Азизге атасынын атка өңөрүп, кой кайтарганы жакты. Жерде кибиреп апасынын жанында жүргөндө эч нерсени көрчү эмес тура. Эмичи... Эми атасынын ээгинин астынан, чапанынын боорунан бөдөнөдөй башын кылтыйтып, залкайган аттын үстүндөгү көрпөчөлүү жумшак ээрде көкөлөп бийик. Ат аны бешиктей термеп, канаттуу чымчыктай абада калкытып жүрөт. Демейдеги кичинекей бою бийик, көзү бакырайып чоңоё түшкөндөй. Те алыстан басып калчудай болуп көк тиреп, бери салаңдаган дүңкүгүй тоолор бет маңдайында даана, жакын. Тоонун өзүн кыркалай бастырганда таптакыр коркунучтуу эмес тура. Боору толо сеңселген чоң-чоң жашыл өсүмдүктөрдү карай Азиз кубанычтуу колун серендетти:

— Бак, бак... ээ!

Андагы ар кыл өсүмдүктөрдүн атын али ажыратып биле элек уулуна атасы:

— Карагай, кайың, арча, четин, табылгы, карагат, шилби,— деп өзү айтып, анан Азизин кайталатты. Азиз өсүмдүктөрдү айрып таанымак кайда, жаңы сөздү үйрөнгөнүнө кудуңдады. Тоо-

нун чокусунан төмөн карай көбүк чача күр-шар атырылып түшкөн көк кашка шаркыратманы көргөзүп, Азиз:

— Суу, суу,— деп кыйкырды.

Атасы уулунун сербейген тармал көкүлүнөн жыттагылап:

— Шаркыратма,— деди.

Азиз таң калыңкы атасын боорго сүзгүлөдү:

— Шаркыратма? Суубу?

Атасы мурутун үлп эттире бырс күлдү:

— Ооба. Шаркыратма — суу. Карачы, тоодон шаркырап атылып жатпайбы. Ошондуктан шар-кы-рат-ма дейт.

Азиз эми түшүндүм дегенсип:

— Шар-кы-рат-ма, шаркыратма,— деп доошун созуп, ыр кылып алды. Үнү ат үстүнөн тоого жабыша жаңырык чакырып, обондуу чыкканга сүйүнүп чыңкылдап кыйкыра берди.

Күн сайын атасына өңөртүп жүрүп, Азиз айлана-чөйрөдөн көп нерсени көрүп, жаңы сөздөрдү үйрөнө, тилин, акыл-эсин байыта берди. Аны атасы кайдигер нерсе катарында капарына албады.

## АЗИЗ АТАСЫНАН КАЛГЫСЫ КЕЛБЕЙТ

Ошондон тартып Азиз атасын бучкактап кайда барса чогуу. Апасы аябай коңултактап жүрүп араң көндү.

Эркек бала атасына жакын деген ошол. Эненин кичинекей каралдысына таарынчысы өтөбү. Кечкурун келер замат өөп, жыттагылап басып жыгылат. Бир жолу эртең менен уктатып алып калган. Азиз ойгонор замат атакелеп ыйлап качып, эңсесин кетирди. Апасы жалынды, алдына тамак жайнатты, көтөрүп чуркады, аны-муну айтып, соолады. Баары бир Азиз чырланып басылбады. Апасы жинденип төпөштөп кирди. Азиз андан да коркпой, атасы кой жайган белести карап: — Мен атамын уулумун — деп, өпкөсү көөп солуктай берди.

— Бооруна келгир... атасаагын көр мунун.

Кечке дейре кандай алакеттен өткөзбөсүн, баласы түк басылбай, энени аябай беймазага батырды.

Мына ушундан кийин апасы Азизди эртелеп тургузуп, атасына кошуп берүүгө шышылчу болду.

— Атаң кетип баратат — десе, Азиз кандай уктап жатпасын, көзүн укалап ыргып турганычы.

## ЧОҢОЙГОНУМДУ АТАМА КӨРГӨЗСӨМБҮ

Азиз азыр баштагыдан алда канча чоңоюп, күчтөнүп калдым деген ойдо. Ананчы. Керелден кечке атасын учкаштырып, лү-

күлдөгөн ириктерди каалаган жагына кайтарып жүрсө, ый-чыр дегенди караманча унутса; атасы айткандай, кадимки жигиттей болуп талаадан тамак ичсе; кээде карагайдын түбүнө көрпөчө жазданып уктаса; атасы билген сөздүн, жомоктун баарын үйрөнсө; ийнин жапкан катыш чөптү жиреп, чалынып жыгылса, кайра туруп, бийик боордон атасы көргөзгөн ышкынды, кымыздык, козу кулакты үзүп жесе; асманда калдактаган бүркүттөн коркпосо, мунун баары чындап чоңойгондуктун белгиси эмеспи.

Мурда апасына көтөртүп айылчылагандан башканы билчү эмес да.

Жайылган койлорун саксактап, атасы экөө жашыл дөбөдө жомок айтышып отурушкан. Атты тушап отко коё беришкен.

— Жандыктар алыстап кеткен тура. Алдын тосолу.

— Мен... атаке, мен...— Азиз аял-буялга келбей зымырылды. «Мына, чоңойгонумду атама көргөзбөсөмбү» деп ойлоп баратты. Анан калса, койлоруң түшкүр, жылдыздай чачырап аябай бириндеп алыс тараптыр.

— Кыр-оой, кыр-о-ой-лоп, эң алдынкы боз ирикти карай текилдеп эле баратат.

Атасынын кубанганын коё кал. Сакал-мурутун желге таратып, уулунан көз айырбай жондо заңкаюуда:

— Каралдым, кол-арага жарай баштаганың ушулбу. Жыгылбасаң экен. Атаң айлансын сенден...

Уулу атасынын жалынычын уккансып, буту жерге тийбей шерденип, чымын-куюн. Ата уулунун ниетин түшүнгөнсүп, бактылуу бакжаюуда. Азиз о далайда тыным албай чымылдап олтуруп, ири алдыда бөлүнүп жол баштаган боз ирикке жетти. Боз ирик тай торпоктой даңкайып, өзүн бир короо койдун башчысындай сезген эме. Бала алда кайдан кыйкырып, аны бери карай имерүү үчүн аткан октой түз барса да, боз ирик такыр тоотпой маңкайып карап койду. Анан ичке эринин эбиретип чөп башын ирмеп кирди. Азиз:

— Бас, бас — деп, боз ирикти дүлдүйгөн жумшак жонунан болп, болп чапкылады. Ирик артына бурулбастан, «бала, кет нары» дегенсип башын чулгуп коюп, оттой берди. Азиз арданды. Кулачы жетпесе да боз ирикти мойнунан аткыды.

— Жүр быякка! — артына жетелемек болду. Кочушун толтура жумшак жүнүнөн тарткылады.

Боз ирик башын чулгуп, силкинип ийди. Азиз серпилип жыгылды. Бирок чеңгели ириктин моюн жүнүнө аткылган боюнча калды. Баятан бери ордунан жылбаган ирик селтеңдеп алга секирди. Азиз өчөшүп, колун бошотууну каалабады. Семиз ириктин мойнуна асылып, кээде жерге сүйрөлүп, кээде жумшак капталга булталактап тийип, кыйлага дейре туткакташып барды.

Мына күп жерге тийди. Олчойгон ирик шиш туягы менен катуу тепкендей болду, буту тызылдап ооруду. Кызуулуктан тура калды. Басам деди. Бирок дарманы келбей, зорго бирпаска таканчыктап турду. Көзүнөн от чагылышып, бир жагынан жаны ооруса, экинчиден, ызасы кайнап, чыңырып-чыңырып ийди:

— Жинди, жинди-и де-се-е! — Боз ирикти дагы көлтирип сөгөйүн деди эле, тили күрмөлбөй көңүлү караңгылап, мамык бетегеге шалак жыгылды.

Алыстан кашын какпай баамдаган атанын заманасы куурулганын айтпа: «Бала мды ‹ боорун эзе теппегей эле»,— деген коркунучтуу ой муздак куюндай зымырап, мээсин сыдырып өттү. Сакалын аткып, этек жеңин делдектете анда-санда бир тийип, далпактап арыштады дейсиң. Заматта учуп жетсе... Көк шиберде уулу кыймылсыз сулоодо Шымынын оң багелеги дал-далынан бөлүнгөн, бөрсөйгөн балтырын уюган кан жууп жатат. Куруган ата көзүнөн жаш салаалатып, Азизин алаканына салып өйдө көтөрдү. Эңирейип четтей басып, кебелбей турган боз ирикти карай тап берип ызырынды:

— Ай сениби, бозоргон доңуз-з!

## ЖАРАТТЫН КЕСЕПЕТИ ЖАНА ШАРАПАТЫ

Боз ирик шылый тепкен балтыры балаалап, Азиз кыйла күндөн бери төшөктө Эми жанында такай отурган апасы. Ал шар суунун боюндагы бака жалбыректан үзүп келип, уулунун күйүп-жанган балтырына тез-тез басууда.

— Атаңды аз ээрчи дедим, о чунагым — деп, тымызын жемелеп да коёт. Түрлөнтүп тамак даярдап, уулунун оозуна кармайт. Бирде куурдак, бирде манты жасайт. Беш бармак туурап, ойбоюна койбой алдырат. Суусунуна ынак сүттөн бөтөлкөгө куюп, булакка муздатып ичирет. Эне кургурга чогуу олтурса уулунун карааны тоодой. Жайытта мынчалык бапестелген ысык тамак ичмек кайда. Бирок сырттын сырттай өзүнчө ыракаты бар го. Азиз керелди күнү кечке кыймылсыз олтурганга, жатканга тажайт, а чынында атасына куса. Буту ооруксунса деле, баса албаса деле жайытка өңөртүп кеткиси келет. Боз ириктин шиш туягын таш менен сындыра чапкысы келет. Минтип күндүз көңүлү ачыкта ойлойт. Атасын күтөт. Апасы аптап-жиптеп ар уруу тамагына тойгузган соң, күн күңүрттөнүп кечтей баштаганда эти алоолонуп күйүп чыгат. Көзүнө ардеме-бирдеме, көбүнчө боз ирик көрүнүп, жөөлүп, таңды таң атканча чырлайт:

— Ата-ке-е, боз ирикти кой дечи, кар-ма-чы,— деп чочуп кыйкырат.

Көзүн ачса, атасы жалынып-жалбарып, көтөрүп олтурганы

олтурган. Кечке күткөн атасына айтайын деген сөзү жаны кыйналганда аргасыз унутулат. Таңга жуук эти сууп уйкуга көшүлөт. Бир күнү, эртең менен атасы коюн айдабай, анын жаралуу бутун ачып жанында олтурганын көрдү. Негедир атасынын кабагы салыңкы. Апасына бирденкелерди шыбыштап, козголмокчу болду. Азиз көзүн бардап ачып жиберди. Атасынын кемселинин этегинен кармоого колун созду:

— Сени менен кетем... алып бар.

— Макул, каралдым, макул,— деди атасы күлүмсүрөп. — Апасы, кийинт уулумду. Жөнөт уулум экөөбүздү.

Атасы адаттагыдай ээрге бутун арттырып өңөргөн жок. Антсе балтыры оорумак. Ээрдин кашына жаздыкты бокчо байлап, ошонун үстүнө туурасынан олтургузуп, боорупа кучактап, койдун артынан эмес, аттын башын башка тарапка бурду. Койду апасы айдады жайытка.

— Кайда барабыз, ата? — деди Азиз.

Атасы уулунун көкүлүн мурду менен сүзгүлөп, жыттагылады:

— Айылга, уулум, айылга...— атты шыпылдата бастырып, аны-муну кобурап баратты. Таза абадан кана жутуп, атасына өңөртүп атчан бастыруу Азизге мурдагысындай эле көңүлдүү туюлду. Эти да ысыбады. Жарааты да ооруксунбады. Белестен белести ашып, биринен сала бири окчун конгон уйчу, жылкычы, койчу айылдарды аралап, кең жайлоону өрдөп аттын шайбырын чыгарып, алыстай беришти.

Качан көгөргөн көлдүн жээгиндеги апаппак узун чатырларга жеткенде, атасы аттын оозун тартты. Уулун туурасынан көтөрүп, шар четки чатырга баш бакты.

Мына кызык. Ал чатыр малчылардын дүкөнү экен. Азиздин көзү ар кыл дүйнөгө чачырап таңыркаганы бүткөнчө... кара мурут дүкөнчү сыр билги элпек киши экен. Тосмонун үстүнө ага чак чотурайган чийбаркыт костюмду көргөзө кармап, шып жая салды. Кайра тез гана бурулуп, тепейген сур батинкени да тып койду.

— Бакир аке,— деди дүкөнчү Азиздин атасына кайрылып. — Булар бөбөгүмө чак кийимдер. Шаардан самолёт менен жаңы алып келдим.

Азиз өзүнө энчиленип тигилген кийимдей аларды жыйнап, боорупа кучактады.

— Ал, бөбөгүм, ала кой,— деди, жакшы дүкөнчү анын маңдайынан сылай.

Атасы үндөбөй уулуна күлүмсүрөп, бет аарчысынын түйүлгөн учун чечип, калдайган акчаны дүкөнчүгө сунду:

— Эми бу бөбөгүнө эки айга кенен жетерлик таттуу-паттуудан бер.

— Жарайт, жарайт. Идишиңиз да жок экен. Жеңеме мындай буюм керек. — Дүкөнчү боолуу баштыкты өйдө көтөрдү. Бакир башын ийкегенсиди. Дүкөнчү баштыкка кумшекер, таттуу токоч толтуруп, чабандын колуна берди.

Олжо-буйлага тунган Азизди атасы жанаша чатырга көтөрүп киргизди. Ал чатырдын ичинин кандайдыр жагымдуу жытка толгону, тазалыгы баланын куштарлыгын арттырды. Аларды дүкөнчүдөн элпек, башынан тарта аппак кийинген кыз мээримдүү тосуп алды. Азиз андан дүкөндөгүдөн да артык сонун нерселер алам го деп ойлоду. Стол үстүндөгү жаркыраган бөтөлкөлөр, челектерге көзү түштү. Атасы шыбырашып, кызга сүйлөшө койду да:

— Бу жаңы кийимдерин кийгизелик ээ. Чечинсин ээ, эжеси,— деди. Аппак кыз Азизди этияттап көтөрүп, ак шейшептүү тактага жаткызды.

— Бакир аке, сиз чечинте турунуз. Мен жаралуу бутун айыктыруучу жумшак, апай байпак кийгизе коёюн, анан бу костюмдарын кийгизебиз. Аңгыча, ме, ойноп жата тур — деп, жалтырак челекти Азизге карматты. Аппак кыздын доктур экенин Азиз эми араң билди. Доктур эжеси аны-муну айтып мактап алаксыта берип, жараатына дары жаап, даки менен зымпыйтып тануулады. Азиз буту аз-аз ооруксунса да, чыдап берди, жакшынакай доктур эжеси мактап, айыктырганы жатса, ыйлаганы уят эмеспи.

— Анык жигит турбайсыңбы. Эми басып кете бер,— деп доктур эжеси колунан тартып тургузду. Качантан бери жер баспай жалкоотой, коркунчаак болгон жаралуу буту көпкө дейре жерге тийбей титиреди Анан доктур эжеси кармап таянчыктатып жетелегенде, чын эле басып кетти. Ошерден жаңы кийимин кийинди. Доктур эжеси атасына даки, дары берип:

— Ар үч күндө которуп майлагыла, байлагыла. Эттүү, күчтүү тамак жараатты ырбатат, жаш баланын денесин ысытат. Мелүүн тамак, сүт, айран бергиле,— деди.

Бакир уулунун жараатынын балаалаган себебин, эттүү тамакка бордогон аялынын жоругун эми түшүнүп, ууртун тили менен бурай аймап алды. Азиз жаңы кийимчен торсоюп, чөнтөктөрүнө момпосуй, таттуу токочтон салып, култуңдап сылтый басып, мамыны көздөй жол баштады. Ал жараатын унуткарды. Эгер боз ириктен жаралуу болбогондо, узун сапар чегип жайлоонун маданий борборуна айылчылап келет беле? Жаңы кийим саттырып киет беле? Ким билет?

Атасы Азизге күнүгө эле:

— Шашпа, боз ирик, сени уулума багынтып бербесемби, өчүн алдырбасамбы,— дей берди.

Азиз аны уккан сайын сүйүнүчү койнуна батпайт. Қилейген боз ирикти багынтып, өчүн алса кандай сонун! Бирок качан, кантип кегин колуна тийгизээрин билбейт. Ишенгени атасы гана.

— Балам, боз ириктен өчүндү алдыртам эми,— деди атасы жедеп жарааты таксыз айыккандан кийин.

Азиз атасынын колундагы камчысын сууруп, бүктөй кармады:

— Урабыз, ээ?

Атасы уулуна түшүндүрө жай унчукту:

— Айбанды уруп кереги не? Бозоргон чочкого сенин ээси экениңди таанытабыз. Тилиңди угуп, бас деген жагыңа бөжөңдөп чуркап тургандай көндүрөбүз.

— Ай-ий десе...— Азиз чодураңдап секирип, кыт-кыт күлдү.

Атасы сөөмөйүн кезеп, суз сүйлөдү:

— Азиз баатыр акеси, күлбөгүнүң. Боз ирик менен сен экөөлөп кармашабыз. Ошондо коркуп кача турган болсоң, чыныңды айт ушу баштан.

Азиз сумсая түштү. Калп айткан менен болобу, боз ирикти жолуктурганда жүрөгү шуулдап, четтей басат. Баягында «кармашам» деп балтырын жардырды. Эми кармашса башын жардырып жүрбөсүн?

Атасы аны сынап жооп күтүп, үндөбөй кылтыйып ууртунан жылмайды. Окус качса, айрөк, айрөк, эркек бала, уулум жандын коркогу деп, атасы дароо шылдыңдаганы турбайбы. Баса, «экөөлөп кармашабыз» дебедиби. Атасы аны боз ирикке тебелетпей калсын. Балбылдаган кара көзүн бат-бат ирмеп, бойтойгон колун сунду:

— Коркпойм. Кел, убадалашалы.

Атасынын сом темирдей катуу колун четинен апчып, мыкчыңдап, ысык алаканы менен күчүн көргөзүп бекем-бекем кысты.

— Сөз бүттү. Азамат убадасына бек болот. Жыгылсаң, этиң ооруса ыйлабайсың, баатыр акеси. Жүр эми

Атасы жайылган жандыктарды аралай шар адымдады. Азиз жүрөгү опколжуп, үндөбөстөн артынан чуркады. Боз ирик менен кандай кармаш болот? Азырынча ага табышмак.

Алда кайдан таанымал боз ирикти атасы койлордун арасынан түптүз качырып барып, кармоого кулачын жайганда, тигил дыргаяк берип, туура жакка булт секирди. Түз качса, кубалап кармоого мүмкүн эле. Туурага булт эткенден күү менен жеткен заңкайган киши тез бурула албай, очорулуп күп жыгылды. Се-

миз ириктер ээсинин бул жоругуна кошкурук атып, туш-тушка жарыла удургуй үрктү. Азиз же күлө албай, же ыйлай албай алайып туруп калды. Кудай жалгап атасы тез эле тура жөнөдү.

— Адам ээй. Баламды эмес, өзүмдү маскаралагысы бар ээ... Ай сени, бозоргон доңуз, майыңды көзүңдөн актырбасамбы,— кыйкырып сөгүп деле жүрөт, жайыттан сырттай качкан боз ирикти тарталаңдап кубалап деле жүрөт. Азиз алдын тосоюн деп чымылдап чуркагансыйт, бирок атасы менен боз ирикке караандабай алда кайда калды. Атасы о далайда араң курбу ташка капталта кууп барып зорго кармады. Койдун качканы да укмуш тура. Боз ирикке жеке Азиз эмес, эми атасынын өчөшкөнү күч.

— Ошондой тура тур, уулум. Мунун күчүн көрөйүн,— деп атасы уулуна кыйкырды да, боз ирикке бутун арта салып минди. Мына шумдугуң кур. Боз ирик кой эмес эле балээ окшойт. Бирок атасын жыкмак кайда. Сокондотуп дүңкүлүңдөп мөңкүп, мөңкүп ийди. Үстүндөгү адамды жыга алган жок. Башындагы калпагын гана түшүрдү, анан жайылган ириктерди карай чочко текиреңдеп чуркады. Койдун үстүндө сакал-муруту саксайып, жылаң баш, моюн жүндөн кош колдоп апчып, буту жер чийип келаткан атасынын бул күтүлбөгөн жоругуна Азиздин боору эзиле кытылдап, басууга шайы жок.

Канткен менен кой жылкы эмес да. Үстүндөгү кишинин оордугу чарчатты окшойт. Мөңкүгөнү гана түгүл, текиреңи да басылып, төрт туягын алмак-салмак солбуп, кылтың-култуң жорголой басты. Кой жоргонун үстүндөгү атасынын жайланганын айтпа. Моюн жүндөн аткыган колун жайып, уулуна мактанычтуу колдурап минтип ырдады:

Уулума боз ирикти мингизем,
Эсине абдан киргизем.

Ыры менен боз ирикти кылтылдатып келип, Азизди жерден илип артына учкаштырды:

— Бу доңузду жай кармап, саа мингизмекмин. Балам, терипди тескери сыйыртмак экемин да. Эми былк эткис эшектей кылып үйрөтөбүз.

Азиз эпейип, койдун жумшак соорусунан минер замат тыптып онду-солду сооруга тепти.

— Э боз доңуз, чу, чу!

Боз ирик туяктарын шылкылдатып, кылтың-култуң жылды. Женил Азиз болк-солк эткен нык жүндөн оop түшүп кала жаздап, атасын бекем кучактап алды. Ээрчен атка мингенден жайдак койго минип, жерге жакын жүрүш дурус белем. Анын үстүнө кектүү касың багынтып миниш оңойбу. Азиз ылайым андан

түшкүсү жок. Атасы эрегишкендей олчойгон бут менен олбуй-солбуй, боз ирикке тыным бербеди. Азиз анда:

— Чу, бас-бас. И багындыңбы, багындыңбы — деп, кайра-кайра чаңкылдап, тепең-тепең сооруга тепкилөөдө.

Учкашкан ата-балага таңыркап, чөп үзбөй селтеңдей караган койлорду боз ирик илең-салаң аралап көпкө жүрдү. Акыры солуп, баспай тык токтоду. Демейде бапсайып, киргил тарткан уяң жүнү аппак булая бууланып, жылт-жулт тер сыгылып чыга баштады. Атасы эми араң түшүп, уулун алдыга жылдыра мингизди.

— Багынат деген ушу, балам! Эми буга такай минип жүргүн!

Ошондон тартып, Азиз менчик «аттуу» болду. Ал торсоюп, эртең менен короодон жайытка айдаганда боз ириктин үстүнө минип, жонунан бек мыкчып, бутун алдынкы колтугуна кыпчып жөнөйт. Кечкисин жайыттан короого чейин минип барат. Боз ирик адегенде эсиргенинин сазайын тартып, кичинекей ээсине багынып, андан кийин баягыдай жыккан жок.

Бара-бара боз ирик Азизди үстүнө көтөрүп жүрүп оттоого көндү. Азиз ал оттогон учурда теминип, кагынбастан жөн гана оюна коюучу, же жонун сергитип, түшүп ойноп келүүчү. Азиздин боз ирикти жайлата минип жүргөндөгү чоң пайдасы бу болду. Атасы кээде жөө, кээде атчан кой минген уулун жандап:

— Бир, эки, үч, төрт, беш...— деп, жайылган жандыктын башын саната берди. Адегенде беш, ондон артык санатты билбеген Азиз күзүндө боз иригин минип аралай бастырып, колундагы чыбыкты селкилдетип түгөлдөп, беш жүз деген эсепти өз алдындагы иригин жонго чабуу менен бүтүүгө үйрөндү.

Ошентип жай да өттү.

Күзүндө ириктер даңкайып семиргенде атчан атасына кошулуп, боз иригин минип кылтылдата айдап барып, эт комбинатына өткөзүштү. Эң артында боз иригинен түшүрүп, килге тарттырганда Азиз атасына далдаланып, көз жашын токтото албады. Досунан ажыроо оңойбу! Аердегилердин баарысы тең башкарма, ферма башчысы, кабыл алуучулар мыкты семирткендиги үчүн атасын мактап жатышты. Атасы тигилерге угуза бак-бак сүйлөдү: «Ушу эмгектин теңи менин жардамчымкы! Кантет, кел уулум, мындай».

Тегерек калпакчан башкарма Азиздин боз иригин жакшы көрөрүн баамдаган окшойт. Жай басып келип, мандайынан сылагылады:

— Бакир аке, эртеңден калбай короолордон козу бөлүп алыңыз! Азиз иним мотурандаган козуларды жакшылап баксын, чоңойтсун. Сиздин бул уулуңуз аябаган малсар, анык чабан тура!

## МҮЙҮЗДҮҮ КОЗУ

Мына кызык! Азиз эне-атасы жанында турса дале жалгыз-сырай баштады. Бир үйгө кирет, бир элеңдеп сыртка чыгат. Айлана жым-жырт. Короо ээн. Ал төрөлгөнү айбан да болсо быкылдаган жандыктардын арасында чоңойбодубу. Кээде тоо койнунда жалгыз үй олтурушканы менен, аларды дайыма тирүү жандар — койлор курчап турчу эле го. Малдын карааны адамга канчалык дем экенин эми түшүндү белем. Туткакташып жүрүп күндүн кандай чыгып, кандай батканын сездирбеген боз ириктин баркы да эми билинүүдө. Койлордун кепшегенин, маарагананын, дүргүгөнүн укпай, түнкүсүн уктаганча аябай коңултуктоочу, ал түгүл чочулоочу да болду. Же үйгө, же сыртка батпай чепеңдеген уулун көрүп, өзү да эки күн тынч олтура албай, эриккен ата ар кайсы короодон отуздан, элүүдөн, ызы-чуу мааратып, козуларды бөлүп келе баштады:

— Мына, балам, буларды дурустап көздөйлү. Соңку жылдан эле борук, анан ирик болот. Санап өткөрүп ал. — Атасы козуларды көргөзүп, уулуна кеңешти.

Азиз атасынын «санап өткөзүп ал» дегени аябай жакты. Топтобун бузбай үрпөйүңкү чокмороктошкон козулардын арасын чандаландап жирей басты. Колун тепеңдетип, бармак, сөөмөйлөрүн ачып-жума санап кирди. Козулар баягы ириктериндей бышкырык атып, туш-тарапка аны жөөлөп үркпөдү. Чоң көздөрүн жалжылдатышып, Азизди тегеректей «ма», «ма-ма» лашып жүткүнүп турушту. Куду өзүндөй кичинекей козулардын ыйламсыраган үндөрү аянычтуу, кейиптери ага «эне бизди таап бер, курсагыбыз ачты» дегендей туюлду.

Азиздин зээни кейип, эсебинен жаңылды. Жеңи менен көзүн сүртө четтей чуркап, үй жагына баркырады:

— Айдагыла жайытка. Козуларымдын курсагы ачты,— деди Азиз чаңкылдап.

Кайда басарын билбей телмирген козулары үйдү бекитип ташташып ата, апа, бала үчөөлөп көк жайытты көздөй сүрүштү. Козулардын баарысы тең эле кудум көкүлдүү бөбөктөй мотурайышып тармал. Көзгө татына. Бирок баары бир кылка эмес. Алардын ичинде жүндөрү узарып, борукка чамалаш эрте туулган дондоштор да бар. Ошо дондоштор жолду башташып оттоого кириштн. Аларга жетпей беш алты кебээ козу бүжүрөп артта калышты. Же жакшылыктуу оттой алышпайт, же безилдеп үндөрүн басышпайт.

Азиз дал ошол кичинекей чабырлардын астын тосуп, бөлүп:

— Атаке-е, апаке-е, булар кичинекей экен. Алыс айдабайлычы. Мен багам! — деди.

Баласынын демилгеси атасынын курсанттыгын ташытты белем. Атайылап Азиздин жанына келип, мурутунан күлүмсүрөп, колжойгон колун сунду:

— Жарайт, уулум, жарайт. Тигилерди-и апаң экөөлөп, алмак-салмак кайтаралы. А буларды, өзүңө окшогон кичинекейлерин сен жалгыз багасың. Бүгүн эле эмес, дайыма. Макулсуңбу?

Азиз атасынын чындап айтканына кубанды. Мыйтыйган манжасын түз-түүлөп, атасынын сунулуу жазы алаканынын чок ортосун керилип туруп торс чапты:

— Макулмун. Мелдешелиби? Качпайсыңбы?

— Качпайм,— деди атасы эңкейип, уулунун маңдайынан сүйүп.

Убада, мелдеш оңойбу. Азиз ошондон бери кенже козуларын түнкүсүн гана короого кошпосо, күндүзү дайым бөлөк, үйдөн алыстатпай жаюуда. Кенжелеринин ичинен Азизге өтө жакканы — аппактыгы кардай, быжыгыр тармал козу. Азиз аны «Апакай» атады. Ал тигилерден ыманы ысык, акылдуурак. Бүрдүү чөптөрдөн башын албай быйт-быйт ирмеп, тез өңдөнө түштү. Азиз аны моюнунан кучактап, жонунан сылагылап:

— Апакай, Апакай, жүрү,— десе, ээрчип жөнөчү болду. Эми Азиз козуларды айдабастан алдыга өзү чуркайт: — Апакай, Апакай быякка...— Апакай ээсинин артынан томурандайт, калган козулар анын соңунан чубурушат. Акыры чөбү катыш, бүрлүү жайытка жетип токтошот. Апакай жол баштайт, чөптүн сонунун тандап жейт. Беркилер даамдуу отту көрбөй тебелей басканда, Апакай «мынакей, муну отто» дегенсип, чегинип чыга берет. Аны баамдаган Азиз:

— Азамат, Апакай, досторун жакшы көрөт — деп, ого бетер эркелетет.

Чабырлардын жалгыз бирөөнөн башкасы күн өткөн сайын торсоюшуп торолууда, семирүүдө. Ал Апакайга ыктаган менен деле дурусураак тоюна албай, ичи кабырылган, дүңкүйүп мүйүз чыгып келаткан боз козу. Бакиси тең токол. Ушул гана мүйүздүү. Неликтен ушунчалык арык. Же мүйүзүнүн саатынанбы?.. Ага Азиздин боору ачый баштады.

— Неге баары тыңыса, сен жүдөп баратасың? — деп, мүйүзүнөн кармаса, ал башын чулгуп кежирленди.

— Эх-ей,— деди Азиз бир нерсени эсине түшүрүп,— сенин өңүң, кыялың боз иригиме окшошот да. Кантип семиртем ыя сени... Мүйүздүү козум жалгыз сен болсоң...

Азиз мүйүздүү боз козусун кантип тыңытуу жөнүндө атасына айтты. Атасы улагадагы буума капты көргөздү:

— Мында чабыр, ыландагандарга сактаган буудай акшагы бар. Ушундан бурдатчы.

Азиз акшактан калпагына үймөлөп, мүйүздүү козусунун тумшугуна каптаса, анысы ачууланып башын калжактата чайкады.

— Ай-рөк, ай-рөк, тамактын таттуусун билбейт экенсиң — деп, Азиз козусун мүйүзүнөн кармап оозуна бир чымчым акшакты зордоп куйду.

Акшак тилине барганда даамын билди окшойт, мүйүздүү козу быйтылдатып кепшеп кирбедиби.

Анан ээсинин калпагына өзү моюнун созуп ирмей баштады. Мүйүздүү козу калпагындагыны түгөтмөйүн, карыш жылбады. Айбанга колдон тамак жедирүү оңойбу.

— Ушундан тамак жеп, ичип көн, макулбу? — деп, калпагын чөмкөрүп, булактан сууда.

Мүйүздүү козу чындап суусаса керек. Ээсинин эки четинен оозуна кармаган калпагынан сууну тынбастан шимирди.

— Апакай, Апакай, кел! — Азиз мүйүздүүнүн жанына олтуруп, алыстан чакырды. Апакай мурдагысындай шар томурандабастан, жай каалгып илең-салаң туягын шилтеди. Кыязы, ээси бүгүн мүйүздүү козуну бапестегенге ичи тарый түшкөн окшойт. Анын артынан берки козулар дагы жай каалгышты. Азиз Апакайынын таарынганын туйбады. Апакай ныксырап сулаган мүйүздүү козуну шектүү жыттагылады. Аны туурап калгандары да мүйүздүү козуну туш-туштан жыттагылашты.

— Эх-е. Кеткиле. Тоюп жаткан арык мүйүздүүм тынч эс алсын. — Азиз колун серендетип Апакайын баш кылып кубалады. Алар парылап, көнгөн чөбүн кырт-кырт оттоп кириштн.

Ошондон кийин мүйүздүү козусу тигилерден бөлүнүп Азизди жалгыз ээлеп, анын калпагынан такай жем жеп жүрдү.

Апакай жолдоштору менен адеп кубаланган соң, өзүлөрүнчө алыс оттоого көнүштү.

Мүйүздүү боз чөп ирмебес болду. Азизди такай ээрчип, анын сүйгүнчүгүнө айланды. Жемдин күчү оңойбу, бат эле күрсүйүп семирди. Мүйүзү да оркоюп өсүүдө. Бир короо козудан мүйүздүү бир ошо болсо, ал артынан ээрчип, калпагынан тамак жесе, Азиз кантип кубанбасын. Ал акшак эмес, колундагы нанын сунса да, Мүйүздүүсү тамшанып жеп алчу болду. Азиз аны мүйүзүнөн кармап, өзүн тизеге нукутуп, дароо чалкасынан кетип ойногонду тапты. Өсүп келаткан жаш мүйүзү кычышабы же ээсинин көндүргөнүнөнбү, боз козу жыгач бадалды торс челип калат.

Азиз бир жолу мына буга таң калды. Мүйүздүүсүн ээрчитип козуларын аралап келаткан. Капысынан күп эткен дабыш угуп, кайрылса... Мүйүздүүсү керилип туруп көгүлтүр козуну сүзүп жатыптыр. Ал козу айбат бере албай качып жөнөбөдүбү. Азиз Мүйүздүүсүнө маашыркаганын коё кал:

- Азамат, жарайсың. Сен булардын баарын багынтасың.

Боз ириктен да күчтүү болосуң.

Азиз өзү дагы бир козуну кармап, Мүйүздүүсүнө чекесин төстура: — Кел сүзүш,— деп жүткүнттү эле, Мүйүздүүсү ээсинин оюн түшүндү белем, тарс эттире токол козуну ыргыта челди.

— Ох-о, сүзөнө-өк, сүзөнө-өк, азамат! — Азиз ого бетер мактап, ого бетер барктап бакты. Атасы буума акшактын каптын түбүнө түшүп баратканынан улам:

— Ия балам, жемди бүт мүйүздүү козуңа жедирип бүтүрөсүңбү. Жандыктан ылаң чыкса, эмне берип багабыз. Токтот эми! — десе, Азиз эдиреңдеп башын чайкады:

— Эх-е, акшагыңарды аясаңар, мейлиңер. Өзүм ичкен тамагымды дале берем!..

Атасы уулуна көзүн аңтара тиктеди да, андан кийин такыр унчукпады.

Азиз көрүнгөн козуга тап берип:

— Сүзөнөөк, сүзөнөөк, качыр—десе, Мүйүздүүсү кээсин челип, кээсин жаный сүзүп четинен коркута баштады. Анын ар жолку «жеңишин» ээси жактыруунун үстүндө. Бара-бара андан барлык козу чочуй баштады. Мүйүздүү козу күн сайын өзүнүн күчүнүн ташыганына корстон. Апакайды Азиздин көзүнчө карс эттире бир сүздү. Мүйүздүүгө теңеле алабы. Апакай четтей секирип, Азизге тигининди кой дегендей жалжылдай карады. Азиз азыр аны эмес, Мүйүздүүсүн эркелете мүйүзүнөн кармап турганын көрүп, нары кылчайбастан басып кетти. Мал да болсо мурда жакшы көргөн ээсине таарынды белем. Ошондон кийин Апакай короодогу чоң чабан кайтарган козуларга кошулуп, жайытка кетчү болду. Балким, мүйүздүү козуну Азизи сүздүрбөй кармап калса, же какыс-кукус кылса, Апакай антпес беле?

Аны Азиз сезип да койбоду. Калган козулар сүзөнөөккө жасакөрлөнүшүп артынан сагалашат. Окус сүзсө «акырын, акырын, акеси» дегенсишип, капталдарын тосуп бөйпөңдөп турууга көнүштү.

Азиздин жалгыз көрөр көзү Мүйүздүү боздун басканы да өзгөрүлдү. Дүгдүңдөп мүйүзүн кырданта, башын кыйшайта буруп жүрүүчү өнөкөт үйрөндү. Бордолгон жаш мал бат семирип, бат чоңоёт тура. Кышында дакдайып төшү чыгып, короодогу бардык козудан кырдуу көрүндү. Башка дондоштор жука беттерден кар түртүп, эптеп курсак тойгузуу алакетине түшсө, сүзөнөөк Азиздин жанында калып жем жейт. Эми козу эмес, итти челип качыруудан тайманбайт.

## СҮЗӨӨНӨК МҮЙҮЗҮНӨН АЙРЫЛДЫ

Күндөрдүн биринде Азиз сүзөнөөгүн жаматташ коктудагы койчунукуна ээрчитип барды. Өзүнөн улуу Султан деген балага жолугуп:

— Мүйүздүү козуң барбы? Сүзүштүрөсүңбү?—деди, дондошун мүйүзүнөн кармап мактана.

Султан аны жактырбаңкы үнсүз башын чайкады. Азиз тигинин тоотпогонсуганына ызаланып кетти.

— Анда өзүңдү сүздүрөйүнбү? — деди Азиз эдиреңдеп. Султан күпчүйүп тончон, чокойчон эле. Ага ишенбей:

— Эр болсоң эле сүздүрүп көр,— деди.

— Анан ыйлабагыныңы! — Азиз согуш жарыялаган немече кыйкырып, мүйүздүү козусун жүткүнтө, Султанга тап берди:

— Качыр! Качыр!

Мүйүздүү дондош текчейип кетенчиктей түшүп, кериле секирип бир сүзгөндө эле Султан кар таянды:

— Карма! — деп бакырды ал, чындап коркконунан.

Азиз дондошун адатынча мүйүзүнөн тутамдап карга матыган Султанга жанакыдан мактанычтуу эдирейди:

— Көрдүңбү! Ишендиңби!?

— Кыйын экенсиң,— деди Султан, сары тонунун жеңиндеги карын күбүй. — Эртең сүзөнөөгүндү апкел. Менде да мүйүздүү бирөө бар. Атам жайытка айдап кетти. Эртең короого алып калайын. Сүзүштүрүп көрөлү. Мунуң кудай ургандай күчтүү экен! — деди.

Жеңиштүү Азиз, Султандан сөгүү эмес, мактоо уккан соң, макул болду. Сүзөнөөгүн аябай жемге тойгузду.

Эртеси атасы короодон жандыктарды айдаар замат Азиз сүзөнөөгүн ээрчитип, Султандын короосун беттеди. Султан аны жарым жолдон тосуп алды. Мейманын балбаны экөөнү короосуна киргизип, илгичин илди да, наркы бастырманын түбүнөн чыгырык мүйүз ак кочкорду айдап чыкты. Азиз аны көрүп, дароо мүйүзүнө илип кетчүдөй кетенчиктеди:

— Алпар нары. Чоң кочкор тура. А мениki кичине да, козу кочкор да.

Султан чуркап келип, Азизди колдон кысты:

— Коркпо, бул сүзбөйт. Карган эме!

Чын эле ак кочкор алар менен иши жоктой каалгый басып кетти.

Сүзүшүүнү каалабады.

— Чын эле сүзөнөөгүмө баары тең багынып келатпайбы. Бу карган эмени деле качырар,— деп ойлоду Азиз. Мүйүздүү боз дондошун бошотуп, адатынча ак кочкорду карай тап койду:

Москвага сапар чегишти. Үйдө, тээ алыстагы айылдан атайын келген чоң энеси экөө гана ээлик болуп калышты. Түшкө маал Чынара чоң энесин колунан жетелеп бош кезинде атасы өзүн ээрчитип сейилдеткен үйүнүн теке маңдайындагы бакка барды. Ал жерде кыргыз, орус балдары томполоңдошуп карды томолоктоп ойноп жатышыптыр. Чынара да аларга аралашты. Чоң эне скамейкага олтуруп кичинекейлерден көзүн айырбайт. Антпегенде кантет, картаң эне кар томолоктоп ойномок беле. Дүкөнгө ээрчишип кирип, чоң эне небереси менен бир стакандан жүзүм шербетин ичкенде аябай жарпы жазылды.

— Сен жакшы экенсиң! — Чынара аны мактай кетти. — Атам, апам экөө тең жүзүм шербетин жаман көрүшөт. Дайым эле томат шербетин ичишет. Ал таттуу эмес, кычкыл.

Чоң эне кызынын мактоосуна күдүңдөп таттуу токоч (печенье) сатып берди.

Айтор күндүзү зеригишкен жок. Качан гана түнкү тамакты ичип, жат-жатка келгенде чоң энеси экөө чарпыша түштү. Чынара жатаканага барып, өзүнүн кичинекей кроватынын жабуусун сыйрып, жаздыгын, жуурканын жерге коюп иреттеп жатты. Чоң эне мейман көмүтүнө көлпүктүрө кең-кесири төшөктү салып көйду да небересинин үстүнө кирип, таңгалыңкы алаканын шак тапты:

— Ыя, сексейген чунак, бул эмнең? Керебетиңе жалгыз жатканы жүрөсүңбү?

Чынара чоң энесине мактанычтуу мулуң эте:

— Ананчы! Апей, билбейт турбайсыңбы. Мен күндө-күндө эле жалгыз жатып жүрбөймүнбү.

Чоң эне өзүнө чакан ак жака жуурканын бүктөп салууга бою жетпесе да тырмаландаган небересин дароо төшөгү менен кошо бурдай бооруна кысып жыттагылады:

— Дымагыңдан сенин сексегейим. Бармактай сени кантип бир көмүткө жападан жалгыз жаткызайын.— Чоң эне өз төшөгүн карай көтөрүп жөнөгөндө небереси тыбырчылап колунан суурулуп түштү.

Уйпаланган капкара чачын үксөйтүп, бакыракай көзүн аңтарылтып, бөрсөйгөн кош эринин чормондото:

— Кызык экен. Чоң энеси кантип кызын таарынтсын.

Чоң эне, чын эле кабагын үтүрөйтүп чытыган небересине жалынычтуу:

— О, чунак, сексейген десе, кичинекей кызы кантип тоодой болгон чоң энесин таарынтсын.

Чынара мукактанып сөз табалбай турду да, бир колуна жуурканын кучактап, бир колуна чоң энесин жетелеп жатаканасына кирип, төр жактагы кош керебетти жаңсады:

— Корком десең мында жат.

Чоң эне колун тартып алып, сени элеби дегенсип, муштумун түйө сез көргөздү:

— О, сексейген какмар десе. Келинининн керебетинс уялбай кантип энеси жатсын. Жүрү дегенде жүрү.

Чынара көзүн алайтып кетенчиктей басты:

— Барбайм, барбайм. Мен чоң кыз болсом, сенин койнуңа жатсам, уят болом.

Чоң эне тескери бурулду да, чөнтөгүнөн шалдыраган топ ачкычты алып ыргытты.

— Арам сексегей, мен таарындым сага. Үйүмө кетем анда. Өзүң жалгыз кал. Ме, ачкычтарыңды.

Чынара мурчуюп карап турду да, бир аздан кийин сыртка карай тескери баскан энесинин артынан текилдеп барып, жер чийип көлпөйгөн көк шайы көйнөгүнүн этегинен кучактады.

Чынара сырт көйнөгүн да чечпестен энесин кекете жууркан ичинде үнсүз туйтуйду. А чоң эне болсо, аны менен иши жок. Небересин бойтойтуп кучагына тартканга курсант. Үлпүлдөгөн чачынан жыттап, бөрсөйгөн кызын жууркандын сыртынан куйрукка тиер-тийбес алаканы менен таптап:

— Керели кечке тепеңдеп жүрүп, чарчаган экенсиң, сексегим. Уктай кой, сексегим, уктай кой! — Чоң эне өз алдынча кобурап, улам-улам ушул сөзүн кайталап, таптай берди. Калп эле көзүн жумуп кыймылсыз бөжөйгөн Чынара энесинин бул жоругунан тажап кетти сымалданат. Чыңкылдап башын көтөрө:

— Кызык экен, чоң баланы да ушинтип уктатабы?

Небересин небак көшүлдү деген чоң эне чочулап кошо козголду:

— Сербейген сексегей жөн жат. Болбосо эшиктен мокочолордун баарын чакырам.

Чынара бул жолу ал сөзүнөн коркмок турсун:

— Чоң эне деген кызына жомок айтып уктатат. Билдиңби? А сен алаканың менен чапкылайсың. Уят болот. Жомок айтып бер. Уктуңбу,— деп демитти.

Чоң эне небересинин жаак-башынан сылагылап:

— Карган киши жомокту унутуп калат эмеспи. Эртеңкиге дейре эстейин. Бүгүн тынч уктайлы. Жата кой, сексегим!

Чынара энесинин бул сөзүн да жактырбай башын чулгуду:

— Анда мен айтайынбы? Менин көп-көп жомогум бар.

Чоң эне небересинин чыртылдагы жоголуп чери жазылып келатканын баамдап, кайра жаздыкка башын койду:

— Мына, айта кой, сексегим, жомогуң таң аткыча жетеби?

Чынара култуңдап сүйүнүп, энесинин кулагына эрдин чормойтуп жакындатты:

— Жетмектен жетет. Угуп эле жата бер. И... кайсынысынан баштасам.

— Таптым, таптым... Илгери, илгери бир балерина болуптур...

Чоң эне чын дили менен билгиси келдиби:

— Ыя сексегейим, малерина деген эмне?

Чынара ордунан ыргып туруп, караңгыда көзүн ого бетер бакырайтып чоң энесине таңгалыңкы:

— Ошону билбейсиңби, албы, ал... жүрүчү... — секселеңдеп стол үстүндөгү тегерек шамды тырс эттире басып күйгүздү да, кайра келип энесин колдон жетеледи. Үйдө айбыгар эч жан жок эркиндиктенби, чоң эне да небересинин ою менен жылаң аяк балпактай ээрчий басты. Чынара радиоприемникти сайып, анын добушун күтпөстөн эле: — карап турчу, балерина деген ушундай болот,— деп тегеренип бийлей баштады. Ачыгыча ток жетти белем, радиоприемниктен Чынара күткөн музыка эмес, Москвадан Левитандын конур үнү угулду.

Чынара ачуулуу колу-башын силкип чуркап барып, тытылдаттырып кыйлада араң приемниктин сайгычын суурду.

Чоң эне не кылаар айласын таппай, көк ала башын үксөйтүп, үй ээсисинип баш-көз болгон бармактай небересинин жанында имерчиктеди. Ушинтип үйдө калган чоң эне менен небере бири менен бири алек болушуп, биринчи түндү өткөзүштү. Элеттик картайган чоң эненин шаардагы кичинекей небересин айыл балдарындай эмдеп-домдоп баш ийдирүү мүмкүн эместигине көзү даана жетти. Жадаганда уктаарында баланы жомок, ыр менен көндүргөн не деген тарбия? Сөзгө башынан шыгы жок кемпир өз алдынча кейип, кепчип да алат. Айла канча? Баланы алаксытуу мойнуна парс. Кантип? Ан үстүнө эртели-кеч сейилдегенде Чынара: — Чоң эне, эртең эстейм дебедиң беле, эми жомок айтып бер. Бол, бачым,— деп чекилдеп жаны-манын койбойт. Чоң эненин айта салайын десе ылайыктуу жомогу да жок. Кыйналып да бүттү. Бир маалда эсине беш, алты ооз табышмагы түшө калса болобу. Жолдон алтын тапкансып кызына күлө бакты карыган эне:

— Мен сага табышмак айтам. Сен кыйын экенсиң жандырмагын тап. Макулбу, сексегей?

Чынара үлбүрчөк кабагын бүркөду:

— Андайды кичине балдар билбейт.

Чоң эне азоолок кырдана:

— Угуп турсаң, сексегей. Сен ойлоп табасың. Эгер такыр түшүнбөсөң, анда жомок айт деп кыйнаба мени, арам сексегей.

Чынара ылдый жер карап буйтуюп, үнсүз алдыртадан энесин тыңшап турду.

— Мына сексегей, илгери бала чакта коломтонун жээгинде момундай табышмактарды айтуучубуз.

— Коломто деген эмне? Андай неме бизде жок эмне?.. — деп сурады Чынара.

Чоң эне небересине жылмайыңкы тигилип жай унчукту:

— Силерге коломтонун кереги не. Ашканаңарда аш бышырчу мешиңер (газ дегени) даяр. Ысык суу үй-үйгө түтүк менен чуркап келет экен. Айт, сексегейим, табышмакты тапкың келеби?

Чынара башын ийкеди.

Элестүү болсун үчүн сөөмөйүн жогору көтөрүп, кайра ылдый тартып чоң эне сөзүн баштады:

— «Кырдан кызыл көйнөк кыз чуркап келатат». Бул эмне, сексегей?

Чынара ийнин куушуруп, ууртунан бырс этти:

— Кызык. Тээтиги кырдан мендей кызыл көйнөк кыз чуркап келатабы? Ушул элеби? Анан эмне болду? Театрга кеттиби, же мектепке кеттиби?

Чоң эне шыпшына санын жаный:

— О, сексек, бул жомок эмес, табышмак деген болот.

— Таппайсыңбы?

— Мектептен таап келейинби, кызды? Чын элеби ыя?

Чоң эне бир чети ызалана Чынараны шып тизесине кондурду да:

— Угуп тур, секелек. Табышмак деген эмне экенин билбейт турбайсыңбы?

«Кырдан кызыл көйнөк кыз чуркап келатат» — деген мурундун каны.

Чынара энесинен көзүн айырбай күлүмсүрөп:

— Эх, калпычы. Алдаба мени.

Чоң эне кур сез көргөзүү үчүн үнүн ачуулуу чыгара·

— Жөн укпасаң бакырайган көзүңдү чукуп коём, арам сексегей!

Бырыш баскан сөөмөйү менен өз мурдун черткилеп мобу мурун, кырдай болуп коңкойуп турабы?

— Ооба...

— Мындан аккан кан кыпкызыл көйнөк кыздай ылдый чуркайбы? «Кырдан кызыл көйнөкчөн кыз чуркады» деген мурундун каны экени төгүнбү? — Азоолок уюп, элдир-селдир элестете баштаган небересине эне он кайталап жатып табышмакты жандырмагы менен түшүндүрдү. Анан Чынаранын кубанычы койнуна батпай, тыпыйган алаканын чапкылап:

— Азамат, чоң эне! Сонун тура. Дагы айтчы табышмакты. Эми таппасам элеби? — деп жабышканын айтпа. Чоң эне «кы-

зыл көйнөк кызды» баштап келатканда эле, Чынара «мурундун каны» деп токтотот. О бир оокумда бааланып жатып, чоң эне экинчи табышмакты баштады.

— «Айланасы таш, ортосунда бышкан аш». Бул эмне, сексегей?

Чынара эринин бөйтөйтүп, бакырайган көзүн алаңдатып, тепейген кичинекей сөөмөйү менен чекесин тырмалап далайга ойлонуп калды. Ары ойлоду, бери ойлоду, такыр таппады.

Акыры чоң энесине келип жалбарды:

— Кагылайын чоң энекебай, ушуну эле айтып берсең. Кийинкисинин баарын өзүм табам. Алтын энекебайым!

Чоң эне ашканага кирди да күйпөлөктөп жүрүп, уучуна бирдемени чеңгелдеп келди:

— Сексегей, жандырмагын сенин көзүңө көргөзөйүн. Антпесем оңой менен боолголоочу кейпиң жок. Мына карап тур,— деди сол уучун жаза жылга-жылга изге тебеленген кургак алаканында дөнкөйүп жалгыз жаңгак турду. — Ме, сексегей, кармалап көрчү?

Чынара чачын сексеңдетип башын чайкады.

— Эх, кызык экен!

— «Айланасы таш, ортосунда бышкан аш» эмне? — Ошону айтпайсыңбы? Кереги жок жаңгактын, жебейм дейм.

Чоң эне курулай сез көргөзүп үтүрөңдөй, небересин чекеге жаңгак менен акырын нукуп койду:

— Ме, карма дегенде карма, арам сексегей! «Айланасы таш, ортосунда бышкан аш»,— деген мына ушул!

Чынаранын көзү ого бетер бакырайып, шектене чоң энесине алайды.

— Ихи, кана ташы, кана ашы?

Чоң эненин көңүлү эми жайланыңкы. Жаңгакты тегерете черткилеп кызына карматып:

— Мына сексегей, быягы да, тыягы да, бардык айланасы таштай катуу бекен? «Айланасы таш» деген ушул.

— Э... эй кызык, чын эле,— деди Чынара эрдин чормойто. Чоң эне бычактын учу менен жаңгактын сөөгүн чакты да ичиндеги уюл-уюл данегин алып, а дегенде: виссимилла деп өз оозуна салып, анан небересине берип:

— Көрдүңбү, сексегей. «Ортосунда бышкан аш» деген ушул. Таштай болгон кабыктын ичинде өзүнөн өзү бышып калган үчүн дароо эле чагып жеп жатпайбызбы. Билип кой сексегей, чоң энең анчалык эле чогоол эмес!

Чынара «айланасы таш, ортосунда бышкан аш» — жаңгак деп адатындай бир нече мертебе кайталап чыкты. (Атасы, апасы кыска жомок айтканда дайыма кайталатып көндүрүшкөн).

Ал мөтүрөйүп күлмүңдөп турду да, энесинин эки бетинен эки ирет чоп эттире бөрсөйгөн эрдин тийгизди:

— Сен бар эмеспи, акылдуу чоң энем экенсиң! — Анан тегеренип үй ичиндеги буюм-теримдерине көз жүгүрттү. — Мына булардын баарысын табышмактаттырып айтса болот ээ?

Чоң эне арсар күмөн ойго чалдыга, бирок сыр билгизбей небересинин көңүлүн улап аста секин башын ийкеди.

Ошондон баштап Чынаранын бийге да, жомокко да табияты мурункудай тартпастан, ар нерсени кармалап, өз алдынча чоң энесине табышмак айтууга далалаттанды. Анын эң алгачкы тапкан табышмагы бул: Үйдүн боорундагы чоң күзгүдөн өзүн көрүп, ары бери секирип ойноп жатты да:

— Караса өзүн көрөт, бул эмне? — деп айтарын айтып алып борсулдап күлгөн боюнча, энесинин тизесине арта салынды. Кытылдап күлкүсүн тыйбай кубанган небересин чоң эне бооруна кыса кучактап тура калды:

— Акыл-эсиңден айланайын сексек! Кана, кайра айтчы табышмагыңды?

Чынара башын көтөрсө, энеси экөө алиги күзгүдөн даана көрүнүүдө. Апакай колун тепендетип, тигине дегенсип, күзгүгө карай шилтеди.

— «Караса өзүн көрөт» — деген тиги күзгү эмеспи.

Чоң эне небересинин алкымынан, чачынан, колунан жыттагылап: ооба, ооба, «караса өзүн көрөт» — деген табышмактын жандырмагы — күзгү. Жыгылдым сага, сексегим. Болду эми, элдин көзүнчө көп дөөрүбөй жүр, макулбу? — деп карыган неме жакасын кармап, тобо кыла ичинен кобурады.

Чоң энеси кубаттап жыгылдым деген соң, Чынара эдиреңдеп шерденип калды. Акырын басып, эки колун аркасына кайрып бычакты катып турду да:

— «Нанды да, этти да кесет», ал эмне? — деп сурайт энесинен. Анын бар кыймылын абайлаган чоң эне шар кетет:

— Ал бычак эмеспи, секелек?

Дептерди койнуна катып:

— «Сүрөт тарткан, кат жазган» эмне?

— Кагаз—дейт энеси.

— Таптың. Жыгылдым чоң эне — деп, текилдеп барып аны ордуна коёт да, башка бир буюмду алып келет. Баары бир кайсы буюмду жашырып туруп табышмактатып айтпасын чоң энеси дароо эле таап коёт.

Бара-бара чоң энесинин тапкычтыгы небересине анчейин жагынкырабады. Чынаранын табышмактан кызыгы тарап баратканда, чоң энеси чыны менен эле бир нерсеге оозун ачып айта албай койсо болобу.

Ал мындайча башталды. Эртең менен чоң эне терезеден көзүн айырбай, беш кабат үйдүн таманындагы чоң көчөдө бирине сала бири өтүп зып-зып кубалашкан кичине-чоң машиналарды, жаш-кары дебей догдогон элди карап телмирип олтурган. Чынара ар кыл сервиздер толгон буфетти карап далайга мурчуюп ойлоно берип, анан бутун артына шилтеп чоң энесине дабышсыз жетти да, этектен булкту:

— Чоң эне, «ичи толгон идиш». Ал эмне? — деди мостоюнку.

Бир чети зеригип, көңүлү алагды болгон бейкапар эне эмне экенин дароо таппай калды.

Небересинин колу-башын караса мурункудай катып алган эчтеме жок. Чынара чекилдеп энесине тыңсына:

— Эхе, таппасаң уят болосуң. «Ичи толгон идиш». Ал эмне? Кана айтчы?—Чоң эне ары ойлонуп, бери ойлонуп тажаган соң, дагы эле Чынарага тигилди. Бала неме канчалык амалданайын деген менен көзүн бажырайтып, ирмебей кадалып «ичи толгон идиш» кире бериш бурчта турган буфет экенин билгизип койду.

— Арам сексегей, «ичи толгон идиш»,—дегениң тигил эмеспи деди чоң эне мойнун созуп.

Чынара үтүрөйө:

— Атын айт, ал эмне экен? — деп тырсылдады. Мына чоң эне дал ушул жерден карматты. Анткени, идиш салган буюмду көрүп турган менен анын аты эмне экенин билүүчү эмес. Үкөк дейин десе, ага окшобойт. Сандык дейин десе буга да окшобойт. Өзү болсо өмүрүндө мындай буюм урунуп көргөн эмес. Бул буюмдун келин-уулунан уккан аты такыр эсинен чыккан. Ан үстүнө айтууга оозу да эп келбейт. Чоң эне о далайга дейре телмирип турду да, ичиндеги идиштер гана түгүл, сырты да күзгүдөй жалтыраган жаңгак жыгачынан жасалган буфетке барып, ары-бери карап тилсиз дапдаарыды. Жылга-жылга бырыш баскан чекесинде чыбырчыктаган терди ээгинен чала байланган жоолук учу менен сүрттү. Окуучусунан жооп күткөн мугалимден бетер «качан эми» деп торсоюп кыймылсыз тигилген бакыраң көз, сексек чач небересин карап аргасыз жылмайды:

— Сакалдуу киши колго түшөрбү деген ушул, сексегей. Бул жаңылыш асыл буюму. Айтчы өзүң, тилим келбейт.

Чоң энесинин үнү колдурап, мурункусунан өөн учураганы аз келгенсип, тилим келбейт деп, буюмдун атын таппай кыйналганы Чынаранын жарпын жазды. Ал кызыл көйнөгүнүн кат-кат бүктөмө кош этегин делбиретип, тегеренип мактанычтуу бийлеп, чыңкылдап үнүн созду:

— Энекемдин тили келбейт, тили келбейт:

Тай-рай-рай,
Тай-рай-рай...

Анысы аз келгенсип чекчелендеп кыйнап кирди:

— Чоң энеси билбесе кызы уят болот да. Үйрөтөйүн сага. Кана, буфет деп айт.

Чоң эне үстүнкү тиши жок эрдинен жел чыгара:

— Пупе, вувед — дей берди.

— Ай яй-яй... — деди Чынара бөрсөйгөн кош эринин чормоңдото:

— Бу-фе-т,— дебейсиңби?

Чоң эне кичинекей небересинин чекчейип өзүн деле салабаттуу кармаганына карабастан, тыбырчылатып жерден эңип көнүмүшүндөй өөп-жыттагылап, жүдөтүп жиберди:

— Мээси бөксөргөн карыган энеңди, өмүрүндө урунбаган буюмду сурап, тантытпай жүр, сексегей. Макулбу? Экинчи минтпейсиңби?

— Макул эле, макул,— убадасын берип жатып араңдан зорго кутулду, Чынара чоң энесинин уйпалаганынан.

Чынара убадасын бат эле танды. Ага эми чыны менен табышмактан сонун эч нерсе жоктой сезилди. Энеси экөө отурганда, жатканда эң кызык эрмеги табышмак. А дегенде чоң энесин кыйнайт. Ал баягы төрт табышмагын баштап келатканда эле, «мурундун каны», «жаңгак»,... деп нары бурчатпайт. Өзү болсо мурдагысындай кыйналбастан, ар бир көзүнө көрүнгөн нерсе жөнүндө бат эле табышмак айта салат. Кийинки күндөрдө электр шамы жөнүндө «Өзү эле илинип турат, үйдү жарык кылат», телефон жөнүндө: «чыр-чыр этет, колума алсам Москвадан атам сүйлөшөт», телевизор жөнүндө: «энем экөөбүз үйдөн театр көрөбүз» ал эмне?..

Шаардык буюм-теримди көрсө да атын билбеген, же тили келбеген карган эне небересинин оболуна көнүп, бир чети табалбай оозун ачып, ыңгайсыз абалда калып кичинекей кызына тамаша салса, экинчиден өзү да сексегейинин тез илип кеткен зээндүүлүгүнө ичинен ыраазы.

Айтор чоң энесинин бардык табышмагы төрттөн ашпай кайра-кайра башынан түшө берсе, Чынаранын көбөйгөндүн үстүнө көбөйүүдө... Чоң эне менен небере эртели-кеч бош кездеринде табышмак айтышып олтурушуп, бир айдын кандай тез өткөнүн да сезбей калышты.

Күндөрдүн биринде сырттан басылган коңгуроо үйдүн ичин жаңыртты. Чынара чуркап чыгып, кайра колуна бир бөртүм кагаз кармай кирер замат, көзүн бакырайтып, кыйтылыңдап экиүч тегеренип бийлеп кыйкыра сүйлөдү:

— Жаңы табышмагым бар! «Атам, апамдын келерин билдирген кагаз». — Ал эмне?

— Кат,— деди чоң эне.

Чынара жообун тактай:

— Телеграмма. Кел экөөбүз чогуу айталы «те-ле-грамма!» Чоң эненин аны ээрчип кайталаганы бул:

— Дил-ги-рем!

— Мен муну почтальонго окутуп туруп алдым. Атам, апам эртең Москвадан самолётко түшүп келебиз дептир.

— Карап тур, чоң эне, атам менен апама келер замат табышмак айтып оозун ачырам. Алар бар эмеспи, жомоктон башканы такыр билишпейт. Жомок, жомок деп эле отурушат. Акылдуу энекем десе. Көп-көп табышмактын баарын сен үйрөттүң... Чын, чын ээ...

Аңгыча телефон шыңгырап, Чынара Москвадан атасы менен оозмо-ооз сүйлөшүштү... Чоң эне капкара баркут кемселинин өңүрүн кайрып, небересин тизесине отургузду да, үлпүлдөгөн кош саамайынан карган арчанын тамырындай тарамыштары бутактана көгөрүп сыртына чыккан ичке манжалары менен жай гана кайра-кайра сылагылап угулар-угулбас кобуроодо.

— Ооба сексегейим, сенин зээниңден, акыл-эсиңден курман кетсин чоң энең. Алтымыштагы менин билгеним төрт ооз, алтыга чыга элек сексегейим, сенин билгениңе эсебим жетпейт. Таалимиң, тарбияң, заманаң, дооруң ушундай. Сенин көргөнүң, укканың көп. «Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет» деген эл оозундагы макал калетсиз тура. Жаратканым жаныңды бек кылсын. Аман-эсен чоңойсоң, акылдуу адам болосуң сексегейим...

Карт энесинин сөзүнө уюгансып көңүлү шат небереси Чынара да кирпик серппей бөйтөйгөн эрдин чормойтуп, алакай көзүн бакырайтып чоң терезеден көгөргөн көктү тиктөөдө. Мүмкүн, атасы, апасы учуп келүүчү самолёт жөнүндө табышмак ойлоп жаткандыр. Мүмкүн, төгөрөктүн төрт бурчун чарк айланып учкан жердин жандоочусу жөнүндө табышмак ойлоп жаткандыр. Мүмкүн!..

МАЗМУНУ

## Повесттер


Алкыш . . . . . 5
Кычан . . . . . 130
Аманат . . . . . 321
Мүйүзүнөн айрылган сүзөөнөк . . . . . 418
Мүйүздүү козу . . . . . 449
Табышмакчы Чынара . . . . . 465